Кырг
С 14



Ш. САДЫБАКАСОВ

# КЕҢ ДҮЙНӨ

ШАТМАН САДЫБАКАСОВ

# КЕҢ ДҮЙНӨ

(ЧЫГАРМАЛАР ЖЫЙНАГЫ)

«КЫРГЫЗСТАН»
БАСМАСЫ. ФРУНЗЕ — 1976

**Садыкбасов Шатман.**

**С 14** Кең дүйнө. Чыгармалар жыйнагы. Ф., «Кыргызстан», 1976 ©

468 бет.

Көрүнүктүү прозаик жана драматург Шатман Садыкбасов буга чейин «Пейил», «Мүнөз», «Бир үзүм жалын», «Жол түгөнбөйт», «Сонун бала» аттуу прозалык жыйнактарын, «Күндөр» романын жана «Жашыл өзөн» деген ырлар жыйнагын жарыкка чыгарды. Кийинки жылдарда жазылган «Ак боз ат» драмасы Кыргызстан Мамлекеттик Академиялык драма театрына чоң ийгилик менен коюлуп, көрүүчүлөрдүн купуйуна толду.

Бул китепке автордун «Күндөр» романы, «Азаттык үчүн» киноповесть, «Ак боз ат» драмасы жана жаңы аңгемелери топтолду.

С (Кирг)

С $\frac{733-106}{М\ 451(17)-76}$ 183—76

© Издательство «Кыргызстан», 1976 г.

# КҮНДӨР

*(Роман)*

Бул там эчак жабылмак, эмдигиче ичинен далай күлкү угулмак. Туш кийиз тартылып, тиги төрүнө тиреле жууркан жыйылмак. Бул үйдүн ээси комуз чертчү. Мынабу бурчка кыпкызыл өрүк комузун илмек. Сардубалын коюп жатканда да комуз ордун энчиктеп, аялына «бужерге комуз илебиз» деген. А аялы башын ийкеп жоодурай караган, күйөөсүнүн колунан баары келерин билет. Ал да үй оокатын өзүнчө жоруган: өгүнкү суусарды күйөөсүнө тебетей жасап, так комузду бастыра илип коймок. Анын кыпкызыл өңүнө суусар тебетей жарашат. Жаңы үйдө баары жаңырганы жакшы. Кайненеси экөө мобу капшыттан тыякка жеткен чоң шырдак — аттык шырдак жасап салышмак.

Ал шырдактын үстүнө эмдигиче ыңаалап бала ыйламак, бешик терметилмек. Сөзсүз ошентмек! Үйдүн ээси упайды жакшы көрчү; келген-кеткен коноктор менен далай жолу упай ойномок.

Эмдигиче шырдактын өңү өчмөк, көөнөрмөк. Бирок... шырдак жасалбай калды. Ал шырдакты шыпыра турган шыпыргы талаада куурады.

Тамдын үстүнө устун гана сунулуу бойдон. Какжырады, өзүнөн өзү эскирди. Таранчылар гана конуп чокугулайт. Эми ал устун күн жааган сайын ыйлайт, тыпа-тып жаш тамат, анын бетинде да жаштын тамгасы бар.

Бул там эки жыл мурда, күн аркан бою көтөрүлгөндө түптөлгөн болучу. Мындан эки жыл мурда устуну сунулган, шыбагы шыбалган.

Мына, шырп билгизбей аял кирди, баягы эки жыл мурун там түптөлгөн, күн аркан бою көтөрүлгөн маал-

да. Башында кара жоолук, кирпиктери батташып, эрини кеберсиген. Там томсоруп, ыңжыңсыз аны тиктеди, экөө бири-бирин тиктешти. Аялдын көзүнө там эми эскиргендей, шыбактары сыйрылгандай, эмеле дубалдары аны көргөндө жарылгандай туюлду. Ал чекесин басып олтура калды. Тамдын бузулганы анын уясынын бузулганы... Бул тамды жабууга күйөөсү такыр келбейт.

Кош түбөлүккө! Жуурулган топуракка сенин териң тамган, сенин колуңдун тагы бар. Сенин өмүрүң батыш менен чыгыштын ортосундай сансыз таңды тосуп, жаңы үйдө узак жашамак. Сенин өмүрүң аркан бою көтөрүлгөндө кыркылбадыбы. Согуш... Сен буудай уучтаганды колго кагып, дубал сокконду тоголото түрттүң го. Оңбогун согуш... Кана менин апамдын салынган ак жоолугу... Кана менин ойногон оюнум, күлгөн күлкүм... Комуз күүлөрү канакей? Мен эмне атадан жалгыз төрөлдүм? Төрөлбөгөндөргө сен күнөөлүүсүң...

Күн тамдын кырынан кылтыйды. Бул тамдын качан түптөлгөнүн билсе керек; качантан бери терезе эшиктен башбактап, төбөдөн чакчайып бүтө элек тамды тиктейт, анын ээсин издейт. Ал эми мындай жетимсиреген тамдар көп болчу.

Күн нуру төркү дубалга ылдыйлап, аялдын төбөсүнө чачырады. Анан аны белкурчоосуна чейин ороп чулгады, колундагы шакегин жаркыратты. Анын жүзүн, анын колун жылытты. Эч бир мылтык кармабаган, эч бир уурулук кылбаган, эч бирөөнү муунтпаган аялдын колу... Адамдарга жакшылык кылган, наристелерди тарбиялаган кол...

Күн бул тамдын ээсин тапкандай чымырагандан чымырады.

Телмирип олтурган аял ордунан солк этип дубалга үңүлдү. Сардубалдын кырынан башталган жарака, бир учу жерге сайылып, жер да чыдабай жарылгандай. Жараканын бир учу жүрөгүнө сайылгандай көзү караңгылап темтеңдеди. Эгер ушул там ураса эле анын бардык үмүтү урап түшчүдөй, эркектин колу кургандын баары кулачудай, тигилген дарактын баары тамыры менен суурулгандай, дүйнө астын-үстүн болчудай көрүндү. Ооба, аялдын каңырыгы түтөдү; жүрөгүнөн жарака кетип турду. Ал ушул ою менен тээ асмандагы күндү карады. Күндүн бетинен да анын көзүнө узатасынан кеткен жарака көрүндү... Капырай, жерден баш-

талган жараканын бир учу адамдардын жүрөгүн аралап өтүп күнгө жеткен экен го?

Күндүн бетинде жарака, ээ...

## I

Калыйман алапайын таппады, анын жүрөгү кайырмакка серпилген чабактай туйлады. Бирде сыңар тизелеп, бирде жүйүртө басып олтура, чыбырчыктап тердеген мурдун улам-улам аарчып кызарып-татарды. Алдындагы «ыр чыныны» кармалап, кайра дасторконго орунтуктатып шыпшына күбүрөйт.

— Кап... Кантем эми...

Керилип кетмен чапканда да, заңкайтып отун көтөргөндө да мындай тердебеген, мынчалык кыйналып кысталбаган. Эми бир ооз ыр оозуна кирбей кыйналып, жамгыр алдындагы жалбырактай шалбырады. «Кангесиң, чала сага, и-ии, мени ырдачы эмессиң» дегендей бир сап ыр оозуна кирбей, алда кайда качып, бир жакка жашынды, ырдай билбегендин оозуна эмнеге жабышайын кор болуп деп барктанды. Аттин-ай! Эгер ушул азыр, эмеле Калыймандын оозуна кумдай чубуруп ыр келе калса, ал кандай ырдайт эле, кандай обон созот эле! Ал ыр, мына бу олтургандардын жүрөгүн титиретип жиберсе, аларды бышактатып ыйлатса, же шарактатып күлдүрсө. Жок, андай ыр оңоюнан табылчудай эмес, тиги чакага куюлган бозодой көбүрүпжабырып, ким иче коём десе даяр турчудай эмес.

Алагүү аялдардын жалжылдаган көздөрү, жаалаган үндөрү аны бурчка ого бетер жабыштырып үйдүн ичин тарытты, сүрдөнттү.

— Кап... Кантем... И-ии, мына, таптым...

Жок... Жок, аны ырдоого болбойт. Ал ыр оюна түшсө, тиги жабылбай калган тамы — сардубалы жаанга эзилип, жылаңач жетимсиреген тамы; түшүндө да «атакелеп», безилдеп чочуп ойногон кызы көз алдына тартылып, сай сөөгүн сыздатып жашытат. Жок, ал ырды ырдабайт; аны ырдаса эле алкымы көөп букулдап, анан момунча элдин көзүнчө ыйлап ийгендей.

— Бол эми, бирдин айындай чоюлбай.

— Эки ооз ыр билбеген адам болобу?

— Ыр билбесе мөөрөп кутулсун.

— Мөөрөгөндү билбесе тоңкочук атсын.

— Ха... ха... ха....

Үйдүн ичин үч көтөргөн күлкү; баары ага күлүп, аны шылдыңдап жатышкандай; тиги бозо мелтилдеп куюлган аяктар, казандан соройгон чөмүчтүн сабы да аны тиктеп турат: «Чын эле ыр билбейсиңби, бир ооз? Тамак ичкенди бил, ал эми ырдаганды... О-ой жолуң болгур».

Калыйман арданып кетти; мурдун тартып, тамагын жасады; көзүн чылк жуумп, бетин бир-эки жолу сыйпады. Алаканы чоктой ысык. Ал өз алаканынан өзү ысып, анын маңдайынан башка бир сардалдуу адамы сылагансып, ого бетер ээлигип, жүрөгү так алкымына капталып лакылдап сокту. Ал эми ырдаса да, ыйласа да өзүн өзү токтото албады:

Айланайын ээй кабелтең
Аскерге кетсең ээй мен кантем...
Кагылайын ээй кабелтең аа
Кайрылбай гана кетсең мен кантем.

Калыймандын оозуна ырдабайм деген ыры кирди. Үнү ууру кубалаган кишиникиндей үрөйдү учура дарылдап, аздан соң мукактанып барып, кошоктой муңканып, сыздап жиберди. Аягында өпкөсү көөп, ийнин тарта солуктап, бетин басып эчкирип алды, көз жашы он талаа. Эмелеги дарылдаган үн эңкейиш арыкка бурулган суудай булкунуп, муң зарды козгой шарт ала салып кетерин, үйдөгүлөр тургай Калыймандын өзү билген эмес. Обону кандай, кайсыл обонго салаары деле оюна кирбеген, «ыр чыныдан» гана кутулмак. Ушул «ыр чыны», ойноп-күлүп ичип кете турган насип да анын жарасынын оозун олуп алды. Ал эчкирип-эчкирип ийди. Бир чети эркеди, бир чети кызуудур.

Кандуу сапардан кайтпаган күйөөсүнө күйүп, кара кийген жесир элестеди бейкапар олтургандардын көзүнө.

Үйдөгүлөрдүн баары тунжурашты. Баятан ээликкен ойлорду тизелете силкип; бака-шаканы, күлкүнү, Калыймандын муңкана бышактаганы сугунуп ийгенсиди; айтор сөздөрүн ооздорунан жулдура томсорушту.

Көз көрүнөө Калыйманга, бир ооз болсо да капкаяктагынын аңтарып-теңтерген кошоктой ырына жүрөктөрү сайгылашып, баарынын көзүнө согушка жөнөткөн жакындары, урук-туруктары келе түштү. Алар кайда?..

Балким, ушул азыр карга боортоктоп, кайра тура чуркап, чуулдаган окко каршы залкайган төштөрүн то-

со — энелер жыттаган төштөрүн тосо, чабуул коюп баратышкандыр; же бирөөлөрү кансырап, ажалы үңкүйүп мандайында тиктеп тургандыр.

А аялдар болсо моминтип жылуу үйдө, күжүлдөшүп жоро бозо ичишип, ошолор салып берген тамдын ичинде шатыра шатман, көңүлдөрү куунак. Мейли, эркектер ошон үчүн жаралган; алар жерин, элин, балдарын, аялдардын күлкүсүн коргоо үчүн төрөлгөн!

Кантсе да кайрат кылып токтоно алышпадыбы, тиги бурчтан Калыйманга кошулуп, эки үчөө улутунуп, бышактап жиберди; кайдагы куунак көңүл?

— Апе-ей ботом. Булар кантет я? Эмнеге бырбыктайсыңар, о саксайган албарстылар! — Калыймандын жанындагы, мурдунда бармактай меңи бар кызыл аял эркекче малдашын жазып чөгөлөп тура калды:

— Силер ыйлаганы келдиңер беле я? Уят! Түндө бир короо аял ыйлашыптыр дешпейби. Кана, бир-бир аяктан бозо куйгула, ичип алып ыйлайлы.— Аял мойнуна шыпырылган жоолугун мыжыга кармап эңкейди да, куушурулган Калыйманды булкуп алды:

— Сен, Калыйман, «Мен канте-ем» деп дарылдайсың, кантет элең:

> Сен сокудай камыр жуурасың и-ой,
> Жакшылап оокат кыласың.
> Жакшылап оокат кылбасаң.
> Сен ычкырыңа муунасың.

Ал экилене үнүн кубултуп, бирде камыр жууурган аялдай, бирде казан-аякты кагыштыра кабагын бүркөп үтүрөңдөп; анан кашын серпе жадырап, кылыктана күйөөсүн өпкөн сулууну туураганда... күлбөгөн аял жок; жанагы улутунгандар бөйрөктөрүн бүлкүлдөтө, көздөрүнүн жашын аарчып; казан да сузгунун сабын коркойто түртүп, бозо да көбүрүп-жабырды.

Бир аз гана мурда өкүм сүргөн үй ичиндеги тунжуроо шарактаган күлкүлөргө, баж-баж сүйлөшүүлөргө алмашылды. Аялдардын делебеси козголуп, жүздөрү кызарып, бири-биринин оозунан сөз талашат.

— Ботом, жоронун шааниси ушу.

— Басаа десең... бырылдап ыйлаган эмне.

— Башка келгенде көрөбүз.

Мештин каптал жагында боргулданган аял жоолугун кулагына кыстарып, колдорун алдыга суна, башын ийкеңдетип чаңкылдады:

— Ой, Эрмек. Эми ырды өзүң башта, чала өлтүргөн жыландай кылбай.

— Туура. Туура айтат Бытыкүл.

— Калыймандын кезегин өзүң ал,— бир канчасы тигил аялдын сөзүн жаалашты.

Ал ырдаганда капкаяктагыны унутуп, көңүлү жуулган чыныдай тазарып, чалкып, жашарып калучу. Жаштык кездин ырлары көкүрөгүндө али жат. Баягы эле ырдай жүргөн ыры, баягы эле курбу курдаштары. Калыймандай маалкатып олтурган жок, анте да албайт болучу.

«Ыр чыныны» алдына орунтуктатып, тамагын жасады.

Биздин айыл алкымда,
Айдарым соккон салкында.
Эртели-кеч эки убак,
Издесем жоксуң калкымда.

Жалындап жүрөк сокков до,
Жанымда турбайт дебегин.
Жазылган каттын ичине
Жалыны кетти денемин...

Тордомо жоолук салындым,
Толгонуп сени сагындым.
Томсортот экен жашчылык,
Торуңа кайдан чалындым...

Эрмек өңүнө чыгып тамылжыган, көкүрөк бүчүсү ачык, аппак акыреги көйнөгүнүн жакасын чытырата керип, көзү моймолжуйт. Коңгуроодой үнүнөн качантан берки бугу төгүлүп: жок, ал баарынын жүрөгүндөгү жакшы күндөрдү, жаштык мезгилдерди ырдоодо. Эмелеги муңканган үйдүн ичи жапжарык, кандайдыр зор кубанычты күткөндөй, тигил босогону тиреп күйөөлөрү кирип келчүдөй, анан мобул үйгө батпаган таалай кучак жайып, көчөгө жулкунуп чыкчудай болуп, отурган аялдар ыр менен кошо термелишип жүрөк отторун жандырган Эрмекти алкашып, ага суктана, шыпшына тигилишет.

— Ой, ырыңдан садага!

— Өркөнүң өссүн!

— Эгерим кор болбо!

— Узарта түш.

— Койчу ботом, ичкени аш болсун.

— Эс алсын.

Боргулданган Бытыкүл терин сүртүнүп, башын дагы кейкендетти:

— Катындар! — Ал бозого кызуу. Оозунан илеп чыга электе аны укпаган «катындарга» мурдун чүйрө колун силкти.— Катын деген ушубуз. Ой, катындар дейм!

— Катып кал ээ, эмне катын дейсиң?

— Апей,— Бытыкүл жулмалап ийчүдөй аркы аялга акырайды,— катын эмегенде кыз белең? Кыз бойдон экениңди эсиме жара чыгып унутуп калыпмын. Басаа, кызсың... Кыз?

— Ботом, мен койдум.— Байкабай кагуу жеген Таты анын сөзүн укмаксан кулагын жапырды.

Экөөнүн серпишкени эч кимдин этибарына кирбеди. Бурчтагы Жакин гана байкап, байкаганына уяла жер карап, чачын кармалап, «катын» деген сөздү ага атайлап айткансып, ичинен бушайман бир бозорду, бир кызарды. Ал бүгүнкү күнгө чейин «катын» деген сөздүн кандай маанидe айтылаарын, эмне себептен ал кулакка ушунчалык суук, ушунчалык өгөй учураарын билген эмес.

Таты эчтеме байкоо салбай болпоюнку, анын ичи түтөп, жүрөгүнөн чагылган чартылдап жаткан; «кыз» — бул сөз жөнөкөй какшык же тамаша эмес; анын өзөгүнө куюлган уу; өмүрүнө, ал жашаган күндөргө атылган ок.

Ал эрдин тиштене кирпигин ирмегенде бир тамчы жаш алдындагы чынысына куланды.

Эрмек ууртунан жылмаюусун жыйбай тынымга эки жагын каранды. Бурчта коруна олтурган жаш келин — Жакинге кезек аягын сунду:

— Ме, садага. Сени жакшы ырдайт деп уктум.

— Жарайсың жеңе! Качан ырдайм деп баятан чыдабай.

Тоголок кара келинди Жакин капталынан укуп алды.

— Качан... Калпычысын...

Үй ээси, бүгүнкү жоро бозону берген аял Салый. Эби-сыны жок, узун бойлуу, кийгени шөлбүрөгөн чаар чыт көйнөк. Бир байлам жоолугун төбөсүнө чыкчырылта түйгөн. Мештин далдоосунан тура чиркейдей кыңылдады:

— Бурадарлар, алдыңардагы бозону Эрмектин урматына көтөрөлү.

— Оо, бешимдеги көлөкөдөй байкушум. Мындай ырдаганда ичпеген...— Бытыкүл чынысын кесирдене түбүнөн көтөрүп, а дегенде искеп, анан шыпкай жута таңдайын так эткизди.

Жакин баятан ичинен ыр тандап, сыбызгыдай обонун созгусу келген. Бирок, качан кезеги жеткенде, качан бул үйдөгү «катындар» анын солкулдаган өмүрүн аяп сүрөөнгө алаарында, аны ээликтирген ичиндеги жалын жалп этип өчтү. Апакай жуулган көйнөгүнө билинбей чаң жуккансып, анын апакай көңүлү недендир жипкерди. Кайнап, изиркектенип, көбүктөрүн бүргөндөй секиртип «ыр чыны» гана алдында мелт-калт.

Ким ырдайт менен иштери жок, береги Бытыкүлдүн тобу чүйрүндөшүп, ар жакты ушакташып, беттерин чоюшуп; а аржактагы Эрмектер бул дүйнөнү унутушуп, кыйкырык-сүрөөн. Алардын ортосунда көкүлү сербейген Салыйдын уулу Бугу мандаш урунуп, коломочтонуп «Каныкейдин Тайторусунда» чаап баратканcып өбөктөп, санын торс чаап коёт:

Олоңдой болгон кара чач,
Төбөсүнө түйүнүп,
Эркектин киймин кийинип,
Касабасы калкылдап,
Жабдыгынын баарысы
Жай-жайында шаркылдап.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Эр Манастай көрүнүп.
Окоро түйгөн чоң чылбыр
Ак эмчектин тэкмок эт
Алып келип басты дейт.
Текөөрлөшө теминип,
Көбүгүн көккө чачты дейт.
Жээрендей көзүн кызартып,
Жетимиш асый торуну
Жети бута узартып,
Алып чыкты Каныкей, ээ-эй...

Аялдар «Манас» угуп, кызып, баатырларды кыйкырык сүрөөндөп олтурушканда челектеги сүзүлө элек бозо да ууру кылды: капкагын түртүп жерге акырын ага баштады. Бул үйдөгү бозо да Бугунун «Манасын» уккусу келгендир...

## II

Татынын ичкени ирим, жегени желим болуп үйүнө кайтты. Үйүнө киргенде көз жашы оготөтөн төгүлдү.

Мынабу ийненин учу менен жыйылган дүнүйө көзүнө бир тыйынча көрүнбөй бук түштү. Үй аңгырап, үй кошо муздап, кой дээр кожо жок, жат эми ыйлап!

Жок дегенде «мыялап» мышык алдынан тозсочу! Жалгыздык, өзгөчө үрөн бутаксыз аялдын жалгыздыгы ушундайда билинет экен го. Каңыр-күңүрү жок кантип жашайт, кантип күн өткөрөт?

Курган Токтонаалы, Таты үчүн эмне алакет кылбады: окутпаган молдосу, сыйынбаган мазары калбады. Мазар да, кудай да унчукпады, датын укпады. Алар унчукпаган сайын Токтонаалынын жини кайнады. Акыры турасы түгөнгөндө жер кезип, укмуш деген доктурларды издемек болду. Кудай унчукпаса алар унчугар, бир ылаажы табылаар.

Ал максатына жетпеди. Үзөнгүдөн кан кечкен батыштагы согушка аттанды. А батыштагы согуш баланы да, баланы жараткан ата-энени да, төрөлгөндөрдү да, төрөлө электерди да... баарын жалмаганы жылып келаткан.

Таты Токтонаалыны согушка — кайра кайтары арсар кандуу сапарга жөнөтүп жатканда айланасын карап, биринчи жолу сай сөөгү сыздады. Төрөй электигин, аял деген милдетин алигиче өтөй электигин ошондо биринчи сезди. Анын көкүрөгүнө эч бир бала колун салып, эч бир баланын эрини анын эмчегинин үрпүнө тие электигин ошондо сезди.

Тиги Эрмектин күйөөсүн карачы, улам бир баласын алкымынан жыттагылап, балдары да атасын чап моюндан алып өпкүлөшүп, бирөө ыйласа, бирөө сооротушуп...

Жөнөгөндөрдүн баарынын уул-кыздары бар. Токтонаалы гана шопоюп жалгыз. Момунда согушуң менен иши жок, көмөчтү туурасынан чайнап бойтоңдоп ойноп турган бирөөнүн баласын башынан жогору көтөрүп, маңдайынан жыттап-жыттап алды да, Татыга улутуна карап ары бурулду.

Эгер колунан келсе, Таты өзүн курмандыкка чалып, жүрөгүнөн үч-төрт баланы жаратып, азыр эле күйөөсүнүн аркасынан «аталатып» чуркатса, ээрчитсе кана?!

Бакыт-таалайы, төрөй элек балдары Токтонаалы менен кошо кетип бараткансып, алиге эмчек сүтү булактап эне боло электигине жетимиш тамыры зыркырап, Таты төрөлө элек балдары үчүн ыйлады.

Төг! Төбөң түшкөн дүйнө күн ай!

Жоро бозодо Бытыкулдун «кызсың» деп кекээрдегени Татынын жүрөгүнүн дагы бир тамырын үзүп алгансыды: «каканагың» жарылып, согончогуң канай элек... сен кыз эмегенде сага эмне, коколой башың, басып кете бермей» — дегенсиди алиги үн. Эмне үчүн ал эне толгоосун тартып төрөп, колун бышартып перзентинин жалаяктарын жуубайт? Эмне жазыгы бар? Ушул азыр Татынын жүрөгүндөгү кайгы таштын үстүнө тамса ташты куйкалап, тешип жиберет беле? Мындай кайгы адамдын гана жүрөгүндө болот. Аны адамдын жүрөгү гана көтөрөт бейм.

Согуш төрөбөгөн аялга да мүшкүл салды.

Күн шашкеге жакындаганда Ысак келип, анын дарбазасын каккылады. Шекшобот жок. Атынан түшүп үйгө кирди. Кудайдын боору ооругандай бүрүшүп, эчтеке жамынбай, эчтеке салынбай уктап жаткан Татыны көрдү, калыбы эми эле көзү илинсе керек. Ысактын боору оорубай, ачуусу зиркилдеп бетине чыкты.

Ачуусу келер жөнү бар болчу. Бригаддын «бийлигине» турганына жарым жылга толо элек. Буга чейин «Атка минүү» деле түшүнө кирген эмес; созойду көрдү белем. Кылбаган жумушу, укпаган сөзү калган жок. Катуу бастырса «көптү», акырын бастырса «жүдөгөн шордуу» атка конду. А кээ бирөөлөр «өрдөк жокто чулдук бий», «Согуш кодогойго жакты» деп корсунтушат.

Бүгүн аялдардын көбү кыйруусун ургандай. Эки үчөөнүкүнө барып «мейличи байкуштар, ичсе ичкендир» деген. Салыйдын тасмыясын көрүп жаны чыга жаздады: каалгасы ачык, босогосунан төрүнө чачылган идиш аяк, төгүлгөн бозо; жайнаган топк — тооктору да шылкылдап мас. Ую, музоосу карала капка башын салып күшүлдөп, куйруктарынан бери агала. Салый тай жеген бөрүдөй керилип коңурукта.

Ысак чып эттире сооруга тартып жиберди, тилинин уусу камчысынын учуна чыгып, тигил жорукка камчысынын да кыжыры кайнады. Үйүндөгү дүмөккө эми гана жаны куйүп, камчы тийген соорусу эмес, ичинен бирдемеси сыздап алаканын шак чаап, чыркыраган Салыйды кекээр карап, үндөбөй эшикти аттады.

Татыныкына кирип дагы жипкериди, арымы кыска, жорголоп басчу; кайсагынан ит чыга согончогума асылаар экен дегенсип эки жагына элеңдеп жүрчү. Ал

азыр эки жагына карабай, бул балакеттен бачымыраак алыстайын дегендей шаша-буша «Чоң Торуга» арыштады.

— Уятсыз экенсиң,— деди ал Татыга, атын чечип жатып,— эстүү сенин кылганың бул. Эси жогуңду кантип тескейм?

«Чоң Торуну» дүмүргө тартып минген Ысакка телмирип Таты жалдырама тийгендей. Татынын бул турпаты Ысакка огототон жакпады:

— Эмнеге жатасың? Жөнө тукумга! — Ал наалып, андан бөлөк эч ким күн көрбөгөндөн бетер камчысы менен күндү көргөзүп, атын моюнга чапты.

Ысактын камчысы Татынын көзүнө күндүн бетинен ийрендеди, анын төбөсү күнгө тийип, опол тоодой көрүнүп кампа жакка бастырып баратты.

Таты көзүн ымкыгылап недендир сүрдөндү, сезденди; бүгүн таң атпай энчи бөлүнүп андан куру калгансып ичи оңкулдап, жүрөгү зырп этти; эпкини жолобой атка чабылган камчыны өзүнө тийгенсип ичиркенди. «Эмнеге жатасың» деген сөз «Эмнене... эриң, балдарың жок болсо» дегендей угулду.

Таты бир жакка эмеле безип кеткиси келди. Каякка, кантип? «Ий, бетимдин беш териси, эл-журт эмне дейт? Качып? Аялдар качкан заман алда качан калган. Качанга чейин аялдар таарынса деле качып, корголоп жүрүшөт? Качып келгенбиз... Жетет! Эми мындан ары качууга жол жок!».

Татынын көзүнө күнгө төбөсү тийип, опол тоо болуп Ысак кайра көрүндү. Капырай, ал ушунчалык чоң, ушунчалык бийик экен ээ?

Суук, бетти кайырган кардын какаары. Сагызгандар шакылыктайт. Аялдар бири-бирине ыктап, камтууга келбеген колдорун үйлөшүп, колтуктарына катышат да, кайра эле үнүлүшөт. Алдыларында шалчада үймөлөнгөн буудай. Ичсе кандай бат түгөнөт жылас, азыр арбысачы. Үшүгөндөрүнө кайыл, арпакандарды, кара өсөктөрдү бирден терип, эрикпей кадаланышкан.

Жакин тукум тазалоонун мындай машакатын кайдан билсин, ары бери желдете койбоймбу деген; уучуна ченеп, кичине апыртып айтканда данды бирден санагандарды «тукум тазалагандар» дейт турбайбы. Ал ушундай жумуштун бардыгына, анын «тукум тазалоо» деп даңазалуу айтылганына таңданды. Жомоктогу кум-

ду санаган «жез кемпир» оюна түштү. Жомок ченеп шыпырылсачы: жапжаш туруп заматта зеригип кетти, өзү жез болсо, анан кемпир болсо кантип гана кумду санасын?

Дагы бир нерсеге анын көзү чекчейди: терген арпакандар кыймылдап, бирин-бири тепсеп, оодарылып жатыптыр. Ал көзүн жумуп кайра ачса деле ошондой. Арпакандар коңуздай тоңкоюп, бири-бирине минип, анан сыраң эте оонап калышат. Кызык!

Ал бышкырып, кетилдеп күлүп жиберди. Аялдар аны жалт карашып, Жакиндин күлкүсү экенин билишкенден кийин, Жакин эмес күлкүлүү бирдемени көргөнсүшүп ырсайышып, а кээ бирөө арсалаңдап күлүштү. Эмеле тунжурашып, тукум тазалагандан башка алаксыры жок сыяктуу олтурушкан аялдардын мунусуна Жакин ансайын кетилдеди.

— А-аа, айланайын.

— Эмне болду?

— Эмнеге күлдүң?

— Арпа... арпак...— Жакин кыпкызыл. Күлкүсүн араң токтотуп айтты.— Арпакан кыймылдайт экен, ошого...

Аялдар дагы күлүштү. Жакиндин эч керти жок кылыгы, шыңгыраган таптаза күлкүсү алардын ичин жылытты, жандантты. Чынынын сыныгындай жарашып олтурганын, кытылдаганын кара. Аялдар да «жаңы келин» болуп, шылтоо таппай бырс күлүп, кылыктанышып жүрүшпөдү беле. Кыбыр эткенинен өйдө жарашкан, илебине нан бышкан жашчылык!

— Арпакан күндүн табына кыймылдайт.

— Айланайын бала кыял.

— Күнгө баары кыймылдайт.

— Буудайды сээп койсо деле күнгө кактанып жата берип, анан кыймылдап өзү чыгат.

— Адам деле күн батканда жатат, күн чыкканда кайра кыймылдайт.

Жакин Эрмекке эңкейди: — Эже дейм. Кара көсөө, сойлоктор мурда бар беле?

— Жок, аялдан кампачы болгондон бери,— Эрмек Жакинге тамашалай сүйлөдү,— аа садага, башта бар эмей, эркектер жерди тандап айдап, терең айдап, жакшылап сугарышчу. Күзүндө даңылдата кырман чабышчу. Бастырышып, арылдаган шамалга сапырышчу.

— Быйыл деле шамал болбодубу?

— А-аа, садага. Аялдар мынчалык көп эгинге кожоюн болушпадыбы... эркектердин күрөгү кулакка сайылган бойдон согушка жөнөштү. Аялдардын шаасы жетишпеди. Күз бүткөрө турган жумушту, минтип, кыш бүткөрүп атпайбызбы.

— Мамбетова!

Жакин жалт карады. Ракыя шалдыраган ачкычтарынын арасынан мукур карындашын алып, четтери какумдай түйрүлгөн дептерине үңүлдү: — Бир килаграм өткөрө элексиң. Нормоң бүтпөсө чырагдан менен иштейсиң.

Кампачы аял аржактан бирөөнү жемеледи.— Албайм. Тазаа тазала!

Эки аял бер жактан күңкүлдөштү:

— Көрөрбүз. Бизге тазалатып актүптөр өздөрү бөлүп алышат.

— Койчу Чүкөлөй, кемип калбайбы.

— Анын да эсебин табат. Кум, таш кошуп салат.

— Кантип ошентсин?

— Өлүп кетейин, ошентет.— Чүкөлөй күйүп-бышып бирөө андан казам алып жаткансып, ал актыгына күйгөнсүп карганды.

— Сен актүп болуп жүргөндө ошентчүсүңөр го...

Жакиндин колу от болуп өрттөндү. Ушунча аялдын ичинде «нормосун бүтпөй» тирмейип чырагданда олтурса. Аны түнкү суук, чырагдан коркуткан жок, «бүтпөй калуу» уяты коркутту. Көрсө «нормо» деген жаңы келин, жаш келин, күлкүчү келин экениңди ылгабайт тура. Деги азыр аялдыгыңа, карылыгыңа карабаган, каруун кайсыга келсе ошого алпурушкан, аны талап кылган күндөр экенин байкабадыңбы Жакин?

— Жакин, калбырың жок беле?

— Жок... Үй айра басып салыптыр.

— Анан кантип тукум тазалайм дедиң?

— Желпүрүн табагым бар, үйүрө албай койдум.

— Кана, аны мага берип, калбырды алчы эптүүрөөк.— Эрмек желпүрүндү алды.

«Кап, ушу менде болсо» деп, калбырдан көзү өтүп, «тукум тазалагыч» машинедей көрүнгөн калбыр мына, Жакиндин колунда.

Жакин толтура сузуп үйрө баштады. Бу «машиненин» да ыгы, тетиги бар сыяктанды. Сузган буудай тө-

гулүп, үйрүндү чыкканды кой, берки тазалагандарын булгады.

— Капортосунан суз. Моминтет.— Эрмек калбырды имере элеп, сол алаканы менен алкакка чаап коёт.— Сен имербей элеп атпайсыңбы. Анткенде болбойт. Мына, минтип чогулуп калат.— Ал калбырдагы үйрүндүнү үстүртөн чымчый уучтап, шалчанын чекесине ыргытты:

— Оңой, көнөсүң.

Чакалар кылдырттап, каптар ооздорун ачып, калбырлар шыгыр-шыгырлап, сөөмөйлөр ийсеңдеп «тукум тазалоо» арааны жүрүүдө. Чын эле көзүн жуумп тыңшаганга бу жерде бир эбегейсиз зор машине иштеп жаткандай, аны аялдар гана башкаргандай.

— Эй, сортировкалар! — Кашкар устаны ээрчиткен Ысак «Чоң Торунун» үзөңгүсүн теппей ыргып түштү. Негедир өзүнчө кудуңдап, мурутун жаныды. Ал жылдыздары төгүлүп, диттери менен иштеп олтурган аялдарга кубанды. А моминтип иштеген аялдардын ар бири ал үчүн машине болучу.

— Сортировкалар! — деди ал дагы тамашалай.

— Ии, сортировкабызбы сага? — Аялдар чуулдашты.

— Сортировка силерден айлансын! Аялдардан...— Ысак алаканын жаза кыдыңдай басып, эки жагына алактап бирдеме издегенсиди, жалт бурулуп, көзү күнгө урунду.

— Силерби... силерге теңдеш жок!

Аялдардын төбөсү көккө жетти, ал жеке эле бригадирдин мактоосунан эмес, алардын табыяты баятадан оңолуп, баятадан сobололору көтөрүлүп шагдан олтурушкан. Ар кимиси тигил «нак Жакиндей кездерин» эскеришип, Жакинге илепистери түшүп:

— И-ий, мен нак Жакиндей кезимде түкүнчөдөй болуп...

— И-ий десең... Мен так Жакиндей курагымда баланчадай болуп...

Демейде кучунаштаган Бытыкул жородо чекилешкенин унутуп жанындагы Татынын мазесин алып, улам-улам шыпшынып «Жакиндей кезин» айтып чалкалай күлөт:

— ...Анан ошентип, на-ак Жакиндейимде.... Жанагы биздин үйдөгүчү, күндө келет десең. Багалеги түрүлүү, жыңайлак. Канжыгасында кетмен... Сугатчы экенин кайдан билейин... Шылдыңдап күлөм. Байлыгым: кетменим,

бир ороо буудайым бар деп коёт. Анан эрим болуп калбадыбы десең...

— А-ай, садага, колдошчу.

Жакин Эрмектин кабынын бир кулагынан кармады. Тараза аркы сортировканын жанында болчу. Ырмайып-чырмайып араң жетти.

Кашкар уста, Ысак экөө карала көө, бир эски темир мешти бузуп, кескилеп жатышат.

— Мешти эмне кылат эже? — деди Жакин Ракыядан.

— Сортировканы жамап атпайбы. Түндө үстүңкү темирин, электерин уурдап кетишиптир оңолбогурлар.

«Аялдарды шалдыраган сортировкага теңеп, чунак киши». Жакин аз жерден кетилдеп ийе жаздады.

— Алтымыш сегиз килаграм.

Жакин ачкычтарын, кагазын кармалап кампачылыгын гана кылат деген Ракыянын колун жакындан көрдү. Алакандары чор, сөөмөйлөрүнүн баштары чарт-чарт жарылган. Эки баш бармагына майланышкан жаргак кап кийгизилген. А чындыгында, бу колхоздо анын колу тийбеген кап, ал түрбөгөн аркан барбы?

Ракыя кампанын бөксө көзүнөн эңкее колун сунду:

— Кулагынан кармат капты.

Жакин ордунан жылдыра албады, Ракыя кампанын кырына мине калып, эңип ары оодарарда, каптын кулагы үзүлүп, ал колун сермей аркы дубалды сүздү. Же дубалдыкы, же жоолугунуку экени билинбей чаңдаган башын азга мыкчып турду да, жерге секирип түштү. Балчайган капты эмчегине ыкшап, бийик көтөрө берерде сөөмөйүнүн башынан кан мөлтүлдөп кетти.

Жакин көзүн жума эрдин тиштенди. Демейде чүлүктөй ийилген назик, апапак манжаларына өзү да суктанып жүргөн келин, бул жолу ошо манжаларын кайда катаарын билбей, анын аппактыгына уялып, Ракыя сунган капты араң алды. Каптын кулагындагы чылпылдаган канга, канга жабышкан буудайга сөөмөйү малынганда, кантип Эрмекке жетип эгерим өйдө карай элек аялга кантип тикирендеп бир тийгенин билбейт.

— Ушунуңуз жакшыбы??

## III

Колхозго «повиске» келди. Сомодой жигиттер дагы Кызыл Армияга чакырылды.

— Кызыл Армия чакырыптыр! — Ушинтишкенде де-

мөөр байлашып, анын катарына бараткандар ооздорун көптүрүп айтышчу. Сыягы жер жүзүндө армия көп, бирок алардын баары «Кызыл» эмес, мына биз гана «кызылдарга» баратабыз деген дымакта болушса керек. Анын үстүнө, чындыгында эле бейпилчиликте бу «кызылдардын» катарына барып келгендер бир чоң окуу жайын бүтүп, диплом алгансып ныксырашып, элеттик бир беткей жашоо көп жага бербей, далайга коомайсышып, «атаң көрү ай э, тыяк жакшы эле... көрбөгөн жерди, элди көрүп көз ачылып...» дешип наалышып, кээде команда берүүчү сөздөрдү аралаштыра сүйлөшүп, жүргөн-тургандары да башкача болуп басып калчу. Эл да «баланчанын баласы Кызыл Армияга барып киши болуп келиптир», «түкүнчөнүн баласы оозун ачып жүрчү эле, эми жер чечегин безейт» деп кеп кылышчу.

Кызыл Армияга баратам!.. Мурда «кызылдардын» аздыр көптүр тузун таткандар повестканы анчалык этибар албай «согушса согушарбыз» дешип, дүрбөлөң салбай бейкам тосушту. Алардын ушул бейкамдыгында тетиякка барганда чыгуучу бир залкайган күч бығып жаткандай.

Ал эми мобу айылдан алыс узабагандар «согуш» дегенди угуп, колдоруна «повеске» тийгенде согуш тиги кырдын ар жагына келип калгансып, алапайын таппай апкаарышты. Ушуну жеп бүткүчө согуш да бүтүп кайра келерден бетер куржунга боорсок, эт шыкап, а кээ бирөө талкан да алып алышчу.

Повестканын бирөө жылкы фермасынын башчысы Ташматка экен. Өзүнө тамак-ашты аябай камдатуу үчүн аялы Зуураканды жумушта жүргөн жеринен ээрчитип жөнөдү.

— Камдагын мени. Боорсок жаса, куржунга шыкап сал. Куурдак кууруп карынга тондур. Мен силердин камыңарды жейин...

Ал түн боюнча тоодогу жылкыга чапты. Чапчактай туу бээни жетелеп келип көтөрүп чапты. Жиликтеп бузуп, караңгы тамына илип салды:

— Балдарга четинен шорек кылып бер. Апырабагыла.

Таң кулан өөктө Ракыянын терезесин черткиледи:

— Ракыя...

— Бу ким?

— Мен эле... Ташмат.

— Эмне болду?

— Эмне болду деп сурачы убакпы? Тур бачым!

Ракыя шаша-буша кийинди. Чын эле түндү түн дебеген жумуштар аз беле.

— Кызыл Армияга жөнөп баратам.

— Уккам. Жөнөтөбүз.

— Жөнөтсөң, жүрү кампага. Талкан бер.

Ракыя тигинин сөзүнө түшүнө бербеди, алып кете турган даяр талканы жокко деп ойлоду:

— Кампада даяр талкан жок. Үйдө бир чака талкан бар.

— Жок, өз көзүм турганда кампадан эгин бер. Үйдөгүлөргө...

Ракыя уккан кулагына ишенбеди; тигинин «жүрү кампага... Бер» деген буйругуна, өлгөнү бараткансып «өз көзүм турганда» дегенине Ракыянын бүткөн бою дүркүрөдү. Бул сөз кимдин оозунан чыгып жатат?!

Ачуусун да, кубанычын да ичине каткан аял, кесип алса кан чыкпоочудай тымпыйып үйүнө кирип кетти.

Күрсүйүп ичик кийип, күүлдөп «Кызыл Армияга» жөнөгөнү жаткан адамдын ийрин жандырып, эгин аяганы кандай?

— Аялдык кылдың,— Ташматтын бул сөзүн караңгы түн менен минген аты гана укту.

Эки «повиске» ата балага келиптир: Жакып повестканы кечке жуук алды. Ал буга кебелбеди, жердин түбүндөгү согуш эмес, деле үйүнөн карыш жылбоочудай, эртең менен, күндөгүсүндөй эле китебин колтуктап мектепке бараткада уулунун «повескеси» дагы колуна тийди. Ал үйүнө кайрылды:

— Алмаз кайда? Повестка...

— Повиске?...— Айша чекесин басып бир бозорду, бир кызарды — Алмазга дагыбы?

— Алмазга дагы.

— Ушундай да күн болчубу? — Аялы ыйлап жиберди.

— Чыш-ш, Айша байбиче... Жамандыкка ыраба. Эсиң бар.

— Качан жөнөйт экен?

— Бүрсүгүнү, чогуу жөнөйбүз...

Жакып аялын жайкап жатып мектепке кечигип барды. Класска кирер замат балдар чуулдашты:

— Агай! Агай...

— Агай дейм, сындырды терезени.

— Бакыраң көз сындырды-ы.

— Ай сени, Бакыраң көз.

Партадан «Бакыраң көздүн» башы эле көрүнөт. Чанагынан чыга көзү бакырайган, ыйлаганы араң турат. Жакып ичи эзилип имерилди.

— Мейли сындырса,— ал бакыракайды саамайынан сылап жылмайды.

— Сындырган кантип болсун, терезе жок болсо... Согуш болсо...

Жакыптын жүрөгү зырп дей түштү. Муну ким айтып жатат? Биринчи класстын баласы. Заматта дүйнө астын-үстүн аңтарылгандай:

— Аны сага ким үйрөттү?

Ышкын түпкө боёлгон эчки тончон бала күңкүлдөдү:

— Ө-зүм эле...

«Бакыраң көз» шердене ордунан ыргып турду.

— Өзүм сындырган жокмун агай.

— Ики, өзүң...

— Ооба, агайды улам-улам карап аткам... анан колум тийип сынды.

Жакып балдардын балакатына жыргап да, каңырыгы түтөп да олтурду. Мүмкүн, бүгүн эң акыркы сабагыдыр. Балким, мындан кийин ал эч качан Биринчи классты көрбөс. Биринчи класс да аны көрбөс; мектептин босогосун таптакыр аттабас.

Кеп, мобу бакыраң көздөр балалык кыялдан, балалык оюндан ажырабаса экен. Так ушул санаа анын жүрөгүн канжалатты.

Сабак бүткөндө үйүнө келди, тамактанды. Анан балкасын, албарсын алды да, терезесинин бир көзүн чыгарып мектепке барды. «Бакыраң көз» сындырган айнектин ордуна тигини салды, чекебелине кагаз жабыштырды.

Өзүнүн оокаттарын да иреттеди: багын курчаган ноолунун эки жери ураптыр; чалмаларды талкалап, ысык ууга ылай жасап бүтөдү.

Эртесинде эл уулдарын жоо бетине атказууга чогулушту...

Берегиде, барсканчы Жолборстун айланасында каткырыкты айтпа. Эгер ушу каткырык жаман-жуман тамда болсо устуну сынып урамакпы? Асман бийиктигинен гана көтөргөндөй.

— Йэ Жолборс, бу кулкуң менен немистин журөгун түшүрөсуң го.

— Ошентсин. Журөгү оозунан ыргысын.

— Анда Жолборсуң журөк терип журө берсин.

— Аа-ха...ха...ха...

Бул топтун жанына бозо көтөруп Салый келди:

— Жолборс, даам ооз тий.

Жолборс локуюп олтура калды;

— Ой жеңе, бул баягы уйду, тоокторду оңкосунан сайган бозобу?

Жолборсту жолдоштору ансайын тамашалайт:

— Ошол бозо, иче бер. Мас болуп алып Берлинди сүзгүлөп кирип бар.

— Олдо арамдар ай, жөн ичкилечи.— Аялдар өнтөлөшөт.

— Мындан да ичкиле,— Калыйман бозосун сапырып койду.

— А-аа, «Мен кантем» жеңеби? Кана, кокус Саты байкеге жолуксам эмне дейин?

— Эмне демексиң. «Мен кантем» деп ылдырап журөт де.— Дагы бирөө Калыйманды чымчылай сүйлөсө, калгандары анын сөзүн коштоп кыраан-каткы. Ушулардын күлкүсүн, тамашасын угуп олтуруп, алардын бүгүн, бир аздан кийин согушка жөнөөрүнө, андан кээ бирөө кайтып, кээ бирөө кайтпай калаарына ишенбейсиң. Мына бу аяк кармаган колдоруна мылтык кармап, бирөөнү өлтүрүп, же бирөөдөн өлөөрүнө, бир жерде ушундай согуш-кыргын болуп жатканына ынанбайсың. Кантип ушулардын тамашасы, күлкүсү мындан кийин таптакыр мобу көчөдөн угулбай калсын, алардын жадыраган жүздөрү, топурап баскандары кантип эле экинчи көрүнбөй калсын? Алар эртең, бүрсүгүнү, ашып кетсе андан аркы күнү эле кайра келишип Калыймандардын билегин толгой кармашып, кайра эле тамашага карк болушчудай.

Бирок тигилер согушка баратышат... Согуш бар... Кээ бирөө үйүнүн даамын сызбай, башка жердин топурагын жамынышып түбөлүккө укташат ээ? Калыймандын каңырыгы түтөдү. Тигилер тамашалашмактан сабап койсо да көтөрөт, колдон келсе алардын азап тозогуна аралжы болчу күн кана? Калыйманда антчу даремет жок.

Өгүнкү жоро бозодон бери аны айылдагылар «Мен кантем» аташат. Ал тургай бул сөздү эми ар бирөө өз баштарына энчиктеп, кыймыл эткендерине жабыштырып «Мен кантем» деп турушчу болду. «Мен кантемди» көбүрөөк уккан сайын, бул зынданда калган сөздөн бетер, ал согуштагы найзага илинип чыккандан бетер Калыймандын жүрөгү опколжуп, төбө чачы тикесинен турат: «чын эле мен кантем?»

Ал эми Жолборс... Жолборстой жигиттер жоого аттанып баратышты, согуш деген деле ойлорунда жок, кабагым-кашым дешпейт, кыз ала качып келчүдөй жайдандашат.

— Ой дейм, ой. Иче бересиңби жол жүрүп баратсаң.— Жолборсту аялы безеленип колунан тарткан сайын ал өчөшкөндөй:

— Ичпегенде анан... кынжыйып барып жоо жеңе аламбы?

— Капырай десең,— жигиттер Калыймандын көбүргөн бозосун тегеректешти.

— Куй бозоңон жеңе?

— Шыңгыталы.

— Жолборс, Гитлердин бирөөнү кармап бозо салдырып кой.

— Этин кошо салдырып...

— Артындан биз барабыз!

— Барсканыңды ала бар.

— Гитлерди башка чап!

— Мээге чап!

— Былчыйт...

— а...ха...ха...ха...

Үй-бүлөсү Жакыптын зээнин аябай кейитти. Аялы, беш кызы Алмазды алмак-салмак кучакташып, көз жаштары көл.

— Каралдым...

— Медерим...

— Жалгыз чоконум.

Алмаз баарынын сүйгүнчүгү эле. Беш кыз ойнотуп жатып, тегеректешип уктап калышчу. Ал Айшанын сөзү менен айтканда «адамдын этинен башканын баарын» жеди. Айылда ким козу, кой сойсо анын кулагы, бөйрөгү Алмаздыкы; Алмаздын оозунда.

Алмаз, Жакып жөнөп баратты... Экөөнү көрүп, ата бала согушта бирге жүрөрдөн бетер, бири-бирине медер

болордон бетер бир аяктан аш ичерден бетер, бири жараланса бири мойнуна көтөрөрдөн бетер Татынын санаасы санга бөлүндү. Токтонаалысы шоноюп жалгыз кетпедиби. Жалгыз...

Ал «Алмазды неге эркектен жалгыз төрөдүм» деп, оозунан көк түтүн буруксуткан Айшанын ички тозогун билген жок.

Алмаздын беш эжеси эмне болуп турду? Эгер ошондой күн болсо, кимиңер ордуна барасыңар десе, Алмаз үчүн ар бирөө Кызыл Армияга барууга даяр эле.

Андай салт алиге жок. Тарых мурда укпаган «аялдар теңдигине» алар ээ. А эркектердей аскерге чакырылуу укугуна жетише элек. Эмне үчүн? Жоону эркектерден кем жек көрөбү? Мылтыкты алардай мээлей албайт бекен?

Алмаздын беш эжеси ушинтип ойлонушту. Чынында бул ой көп аялдардын башына келди... Карачы мобу кызыл жоолукчан келинди, күйөөсүнө чап кенедей жабышкан. Ыйлап жашы түгөнгөнсүп көзү жалтылдап, сустайып ийнинен гана солуктайт:

— Бу жерде калып эмне кылам? Ала бар кошо... Чоңуңа арыздан.

— Кантет кудай каары,— дейт тиги жигит жаак эттери түйүлө тиштенип,— сени карышкыр жейт беле. Аял аттуунун баары калып жатпайбы.

Келиндин жоолугу желкесине шыпырылган. Тастайып көшөкөрлөнөт:

— Мейли калса, мен барам. Бир аял барса эчтеке болбойт!

Жигит каңырыгы түтөп, жоошуй колдурайт:

— Эми кантейин. Менин колумда болбосо.

Коштошуп, бири-бирине керез-мураздарын айтышып, киндик кандары тамган жердин «туз даамы тез тартса» экенди тилек кылышып, чурулдап жөнөй беришкен. Аңгыча мектеп төгүп жибергенсип, дөңдөн ылдый жамырашып, биринен-бири өтүп эдирендешкен балдар Жакыпка жеткенде гана бир токтошту. Жакыптын Биринчи классы:

— Бизди эжей окутту!

— Агай, терезени ким айнектеди?

— Мен айнектедим.— Жакып мыйыгынан жылмайып баарын эркелете карады.

— Мынакей! Айтпадым беле, мен уттум! Уттум! — «Бакырaң көз» секирип-секирип, алаканын мыйтыңдата чапкылады.

— Бизге эмне айтпайсыз агай?

— Эмнени?

— Кызыл Армияга барам деп...

— Унутуп калыпмын...

«Бакырaң көз» агайын алая тиктеди:

— Биздиби?

Жакып жооп таба албай кайсалактады. Ушуларга айтпай, ушуларды теңине албай, коштошпой баласынтып...

Алар мотурайып, Жакыпты тегеректешип, бири-биринен сөз талашат.

— Айтып койбойсузбу?

— Мен апамын курутунан апкелмекмин.

— Мен дагы...

— Мен нан ала келмекмин.

«Бакырaң көз» чыдай алган жок. Канчалык тартынса да балалыгы жеңип, баарынан агайын жакшы көрөрүн билгизгендей, буга өзү да мактанып, көмөчүн койнунан сууруп чыкты.

— Ики... Мен ала келгем... Мынакей.— Ал, жаңаа класста эки көзү терезеде алаңдап олтурган. Көмөчү жомоктогудай тоголонуп жөнөчүдөй улам-улам кармалаган. Эгер агайына бере албаса, баары бир адресин билип почтодон салып жибермек. Почто анын оюнда көмөч ташымак.

— Агай, мынакей! — Кулуңдап сүйүнгөнүн айтпа.

— Садага, садагалар!.. Мен силерди эч убакта унутпайм! — Жакып «Бакырaң көздү» бооруна кысты. Үнү каргылданып, карегинен жаш имерилди.

Ал бекер эмгектенбептир. Аны Биринчи классы тегеректешти. Жакыпты, анын Биринчи классын а жердегилер тегеректешти. Буга эркеп, жаны ачып Жакып ыйлады...

Жөнөткөндөр ыйлады...

Биринчи класс ыйлады...

Колхоз ыйлады...

Машине күркүрөп жөнөй берди. Ак боз атчан кызыл жоолук келин өлөр-тирилерине карабай, алкынтып жандай чаап баратты...

## IV

Аялдардын жоро бозо ичкени Салыйдыкынан ары уланбады. Эрмек, Таты, Зууракан, Айша сыяктуу набаттуу аялдар эртесинде эле «аткез» кылышкан.

Бир даары алигиче ыйкы-тыйкы:

— Ботом, жоронун кезеги кимде?

— Ким билет, ичип алып тым-тым болуп калышты.

— Капырай десең ой. Деле бетим чыдабайт. Салыйдын караанын көрсөм алда кайдан качып өтөм, мен жалгыз ичкенсип.

— И-ии десең ай, мен дагы ошентем. Кандай эмелер уялбасын билбейм.

— Жанагы, Матай какшыктын аялы жорого кирбегени ырас болуптур. Ошентпей...

Тоголок кара келин Шаршебүбү эринин чормоңдото кашын серпти:

— Ий, ошонун пейли жерге кирсин. «Жок» деп эле оозун куу чөп менен аарчыйт. Аны үстүнө «Какшык аке» кепкатын. Эсептейт баарын. Ошондой эрден жогу жакшы.

Анан өздөрүнчө Татынын жер жеберин чукушат. Төрөбөгөн аял, коколой башы, эмнесине жетпейт. Булардын оюнча, ага эми оокаттын кереги жок, баарын чачып жиберип, ар кимисиникинен бир чөйчөктөн жарма ичсе деле жашайт. Колу-жолу бош катын, аларчылап башмалдак атып колхозго иштебей, кыйналса куйругун түйүп эртең баса берчүдөй жорушту.

Салыйдын бозосу токтободу; ырас, баягыдай шамшаркыт ичкенди бастатты, өзүлөрүнө ченеп шак кайнатат. Бозосу жакшы чыккан күнү кызып алып мактанып, көчөдөн өтүп бараткандардан өйдө чакырып талатып жиберет. Башка аялдар керелден кечке «бригадирдин айдоосунда» жүрүшүп, кечинде үй оокаттары менен алек, бүтпөйт. Бозо ачытмак түгүл, аны ичүүгө убакыттары жетпейт. А кыңылдаган Салыйдын бозосу кайнабай калбайт, бозонун көбүрүп-жабырып көп болгонуна, аны ичүүгө келген элге жүдөбөйт, мобу чүмчүңдөгөнүнө, бат түгөнгөнүнө жүдөйт.

Ал күйөөсү Каниметтин үйдө жоктугун, анын согушка кеткендигин казан аягы тарып бараткanda билди. Ашканасын ачты: карала кап бош, арча челек какжыраган.

Бугу кечөөтөн бери төшөктө. Өңү купкуу, кулагы калдайып, мойну кылдай. Ооруган жерин айтпай башын чайкайт. Ал бир түнү ээлигип чыкты: ордунан тура калат, түшүнүксүз булдурайт; «Манас» айтып жиберет. Көзүн ирмебей жанында олтурган Салый уулунун уйку арасында «Манас» айтканынан жүрөгү опкооложуду. Манас сүйгөн пендесине жолугат; пенде оболуна көнбөсө мунжу кылып салат дегенди нечен уккан. Бугунун «Манас» китептерине эле кадаланып, кээде чогулгандарга жатка «Манас» айтып жүргөнүнөн эми шекшип, санаасы санга бөлүндү... Же баласы «жарыктык» Манасты токтото албай жүргөнүбү? Жараткан жар болбосо, жаңыдан көз жарганда колуна кан ууччтап, үч карын майды оозанган касиеттүү «Манасты» каргадай Бугу кантип токтотот?

Салый күрпүлдөп «Манас» айткан кишилерди нечен көргөн. Аларды эл аңыз кылып, аттан колтуктап түшүрүп, айылдан айылды кыдыртычу. Бул манасчылардын «Манасы» түгөнмөк турсун кайра күн сайын күчөп, улам ар жагы кызык болуп, канча эл олтурса, ошончосу бир оздон кыйкырык сүрөөнгө алып, бирде тунжурашып, солуктап ыйлашып, түндөсү кары-жаш дебей уйкудан безип, оокаттарын унутуп тыштап угушчу. Аны укканда Салыйдын өзүнүн да чери жазылып, кулагына чоролордун тулпарларынын дүпүрөгөнү угулгансып, көз алдына «Манас» айткан кишинин караанды далайга кетчү эмес. Салый бул укмушка айраң-таң калып, тигил манасчыларды анык кереметтүү кишилер катарында саначу. Эгер кереметти болбосо укмуштан укмуш чыгарып, күндөн түнгө, түндөн күнгө, аптага, айларга... өзү да жадабай, элди да жадатпай бир сөзүн эки кайталабай кандай адам айтып бере алат? Ошентип, манасчылардын даарыганы бар экенине Салый чындап ишенчү.

Бугунун «Манас» айтканын жакшылыкка жоруп, бир чети согуштагы Каниметти да «Манас» жылоолоп, атса ок, чапса кылыч өтпөгөн баатырдай элестетип, өзүн да «Манас» даарыгансып, күнү кечке учка-түпкө тийип жүрдү.

Биртике талканын кордоп бозо салып, эми улам Амандыкына кирип, оюндагысын айтууга оозу барбай, шагым сынбагай эле деп тарткынчактады. Жал-жал тиктеп, жасакерленип, Сымаптын идиш-аягынан өйдө

жуушуп, отун калашып жибергенинен улам, бул аялдын бирдеме сураганы турганын Аман баамдабай койгон жок. Салыйга чындап эле боору ачып, анын оокатынын кантип өтүп жатканын билгиси келип кетти.

— Ии, Салый, сүйлөчү?

Салый унчукпай ылдый карады, Аман дагы такып сурады:

— Айт мудаанды. Айта бер.

— Тиги... улагыңарды карызга сурап...

Аман унчукпады, айрысын таяна бастырмасын карай аксаңдады. Салый аны ээрчип алды.

— Кыжаалатка жарагын, бурадар.

Аман эмне жооп айтаарын билбеди, ал бул аялды карызга улак сурайт деп деле ойлогон эмес. Ойлогон күндө да эртеңки күндө мындай сырын билбеген аял менен чырылдашып жүрүүнү ылайык көрбөдү.

— Улакты эмне кыласың?

— Керек, бурадар.

— Мага да керек!

— Керек убагында таап берем.

— Таба албайсың.

— Таппасам музоом турбайбы, ошону ал.

Тигил тык токтоп Салыйга кайрылды, оюна бир нерсе түштү. Кыш узарса улагы өз кунун жеп коёру бышык.

— Йэ-э Күрсү, сураса бер. Учурунда бербесе торпогун жетелеп алабыз! — Аялы Сымап бир жагынан шаңшыды.

— Ай болуптур. Бербейт элем. Сага ийип кеттим.— Аман Салыйды көтөрө чалып сүйлөдү.

Салый буга жетине албай, Аманды алкоого сөз таппай, тердеп чардады. Ал баарыдан мурда ушу Аман менен мамиле жасаганына, Аман анын шагын сындырбаганына сүйүнүп «мага деле эл ишенет тура, мен деле оокат кылат экем» деп ичинен кымылдады.

Аманды жанга теңебей, анын жакшылыгын унутпасам экен деп, ал карызга улак эмес бекеринен «тулпар» жетелеткенсип декилдеп, күйүгүп; мунун баарын ак жолунун ачылышына — жакшылыкка жоруп ошол жакшылык үчүн барын аябай: «тулпарды» чалып, бозосун таратып кары-картаңдардын батасын алды.

Жаш сорпо шилең ичкендин эртесинде Бугу кыргыйдай болуп турду. Сыягы, батаа касиеттүүлөрдүн кулагы-

на жетип, тилегимди кабыл кылганбы деп ойлоду. Арадан үч-төрт күн өтпөй «Манас» айтмак түгүл Бугу кайтолдоп жыгылды.

Салыйдын заманасы куурулду. Узун бою, ага атаандашкандай мойну узарды; баягы жоолугу төбөсүнө токтобой шайы оой баштады. Ал мунун баарын элден жашырып, эч кимге билгизбөөгө, аялдык кылып сыр алдырбоого жакшы эле ырмайып-чырмайды.

Минтсем пайдасы тиет, тигинтсем зыяны тиет деп акыл жүгүртпөй куру намыс кылган кээ адамдар бар эмеспи. Андайлар таптакыр акылсыздыгынан, же алсыздыгынан, же энөөлүгүнөн антишпейт, өздөрүнүн жаратылышы, табигаты ошол. Салый так ошо «катуу-кутуу көрбөгөн, камыш отун жакпагандардын» бирөө. Ал бирөөгө суктангандыы, тууpаганды, бирөөнүн дүнүйөсүнө көз артканды, бирдемеси кемип калаарын билчү эмес. Ошондуктан, эртеңки жашоого даярдыксыз, ага бүгүн камданбаса зарын тартаарын аңдоочу эмес.

Салыйдын минтип боз койдон момун экендигине Татынын эми чындап көзү жетти. Бугу экөөнө аябай кабыргасы кайышып, экөөнө колунан келген жакшылыкты аягысы келген жок.

Этин ороп, майын томуруп, күн сайын кечинде алардыкында. Идишти мизилдете кармап, өзү да тамак жасашып өнтөлөйт.

— Ичкиле! Ысык ичсеңер... Бугу садагасы...

Татыга анчейин назар бөлбөгөн, кандайдыр ал зыкымдай, абысын ажынга ымаласы жоктой сезилчү. Эми ошол Таты, бирөөнүн кирдүү колунан даам татпаган Таты: анын идиш-аягын, кээде киргогун жууп эриш-аркак; оокат жайына каралашып, колунда бар тамагын, жакшы сөзүн аябады.

Түндө опойтуп кар жаaптыр. Алакандын отундай чолоо жер жок. Айлана апапак, жууган айнектей асманга тоолор шаңкайып сүрөткө түшүп, аба мупмуздак; баары жаңырып, баары жашарып, тазарып, жада калса кылдай бутакты кырдап бычак сырты кар токтоп, бардык жак магдырайт, жаркырайт.

Мобу күрөң уйдун жону да жарданып апаппак. Дагы эле сампарлар кирпигинен эрип, мүйүзүнөн тайгаланып, мурдунун үстүн ого бетер тердетет. Ал ага ыракаттангандай, карын майына чиренгендей кайкалай кепшейт.

Бугу терезеден карап турду. Ушундай карда атасы тамдын үстүн күрөчү; анан эшиктин алдын аркы арыктын жээгине чейин даңылдата күрөп, кардан тоо жасап койчу. Ал «тоого» Бугунун теңтуштары келип, «Түндүк уюл», «Муз океан» деп жылгаяк тээп ойношчу. Азыр да анын кулагына балдардын кар чачышып чуруддаганы, атасынын арабасынын алда кайдан кычыраганы, аттарынын бышкырганы угулду.

Үсөйүн ал аттын бирөөнү жоорутуптур, арабаны да сындырат, баягыда түшүрбөй койду. Шашпа, атасы «согушту бүтүп» келгенде тартып алат. Анан ал атасынын нйнин таянбай туруп алып, көчөдөгү балдарга «ой, көрдүңөрбү мени, арабага түшүп бараткандымды» деп кыйкырат. Бугунун көңүлү да эшиктеги кардай тазарып, делебеси козголо көзүн чылк жуумп ийди. Эртең же бүрсүгүнү окууга жөнөйт. Минтип үйдө олтургандын эсесин чыгарып бир ойносун дейсиң!

— Каран түн ай! Көзүмдү чел бассачы...

Бугуну апасынын үнү чочутту, ал бозосу төгүлгөндө ушинтчү, анда Бугу этегинен бурдай тегерене жүгүрүп табалачу.

— Чала! Чала-а...

Бугу табаламак түгүл укканда өзү ыйлап ийе жаздады: ага кичирейткен атасынын көйнөгүн, апасынын көйнөк дамбалын жеп салыптыр.

— Бул уй эмес. Мал эмес. Аз күндө мени жейт. Се-ени жоготпосом!

Чынында алардын уюу «мал эмес». Жайытка айдап барсаң өзүндөн мурда үйдө. Көзүн тостойтуп, ичин кабырылтып сени тиктейт да турат. Ар кимдин эшигинин алдын, акыр-чикир төккөн жерин иттен бетер шимшилейт.. Бирөөнүн колтуктап бараткан бир боо чөбүн көрсө шудүңдөп ээрчип алат. Биртике чөбү бар эле, жиликтенсин деп Салый аябай салды, уй өзү да уурдап жеди. Акыры чөбү да түгөнүп, жиликтенмек түгүл кайра тас төбөсүнөн тийип шүмүрөйүп жилбик.

А элдин уйлары тигинтип карга түнөп, карды жүдөтүп, кечке жуук курсагын кампайтып талаадан кайтат.

Салый кар түшкөнгө аябай кейип, бу уйдун да топуктуусу, тойбогону, мүйүздүүсү, токолу болооруна таңгалып, эки колун бооруна алып эшик алдында турган.

Төмөнтө, ат баккандарга бастырган Ысакка чабарман Коконбай жолдон жолугуп, анан экөө тизгиндерин

түз эле быякка бурушту. Салый жазганып үйгө кирди.

— Эй, Салый, чык бачым!

Улпак чылап жаткан Салый, колун чала-була сүрттү. Бригадир бир жакка айдайт го, эгер антсе бүгүн уруксат сурайын деген ойдо. Анткени отуну түгөндү. Койчуларга барып, эки-үч кап көң жүктөп келмек. Түнтөй анын бозосун жакшы эле ичкен, «жанымды сурагыла, аябайм» дечү.

Салый эшикке чыкканда чабарман кат-кат сүйрүйгөн баркесин ээринин кашына такады:

— Балам, сага кат бар.

— Мага бериңиз! — Озунуп Ысак жулуп алды; муруттарын сербейтип, үч бурчтуу штемпельге суктангандай карады. «Кызыл Армиянын печети таптакыр бөлөк» деди ал өзүнө өзү. Качандыр бир убакта, ал аскерге барганда, ал жазган катка да ушундай печать басылаарын эстеп.

— Кана, канакей байке? — Бугу жыңайлак, карды кычырата басып апасынан мурда Ысакка жетти.

— Ок кокуй, жыңайлак белең?

Каниметтин көптөн бери кат жазбаган себеби:
«Азыр тынч, согуштан кабар жок, бул эле Алма-Атыда экен, тактика үйрөнүп» жатышыптыр. Бугунун алкымын аябай сагыныптыр. «Салый — дептир аягына,— белиңди бууп тың оокат кыл. Жөнөөрдө сага айтпай унутуппун. Бастырмада, көң жыйчу жерде, ороодо көмүлгөн буудай бар. Кыйналсаңар ачып алгыла, узун сары жазга сактагыла...»

Салый күйөөсүнүн буудайына, сарамжалдуусуна жашып да, ага ичинен жылмайып да, кубаттанып да аны ичинен ойлоп да жатты. «Бозокор эле, капуске жеп куурады го аяктан?»

Атасынын алкымын сагынганы Бугуну да ыйламсыратты. Анын атасы эр. Барар замат «кеске толуп Кызыл Армияга» жакты. Эми «тактика» дегенди үйрөнүп жатыптыр.

Ысак аттанып бастыра берип Салыйды кайра чакырды:

— Уюң эмне болгон? Шарппы?

Салый көңүлү келбей күңкүлдөп жооп берди:

— Жерге кирсин уй болбой.

— И, эмне болду?

— Деги башы жок кишиге мал кармоо ылайыксыз экен.

Бригадир унчукпады, атын тепең теминип камчыланды. Ал кетер менен Салый Аманга барды. Анын «Көк чологун» сурап токунуп, аркан-кабын салынды. Белинбекем буунуп «жанын аябаган» Түнтөйгө жөнөдү.

Түнтөйдүкү «Керешке» кыштоосунда, итапкан алыс. Өзөндөгү аркыраган зыркаар бет алдынан тосту. Анын үстүнө «Көк чолок» өзү ошондой малбы же Салыйдын ыкыбасын таптыбы, жарытылуу баспайт. Үстүнө киши минбей эле оттоп жүргөн эмеден бетер жол боюндагы сербейген куурайларга, таштын коңулундагы чөп-чарга жутунуп кетип калат. «Куу тамак оңойбу, мейличи байкуш» деп Салый да а дегенде оюна коюп, акыры үшүп баратканда өзү да жадап, камчыны артына шилтеди. Бирок «Көк чолок» камчыны куйругуна бекем кыпчып алып, коё бербей чычаңдап, Салыйдын ичек-боорун аралаштыра бир кыйла тоңкулдап желди. Чоконун төөсүндөй солкулдап, ошондо да ыкчамыраак бастыруудан коркуп, атынан топ этип кулана жаздаганда араң жетти. Атын байлоого шайманы жетпеди. Айнаштын чыйпыйы чыгып тосуп алды.

— Ий катүгүн... Катүгүн, тоңуп калган турбайсыңарбы. Мынчалык жумуш...

Салыйдын жаагы гана шакылдайт.

Лапылдаган жылуу үй, буркураган көмөч казан, томурулган сары май. Ысык чай ичип, бүткөн бою жибигенде гана Салый тилге келди. Айнаш эпилдеп тосуп алганынан улам бул үйдү ого бетер жакынсып, бул үйдө көөлгүп, эмелеги жол азабын унутуп ак көрпө жайыл олтурду.

Сардектей кой көңдү эки аял шашпай талкалады. Салыйдын каптарына шыкай салышканда гана Түнтөй келди. Көп сөз сурабады, бууракандап аялына бир тийип, каптарды бурчунан силкип ыргытты:

— Сен каяктан үйрөндүң я? Бу дардести кара. Ата көрү э-эй, катындардын көпкөнүн.

— Капырай, эки кап көңдү бийлеп койгон экемин.

— Бийлебе. Эркектин ишине киришпе. Элдин эмгеги күйгөн эмес. Койду мен кайтаргам. Азап-тозогун мен тарткам. Мен! Мен...

Салыйдын супсуну сууду. «Жанымды аябайм» дегенинин кылыгы бул, башкасынын жүзү курусун. Белди

бекем бууп, кандай тың оокат кылат? Мына ошондо ал оокат кылуу деген оңой эместигин, оокат талаада чачылып жатпастыгын, алардын да ээси бар экендигин, балким, биринчи жолу сезгендир. Ал ызаланып, ызасын «Көк чолоктон» чыгарып, шелпилдете желдирип баратты.

Ээрдей белести жаңы эле ашканда Эрмек жолукту. Атынын куйругун шарт түйүп, ыпылдата бастырган бул аялдан Салый сүрдөп, сыр билгизбей баш ийкеп өтө берейин деген, бирок «Көк чолок» ал жакындаганда кулагын чунайтып тык токтоду. Эрмек да бастырып кетпей, Салыйдын түрүнөнбү, же ага боору ооруппу, күлмүңдөп, бир чети чоочуй сурады:

— Апей, сен каяктан?

Салый эч сөз айта албай, мурдун көтөрүп чаап ыйлап ийди. Тигил башка сурабады, салбыраган аркандар, каптар абалын баяндады окшойт.

— Өлүгүңдү көрөйүндөр!..— Ал чыйралган бүлдүргөсүн жандыра ызырынды. Үзөңгүсүнөн көтөрүлө, жайылган этегин ээрден обдула кымтыланды.

— Көң бербедиби?..

— И-ии,— Салый улутуна баш ийкеп солуктады.

— Жүрү! Бастыр кайра. Се-ени!..

Салый тарткынчыктады. Эки бир туугандын ортосун араз кылбайын деп чочулады. Ат тердетип, Эрмектин эмнеге баратканын да сурабады, суроону да каалабады. Балакеттики, бир чатак болбогой эле; эжеси менен иниси бири-бирине жаман көрүнүп, дагы баягы топурагы жеңил Салый суук тумшук атанбасын. Кызыл от кысыр калмак беле? Ал «барбай эле коёюнчу» деп айткыча «Көк чолок» элпек бурулуп, Эрмектин артынан шөлпөндөп желип алды.

— Сен... Сен эмне? — Эрмек жете бербей Түнтөйдү жекирди. Түнтөй унчукпай, эжесинен жазгандыбы, кайра жайкаңдап, анын атын алып эпилдеди.

— Ачууланба эжекеси... Эже!

Салыйга Түнтөйдүн ушул мүнөзү, эмеле кабаарып туруп эжесине жарк эте түшкөнү жагып, ага ичи жылып: анын көзүнө эмеле көң бербей койчу Түнтөй эмес, баягы «жанымды аябайм» дечү, Каниметке катар олтуруп, карт кекирип бозо иччү Түнтөй көрүндү.

Антсе да Салыйдын жүрөгү опколжуп, жанагы чачылган боюнча жаткан көңдү кабына шыкабай салды.

Балакет баскан жаным аны капаланттым окшойт деп өзүн күнөөлөп, бети чымырап ысып, өзүнөн-өзү жүдөп, Эрмектин кыймылынан көз айырбай улам жал-жал тиктеди. Эрмек кабагын ачпады. Келини чакырса да үйгө кирбеди. Атын ондоп токунуп, анан Түнтөйдүн атынын ээрин шыпырып нокто катты.

— Аны эмне кыласың?

— Керек!

— Койду кантип кайтарам? — деди Түнтөй.

— Басып кайтар... жүгүрүп кайтар.

— Кайтарбайм.

— Кайтарасың...— Эрмек жайчылык менен акырын гана айтты.

Анын ушул акырын айтканында, үнүндө, кандайдыр бир өзүнө өзү ишенгендик да, ыззалануу да, башкаларды сезденткен өкүмдүк да, бийлик да бар эле. Ошол себептенби, же эжесине, баарыдан мурда аялга теңелгиси келген жокпу, Түнтөй атынын чылбырын сууруп алганы баратып, кайра артына жалт бурулду.

Жылкы ферма болуу Эрмектин үч уктаса түшүндө бар беле? Анын жылкы фермалылыкка дайындалганын жыйналыштан жаа бою качкан Салый, ар коктудагы малчылар тургай, кыштактагылардын көбү билбейт. Өткөн активдердин жыйналышында кызыл үйүн жаап чыгып бараткан. Кимдир бирөө анын атын атап, алаканын тарс чапты.

— Таппасаң сыйпалап кал! Жылкы фермага Эрмек ылайык. Коммунистка!

— И-ий, абдан туура.

— Аялдарды көтөрүү керек!

— Ырас эле ой.

— Эй, партия!

Далайдан бери кызыл билеттүү, ай сайын мүчөлүк акысын төлөйт. Бирок, ал күнү аны «партия» деп... ал күнү керектүү бирөөнү издеп, ал табылбай жатканда; ушундай пайдалуу учурду көптөн бери аңдып, тыңшап, күтүп жүргөнсүп, анан бул эшиктен «менчи... мына мен!» деп көкүрөк муштап чыга калгансып кетенчиктеди. Күн сайын көрүшүп, алышып-күрөшүп, тамашалашып жүрчү активдерден уялды, сүрдөдү. Билетке кошуп өзүн да сандыкка катып, өзүн да унутканда бирөө аны эстеткендей, ал күнү биринчи жолу «партияны»

укkандай, бирөө «сен кайда жүрөсүң?!» — деп сандыкты ачкандай, чакыргандай боло түштү.

Жылкы ферма сокого жарактуу аттарды жыйнап жүргөн. Кээ бирөө ага баш бербеди, чылбыр талашып жаман тилин агытты. Эрмек да андайдан тартынбады. Антпесе, акыйлашып олтурууга убакыт жок. Кээде айланандагы жагдай да сенин ак жаздыкка чекенди жөлөп, ыңгыранып ойлонуп олтурганыңды каалабайт тура; ушинтип жүрсө... мунун өчүн опуруп-жапырып оюн чындан кара чечекей инимден алайын деп келатса инисинин жоругу тигил. Эки калам көң аяп... эки калам көңгө бетти чиркөө кылып бүгүн...

Экөө бирге аттанып, Эрмек каптал жолдон бөлүнөрдө эскертти:

— «Көк чолокту» сарайга алпар.

Салый «Көк чолоктун» оозун араң буруп унчукту:

— Амандыкы эмеспи?

— Колхоздуку!

— Балаасына калбайын.

— Жообун мен берем!

«Бул эмнеге чочондоп калган — деп ойлоду Салый ичинде.— Район жактан келген кишинин баары чоң. Ошондой чоңдун бирөө канторлон эч кимди таппай кызыл үйдө олтурган Эрмекти жумшаган го?»

Ал эки кап көң жүктөгөнүнө тоону көчүргөнсүп, жер үстүнө батпай, кыштак бүтүн таң калып аны карап тургансыды.

Ысак да алардыкына эки тең чөп жүктөп келип, жаңы эле түшүрүп Бугу экөө тамдын үстүнө чыгарып жатыптыр.

— Оокат кылат деген ушу Салый. Уюндун оборун тойгуз, чөп алып тур. Уйдун сүтү түгөнбөс куласык. Жоготом-соготомунду экинчи оозанба.

Бугу жылуу мештин түбүнө көйнөкчөн боортоктоп «тактика» үйрөнгөн атасына кат жазууга киришти:

«Атаке! Мен сени абдан жакшы көрөм. Сени кыйын сагындым. Биз жакшы турабыз. Капа жок. Өзүңдөн гана капа бар. Апам кыштоодон эки кап көң жүктөп келди. Ата, сен жанагы тактика дегенди жакшы үйрөн, макулбу, ата? Тактиканы билсең душман качат, ээ? Тактика эмнеси, ошону ачык жаз, балдарга айтайын. Бул жакта жаңылык болсо бул: сенин арабаңды Үсөйүн

айдап жүрөт. Дагы бир жаңылык: төмөнкү бригаддан бир ат өлдү. Оонайм десе казык кардына кирип кетиптир. Этин элге таратты, биз азыр бышырып жейбиз...»

## V

Татынын көзүнө баягы кызыл жоолукчан келин дайыма көрүнөт. Тигине, бир үзүм жалындай жоолугу кылактап машинени жандай чаап. Ак боз аты алкынып, жерди солкулдаткан күрүгүү. Машине эмдигиче жүрүп, келин эмдигиче батышты карай чаап бараткандай; дүйнө жүзү кылкылдаган кызыл туу...

Басаа аялдар тегин калк бекен? Абалтадан эркектердин учарына канаты «Каныкей», «Кыз Жаңылдар» калк башына түн түшкөндө туу кармап казатка аттанышкан. Алардын эрдиги укумдан тукумга дастан экени төгүнбү? Оокаты менен алышкан Таты түндүн бир оокумунда гана жатууга камданган. Тоңгон чокой тоңголокту тарсылдата басты, анан каалганын туткасын издеди. Үшүгөн колбу, буйдалып ачты.

— Ырас жата элек экенсиң.— Ысактын жакасы муз, муруту сербейип, бети көгөрүп үшүгөн. Анын колун ушалап күлмүңдөгөнү ага жагынгандай, жасакерленгендей, бул эри жок аялга ырсактап тийише албай, эркектен көзүң катып араң тургандырсың дегендей туюлду Татыга.

— Ии, жата элекпиз.

— Жалгыз экенсиң.

— Билбейсиңби?

Ысактын кыйытканы, өз үйүнөн бетер мурдун балта кеспей тыяк-быягын карап маалкатканы ого төтөн Татынын безине тийди. Таты шексинип, Токтоналынын изи сууй электе минткен эркек сымалга сумсаңдап кыйкым гана таппады. «Жалгыз экенсиң эмнеси? Шатектеп эркек жатчудай көрөт го мунусу дагы?»

— Сага жети түндө келгеним; Таты... Беш көкүл кыз эмессиң. Өзүң деле билерсиң.

Татынын бүткөн бою дүркүрөдү; тигил анын ой-боюна койбой баса калчудай, минтсе иштин баары бүтчүдөй, андан кийин анын жүзү карарып эч кимди карай албай, жарык дүйнөнүн түбү түшчүдөй, ак жолуна кесир болчудай; негедир оюна ушулар келип, андыктан

ага жеткирбей мурда озунуп өзүнүн абийирин, ак шейшебин коргомокко камдангандай сыягы.

— Айтканымы эрөөн этпе, Таты.

— И анан?

— Айтаар ойдо жок эле.

— Ии, анан?!

— Сага келдим! — Ысак саландаган башын көтөрүп жалт карады; Татынын апчып алчудай түрүнөн сездеп, эмне үчүн анткенин этибар кылбады:

— Барсканчы керек! Сени ылайык таптык.

— Мениби? Барсканчыбы? — Таты көзүн ирмегилеп, деми бөксөрө кетенчиктеди, уккан кулагына ишенбей.

— Жолборстун ордун бас, Таты.

— Жолборстунбу? — Таты буга таң калган жок, анын оюндагыдан таптакыр башкача сүйлөгөн бригадирге таң калды, дагы эле ишене бербей көзү жалтылдап карышкан сөөмөйлөрүн жазат. Дагы эле калчылдап, боюн токтото албай:

— Барсканчыбы? Болбойм!

Ысак башка чапкандай кайра тартты. Эми барсканчыга ким ылайык. Ал Татыга аңтаң, демейде сөзгө келген аялдын чамынганын; бул минткен соң башкалар эмне дейт? Же аялдар аялдыгын кылабы?

Таты далайда барып соолукту. Төшөгү баягы Токтонаалы бардагыдай, керстендей. Жаздыктарын, шейшептерин ороп чулгап ыргытты. Балакет гана баскырдыкы, муну эмнеге мындай салды экен? Жалгыздыгын эркек киргенде эстедиби? Эсинде жара чыккыр! Айдын жарыгында, жайлоодо, эки киши жатчудай кеңирсиген төшөктү, мунун түйтөктөп урушканын көргөндө бригадир эмне деген ойго келди экен? Аны эртең кайсы бети менен карайт?

Таты Токтонаалы кеткенден бери үйүнө эркектер башпакса эле кыртыштап, итатайы тутулуп тултуктап турчу. Анын мунусун кээси түшүнө бербей «бул эмне, кутурганбы?» дешчү. А Татынын ою таптакыр башка: эл оозунда элек барбы? Кымындай кыйкым табылса төөнү асмандан көрө бер! Жалгыз бой катын «а ага эмне, төрөбөсө» деген сөздөр чып жабышат. Анан эр болсоң бул сөздөн качып да, өлүп да кутулуп көр.

Бүгүн ал, күйөөсү жөнөөрдүн акыркы түнү төшөнгөн кызыл жээк шейшепти төшөнгөн; кызыл тубар жуур-

канды жамынып, эринин аны сыга кучактаганын, муруттары сайгылаганын; өзүнүн денеси чытырап, ыраактана уктаганын элестеткиси келген. Кантсе да ал бул түнү Токтонаалы бардагыдай уктай алган жок, түн боюнча түйшөлүп чыкты. Буга тиги эчтемеден капары жок Ысак аралжы болдубу же ал жөнүндө Таты осол ойлогонунанбы, ким билсин...

Устаканада коңурсук жыт, чачылган темирлер, бурчта үйүлгөн көмүр. Кашкар кычкачына кыпкызыл темирди кыпчыды да, дөшүгө коюп чака-чак чапкылады. Темир камырдай жуурулуп, шыркыраган учкундар чачырады. Калагы менен көмүрдүн четин имерип, көөрүгүн кайрадан күркүрөттү.

— Кел, мынчалык келгенден кийин...

Эчтемени байкабай, өзүнчө алектенгенсип көрүнгөн уста ушинткенде, Таты же артына, же алдыга баспай аз буйдалды. Анын үстүнө «Дөөтүнүн» дүкөнүнө аял киши бейжоопсуз баш багуудан ийменген.

— Мына, көөрүк. Мобу асылган жипти тындырбай ылдый тарткылайсың.

Кашкар карамагына биротола өткөрүп алгандай буйрук берди. Мунусуна караганда ал бардыгын билет, эгер билбесе, уста ылайык таппаса, кайдан? Ал кежирленсе активдер лам дешмек эмес. Кашкардын эки колу колхоздун колу; анын колу ооруса: соколор, малалар, арабалар, аттын буттары оорумак.

Ыраматылык аялы жандын ийкемдүүсү эле; экини төрөдү, экөөн тең топурактын алдына көмдү, үчүнчүсү менен кошо өзү көмүлдү. Маңдайына эпейип олтуруп, көөрүгүн басып, бирдемелерин кармалашчу, ар бир жарак жабдыгы ордунда турчу. Устанын жасаган күмүш макилерин, бычактарын оймолоп, кооздогондо Кашкардын өзү да керт тапчу бекен? А кийин... кийин «кыздын баласындай» маки жасабадыбы. «Мен уул төрөйм, уулумдун макиси» дечү. Ошол «уулунун макиси» эмдигиче Кашкардын чөнтөгүндө.

Билинбей, байкалбай жүрүп аялына ушунчалык көнүгүптүр, эми оңултуктайт: тирүүсүндө анын кадырына жетпеди, эркектей бажырап ага сөз айтып бербеди. Алтынай түбөлүккө, кайрылгыс жолго аттангандан кийин өзүнө өзү итиркейи кайнайт. Аялы да арманда

өттү, өзү да тирүүлөй арманда жүрөт. Алтынайдан кийин үч аялга үйлөндү, үчөө тең көөрүккө жолобой бышкырык атышты. Үчөө тең мурдагы конгон конушундай болгон жок. Алтынайынын мүнөзүнө кымындай жерлери окшошподу. Балким ал аялдарга Кашкардын кара мүртөстүгү, түнттүгү жакпагандыр.

Аялдар согушта жүргөн эрлерине күйүт тартса, Кашкар бу жерде, аялдардын арасында жүрүп, аял таппай күйүт басып жүрдү. Усталыгы болуп, ага алаксыбаса; чүрпөлөрүнүн, Алтынайынын мүрзөсүн ар жума сайын барып көрүп, мүрзө да болсо ага каниет байлап турбаса, балким, жер кесип кетмек беле? Ал кээде усталык кесибин жектеп жүрүүчү. Анткени, аялдар ага аралаш иштебейт, антүүгө устанын колдогону — «Дөөтү» жол бербейт. Кудайынды да, «Дөөтүндү» да карабай, Кашкардын жан дүйнөсү аялдын иреттүү колун, кыймылын самады.

— Эки барсканчы керек. Бирөөнө аял, — деген кечээ кечинде кантордо.

Айтаарын айтып алып ээрдин тиштенди; бирөөнүн көзү, бирөөнүн өозу күлүп жатпасын? Жок, анткен эч ким жок, кайра аны кубатташты.

— Туура! Эркек күчү жетишпейт.

— Аял да барскан үйрөнсүн.

Тамашага чала сүйлөгөндөр да болду.

— Китлерди мээги чапканга десең.

— Кашкар акенин мектебинен окуп...

Оңой менен жылмайбаган Кашкар уста ошондо бир жылмайып, күрөктөй алаканын укалады.

Ысак Татыны устаканадан көрүп өз көзүнө ишенбеди, анын көөрүк басканына ичи жылыды. Ага күнү түшүп калгансыбай байкамаксан, кайдигер карап, артында тиртийген Аманга буюрду:

— Чечинип иштей бер. Сенин жардамчын тиги Татыке!

Аман жутуп ийчүдөй чакчарылып, түкүрүндү:

— Тфу, жыргатыпсың! — Көмүрдү кычырата басып, темирди бутунун башына илип ыргытты.— Анындын колунан эмне келет?

— Тарт! Темирди теппе, бутуң ушун үчүн...— Кашкар туурадан атырылды.

— Устаке! Кудай жараткан. Бутумдун балакетин алба.

— Эмне?! Эмне дейсиң? — Уста жаны чыга жаздады,— о бутуң экөөңдүн...

— Кантесиңер, баласыңарбы? — Ысак экөөнүн ортосуна түшүп, эки жакка ажыратты, экөөнүн кызаңдашканына анчалык түшүнбөй;

— Ысак, жолотпо мунуңду. Жолотпо!..

— Тикини, аркы сетирекей барскан чабабы?

— Чабат! Сенден кем чапса...— Ушерден уста оозго алынбаган уят сөздү айтып жиберди ачуусун тилинин учунан чыгарып. Анан карабайсыңбы осолду, капкактагы бир тейтейген бутунун «балакетин» дейт. Бүтүлүүсүн бүлдүрүп, жыга муштасын, көтөрөт. Тигинтип, темирин тээп, көмүрүн тепсеп, аялдын көзүнчө, «бала кетин» алдырууга ар намысы да заңыты да жол бербейт. А балакет жылдырбай чырмагыр ий!

Мындай ачууланганда, буулукканда, ал өзүнүн эркек экенин унутуп, миң эркекти бир аялга теңебей, бир аял миң эркектей туюлду. Таноосу дагы эле кыпчылып, дагы эле каны ичине тарткан калыбында:

— Сенден... Сенден кем чапса бар эмеспи...

Аман да ызаланды, «ийри буттуу» болсо да ал эркек! Аялдын койнунда жатып, аялды чимириктей тегеретип, аял бутуна жалынып жүрсө. Ошо бутунун майыптыгы үчүн ал кудайга миң мертебе ыраазы! О эркектин намызын билбеген, эркек сапатын жоготкон куу кемпай!

— Сен катынсың! Катын болбосоң сөзүңө бек бол! Ал эми катындан мен кем чапсам...

Эмчегин салактатып аял кишинин барскан чапканы уят. Ысак болсо алды кийнин байкабагандыр. Жөн жайынча Кашкарга айтып кайра тартмакчы болгон Таты күтүлбөгөн туюкка капталды. Баарыдан да аны «катын» деп кемсинткени, «сетирейген» деп кордогону сөөгүнө батты. Карыш жылбай катып, сенейип кал!

— Уктуңбу иттин айтканын! — деди, Татыга Кашкар Аман эшикке чыкканда.

— Койгулачы, ошого теңелип.

Таты ооз учунан унчукту. Ал таламын талашкан эркектин башынан аттап, «аял» деп кемсинткенге кулак какпай, анын чырагына май тамызып, «аял» экендигин билгизип, аялдын ар намысын тепсеп, баарына кол шилтеп баса берүү керек. Мындайлар азбы, ким

териштирип жүрүптүр? Унутулат. Же эмчегин салактатып барскан чаап, кырды-бычак эки эркектин ортосуна кулагын жапырып чыдоо керек. Буга чыдагандар чанда. Чыдасаң «ой кыйын экенсин» деп бирөө мактайбы, унутулат.

Чын эле, Таты кантмек, эмне кылса?

Үчөө тең бушайман, үчөө тең өтө катуу кетишиптир, эми соолукканда билишти. Бир гана көөрүк күшүлдөп, барскан күрсүлдөйт, учкундар чачырайт. Бир гана бригадир ичинен кымылдайт, кандай гана «пайдага чечилген чатак!»

Татынын дүкөндө көөрүк басаарын укканда далай аял тыраалады: «байтал чуркап байге алмакпы, кудайды карасачы, тим кой мурдунан суусу агаар». Аялдардын минткенине ардыкты, чынында эле шылпыйып шылдың болбоюн деп айныды. Кантсе да бир аз күн чыдап, дүкөндөгү экөөнү элдештиргенден кийин суурулуп чыга берүүнү чечти. Күндүн биринде райондон жазгы кош айдоонун камын текшерүүгө келген өкүл соболосун көтөрө мактады:

— Билесизби, Сиз Гитлерди мээге чаап жатасыз!

Демек ал, мээге чабат экен да? Атаны баладан, эркекти аялдан ажыратып, дүйнөнү убайрамга чулгаган Гитлерди... Мына, баягы ак боз атты алкынтып, машинени жандай чапкан кызыл жоолук келин...

Кампанын бурчуна, Таты эртели кеч өтчү жолго бир сүрөт илинди. Сүрөт жоокер: башында темир калпак, ийнине асылган автомат; бир колун алдыга сунуп, жүрөктү калтырата: «Сен фронтко эмне жардам бердиң?» деп тиктейт. Ал Татыдан атайлап сурагандай, кыймылдап бери басып, какайып мандайына токтогондой; сүрүнө даап карай албай, башын жерге салып, бети чиркөө ичинен алда нени күбүрөп өтөт.

Басаа, башына иш түшкөндө дубанды жарып байтал чуркайт дечү эмес беле?

* * *

Айрым аялдар шыбылап ушакка жакын. Андайлар тамак ичпей, мүмкүн, бир жума чыдайт, ушак айтпай бир саатка чыдай алышпайт; ыйлаактын жашы тыйылат, а бу «жарыктыктардын» оозу төөнүн куйругу жерге тийгенде тыйылбаса.

Үч-төрт аялдын ийиндери тийишип, ичтери бүлкүлдөдү:

— Ии, ошондой дейм да.

— И, ошондой, экөө тамыр экен.

— Качантан бери?

— Аз эле болуптур. Устада иштегенден бери.

— Айтам да, байкайсыңбы, Таты ойсолондоп...

— Анысы мурут койдуруп...

— Капырай, ушу кодойгон эмеге...

— Кодойсо да колтойгон катыны бар, жеңеке.

— Хи... хи... хи... десең.

— Же төрөбөсө,— Бытыкүл көп төрөгөнүнө мактангандай башын кежендетип шыпшынды,— мен эркек дааръса эле төрөп...

Бул шыбы-шыбылар Шаршебүбү экөөнүн казанына аш салып берген жок, кайра абийирлерин аштай төктү.

Күүгүм талаш арабакечтер аттарын жайлап үйлөрүнө кетишкен. Ал Кашкардын дүкөнүнө темирлерди түшүрүп, жаңы эле сарайдын оозунда, аттын өркөчүнө кралин сыйпаганы турган. Коңшу колхоздун сагызганы көп экен, байкуштун айыга баштаган жоорун чукуп салыптыр.

Эрмек сарайдан чыгып Үсөйүндүн жанына келди:

— Тартып келдиңерби? Өзүң бардың беле?

— Тартып келдик. Кашкар экөөбүз барганбыз. Ал сүйүндү.

— Эмнеге сүйүндү?

— Темирге. Сокого тишке сонун дейт. Уйга сатып алдык.

— Кантебиз анан.— Эрмек улутунду. Ал темирдин каатчылыгына улутунду; башка түшмөйүн баркын билбегендикке, темирсиз жердин айдалбаганына улутунду.

— Темирди сатып алып жатабыз. Алдагы аттын жону эмне, этиеттесеңер боло, кокуй экенсиңер...

Үсөйүн кыйт этти, муну тойго миниптирби? Сагызгандардан кантип коруйт? «Чаардын» жүгөнүн шыпырып ичке тепти.

Таты ары өтүп бараткан, экөөнүн мурчундашканы менен иши жок, жетип жетпей бышактады:

— Жалгыз катын жашабай койсочу...

— Эмне болду? — Эрмек чок баскандай чочуду. Ал ар дайым Татынын чымырдыгына, жумуш иштегенине, ийреттүүлүгүнө, орундуу сүйлөгөнүнө таңданчу. Анын

орду жок чебеленгенин, кайгырганын билбейт. Так ошонусуна суктанып «атаа ушундай болсом ээ» дечү ичинен. Ошондой аялдын маанайы неге басылды, ким аны ызалантты?

— Үсөйүн, сен да ук, буга тиешең бар.— Таты жогорку аял ушактын баарын төкпөй чачпай экөөнө айтып берди.— Колуктуңду тыйгын. Ичиме батпай кетти...

Эрмектин зээни кейиди. Таты ушакка кайгырып, жалгыз эле ушактан кан жуткан жок. Анын жүрөгүндө өзүнүн салмагынан он эсе оор кайгы бар. Ал кайгыга чыдап, аны көтөрүп жүрүү үчүн жыйырма эсе күч керек болчу. Бул күч болбосо кайгы аны төбөсүнөн жерди көздөй ныктай басмак.

— Жүрү, ушактан корккон жашабайт — Жооткото Татыны колунан жетеледи Эрмек.

Үсөйүн да үйүнө баратты, атты эмнеге ичке тепти? Ат өзүн тепсечи? Таты ага эмнеге арызданды? Аны эркек деп! Бүгүн курсагын ачырган дагы, Татыны ыйлаткан дагы, сагызганды учуруп, атты жооруткан дагы... баарын кылган аялы. Койнунда жаткан аялы... Се-ени!

Ал өзүнүн ачуусун, өзүнүн кыялын унутуп таштап, бардык күнөөнүн Шаршебүбүнүн мойнуна үйүп, босогосун аттай электе сөгүндү.

— О жер куруткан...

— Эмне-е? — Кир чайкаган Шаршебүбү башын көтөргүчө болгон жок, күйөөсү эки каруусунан аткып, көмкөрөсүнөн суналта май куйругун аябай ийледи:

— Таты жеңеми ушактайсың ээ...

— Өлүп кетейин мен эмес.

— Карганасың ээ...

Эртеси Шаршебүбү Бытыкүлдөн өчүн алды, ал жүн тытып олтурган экен:

Эмне күйөөмө урдурасың, я?!

— Адырандаба!

Экөө чачташа кетти: тигинин бир тутам саамайы Шакендин колуна келди.

## VI

Жакин алкымынан аш көрүнгөн сулуу: кызылы кызыл, агы ак; каракачтыкындай кашы, көзү жамгыр жууган карагаттай мөлтүрөп, мала кызыл эрини, кой

тиштери, эки ууртунда теӊ торгойдун көзүндөй меӊ; олондой капкара чачы толорсугуна оролуп, балыктын боорундай аппак балтырлары чыӊалып...

Басып баратканда ага алдынан да, артынан да далай көз кадалчу, далай көз анын карааны жашырынган жерди издөөчү. А карылар телмире карашып, бу карагандарынан өздөрү чочулап, «бечараны» аяшып, көздөрүнө ырымдап чөп сындырып, жерге түкүрүшчү. Аны далай карылар «атаа мага келин болсо» дешти, далай жигиттер «менин колуктум болсо» дешти.

Жакин да өз сулуулугуна өзү мас, жайлоо гүлүндөй аӊкыды, тоо суусундай бууракандады. Ал өзүн күндөн жарык, суудан тунук сезди. Анда дөөгүрсүгөн жашчылык, учкул кыял, чалкыган сүйүү бар. Ушул сулуулугум, өнүм, кылыгым барында эмнеден кеммин? Кантип кор болом? Ушул аӊкыган жаштык, сулуулук менен ажырашпай, экөө бири-бирин чанышпай, түбөлүккө жашай турган болду. О-оо, анда башканы ойлоо кайда?..

Мына асфальт жолдо чыгышты карай зымырап машине баратат дейли. Жүргүнчүнүн көӊүлү шагдан, жолу сонун, жолу алыс. Машине чарчамайынча, деӊиздин жээгине жетмейинче жүрө бермек... жүрө бермек. Күтпөгөн жерден капчыгай өрдөп, күтпөгөн жерден кулаган чоӊ таш жолду тороду. Чоӊ ташты ары кулатуу, алы жетпесе машинени тыштап андан ары жол узартуу керек эле. Жок, жолоочунун антүүгө да, минтүүгө да күчү жетпейт.

Жакиндин сулуулугу, толукшуган мезгили так ушундай, каргашалуу күнгө тушукту. Ал турмуштун даӊгыраган жолуна жаӊыдан басканда жолуна жаӊкы бөгөт пайда болду. Аттап-буттап, эптеп өтүп, өз жаныӊды ала качып сулуулугуӊ экөөӊ жаша; машинеге караба, машине табылат.

Келин болуп босогосун аттаган үй анын түшкөн машинеси экени жалган беле?

Таенеси... Жарыктык бүкчүйгөн таенеси, жаш кезинде аны да жандын сулуусу болчу дешет. Жападан жалгыз кыз төрөгөн, ал кыз Жакиндин апасы. Карыганда ушу кызынын колуна, Жакиндердин колуна келди. Жибектей созулган жарыктык, бул үй-бүлөнүн куту болду: артыкбаш бир сөзү; артыкбаш бир кыялы жок, болпоюп жылдыздуусуна не бересиӊ. Кары бол-

сун, жаш болсун «бала бакыралуу бол, балдарыңдын убайын көр» деп жалына бата берет. Колуна суу куйгандан кийин Жакинди жанына олтургузуп, элге угузбай кулагына шыбырачу:

— Очор-бачар бол! Кудай этегиңден жалгасын!

Жакин муну укканда кулагынан бери кызарып, анткенди жаман көрүп тамак жебей, тура качкысы келип, антсем таарынабы деп тымпыйчу. Кээде чыдабай оозун басып чыга каччу.

«Кызык таенем экен, кызга да ошентип бата береби?».

Кийин, таенесине айбай үйүр алганда, ал өзөгүнөн ажырагыс болгондо, таенесине сүткө нан чыктап же алдына чай коё коюп, кытылдап оозгу үйгө жөнөчү, апасы таенеси экөөнүн оюнуна маашыр, кызына ичи жылып:

— Арам десе, эмнеге качасың, бар таенеңе.

— Аный, бата берип коёт.

— Эмне деп...

Ал таенеси экөөнүн «жашырын сырын» төрөгөн апасынан жашырчу:

— Аный, айтпайм. Биз өзүбүз билебиз, ээ таене?

Жакин таптакыр... таптакыр карыгысы келчү эмес. Карыса эле тигинтип бата берип олтуруп калабы? Калп! Таенеси жаш кезинде анчалык сулуу болбосо керек. Ал «бала-бакыралуу бол» дегенди эмне үчүн көп айтат? Эмне үчүн бир да жолу анын сулуулугун, узун чачын мактап «жараткан өң түзүңдөн айырбасын, мөлтүрөгөн өңүңдөн айланайын» деп жалынбайт. Эмне үчүн өзүнүн сулуулугу жөнүндө бир кеп айтпайт; эмне, анда толукшуган жаштык болбогонбу. Эмнеге? Капыр таене, далайды баштан өткөрдү го?

Ургаачынын сулуулугу бактысы деген кептин калети жок ак кой! Ошентип, Жакин таенесинин сулуу экендигине күмөндөр бойдон, анын сөзүнүн түпкү маанисине түшүнбөгөн бойдон...

Ал секелек кезинде беш көкүл өрүлгөн саамайлары далысын жаба берген кыздарды көрүп, «ах, ошондой кыз болсом» деп ойлоду. Негедир кыз деген ат аларга кыналышат, алардын баскандары, ойногондору жарашыктуу. Кадимки кыздар!

Убакыттын кандай өткөнүн, чачынын кандай өскөнүн билбейт. Кантип, качан? Ал төрөлгөндө жамынган

жууркан, тартылган туш кийиздер кайда? Кантип эскирди? Үй ичиндеги жакшыны, ырыстууну ал гана кийип, ал гана күн сайын жаңырып, өсүп турду. Ооба, күзгүдөн каранса эле толукшуган айдай, кыздардын — кадимки кыздардын катарына кошулуп калыптыр.

Мына, толукшуп жүрө бер! Жок. Өмүрдүн дагы бирдемеси жетишпейт, дагы бирдемеси кемчил. Демек, андан ары, дагы жол басуу, болгондо да аябай мыктап ойлонуу керек экен го. Жакин эми «керилген келин болсом» деп ойлоду. Ойлоп алып жүрөгү калтырады. Көрсө «келин» деген сөз менен кошо дагы бирөөнү ойлоо керек тура. Бирөө деген ким — күйөө, түбөлүк жар. Балакет, сен бойго жеткен кыздын жүрөгүнө чок салып кантип кирип келдиң? Кайда жүрөсүң, кандай немесиң?

Бир эле күндө, бир эле түндө, башка бир босогону аттаганда; эркектин койнуна жатканда; башка бир үйдүн камырын жууруп, башка дагы бирөөнү «апа» дегенде «келин» атыгып, «кыз» аты менен түбөлүккө коштошот ээ? Анан аны эч качан, эч ким кыз дебейт, кыз дагы боло албайт ээ?

Муну ойлогондо Жакиндин жүрөгү туз куйгандай ачышат.

Келин... келинден ары эмне бар, кайра жашармак беле? Бүттү да. Дарак бир жерден көгөрөт, сүйгөнү менен кол кармашып, сыйлашып, майдай-сүттөй жашоо гана керек да.

Ал баягында, жоро бозодо Бытыкүлдүн «катындар» деп кемсинте айтканынан ичиркенгени: ал эч күнөө кыла элек, ал тургай, «катын» боло элек; бар болгону он тогуз жашка чыкты; жыттары сиңишип, уялышпай кучакташып, ак шейшепте күйөөсү менен да жарылуу жатпады. Күйөөсүнө өзү кумарданып, күйөөсү ага кумардангыча болгон жок... Анан аны кырк-элүүгө чыккан өздөрүнө кошуп «ой катын» дейт. Жок, ал күйөөсү менен көп-көп жашамайынча «катын» болбойт. Ал кыз өмүрүнүн гана кырында. Тастарлуу, кастарлуу келиндин ыракатын, доорун көрө элек.

Жакин башка босогону аттады, башына жоолук салынды, келин болду. Кызыгың түшкүр, бул үйгө алда качантан үйүрдөн бетер, көңүлү куунап, жүрөгү өрөпкүдү. Кайненеси Бурмаш өз апасындай үйрүлүп,

баары ага үйрүлүп ызааттап, өзү да аларды ызааттап, жаңы дүйнөгө курчалгандай айланасынын баары жаңырып, кубулуп...

Чоң үй-бүлөгө көнгөн, чоң үй-бүлөнүн кызы эле; эми чоң үй-бүлөнүн келини. Мамбеттин үч уулу үч жерде базар. Кичүүсү, көкүрөк күчүгү ушу Жакиндин күйөөсү Сардар: «Абышка кемпирди моюндарына көтөрүп багышат». Ал санаага жетишпеди. Согушка адегенде үч уулу бирге жөнөдү. Анан Жакиндин Сардары, колуктусу минип келген аттын тери кургай электе жөнөдү. Ах, ошондо экөө коё турушса эмне?..

Жакин кайнагаларын, күйөөсүн жөнөтүп, абышка кемпирдин маңдайында жалгыз. Улуу кайнагасы Бакастын аялы катташчу эмес, ортончу кайнагасы Кадырдын аялы бала-бакырасы менен төркүнүндө; Кыдырдын аялы — кичүү абысыны райондун борборунда иштечү. Ооба бири чыгып, бири кирген чоң үй-бүлөнүн аягы тыйылды.

Жаш келиндин ичи мыдырсыз капчыгайдай аңкайды. Күлкүгө карк баланы жаакка чаап, колундагы оюнчугун сууруп алгандай томсортту. Согуш??

Кайната, кайнене Жакин менен гана жашап, Жакин менен гана дем алып калышты. Эми экөөнүн кармангany, тутканы, зоогу, уулдары — Жакин!

Оо, кудай, Жакиндин боосун бек кыла көр!

Башта каныкпаган оор түйшүк, санаа кыйын го. Жакин жүдөдү, бети башы кесилип арыктады. Келининин көзүнүн агы менен айланган Бурмаш, керелден кечке жаны тынбайт. Ал өзүнүн бейтаптаганына, түнкүсүн кыңкыстап уктабай чыкканына да карачу эмес. Келиним кантет, шордобойбу деген дем менен гана басып, анын ошол деми тиги мандем менен күрөшүп жүргөндөй. Жакин аны жаткырып коюп, үй оокатын кылайын дейт, бирок кайнеңеси мурда озунуп, аны уктатып салып оокат жасайт.

Күндөрдүн биринде Жакинге апасы, таенеси экөө келди. Жаркылдаган кызы кана? Бермет Жакинди боoруна кысып бботодой боздоду:

— Садагаң болоюн жарыгым!..

Таене гана ыйлабады, баягыдай, жалынбай, телмирип Жакиндин кыймылынан көз айырбай. Эмнеге антет жарыктык? Кайната, кайнене тигилердин алдына ак көрпөдөй жайылып өнтөлөп, аркы үйгө чыкканда

күбүрөшө кемшиндеп; баладай жалооруп Жакинди карашат, бужурөшөт.

— Апаке, силерге эмне болду?

Бурмаш көзүн жоолугунун учу менен аарчып жылмайымыш этет:

— Жөн эле терегенейин, Сардарым эсиме түшүп...

Бурмаш эки Сардары бар экенин мына азыр, тиги кудагыйлары келгенде билди; бир Сардары тыякта согушта жүргөн. Бир Сардары — Жакини маңдайында; ушул экинчи Сардары аны иттей улутуп журтка таштап, колго суу куюлгандан соң баса бербесин?

Бермет, Жакин, таенеси үчөө көпкө сүйлөштү; үчөөнө тең сүйлөнгөн сөздөрдүн мааниси жоктой: сыягы тигилер оюндагысын айтпай чаргытып. Жакин да негедир аларга чечилбей алардын оозунан уга турган сөздөрдү али укпагандыгынан болсо керек. Алардын олтурганы канчалык узарган сайын Жакин кайната-кайненесинен ыйбаа кылып, кыйпычыктап жүрөкзаада.

— Апаке, таене, келип тургула. Каттаппай койбодуңарбы. Мени өзү ээн баштанып күйөөгө чыкты деп табалабадыңарбы анда. Эми ыраазымын силерге. Баары өттү, кетти,— деди ал сөздү кыскартмакка.

— Жок, Жакин садага... Баары өтө элек. Биз сени ыраазы болсун деп, төркүн төсү жоктой кылбай, дагы бир чоң иш менен келдик.

— Кандай чоң иш таене?

Таенеси башын жерге салып унчукпаган бойдон.

— Ал чоң иш мындай,— Бермет мукактана эрдин тиштенип алды,— кудай айттырган соң айтып жатабыз, болбосо... Жүрү кызым биз менен, алып кетели. Суу ичсем суу ичерсиң. Эмчегим зыркырап чыдабадым, жарыгым... Бу жерде сага кыйын, жүргүн!

Жакин бир сөз күткөн, ушуну беле? Чын эле апасы, кызынын кирпигинин ирмелгенинен өйдө байкаган апасы айтып жатабы? Ак сүтүн эмген апасынын тилин албаганда... Кимдин? Ах, кызынын таманына кирген тикенекти көзүмө кирсин деген алтындай апасы. Акыл Карачач апасы!

«Мен эмнени угуп жатам, апамдыкы туура эмеспи, кана таене, акылыңды айтчы?» Жакин унчукпай таенесине карады.

— Мени эмне тиктейсиң, кулунум! Жүрөгүңдө эмне турса ошону айт!

Жакин тизесине ээгин жөлөдү, кирпигин ирмегиледи, ууртундагы эки кал бадырайып, ансайын маңдайы тасырайды. Козголбоочудай. Жок, ал козголду. Кежигесинен баскан оор жүктөн силкингендей башын көтөрүп, эки жоон санын таянды; кулагында сөйкөсү тийип качып жылтылдап. Анын көзүнө мелжиген тоонун башы, токумдай булут, көпкөк асман урунду. Ана токумдай булут эрип жоголду. Жакиндин ичине капкара удургуган булут жыйылгансып тамагы буулду. Көпкө буулду.

— Апа... Апаке! Таене. Жакшылыкта бүлө болсом, ызаатына бөлөнсөм. Жамандык баштарына түшкөндө басып кете берсем... Бул кимди сыйлаганым? Силердиби? Апа, сени бирөө ушинтсе эмне дээр элең? Мени ушуга төрөдүң беле? Мен кетсем тигил эки байкуштун күнү эмне болот? Эртең Сардарга эмне жооп берем? Апаке?!

Тымтырстык...

Бермет балактап ыйлап жиберди:

— Эсиңден тегеренейин! эсиңден...

Таене жан-маны калбай маңдайынан, мурдунан, калынан чопулдата өпкүлөдү.

— Ыраазымын... Өлсөм сөөгүм ыраазы!

Алар кеткендин эртеси Бурмаш бейтаптады. Сыягы жыгыша албай жүргөн мандем кыябын келтирип туруп талуу жерге сайып койсо керек. Ох, Жакиндин кетпегени ырас болду, эми Бурмаш мандем менен тутакташып, алка жакадан алат. Мына Жакини — экинчи Сардары кашында олтурат. Карылыктан башка, кайгыдан башка ooру да тооругусу бар ээ?! Жок, Сардары келмейинче, анын бир ууч топурагын жазданмайынча өлбөйт...

Бул үйдө баары чүнчүп, баары жүдөөгө баш койгондой. Бир гана Жакин жаңырып, күн сайын чыйралгандай. Анын ушунусу бул үйдүн баарына дем, кубат, жарык. Бул үйдүн ичине өмүр.

## VII

Кызыл шабро кийип, өңү да кыпкызыл, чатырап бастырган Эрмек. Аны көрүп Салый кубанат: аял болбосоң коё кал! Шумдугуң куру, ушундай аял экен. Эми биз менен бирге жоро ичпес, атка минбедиби. Чакыл-

деп сүйлөйгөнүнө не бересиң, эңишсе менменсиген эркекти оодара тартчудай. Аял деле атка минсе жарашып, үйгө баш көз, ал тургай колхозго баш көз болот тура. А Салыйдын эмнеси кем? Жок дегенде үй оокатын тыңтырс кыла албайбы. Аял десе ардыгып, дагы өзүн өзү басынтканычы.

Эрмектин шарапаты далай аялга жукту, далай аял демөөр байлады; анын артынан күнү сөздөр да айтылды:

— Ботом, чытырайт эле чытырайт. Бир күнү «тарс» жарылар бекен.

— Тим кой, баягы Чүкөлөйдөй болуп жели чыксын.

— Чүкөлөй эмне кылды эле, мен билбейт экем?

— Баягында Чүкөлөйдү жылкы ферма дайындаган. Ошондо күйөөсү Матай Какшык экөө жайлоого чыгыптыр. Ак үйдү тиктирип, ак боз бээлерди бөлүп байлатып, кымыз чайкатып ичишиптир. Бири-биринин бутун ушалашып... Колхоздон киши чакыртып.

— Кошолонтуп жатасың го?

— Кошолонтпой эле чын. Кийин сельсоветтин жыйналышында «таш ичейин... мээнет ичейин, ичкен жокмун» деп карганыптыр. Эми деле карганат.

— Чүкөлөй карганыптыр, а булчу?

— Булбу? Оозуң кайсы десе мурдун көргөзүп калат.

— Ошентет дечи...

— Анан эмне, аттанганда эле көчүгү кыйшайды.

— Басаа десең, Ташматты чакыртып кереги не?

— Кан жолго баратканда.

— Ташматка жакшылык кылды. Өлүмдөн көрөө...

Таты, Эрмек экөө Үсөйүндүн жанынан ээрчип кеткен түнү мындай акылдашты:

— ...Ошондой. Башым катты Татыке. Жылкынын көп башы жетпейт, чоңдору кичинеге, семиздери арыкка алмашылган. Жылкычылар Ташматка шылтайт. Ташматты табуу керек.

Эрмек коймаарек, баарын бетке айткан шар. Заматта ичи койнуңа кирип, ийриң жанбай, заматта анын беделине баш ийесиң. Таразалап бөлүп койгонсуп, ар бир адамдын кыялына жараша мамиле табат. «Ушундай аял болсом ээ» деп Таты да ага суктанчу.

Ага биринчи акылдашып, андан акыл сураганына, чыны, жетине албады Таты. Эсинде, Токтоналынын

бир «жарма досу» колхозду бүлүндүрүп, кармаларында качып жоголгон. Жердин жети катар түбүнө кирсе да кийин табылды. Анда тынччылык, эмичи? Баары согуш менен алек. Анын үстүнө Ташмат «повиске» менен кетти. Элди, жерди коргоого аттанды. Эми ошол адамды алардын оюу менен ким издеп, ким таап берет?

Эки аялдын акылы ошол түн менен кошо көмүлүп калган жок. Алардын сөздөрүн түн гана укпады. Күн да, колхоздун билармандары да укту.

...Райкомдун секретары кырктарды чамалаган «сөөмөйдөй» аял экен. Аны дөөлөт конгонунан балкайып эттенген, апаппак сулуу, эрди-эрдине жукпай шапылдаган, караганга сүрдүү, үнү жоон, пейил күтүп чалкалаган чапчактай аялдыр деп ойлогон. Эрмек буга өзүнөн өзү уялды. Ага караганда далдайып, таптакыр санаа тартпагандай, иш кылбагандай. Кызыл бети ого бетер кызарып, каны атып кете жаздады. Райком аял анын мындай кыяпатын байкабагандай көзүн жумуп, оозун ача эстеди:

— Келгениңиз жакшы болду. Көзүм батташып...

— Уктаган эмессиз го?

— Аялдар ошондой калкпыз. Баарынан кеч жатабыз, баарынан эрте ойгонобуз. Эртең менен уулумдуку кызык: апа, атка мингениң жарашпайт дейт.

Райком аял уулунун жоругун атайлап айтпады. Тигил аялдын коомайсыганынан улам, анын мындай канторага биринчи киргендигин, иши да зарурат экендигин баамдады. Антпесе камчысын, шабросун кире беришке илип; киргенде «жакшысызбы» деп кол алышып, кызарбай-татарбай эле сүзө качырып бери жакын олтурмак.

Эрмектин аптыкканы көптө басылды. Анан ушуну айтуунун кажаты бар же жогун билбей өзүнүн таржымалын, келген жөнүн, колхоздон байкагандарын терип-тепчип көпкө чейин сүйлөдү. Райком аял жаагын таяна, башын ийкегилеп, сөзүн бөлбөй кунт коюп укту:

— Ракмат! Силер да бизге үйрөткүлө.

Эрмектин көзү алайды:

— Биздин? Биз силергеби? Кантип?

— Мына ушинтип эле; айтып бергениңер үйрөткөнүңөр. Үйрөнбөгүдөй, маселен, мен, эмнем артык? Секретардын столунда мен да биринчи олтурам.

— Баштачы?

— Саясий кызматтарда...

— Ушундай дециз?

— Ушундай, алаканды жайып олтурууга убакыт жок! Чабуулда баратып үйрөнүүгө туура келди.— Ал кабагын бүркөгөндө чекеси кат-кат тырышты. — Мурдагы жылкы фермаңар жөнүндө дагы бирөөнүн сигналы бар.

— Кимдин?

— Силердин кампачы Ракыянын... Быякта, тылдагыны талатпайбыз!

Секретарь бир колу менен столду таяна ордунан тура калды, аны менен кошо анын ийининен дагы бир улгайган аял көрүндү. Эми эки аял Эрмекти карап бир ооздон унчукту:

— Эркектерге эмне жооп беребиз?

«Сен кайда жүрөсүң? Сени бирөөлөр чакырбай, бирөөлөрдү сен чакырууң керек! Партиясың!» Аркы улгайган аял Эрмекти карай кадам шилтегендей, Эрмек анын алдында суракта олтургандай көзү ымыр-чымыр болуп «Родина — мать завёт» деген жазууну араң окуду. Мына ушул эки ооз сөз — сөз эмес эле жумурай журтун дастаны сыяктанып, жумурай журттун ой-умүтү алекисаатта ушу эки ооз сөзгө жыйылгансып, өзүнүн адеби, ар намысы да тиги эки ооз сөздө салаңдап илинип тургансып, анын жүрөгү канап да, лакылдап түйлап да кетти. Тигине «Родина — мать!» арт жагындагы согуш куйкалаган талааны жаңсап, ошол талаада кыркылган кырчындардын канына чыланган жоолугун булгалап «карагылачы, эмне кылып жатышат, жүргүлө быякка!» деп чакыргандай үн угулду.

Асман... жер үстүндөгү бийик асманга кан чачырап, эне кандуу, каралуу кийим кийингендей, ал энени баары көрсүн, ал эненин үнүн баары уксун дегендей, райком аял аркы аялды чын эле ийнинен көтөрүп — бийик көкөлөткөндөй туюлду. Ал сүрөт эмес, согуштун бет маңдайына алкынып басып чыккан аял. Башка убакта башка жерде болсо Эрмек аны карайт беле, жок беле?..

— Атаңыздын аты?

— Салиева.

— Коммунисткасыз.

— Коммунисткамын.

Секретарь аял билетке окшогон кызыл дептерчеге сурагандарын жазып алды. Демек, Эрмекти дагы чакырат, Эрмек алардын да көз кырында.

— Жолдош Салиева! Ошондой болсун, колхозчулардын атынан токтом... бир копиясы военкоматка. Андайларды отозвать этебиз!

Ошентип, Ташмат Кызыл Армиянын катарынан кайра колхозго «отозвать» этилген. Колхоз анын көзүнө сөөмөйүн кесеп чакырды: «Беркел, сенден кызылдар көбөйбөйт же азайбайт. Кылкылдаган Кызыл Тууга жашынгың бар ээ?» Армия анын маңдайына таккан жылдызын алып, катарынан мындай түрттү: «Сенин баскан изиң кандай? Бар, колхозго жооп бергин!».

Ушакчылар айткандай «Эрмектин көчүгү» кыйшайбай, Ташмат келгендин эртесинде, а дегенде эле өз үйлүна салакасы тийди.

Бугунун колунда жука калай чака, уюна жем сурап Татыныкына баратканда жолунан Сагын жолукту. Колунда фонарик, күн чакчайып тийип турса да жолуна жарык жиберип басып келатат. Өзүндө ушундай фонардын жоктугуна Бугунун бир эсе ичи тарыды, бир эсе тигинин оптонгонуна ачууланды:

— Сен көзгө чагылтпа.

— Сокураят белең?

— Сокурайган сенсиң!

Сагын ага тилин бултуйтуп, жолдон жөөлөп, капталга укуп өттү. Бугунун чакасы колунан ыргып сонун карга малтыды:

— Сенин атаң жаман!

— Сеники жаман!

— Менин атам Кызыл Армияда!

— А меникичи...

— ...Сенин атаң ууру! Алдагы панарды уурдап келген.

— Сен... былжыраба! Сага ким айтты?

— Билем... Элдин баары билет! Колхоздун бээсин уурдап сойгон. Атаң жегич!

— Эмне-е?

— Ууру! Ууру! Уурунун баласы...

Мүрдөмгө келген жок, Бугу думбалактанып Сагындын алдында жатты, ызасына чыдабай тигинин колун тиштегилеп тырмаландайт; Сагын аны мыкыйлап, үстү-үстүнө желет.

— Сенин атаң армияда ээ? Ыркыйган атаңдын... өлтүрөйүнбү я?

Экөөнүн туткакташканын, Бугунун темтеңдеп жыгылганын, аны шылдыңдаганын көрүп, Калыймандын кызы чыдабады, Кымкардын атасы да Кызыл Армияда, ал да атасын сагынып Бугудай арыктаган. Жамандыгынан булар ыркыйып, жакшылыгынан тигил мыкыйлайбы? Чуркап жетип Сагынды оодара тартты.

— Мунун кыйынын... Үстүнө чык. Чык үстүнө!

Экөө алдарынча ийледи. Кымкардын бутуна тырмышканда Бугу Сагынды чака менен так төбөгө чапты. Ал озондогон бойдон үйүнө; берки экөө кол кармаша, улам арттарын карай Татыныкына шашылышты.

Бугу топчулуктарынын үзүлгөнүнө, чакасынын кабырылганына кайыл; муштумунун кычуусу бир канды дейсиң!

Зууракан улкунуп жулкунду. Уюнун алдын тазалап бастырмада жүргөн Салыйга бир тийди:

— Көргөн өскөнү жаман... уулуң эмне уулумду урат я?

— Бурадар, Бугум жаңы айыкты. Алы жок. Жоош, урушпайт. Уулуң өзү катылгандыр.

— Кулапса! Атаң армияга барбайт деп уруптур, кан чычкыр! Атасын карызга бериппизби? Каякта жүрөт, жаагын түлөтөйүн...

Зууракандын үнүн уккан Бугу жыңайлак карды кече безилдеп качты. Артында каргап шилеп куугунчу.

— Чертип көр, жарып салайын! Жаман катын, жаш баланы кемсинткиңер бар. Бугу-у! Үйгө кач!..— Салый айрысын сунуп, Зууракандын артынан зункулдап кубалады.— Башы бүтүн, көзү бүтүн эмелерди кара. Сурап алары жок бекен Бугунун. Се-ени тырык!!!

Эгер Зууракан жеткирсе өпкөгө саяры бышык эле. Бала-бакыра аз урушабы, ким аларга теңелет, ким алардын сөзүн угат? Бүгүн урушса эртең кайра табышат. Жок, антпеди, эки баланын кыжыңына анчалык көңүл бөлбөй кыйдыланганы менен Ташмат да сынгансып жүрөгү түпөйүл. Эки баланын кыжыңы кургак чөпкө өрт койгондой кыштактагыларга тарады:

— Ташматтын баласын кызылдай сабаптыр.

— Ким антиптир?

— Жанагы Бугу — Каниметтин уулучу.

— Ой ошонун алы кантип жетти?

— Кымкар экөө сабаптыр.

— Анын ким?

— Билбейсинби, жанагы «Мен кантемдин» кызычы.

— Ии... ии... Эмнеге сабашыптыр?

— Кокуй о-ой, кишини мээ кылат экенсиң го... Биздин атабыз Кызыл Армияда... Сенин атаң ууру, жегич деп.

Анан аңгемелешкендер кошолонто бирге экини кошуп, сандарын чаба каткырышат. Алардын ушул такаланып сурагандарында, мазактай күлгөндөрүндө кандайдыр Ташматты табалап, Бугуну кубаттагандык бар эле. Мындай күлкүлөрдү, күңкү сөздөрдү Ташмат сезди, сезген сайын тиштене кыжынып, жооруна калемпир сепкендей кайшактады. Ал тилин тиши менен тиштей, кулагын жапырып кутулгусу келди.

Сагын Кымкардын ууртуна «коён тептирип», «төөматек» ойноткон экен, аталары, агалары Кызыл Армияда жүргөн балдар Кымкарга болушуп, тигини дагы жүндөй сабап салышыптыр.

«Тим кой. Өздөрү жалынышат, өздөрү байкелеп жумушка чакырышат». Ташмат өзү басып барбады, ардыкты. Анын үйүнөн бир эле, эки эле чакырым жерде жумуш кайнап, кара ичик кийип бастырган жерлери анын колун сурап жатты. Ал колун сунбады, жеңине катты.

Ал Кызыл Армиянын кишисимин, бүгүн-эртең чакырат деп күттү. Бирок аны аяк да чакырбады. Ал эки анжы, эки ортодо, же тыяктын же быяктын кишиси болбоду.

Ага күн алыста, «инкүүнүн» кишиси — кызыл жака жаш лейтенант келет:

— Жолдош Самсалиев... Сиз...

Ташмат мыдырын калтырбай колхозго төктү, баары бир карызынан кутулбады. Анын башынан аттиш кыпчыгансыды, жаман санаа буту колун тушады. Ал өзүнө өзү жамандык издеп, өзүн өзү орду карай сүйрөп баратканын сезбеди. Баарын, кылт эткенден өйдө жамандыкка жоруду. Ал жамандыка тизгин чылбырын берип салды, жери куурулду. Эмне, качсачы? Жок, катын гана качат. Ал эркек! Колхоздун бир четин чойгон...

Ошол колхоздун бир четин чойгон эркекке, жада калса кодогой Ысак бастырып келбеди. Келсе анды-

гандай, айтса тындуусунгандай, сүйлөсө табаалаган-дай.

Зууракан да бир жагынан кулак мээсин жеп наалыды:

— Үйдө жүрсөң да балааңды тартам. Сыртта жүрсөң да балааңды тартам. Атка минсең да балааңды тартам. Шордодум...

— Аялсың, болбосо ушуну айтасыңбы. Башыма иш түшкөндө койнума жаткан катын сен жоолойсуң! — Ташмат ичигине тумшугун катып улутунат. Анын ушул улутунганына, кудайдын боору ооругандай кебетесине кайрадан Зууракандын ичи түтпөйт. «Айткан сөзүнүн калети жок. Карыпчылык башына түшкөндө минткеним эмнем? Чын эле аялдык кылган экем. Мен жерге кирейин».

— Өзүң билчи... Бардашың бар, эркексиң! — Ушинтип үстүнө үйрүлөт Зууракан.

Ташмат ансайын «өзүм» — деди. Жүздөгөн, миңдеген сөөмөйлөр Ташматтын көзүнө такалып «Жок, өзүң эмессиң. Ач көзүңдү! Сен баягы өзүңө окшобойсуң!» — деди. Ташмат ансайын көгөрдү. Көгөргөн сайын ийнелери сыртына чыккан кирпиге окшоду; ийнелери өзүн да, жакындатпай өзгөлөрдү да сайгылады.

Мамбеттин Кадыры окко учуптур, угузушту. Үй-бүлөсү боздоду. Кан жутту. Бурмаш Ташматты мойнунан кучактап муңканды:

— Кадырым сени менен теңтуш эле. Сен жүрөсүң Кадырым кана? Кадырым жок! Түбөлүккө жок! Сен басып жүрөсүң. А менин балам топурак жамынып жатат... Оңбосун!..

Өзүнө окшобогон Ташматка Бурмаштын какшаганы башкача туюлду:

«Сенин теңтуштарың кандуу кармашта. Сен эмне басып жүрөсүң? Арың жок каңгып... Сен эмне топурак жамынбайсың? Сен эмне өлбөйсүң...»

Ташмат тирүү... тирүү! Басып жүрөт ээ? Мунуңа шүгүр. Анын көзүнө мылтыктын башына ашталган жалаңдаган канжар. Канжар былкылдаганда көзүн жумуп качып жөнөдү. Кайсы жерде, кандай неме кубаланганда?.. Канжар анын бет маңдайында эмес; аркасында, куйругунда, маңдайлашса балким канжар өзү качмак. Тарсылдап өтүктүн дабышы, канжар кежигесинде, куйругунда; аркасына мылгыды, «ба-аа!»

Төг, өлгөн жаман... өлүм жаман! Кадырдын катыны жесир, балдары жетим. Ага мобу киндик каны тамган жердин топурагы буюрбады. А Ташмат... Ташмат ал топурактын үстүндө аман эсен басып жүрөт; «Өзүм!»

## VIII

Ысак, Түнтөй, дагы бир топтору Кызыл Армияга чакырылды. Бул жолу Ысак айыл-апа менен чындап коштошту. Ар бир үйгө кирип, көчүк баса даам ооз тийди.

— Кошкула. Жакшы тургула! Жаман тил тийсе кечирип койгула.

Кичикей бригадирге үйрөнүшүп, аны менен бир чөйчөк жарманы бөлө ичишкендер; өнөктүктө гана эмес, оокат-тиричилигинде аны кеңешке алгандар, ичтеринен коңултуктап атказышат:

— Ак жолуң ачылсын!

— Жакшы жигит эле...

— Мунун да кордугун тартарбыз...

Татынын терезесинде күйгөн чырак, Ысак жакшы эле анда түшүүгө кыйылып туруп, бирок армияга баратканда наардашып, эл журттан жазганбай эзилишип калганын деп бирөөлөр айтпасын деп ойлоп, Салыйдыкына бура тартты. Бугудан чакыртты да айрысын колуна алып бастырмада күйпөлөңдөп жүргөн Салый жакка басты. Адегенде анын отунуна, чөбүнө, анан уюна көз салды. Уйдун курсагы кампайып, алды кургак экен. Буга негедир Ысактын көңүлү тынып, кемелкеси толгондой ичи жылып унчукту:

— Йэ Салый, байкушум. Баягында сага колум тийди, кечирип кой..

Салый жоолугун төбөсүнө бууган; айрысын бурчка жөлөп, Ысакты көрсүн дегендей алтыгана шыпыргы менен уюнун жонун бир-эки шыпырып койду.

— Ысаке, сен кечирип кой. Кокус Каниметке жолуксаң ошо жородогумду айтпа сарсанаа кылып. Биздин алжайды жакшы де. Менден кам санабасын, Бугуну бакканга жарайм.

Көңүлү кушубак олтурган Ысакты тамашага жооткотуп, Таты киргенде эле каптады:

— Бул эмнең, ботом? Меникине деле кирип даам ооз тийбейсиңби?

— Кантип кирем?

— Эмне, бетиң күйдү беле?

— Сеникине, түнүчүндө кирбесмин.

— А-аа баягыны унутпадыңбы? Анан эри жок аялга жети түндө барасыңбы?

Ысак аржаландап күлдү:

— Барганым сага пайда болбодубу. Эми барскан чаап, булчундарың бууранын санындай. Жиниңе тийген эркектин кокусун сууру.

Таты сынар тизелей, куудураган алакандарын жазды:

— Чапмак кайда... Оңой жоо көрүнбөйт барсканың. Үчөө далайга кобураштты; үчөө тең өз ойлорун ай тышты, үчөө тең жыргашты. Ысактын ою боюнча: Канимет, Токтоналы үчөө жоону жеңип, орден тагынып бирге келишсе; үчөөнүн мингендери жулкунган тору аргымак болсо; аттан түшүшпөй учурашпай, алчактатып ары-бери бастырышса, анан үчөөнүн аялы бырбыңдап ыйлап жалбарып ээрчип алышса, жете берерде улам желдирип коюшса...

Салыйдын ою боюнча: анын Канимети үйгө эле олтуруп берсе; тамдын үстүнө чыгып, эки бөйрөгүн таянып, күрсүлдөп оокат кылган Салыйын карап турса...

Татынын оюнча: Токтоналы келгенден кийин эгиз төрөсө, алар атасына окшош болсо. Тушоосун кессе... той беришсе. Тойго чакырган коноктору ырым кылып чыны-аягын уурдашса...

— Санаага жетербиз. Кош, жакшы тургула! — Ысак чаркылдап ордунан козголду, энтигип, көзү ойноктоп бешенеси жадырап эми эшиктен кирген Бугуну эркелете мандайынан сылап, бетинен өптү.— Каниметтин үрөн бутагы. Апаңа кара-жоро бол.

Беркилер Ысакты колтуктап атка мингизишти:

— Эртең узатабыз Ысаке!.. Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун!

Бригадир аттанаарын аттанып алып, араак бастырып барып, кыңырылып кайра экөөнүн жанына келди:

— Татыке, сага айтаарым: бригадирликти өзүң ал. Ылайыктуусун.

Бригадирликтин акыркы сөзүн, акыркы буйругун айттым. Эми санаам тынч дегендей атын моюнга чаап,

караңгылыкка сиңди. Анын карааны караңгылыкка жутулуп, ортонку таш көчөдө атынын туягынын тарсылдаганы, бышкырганы гана угулуп калды. Эки аял бирибирине үн катпай «чын эле эми ким Ысактын ордун басар экен, ким алчылап кузгун ойгоно электе үйдөн үй кыдырып, бирөөнө жаман көрүнүп, бирөөнө жакшы көрүнөр» экен деп ичтеринен ойлошту.

Чын эле аны менен урушуп-талашып, анын кызматына анчалык назар салынбаганы менен, ал «кодойгон неме» болгону менен, колхоздун кыбыр эткен жумушу бригадирден башталып, бригадир менен бүтчү. Таңдын бүрүлүндө магдыраткан уйкуну өзүнө да, башкаларга да ыраа көрбөгөн, мун үчүн таңкы наарды сызбай аялдын уу тилин уккан; быягынан ойготсо, быягынан уктаган топойгон өспүрүмдүн курун өзү курчап, көз жашын өзү аарчыган, атайы буларды көрүү, угуу үчүн жаралгансып, буларга бышы кулак болгон... Мындайларга көнгөн, чыдаган бригадир эмес беле!? Ошол Ысакты, ошентип ар-бириң менен алек болгон бригадирди кантип унутасың, кантип анын армияга — согушка баратканына санааркабайсың?

Ысакты дагы армияга алышпады, ага чычайта койдурган муруту дагы жардам бербеди. Ал кузгундан мурда ойгонуп иттерди үрдүрүүгө, уу тилдерди угууга, топогойлорду ойготууга дагы калды... Мурда чакырганда комиссия мүчөлөрү анын кыдыйган боюна күлүшкөн, «короо кинегедеги» жашына ишенишпеген:

— Сен азыр окуу керек. Сен пацан...

— Каякта пацан? Аялым бар.

Орто жерде олтурган арык чал мурдунун учуна минген көз айнегин жогору түртүп үлүрөйдү:

— Обма-анеш... Сен алдабачы, жаман болады. Армияда сага чак кийим жок. Айда-а, марш!

Бул жолу көз айнекчен чал, жанындагылары көрүнбөдү, балким, алар согушта жүрүшкөндүр.

Жаңы комиссиянын мүчөлөрү да аны жөнөтпөдү.

Ысак чындап ызаланып, айылдагылар менен бетим күйүп эми кантип көрүшөм деп, жок дегенде Балыкчыга чейин алпарып кетирип ийсе боло деп, эмне кылаар айласын таппай, дагы эле боюнун кортолугунан шек санап, комиссия мүчөлөрүнө кирди да, четки жылмыңдаган кыргызга кайрылды:

— Тууган, мен кишимин... Чоң кишимин! — Колундагы сельсоветтин справкасын сунду, тигил справканы алаар алмаксан сурады:

— Эмне дейсиз?

— Кишимин. Чоң кишимин дейм.

«Тууган» бырс күлүп ийди:

— Сизди бирөө ит дедиби? Киши экениңизди көрүп турам, справкаңыз да бар экен.

Ысак ого бетер ызаланып, бир чети сүрдөп, айтам дегенин айтпай, башканы жаңылып айтты:

— Менин аялым бар.

— Аялыңыздын кереги эмне? — деди тигил күчөп күлүп.

— Аскерге жибербей жатат...

— Аялыңызды эмнеге документ кыласыз?

Экөөнө баары көңүл коюп калышты, эми Ысак баарынан суранды:

— Бирөөнүн ордуна болсо да солдатка жибергиле?

Кашка баш бирөө обдулуп жактырбай карады:

— Кайсы солдатка? Каякка? Эмнеге барасыз?

Ысак жооп бере алган жок.

— Мурда сөзүңүздү оңдоп, каякка, эмнеге, эмне үчүн бараткандыгыңызды билиңиз, — деди кашка баш.

Ысак ошону менен жөн болбой, сүзө качырып комиссардын өзүнө кирип баратканда, арчынданган курлары бар бирөө желкеден аткыды. Ал бар күчүн салып туйлады эле, тигил тебетейдей ойнотуп өзүнө каратты:

— Кайда тартип?

— Тартибиңдин кереги жок.

— Анда кирүүңдүн кереги жок!

— Комиссарга...

— Комиссар занять! Борбор менен сүйлөшүп жатат.

Ысактын жаны андан беш бетер ачып, сыгылышып жатып экинчи часка араң кирди:

— Армияга жөнөткүлө. Бүгүн...

— Бүгүн жөнөбөсөң, эртең жөнөйсүң. Марш!

Ысак дагы бирдеме айтканы келатты эле, ал кокосунан бери кызара бакырды:

— Повторяю, ма-арш! — Капитан столду муштап какыйганда, Ысактын оозунан сөз ыргып кандай чыга качканын билбейт.

Ошондон чыккан боюнча эч кимге кошулбай, артына кылчайбай, аялына да карабай, жин ургандай үйүнө бир тийди. Кандай кордук! Ал кордукту өзүнүн кыдыйган боюнан көрдү; ушу тапта өз бою өзүнө жоо болгон адам бар бекен? Эр бүлөнүн баары колдоруна беш атар кармап батышка аттанууда. Беш атар көтөрө албагандардын колунда, мына, чоң кара аяк жарма! Аны энеси катардан кем төрөгөн, уулу элге шылдың. Апасы уулунун маанайы басыларын билип, өзүнүн күнөөсүн сезип, дүйнөдөн эрте көчкөн өңдөнөт. Дүйнөгө эркек төрөлүп, эркектин катарында жүрө албаганы кандай? Ал армияга барбаганынан да ушул арына күйдү, ушул ар аны төбөсүнөн ныгыра басты. Апасы, айтчы, согуш узун-кыска бойлууну ылгап согушабы?

Апасы түндөрдүн биринде ага унчукту: Ысак «Чоң Торуну» минип, мүрзөнү аралап баратыптыр. Апасы мүрзөсүнөн башын көтөрдү; кийгени апаппак, колун жаңсады.

— Жок, уулум, согуш ылгабайт! Согуш азап... согуш дүмөк. Согуш бүт макулукту ылгабай турган кыргын! Мейли, атанын алмончоктой жалгызы болсун; мейли, атадан алтоо болсун...

Ысак чочуп ойгонду. Жанында аялы коңурукту кош тартып, эчтекеден капарсыз. Ошол бойдон көзүн ирмебеди: апасынын үнү угулуп, карааны дагы эле көз алдында; түпсүз караңгылыкта анын ак көйнөгү делбиреп, бирде асманда учуп бараткандай; бирде терезинин түбүнөн басып бараткансыган шыбырт угулуп, айнектер кылдырттап. Жарыктык апасы, уулунун кабагына кар жааганды туюп «мен өлгөн кишимин, сени менен ишим жок» дебестен, кадимки тирүүсүндөй. Буга караганда ал өлбөй эле алыс бир жакка айылчылап кеткендей же өлүп калса да, өлгөнүнө чыдап жата албай, бүгүн уулунун уйгу-туйгу болгонуна ичи түтпөй аны саксактап, аны менен кошо түйшөлүп жүргөндөй.

...Апасы жол жүрчү, айылчылачу. Бул көбүнчө боз кыроодо; тору бээ оттоочу жердеги жалгыз түп теректин жалбырактары күбүлгөн маалда. Апасы учкаштырып, белинен курчап өзүнө байлап коёт. Антпесе уулу бир жагына улам оой берип, кээде уктап кетип жыгылып калчу. Ошондо каякка, кимдердикине барганын азыр да билбейт. Чоң курсак тору бээнин лап-

лап желгени, бышкырганы, тээ алда кайдан кишенеп, тайынын тапырата чуркаганы алигиче кулагына угулат.

— Байкуш апамдын мүрзөсүнө канчадан бери барбагам? Былтыр жазда үстүнө жалгыз түп кызгалдак чыгыптыр. А быйылчы? Бара-бара эскирип, анан ал жерде мага булактата эмчек сүтүн берген апамдын көмүлгөнүн унутамбы? Өлгөндөн кийин «түбөлүккө кошпу?» Тирүүлөр таптакыр унутуу керекпи? Унутпасам кечээ эмне мүрзөсүнө коштошподум?

Ысак жүрөгү ачыша улутунду. Ким аны эскерет? Деги дүйнөдө эмнеси бар, эмнеге мажирөө? Эмнеге баарынан өксүйт? Анын военкоматтан ызаланганын эч ким билбейт, балким аны өзү аскерге барбай жүргөндөй көрөр ээ? А аскерге барбай калуу, баарыдан да моминтип баары менен коштошуп, даам ооз тийип, кээси чөнтөгүнө чайлык акча салгандан кийин барбай калуу Ысак үчүн өлүм менен тепетең туюлду.

Жок, ал барат! Кыпкызыл тууну көтөрүп ири алдыда айгайлап чуркап бaратат. Жоонун огу үстүнө калбырлап жаап колун жулуп кетет. Ал жер союлган колдун алдында дагы эле токтобой чуркап баратат. Баягы баласынтып аны аскерге жибербеген комиссар, капитан, комиссия, Ысактын боюнун кичинекей туруп, ушунчалык баатырлык көргөзгөнүнө таңданышат.

Бирок... кандай баатырлык? Баатырлыкты колунан же бутунан ажырап көргөзөбү? Ансыз баатырлык жокпу? Же мүчөсүнүн бир жеринен ажырагандын баары баатырбы? Эгер андай болсо дайыма согуш керек. А андай согушуңду, баатырдыгыңды урдум!

Ысак таң кыяра электе турду, баары бир жакка көчүп кеткендей же кабырга кайыштырган жумуштан кийин бутун серппей оор уйкуда жаткандай жымжырт кыштак. Ай, ким билет, далайлар түйшөлүп, жаздыгын жашка сугарып, санаасы санга бөлүнгөндүр.

Энесинин мүрзөсүнө барды: жепирейген, үстүндө эки-үч түп сербейген куурай. Тизелей олтуруп мүрзө этегиндеги каткан топуракты өйдө шиледи. Ал топурак шилебей эле энесинин бычырап төгүлүп кете турган аялуу бирдемесин аярлап, кастарлап жыйнап жаткансып, топурак эмес энесинин этек жеңин кымтылап, жылуулап жаткансып ынтаалаңды. Караңгыдагы мүрзөлөрдүн сүрдүүсү ай!

Каңырыш уктумбу деп кулагын салды.

— Ысак.

Үн дагы кайталаганда жүрөгү оозуна капталды, апкаарыды, эки жагына каранды. Балким, каңырыштыр. Жок, дагы мүрзө арасынан:

— Ысак дейм!

Ал үзөңгүгө бут салды, артында шыбырт, түшүндөгү апасындай ак кийинген неме сол тарабында жетер жетпес шыпылдап, атка шап учкашчудай, жыландай муздап мойнунан оролто кучактачудай. Ысактын денеси дүрүлдөп көзүн чылк жумду, үнү буулду. Жамы мүрзө, жамы арбак ойгонуп ээрчип алгандай. Анын ойлонууга да, атын камчыланууга да шайы келбей далдырады. Таң каракчысында мүрзө арасы унчугуп, жүлүндөй арбак артына ээрчисе ким далдырабайт?

— Апаңа куран окудуңбу?

— Мм...

— Мен дуба кылдым.

— Мм...

Ысактын эрини кыймылдады. Оздук шылдырады; көзүнө а дегенде шамдай жанган атынын кулагы, анан тээ терезедеги жылтыраган от көрүндү, от бүткөн боюн жибитти. Иттердин үргөнү, окууга бараткан балдардын күлкүлөрү кулагына эми угулду. Түшүбү, өңүбү, артынан арбак ээрчидиби?

Ал кыштактын четиндеги дөңгө чыгып айланасына көз жиберди; баары ордунда: ар бир үй таңды күткөн, ар бир үй өз тиричилигинде — жашоо камында. Апа байкуш Калыйман, жонуна үч буттай эгин көтөргөн, үстү-башы тоскоктон аппак. Ушуга өзү ыраазы, мына ушул түн ал үчүн өзүнчө ракат бейм. Мүмкүн ал бул түндө согуштун бар экенин, мүрзөлөрдүн бар экенин унутуп, бир гана жашоону ойлогондур. Бир гана күлдүрттөгөн тегирмен анын кулагындадыр; тегирмен ташындай күүлөнүп, зымырап, кубат дем байлап басып бараткандыр. Антпесе тигинчелик эгинди көтөрүп, караңгыда мүрзөдөгү жолду аралап басмак беле?

Жок, көчпөй-этпей эс алып да, жаздыгын сергитип да, түндүн түшүн көрүп, түйшүгүн тартып да, эртеңкиге кам уруп да жатыптыр кыштак...

Мурзөлөр өз ордунда калды; бир гана Ысак өз ордунда эместей. Мурзө болуп жатып, эмеле мурзөдөн тирилип бери баскандай, анан мобу жарык дүйнөнү көп жыл өткөндөн кийин бүгүн биринчи көргөндөй көз менен карады. Капырай, жарык дүйнө заматтын ортосунда тарып, кайра кеңеле түшөт экен. Жан ушунчалык таттуубу?

Бул түнү Калыйман Ысактын көзүнө «сыр» болуп көрүндү...

«Сенин аялча акылын, аялча жүрөгүң жок экен. Жоо чабардан бетер асмандаган «Чоң Торуну» минесиң. А тиги бир түндүн жүгүн ноюбай көтөргөн байкуш аялды карачы. Жок, байкуш сенсиң!»

Неси болсо да Ысактын жети өмүрү жерге кирди. Ырас, бирөө «сен мындайсың» деп анын маңдайына сөөмөйүн такабады, бирок, караңгыдагы Калыймандан тигиндей калабасы аны көзгө сайып жибергенден жаман абалга калтырды. Ачык айтпаганы менен, дээринде өзүн, кандайдыр аялдардан жогору санап, аларды «байкуштар» деп, чын жеринде аяп жүрчү. Карачы эми, оор түндө бир эмес миңдеген калыймандар жүктү моюндарына артынып... А ал болсо атка мингенине корстон, аскерге барбаганына кемсинип...

Калыйман Ысактын ичине анча-мынча бүлүк салганы менен иши не, ошондогу бригадирдин мурзө арасында салбырап бастырганы алиге көзүнө көрүнө түшөт да, анын ээрине салынган көрпөчөсүнүн жоктугуна, башындагы тебетейинин даакы болуп калганына ичи ачышат. Атаа, кол жетсе көрпөчө, башына кара көрпөдөн тебетей жасап берсе ээ? Таңдан кечке ат жалында, аялдар бир жагынан каптайт. «Апасынын мурзөсүнө келсе да каскактай болуп аял жанындабыз. Тигинтип эл өлгөндөн өйдө эстеп, сыйлап алек болуп жүрсө, тегирмен салганын кара, кара курсагынын камын жеп». Калыйман ушул жоругуна иренжиди, өзүн эркектен бир канча баскыч төмөн койду. А эркекти сүрдөнткөнүн, эркек ага колун куушурганын билген жок.

Арадан аз күн өтпөй экөө кермур айтышты. Мындай болоорун бири-биринен күтпөгөн. Ысак Калыймандын үйүнө ажылдата чаап келип токтоду да зиркилдеп коё берди.

— Бул эмне? Эмнеге мынчалык ээленесиң? Чактагын! Былкылдай албайсың! Оюндагыны оттогун барбы? Карасаң муну, ншти бүлдүрүп...

Калыйман үнсүз алайды, оозуна сөз кирбей далдайды. Бригадири мынчалык ачуулангандай эмнени бүлдүрдү? Кандай балекет аны басты?

Ысактын мингени бир орунга токтобой сойлоктойт. Оздугун кажанып, бирде тигиндей туураланып, тегеренип, Калыйманга көчүгүн салып: бригадир теминГенде аржакка октоло түшөт. Ушун үчүн «Тактеке» аташчу. Маңдайында теңгедей кашкасы бар, эки асыйга толсо да тайдан аз эле кырдуурак.

Калыйманда кумда кулак жок.

Эшик алдында «Тактекенин» тырс-тырс туягы, оозduктун шылдыраганы, Ысактын чаңкылдаганы.

— Өзүңөрдү өзүңөр билип, өтүгүңөрдү төргө илип... анан боз койдон момун. Жооштон жоон чыгат деген чын!

— Эмне болуптур, Ыса...

— Ики, анткорун. Кой багасыңбы?

Калыйман ордунан селт этип башын көтөрдү. Башка бир күнөө кылгам экен десе:

— Багам!

— Бакпайсың! Күйөөң келгиче сени мен билем. Мен! Кол алдымдагы аялдарды билбесем эмнем бригадир? Сен кой баксаң... Дагы үч-төртөө трактирдин, комбайндын окуусуна кетсе... Эмне, чилдей тарайсыңарбы? Ээнбаштар...

Ысактын бул сөзү Калыймандын кулагына кирбеди, бир кадам алдыга шилтеп сумсайды.

— Барам! — Үнүндө ачуулануу, ызалануу: — Мал да колхоздуку... аялдар колхоздуку... Менчик аялың жок! Укугум бар мал багууга! Унчукпаса басмырлайсыңбы? Аскердин үй-бүлөсүн тебелетесиңби? Өкматка барам! — Буркан-шаркандап каалгасын шарак жаап кирип кетти.

Эми Ысак кумда кулак жок кайра тартты, «Тактекенин» туягынын дабышын укпады. Ал арбак эмес тирүү аялдын — «Мен кантемдин» сөзүн укту.

Тилиңе тибиртке! Басмырлаганы, тебелеткени барды беле? Кеп угат, ымаламан чыкпайт деп жүрбөйбү. «Жаман бригадирсиң — аялдар сенин сөөмөйүң көргөзгөн жакка баспады».

Бирпастан соң Ысак кайра аялдардын ошентпегенине кубанды. Аялдар мал беле айдаган жакка жайылгыдай. Алар адамдар; адамдар болгондон кийин ар биреөнүн өзүнө жаккан акылы бар, ар бирөө өзүнчө жолго басат. Жолу жок, максаты жок адам болууга мүмкүн эмес.

Калыймандын «кой багатын» муңдаштарынан Салый биринчи укту. Угар замат сүйрөлгөн чепкенин жамынып аныкына жөнөдү. Кап, бозонун жоктугу, үйүнө чакырып көңүлүн алып койсо зыяны тиет беле? Колтугуна Канимети жаанда кийүчү, жамачылуу кендир плащ кысылуу.

— Бурадар, таарынба. Жаанда кийип ал, кыйбастыктан сага бердим. Мал багуу кыйын...

Калыйман өгүнү Түнтөйдүн аялына кошулуп, кой багууга убадасын берген. Буга өзүнөн өзү бушайман болучу. Эгер Ысак опурулбай, астараак айтса кайра айнымак. Ысактын мурду менен тийгени жинин кайнатты. Ал арданды. Кой багууга көгөрдү. Анын үстүнө Салыйдын келиши убадасын бекемдеди, кайрат берди, аны чыйралтты. Барыдан мурда жамачылуу кендир плащ ал үчүн алтын жакалуу тон көрүндү. Азыр ага Салыйдан ашкан акылдуу жоктой.

— Ыраазымын сага. Ушунуңу кантип унутайын...

Салый маңдайы жарыла сүйүндү. Жоолугун төбөсүнө бууй ысык чайга боргулданды. Көөмөйүнө сактаган сөзүнүн башын чыгарды:

— Бугуңу эсиңе ала жүр. Күн кайрылыш, кышында көң кайрылыш. Өтөлүцө жетебиз.

Калыймандын кубанычын айтпа. Ал кайтарган мал жер сууну бербей кылкылдап, ал кырккан жүн кыр-кыр тартып жыйылгандай; төбөсү көккө тийип, кичине эле сунса колу айга жеткени турду...

## IX

Күрөндүнүн четине жылкычы кучкач конду, конор замат даңгылга тызылдап чуркады, эки жагына каранды. Негедир аны бул короодон жыңайлак бала безелене кубалабады, баланын үнү да угулбады. Чымчык куйругу бир азга «опаң-чычаң» ойноп учуп кетти. Сыягы башка даңгылды, башка короону, ызы чуу кубалаган балдарды издеп жөнөдүбү?

Күн узарып, күнгөйлөр алатөлөк ачылды. Күн узарган сайын жумушу көбөйдү, жумушу көбөйгөн сайын күн кайра кыскаргансып; бирдемеси бүтпөгөндөй ичинен өзүнө алымсынбайт. Чарчаганын кечинде, төшөккө жатканда гана билип, ага чери жазыла бүткөн бою талыкшып, түндө айлуу өтөккө жылкы жуушаткан, анан те чоң шашкеде желе башына кырданган жылкычыдай ныксырайт.

Ал жумушту өзү издеди, өзү тапты. Баягы илмийген назик колун жеңине катпады, ал кол менен чачты тарап, кийимди гана сылабастыгын билди; ал колун ардыкпай баарына сунду; кечөө келген келинмин, аялмын деп жашынбады, мүңкүрөбөдү. Ансайын анын жүрөгү да, билеги да булчуң байлады; алаканы катып, мурдунун үстү түлөдү.

Баягы жаркылдаган сулуулугуң кана? Жерден аккан суу жерди сугарып, жерге сиңгендей, сенин жүзүңдөгү сулуулук жүрөгүңө сиңсе болду го. Наатка тамбаса экен! «Оролуп жатсам арман жок, олоңдой кара чачыңа» деп жигиттер ырдачу чачың, таңдай кылайган алкымың, жалбарган көзүң... Көздүн баарын ээрчиткен сының кана? Колуң кесилгенге, бетиң туурулганга кайдигерсиңби?

Кош анда, жигиттерди аттан оодара тарткан сулуулук. Түбөлүккө кош! Кош, сулууга сугу түшкөн көздөр!

Жок, токтогулачы...

Ачыла элек сандыктай дүйнө Жакинге сырын ача баштады: «Келин болду, бүттү» деп ичи сыздабады беле анда. Көрсө «кыз» деген аты аны марага сүрөгөн күлүктөй Мамбеттин босогосуна чейин сүрөбөдүбү; ал ойлогондой баары ушу босогодон бүтүп, түгөнүп калардай эмес. Ага энчиленген, ал жашап турган өмүр эми гана жаңыдан көз жаргандай, эми гана жаңыдан кочуштап сузган берметтей... Эгер аңдабаса, өмүрүнүн көзүнө чөп түшүп, жибинен үзүлгөн берметтей жерге чачырамак. А бермет жерге чачыраса түптүгөл бойдон кайра алаканына түшөбү?

Жакиндин башына жоолукту жалгыз кайненеси байлабагандай, аны бир эле үй күтүп чачыла чачпагандай; ал казан-аякка эле ээлик, жалгыз эле Сардарга керек эместей... Эмнеси, жоолукта керемет барбы? Башына жоолук салынганы анда түгөнбөгөн ойлор, ал али бил-

беген жолдор көбөйду. Бул, мумкун, Сардарга куса болуп, анын жогун билгизбейин деп бир үйдүн баш көтөрөр бүлөөсү болуп, бир үй аны тээк кылып, эш кылып, кала берсе колхоздун кирди-чыкты жумушуна аралашып, ага урунуп, буга урунуп жүргөндүгүнөн, эчтемеден көңүлү кабадыр боло элек курч кезеги, ууз кезеги экендигинен болсо керек. Иши кылып өмүрүнүн быяк жагы кызык, узак көрүндү. Кундуз издеп, көзү кундузга түшкөн мергендей улам алды жагынан, эртеңки күнүнөн бирдемелер издеди. Издеген сайын дүйнө ага учукыйырсыз чалкыды, өз кылганы купулуна толбоду. Анын жадына кирбеген бир укмуш ажайып сулуулук тээ алыстан жалт көрүнүп коюп, ал жакындаганда жашынмак ойноп бекингендей, ал аны көзгө сүртө албай артынан сая түшүп, кубалап, жаза кармап өкүттө калып жүргөндөй сезилди. Бул кандай кыял, эмне деген сулуулук болду экен? Мумкун бетке саяр чөбү жок аңкылдаган сайда бытпылдык урган бөдөнөдөй жалгыз, ээн-элкин, кунарсыз өтүп жаткан жаштык күндөрүдүр. Ал, ошол толукшуган айдай курагын, казанга жапкан нандай жүзүнүн наарын, мээрин, качса кубалап, жетип, колуна кармап токтото алат беле? Ал каалагандай аңкып, үлбүрөп, суйкайып, сыланып жашамакчыбы? Жок... Нечен тогуз жолдун тоому бардай. Кыз деген аты, кыз кезинде кийген кийми, ушу тогуз жолдун бир гана тоомуна жеткизгендей. Басаа «кыз экенде баары жакшы, жаман катын кайдан чыгат?» Кыязы, аялдардын жаманы, жакшысы башына жоолук салгандан кийин иргелсе керек, ага чейинкилер жөн эле коюу чаңда жүргөндөр эмейби? А антпесе ал кыз кезинде эмне кылды? Эмнени ойсуратты? Бар болгону он сегиз жылдан бери эле дүйнөнүн нанын туурасынан чайнап чалчактады. Он сегиз жылдан бери...

Эми ал өзүн гана ойлобой, башкалардын оюн кошо ойлоп, алар үчүн да кам көрүп, жашап... Антпесе эмнеси келин, эмнеси ак жоолук? Антпесе чырайын бирөө чылап ичеби? Антпесе эле ак жоолуктун алдынан «жаман катын» чыга түшөт шумүрөйүп.

Ал тартип тарбия көргөн жердин баласы; аттиң, анын урук журугуна наалат айтылбасын, алардын да жүзү жарык болсун. Антпесе эмнеси кыз?

Жок, бул да аз...

Ал сулуу. Опсуз сулуу! Сулуулугу ургаачынын бактысы дегенбиз. Атаа, Сардары үйдө болсо чарчаганда тамашалашып, түнкүсүн ак шейшепти булайта тебишип, тээ чоң шашкеде турушса. Мындан артык эмне бакыт, эмне сулуу?

— Жок, токтогулачы.

Жакиндин келин атка коңгону жакшы болуптур. Бул күндөрдө төркүндүн төрүндө олтурсачы соксоюп? Кантсе да кыз деген аты ага тушамыш болуп, ээн баса албай, эңкейип куурай башын сындырбай, жүк бурчунда жалжылдап, кирпигин көтөрүүдөн да иймениp ичинде бугу кайнап. Жумурай журттун жүрөгү канап, алаканы жооруп турат го чиркин! Анан жалгыз ал жыргап-куунап, бактылуу, алкымынан аш көрүнгөн сулуу кыз, «кыраңдын кызыл түлкүсү» болмокчубу?

Жакиндин башына мындай ойлордун, суроолордун бирөө кирип, бирөө чыгат. Кубанып да, капаланып да, кээде кыялы менен дүйнө кезип чабыттап, телегейи тегиз, туш-туш жагы кыбыла болуп, төбөсү булутка тийип; кээде чү деген эле жерден таманына мык кирип очорулуп, көзүнөн жаш ирмеп олтура калган баладай деми суучу, үшкүрүнчү. ...Адам кендирин кесип, күтүүсүз, бейжоопсуз келген кара жолтой күндөр, уккан акылдар, ойлогон ойлор...

Ал азыр, бир гана нерсеге — келин болгонуна ыраазы. Ак жолтой келин болсо экен! Ооба, келин болуу, башына жоолук салынып, күйөөнүн койнуна жатып берүү эместей. Кантип ак жолтой болот, кантип келин милдетин өтөйт? Анын жүрөгүн ушул суроо аз өйүптүрбү? Жаманаттысы чыкпай, эч кимге сөз тийгизбей, ички-тышкы жумушту күрсүлдөп иштей берсе...

Жакин кечөөкүдөн да бүгүн жалгызсырады. Эмеле, эшикте үй байлап жүргөндө; аркан керип жайган жуурκан төшөгүн кубуп үйгө кийиргенде ал жалгыз эмес болучу. Качан гана бар оокатын жыйнап бүткөндө, караңгы киргенде, жанагы ачыткан камырына колун салганда жалгыз экенин билди, жалгыз отурганы ошондо оюна келди. Кайнене, кайнатасы эки күн эмес, эки жылдан бери аякта жүргөндөй сезилди. Ал экөө кадыр-баркты биле элек жаш келинден кутула тажагандай, быякка кайра кайрылбоочудай. Ал экөө бала төрөп берген келиндеринде жүргөндөй. Жакиндин көзү караңгылап жүрөгү тыз этти...

Түгөнгүрдүкү, караңгыда жолдун арбыбаганы чынбы, анын үстүнө Мамбет бастырбай койду. Алда кайда калып калат деле, тигинден ары узап кеткен Бурмаш кайра ага бурулганда тепең-тепең теминимиш этет.

— Ботом, бастырсаң боло.

Мамбет үндөбөйт, айланада калдайган түн, эчтеке көрүнбөйт, аттардын туягынан башка эчтеке угулбайт. Жол ансайын узарып, санаа ансайын чарк айланат. Бурмаш жадаганда Мамбеттин артына түшүп, атын омуроолото сооруга эки-үч чапты. Мамбеттин этеги үзөңгүгө чейин жайылып, камчы башпактаган жеңи, башындагы тебетейи ат менен кошо желди. Ага кошулуп, жолдун жакабелиндеги караан-буталар, асмандагы жылдыздар, карайган тоолор... баары желип, жылып, ээрчип бараткандай туюлду. Негедир Бурмаштын оюна «жер тегеренип, дүйнө жылып турат» деген сөз түштү. Чын эле жер тегеренип согушуп жаткандар бири-биринен адашып калса... Алардын мылтыктары, кылычтары чоң жаракага түшүп кетсе... Жер үстүндө бир да мылтык калбай калса...

Бурмаш мылтык, кылычтан башка да адамды кыргындоочу атайын куралдардын бар экендигин билбейт. Тигил экөө жоголсо эле дүйнө жүзүндө согуш болбой койчудай, тиги дүйнө менен бул дүйнөнүн адамдары майдай-сүттөй болуп эле жатып калчудай көрүндү. Анан жанагы коргошун... «Ийнктеги коргошун, жупжумшак туруп адамды өлтүргөнүн, өлүгүңдү көрөйүн!» Ал бу балакет баскан мылтык менен кылычты кандай аягы сай таппагыр ойлоп чыгарды экен деп, ага наалат айтып, каргап да жиберет. Эгер ошо мылтыктын огу жаңылбаса Кадыры эртелеп акырет жөнөмөк беле да, абышкасы экөө моминтип жилигин чагып караңгыда жол жүрүп, Жакин тыякта тигинтип жалгыз калмакчыбы? Көкүрөк күчүгүнүн колуктусу...

— Бастырсаң боло!

— Чунак кемпир, эмне шашып...

Мамбеттин койнунда Зарлык, боорун ысытып уктап баратат. Анын тыноосун жыттап, ага мээлип; уйкусун бузуп албайын деп желдирбегени да ошол себептен.

Кадырын угузгандан аз күндөн кийин келини Зыйнат ээгин бүтөй электе төркүнүнө бастыра берген. Ким

билсин келиндин сырын! Көзүнөн гана тургай, сакалынын ар бир талынан жаш куюлган. Жайкалган сакалы ыйлаган! «Уулум, аялың ыйлаганга татыктуу эмес белең?»

Мамбет Кадырды Зыйнат өлтүргөндөй муздады. Тирүүнүкү бир башка, өлгөндү өрт өчкөндөй кылбай, ага өзөлөнбөйбү да күйбөйбү. Тиригин сыйлабаса өлүгүн сыйлабайбы. Зыйнат деген келини болгонун таптакыр унутмак, ал атты Кадыры менен кошо көммөк.

Ал атты Бурмаш экөө артынан кубалай барышты. Буларды бири-биринен ажыраштырбай бекем чырмап салган Кадырдын эки туягы—эки уулу бар болучу. Бул эки данекер болбосо, тигилер, балким бир казандын ашын ичишкени эстеринен чыкмак беле?..

Неберелерин алкымдарынан жыттап экөөнүн чери жазылды. Кадырдын жыты! Экөөнө мындан артык дүнүйөнүн, мындан артык сыйдын кереги жок. Мамбеттин сакалынын ар бир талы күлүп турду. Ал Зыйнаттын жүдөбөгөнүнө, кабагым-кашым дебей балдарын бакканына кубанып, баягы жүрөгүндөгү музу эриди. Бир эсептен келининики жөндүү, ыйлап тирилтет беле? Эгер келини эртели кеч кошок кошуп, айлап-жылдап жесирлик күйүттө олтурбаса, ага да согуш күнөлүү... Антип олтуручу убак беле? Жесирликти, күйүттү алаканына кошо мыкчый жүр. Ошентип өчүндү алчу убак!

Монтойгон өңдүү неберелерин жетелеп, Бурмаштын да көңүлү кушубак. Мына эки Кадыры жетелешип өсүп, эки Кадыры жердин үстүн түрсүлдөтүп басып жүрүшөт. Эртең эле экөө бир колхоз эл болушат. Кадыр өлбөдү...

— Балам, Зарлыкты... бизге бер. Мурдубузга жыт кылалы...

Зыйнаттын таноосу кыпчылды. Бүжүрөгөн экөөнү теше тиктеп, чач учтугун аркасына шарак ыргытып чыга жөнөдү. Ал кыялын чач учтугунан билгизди, сөзүн чач учтугу менен айтты. Мамбетке жер айланкөчөк атты, көкүрөгүн мупмуздак бирдеме кайра каптады.

Бурмаш эрдин тиштеп, оозунан көк буу чыгара улутунду. Анын көзүнө оозунан кан жалап тикирендеген Зыйнат көрүндү. Артында чоң алаканын жазгап Кадыр баркылдайт:

— Апама тил тийгизип... Оо-атандын!..

Бурмаш анда уулуна эмне арызданды экен? Анын келинине кылган жамандыгы ошол. Ошол гана уктаса түшүндө, ойгонсо көз алдында. Ошондо Зыйнаты «какчандаба» демектен каңк эттире башка салса да көтөрүп койсо эмне? Эми минтип баарына зар какшатып, аттиң дүйнө?!

— Жүрү абышка, кетебиз...

А Мамбет шашылбады. Эки небересинин үнүн угуп, караанын көрүп туруу үчүн кудаларына «кул» болсо да кайыл. Бурмаштын санаасы санга бөлүнүп ансайын тынчыбады.

— Жүрү, абышка, Жакиним...

Кичүү келининин аты жүрөгүн болк эттирди:

— Макулчу анда.

Алар күндүн кечтегенине карабай аттанып жөнөй бererде Зыйнат ийиди. Так Кадырдын өзүнө түспөлдөш балбыраган кенжеси Зарлыкты атасына өңөрттү. Бурмаш келининин муңайым жүзүнө карап, ак көңүлдүүлүгүнө ичи жылып, кирпигин ирмегенде кареги жашка чайылды.

— Кар болбо, айланайын...

Эки карынын жүрөгү эмеле туз куйгандай ачышкан. Эмеле көңүлдөрү жайкалып, ат үстүнө батпай келинин алкашып; Кадырдын чайын ичип, анын босогосунан аттангандай. Аттарын Кадырдын өзү токуп атказгандай, «абышка, кемпир» деп Кадыр эркелеткендей... Ооба, Кадырдын жогу билинбеди. Эгер эки кары ушерден томсоруп аттанышса эмне болот эле? Балаң кургур ай!

Ичиктин жакасынан колун сербендетип Зарлыгы узап баратты. Анын карааны алыстаган сайын Зыйнаттын өзөгү өрттөнүп, жүрөгү сыздады. Эми ал балдардын атасы да, энеси да. А андай болсо жыланды жаагынан айыргансып эки уулун — эгиз козудай ээрчишкен эки чырагын бири-биринен эмнеге айырат? Зарлыгы эне көкүрөгүн сыйпалабай, эне жытын жыттабай кантет? Чүнчүйт го, ыйлайт го?

Бүткөн бою ичиркенди. Оо, анын бактысы! Кадыр менен кошо кыркылып, жердин алдына көмүлүп калган жоксуңбу? Эч ким уурдай албаган, эч ким ката албаган, түгөнбөгөн эненин бактысы, дүр-дүйнөсү...

Бурмаш мындан узаган сайын жалгызсырады; Жакинди санап ого төтөн капшыты эңшерилди. Өзүнчө түтүн булатып, өзүнчө уук сайып, үй тиге элек келинин эмнеге жалгыз калтырды, кимге ишенди. Адам жутуп нйгидей жаш келин жалгыз бир үйдө... Бирөөнүн сөзү жаман, бирөөнүн көзү жаман. Бир эсе каңгып басып жүргөн кимдир бирөөлөр аны азгыргандай, татынакай жүзүнө билгизбей көө сүйкөгөндөй. Бир эсе Бермет кудагыйы аны сызга олтургузуп ээрчитип кетип калгандай. Бурмаш туталанды. Сардары келгенче зымырык куштун боосу Бурмаштын колунда, уулунун туурунa аман эсен кондурса экен Жакинин!

Жол катары, тамамат күнү тынчын алган бул суроого, түйшөлткөн ойлорго Мамбеттин гана тиешеси жоктой. Олдо эркектер ай! Бурмаштын шашканы, атты соорулаганы да ошол себептен. Болбосо аларды бирөө кубаладыбы, оордодубу.

— Ботом, бастырсаң боло.

— Чунак кемпир, мыначы...

Бурмаш терезесинен жарыкты көргөндө гана «өг» деди. Ошондо гана аттын оозун жыя тартып, келинине капкаяктагы жаман санааны ыроологонуна, өзүнө жипкериди.

Ал эшикти акырын ачып башпактады, мурдуна күйүк жыт урду. Жакин тамга сүйөнө мемиреп уктаган, жүзү ого бетер ымандуу, ого бетер сулуу. Бурмаш кандай кирсе ошондой билгизбей, келинин ойготпой, оттогу күйүп бараткан көмөчказанды алып, аркы чарадагы камырдан кайра көмөчказанга салып, үстүн жаап чок үйдү. Ушунун баары бүткүчө негедир Жакин ойгонбоду... Ушунун баарын бүткөндөн кийин гана Бурмаш каалганы кайра жаап, койнундагы Зарлык менен кошо үргүлөгөн Мамбетке барды. Ал эми гана ат үстүнөн түшкөнсүп, тамагын жасап доош салды. Жакин да алардын доошун эмеле туюп ыргып турду, эмеле кайненеси киргенин билген жок. Кайненеси да «нанды күйгүзүпсүң... мен минтпедимби» деп айткан жок, эбедени эзилип маңдайынан өптү:

— Эсиң чыктыбы айланайын...

Эки карынын көңүлү куунак. Уулдары тосуп алгандай төрдө ысык чай уурташып бейкапар. Үйлөрү кеңелип, жаркырап, көздөрүнө жакшы көрүнүп, жайлоодо, жаңы журтка конгондой сергишти, тазарышты.

Сыягы, бул, Жакиндин үй ичин актап, терезелерге чүчтөдөй пардаларды тартып, буюмдардын баарын кечке күнгө жайып күбүп-кагып, кайра үйгө киргизип; жаштын көзүнө, жарашыгына ылайыктап, жаңы келин кирчүдөй жүктү керилте жыйып, экөөнү зарыга күтүп олтурганынан болсо керек.

Сыягы, бул, кечээки эле тунжураган үй ичин, бүгүн минтип, кетилдеген күлкүгө толтуруп, дасторконду тебелей олтуруп, кужурап сүйлөп, бирде тентектенип «бөөлөп» ата-энесин коркуткан Зарлыктын караа-жороосунан болсо керек.

Мамбеттин үй ичи коюлуп, эшигинин алды ызычууга бапырап жатып калды...

## X

Бытыкүлдүн мөрөйү устун. Эриш аркак бололу деп эрине акылдашпайт, эки тизгин бир чылбыр колунда. Кааласа Отунчуну ийиктей, чимирип, чүкөдөй өкчөп чөнтөгүнө салат. Жалгыз ойлон, жалгыз киши баскан мындай жол опурталдуу экендигин ал да билген жок: «меники гана туура» деп ойлоду. Ал бардыгын бир гана өзүнүн көзү менен карап, бир гана кишинин—өзүнүн ою менен ойлоду. Айланасында аны туурабаган толгон көздөр, ойлор бар экенин капарына албады. Ал, жайлоонун түзүндө, бетегесинде, суурдун ийини бар экенин билбей ызылдата чаап бараткан атчанга окшоду.

Эркек төрөбөгүнө, уулдуу болбогонуна ичинен кымылдады. Мунусун эч кимге, жада калса абышкасына айтпады. Ал эркектин алаңгазарлыгын жакшы көрүүчү, болор болбосту бежиреп айтып жаман үйрөтпөй, эркекти «мурдунан жетелеп жүрүү керек» деп ойлочу. Чынында эле ал башында жоош Отунчуну бир чети жайкап, алдап, оболуна көнүп; кези келгенде кактабай канын соруп, каарып «мурдунан жетелеп» алды. Бытыкүл чамгарактаганда Отунчу кыңк этпей, жалдырама тийгендей салбырап олтуруп берүүчү. Бирөөнүкүнө конокко барганда ашык сүйлөдүмбү дегендей Бытыкүлдүн оозун карап, эл арасында—жыйналышта, жылдызы түшүп жер чукуп былк этчү эмес.

— Эмне деген эркексиң?

— Өгүзсүңбү?

— Кантип олтурасың?

— Адамды жүдөтүп...— Теңтуш аялдар ушинткенде да Отунчу кыртышы сүйбөй, кайра алардын ушул тамашасынан коркуп, жүдөп, Бытыкүл маңдайында акшыйып тиктеп турган сыңары жерге кирип кете жаздачу.

— Сага корогон кайран тебетей!

— Бытыкүл молдого башыңды байлатып салса керек!

Отунчу буга да ынанат, чын эле аялынын «молдого башын байлатып салуусу» ажап. Антпесе андан эмнеге жазганат, эмнеге коркот. Ал Бытыкүлдүн катасын көрө да, биле да албайт билсе үндөбөйт, үндөөгө акысы да жок. Ошентип, ал эркектин акыл насаатынан, эркекке тиешелүү үй-бүлөгө баш-көз болуу шыбагасынан бөксөрдү. Ошентип анын көп жылдар жашаган өмүрү дүйнөдөн куру алакан, таш жолго түшкөн арабадай доңкулдап кетип бараткан...

Бытыкүл кийинки күндөрдө ого төтөн эсирди. Мына, эркек аттуунун баары, бир үйдө канча болсо ошончосу жанын бычактын мизине коюп, кырчылдаган согушта кан кечип жүрүшөт. Эркек төрөсө азабын тартып, кан какшап ыйламак. Анын кыздары маңдайында — башы бүтүн, боору эсен.

Кыз деген кызыл алтын! Капкаяктагы бир согуш үчүн, өлүм үчүн эркек төрөгөндөн көрө, кудай көгөөн толгон кыз берсин.

Жакында эле бир кызын күйөөгө атказды. Кызын жоктоп ичи оңкулдуктады, бирок короого киргенде «кол жеткис» тору бээни көрүп кубанычы сыйбады. Кызынын ордуна келген, кызындай тору бээ! Кыз деген ушинтип бээ, мал-мүлк болот!

— Көрдүңбү, кызыңды! — дейт ал, Отунчунун кырына чыгып,— кызым сонун бээ болду!

Мына ушул «Бээ болгон» кызынан суудай сузуп ала баштады. Барган жери бардар, оокаттуу, демек анын кызы да бактылуу! Күйөөсү көзгө аткан мергенчи экен. Кызы кайберендин этин ууртунан май агыза чайнады да калды. Мына жыргал!

Айша киргенде Бытыкүл атайлап эле көргөзмөккө чарага салып, көпкөк сүрсүгөн карчыганы көтөрүп кирди.

— Күйөө бала берип жибериптир. Кийиктики экен...

Айша анын көңүлүн улап койду:

— Ырас болгон тура.

— Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы.— Бытыкүл кашын кагып, адатынча башын кейкендетти.— Кызды атказдык, башыбызды кутказдык.

— Ботом, кызыңарды эч кимге билгизбей узаткан экенсиңер.

Бытыкүлдүн акылы боюнча кызды күйөөгө беришерин эч кимге угузушпаган, кыздын өзү да күйөөгө баратканын аттанган түнү гана билди, күйөөсү кандай неме экенин да көрбөгөн, көргөнду кой, мурда атын да укпаган.

А кыздын өзү да сыртынан караганга күйөөгө баратканын кабыргасын бит жегенче көрбөй мисирейди. Ылдый карап маңдайын да жашырбады; дасторконду баса олтуруп сары майдан чайына салып, маймаңдап боорсок чайнайт. Буга Бытыкүлдүн чыйпыйы чыкты: «Жутуккан өлүгүңдү көрөйүн, кантет?».

Ал атка да өзү ыргып минди, эчким менен коштошподу, сүйлөбөдү. Кыз каадасын кылып кыңшылап ыйлабады. Бир чети кызынын бул жоругуна ачууланып; бир чети кыз алганы келгендерден уялып, бир чети чындап эле ичи ачышып; буларды кантип айтып, кантип түшүндүрөрүн билбей, ансыз да бук болгон Бытыкүл кызын кучактап эчкирип ыйлап ийди. Кызын күйөөгө атказганына ыйлады. Кызы кандай жашайт, ал күйөөсүн сүйөбү, сүйбөйбү... бул оюна келген жок.

— Кызым... мээнетиңи...

Кызы кебелбеди, өңү сустайып, эрини мупмуздак. Кандай мерес эле! Апасынын бүткөн бою дүркүрөп таштай муздады. Кызынын санынан оюп-оюп алды. Кызы ага кашын да жыйырбады.

Мүмкүн, кызы күлүп күлкүсүн, ыйлап жашын түгөткөндүр. Мүмкүн, Бытыкүлдүн энелик мээримине алда качан кош айтышкандыр, жалбыздай аңкып турчу өмүрүнөн да түңүлгөндүр. Эмнеси болсо да, ал кыз баарын ичине катып, унчукпаган бойдон кетти...

«Өлүгүңдү көрөйүнгө, же эр табылбай араң жүргөнбү?» Бытыкүл Айшанын сураганынан улам азыр да ушинтип ойлоду. Деги кызын атказарда айыл апага маалимдебегени оңдой берди гана болуптур.

— Ээ Айшаке, кыз берүүнүн шааниси бар эмеспи. Эр бүлөөлөр согушта...

— Ботом, согуш деп салт-санааны унутабызбы?— Айша борсулдап күлдү,— андан көрө күйөө баладын мурду бучук, көзү сокур го...

— Ургаачыга эр тандоочу убакпы? — Бытыкүлдүн оозу-мурду кыйшайбады, үшкүрдү.

Чын эле жигиттер кыз тандаган, кыздар жигит тандаган убак беле? Бирок, жалаң эле эркек үчүн жашап, күйөөдөн көзү каткан ургаачы чекеден чертип эмеле бирөөнө тиймек. А эрге тиет деген ушу деп, жарыкта учкан жарганаттай көрүнгөнгө урунуу эмне тамтык?!

Айшанын жүрөгү зырп этти. Бойго жетип толукшуп, оорду жонунан, жеңилди колунан алган анын Сагыйдасы... Кырк жылы кыямат болсун, Сагыйдасынын тагдырына кол шилтеп, анын саамайына аккан жашын көз жаздымында калтыра алат беле? Сагыйдасын бирөөгө атказып, калың жеп, тигинтип «уурту-нан май агызсачы?» Төрөдү, чоңойтту... Эненин милдети ушу да. Дагы эмне?

Алмаз согуштан аман-эсен кайтып, Сагыйда ага өпкөлөп ыйласачы, арыздансачы? Эмне демек, эмне жооп айтмак? «Калыңга берип жан бактык, согуш...» демекчиби?

— Калың жебей, таш же! Жолуң болсун...—Жакып ушинтип мектебин карай басмак. Айшанын өлбөгөн гана төрт шыйрагы калбайт беле.

Согуш толукшуган кыздардын өмүрүнө да келген, кыздар жамынчу аппак шейшеп да аккан канга аралжы болуп согушта жүргөн. Эртедир-кечтир согуш бүтөт, ошондо кыздардын, аялдардын өмүрүнө сурак жүрөт. Жеңиштин сурагы жүрөт... Ким кантип тосуп, кандай жооп берет?

«Пейлиме согуш келбесе экен». Заматтын ортосунда Айшанын санаасы санга бөлүндү. Бытыкүлдүн чыныбы, ойнубу айткандары, бирөө кызын «келе» десе «мё» деп кармата салып, кутула тажагандай сыягы. Көп жашаган, көптү көргөн, көп төрөгөн кошунасы...

— Капырай, заманaны куурдуң, деги кетейинчи.

— Заманаң куурулбай анан. Сенин да локуйган кызың бар.— Бытыкүл дагы бирдемелерди бежиреп, Айшанын колуна кумгандай эки түйдөктү, жанагы

карчыгадан кесилген эки кабырганы карматты. Айша босогону аттап баратканда гана колундагыларды көрдү.

— Буларың эмне?

— Отунчуга пыязы чепкен согоюн деп,— Бытыкүл калп күлдү,— тигил кол акың, семиз... Дагынкысы дагы...

Айшанын көзү караңгылап, босогону араң аттады. Кабыргалар шыпыргыга аралашып, түйдөк тигинден ары тоголонду.

Баарысынан ушунусу өтпөдүбү. Жакыптын казаны туурдан ыргыптырбы?

Бул үйдө эки эне кездешти. «Башы бүтүн, боору эсен» эне... жана Айша...

Эки кабырга ээрчиген кумгандай түйдөк ошол эле күнү Салыйдыкына жетти. Салый кайра ага жетине албай, Бытыкүл ага бекер бергенсип, үйүнө кирепе киргенсип сүйүндү. Чекесинен чыпылдаган тер.

— Макул бурадар, ийрип берейин...

— Макул байбиче...

Бытыкүл «байбиче» деген сөздү бир канча мааниге бөлөт; антсең кулакка угумдуу да, жугумдуу да. «Кемпир» дегенди укканда өгөйлөп, көзү шоролонгон, бели түпкүчтөй ийилген, кара-жоросу жок анык «кемпирди» элестетчү. Неси болсо да экөө тең ургаачыларга—карыган аялдарга тиешелүү. Мени ушул мааниде айттыбы деп, ал Салыйды оолуга карап соолукту. Ушинтип койсо эле ээги түшүп кала тургансып, чычалап, тырчып жиберчү. Ал карылыктан жаа бою каччу. Өзү да элүүлөрдөн аттап калса да өңү жашамык, көкүрөгү да өргө чаап. Ошондуктан ал өз катарына көп кошулбай, аларга тыңдуусунуп, кээде чоолжуп, кээде чыркылдап, тиги жаш келин Шаршебүбүдөй шыпты кашкалар менен шынаарлашып, сырлашып, ушак айтышып, бүгүн акистенип уруша кетишип, эртеси кайра табышып бирге айылчылашчу. Анткенде ал ого төтөн делбиленип, көөмөйүндө жашарып, айтарга сөз таппай, ушактаарга кыйкым таппай ээликчү, ошондо короосунан анын үнү гана чаңкылдап угулчу, Отунчуну да жөн-жайына койбой такмазалап сурачу:

— Отунчу ай... бери кара. Мен карыдымбы?

«Карып баратасың» десе тигинин жүнү тескери айлана түшөрүн билген Отунчу анын көңүлүн улап койчу,

— Жаш элесиң го...

— Оозуң бош айтасың да. Жөн айт! — дейт Бытыкүл каарып.

— Жашсың... жашсың. — Отунчу башын ийкендетип бөгүлөт. Анда Бытыкүл кичине жумшара түшүп суроосун кайталайт:

— Жаш болгондо... Канча жашта көрүнөм?

— Ушу... Кандай десем, отузга не жеткен, не жетпеген жаштайсың.

— А өңүмчү? Бырышы кандай?

— Өңүң да жапжаш... Бырыш жок!

— Чын айт Отунчу... Көңүлүмдү улаба, — дейт Бытыкүл кылайып күлбөй.

— Кудай урсун... Чын!..

Ушундан кийин гана Бытыкүлдүн көксөсү суугуп, «жаш экенине» кудуңдап сүйүнчү. Ал, кандай алакеттенсе да, өзү айткандай «темир сандыктын ичине бекинсе» да акыры карылык мойнуна минээрин билет. Анда момундай байбиче болот: өңү кыпкызыл, башында заңкайган элечек, чекесине кундуз карматкан белдемчи тартынып, кымкап чепкенди желбегей жамынат; бутунда намиркен маасы, чачында күмүш шолпу... Келиндер ийменип алдынан кыя өтпөй, тетигинде каскатар бастырып бараткандар да «Бытыкүл байбиченин» бир үйдүн гана эмес, бир айылдын куту экендигин кеп кылышып, аңыздап, аны эл ызааттаса... мартабасы ташып турса...

Кээде жапжаш аялды деле «байбиче» деп коюшат. Анын алдында өзүнөн алда канча улуулар да чимирик атып; күн сайын жаңыны кийип үлпүлдөп, жашарып, күн сайын үлпөт үстүндө; басса да аялдардын арасынан аркардай болуп бөлүнүп... Күйөөсүнүн аркасы менен кийбегенди кийип, ичпегенди ичип.

Ал эми атка минген «кожоюн байбичелер» да бар: эркектер бастырып кетпей жарданып аны күтүшүп, ал бастырып чыкканда оюн-чындан «байбиче» дешип; ага журт атасындай акыл салып; ал тигинтип бастырып жүргөндө күйөөсү анын ордунда бала багып, тегирмен салып...

Салыйдын «байбиче» дегенине, ага сабылып, андан жазгангандай түрүнө Бытыкүл ыкчырыла кыр көрсөтүп, заматтын ортосунда дөөлөттүү, мансаптуу байбиче боло түшкөнсүдү чын эле. А чындыгында эле тигил

Салыйдын жанында буулумду кийип, башы булутка тийип, жашарып, жапжаш байбиче...

Ал тыякка узап кетип кайра бурулду, бул «бешимдеги көлөкөдөй байкуштун» ичке ийрерине көп ишенбей же түйдөктөн үзүп алып койбосун дегендей такыды:

— Өзүнүн түрмөгүндөй жип болот. Кокус, шейшеп көктөйм деп кытып алба?

— Койчу ары, кантип... Көктөгөндөй шейшебим жок.

Ал күнкү Бугунун кубанчын айтпа. Демейде кечкурун ойноп кетчү; имерчиктеп үйдөн чыкпай, үйдөн чыкса эле тигил эки майлуу кабырганы ага койбой бирөөлөр жеп койчудай, ошол эки кабырганы жесе эле андан кийин таптакыр курсагы ачпоочудай. Апасы уулу үчүн — Бугусу үчүн, ошо Бугусунун оборун бир тойгузуу үчүн... бир эле май кылгырта тойгузуу үчүн баарына кайыл. Канча түнү көзүн жыртып тигил түйдөктү ийрер экен?

Бугунун аны менен иши жок, бууланган казанды улам-улам карап чычкыланат:

— Качан бышат эми?

— Бышат Бугутай...

— Жейбизби?

— Жебей анан...

Сүрсүгөн кабыргага удаалаш Бугуга «той» түштү. Алардын үю ордунан козголбоду; Салый табакка салып улпак, чакалап суу койду, үю кыл кыркпады. Жедеп мал болбосуна көзү жеткенден кийин гана сойдурушту.

— Уюнарды бөйрөккө чаап тыр!

Салыйдын төбө чачы тик турду. Тиги Үсөйүн көргөзгөн уйдун капталы кан экени, бөйрөк экени билинбей килкилдеп уюган капкара кан, жатынында балканактай музоо.

— Колуң сы-ын... Кимиси чапты?!— Алаканын шак чаап безеленди.

— Сагындын атасы чапты го...

— Бас оозуңду!— Салый Бугунун оозун баса калды,— айтпай жүр, карангүн уйду чапкан...— Ал Үсөйүндөн жалтайлап уулун кагымыш этти.— Бирөөнүн күнөөсүн көтөрүп, айтпай жүр антип.

Уй менен кошо өлөт беле, же уй кайра тирилет беле, же уйдун эти үнөм болмокчубу? Салый эттин баарын буздурду, чоң казанга үймөлөп салдырып, айыл апаны чакырып колунан даам берип, алардын батасын алмай болду. Бугусу аман жүрсө, Каниметп келсе мал табылаар. Ата менен баланын башын кошсо экен Салый. Дүнүйөсү жерге кирсин! Кадыр-көңүл табылабы?

Кайдан-жайдан укканы белгисиз, атын текиреңдетип Ысак келди; алда кайдан бакылдап коё берди:

— Байлап кой дебедим беле! Чөп-саманды таап берет элем го...

Салый өз уюн эмес, тиги бригадирдин уюн кара санап өлтүрүп күнөө кылгандан бетер, башын өйдө көтөрө албай мукактанды:

— Уялдым, күн сайын эле колхоздон чөп сурап. Чөпчүлөр жаман көрөбү, колхоздун өзүнө жетпей жатса.

— Сен да колхозсуң! Сени менен колхозбуз! Сенин уюң жеген чөп колхозду эңшерип кетпейт эле го. О былжыраган кокуй...

Ысак тонун чечип жүккө жыйды, жеңин түрө шымаланды. Өз үйүндөй бийлеп, өз уюн сойдургансып марчаңдады. Бычакты колуна алып, үймөлөнгөн этти дагы бир канча бөлүккө бөлө баштады:

— Күзгү эгинге эт алчылар, кана, алгыла тандаганыңарды!— Ал тегерегиндеги тургандарга кайрылды, алда кимгедир ызырынды.— Бир атаңдын оозуна урайын өлтүрүптүр... Көпчүлүк эмеспизби, уюн эгин кылып берели жок дегенде. Оокат кылышсын.

Салый Ысакка каяша кылбады; эркек бийлеп, эркектин бакылдаган үнү чыкканына кайра анын үйүнүн ичи батырап, үйүндө Каниметп олтургандай; согумуна саржүрмөсү жеңдей семиз уй союп, кызыл сыраган айыл-апага бекер таркаткансып ак көрпө жайыл. «Мейли, үй-бүлөсү менен ээн жайкын шорек кылып ичишсин. Күзүндө алаармын же албасмын». Ага күзгү эгинге эт алгандарды тизмелеп жаткан Ысактын кагазы гана жаккан жок. Ал «кышында эт жедиң эле» деп күзүндө кантип доолайт. Күз келгиче качан?

— Мойнуңарга карыз. Күзүндө кутуласыңар... кимиңер...

— Фу! Ушуга карыз болуп,— Ысактын сөзүн Бытыкүл жулуп кетти.— Ушу этти ким жейт? Ооздон түшө калманы...— Бытыкүл чүйрүндөп тескери басты.

— Биз эт тандабайбыз, жеңе. Жетим-жесирди кантип оокат кылдырабыз? Кеп ошондо.

— Бирөөнүн оокаты менен ишиң эмне? Бригадирлигиңди кыла бербейсиңби жөндөп. Күзгү эгин оңой бекен?

— Оңой!— Ысак ордунан тура калды,— оңой! Биз, баарыбыз бириксек...

— Яа?— Бытыкүлдүн оозу кулагына жете түшүп, анан эринин бүрүштүрө чоюштады.— Биригесиңерби?.. Ит жей турган этке...

— Оозуңду карап сүйлө арам таз! Кызыбызды сенчылап эт-майга сата элекпиз... Жалгыз сен адам, биз итпизби? Ит көрүнөбүзбү көзүңө? Атаа, чачын чала жулуп калыпмын!— Ичеги карын артып олтурган Шаршебүбү Бытыкүлдү тогуз кат менен башка бир салды.

Эчким арачалабай кайра табаалары кана кыйрап күлүштү. Баарыдан да Үсөйүн аялынын тилине, ачуусуна кычуусу кана, артын карабай быдылдап бараткан Бытыкүлдү көргөзө сөөмөйүн бүкүрөйтүп, ошо сөөмөйүн көтөрүүгө шайманы жетпей, ансыз да кылыр көзү ого бетер кыйгачтап ыкшыган.

Салый уюн союп, этин таркатып жататты укканда Ташмат ыкылдатып Зууракандыжумшады:

— Баргын, жакшы этинен көп ал!

— Кантип барам? Баягы уруштан бери жүзүн карай элекмин.

— Кайсы урушту айтат? Аа... Аялдардын урушу кеппи? Унутуп кой аны. Бар, бара бер! Жөнө! Көбүрөөк ал!

— Күзүндө эгинин кантебиз?

Ташмат жерди бир тээп түкүрүп жиберди:

— Катын десе арыңа келесиң. А күзгө чейин ким бар, ким жок?!

Ал Салыйдын үйү жакка көз кыйыгын салат, башы жерге ийиле бир кап эт көтөргөн Зууракандыкүтөт. Ал кечиккен сайын чыйпылыктап, күрөндүгө чыга калып, желбегей ичигин улам-улам кымтылынат.

— Уйдай кан кузуп өлгүр! Кудай бөйрөгүнө кол салгыр! Байкуштун уюн ким гана бөйрөккө чапты экен? Атаа бөйрөгүң бөлт этип ыргып кеткир! —

Атайылап эле Ташмат уксун дегенсип, бир чети Бугудан уккан ондондон улам шекшип, чынында тигинин ичигине тумшугун катып турганына жини кайнап Шаршебүбү шаңшып коё берди.

Ташмат эт көтөргөн Үсөйүн, аялы экөөнү жалт карап, алардын ким экенин ажыратпай, тигил айтылган сөз кулагын көсөп чок баскан иттей секирди. Абага ойногон чочмор, анан «өө» деп очорула онтоп, көптө араң баскан уй көзүнө көрүнүп... кимдир бирөө сайып жибергендей сайгылашкан бөйрөгүн мыкчып, аялдын тилине уугуп, уукканынан чыдай албай сөгүнүп үйүнө кире качты.

Бул убакта «улуу башын кичүү кылып» өзү келген Зуураканга берерге ашын, айтарга сөзүн таппай Салый убара. Ал качанкы бир урушканын кек кылмак түгүл, кайра андан кечирим сурап жалпактайт.

— Береги балага болушуп... тилим тийди. Көңүлүңө алба, бурадар.

Салый ушул мамилеси менен бир чети Бугусун коргоду, ага тил тийгизип уруп койбосун деди. Бир чети өзүнүн да алды кийин ойлоду, кокус Ташмат эртең актив болуп калбасын?

Анын үстүнө адам бул дүйнөгө бир эле жашайт. Ушу бир жашаган дүйнөдө бирөөнүн тебетейин бирөөнө кийгизип алдап, калп айтып, көңүл калтырып урушуудан жаа бою кашчу. Эркектер тыякта чоң урушта жүрсө, аялдар бу жерде кичине уруш, чыгарып, бирибиринин үйүнө киришпей чүйрүндөшүп жүргөнү деги абзелби? Баарын тегиз ойлоп, колунда эмнеси болсо балтандап чачып жибергенче шашчу. Ал бүгүн минтсем эртең кантем деп битиребей, адамдын ырыскысынын түгөнбөсүнө ишенчү.

Салыйдын көптөн берки жүрөкзаадасы кичине басылды. Зууракан менен элдешип, ага этинин чүйгүнүн берип жөнөттү: «Жалган дүйнөдө ынтымакта жашоого не жетсин! Атаа, этин өзүм көтөрүп жеткизип бербей» деп айгапта да болду.

Казанда боркулдап кайнаган эт. Салый жоолугун чыкчырылта буунуп, кетик сузгусун тындырбай сорпо сапырат. Мештин түбүндө Бугу чыңкылдап «Манас» окуп олтурат.

— Калем кагазыңды алчы.

— Эмне кыласың?

— Атаңа кат жазалы?

Апасынын айтуусу менен Бугу мына мындай кат жаза баштады:

«Кудай кошкон акыреттик теңим Каниметке!

Мындагы Салыйдан деп билесиң. Орловскийдин атырдай жыттуу, салкын абасында дени кардың сак, кадимкиндей жүрөсүңбү? Адамдын башына келүүчү табигаттын түрдүү кырсыгынан тышкары аскердик милдетиңди аткарып жатасыңбы? Сенин кийинки жазган катыңды алып окуп, жакында согушка кирериңди уктук. Чымындай жаныңды жараткандан тилеп турабыз. Согушка киргениңде коркпо, жүрөгүңдү токтот, абайла. Жыланач баатырлык кылба, душманга табаа, доско күлкү болбо!

Жаныңа кубат берип, аман-эсен жүз көрүшөрүңө ишенем. Түшүмө аян берди, үйдөн даам ооз тийдиң. Жакалашкан душмандын туусун жыгып, жаркылдап үйгө кайтаарсың.

Бизден болсо кымындай кам санаба, курсагыбыз ток, киймибиз бүтүн, эл ичиндебиз. Эл катары оокат кылып, Бугуңду эчтемеден кем кылбайм. Колхоз абдан жакшы, элге эгин берип турат. Жакында соко чыккыдай...

Кош, ырыс кешигим... ата-бабаларыңдын арбагы жылоолоп айлыңдын тузун тат. Тели-теңтуштарыңа Бугу экөөбүздүн саламыбызды айт!».

Бугу бышылдап катты жазып бүттү; ыйлаарда бышылдачу, бирок ыйлабады, көзүн ирмегилеп апасын карады:

— Уйдун өлгөнүн айтпайсыңбы?

— Кой андайларды жазбай жүр, жаман кабарларды... өлгөндөрдү...

— Жазса эмне болот?

— Жаман болот... Санааркайт...

Бугу мурдун тартып, чекесин тырыштырды. Көпкө ойлонуп туруп каттын аягына бул сөздү кошту.

«Ата, баягында сени тамашалап кат жазгам. Үсөйүн арабаны жакшы айдайт, аттарың жоор эмес. Бизге, балдарга араба керек болсо айдатып ойнойбуз... Аскерге кеткендердин баарынан кат келип турат. Биздин уй өлгөн жок. Эгер бирөө өлдү десе такыр ишенбе. Макулбу ата?...

Бугудан».

Эт бышканда устаканадан Таты келди. Үчөө үч айылдай бакылдашып, кырма табакты тегеректей олтурушту.

## XI

Кашкар устанын көңүлү жай. Устакананын алдындагы сүйрү тамда чыгырыктары менен соколор кыркалекей тизилген. Үч-төрт сыйра жеткидей тиштери, жантемирлери даяр. Бир дагы чынжыры, же буроосу, же ачкычы кемчил эмес. Кашкардын колунан, Кашкардын «заводунан» кайрадан жаңырып жазды күтүп турган соколор, малалар.

«Жазгы кош айдоонун даярдыгын» текшерип жүргөн уполномочен да аябай мактады.

— Абдан жакшы! Жакшы ремонт!—Ал кабак башы бүркөө, усталыгына шек туугузуп дулдуйган Кашкарды карап, уста болгон күндө да жалаң барскан, дөшү менен ушунча шайманды бүткөзгөн жапан устага айраң-таң калып; же бул заводдо бир станокто иштегенби деп ойлоп; тигил заводдон чыккандай колго жасалган, ачкычтарды, чагарактарды, шакекчелерди кармалайт.

— Силердин колхоз во!..—Баш бармагын соройтот. Уполномочен бет алдынан Татыга да жолукту. Анын чытыраган денесине, толмоч жүзүнө ичинен суктанат.

— Сиз, Гитлерди мээге чаап жатасыз... во, биздин аялдар!

Бул мактоо бирөөнө эмес баарына. Анткени дүкөндөгү күшүлдөгөн көөрүк, көмүрдүн жыты, дүкө-дүкө барскандын чабылганы билгизбей бири-биринин кыялдарына көнүктүрүп, акыры өздөрү кармаган темирдей ширетип да салды.

Үчөөнүн адегендеги кыжындашканы деле оозго алынбады. Бирок ар кимиси аны унутпай жүрөгүндө сакташты. Бара-бара бирөө «катындыгын», бирөө эркектигин, бирөөнөн бирөө кыйындыгын көргөзүү үчүн гана күч сынашып иштешпей, бирөө баарынын намысы үчүн, мындай иштөө адамдын милдети экендигин үндөшпөй түшүнүштү. Эшек такалап жүргөн ким бар? Кана, айтчы?..

Алар үчүн да бирөөлөр иштеп жүрөт. Ал тургай жанын оозуна тиштеп, кырчындай өмүрүн окко тосуп согушуп жүрөт! Согушуп... баарыңдын үйүң, баарыңдын сокоң, баарыңдын малың, жер-жемишиң чачылбасын үчүн...

Кудай билет эле, согуш болбосо, Таты сенин көөрүк басаарыңды... Аман, сенин барскан кармаарыңды... Бирөөлөр согуштун чогун жүрөгүнө көтөрүп жүрсө, силер эмне болупсуңар?

Аман күрсүлдөп убайды аябай берди. Атынын жоорун сагызганга сыйыртып коңшу колхоздон Үсөйүн тартып келген жаак темир Амандын күчү, барсканы менен гана багынды, соколорго тиш болду. Кашкар Амандын барскан чапканына кыбасы канат, бир эсе ичинен өзүн тилдейт: «эми Жолборсту ким алмашат, колхоздо андай барсканчы жок» деп жүрбөйбү.

Ойлогонундай эле Таты анын дүкөнүн иреттеди, тазартты. Бардык аспаптар орду ордунда, балкасын бир жактан, кескичин бир жактан издебейт. Мына бу иреттелген, тазарган устаканасы сыяктанып, Кашкар да өз оюна каранып, жүргөн турганы, баягы кара мүртөс мүнөзү да өзүнө билинбей өзгөрүп, негедир өз кылган ишинен кынтык издеп, эгер бир жеринен кынтык чыкса, жаңылса... ырбай электе чап кармап чыйкандын өзөгүн сыккандай сыгып салгысы келип; баарына жакшы көрүнгүсү, баарын сыйлап, баарына жакшылык кылгысы келип, мээримдүү, демдүү, көкүрөгү көтөрүңкү жүрдү.

Ал «Алтындан кийин жакшы катындар чанда турбайбы» деп катындардан күдөр үзгөнүн унутуп, Бытыкүл айткандай «катындар самандай сапырылып» жүрсө, өзүнө катын да издебеди, катын алууну да ойлободу. Эл байкерчиликте катын алам дебей, эми эл жапаа чегип согуш менен алек болуп жатканда катын алам деп айтуу өөн учурады, антүүгө бети чыдабады. «Жаман киши ушундайда кычайт. Эркек катындын койнуна жатуу үчүн эле жаралыптырбы?»

Ага усталык кесиби ого бетер жакшы көрүнүп, ушундайда элдин керегине, кардалына жараганына төбөсү көккө жетип. Ошондуктан, согуш анын жүрөгүнүн булчуңдарын кармалап, даап дүкөнүнө кире албады, мүңкүрөтө албады. Согуш ар кимдин баскан изин аңдып, жүрөгүн тыңшап жүргөндө, ал өз жаны менен

алек болсо, тигил мүрзөдө жаткандардан да ары, эч ким эсине алып, басып барбай турган жакка куламак беле Кашкар?..

Кечөө бирдемеден улам Ракыяныкына кирсе каалгасы «какыйлап» араң ачылды. Кайра жапкыча шалак этип желкесине бир тийди. Каалгадан токмок жегенине ызаланып желкесин сыйпалап, кайрадан күлүп жиберди. Каалга да Кашкардын уста экенин билгенби?

— Бу каалгаңар кишинин баарын сабайбы, же мени элеби?

— Жо-ок,— Ракыя манаттай кызарды.— Эмеле уруп бекитсем кармабай...

— О кокуй, туруму сынык тура. Мага айтсаң...

— Кантип айтам, силердин колуңар бошосун кичине...

Кашкар азыр ара-чолодо Ракыянын каалгасына турум согуп жаткан. Кыпкызыл темирди кыпчып дөшүгө коёр замат, Таты колтугун көтөрө барсканын таптайт. Устанын экинчи колу да жөн турбай чакачак. Ал Татыны ушундай «Сокур ит карангыча» бүткөрүүчү майда барат темир-тезекке аралаштырып, аны дагы эле аяп, дагы эле аярлачу.

— Ии... ап бали... чап!

Устанын сүрөгөнүнөнбү же барсканы даана тийип темирди камырдай жууруп жатканынанбы, Татынын чекесинен чыпылдаган тер. Ооба, эки кишинин көзү, экөөнүн деми, экөөнүн колдору темирди жууруп, темирди ширетип, темирди көсөп, муздатып, темирге өмүр берип жатышты. Татынын бардык күчү, эсидарты, деми ошо тиги дөшүдөгү темирге чабылып темирден кайра өзүнө чабылып, ал улам кызып, улам күчөнүп; Татынын ушинтип чапканына аркы көөрүктөгү Аман да маашырланып, бир чети ага ичи тарып, анын көзүн жапкан кирпигине, алмадай жүзүнө, балкайган көкүрөгүнө илеписин артып турганда... дөшүдөгү кыпкызыл темир Кашкардын төбөсүнөн чырр этип учту. Анын колундагы кычкач, балкасы туш-тушка ыргыды. Таты бычак сыртындай эле жаза чапты. Жаза чапмак эмес, эмчек тарткан чүпүрөгү бошоп, көкүрөгү салактап, мындан ийменип.

— Эчтеке болгон жок... эчтеке болгон жок...

Кашкар чекесин аарчый күңкүлдөп, тиги ыргыган темир куйкалаган малакайынын төбөсүн үйлөдү. Дагы эле жерди куйкалап, жерде түтөгөн темирди кыпкып көмүргө сөйлотту. Эгер ошо темир Кашкардын мээсин каарып же койнуна, мойнуна түшсө эмне болмок?.. Кыпкызыл темир аны бычак сыртындай эле жаза сермеп өттү. Бычак сыртындай эле төмөндөсө...

Таты көзүн басып кетенчиктеди, анын көзүндө кыпкызыл темир дагы эле учуп, тийген жерин каарып, түтөтүп өрттөп баратты.

— Ха-ха... ха-ха...— Аман шашпай, талтайып олтурган калыбында алжаңдап күлдү. Табаасы кангандай, деле жыргап каткырды.— Таты Кашкарга тамга салды! Эми Кашкарды катындар талашпайт... Кашкар Татыныкы...

Таты күлкүгө — заар күлкүгө уугуп, бир бозоруп, бир кызарып, тиштенип унчукпады. Оозуна кум куйгансып ушу унчукпаганына ардыгып, ызаланып, темирдей ысык бирдеке анын өзөгүн куйкалап, күйбөгөн жерин күл кылып ийди, ал ансайын көгөрдү. Эмгиче эле кемсинтип, эмгиче эле аял деп, анын аялдыгынан кыйкым таап, шылдыңдап күлүп... Аялдын кандай экендигин ага көргөзөт! Устаны колдоп жүргөн «Дөөтүнүн» бары чын болсо аны менен чындап достошот же... бу босогону экинчи аттагыс болот.

Ал түнүндө жаңылап эмчек тарткыч тикти; бышыктап кайып, ичке сызмадан боо тагып. Мына, көкүрөгү чыпталып, бүткөн бою жепжеңил, тыкан. Ушул ойлоп тапканынанбы, негедир көңүлү көтөрүңкү, негедир аялдардан артыкбаш бир иш иштегендей.

Ошондон Амандын «ит оорусу» кармады. Арабага толтура жүк тартып келатып, орто жолго токтоп, же ары баспай, же бери баспай башын чулгуган чалпоо жылкыга окшоду. Манчыркап, иштегенин милдет кылып корсулдап; Татыны кагажытып, ичтен жеген курттай какшыктайт, Таты да тилин тартпайт.

Экөөнүн ортосундагы бул жарака мындан башталды. Аман Салый түлөөгө алган улагын доолады:

— Таап бергин!

— Эки-үч күнгө коё тургула, бурадар...

— Эки-үч күнүңдү билбейм. Азыр тап!

— Эртеңге чейин күтүп бергиле.

— Азыр керек?— Аман жер сабап баркылдады.— Жерден чукусаң тап!

Салыйдын үшү кетип жал-жал тиктейт, жаны төрт чарчы болот. Оо, батаага марытчылар, колдоочулар, жалдыраган кургурга даарып, жардам кылсаңар боло. Улактын этин жеп алып унчукпайсыңарбы?

Татынын серкеси бар экен, бышкырык атып албады:

— Меники ургаачы... текеден чыккан чебич...

Аман ансайын опурулду. Ал аз келгенсип, Сымап да алкынып күйөөсүн кайрап ээрчитип алды:

— Күрсү, жыгачтын жумшагын курт жейт! Жумшак байкушсуң, моюнчасын жетелеп ал! Бол! Жүрү! Аны тимеле...

Экөөнүн түрүнөн сестеп, Бугу апасынын колунан тартты:

— Ал деп айтчы апа...

Экөө көк бөрү тартып баламын көзүнчө шермеңде кылабы деп, Салый да баарынан кечти:

— Деги алгылачы. Мейлиңер...

Тигилер торпокту жетелеп жөнөштү; Салый ырымдап ноктосун талашты эле «чебичти жүнү менен, жиби менен бергенбиз» деп, Сымап аны жыга түртүп ийди. А чынында түрткөн деле жок, Сымап колунан булкуп жиберсе камгактан бетер куланды.

Таты дагы жардамга келди, барымтадагы Салыйдын торпогун куткарды. Күүгүмдө бакылдатып чебич өңөрүп келип, Амандын эшигине түшүрдү.

— Уят деген бир уруу журт! Силерде уят жок!

Арадан бир нече күн өтсө да Амандын «азыр керек» деген чебичи бирөөгө деле берилбеди же союлбады. Буга Татынын жини кайнады. Ал Амандан жиркерип, «адамга жакшылыгы жок неме» деп жүрдү.

Бересеңден кутулганына Салый аябай сүйүндү. Баягында тулпар жетелегенсип, үй ээси сыяктанып мамиле жасаганына кудуңдаса, эми андан баабедин жасап кутулду.

Кашкар эки шакиртин элдештире албай, экөөнү тең кыя албай күн сайын убара.

— Кучунашыңарды койгула.

— Койбойм-этпейм!— Аман капааттанып тырчып, акыры жүрөгүнүн башындагы түпөйүлүн ачыкка

чыгарды.— Жоону сайса мен сайдым, аты калды Манаска... Барскан чапсам мен чапсам! Салый экөөңүн атың чыкса... Мен жүрө берейинби?

— Жүрбөсөң билгениңди кыл! Күндү каран калтырып...— Кара мүртөс уста силкинип бир тийди, тигинин милдет-сабыт кылганы анын безине тийди.

Ушундан кийин Кашкар Татыга биротола ык тартып, Аманды кагажытып, анан булардын ортосундагы жарака алжая түштү. Эми муну эч бир темир уста, эч бир чебер, колунан көөрү төгүлгөн эч бир зергер кандай албайт эле.

А Аманга бул жага бербей калды. Ансыз да кийин мойнунан байлагандай болуп араң жүрчү. Эми өз билгенин кылат, коркок билишпи? Ал эркек экендигин көргөздү, мөрөй аныкы! Азыр акырын суурулуп чыгуу керек да, тетыяктан кытылдап күлүп карап турат. Ал көтөргөн барысканды ким көтөрүп, ким чабаар экен? Атаа, ысык темир сага чала тамга салып... шашпа, Кашкар. Унутпас жериңе тамга басылганда Аманды эстерсиң, майрык бутуна жалынаарсың.

Амандын сыйкы бузулганы Татыны дагы чыйратты, кыл чылбырдай чыйралды. Үзүлсө да керекке жарап тарс үзүлмөк, былжырап арабөк жүрсөң да баары бир дүйнөдөн өтөсүң!

Белин кындырдай курчанып, шакылдап баштагыдан шайдоот. Эми ал кампанын бурчуна илинген темир калпактуу солдатты калтаарыбай карайт. «Сен, фронтко эмне жардам бердиң?!» деген жазууну шашпай окуп; жоокердин маңдайына токтоп, тайманбай баарлашып, атайлап токтоп өтөт. Кээде аны менен түшүндө да сүйлөшөт.

Бир түнү түшүнө Токтонаалысы кирди: мингени ак боз ат, күн чыгыш жактан аркыратып чаап келип ыргып түштү. Кабагы бүркөө. Башындагы темир туулгасынан, боз шинелинен бери жылтылдаган жылдыз. Атынын куйрук жалынан бери чачыраган жылдыз. Аргымагы байлаган мамысынан жулкунуп, жер чапчып шаңгырап кишенейт.

— И-ий, коюн-кончуңар жылдыз да...— Таты жанманы калбай күйөөсүн кучактап, өпкөнү баратты.

— Бул жылдыз эмес. Өлгөн жолдошторумдун каны!— Токтонаалы кылычын таянып обочо олтуруп алды.— Кандайсың Татыке! Кандай ал абалың?

— Жакшымын! Жакшымын мен! Өзүңчү? Өзүң кандайсың?!— Ушинтип, алкымы буулуп өпкөлөгөн Татыны Токтонаалы колунан кармады, муңая, кабагы бүркөө сүйлөдү:

— Мылтык асынып иийним жооруду, Таты. Жонум жооруду...

Татыга кучак-кучак кебез берди. Анан ал үйгө кирип, төргө олтуруп бөйрөктүү сыр аяктан шыңгытып айран жутту.

Даам ооз тийди! Таты түшүндө кебез түшөдү. Бул кубанычтан жүрөгү жарыла жаздап, түш экенин унутуп, көзүн да ушалабай Салыйга чуркады:

— Токтонаалы... Токтонаалым келди!

Салый дүңгөлөй казанын ыргытып жиберип, сүйрөлгөн этегин киндигине басып Татыныкына чуркады:

— Куда-ай... Кудай! Каниметимди көрдү бекен?! Каниме-ет!

Түш көрүп алышып, кузгун ойгоно электе бири-биринникине чуркап, бирин-бири кучакташып, сүйүнүшүп жүрүшкөн эки аялды эчким көрүшкөн жок. Көргөндөр күлөт да эле, ыйлайт да эле. Эки аял да өз жоруктарына күлүштү, акырында ыйлашты...

Түшүнө дем байлап, түшүнө ишенип, чын эле байкатпай келип калбасын деп ойлоду Таты. Үй ичин жыйнап тернеди, короону даңылдата шыпырды, көптөн бери ат байланбаган акырды да тазалады. Токтонаалынын кийимдерин кагып-кугуп күнгө жайды. Эмеле кийинип, жайкалып бастырып чыкчудан бетер жазгы кийимдерин, камчысын кошуп, оңойлоп бөлөк илди. Кир-кечесин жууп, таптап, өзү да аябай жышынып кийинди. Ооба, аны түшү сооротту; кантип соорОнбойт, Токтонаалысы даам ооз тийип, өз кебез түшөгөндөн кийин, тилегинин орундалганы да... Келет!

Таты жуунгандын эртеси көзү моймолжуп, апакай болуп жүзү албырып, кыймылынан кылыгы чыгып барды. Кашкардын шилекейи акты. Татынын сулуулугунан жүдөп, жазганып, карай албай сүрдөп, демейдегидей дүкөнүнө батпай чекесинен тып-тып тер тамды. Ал аял деген эмне экендигин эми көрдү. Сопу кылып олтургузуп коюучу сулуулук менен эми кездешти. Аялсыз жүргөнүнө, аялсыз жашаган өмүрүнө тиштенип; сагынбаган, канбаган бир кусалык көкүрөгүндө кай-

нап, көкүрөгүн туюк жарадай мыжыгып жатты. Аялы жок эркек бирөөнүн аялы менен мандай-тескейлешип иштегени эми эсине келди, эми кыйналды.

Жаны тынч, кылдырап жүргөндө бу балакет каяктан келди? Капкаяктагыны козгоп, дүүлүктүрүп, кылтыңдап жасаныпи...

Жок, ал жасанбаптыр, күндөгү эле кийми, күндөгү эле Таты. Токтонаалынын аялы дедиртип, туубаса да анын атын өчүрбөй, түтүнүн булатып.

Кокус Кашкар жаза тайса кайсы аял антет? Кашкар да согушка барат. Анан ал: «Атыр жыттуу салкын абасында туруучу» деп элжиреп кимге кат жазат? Кашкар, сен жок дегенде бир аялдын боосун бекем кармай албадыңбы, же аял сага тийбей койдубу? Аялды тандайсың, а өзүң кандай кишисиң?..

## XII

Жаз келди. Короолорго башбактап, адегенде балдарды колунан жетеледи ээликтирип, чымчыктарды учурду сайратып. Жаз балдар менен, чымчыктар менен ызы-чуу кубалашты. Жаз балдарды жыттады, күлкүсүн ала качып ойноду. Балдар чимирик атып жазды тосту, арыктын боюнда тамандары жарылганча жаз менен жарышты; дубалдын кырында тамактары айрылганча Жаз экөө күлүштү, каткырышты.

Жаз оор кийимдерди чечип ыргытты, төшөнчүлөрдү эшикке жайды, кемпир-чалды күнөскө олтургузду. Жаз кыштакка эки-үч эле күн байыр алды да, баткакты кечип талаага жөнөдү.

Жаз чалкалаган тоонун этегине жеткенде гана бир токтоду. Токтоп, жылдагыдай эле артын кайрылып карады. Күрөк, кетмендерин такымына кысып бастыргандар; ак калпакты алчыланта кийгендердин карааны азайгандыгын көрүп, жаздын деми сууй түштү... Жаз дыбыратып жашын себеледи...

Жаз тоонун түбүнө токтоп, таш үстүнө чыгып, «кантишер экен» деп кыштакты карап турду. Ошо жаз байырлаган кара таштан аркы өзөндөн шыргалаң тоо суусу агып жатты, анын агынында бирин-бири талкалап, жээкке самын ташка урунуп калкамандаган кесек муздар... жогорку алкымдан бирин-бири түр-

түшүп, качырап сынып, быякка, жаз түнөп өткөн жакаага... Көп болсо бир аш бышым жашап, эрип, жок болуп кете турган өмүрүнө шашып, ашыккан жазгы муздар. Бул мөңгү муздардан жаздын өзүнүн илеби кайтып, жаз өзү калтырап тээ адамдардын кыштагын карады. Кыштактан жазды көздөй аялдар, өспүрүмдөр басып чыгышты. Араба айдашып, соко кармашып, кетмен-күрөк көтөрүшүп... Жаз адамдардын илебине кайра жылынды.

Жаз сүйүнүп тоонун чокусун карай даң салды. Жылдагыдай эле — адамдар келатышат!— деди.

«Эртең соко чыгатты» укканда буту менен басып мурду менен тынгандар — баарысы Жаз жөнүндө ойлошту, ал түнү баары жазгы уйкуну укташты. Бир гана канторго олтурган активдер укташкан жок, асма чырагдан өчкөн жок. Мында, кантордун алдында жашаган чычкандар да бул түнү уктабады: үстүлөрү дүбүрттөп, кажы-күжу үндөр. «Эмнеге минтишет, андан көрө буудай, арпаны, нанды төгүп салышпайбы» дешти чычкандар өздөрүнчө. А мүмкүн төгүп салышпасын...

Качан тымтырс болгондо бир чычкан коңулдан башпактады: алигиче папиростун түтүнү, опурулган чаң, тердин жыты; терезе жапжарык. Чычкан култ этип кире качты, бирөө аңдып аны чапканы тургандай түюлду. Конторду кайтарып кара кулпу гана калганын чычкан билбеди. Бир бутун бооруна катып, эшик алдында жем үмүт этчү тооктор да, кыш бою ысык үйлөрдө жашаган чычкандар да тынчы кетип чуркашып, ушул түндөн, күндөн баштап, тээ аңыздарга жайылчы болду.

Бул түнү контордо олтургандар да тук эткени тук этип, тук этпегени жок, көздөрүн ушалаган бойдон жапатырмак талаага жөнөштү.

— Баш-көз бололу!

— Жаман катын, жаш балдар баратат.

— Каамытты кандай кийгизүүнү билбегендер...

Чынында аттын кулагында ойногону менен тушаганды билбегендер, нанды чоң жегени менен соконун туткасын кармап көрбөгөндөр, муну үйрөнүүнү анчейин барк албагандар же кимдир бирөөлөргө ишенгендер бар эле. Быйыл аларга кезек келди, аскерге жөнөгөндөрдүн ордун басышты; өздөрү үчүн, колхоз

үчүн, согуштагылар үчүн да нан камдоо керек. Алар бул түйшүктү, мээнетти эки илтик тартышты, колдору гана жоорубай жүрөктөрү да жооруп...

Анда да жаз. Түшкө маал. Так ушу «Кара-Капталдын» бөксө жолу. Аттын туягынан шыртылдап кумташтар чертилип, ооздук шылдырап, үзөңгү гана кезек-кезек кыңгырайт. Кызыл тукаба күрмөчөн кыз үкү сайылган кундуз тебетейин оңдоп кийип, кыңылдап ырдап баратты:

> Кызыл-кызыл козунун,
> Көрпөсү элем ой-дай,
> Кыз да болсом бир үйдүн,
> Эркеси элем ой-дай...

Толгон токой ырлар бар. Анан эмнеге бул тумшугу жок ыр анын оозуна биринчи келе калды? Ал буга жооп издөөгө, кайра жаңы ыр баштоого буямасы келген жок. Атынын тумшугунан торгой пыр-р этип, аты жалт берип, ооп барып оңолду. А торгойдун иши эмне, төбөгө көтөрүлдү да, канатын элей безелене сайрады. Кыз башта такыр торгой көрбөгөн немече атынын башын кежейте тартып көпкө тиктеди. Тиктеген сайын көпкөк асмандын ар жеринен кичекей канаттар эбелектеп жаркырап, айлана торгойдун сайраганына толуп кетти. Асмандын бети толтура торгой... Ана бир торгой, күтпөгөн жерден талмасы кармагандай тикесинен дөмпөккө сайылды. Чын эле оорусу барбы? Кыз шыбактын арасында текилдеп чуркаган торгойду ээрчий бастырды.

— Салом алейкум, ой кыз?

Кыз селт чочуп артына карап, өзүнө курбалдаш кызыл тоголок баладан эркекче алик алды:

— Алеки салам, ой бала?

Экөө тең күлүңдөп, бири-бирине баштан аяк көз жүгүртүштү. Экөөнүн мингендери жытташып, бири-бирин кашышканы баратат. Бала ыргып түшүп, кыздын атын суулуктан алды:

— Түш!

Бул ээн жерде кыздын жүрөгү опкоолжуп, тизгин чылбырын жыя тартты, бөркүн бекем басып, камчысынын бүлдүргөсүн билегине ороду. Азыр анын жаагын тарай чабат!

Бала кыздын оюн сезгендей эңкейип, чубалган басмайылды жогору көтөрдү.

— Оңдоп токуп берейин...

Кыз аксымдыгына уялды. Ичмектерин ушалап, тердик, көрпөчөсүн күбүп, үндөбөй атын токуп жаткан тиги бала көзүнө алденемедей көрүнүп, андан көзүн албай жалжылдап... Аттанаарда анын үзүлгөн топчусун акырын жерден алып, ага бербестен, эмне үчүн анткенин өзү да билбей чөнтөгүнө салып койду. Бала кызды колтуктап атказды. Атайлаппы же олдоксон кыймылдадыбы, атказарда баланын билеги кыздын төшүнө тийди. Бирөөнүн төшү ысып, бирөөнүн билеги ысып, экөөнүн тең беттери албырды.

— Атыңыз ким?

— Бермет...

— Анан экөө эки жакка ажырашты, бирөө күн чыгышка, бирөө күн батышка. Экөө тең өктөө менен, кетеринен бирдемелери айтылбагандай, караандары үзүлсө да уурдана кылчак-кылчак карашып.

Экөө ошол күздө орто мектептен, жетинчи класстан жолугушту. Дароо бири-бирин таанышты, дагы экөөнүн беттери албырды.

— Жакшысызбы, Бермет...

— Ал апамдын аты...— Кыз кашкайган тиштери менен алдыңкы эринин сыдыра, кирпигин серпе, карегин эки-үч жолу балага кадап алды.— Менин атым Жакин...

— Жакин... жакшы. Мен эми апаңыздын атын да билем...

— Сиздин атыңызчы?

— Сардар...

Кашы капкара, ыманы ысык ушу баланы Жакин көпкө эстеген, такыр кездешпейм го деп ойлоп, ага негедир ичи күйүп, акырында унутуп бараткан. Мына эми, булуттан чыккан айдай жаркырап, момурайып маңдайында турду бала! Баягы эле мүнөзү, басмайыл тартып жатканда топчусу үзүлгөн баягы эле чийй баркут тужуркасы. Жакиндин ичинен бирдемеси зырп этип, андагы безелене сайраган торгойдун үнү кулагына угулду.

Бир күнү, физкультура сабагында, чөнтөгүнө эмдигиче катып жүргөн баягы топчуну ордуна кадап койду. Минткенин ийменип Сардарга айтпады, өзүнүн топчусу төрт-беш айдай Жакиндин чөнтөгүндө жүргөндүгүн Сардар билген жок.

Жакин тигинин көкүрөгүнө кадаган топчуну көз-көз жалжылдай карап, караган сайын жүрөгү лакылдап көзүн жуумп-жуумп алат. Топчуга кошуп, өзүнүн бирдемесин ага кадап койгондой ичи жылып, анткенин өзү да сезбей назданып, алманын гүлүнө окшоп, кыздын алгачкы кылыгы бүчүр жарды...

Экөөнүн ортосундагы алгачкы татуулук ушинтип башталган, бир мектепте, бир партада... Калем учтарынан бери сиңген бул татуулук экөөнү аңкыган сүйүүгө алпарды. Тал чыбыктай буралган мезгил жетти.

...Жакин бастырып келатып так ошол күндөрдү көз алдына элестетти, ошондогу торгойдун сайраганы кулагына угулду. Ошондогу Сардардын уялыңкыраганы, ээр токумун оңдогону, анан кылчак-кылчак караганы көрүндү. Чын эле бу «Кара-Капталдан» Сардарды тапкан. Ал да атайлап «издеп жүргөнүң менмин, мен сени издегем» дегенсип купуя жолуккан. Экөө бири-бирин сүйүп, өмүрлөш жар болорун ким билиптир? Жакиндин жүрөгү элжиреп, денин-жанын мээлиткен бир ысык илеп жүрөгүнүн башынан канына чуркап өттү. Кара-Каптал ага бирдеме айтчудай, анын эң кымбат бирдемеси ушу талаада сакталып тургандай жүрөгү өрөпкүдү, ээликти. Жаздын илебиби, жаштыктын илебиби, анын мандайы ысып, тиги талаа сыяктуу торталаа болуп, кемилкеси толуп, төбөсү көккө тийгенсиди. Кызык, ал эмнеге минтет, талаадан эмнени табат, кимге жолугат?

Же Сардаргабы? Андай күн болсо кана? Жүрөк гана титирейт... Үч айдан бери андан кат-кабар жок. Үч айдан бери Жакиндин таалайы жоголуп, кайгы алардын үйүн үңкүйүп тиктейт. Үч айдан бери ачылып күлгөн эмес. Убайым тартып, куса болуп, үч айдан кийин Сардардын элесине «Кара-Капталдан» жолукту. Дөөлөттү да, мээнетти да көтөргөн, баарына чыдаган талаа! Сен Сардарды таап... Сенин кенендигиң ай талаа! Ал негедир талаага атаандашты; безилдеп чуркагысы, талааны жаңыртып күлгүсү келди.

Күлкү да кызык. Кээде өзү издейт ой-боюңа койбой, болоор-болбоско деле күлдүрөт; көзүндөн жаш чыгып, боорунду мыкчып, үнүң буулгуча, чарчагыча, кызарып-татарып, ыкшып күлөсүң. Мындай күлкүнү ар ким ар башкача күлөт: бирөө шаңкылдап, бирөө эчкирип, бирөө ичинен бүлкүлдөп... А чын пейлиң

менен күлгөн күлкүдөн кийин жыргай түшөсүң. Бүткөн боюңдун курушканы жазылып, жашарып, сергип, көңүлүң ачылып, ак буудайдын унундай жуурулушуп каласың.

Көптөн бери андай күлкүнү күлө элек Жакип «Кайырма» алыштан өткөндө шаңгырап каткырып ийди. Жок, жалгыз ал эмес, сокочулардын баарысы, тигил Салыйга; аны бир-бирине көрсөтүшүп:

— Бу кантет я? Шаңыраңдайт.

— Суутуп койгонсуп десең.

— Бозо ичип алган го?

— Итин карасаңар, итин ой...

Салыйга киши күлөрлүк: сагызганча «Чаар аттын» соорусуна конуп алган; алдына салынган карала кап аттын чандырына тийип, эки буту салактап, жоолугу ийнине шыпырылган, белинде жазылыгы бир карыш Каниметтин кайыш куру. Улам-улам теминип, кээде ошо темингенинин азабын тартып көчүгү кыйшайып оңолот. Демейде үйүнөн чыкпаган ити «Мойнок» анын алдында. Узап кетип, ээси жеткиче чочоюп күтүп олтурат, же ээлигип тегерене чуркап, чуркаганда түлөй элек даакысы бешбетер салпактап, «күлүктүгүмдү байкадыңарбы» дегендей мурдун көтөрө бержакты карайт; анан типтик тумшугун сайып былк этпей асманды жыттап туруп, мас болгон эмеден бетер тырак куланып ооналактайт.

— Салый итиң кантет?

— Бозо жуткуруп койдуң беле?

— Бозо ичкен иттин кебетесин...

— Даакысы түшпөй...

— Кабыргасы жабышып.

— Жо-жок,— дешет сокочулар шарактап күлүшүп, Салыйдын алдына салынган карала кабына асылышып,— карала каптын кагынчык кылган го?

— О-ой, Салыйкең карала капты кыш капортосунда күбүгөн...

— Үю, музоосу, тооктору болуп десең...

— А-ха-ха... ха-ха...

Улам бирөө жете барып Салыйдын атын шапалак менен куйрукка сайып чычаңдатып да коюшат. Чаар ат ансайын чунаңдап «ушуну сен кылып атасың» дегендей жанында коштоодогу «Чоң-Башты» кажып, тиштегилеп, бутун сыраңдатат. Чаар ат канчалык секирсе деле, кө-

чүгү канчалык кыйшайса деле Салый ообай түптүз, буту салактап, аттын соорусуна желимдеп койгонсуп кабы деле түшпөйт. Салыйдын мунусуна, минген атына, салынган кабына адегенде эки-үчөө күлсө, эми баары күлүштү. Аны шылдыңдап эмес, кандайдыр анын куу-дуң-шуудуңду билбегенине ичтери жылып, аны аяшып, анын мобу турпатына көздөрү үйүр алып, ага баары сүйүнүшүп, нечен жолу көрүп-билип жүрүшсө да бүгүн ага биринчи жолуккансып, анан араларында ушундай коймаарек, кыйдылыктан алыс; бир чети бейкам эмөө сыяктанган, жорук-жосуну тамашалуу, күлкүлүү, бирок мунун баары бузбай кайра аны ымандуу, абзелдүү көргөзүп, анын ушунусу бирдеме үмүт эттирип турган ийкемдүү, илбериңки аял экендигинеби, жыргап-куунап кумардан кана күлүштү. Чынында эле күлгөндөрдүн кээлери Салыйдын көрсөкопор жүргөнүнө суктанышты, өздөрүнүн «битгин ичегисине кан куйган» бышыктыгына муңайышты; өзгөчө аялдар:

— Бир эсептен адамдын ушундай аңкоосу түзүк.

— Баса десең... аны-муну менен иши жок. Ою жок...

— Курсагын тойгузуп койсо ит өлчү жерге барат.

— Карабайсыңбы эми тигини... «Пикири жок бит семиз».

— Семиз болбой калсын ботом,— Күлапия Салыйга жаны ачый сүйлөдү.— Байкуштун арыгын. Же биздей калбаат эмес. Кантип...

— А аның семире түшөт, бир аяк бозо ичсе,— Жолборстун Бактыгүлү Күлапиянын оозунан сөздү жулуп алды.

Деги кээде элдин ушундай бир адаты бар эмеспи, бүгүн мобу калдайып бастырып бараткандар үчүн Салый тамаша, Салый күлкү, Салый гана эрмек:

— Эй, Салый, итиңди учкаштырып ал!

— Бутуна чөңөр кирет...

— Эй, Салый! Кышында итиң экөөңдү акотчу дайындайбыз...

— Анда эле карышкырлар бул чөлкөмдөн жоголду дей бер.

— Жоголобу же...— дейт бирөө Салыйдын шалбыраган кебетесине колун жаңсап,— капкаяктагы кашабандар ээрчип албасын.

Анан баары дуулдап күлүшөт, улам жоолугун оңдомуш этип, Салый өзү да бул күлкүгө кошулат. Ал тиги-

лер өзүнө күлгөндөй өзүнө күлбөстөн башкага: моминдин баарынын алдында баратканына, баары тамашалап, аны бир жакка узатып баратышкансыганына күлдү. Баары ага күлсө, ал баарын жакшы көрүп, көңүлү эргип күлдү. Жерди жалгыз айдаар сыңары, жаз жалгыз эле ага келген сыңары кубанды. Ал жөн гана кубанган жок, тээ талаадан калаган чийдей буудай ыргалып, талаа нан жыттанып, буга каниет байлап курсагы тоюп; ак төөнүн карды жарылса экен күздө, мүлдө журтка деп, баарысын ойлоп, келеркиге кам жеп бастырып баратты.

Ал тиги ит менен да иши болуп, итти да ойлоп баратты. Канимет келгиче итин да жүдөтпөсө. Итке да анын ордун жоктотпосо. Ошон үчүн «Мойногун» да атайлап эрчитип алды.

— Мой-нок! Күчү-күчү...

«Мойноктун» салпактап ээрчип алганына Салый уялчу а дегенде. Бир жолу «суутуп коюптурбу, үй кайтар» деп чынжырлап байлап салды. Күүгүмдө келсе ичи кабырылган, ийне жуткандай күйпүйгөн. Кудайдын боору ооругандай кыңшылап, көзү жалжылдады. Салый итти ит экен дебей жаны ачып, аны байлап салганына өкүндү. Эмне, Салыйдын «ат башындай алтынын» кайтарабы? Кээ адамдар бириникин бири уурдап, бирине-бири ишенбей, өздөрү кайтарганы аз келгенсип, итке да кайтартып, итти да короосуна камашат...

«Мойнокту» агыта берди. Кечке чынжырланган «Мойнок» эми да жетине албай, ага эркелеп, анын бутунун арасына жата калып, бутту жалап, тегерене чуркап, кайра буттун арасына тоголонду. Ага мындан артык ырыстын — адамдын бутунун астына эркелөөдөн артык ырыстын кереги жоктой. Анан ушу күнөөсү үчүн байкуш макулукту байлап-матап...

Кол башындай көк күчүккө тили менен сүт берип, кыз чагында... Көк жору тууган Кумайыкты күйпүл кылбай бакпады беле Каныкей. Салый ошо Каныкейдей болсом деп алаптабады, «Мойногумду» Кумайыктай кылайын деген да оюна келбеди. Ал өзүнө — Салыйга гана тиешелүү ойду ойлоду. Ошентсе да ал Каныкейдин ошо күчүктү багышында адамдардын мээримин, алардын кыбыр эткен жандардан өйдө качантан мамилеси бар экенин, антүү адамдар үчүн парз экендигин баамдачу.

А чындыгында карапайымдыгы, кең пейилдиги үчүн адамдар улуу да! «Адам» деген атын колко кылып, күчүнө, айла-амалына корстон болсо, чиренсе, жомоктогудай: үстүнкү эрини менен асманды, астынкы эрини менен жердеги алы жеткендин баарын жалмаса адам — адам болмокчубу?

А адамдын алы жетпеген дүйнөдө эмне бар?..

Адам ошентип баарына алы жеткендиги, баарын бийлегендиги үчүн да адам! Адам баарына алы жеткендиги үчүн, акылы бар үчүн адамча жашайт: бирөөнөн бирөө кыйын чыгып, бирөөнүн колунан түшкөндү экинчиси көтөрөт; Адам ушун үчүн — адам!

Эмесе биздин Салый да көөдөнүн керип, эмне беттесе баарына алы жетерине аябай ишенип, ишенгенине аябай сүйүнүп, бирок мындан жүрөкзаада болуп да баратты: «Коёндун териси бир жыл чарыкка чыдаптыр. Чыдайм! Элден эмнем кем? Атаа, күлүшкөнүн, мага тимеле бир... же балакет басып катаал жумушта жүдөбөйүн, шермендем чыгып. Жо-ок, бир бороондук алым бардыр...»

— Эй, Салый, сенин дамең канча күнгө жетет? — дейт сары тончон.

— Эки күнгө,— деп берки жалпак тебетей, жүлжүк көз Салый үчүн жооп берет.

— Анан эмне болот? — Сары тончон кайра кычытып сурайт.

Жалпак тебетей жооп берүүнүн ордуна колу-бутун сулдуйтуп, көзүн ого бетер жүлжүйтө, ат басып кеткен бака сымал оозун ачты. Мунусу Салый эчтекеге жарабайт дегени эле. Сары тончон өңгөчүн тарта эчкирип, жанманы калбай күлдү.

— Тикини, белиндеги курун каадаланып...

— Анысын унутуп салат бир жерге.

— Анан ити жеп алат.

— Эй, Салый! Курду эмне кыласың?

Баятан унчукпаган Салый экөөнө атынын башын кыя тартты.

— Атаңдын башы кылам! Тимеле бир...

«Тимеле бир» булардын эрмеги, күлкүсү үчүн жаралгансып, башка сөз Салыйга буюрбагансып шакебе кылганына ал да акистеп бир тийди.

А дегенде колундагы чылбыр-тизгини желди, анан атын шелп-шелп желдирди. Ат үстүндө кап менен Салый

желди. Салыйдын ийнинде желген баягы жоолугу. Салыйдын көзүнө андан бетер баары: тоолор асманы менен, тээ чоң таштар, жолдор арыктар, ,караган-буталар — мүлдө жер жүзү; ал тургай бака-шака үндөр да кулагынын түбүндө желип баратты.

...Басаа, Салый Каниметинин курун «белиме омок болсун» деп курчандыбы? Ырас, ошондой. Башта эмне курчанчу эмес? Канимет үйдө болсо анын курун Салый курчанат беле? Аял эркектин курун сөөлөт күтүп же бир көпкөнүнөн курчанабы? Бугусу айткан Манастын Каныкейи, Тайторуну чапканда эмне үчүн эркек киймин кийинди? Эркек болоюн деппи? Жок, мында бир чоң сыр бардай...

Башына түшсө эркек деле казан кармайт, жамаачыны жамайт, кир жууйт. Андан аял болуп калбайт. Аял эркектин курун эркек болоюн деп курчанбайт, аны эч бир машаягың-кудайың эркек кыла албайт. Жарык дүйнөгө жаралган аялдын өз атын актаган ылайыктуу жумушу бар. Ал эми эркектин курун курчанганы — эркектин жүгүн да былкылдатпай мойнуна көтөргөнү. Каныкей намыс үчүн, Манастын арбагын көтөрүү үчүн Тайторуну чаппады беле. Көрсө Салый өзү дагы намыс талашып, эркектин ордун жоктотпой курун курчанып; талааны томсортпой, кысыр калтырбай, тер агызып тукум чачат!

Салый өзүнө-өзү ыраазы, анын колунан да баары келет бейм; негедир кемелкеси толуп, негедир байпагы манат болуп байыды. Эмне байлык болду экен? Алтынбы? Күмүшпү? Жок, дүнүйөгө сатып алгыс, дүйнөдө сатылбай турган байлык... Ал кара жанын карч уруп ат айдап, аттары теске көнбөй борозду кыйшык салып, жерди алаа айдап, бригадирди капалантып, өзү да капаланып, же соко кармай албай тил угуп, кыйналып, чарчап; бирок буга кабагым-кашым дебей, антүү зарыл экендигин, керек экендигин сезип, ошо сезгендиги үчүн кайра баары ошо замат унутулуп, ошо унуткандыгы үчүн улам бардаш байлап, улам көгөрө өчөшүп, өзүнө кыжырданып, акыры баары ордуна келерин, кыйналуу убактынча экендигин бөркүндөй санап, ошондуктан шалкайбай кайра ушу «Кара-Капталдан» быйылкы жаздын эң алгачкы күнүнөн карала кабына чымчып буума күчкубат алгансып кечкете өжөрдөндү...

Жалгыз Салый эмес сокочулардын баары мобуга таңгалышты: «Кара-Каптал» күн бою дүпүрөдү; жылкылар кишенеп, соколордун чыгырыктары жаңырды. Бүт дүйнөдөгү адамдар ушерге чогулуп, ушерден шаан-шөкөт өткөргөнү жаткандай күрү-гүү болуп, кыштактан берки жолдо сапырылган эл... Кудум жер союлтуп чабуулга өтчү ооруктагы армияга окшоду.

Жазында эл көбөйүп, жазында эл тамырлап; жаз ушинтип күргүштөп келип, жазды ушинтип тосушат тура. Мына, бир эле колхоздогу эл... Анаң ушул элди — бири-бирине такаат, бири-бирине калкагар тоо болгон элди кулга айландырам, кендирин кесем деген ким?.

Жаз кумурсканын уюгуна тийип алгандай чымылдап тоо башына качты. Те мөңгүнүн этегинен ээ-жаа бербей жер айрып күркүрөп асманга чыкты, булуттар удургуду, чагылган чартылдады.

Жаздын күркүрөгүн угуп, ордунан жылгандар да, жылбагандар да, жандуулар да, жансыздар да ансайын сыртка жабалактады, чачырады. Жаздын күнүнө, жаздын жамгырына баары жылаңбаштанды, баары коломочтонду...

## XIII

Ташмат казан чыга электе эскертти:

— Чүмчүңдөтпөй, чоңураак идишке, аркы кара аякка куй.

Кара аякка мелтилдете тигинин алдына коюлду, ал бир ууртады:

— Тузу жок.

Зууракан туз татытты.

— Тузу ачуу.

Тамак ичилгиче башка бир сөз болгон жок, кезек гана идиш-аяктын кагышканы, шорулдата уурткандар угулуп турду. Зууракан ичкен кесмеси курсагына барганын билген жок. Бир колхоздун четин чойгон күйөөсү моминтип казан аякка киришкени заманасын куурду. Эр жигит тамагынан бузулабы, каран күн! Ага боору ооруду, жүрөгү ачыды.

Аялы эрине жакшылык кылбаганда кимге кылат? Эринин азап-тозогун көтөрбөгөндө кимдикин көтөрөт? Эгер колунан келсе, эмеле канаты болсо кондуруп; «ка-

ра жанын садага чаап» мойнуна көтөрүп, «менин эрим» дегидей жерге алпарса ээ?

Ал күйөөсүнө бирдеме айткысы келди, айта албады. Буга көндүргөн Ташмат. Ал кудум алкактын ичинде чурkаган тыйын чычкан сыяктуу болуп калган. «Момундан чыкпайсың» деп Ташмат ага бир чийин чийип койгон, чийинден кыл жылбайт, өрттөнсө мейли.

— Ташы...

— Эмне?

Ташмат орк этти, Зууракандын кечиримсиз күнөө кылгансып мунайым турганына ичи да жылыды. «Байкушум, баарына чыдаган! Сенден башка дүйнөдө кимим калды?» Зууракaнды аялдын мажирөөсү деп, аны кемитип жүргөнү негедир азыр оюна келди. Көрсө аял да эркектин саябаны, чынар тереги тура.

Бир чети кечөө эле дүпкүрөгөн байтерек бүгүн тамыр-бутагынан ажырагандай, жалгыз аялга кара тутканына ызаланды. Дүйнө ага бир чөйчөк жармадай аңтарылды.

— Ташыке...

— Айтпайсыңбы?

— Эмне кыл дейсиң...

— Ишим сотко өттү... Мен жоголом... Эмне кылганды ошондо билесиң!

Ошол түндөн баштап Ташмат жоголду... Анан ал үйүнө түнүчүндө келип жүрдү. Анан ал Зууракaнга бара-бара күйөөсүндөй эмес, бир жолбун кишидей көрүнүп; анык күйөөсү бул эмес башка — ага бети карарып чоң күнөө жасап жүргөндөй, эгер мейлин салып кучактаса эшиктеги анык күйөөсү кирип келчүдөй калтаарып, жазганып, Зууракандын жүрөкзаадасы көбөйдү.

Көп аял эркектин жытын сагынып жүрсө, бул аял эркекке түн сайын жолугуп, бирок, кумары канбай башка эркекти самап, күтүп жүргөнсүдү. Эркекке төшөк салып, эркектин кучагында камырдай жуурулуп, а жаткан төшөктү эч кимден жазганбай, те чоң шашкеде жыйбаспы!

Ушунтип беймаза болуп жүргөндө анын өмүрүнө сурак башталды. Кызыл жака лейтенант аны кеңсаларга чакырат.

— Күйөөң кайда?

— Билбейм.

— Күйөөң жөнүндө эмне билесиң?

— Билбейм.

— Деги сен аялысыңбы?

Зууракан сурактан дайыма ыйлап чыгат, көз жашы аны каякты карай сүйрөп бара жаткандыгын билбеди. Ал мунун баарын «маңдайыма жазган жазуу экен — буга каршы күрөшүп не кылам, качып кайда кутулам» деп ойлоду. Бул ой аны ого бетер тизелетти, майы түгөнгөн чырагдан сыңары жүрөгүндөгү күч-кубат үлпүлдөп баратты. Баары анын көзүнө суук көрүнүп, баары аны жектегендей сезилди.

Ташмат өмүрлүк жары, Ташмат гана кыяматта кыйышпасы. Кайдасың, Ташмат? Сенин кулагың тынч, жаның жай ээ? Айтпадың беле, качан мобул азаптардан куткарасың? Сенсиз Зууракандын көргөн күнү курусун...

Бул күнү аялдар, абышкалар алыштын башын кенелтип чаап, кордойлоруна чым төшөп жүрүшкөн.

Жыл сайын ушу алыштын башына келгенде келиндер оюнга аябай канышчу. Байчечекейи жайнаган үзүктөй чымдарды жигиттердин жонуна көтөрүп «өш!» деп айдап алышчу. Кычаштык кылып чымчылап, чукулап, а алар демитип койсо ок жеген аюудай чаңырышчу. Түш ченде эки жаат болуп Корумдунун суусуна салышып, баары сууга салган чычкандай шөлбүрөшүп, келиндер жылгынды аралай качышып, «байкелешип», күрсүлдөгөн жигиттер ага болбой сууга көтөрүп уруп, кайра өздөрү тартып алышып; анда Корумдунун өзөнү кыраан каткыга тунчу.

Ойнобогон оюн калбай, жумуш өзү бүтчү.

Бүгүн да так ошондой күндөрдүн бири. Мына Корумдунун алышы, тигине учкан көпөлөктөр, байчечекейлер, аккан суулар. Баары ордунда. Бир гана жигиттер жок. Алардын үзүктөй чымдарын келиндер көтөрүп жүрдү. Алардын жонуна чымды чалдар коюп жатты. Алардын жонунан чымды чалдар алып, алыштын таманына төшөп жатты.

— Этиеттегиле, айланайындар.

— Белиңер мертинбесин.

Келиндердин бели чымдан мертинбейт. Жигиттер келбей калса, алардын күлкүлөрү кайра бу жерден угулбай калса белдери мертинмек. «Жарыктыктар каржактаган, келиндерди аяйсыңар, өзүңөрчү, сакалыңарды сууга малып. Силерди ким аяйт?»

Кулапияга ушундай ой келди.

— Ата, мага бериңизчи? — Ал Нурпача оодара албаган ташка эңкейди.

— Мыначы балам,— Нурпача мындай оолактап чеке терин шыпырды, тиги эңкейген Кулапиянын жылаңач ийри такымына көзү урунуп тескери карады.

Ат туягын тарсылдатып таш жолдо кызыл жака лейтенант. Райондон эмес, тоо жактан келатты. Асынганы дүрбү, өңөргөнү беш атар.

Лейтенант атынын башын бура тартып, алыстан салам айтты:

— Сало-ом алейкимдер!

— А-алеким салам.

— Иш илгери болсун!

— Айтканыңыз келсин!

Эмне кылсам дегендей лейтенант бир азга буйдалып, анан аялдар менен чалдардын жардана тиктегени ыргыта сайгандай атынан кулап түштү. Атын каңтарып, чылбырын эки таштын кычыгына кыпчыды.

Зуурakaндын жүрөгү шуулдап аялдардын четине чыга берди. Лейтенант аны деле көрбөгөндөй, билбегендей болуп карыяларды көздөй басты.

— Кандай сакалдуу аскерлер, ишиңер жакшыбы?

— Ии, эптеп кыбырап жүрмөй...

Лейтенант ороң-бараң этип, тигилерге оюн-чындан бир тийди:

— Туура эмес айтканыңар. Курт кыбырап жүрөт. Силер адамсыңар. Адам кыбырап жүрчү беле? Бүгүн чалдар да, балдар да — баарыңар аскер! — Ал жардана калган аялдарга башын чулгуп, мылмыйып күлүп койду.— Мына бу жоолукчандар да аскер! Эркектердин алы жетпесе фашисттердин чачын аялдар жулат. Беттерин тытат. Ыраспы?

Баятан тондоосун карап, ага анчейин батына албай тургандар баш ийкеше жылмайышып, анын сөзүн кубатташты.

— Ырас... Ырас...

— Андай болсо куртпуз дегениңерди койгула. Эми ошентип сүйлөсөңөр камап салам!

— Апий бетим...

— Сүйлөөгө укугубуз жокпу?

— Сүйлөөгө укугуңар бар. Кемсинүүгө укугуңар жок! — Лейтенант биртике мостоюп туруп, жадырап

күлүп жиберди. Күлгөндө да үнүн шаңгыратып, көзүн жума чалкалап, жыргап каткырды.

Көпчүлүгү ал жөнүндө «заарын айтпа... жаак эттери түйүлүп, көзүнүн чаары чыгат дейсиң... тимеле атасын атып салчудай түрү болот» деп угушчу. Чынында элеттиктердин көпчүлүгү милиционерлерди атайлап тандалган ырайсыз—кишилер катары санашып, алардын кылар иши түрмөчүлөрдү айдоо, уруш-чатак болгон жерлерде гана чакчандап жүрүү деп ойлошчу. Анын үстүнө милиционерлер айыл-кыштактарда болушчу эмес, болгон күндө да өз жумуштарын бүткөрүп жөнөп кетишчү. Эч кимиси алар менен сырдашып, мүнөздөрүн билип же антүүгө иштери да түшпөгөн.

Эрмаматтын уулу Сагымбай бул «Эпкинге» кэбүрөөк келгенден бери жогорку түшүнүк таптакыр өзгөрдү. Көрсө милиционерлердин айылдагы элдерден айырмасы эле кызыл жакасында тура. Алар деле тамашалашат, күлүп сүйлөшөт; сени менен кошо кетмен чабышат, суу байлашат.

Алардын дагы бир артыкчылыгы: сен бирдеменди жоготсоң өзүңдөн мурда издейт. Сени бирөө ызаласа, ушактаса ага сенден мурда барат, намысыңды талашат.

Кайсы жерде эл болсо Сагымбай ал жерден кыя өтчү эмес; эмне жумуш болсо колунан келчү, эмне жумуш болсо да жийиркенчү эмес. Кээде учураган аялдардын күрөк-кетмендерин өңөрүп, терген тезектерин үзөңгү боолонуп жеткирип берчү.

«Сен бут серппей уктап жатасың, Сагымбай болсо бул маалда бастырып жүрөт».

Анын ушул мээнетине көзү жеткендер бир чети аны сыйлап, бир чети анын кызыл жакасынан сүрдөп, улуу-кичүү дебей дайыма «Сиз» деп кайрылышчу.

— Сиз...

— Сиз дебей сен деп сүйлө. Сен дегенди жакшы көрөм.

— Ботом, кантип айтабыз... Кызматчы болсоңор...

— А силерчи? Силер кызматчы эмессиңерби?

— Биз карапайым кишибиз...

— Мен да карапайыммын. Менин атам Эрмамат да карапайым, Самсаалынын малайы болгон. Казан жууган, ийик ийирген. Сакалын чокчойтуп эми да ийик ийирет. Атам зайпана киши!

Шапкесин, шинелин арыктын кырына чечип таштап, Сагымбай бая эле ишке аралашкан. Анын жогоркудай сөздөрү, күлкүсү арык чапкандарды жандандырып, андан жылдыздуу, андан мээримдүү, күлкүлүү киши жоктой көрүнүп; ар бир таш, ар бир коюлган чым өзүнөн өзү бүтүп баткандай сезилди.

— Бирибизге-бирибиз учарыбызга канат, конорубузга куйрук болушубуз керек. Адамдын жашоо закону ушундай. Антпесек, өз башыбыздын камын ойлосок, кесепетти жашырсак жашоо бир тыйын. Анда адамдын курттан айырмасы не? Куртка асмандын кереги не?

Түштө, уй мүйүз тартып эс алып олтурганда лейтенант ушинтип сүйлөдү, эчкимисине карабай, тиги Зууракандын башынан алыс тоолорду тиктеген калыбында.

Зууракан анын сөзүн баамдады; ал сөөлжан менен алек, сөөлжан ийинге кирип кетеринде куйругунан сүйрөп чыгарып коёт, сөөлжан кайра эле жанталашат, Зууракан кайра эле бери чыгарат. «Буга жердин түбүндө эмне бар, эмнеси жакшы? Жарыктан эмне качат? Кызыл эт байкуш, же күнгө күйүп кетеби эти? Күндөн эмне качат?» Ал курт жөнүндө ойлоду.

Эки-үч көз анын колуна кадалып турганын билгенде гана колун тартып алды. Ошондо гана ал баятан бери согуштун абалын баяндаган лейтенанттын сөзүнүн аягын укту.

— ...Азыр чегинип жатабыз. Курал-жарак жетишпейт. Силердин жакыныңар согушта... жана жөнөп жатышат. Быйыл жазды аларсыз тостук. Аларсыз жаз келди, суу байладык; аларсыз быйыл буудай бышат! Жаздын келери сөзсүзбү — Жеңиштин келери сөзсүз!

— Оозуңа май!

— Айланайын сөзүңөн.

— Сөзмөр экенсиңер.

Лейтенант үндөбөдү. Маңдайы жарылып, жүзү жылуу. Анын жүрөгүнө, көзүнүн тереңине чөккөн кайгы бар эле: ошол Жеңиш үчүн далай өмүрлөр кыркылат. Далай азаматтар түбөлүккө жазды көргүс болушат. Мобуга окшогон далай аялдар күйөөсүз, карыялар балдарсыз калышат...

— Сиздин эмнеңиз бар согушта?

Орто жашаган аял лейтенантты жалт карап алды.

— Менинби? Уулум...

Лейтенант катарындагы келинден сурады:

— Сенин эмнең бар?
— Күйөөм согушта...
— Аркы келиндинчи?
— Анын да күйөөсү согушта.

Бул аялдар күйөөлөрү, балдары согушта жүргөнүнө сыймыктангандай, алардын кээлери кайтпай калаарын капарларына албагандай жүздөрү жарык, дымактуу жооп беришти. Биз ошондойлордун үй бүлөсүбүз дегендей мээримге чулганышты.

Бир гана Зууракан анте албады.

— Зууракан, сенин күйөөң кайда?

Анын башы шылк этти, көңүлү караңгылап, кулагы дүңгүрөдү. Асмандагы күн да анын көзүнө көрүнбөдү. Эгер жер койнун ачса, эгер ошол колунан келсе эмелеги сөөлжандын артынан ийинге кирип кетпеспи.

Эмне үчүн мындай? Аны ушундай күнгө салган тигил кызыл жака. Ал гана Ташматтын баркын түшүрдү; Ташматты аялынан, баласынан кубалады. Ал тоого качты. Эми аны тоодон кубалагысы бар, мобу жер үстүнөн да...

Тигил беш атарды Ташматты атуу үчүн атайлап өңөрүп жүргөндөй, аркы дүрбү коңулда жашынган Ташматты көрүүгө заводдон атайлап жасалгандай, Сагымбай да Ташматты аңдуу үчүн төрөлгөндөй туюлду. Антпесе, аларды «курал-жарак жетишпеген» согушка эмнеге жибербейт?

Зуураканга дүйнө жүзүндөгүнүн баары жаман көрүндү; «эмне кылганды мен жоголгондо билерсиң» — деген Ташматтын сөзү дайым кулагына угулат. Ал дүйнө жүзүнө тишин кайрап жүргөн күндөрдүн биринде Эрмекке жолукту, ээн жерден.

Эрмек күүгүмдө кыштактын башында бараткан. Кийгени кызыл шабро. Мингени шайбырлаган Кара жорго, камчысын солбуп чиренет. Зууракан чаңырып ийди:

— Эрмек!

Эрмек укпады. «Сен жөөсүң, мен атчанмын. Сенин күйөөң минген Кара жоргону жыгып мингем. Силердин көзүңөрдү дагы чукуйм» дегенсиди Зууриканга.

— Эрме-ек дейм!

Эрмектин кулагы чуу этти. Демигип, эки таноосу кыпчылган Зууракан аны тизгинден алды. Бул шумдукка айран Эрмек, эмне дээрин билбей аптыкты:

— Сенсиңби, Зууракан?

— Менмин! Тааныбай калдыңбы?

— Эмне болду, айтчы?

— Эмне болгонду билбейсиңби? — Көзү жалтылдап, эки ууртунан көбүк чачырады (ал чындап ачууланганда эки ууртунан көбүк буркулдачу), башындагы жоолугун алып ыргытты.— Сен бизге эмне асыласың?.. Эмне асыласың деймм?

— Кудай каары, ким сага асылган?

— Сен!.. Сен менин эримди көрө албайсың. Мени өзүңдөй таалайсыз болсо дейсиң.

— Зууракан, оозуңа карап сүйлө.

— Карабай сүйлөйм! Мен... мен сенчылап далактай албайм! Шейшебимди тебелетпейм!

— Ким тебелептир??

— Толуп жатат!

Эрмек мындан ары чыдай алган жок. Камчысын ойнотуп, жон талаштыра басып-басып алды. Зууракандын озондогону азат бойду титиретти:

— Бала-ботоңдун күнүн көрбөй ка-ал...

Эрмек кулагын басып Кара жоргонун оозун Май-Булакты көздөй коё берди.

* * *

Үйдүн ичи жарк этти, Кыдыраалы чочуп ойгонду. Улагадагы сөлөкөттү көрүп, керегенин башындагы мылтыгына асылды:

— Кимсиң сен?!

Эрмек ширенке тартып, коломтодогу чийди тутантты:

— Мен эле.

Кыдыраалы кандай күн, кайсы убак болбосун Эрмектин жетип келерине ынанган. Ал дайыма кулагын түрүп, бүкүлүү жатчу. Бул Эрмектен корккондуктан эмес, аялдын алдында жышынып кийинип олтургандан арданчу. Колхоздун активдери районго жыйналышка кетти дегенди угуп, алар бүгүн жети түндө кайтат же кайтпайт; кайтса быякка жетпейт деп ойлогон.

— Тынччылыкпы деги?

— Тынччылык эле.— Эрмек асма чыракты күйгүздү.— Жылкычынын аялы, турбайсыңбы, кымыз барбы?

Эшиктен Кара жорго кишинеди, дагы бир жылкы окуранды. Жылкычы жоргонун үнүн таанып, жанында

дагы бир атчан киши бар го деп ойлоп, аны чакырууга оозу батпады. Аялы кызганыч, анын үстүнө кымыздын алы чак.

Эрмек удаа-удаа эки чыны кымызды тартып ийди.

— Фондунун аттары кайда?

— Төрдө.

— Жүрү эмесе, аттандык.

— Аттарды эмне кыласыңар?

— Согушка жөнөйт...

Экөө эшикке чыкты; эчким жок. Кыдыраалынын тыякта тушалган аты токулуп, мобу мамыда турат. Атыңды токуп койдум деп Эрмек ага бир ооз айткан жок. Жылкыны кайтарбайсың, уктайсың деп чочондободу.

Эрмек жаңыдан жылкы фермага дайындалганда аны кандай гана эрмектегиси келди: жылкы деген кызыл үйдүн китеби эмес; ал шамал, ал куюн, ташты жара баскан тулпар. Үзөңгүнү үзө тээп эркек минсе жарашат, тизгини эркектин колунда карышат. Се-ени, талпагыңды ташка жаяйын...

Кыдыраалы жылкынын «шүмшүктөрүнөн» кармап берет. Бир топ күн өтөт. Баягы «шүмшүк» кызыл үйдөн китеп окугандай жоошуп, кандайдыр бир жүрүшүн чыгарып, Эрмек минип келет.

— Башкасын бер.

— Бул эмне экен?

— Бул күч бере турган жылкы.

Кыдыраалы тигинин жонун карайт, жоор тургай тердиктин тагы билинбейт. Аялдын атты ушинтип таптап мингенине ишене албай, эгер минтип мингени чын болсо ага ыраазылыгын да жашыра албай, негедир буга ичи тарып, бу катын тегин эмес деп алдыртадан Эрмекти карайт. Чын эле Эрмек ферма болобу? Кыдыраалычы?

Акырында Ташмат шала кылган Кара жоргону кармап берди. Эми ал да өңүнө чыгып жыландай сойлоктогон.

Кийинки күндөрдө Кыдыраалы антпейин десе да болбой Эрмекти көргөндө жалпактап, ага баш ийип, «эркекмин» деген көгөрүңкү дымагы жоошуп баратты.

— Райондо эмне кеп болду?

— Кеп көп,— Эрмек райондон уккан сөздөрүн кыскача баяндап берди. Кыдыраалы анын сөзүн бөлбөй кунт коюп, көңүлү уюп укту. Ал сүйлөгөндө да көптөн бери

«ат миниш» эл аралап, нечен жыйналышка катышып такшалган адамдардай ирээттүү сүйлөдү.

— Аттар согушка жөнөйт.— Кыдыраалы ичинен кайталады, замбиректерди сүйрөп, чаң ызгытып кетип бараткан аттар көз алдына элестеди.

— Ошент Кыдыраалы. Аттарыңды согушка жөнөт. Күн көтөрүлгөндө пунктта болсун.— Эрмек кыянын айрылышынан бура тартты.— Мен тигил жылкычыларга кеттим.

Ал Кыдыраалынын карааны көрүнбөй калганда атынан түштү, бадалдын түбүнө олтурду. Жөнөкөй олтурган жок, эмчегинин сүтүн жерге саап жатты. Анын баласы бүгүн эмчек сүтүн эмбеди, энеси бүгүн баласын кучактабады.

Эрмек уулуна таң кулан өөктө гана барды. Ал эмчек издеп улутунуп, бүгүн эмчек сүтүнө курсагы тойбой кайсалап уктаган. Кезек-кезек ушинтип эмчек эмбей калаарына бала да көнгөн. Ал «чоңойгон» бала — үч жашка караган, боорун жерден көтөргөн бала...

Жаздыкка башы тие электе апасынын көзү илинди, бала болсо апасынын деминен ойгонуп, уйкулуу көзү менен балкылдата эмчек сорду. Ал апасынын жетимиш тамыры ийип, уктаса да сүт берип жатканын билген жок. Таңдайын такылдатып ээмп жатты. Сыягы апасынын сүтү таттуу... аябай таттуу болсо керек.

Эрмектин кайненеси эшикке чуркап чыкты. «Жок Эрмек! Адамдын убалына карайсыңарбы, эмчекте баласы болсо» — дейин деп булкуна чыккан. Тигил чакырган башкарманын өзү экенин көрүп кетенчиктей түштү.

— Бар эле.

— Чакырыңыз.

— Жаңы эле көзү илинди эле.

— Ойготуңуз.— Башкарма дарбазадан эңкейип, атчан короого кирди. Кара жорго жайдакталуу, жемин жеп бүткөн. Жер чапчып окуранды. Аркы түркүккө байлану кашка бээ үркчүдөй селтеңдеди.

Эрмек чыкканда башкарма Кара жоргого көрпөчө салып, басмайылын тартып жаткан. Бири-бирин колдорунан жетелешип, сөөмөйлөрүн оозлоруна салып, Эрмек менен кошо ойгонгон балдары. Тиги эгиздин сыңарынын бир колунда камчы. Кээде апасын ушинтип жөнөтүүгө алар да көнүшкөн. Көгөндөгөндөй тизилип, ыйлабай момураган балдарга башкарманын ичи элжиреп кетти.

— Сало-оом алейкум, Абдыразактын колхозу!

— Алеки салам Оюнтай байке,— кырдуурагы ырсайып күлдү. Ушу «Оюнтай байке» келген сайын аларды эркелетип, кээде чөнтөгүнөн момпосуй же кант берип «Абдыразактын колхозу» дечү. Алар буга жетиңе албай «Биз бий калкозбуз, Абдыясактын...» деп ойношчу, бытылдап мактанышчу: «Биз калкосбуз, Абдыясак атама...»

Алардын кужураганын угуп, Эрмек чарчаганын унутчу. Эми жетелешип тосушат, жетелешип чоңоюшат; жетелешип атасын да тособуз деп кубаттанучу, кыялы алда кайда чабыттачу.

— Райондон азыр келдим.— Орунтай чөнтөгүнөн момпосуй алып, тиги мадыра баштарга таратып сөзүн улады.— МТСтын деректирине жолуктум. Бүт складын аңтардым. Эч бир завчас жок.

— Деректир эмне дейт?

— Запас завчас жок деп алаканын жаят.

— Болбойт дейби?

— Ким билет аны,— Орунтай ийнин куушурду.— Азыр заводдун баары согушка каршы завчастарды чыгарып жатпайбы. Кимдерди күнөөлөйсүң?

Чын эле буга кимдер күнөөлүү? Согушта курал жарак жетпесе, быяктан МТСтын көзүн карасаң... Буга ким күнөлүү? Мобу мурундарын чукулаган мадыра баштарбы?..

Орунтай саамга ойлуу, анан кубана сүйлөдү:

— МТСтын деректирин параладым. Эртең бизге бир «ЧТЗы» келет.

Буга Эрмек да сүйүндү. Чын эле «ЧТЗ» келсе, тиги «НАТИ» жүрсө баарына сеп болмок.

Эрмек аттана берерде кенжеси ыйлады. Ыйлаганда да көзүнүн жашы онталаа, мамамды кичине сордуруп, кичине өңөрүп койсоң дегендей бότοдой боздоп өксөдү.

Жарым саат болсо да бала ыйлабаса, жарым минут болсо да апасы жанында турса балага кандай жыргал, кандай рахат.

Эрмек Орунтайдын айтканына болбоду:

— Пунктка өзүм барам. Фондунун аттарын өзүм тапшырам. Андан ары райондо жумушум бар.

— Эмне жумуш?

— Татынын баласын апкелем.

Орунтай түшүнө бербеди: — Кандай баласы?

— Ата энесинен ажыраган көп балдар келиптир. Согуштан...

Орунтай эми гана түшүндү: «Абдыясактын» балдары ырыстуу-таалайлуу. Апасы бар, мамасы бар, чоң энеси, үйү бар. Согуштан келген балдардынчы? Таптакыр эч-текеси жок... Согуштан качып бөлөк элге, бөлөк жерге келишти. Алар да буга көнүштү.

Ыйласа да «Абдыясактын калкосу» ырыс-таалайлуу. Өз жеринде, өз элинде. А энеге баланын баары бирдей го. Таты төрөп, Татынын баласы болгондугу үчүн бирөө багып жүргөнсүп «Татынын баласы» деп энчиктегенине караганда алар кайдан бөтөн? Эчким, ал тургай Татынын өзү көрө элек Татынын баласы бар экен.

Аксак кашка бээни жетелеп, Орунтай сокочуларга жөнөдү.

Экөө кетер менен «Абдыясактын калкосун» жетелеп Мунар эле Мамбеттикин көздөй басты. Бурмаш сыркоолоп жаңы оңолгон. Буркурап ачыган көмөч нан менен куурма чай ичип отуруптур. Абдыразактар бир-бир сындырымдан алганда дасторкондо нан калган жок.

— Койгула дейм, эмеле тойгуздум эле. Бала деген...

— Мейли, жешсин.— Бурмаш Мунарга чай куйду.

Балдар чуру-чуу ойноп, Мунар болсо Бурмашка арыз арманын айта баштады:

— Ботом, жанагы келинимдики эле өттү.

— Эмнеси өттү, «эле байбиче?» — Бурмаш Мунарды «Эле байбиче» деди. Мунар сөзүнө дайыма «элени» кошуп сүйлөчү. Айылдагылар аны «Эле байбиче» дешчү.

— Үч-төрт күндөн бери жаны жай алалек. Тамакты кайдан ичип жүргөнүн билбейм. Бир тынбайт. Түндө таң кулан өөктө келди. «Апа, уктап калбайын ойготуп кой» деди. Кичине уктасын десем, ойготпой койдуң деп эле алкылдап... Мен байкуш уктасын деген эле жазыгым эле.

— Жумушка шашканынан ошенткендир.

— Шашпаса деле орк этип бир тиет. Мүнөзү өзгөрдү.

Эрмек Абдыразакка келгенде «кой оозунан чөп албаган келин» болучу. Үй оокатка тың, эмне жумуш болсо ирээти менен бүткөрүүчү. Кээ бир келиндин бала төрөгөн сайын ачуусу көбөйүп, «басыгы чыгып» кайненесине акырандап, күйөөсүн башкарымыш этет. Казан аягы босогосунан төрүнүн башына чейин чачыла баштайт. Мунун баарын ал тигил балдарга шылтайт.

Эрмек анткени жок. Бала төрөгөн сайын бала менен кошо мээрими төгүлүп, шайыр, жарокер. Бала төрөгөн сайын ал жыйнак, тыкан, таза, кайненесине кайрымдуу. Кайненеси да ал дегенде ичкен ашын жерге койчу.

Мына ошол Эрмектин мүнөзү өзгөрдү. Өзгөрбөскө арга жок, андагыдай дүйнөкапар үй-бүлөнүн мандайында олтуруп, көбүн эсе үй оокаттын камын ойлочу убакыт азыр кана? Андагыдай тынч уйку, кайненеге кызыл чай кайнаткан келиндин убакыты азыр согушта жүргөн.

Муну Мунар анчейин түшүнбөдү. Эрмектин эрте кетип кеч келгени, ат мингени, сүйлөгөнү, бардык кыймылы ага өөн көрүндү. Ошол себептүү анын «мүнөзү өзгөрдү». «Эри жок аял эсирип кетет, Абдыразак тыйып жүргөн го башта» деп да ойлоду. Кээде Эрмектин мүнөзүнөн кооп санайт: «Кокус Мамбеттин келинине окшоп, балдарын ээрчитип төркүндөрүнө жөнөсө күнүм соолбойбу».

— Кудай келиндин ыйманын аздырбасын.

— Эрмектей ыймандуу келин барбы. Баягы эсиндеби? — Бурмаш борсулдап күлдү.

Мунар арац эстеп, анан күлүп өзү айта баштады:

— Ботом, кечөө жакында эле... жанагы эгизин төрөгөн жылы эле. Үйгө кирдим эле. Кирсем Абдыразак комуз чертип эле. Мандайында Эрмек созолонуп ырдап олтуруптур. Эрмек төшөнчүмдү баса олтуруптур. Колумда депкир бар эле, басып эле калдым. «Төшөнчүмдү тебелеп!» деп. Эртеси карасам чапкан жерим капкара... Кайра апакелеп күлүп эле «ырдап берейинби» дейт. Байкуш келиним...

Бурмаш улутунуп алды. Жакини так ошондой келин болсо ээ? Калп эле бороп-сороп, какыс-кукус кылса. Анда келини каткыра күлүп, же туйтундап таарынса...

Кайненелер кээде, согуш убагындагы келиндерди бир чыц тийбес көрүшчү. Кылдан кыйкым тапса төшөгүн мойнуна салып баса берчүдөй сезишчү. Алардын күйөөсү же баласы калып атыптырбы? Бирдеме десец «Эй кемпир, жаагынды бас!» дебейби.

Эки баласын колунан жетелеп, Зыйнат төркүндөрүнө баса бербедиби. Эми ал кайрылбайт, анын карманаары, алтын казыгы — Кадыры түбөлүккө жок. Кадырдан кийин Бурмаштын бийлиги Зыйнатка кантип өтөт? Зыйнат... Зыйнат, сен муругна жыт кылып олтурган Зар-

лыкка гана асылбасаң болгону. Чиркин дүйнө, аял эркекке гана байланат экен го? Арам түйдөк чачтар эркектин кадырына жеткиле.

Эркектерсиз «түйдөк чачтар» бири-бирин кажашып, коюндарынын жылуусу өчүп түйтөңдөшүп...

Бурмаш ушул үчүн улутунду, ал ушул ойго тамамат чөмүлөт. Шурудай тизилген келин-кыздардын аңкыган өмүрү байыр албай өтүп баратат. Өмүр бирөөлөрдү күтпөйт, бирөөлөргө күйбөйт. Түбөлүк кайрылгыс сапарында маңып кете берет. Жакинди — Жакиндей кылуу үчүн бар эмеспи. Ал үчүн согушту токтоткула, Сардарды үйгө бергиле.

Кайнененин өзү эмне болору оюна келбеди. Ал күн келгиче келинимди колдон чыгарып ийбейин, ага убай көргөзбөй, анын убайын көрбөй калбайын деп санаасы санга бөлүндү, чочулады.

Кээде Жакинди балээ басат: үч-төрт жигиттин курчоосунда шарактап күлүп, кубалашып ойноп жүргөндөй туюлат. Бурмаш түйдөгүн ыргытып талаага шаша жөнөйт. Тезек теримиш этип, чийдин арасынан акмалап күүгүмгө чейин көз салат. А талаада шарактаган жигиттер суюлган, ар ким өз ишинде алек. Ошондо Бурмаш өзүн өзү тилдеп, ичи ачышып ындыны өчүп, талаадан бир кап кайгыны көтөрө албай, тердеп-чардап кайтат.

Балээ чындап башталды. Муруту чычайган жаңы «полдомочу бала» келди. Ал адегенде ар бир үйгө түшүп, ал абал сурап таанышып, өнөктүк болгон жерлерди бүт кыдырып тынбады. Анан имерилип Жакиндин жанынан чыкпай «Ээ кемпир, көзүң кашайды. Жаш болуп көргөн жок белең? Кет ары» дегенсиди Бурмашка анын карааны.

«Полдомочу баланын» тууганы райондо дүңкүлдөткөн кадимки Маамыт башкарма, бул өрөөндөн биринчи болуп «Кызыл Туу ордени» менен сыйланган. Ташы өйдө кулап, айтканы айткандай, дегени дегендей. Ким анын бетине чыгат?

Каңшаарга караганда «полдомочу» менен Жакин экөө мектептен бирге окуптур, партага бирге олтурушуптур, көңүлдөрү да жакын экен. Жашчылык дурт эткен от эмеспи. «Алдаса болот жаш башты-ы...»

Тиги мурутчан полдомочунун колунда баары бар: ата-эне, үй-бүлө, түтөгөн байлык, дөөгүрсүгөн мансап, кадыр-барк; өзү солкулдаган жаш жигит.

Жакин кылт этип койсо тоту куштай таранып, эрке келин болуп үлпүлдөп алардын арасында олтуруп калат.

Бурмаштын эмнеси бар? Эчтекеси... Жок дегенде Жакин эш тутарга Сардардан куш тилиндей кағаз жок. Бурмаш чүкөдөй гана кемпир...

## XIV

Кашка бээнин «ысык тамакка» союлганы жакшы болду. Кеп анын союлушунда эмес, башкада эле. Далайлары: баш көз болчулар согушта. Согуш ак көктүн баарын жалмап жатат. Жаман катын, жаш балдар чыркырап, эптеп күн өткөрөрбүз. «Бардыгы фронт үчүн» деп жатканда биз кантип быягынан жыра талашабыз. Биз анткен күндө да үнүбүздү ким угат деп ойлошкон.

Эми алар да бирөөлөрдү бел кылып белдерин бууду; аларга көз салып, каралашканды мындай кой, аларды тоодой арка кылышат турбайбы.

— Күчүбүздү үрөйлү.

— Колдон келгенди аянбайлы.

— Биз түтөбүз, аттар сокого түтпөйт ко?

— Түтөт. Түтпөсө субайларды, тайларды алгоолойбуз.

Бул сөздөрдү кыртышы сүйбөй чоюштагандар да болду. Өзгөчө Чүкөлөй милдет-сабыт артты:

— Курсагым тойбосо күчүмдү үрөбөйм-этпейм.

— Курсагыңды ким тойгузуу керек?

— Калкоз... Калкоз баксын.

— Анда ошо калкоз үчүн иштегин.

— Иштер убакта иштегенбиз,— Чүкөлөй аксымданат.— Иштебептирминби?

— Билебиз иштегендигиңизди. Байтал бээнин кымызын чайкап ичип, бутуңузду ушалатканыңызды.

Бир даары бул сөзгө күлүп жиберишет. Чүкөлөйдүн мурдун балта кеспейт.

— Эми дале ошентет. Кудай урсун калп айтсам! Эл ооз тие электе Эрмектин кымыз артынып өткөнүн нечен жолу көрдүм. Аныңар катындын «кызыл камчысы» болду го. Мен берма болгондо жылкыны камчыланчу эмесмин.

Эрмектин Зуураканды чаап жибергенин баары уккан. Ал тургай Зууракан жонуна тура калган камчынын та-

гын көргөзүп «жөн эле өтүп баратса туурадан качырып келип, эриң кана деп сабады» деп жарыялаган.

— Жөндөн жөн сабадыбы?

— Жөндөн жөн сабады.— Зуурακан көзүн жаштап бышактайт.

— Көргөн эл барбы? Күбө тартып сотко бер!

Чын эле сотко берүүгө оолугат, а анткенде өкүмат акыйкат сөзүн сүйлөрүнө ишенбей, анын үстүнө Ташматтын соттон качып жүргөнү аз келгенсип, аялынын да соттошкону ага саатын тийгизеби деп, арты-кийинин ойлоп бүжүрөп, ал акыйкатты асмандан күтөт, асмандан тилейт:

— Кудай жеткизет.

«Бечера Зуураканда не жазык? Ал ага эмне кылды? Ташматты Зуурακан качырыптырбы? Ал качырган күндө да Эрмектин кандай тиешеси бар? Ак жүрөгүнө не бересиң?»

Мындай ой жүгүрткөндөр да болду.

Чынында Эрмектин мүнөзү өзгөрдү. Баягы ойноок көзү ойлуу, жүзү сүрдүү тартып, сүйлөгөндө салмактуу, өкүм. Ошо себептүү тели-теңтуштары, келин-кыздары ага көп батына албайт. Бул аны сыйлагандык жана андан жазгангандык да эле. Мындай болмоюнча — күлкүчү менен кошо күлүп, ушакчы менен кошо ушакташып, ыйлаак менен кошо ыйлашып олтурганды токтотмоюнча ал «көптүн бири» Эрмек болуп калмак.

— Зууракανды сабадыңбы Эрмек?

— Сабадым.

— Эмнеге?

— Эмнеге экенин билбейм.

— Билбей туруп кантип сабадың? — Орунтай папиросун ат жалынан алыс ыргытты.

— Кээде адам токтоно албай кетет экен,— Эрмек муңайган калыбын жазбады.— Эгер Ташматтын колуна түшсөм мени сабабай коёбу?

— Ташматтын колуна түшөйүн деп жүрөсүңбү?

— Мен Зуураканга жолугам. Алдына түшөм.

Эрмек Зуураканга барды, анын алды-үстүнө түштү. Зуурακан болсо сурданганын жазбады. Колундагы кетменин кезеди:

— Балдарың бар. Жогол! Тез! Кетмендин кезеги келип калат...

— Зууракан, экөөбүздөн тең кетти. Акылыңа кел. Сүйлөшөлү.

— Сүйлөшөр сөзүм жок.

— Мен сүйлөп берейин.

— А сеникин уккум келбейт! — Зууракан шарт бурулуп басып кетти.

— Зууракан, адамсың. Адамдын милдети бар го... Адам жашоого карыз го?

— Туура. Милдетим бар. Карызмын. Бирок, силерге эмес...

— Анан кимгесиң?

— Ал өзүмдүн ишим. Жогол дебедимби?!

...Анда Зууракандын онбеш-оналты жаштардагы курагы. Булактын көзүндө жаткан ак таштай таптаза, энесинен бөлөк эчким өбө элек, ойносо оюнга, күлсө күлкүгө тойбогон ууз кези. Суудан жүзүн көрүнүп, сууга аш бышым жуунуп, беш көкүл чачынан колу кетчү эмес. Ал олтурган түтүндүн арасы жарашып, ал кармаган кара аяк күлүп турчу.

Ал башкага жаркырап көрүнгөн сыяктуу, ага бүт дүйнө жаркырап, нурланып... Ошол себептенби, ал жаркырактарды жакшы көрчү: күмүш топчуларды, алакандай седептерди күрмөсүнүн бооруна шыгырата кадап, мончокторду тагынып, билерик салынчу.

Эч бир кырсык, эч бир жамандык, эч бир өлүм деген оюнда жок.

Бирок, булар бурчатпай келди. Байкоосуз, күтүүсүз жерден:

Зууракан күн батаарда аттанып өйүзгө жөнөдү. Өйүзгү устадан билеригин алып эмеле кайтат. Чоң суудагы кечмеликти ортологондо жогор жактагы үйөр чатырап жылып, үзүктөй муз аты экөөнү көмөлөтө койду. «А-аа» деп төбөсү менен музга сайылганын гана бир билет.

Ошондо анын бир ууч сөөгү табылса жазында табылып, табылбаса муз менен кошо эрип жоголмок. Зууракан бир канча жыл мурда кыз бойдон, эчтекенин ыракатын көрбөй өлмөк. Эми мобул жарык дүйнөнүн ракатында жашап жүрөт. Жашап жүрөт! Курсак ток болсо, кийим бүтүн болсо—ракат ошол, жашоо ошол деп ишенди ал.

Аны дүйнөгө жашаткан Ташмат! Төбөсү менен жер казса да ага аз.

Жалгыз кызын өлүмдөн куткарган Ташматка ата энеси да милдеттүү болчу. Ата-эне аны алкашып, берерге тамагын, олтургузууга жерин гана тапчу эмес. Ташматты оздорунан түшүрбөй баласындай төргө тайраңдатып; баласынан да ысык:

— Сенин милдетинден кантип кутулабыз?

Кандай кутуларын ким билет эле. Кутулбай экөө тең өлдү. Ташмат экөөнүн өлүгүнүн башында турду. Ообкаттарын иреттеп экөөнө күмбөз салдырды.

Эми ата-энесинин милдети да, баары биригип Зууракандын моюнуна түштү. Ата-энеси түшүнө кирип, сүйлөп жүрдү:

— Милдеттүүбүз... Кантип кутулабыз?

Зууракан кантип кутулмак? Ташмат аны, ал Ташматты сүйөрүн билбей, деле эчтекени ойлобой Ташматка ак шейшебин ачты. «Мейли,— деди ал,— Ташматка аял эмес кул болсом да аз».

Зууракандын боюна бүттү. Ташмат аны тыштап атты. Зууракан ошондо баарынан кечип уу коргошун ичти. Аман калды. Ташматты туугандары кысмалап, кайра Зуураканды алдырды.

— Былжыраба! Башка кесир кылба. Оозу мурдунан чыгып турса.

Зууракан Сагынды төрөдү, Ташмат баласына аябай алынып кетти. Анан колхоздук кызматтарга аралашты. Ал эми башка аял менен көз көрүнөө жүрсө да Зууракан кыңк этпейт.

Зууракан дүйнөдө кырсыктын, жамандыктын, өлүмдүн бар экенин билди. Буларды кудайдан, «маңдайга жазган» жазуудан көрдү. Ошондой болгондон кийин ага каршы турууну, анын жолуна бөгөт болууну, ага өзүнчө ой-пикир айтууну ылайык таппады.

Ага баягы жаркырак дүйнө карала-торала болду. «Муну кылган адамдар. Адамдар бири-бирине жакшылык кылбайт, тыякта согуш, бири-бирин кырышып...» Ташматты ошоякка барсын дешет. Жок... жок... Зууракан баарынан ажыраган, эми Ташматтан ажырабайт, Ташмат анын атасы-энесинин ордун карманаары. Ташматка өтөй элек карызы бар. Ташматка гана карыз!

Ташматтын башына күн түштү, эми Зууракандын кезеги. Ата-энесинин арбагы ыраазы болсун. Күйөөсү душмандашканга душман. Анын «Эмне кылганды мен

кеткенде билерсиң» деген кебинин учугу быяктан суурулган экен.

Зууракан түнүчүндө көз ирмебей жатып ушуларды көз алдына тизмектеп өттү.

Кайда? Кайда баягы жаркыраган, нурланган кооз дүйнө? Дүйнө, жашоо дегендин өзү колдун кириндей нерсеби? Аз күн өтпөй Сагыны менен Зууракан жоголду. Ал «шахтыга барып оокат кылам» деп эки-үч аялга оозунан чыгарган экен. Каякка кеткенин эч ким билбейт. Билген күндө да «Карма эле, карма» деп аны эчким кубалабайт эле.

Алардын тамында ити гана калды. Күчүгүнөн чоңойгон короосунан кеткиси келген жокпу, же аны ээрчитишпедиби, же ээрчисе да кубалап жибериштиби? Иши кылып бул тамга ит ээлик. Ал аябагандай короочу, шырп эткен дабышка үрчү. Эми маанайы пас, үрбөйт. Башка эшиктерди шимшилейт. Күндүз кереллден кечке чычкан андып талаада жүрөт.

Сен кимди кайтарып үрөсүң деп сурардан бетер ал үрбөйт. Бастырманын үстүнө чыгып алып таңга жуук улуйт. Мурдун көтөрүп абаны жыттап алгандан кийин улуйт.

— Чык э...

Бүгүн Бурмаш эне кубалады, тигил ит араак туруп алып мурдагыдан муңканып улуду. Таң ык салып калса да ээси жок ээн тамдан жазганып, бир чети иттин уңулдаганы капкаяктагы санааларды козгоп үйүнө кирип кетти.

Жакин от тамызып коюп, жүзүн жууп жатыптыр.

— Жакин, ойгондуңбу, садага?

— Ойгондум апаке!

Кол ийиктей эпилдеген келинине Бурмаш суктана карады: бөйтөйүп, таптатынакай: кечөө чарчаган, түндө кээр оокат менен кеч жатканы билинбей кыргыйдай болуп.

Зарлык ыйлап ойгонду, ал беш-алты күндөн бери чыргоолойт. Беш алты күндөн бери үй ичиндеги үчөө аны менен алек. Зарлыктын кичине эле күлүп, ойноп койгону үчүн үчөө баарына кайыл.

— Садагасы...

— Мээнетиңди алайын...

— Өпкөмдү чабайын кубат...

Жакинди Мамбет, кезек-кезек Бурмаш кой десе да болбой, таң аппак атмайынча далай жерге чейин узатышчу. Кечинде тосуп алышчу.

— Жарыктыктар десе. Эсим чыкпайт. Эл менен барам, эл менен кайтам.

Бул сөз эки карынын кулагынын сыртынан кетчү:

— Аны биз деле билебиз. Тоскубуз келип атпайбы.

Эки карыны кээ бирөөлөр туура көрбөдү; тескери ойлошту.

— Обу жоктор. Келинин кайтарышкан го.

— Капырай десең, кайтармактан...

Бир жолу бул сөздү угуп калып, Жакин тикирендеп коё берди:

— Оозуңарга карап сүйлөгүлө!

Бара-бара ал кайната-кайненесинин бужурөп узатып, же тосуп алып турганына аябай көнүгүп кетти. Мында келинди кайтаруу эмес, бири бирин сыйлоо, бир үйдөгү ынтымак, адамкерчилик чоң сезим бар эле.

— Апаң... мынакей апаң.

Азармандан-безарман ыйлаган Зарлыкка ушинтип Жакинди көргөзгөндө, ал көпкө тиктеп, анан улутунуп мойнуна асылчу. Барар менен ал Жакиндин көкүрөгүнө колун салат. Жакин уялып, аны көтөргөн бойдон көшөгөгө кирип, ага эмчегин аябай карматып, көңүлү жайлангандан кийин экөө кубалашып чыгышат.

Азыр да солуктап Жакинге жармашты:

— Апа-а... аа-а.

Ал алаксып ажырабагандан кийин, Жакин бооруна кысып, берки экөө ээрчип талааны карай басышты. Эми Жакинди жумушка үчөө узатып баратышты. Бири-бирин кыйышпаган үч адам, үч жүрөк. Дүйнө, күн ого бетер кенип, жаркырап; аларды капа кылчу, алардын колунан Зарлыкты тартып алчу эчким жоктой.

Жок, андай болбоду. Алардын жолун атайлап тосуп, андып тургансып мобу колоттон Зыйнат чыга калды. Өзү «чыштай» кийинген, аты кара терге чөмүлгөн.

Амансыңарбы дегенге жарабады:

— Айланайын балам. Баламды кууратышкан экен! Каран күн, өңүнөн мынча эмне аскан? Сүлдөрү калган тура. Таң атпай талаага көтөрүшүп... Катүгүн...

Зарлык көзүнөн онталаа жаш төгүп Зыйнатка боюн таштады; Зыйнаттын мойнунан кучактап көкүрөгүнө башын койду.

— Апа-аа...

— Апаң сенден тегеренсин,— ал Жакинди силке баланы колуна алды.— Катугун, көпөлөк болуп калган тура. Балам мусапыр болуп калган тура. Тамак беришкен эмес тура...

— Жеңе, байкап сүйлөсөң. Кантип эле...

— Мен сага жеңе эмесмин.

— Жеңе,— Жакин кайра эле жеңе деди,— эки карынын кадырын сыйласаң боло?

— Эки кары багынан көрсүн! Үнү кудайга жетсин! Каргышы германга тийсин!

Зыйнат баланы өңөрүп атынын башын бура тартты.

— Жакшы тургула, таарынбагыла. Таарынсаңар таалайыңардан көргүлө. Мен да энемин. Мага да бала керек! Энелик карзымдан кутулайын. Канаттууга кактырбай ,тумшуктууга чектирбей багам. Мага да бала керек. Кошкула!

— Зыйнат балам...

— Зыйна-ат...

— Жеңе-е...

Ал үчөөнүн үнүн уккан жок, анын дүйнөсү кеңип, күнү жаркырады. Ал тиги карыш жердеги Мамбеттикине кайрылып, балага эртең мененки насипти ооз тийгизбеди. Ал тургай Бурмаш чөнтөгүнөн сунган кыпкызыл көмөчтү Зарлыкка алдырбады. Артына кылчайбай, акырындаса бирөөлөр жетип, karaктап калчудай коктуну шаша өрдөдү.

— Ата-а балаң кур ай ээ...

— Зарлыгы-ым...

— Кадыры-ым...

Эмелеги жаркыраган үчөөнүн күнү быркырап, базары түгөнгөндөй. Бири-бирин карай алышпай, караса эле Кадырды жаңы угузгандай эчкирип жиберишчүдөй, бул жерге аркандап койгондой айланчыкташып, дагы эле үмүт үзбөй коктуну карашат.

Жакин жумушу жакка кыйла узады. Берки экөө бөжөйүшүп эми араң үйлөрүн көздөй басышты. Ал экөөнү караганда Жакиндин көзүнө Пушкиндин «Алтын балык» жомогундагы сынган тепшинин жанында турган чал-кемпирдин сүрөтү элестеди. Зарлык экөөнүн «Алтын балыгы», чалкыган океаны, дүрдүнүйөсү — кубаты болучу. «Алтын балык» куйругун сууга бир чаап коктуну өрдөп

кетти. Ал экөө дагы он жылдык кубаттан ажырап, дагы он жылга картая түшүштү бекен?

«Бала деген бүткүл дүйнөдөн, жаштык өмүрдөн, сулуулуктан артык турбайбы — деп ойлоду. Оо, ал баягында, таенеси менен ойноочуда таенесинин батасынан чычалачу. Бетине баланын шилекейи тийсе жийиркенип, колу кийимди булгайт деп каччу эмес беле.

Жок, токто, келин деген бала төрөө керек экен...

Жакин ушул азыр бүткүл дүйнөнү, толукшуган жаштыгын, сулуулугун — баарын бир балага... бир гана балага алмашкысы келди.

Жакин бала төрөгүсү келди. Эмеле эркекке жолугуп... бат эле...

— Ой, Жакин!

Жакин чоочуп ары аттады.

— Эсиң чыкпасын сулуу! — «Полдомочу бала» ат жалынан эңкейип ага колун сунду. Жылмайганда эки уурту жаян балыктын оозундай кулагына чейин чоюлду.

## XV

— Кудай мындай урчубу,— Орунтай капаланып ары бери басты. Анын капаланганы жөндүү. Күндөр салаадан чубургандай өтүп жатат. Бүгүнкү күн эртең жок, эртең иштээр жумуш башка. Жаздын жумушу жазында гана керек.

Жазыңдын бүткөн бою жибип, эми согушуң менен, күчүңдүн кемип жатканы менен иши жок тор-талаага чачыладай чачылды: «Эмне кылсаңар өзүңөр билгиле адамдар. Эркиңердемин...»

Мал күндүр-түндүр төлдөдү: «Бизди баккыла... Бизди саагыла... Бизди көбөйткүлө... Силер адамсыңар!» Кызык, ушинтип жандыктардын тукуму көбөйүп жатканда, адамдардын тукуму азайып, капкаяктагы бир согушта кырылып...

Суулар күргүштөп акты: «Мени керегиңерге жумшагыла... Мени кубанткыла... Мени байлагыла... Силер адамсыңар!» Кызык, ушул сууларды байлай турган адамдардын каны капкаяктагы бир согушта суудай акты.

Уч-кыйрына жетпей талаа керилип жатты: «Мага үрөөн сепкиле... Мага береке төккүлө. Силер адамсы-

ңар!» Кызык, капкаяктагы бир согушта ушундай талаанын куту учуп, үрөөнү тепселип, талаа жараланды.

Орунтайдын колхозу мобу талааны — четин өзү басып турган талааны айдап бүтөрү арсар. Айдабагандан кийин үрөөн себилбейт. Үрөөн себилбегенден кийин баласын ачка кылуу. Балдарды ачка кылуу. «Абдыясактын колхозун» ачка кылуу. Жок, колхоз армияга да эгин берүү керек го?

— Кудай мындай урчубу?

«НАТИнин» алдында чалкасынан жаткан Төлөгөн унчукпайт. Попиросун шыпкай тартты, бир соруму калып калбадыбы дегендей имере карап туруп, тигиндей ыргытты. Анан чоң ачкычын алып бирдемесин бурай баштады.

— Ой айланайын, эмнеси бузулду?

— Бавид эрип кетти.

— Ал эмнеси?

— Ошонусу.

— Дагы эмнеси бузулат? — Орунтай ачуулана сурады.

— Кыладыш..

— Анан дагы?

Төлөгөн шатунду чыгарып ары тоголотуп койду. Анын ушинтип улам бир темирин чыгарып жатканы Орунтайга жакпады. Тракторист тракторду башкармага өчөшүп, атайлап бузуп жаткандай. Ага бирдеме деп жинине тийүүгө тил кыска. Анда анык балаага калганың. Трактор оң болсо да «бузук» деп айдабайт, шылтоо таап башка колхозго трактор-мрактору менен кетип калат. Трактористтер ошондой чоң болчу.

— Анан дагы бузулабы?

— Паттажка тартам.

— Анан?

— Радыяторунан суу агат.

Орунтай чыдай албай кетти.

— Бу тракторундун бузулбаган күнү болобу?

— Өзү ошондой... бузулчаак... Нати...

— Анан шылтоолоп жата бересиңби?

— Чуркайынбы? Трактор болоюнбу?

— Төлөгөн, кер какшыкты кой. Жер кургап баратат,— Орунтай талаага колун шилтеди.— Карасаң айланайын, жер кургап баратат. Ишенгенибиз сенин трактрин. А сенин кебетең бул.

— Өлүп кетейинби?

— Өлүп кет деген эчким жок. Жер кургап баратат. Трактринди жүргүз!

— Ишенбейсиңби, мына! — Төлөгөн трактордун алдынан тура калып, ачкычтарын Орунтай жакка ыргытып ийди.— Ишенбесең... айда өзүң! — Ал күбүнүп-кагынып боростун кырына олтуруп алды. Көпкө буркуюп унчукпады.

— Өзүңүн жолуң жаман. Иши илгери башкармага трактор өзү жүрөт.

Орунтай ызаланды. Анын жүрөгү туз куйгандай ачышты. Ушинтип, ат минип чабагандагандан көрө бир трактордун тилин билсе эмне? Анан ал тигил ачкычтарды кантип алат? Алган күндө да кайсыл ачкыч кайсы буроого түшөт? А бурап койсо эле трактор жүрүп кетеби?

Мүмкүн трактор бузуктур, жаман ремонттолгондур. Аларды билбей туруп «жата бересиңби» деп кантип айтты.

Ооба, ал трактордун бир буроосун билбегенине ызаланды. Анан элди башкарат, башкарма ээ? Орунтай башына иш түшкөндө ойлонду. Эмне үчүн эми ойлонот. Мындай күндүн келээрине эмнеге камданышпады? Мындай күн келбегенде да бирдеме билсе жаман болот беле?

— «Матай махорканан».

Орунтай тамеки баштыгын алып унчукпай, өзүнө бир тартым калтырбай Төлөгөндүн алаканына күбүдү. Төлөгөн бул өзүнүн махоркасынан бетер, аны тигиге каттырып койгондой, эми кереги тийгенде кыпыны сага калбасын дегендей колун тартып алган жок.

— Кагаз.

Орунтай кагаз берди. Тигил колтойтуп папирос ороду.

— Ал эмнеңер?

Орунтай эчтемеге түшүнгөн жок.

— Эмнени айтасың?

— Эмнени дейт,— Төлөгөн папиросту кере соруп, бир топко тултуюп дем чыгарбай турду. Папиростун түтүнү оозу-мурдунан, кулагынан бери булап чыгып, төбөсүнөн жүлүндөй болуп созулду.— Атты жыгып алыпсыңар.

— Эмне ат?

— Мага берген атты жыгып алыптыр, аялымдан. Менин аялымдын мага берген атты минүүгө укугу жокпу? Бар укугу...

«Трактористке убал, жумушу оор, үйдөй темирди жылдырып жүргөн оңойбу? Кечке сасык май жутат, карала-торала май денесинен бери сиңет. Буга тамакты күчтүүлөбөсө болбойт». Колхоз ушинтип трактористтерди тосчу. Алардын оозунан илеп чыгарбай айтканын орундатышчу.

Төлөгөн келерден эки-үч күн мурун Ысак түтүнмө түтүн кыдырды:

— Ой, жумуртканар болсо бергиле, трактирис келатат.

— А трактирисиң эмне кылат, жумуртка басабы? — деп кээ бирөө куудулданса, кээ бирөө Ысактын өзүнө асылышат:

— Ысаке жумуртка издеп калыпсың...

— Э атаң көрү калжырабачы,— Ысак тигилердин сөзүнүн аржагына түшүнөт. Токтобой «Тактекесин» шыпылдатып өтө берет.

— Бизге «Жумурткачы Төлөгөн» келатат.

МТСта эки Төлөгөн бар. Бирөөнү «Жибек Төлөгөн» дешчү, чынында эле жибектей созулган жигит. Ал колхозго келгенде өзүн МТСтин трактористи катарында сезбей, ошол колхоздун мүчөсү — трактористи катарында сезип, башкарма бригаддын тилинен чыкпай, алардын түшүнбөгөндөрүн түшүндүрүп: трактору да бузулбай, бузулбагандан кийин өзү да карала-торала май болбой таза иштеп, таза жүрчү. Мага «Жибек Төлөгөндү» жибер деп башкармалар МТСтин директорунун тынчын алышчу. «Тракторисиң жаман немелер. Бок ооз сөгүнүп» дечүлөр «Жибектей Төлөгөндөн» кийин трактористтердин арасында «тарбия-таалимдүүлөр» бар экенине ишенишип, ага «үчүң узартты» айтып бапыракташчу.

«Жумурткачы Төлөгөндү» укканда ага иши түшкөндөр да, түшө электр да жаа бою каччу: «Тоок фермасы бар колхозго жибергиле аны». Бул райондо «тоок фермалуу» колхоз жок.

«Жумурткачы Төлөгөн» колхозго кеч бешимде келип, тракторун жолдун таманына дүкүлдөтүп токтотуп койду да, магазинге кирди. Жанында узун бойлуу, чапжаак аялы Тумар бар. Тумар башына ак болотной жоолук салынып, ак күрмө кийген, бутунда көлөш-маасы.

— Бизге ак эшин келген го? — деп жолдун аркы өйүзүндө өтүп бараткан бирөө күлдү.

Эрди-катындын эчтеке капарында жок, шашпай эки жакты карашып кабинага олтурушту. Трактор жүрө берерде Тумар кабинаны ачып, башын соксойтуп «азыр катуу жүрөт, тепселип калбагыла» дегендей алды-артын карады. Тетыяктан келаткан атчанга «жолдон кач» дегендей кол шилтеди.

Тумардын талтекеси эртесинде эле башталды. Талаадан тракторду айдатып дүкөнгө келди:

— Кампут, пычаныя алам.

Ысак алардын бул жоругу жакшы эмес экендигин айтканда «кодойгон өлүгүнү... биргадасы ушубу» деп Тумар аны кемсинтип турду. «Кожоюн болгусу бар, кодогойдун...»

— Жер баткак, кантип жүрөм.

— Тигилер кантип жүрөт? — Ысак камчысын сунуп, кечке жумушта жүрүп, кечинде куурай, тезектерин көтөрө кайтышкан аялдарды көргөздү.

— Апей, кандай эмесиң. Мен ага көнбөгөм.

Тумар чынында эле кара жумушка көнбөгөн. Ал райондун борборунда туруп, жазында трактор кош айдоого чыкканда талааны, колхозду көрчү. Эгер күйөөсү тракторист болбой, райондогу бир аркандап койгонсуган мекемеде иштеп калса, анда сокурдун таягынын учу гана жеткендей — алакандай элди-жерди көрмөк экен.

Ал өзүн бактылуумун деп ойлочу. Төлөгөн аны менен кыз кезинде жүрдү. Анан ал эки баласы бар аялын кубалап ийип буга үйлөндү. Экөө ынтымактуу. Ооба, Тумар бактылуу: Төлөгөнгө «бурон» беришти, ал согушка барбайт. Тумар анын «Натисинин» кабинесине түшүп, кийбегенди кийип, ичпегенди ичип жүрө берет.

— Төлөгөн дейм... жумуртканын агын жейм. Сарысы какатат.

— Агын жей гой.

— Сен да же, — бир жегенде жыйырма-отуз жумуртка жеген Төлөгөнду дагы шыкайт. — Жей бер тартынбай, сени жумуш жедирип атат.

— Ырас айтасың, Тумаке.

Аны Төлөгөн кууп жиберген эки баласынын ордуна эркелетет. Эрке катын ансайын алчактайт.

Ал кээде эт жегенде колун силкип кесирленип, эттин арасынан эт тандайт:

— Аный... Тил жейм... жаак жейм.

— Тууураган эттен же, Туман...

«Туман» Төлөгөндүн ийнине башын коёт:

— Аный, уктайм...

Тумар ушинтип чүйгүн тамактарды ичпей жатканда Төлөгөндүн кетирген балдарынын кабыргасы саналып, кулагынан күн көрүнүп «май ичме» болуп жүргөн.

Тумар чүйгүн тамактардан тажаганда төркүндөрүнө баратты. Мингени килейген карылуу ат, кийингени ак эшендей. Анын «жер кургап баратканы» менен, трактор бузулуп жер айдалбай, тукум себилбей каңырык түтөгөнү менен иши жок. Ал баланча айылга барса, түкүнчөнүкүнө консо...

Ошон үчүн Эрмек атты жыгып алды.

— Төлөгөнгө айтам.

— Төлөгөн эмес, машаягыңа айт! Өттү силердики.

Эрмектин минтип ызырынганы, Орунтай, Ысактардын Төлөгенгө наразы болгону ошо бойдон тынчып калган жок. Көздүн майын түгөтүп, Төлөгөндүн НАТИсин карап олтуруу пайдасыз экендигине көздөрү жетти. Ал бузулмайынча жүрбөйт. Анын үстүнө «Жумурткачы Төлөгөндү» эми үч колхоз суусап күтүп турат.

Орунтайдын «кудай мындай урчубу» деген сөзүнүн башка мааниси бар эле: «Аялдар укугу», «аялдарга теңдик» деп коюп, алардын колуна эркек менен теңтайлаша турган укукту берише элек экен. Аларды аялсынтып мобу колдо бар техниканы үйрөтпөй, окутпай; ээлик кылып мал бактырбай... Ооба, аларга теңдик берип, анык тең кыла турган эмгектен кемитип. Бүгүн бир аял мобу талааны дүркүрөтүп трактор айдап жүрсө, жаман болмокпу? А тиги Төлөгөндөр эртең согушка жөнөсө ал тракторго ким ээлик? Ырас, бирин эки аялдар бар, МТСта окуп да жүрүшөт.

«Аз. Баары кечигип жатат. Тирүү жандар бүткөрүү керек! Жер үстүндө жалгыз киши калса да он киши үчүн жашап, он кишинин жумушун жалгыз аткарат. Ал эми жер үстүндө жалгыз эле киши калбайт, адам тукуму апаат болбойт. Согуштун огу бүткөн боюн тамтыксыз көзөсө да адам тукуму кайра өсөт».

Күүгүмдө кеңсаларга көп эл чогулду. Алардын сөз кылганы Жолборс:

— Ой азамат!

— Ал ошондой эр неме болчу.

Жолборстун жайын жаңы угуп чуркап келгендер мурдагы уккандарды тарткылайт:

— Эмне дейт, айтып койсоң?

— Айтсаң бат эле?

— Эмне эрдик кылыптыр?

— Жолборс Нурпачаев, биздин колхоздун барсканчысы,— дейт бирөө маалкатып, тигине ого бетер чычкылантып,— ал акмак барскан менен Берлинди бир чап десек тил албаптыр. Берлинде күнөөсүз кишилер бар, баары былчыйып калат дептир дейт.

— Тамашанды коюп жөн айтчы?

— Жолборс барсканды таштап «Аткычтар дивизиясында» экен. Ал тыякка барып аткыч болуп кетиптир. Эми күнөөлүүлөрдү бирден терип көзгө атып жатыптыр.

Тургандар кыраан каткы сандарын чаап күлүшөт.

— Жөн айтып берчи.

— Ошо Жолборстун баталону душмандын курчоосунда калыптыр. Ага болбой душмандардын танкилерин жарып, кишилерин өлтүрүп кутулуп чыгышыптыр. Көп зыянга учуратып, эки опицерин туткунга алышыптыр.

— Жолборс жалгызбы?

— Жок,— тиги колун шилтеп койду.— Иванов, Хажиев, Мухудинов дегендер. Кезиттен окуп алчы мээмди ачытпай.

— Командованиянын атынан Нурпачага алкыш келиптир.

— Эмне деп?

— Уулуң эрдик көрсөттү. Ракмат деп...

Чогулгандардын сөзү жалаң гана Жолборс жөнүндө болду. Жолборстун барскан чапкандан башкасын көрбөгөндөр, анын колунан келбеген дүйнөдө эчтеме жок дешип, ал мобу колхоздо билинбей жүргөндүгүн; ал согушка барардан мурда эле согуштун стратегия, тактикасын эң жакшы билген генералдай жерге-сууга тийгизбей мактаашты. Согуш бүткөндөн кийин алардын жаман көчөсүндө заңкайган бир генерал басаарын элестетишти; жок, ал генерал чоң шаарга кетип калат, самолетко салып Нурпачаны ала кетет, ал апапак абышка болот дешти кээ бирөө.

«Менин Каниметим кайда экен, билет бекен» деп сурайын деп Салый Шаршебүбүгө шыбырады эле, ал «Кой, мындай жерде керт башыңдын камын жегениң уят» деп тыйып койду. Өзүнүн ал-жайы, ойлогон ою жөнүндө көпчүлүккө айтса боло тургандыгын Салый деле билет, бирок ушунча аял күйөөсүн сурабаганда

анын сураганы олдоксонураак, мүмкүн тигилер Салый күйөөсүн сагынып, уялбай, бир чети оокат кыла албай сурап жатат деп ойлойбу; же кокус артыкбаш сөз айтып ийип, бүгүн күлө албай араң тургандарга күлкү боломбу, кийин Каниметти кепке-сөзгө сындырамбы деп ыйбакты.

Ал Нурпачадан көзүн айырбады. Нурпача он жылга жашара түшкөндөй: чапанына батпай, сакалын сылагылап, бакжаңдап баш ийкегилейт. Жер жайнаган колду башкарган командирден алкыш алган ал кубанбаганда ким кубансын. Адамдар ушинтип кубанып, деле адамдардын башынан кубаныч кетпесе экен.

Анаң Бактыгүл... Талаада кал атың менен! Кечээ эле майдай-сүттөй жүрүп, Жолборс согушка жөнөгөндө шолоктоп жашын төккөнүн айтпайсыңбы. А бүгүнкү кылганы ал. Салый өз көзү менен көрдү. Түштө сокодогу аттарды отко койгондон кийин суунун нугун бойлоп дүмүр терип жүрсө аңдын ичинен аттын кулагы, ээр токуму чыгат. Аңга кептелип калган атпы деп барса, Бактыгүл бир жигит менен кучакташып жатат. Аки-чүкүсү менен иши жок:

— Бактыгүлсүңбү?

Бактыгүлдүн мурдун балта кеспей, магдыраган уйкудан неге ойготтуң дегендей, тигини көзүн чанагынан чыгара тиктеди:

— Өлүгүңдү көрөйүн сасык тумоодой болгон, бул жерде сага эмне бар?

— Атаңдын башы бар!— Салыйдын жаны кашайды.— Маскара!..

Ал ошол күнү кечке үндөбөй, чуркап барып «маскаранын» бетин тыткысы келип, анте албай, өз бетин өзү чоюп, өзү күнөө кылгансып бир бозоруп, бир кызарып жүрдү. Ал Бактыгүлдүн кайната, кайненесин да сыйлабасын билди. Нурпачаны «кызыл көз» деп, Асылды «дың кулак», «кереӊ» деп көзүнө илбейт экен. Кайнене, кайнатасы жок, жалгыз бойлук зарын тартып жүргөн Салый эки «жарыктыкты» ата-эне кылып, төрүнө олтургузгусу; Бугусуна чоң эне, чоң ата таап, үй-жайдан санаасы тынгысы келди. Бирок, алардын үй-жайы келини бар. Нурпача бир үй эмес, бир колхоздун демдүү карыясы.

Салыйдын кайнатасы, кайненеси болсо эмне? Кандай кастарлап бакмак эле? Ал Нурпача, Асылды келини

болсо да Бактыгүлгө ыраа көрбөй, эри болсо да Жолборсту Бактыгүлгө чендетпей, ушул үй-бүлөнү Бактыгүлдөн кызганып, Бактыгүлдү «жер соруп кетсин» деп өз оюу менен алек болуп олтуруп, Орунтайдын чогулгандарга эмне деп сүйлөгөнүн укпай да, байкабай да калды.

— Мен!— деп Нурпача ордунан турганда, аны карап турган Салый белимчиден бетер ордунан тура калды:

— Мен!

— Мен!— деди Ракыя.

— Мен!— деди Эрмек.

Орунтай, Ысак Салыйга күлүмсүрөдү. Адегенде эмне үчүн «мен!» дегенине коопсунуп, анан Ракыя, Эрмектер аны туурап, кийин Орунтай, Ысактын күлүмсүрөгөнүнөн улам «мен» деген<br>им ырас болгон го деп жүрөгү бөксөрө түштү.

Ал эшикке чыкканда гана укту: түнүчүндө, айдын жарыгында соко айдашат. Эл кужулдап тарап баратышты:

— Аттар түтөбү сокого?

— Кысыр бээлерден, субайлардан алгоолошот.

— Эмне кылса да түнүчүндө айдабайм.

— Жилигибиз үзүлбөйбү.

Салый бул сөзгө жооп кайтарды:

— Жер айдалбаса, жилик ошондо үзүлөт.

— Көрөбүз дымагынды,— аркы калпакчан өзүнчө кергиштеди.

— Тим кой активдерди,— деди жанындагысы.

Өзүн активдерге кошуп сүйлөгөнгө көңүлү көтөрүлүп, чын эле түнүчүндө соко айдаарына өзүнө ишенбей, эгер айдап калса жаза баспаган Чаар атты бороско салууну ойлоп, Чаар аттын күчүнө ишенип, тоо башында калкыган айды карады.

Эртеси колхозго повестка келди. Эркектер дагы согушка жөнөдү. Орунтай да жөнөдү...

Төрт күнү жүрдү, «паттажка» тартты. Жогорку колхоздорго «завчас» тартып бараткан МТСтин машинеси аны бу жерге түшүрдү. Күндүн мурду жаңы чачыраган.

Төлөгөн колун серепчиледи. Өз көзүнө өзү ишенген жок; мобу мунарыктаган талаа анын жүрөгүн өйүгөн. Кантип айдайт? «жалгыз айдап бүтүрөмбү? Ошол та-

лаанын топурагы күн нуруна, көз жеткен жердин баарында жалтырайт.

Ал таңгала илгери басты. Кантип эле ушунчалык айдап жибериште? Кимдер? Бул бир укмуш, бала кездеги уккан жомок.

Белдерин чечпей, каамыттарга башын коюп уктап жатышат. Жоолукчандар... тебетейчендер. Жандарында эмеле ат башынан шыпырылган жүгөндөр. Эмеле бир үн «тургула!» дешсе, тигил жүгөндөрүн колдоруна кармап, көздөрүн да ушалабай эмеле тура жөнөшчүдөй. А мобу топойгон тончон кайсы балдар? Алар күндүн тийгенин туйбай, күндөн жүздөрүн кымындай жыйырбай «тай жеген бөрүдөй» суналышкан. Бах, уйку ай!

Жоону жеңгенден кийин ээрлерин баштарына жаздап уктаган жомоктогу кошуун көзүнө элестеди. Жайдак ат минип кошуундан кечиккендей Төлөгөндүн ичи тызылдады. «Матай махорканын» оту алда качан өчүп, аны ушалап салганын да билбей, тегеренип талааны улам-улам карай берди. Күнү-түн жаагын баспай тытыраган «ЧТЗыны» да эми көрдү. Ал эрдин кесе тиштеди...

## XVI

Сенин колуң жетпеген жерге барган кат... Сенин атабабаң көрбөгөн жерден келген кат... солдаттын каты... Кан кечкен жерден аман эсен чыгып, далай жол басып, колдон колго өтүп сага жеткен кат.

Сен, согуш убагында, согуштагы жакыныңдан кат күтүп, каты келбей улам эртесинде көзүңдөн жаш кылгырып, жедеп куса болуп бүткөнүңдө кат алып көрдүңбү? Фронттун катын...

Антпесең, сен каттын кадырын, баркын али билбейсиң. Кээде, катта бар болгону мобул гана сөз:

«Аман эсен турасыңарбы. Мен аманмын. Бул катты алдыңкы линиядан жаздым. Айланабызда мина жарылып жатат. Бир аздан кийин чабуулга өтөбүз. Көрүшөбүз. Кош, жакшы тургула».

Ушуну окуп алып, кайра-кайра окуп, ар бир жакшы санаалашка окуп, жүрөккө бекем кысып, күнү-түнү окуп түгөтө албай, окуган сайын кубат-дем байлабадыкпы... Жакып менен Алмаз согушка жөнөгөндүн эртеси Сагыйда мээлей түйүп кирди. Сырты чыйраткан жип,

а ичи уядай жыпжылуу мээлейди көрүп Алыйма тигини нукуп койду.

— Кайсы күйөө балага?

— Мээлей берип жагынбайм.— Сагыйда көзүн сүзүп чыртыйды.

— Көрөбүз убагында,— Алыйма сиңдисин эликтеп, аны туурап чыртыйды.

— Сен көрбөс, сен жетпес жерге кетем, эшиктин алдынан кантип күйөө издейин... Сенчылап... Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт.

— Арам бейбак,— Алыйма шакылыктап күлгөн Сагыйданы жаза буза бир муштады.

Ошол күнү бешимге чейин Сагыйда Кашка-Кыядан көзүн айырбай, Кокомбай көрүнгөндө алдынан тосо чуркады:

— Ата, мобу мээлейди кийип алгын.

Кокомбай аный дебеди; жупжумшак, колуна чак мээлейди шашпай кийип, кармалап, бул мээлей менен кошо дагы бир сөз айтылаарын билип, ошондо анын каны жүрөгүнөн эмес, колунун башынан бери чуркап, тизгин чылбыры алаканында чоктой ысыды.

— Ата, Алмаз байкемден келген катты мага гана бер.

— Макул айланайын,— Кокомбай кичине бастыра түшүп кайра бурулган.— Жакыптан келсечи? Кимге берейин?

— Өзүнө.

— Өзү ким?

— Кемпири.

— Чунак десе,— Сагыйданын ачык мүнөзүнө Кокомбайдын ичи жылыган.

Кокомбай ошол убадасынан тайбады. Алмаздан кат келген күнү эчкимге карабай, эчким чакырса токтобой мектепке чабат. Турникке атты байлай салып, Сагыйданын классына каалганы какпай кирип барат.

— Кат!..

Ушинтип, Алмаздан кат келгендиги адегенде бир класска, анан бу мектептин окуучуларына тарайт. Алмазды аймактагы окуучулардын баары билишчү. Анткени ал «Жакып агайдын уулу». Анын үстүнө Октябрь майрамы болгон сайын ызылдатып чаап баратып, оң жагынан да, сол жагынан да тыйын эңгенде кайсы баланын көзү чачырап Алмазды тиктебеди дейсиң!

Алмаздан кат келгендиги ошол эле күнү айылдын баш аягына, ал тургай башка сельсоветтеги өздөрүнчө үй-жайлуу эжелерине жетчү. Эжелери «көзгө басардын» катын колдору менен кармалап, катты Алмазды жыттагандай жыттап, эмне жазганын окутуп угуу үчүн быякка жөнөшчү.

Ошондогу Сагыйданын жоругу.

Ал биринчи эле мектептин алдындагы Алыймага чуркап барат да конвертти көкөлөтөт:

— Ой, Алыйма, кат!

— Ий кудай, Алмакенин катыбы? Сакинтай...

Сагыйда Алыймадан арылап качып маалкатып окуй баштайт:

— Кымбаттуу карындашым Сагыйда,— ал, көрдүңбү, мени биринчи жазыптыр дегендей сөөмөйүн чекесинен жогору көтөрөт. Чынында өзү каттын аягында, тиги Алыйманы чычалатуу үчүн атайлап ойлоп тапканы. — Карындашым Сагыйда,— деп ал дагы токтоп, эркектей мурут чыйратат,— төркүнү жакын төшөгү жыйылбаган...

— Жөн оку дейм, бейбак!— Синдисинин жоругуна күйүп-бышып Алыйма качырып сала берет, анын ушунусуна кандим болгон Сагыйда улактай секирип көздөн кайым. Ал чымын-куюндаган бойдон Айшага жетип, аны моюндан алып, чоп эттире бир өөп, Алмаздын катын бежиреп окуп кирет.

Алыйма күйүгүп-демигип эшиктен кире бererде аңдып турган Сагыйда булт этип чыга качат.

— Апа, кызыңды кой дебейсиңби,— Алыйма ызаланып бир тийгенде Айша кебелбей, эки кызынын ушинткени алардын баягы балалыгын элестетип, сары санаанын баарын унутуп, жаны жыргап бажырайып чекесинен ымшычу.

Эжелери Алмаздын ордуна каты менен ойношуп, аны дүйнөдөгү акылдуу бала деп макташып, катты ортолоруна коюп коюшуп, ортолорунда Алмаз олтургандан бетер ага колукту тандашчу. Жок, жер үстүнөн Алмазга тең келер колукту табылчу эмес. Анда колуктуну Алмаз өзү ээрчите келет. Орустун жакшынакай кызынан... «Кимибиздин түшүбүзгө кирер экен» деп беш кыз Алмаздын катын жаздыктарынын алдына коюп

укташчу. Деги кат менен кыздар далай алакеттен өтчү.

Сагыйда атасынын каты менен балалык кыялын салып ойной албайт. Ал Жакыптын катынан ыйбагып, аны ызааттап; ал катты окуганда Жакыптын үнү угулуп, ал акыл насаат айтып маңдайларында олтургандай; чынында эле Жакыптын катынан кийин бул үй-бүлө бири бирине ого төтөн ысык көрүнүп, кайдадыр алыста жүргөн жакын кишилердин ортосу жакындап, жашоодо-турмушта кыйын эч нерсе жоктой. Эгер болсо аны оңой олтоң жеңүүчүдөй туюлчу.

Көп аял, көп үй-бүлө фронттон кат алганда маңдайы жарылып сүйүнсө, Ракыя далайга күйгүлтүк тартты. Жок, катта күнөө жок. Күнөө аны жазган кишиде. Кымындай каттын ичинде кыжылдаган ийнелердин учтары ачаарың менен көзүңө, жүрөгүңө сайылат. Көзүңдөн жашың мөлт этип, жүрөгүңдүн тушун басасың.

Ашыр сөөктү жашытат, өлөөрүн күткөн кемпир сыңары бышактап кат жазат:

«Ракыя, опасыз дүнүйө деген ушул. Кантейин, ырысым жок экен. Мындайдан көрө төрөлбөй койсомчу. Оюмдагынын баары аткарылбай калды. Эми жакшылык көрөрдө минтип... Силер эл ичиндесиңер, мага кыйын. Жаман айтпай жакшы жок, кокус көз жумсам...»

Ракыя төбөсүн басып олтура калат, катты ыргытып иет. Бирок, катта эмне жазык. Бекем тиштенип окуп чыгат. Окуп чыккандан кийин анын кулагына өкүрүк угулат. Турам деп ордунан тура албай, жер көчүп далайга олтурат. Ал түн боюнча уктабайт. Эртең менен төбөсү какшап шакыйы кармап калган болот. Жок, ал мобу катка, ага кошумча болгон шакыйга бел алдыргысы келбей, чекесин үзүп-үзүп укалап, чоң түймө жоолугун баса салынып кампага жөнөйт. Чын эле ал кампадагы ишине алаксып баарын унутат.

Ал Ашырдан «өлөөрүн санаган» кат албагандай болуп, аны жайкап, тылдагы элдин жайын түшүндүрүп ага кайрат берип кат жазат.

Ашыр Ракыяны тилдеп дагы кат жазат: «...Сага эмне, баары бир... Чаргытып өзүң жөнүндө эчтеке айтпайсың. Билем, кабыргаң майлуу; билбейт дейсиң го? Мага акыл-насаатыңды айтпа, ансыз да башым айланкөчөк болуп жүрөт». Анан ал Ракыяны күнү-түн сыланып-сыйпанып, күнүгө бир көйнөк кийип булактап,

атыр куюнуп буркурап, ичем дегенин ичип, жейм дегенин жеп; күнүгө бир жигитти жандап, жигиттерди чеминкедей чагып, күнүгө шапар тээп, Ашыр деген күйөөсүн таптакыр унутуп салган эмеден бетер аны жемелеп, аны «ак тузга» коюп арыз арманын айтат. Ал катында канчалык ачууланайын десе да анте албай, анын ордуна муңканып, аялдуу-балалуу эр ортонуна жакындаган эркектин каты эмес — көк желкесине муштум ойноп чоңойгон жалтаң байкуш жетимдин катына окшоп кетет. Мына ушул «байкуш жетим» качан кагылып согулат, кантип согушат? Анан ушул «жетимге» өчөшүп, анын айтканын кектеп, анын дүнүйөсүнүн түбүн түшүрүп, аны туурап бырылдап кат жазса ал байкуш эмне болот эле? Ракыя антпеди. Антмек турсун кайра ага боору ачып, ага акылман эне айткан сөздү айтып, сыртында зымпыйып, ичинде кайнап, билинбей эч кимге билгизбей, жайган торуна балык же балыр түшөөрүн билбеген балыкчыдай күрөш жүргүздү. Бул күн мурунтан алаптап кыйкырбаган, төшүн какпаган, ою ордунан чыкса учурунда гана жылмайып күлүп койгон бир сырдуу адамдын күрөшү болучу. Бул күрөш эң кылдат, таманына коюлган ар бир ташты бекемдеп орнотуп, анын тайгалантпай турганына көзү жеткенден кийин гана жогорулаган күрөш. Бирок, бул күрөштөн кээде Ракыя шек санап, анын тууралыгына анчалык көзү жетпей, негедир ычкынып, айланамда аңдып турган бирөө жокпу, кокус опурталдуу жеринен тоголото түртүп ийбесин дегендей ойго чырмалчу. Ошондуктан ал басмырт, мындайраактан караганга чоң жоолук салынып тумчуланган бир аялдай көрүнүүчү. Мунун бир топ себептери бар эле.

...Ракыянын өмүр жолу. Зууракандыкына бир аз окшоп кетет. Бир аз гана... Зууракандын ата-энесинин мүрзөсү мында го, аларды Зууракан өз колу менен узатып, өз эркинче ыйлап, ичиндеги бугун чыгарып алган. Ал эми Ракыя ата-энесинен тирүүлөй, таламандын чак түшүндө, үй ичинде сүт кесме ичишип олтурганда ажыраган. Алардын мүрзөсү барбы, бар болсо кайда; жок, мүрзө жамынгандай эмне кылышты, жамынбаса бир дареги чыгат эле го... Ошентип, ал ата-энесин же өлгөндөрдүн катарына кошуп ыйлай албай, антейин десе ага ыраа көрбөй, жамандыкка кыйбай; мындай болгондон кийин тирүүлөй жоголгондордун күйүтүн тар-

тып, өзөк өрттөнүп, туюк жара чыккандай жүрөктүн башы сыздап... Кантип антпейт? Эси кире элек баланын колунан оюнчугун жулуп кеткенде да ыйлайт, далайга чырдайт, далай күн жоктойт. А Ракыя анда өзүнчө очор-бачар болуп ата-эне деген оюнчук эмес экенин, аларды алмаша турган нерсе дүйнөдө жок экенин билип, дүйнөдөгү ак караны ылгап, ата-энеге сүрөөн, канат куйрук болуп калган кези.

...Естай Олуя-Аталык казактардан Жумгал тарабына ооп келип, ушу Кара-Ойдогу Казанбак деген кедейдикине турук алды. Казанбак жети баш киши, жайында беш эчкисин аркы адырга айдап жиберип, ошолордун желинин саап суусун кылышчу. Жумгал суусуна чоо салып балык кармачу. Анын үйү, үй-бүлөсү бүтүн балык жыттанып тургандыктан, балыктын тамак экенин билбегендер бу жерден мурундарын басып өтүшчү.

Казанбак ачык-айрым, тамашөкөй киши, тигинде чычактап качып бараткандардын артынан жеңдей балыкты кармай чуркап ого бетер кубалачу:

— Ой, ме. Мобу балыкты ала кет!— Ал боору күнгө жаркылдаган балыкты салмактап бажактайт.— О шордуу томаяк. Туулгандан күнү-түнү сууга жуунган, сууга жашаган балыктан качат. Алдагы жакандын кирин карачы. Ошондон эле кантип балык сасык, кир болуп кетсин!..

Казанбактын аялы колунда барын аябаган барпалактаган киши. Ал чий бышканда тиги өйүзгү ак чийден чий тартып, бай аялдары жакага түшкөндө жүнгө, териге сатып, балдарынын кышкы кызыл жабарына камданчу.

Казанбак жайында акыга жалданып чөп чабат. Күзүндө эгин орот. Алардын үй-бүлөсү бири-бирине кайрымдуу, ынтымактуу, көңүлдүү жашашчу. Дүйнөдө мындан арткан эмне байлык бар?

Естай бул үй-бүлөгө имерилип, андан баш калкалоо гана таппай, эми аларга тагдырын байлады. Ал Казанбактын тун кызы Түнүлгө үйлөндү. Ушинтип, Казанбактын «айлы» дагы бир түтүнгө көбөйдү. Кыргыз казак жигитине кызын берип, казак жигити кыргыздын дагы бир түтүнүн көбөйттү; ал казакка кетем деп оозанбады, кеткен күндө да уругу ким, тууганы ким экенин мындай кой, ата-энесинин ким болгондугунун дайынын билбейт. Аны бир күн төрөп төөнүн комунун

арасына тыштап койгон. Ит көрбөгөн кордукту көрүп кичине кыр тарта баштагандан кийин Төлөнгүт байдын ирегесинде жүрүп, анан ага карал болот. Естай солкулдаган улан болгондо Төлөңгүт бай Ракыя деген токол алат, ал Естайдан кичүү эле. Ракыя менен Естай экөө бири-бирин сүйүп калышат. Бир күнү экөөнүн тамашалашып ойногонун «үлкен байбише» көрүп коюп, андан Төлөңгүт угуп, бул «оңбогон кесикти» муунтуп салаарда качып кутулат.

Естай казактын «Кыз жибек», «Эр Таргын», «Кабыланды» баатырларын айтып, казак талаасынын кулак курчун кандырган «өлөңдөрин» созолонтчу. Жумгал суусу эми казак «жырларын», «авендерин» тыңшап акты; Кара-Ойдун сазы Естайдын көзүнө казак талаасындай мелтиреп, Казанбак аялы экөө анын баягы дайынсыз ата-энесиндей көрүнүп, ал дүйнөдөгү эң жакын, эң кымбат адамдарын таап, байлыгы жок болсо да байып, жаштыкка эми канып; айылы жок болсо да бир чоң айылдай күтүрөп, ыңкыган кою жок болсо да, ыңкыган ою менен өзү да жыргады, өзгөнү да жыргатты.

Казанбактын айылы коюлуп, анын аты аталбай «Казанбактын баласынын» аты аталат. Казанбак буга карсылдап күлүп, аны уулдуу кылган казактын элинин баарын кучактап өпкүсү келип, казак деген ат үчүн жанын берип, керек болсо канын төккүсү келип, казак элин алкап, алкоо жеткире албай; өзүнө эмес, Естайга өмүр тилеп, эми Естай аны пааналабай, ал Естайды пааналап, Естайым жашасын деп жүрдү.

Аз убакыт өтпөй, кеч күздө Естайдын үнү кудайга жетип «ой-байлады». Ага кудай кастарын тигип, көздөп жүргөндөй «сен көбүрөөк жыргап кеттиң, көбүрөөк күлүп жибердиң, бул сага жарашпайт»— дегендей жазалады. Жазалаганда да көзүнөн кан чыгарып, жомоктогу жез тумшуктай анын канын толтуруп алып, толгон канды таманынан соруп жездей саргартты.

Жумгалдын баш аягын «улуу тумоо» каптады (чечек деп атынан айтышчу эмес). «Улуу тумоо» Казанбактын үй-бүлөсүн койдой жуушатты. Казанбак өзүнө чийне куруп, жолдон буруу, коктудагы жылжып аккан булактын боюна, тиги кирпигин араң кыбыраткандарды бирден ташыды. Кара алачыгын ошерге өзү тикти. Естайды да, Түңүлдү да жандарына чендетпеди: «атам

десеңер, балам болсоңор биз жакка бир кадам шилтебегиле. Бу журттан көчкүлө. Бизди кырылбасын десеңер жолобогула... жолобогула! Коркпогула! Өлбөйбүз! Жолобогула...»

Экөө коркту, экөө аларды сыртынан бакты. Анан кантишет!

Казанбак гана экөөнүн көзүнө көрүнөт: кара алачыкка кирет, чыкса булак жээгиндеги кара ташка буту-колун суна жөлөнүп олтурат. Ал «улуу тумоону» алачык менен кара таштын ортосуна жылдырбай матап-тушап, ушул гана жерге таптап, ушул кара ташка муунта байлап, ушул алачык менен кошо өрттөп, антүү үчүн өз жанын, чийнелеп ташып келгендердин жанын тобокелге салып, баардык балакети биз менен гана кетсин, биз менен гана тынсын деп; дүрбөлөң салбай, жанталашып башкаларды чакырбай; эгер антсе «улуу тумоо» дагы ырбап, дагы далай «казанбактар» жуушап калаарына көзү жетти белем...

Бир күнү Казанбакты карашса малдаш токуна кара ташка жөлөнүп олтуруптур. Түштө, кечинде ушул калыбын жазбады. Эртеси эртең менен жылаңбаш олтуруптур. Баягы күн кайнап турганда, көл-шал терделенде, жайында, кышында башынан түшүрбөгөн тебетейи түшүп калыптыр. Аны Казанбак атка кондурган чоң тебетейи... Ошондо Түңүл бакырып ийди... Естай «ой-байлап» ийди.

Көрсө ал мурда эле өлүптүр, өлгөндөн кийин да ташка сүйөнүп, өлө элекмин деп тигилердин көзүнө тирүүдөй көрүнгөн тура. Ал алачыктагылар тыйпыл болуп, мындан өзү соо калбасын билип, соо калбагандан кийин ушинткеним оң деп, соолор үчүн ойлонуп, баягысында — тирүүсүндө кара ташка жөлөнүп; Естай, Түңүлүнүн сырттан багып жүргөнүн туюп, аларга үндөбөй, сүйлөбөй экөөнүн көздөрүн үйүр алдырып жүргөн тура.

Экөө ботодой боздоп жанына барганда да «токтогула, абайлагыла балдарым... өлөөрүн мен өлдүм, артында силерчылап ыйлаары калган жакшы» дегенсиди.

Кара алачык ушинтип өлдү, ушинтип өрттөндү. Казанбак «улуу тумоону» кара таштан алыс жылдырбай муунтту, тумоо анын өзүн муунтту.

«Мына, сен Казанбакты байырлап, Казанбактын мамысына байланган экенсиң, аларыңды ма-минтип

тыштадым, эми кайда барасың, эмне кыласың»— дегенсиди кудай Естайга.

Естай мындай суроону көңүлүнө да, таназарына да албайт эле. Тирүүлөр эптеп жашайт, жан багат. Өлгөндөрдүн гана өздөрүнө жаман. Казанбактын өлүмү... жок, анын өлүмүнөн бөлүнүп чыккандай «үлкөн» ой таңгалтты. Аны чоң тебетейчен, боорукер, катын-кыздуу «сорлы» кыргыздын бирөө деп гана ойлогон. Ошол «сорлы» кыргыз анын көкүрөгүн ысылаткан от тутантты: «Каңгыган, урук-туускандары, эли-жери жок, анык сорлы мен өзим эдим гой. Мен анын казанына ас салдым ба? Бастаскан жаун жеңип бердим ба? Мениң аягым сай таппай жүргөнүнө карамай, мени бир элдей көрип, мени бир урук-туускандай калка кылып, маган жаксылык тилеп, маган кызын берип... Осындай адамнан мен жанымды аяйтынбедим? Эгер өз орнына мени жумсаса булданатынбедим? Онда онын басына келген маган келип, мен өлип, мениң орныма ал тири калатын эдигой. Бир казак өлип, кыргыздың бир уус топырагына зыян кылатын эдим гой; бир томпайган боз топырак басып жататын эдимгой. Бул жерде бир казак басып жүргөнин, кийин ол боз топырак басып калганын ишким билмейтин эдигой. Мениң ата-анам ким экенин ишким билмеген сыякты, мени да ишким билмей, жарык дүнийе мен түбөлүк костасатын эдим гой...»

Түңүл башына түшкөн кайгыдан, мына бул азаптан алыстагысы келди. Ал күйөөсү баскан жерди, күйөөсү чоңойгон элди көрүүнү самады. Анын эми төркүндөрү калган жок, ал эми төркүндөрдү, ата-энени, кенен эл, кенен жер казактардан издеп, алардын итинен өйдө сыйлап, төбөсү көрүнгөн казактын алдынан кыя өтпөй, изааттап жүгүнүп, уялып келин болгусу келди. Ошондо, балким, Казанбак кичине унутулаар. Ал ушуга гана алаксыды: «Жүрү, казакка кетебиз, унуткарып кийин бир кайрыларбыз»— деди Естайга.

Ушерде төрөлгөн кыргыз кызы турпагын басып, тузун татпаган элди аңсап, ал элге кара тутканда ал элдин кулуну Естай аякка мээли чаппады. Түңүлдүн көңүлүн гана улап «барамыз гой, саулем» деп жүрдү. «Өтүрүкчү болма» деп жүрдү Түңүл ага казакча, барарына ишенип; ал Естайдан казакча тил үйрөнө берди.

Ооба, Естай казак домбурасынын үнүн жаңыртып угууну али каалабады. Ал бул жерден эң жакын адам-

дарын, ата-энесин тапкан. Жакын адамдарынан — боордошторунан сагынычы таркабай калды. Аларды таштоого даабады.

Түнүлдүн боюна бүтүп, эркек төрөдү. Бирди төрөдү, ал төрөттөн өзү өлдү. Ошентип, ал казак жерин, казак кайнага-кайнилерин түбөлүккө көрбөс болду.

Естай жалгыз керээзин жыланач көкүрөгүнө катып, Казанбактын эчкисинин бирөөнү союп түлөө кылды, айыл-апаны чакырды. Кыргыз абышкалары азан чакырып, анын баласына ат койду:

— Казак кыргызга тең орток ат — аты Токтомуш болсун!

Токтомуш баягы эле Жумгал суусунун жээгинде; Казанбактын эчкисинин эмчегин ээмп чоңойду.

...Естай кедейлерге теңдик тийген заманды тосту. Ал эчкилерин айдап алып колхозго өттү, «Казанбак уулу Естай» дедиртип кинегеге жазылды. Токтомушу тың чыкты, ал элге алынды, эл баласы болду. Токтомуш Апар аттуу кызга үйлөндү. Естайдын бөксөргөн чөйчөгү кайра толду. Анын үрөн бутагы кайрадан өсүп мун үчүн Казанбакты алкап, алкоо жеткире албай, «кыргыз баурларыма баурласып» ма-аминтип жашайм дегенсиди Естай кудайга.

Апар «кырк жылкы» төрөдү. «Казанбактын Естайы» терисине батпай сүйүндү; чекесинен бир кочуш терин шыпырып, эми кызынын атын өзү койду:

— Кыргыз-казакка тең орток ат гой — аты Ракыя болсун!

Ал Ракыяны кандай гана эркелетти! Эркек балача кийиндирип, көкүл коюп, айырмач токуп, жорго тай мингизип эрчитчү. Ракыя Естайдын укмуштай жомокторун, ырларын укчу эмес беле.

Апар Ракыядан кийин да эки толгоо тартты, экини төрөдү. Естай дагы эки жолу сүйүнчү берди, эки жолу ат койду:

— Анвар болсун!

— Рапия болсун!

Естай армансыз, Ракыя бойго жеткенде а дүйнөгө сапар тартты. Аны дүңгүрөп өкүрүп эл көмдү. Эл аны Казанбак атасынын жанына койду. Ал казак болуп төрөлүп, казак топурагына киндик каны таамп, бирок кыргыздын койнунда жашап, кыргыз топурагын жамын-

ды. Ага, раматылыкка, Казанбак жамынган топурак буюрду. Жумгал суусу топурак жууруп, анын мүрзөсүнө эстелик тургузду.

* * *

Кыргыз жери тоолуу, а Сарыкамыштай тоолуу жери жоктур. Анда тоолор бири-бирине учкашып, бирин-бири минип турат. Ар кимдин жери Мисир го. Сарыкамыштыктар өз жерин жерге теңебейт. Тоонун тулкусу токойчер; кайберендер малга кошулуп жайылат. Каман, илбирстер жойлойт. Кээде түнкүсүн карышкырлар кой тамдын төбөсүн оюп кой жейт, кайра чыга албай колго түшөт; кээде жайкы түндө чөөлөр көгөөндөгү козу-улактардын артын оюп кетет. Кара суусунда, айдын жарыгында, кундуздар кыз беришип чуру-чуу.

Жери бышыкчылыктуу, жапан жемиштүү. Эли ышкын түпкө боёлгон сары тон, малакай, буттарына кайыш чокой кийишет, аялдарынан өйдө. Укмуштай эмгекчил, сарамжалдуу эл!

— Сиз да кайыш чокой кийдиңизби?

— Кийбей анан...

Жеринде баары бар. Бир гана көз талыткан түз жер жок, ат оонатар түз жер табылбаган учур болот. «Айдайгактын талаасы» деген түзү бар, салмоор менен быягынан ыргыткан таш тыягына жетет. Ошондуктан «Айдайгактан» башканы көрбөгөндөр Ысык-Көл, Чүйдү угушканда, анын кеңендиги «Айдайгактын талаасындай» барбы дешип, бир чети тамаша, бир чети чыны менен сурашат.

Сарыкамышка араң жалгыз аттын жолу бар. Көкөмеренди бойлоп, кээде атыңды жөө жетелеп кыл көпүрөдөн өтөсүң. Алдың жалама зоока, күрпүлдөгөн суу. Кылт этсең сөөгүң сөпөт, устуканың упат. Ушу биздин Жумгал суусу Көкөмеренге куят, ага Нарын кошулуп, Сыр-Дарыя башталат. Мен ушул үч суунун кошулушунан ичтим. Үч суунун кошулган жерине күйөөгө тийдим.

— Сүйүп тийдиңизби?

— Анда он беш, он алтылардамын. Опурталдуу курагым экен. Мен жашоону жомоктогудай көрчүмүн. Жомоктогу жез тумшук, киши кийик ошол Сарыкамышта, Кавакта жашайт деп укчумун. Алардын арасында

жашагандар анык баатырлар деп ойлочумун. Жомоктогу перинин кызы болуп, тулпар минип, жаа тарткым келчү... Адамдар алы жетпегендерди жомок кылат турбайбы, колу жетпегендерге кыялы менен жетет турбайбы. Чиркин, адамдын кыялына эмне батпайт?.. Байкем кандай кыялданчу эле...

Мен жайдын толугунда дагы төркүлөп келдим. Өз айлымды тааныбадым, бир шаарга келгенсидим. Баягы Карой жок. Кайырма түптүз талаа болчу, так ошол талаага мончоктой тизилип тамдар салыныптыр. Көчөсүндөгү арыкта шылдыраган суу, жээктей сайылган чырпыктар. Бул талаага мындай кыштак түшөрү кимдин оюна келиптир?! Эл көбөйгөн, элдин жүзү жарык, эл шаңдуу, эл ырайымдуу.

Байкем ушу «Кызылстанда» партачейке экен. Тиги мени таңгалдыргандын баары ошонун мээнети эмейби. Ар бир үйдүн түбүндө ал койгон таш бар, ар бир чырпыкта анын көз акысы бар, ар бир кетмендин сабында анын колунун тагы бар. Муну мага «Кызылстандын» эли — төркүндөрүм айтты. Эми «Кызылстандай» дүңгүрөгөн төркүндөрүм бар!

Ошондой... байкем өзү техник — ар бир колхозчуга үйдү өзү кесет, агородду өзү ченейт; өзү сугатчы, өзү чалгычы, өзү орокчу, кырманчыга да аралашат, жетекчи да болот. Мен анын кайсыл убакта уктап, качан турарын билчү эмесмин.

Бир жалбырак калбай теректер күбүлдү. Көгүчкөн-Баймат башын кардады, Жумгалдын суусуна эртеликеч жаак турду. Жайдын толугунда келген мен ушу бөз кыроо түшкөн учурда кетүүгө камдандым, Саркамышка. Мени алып кетүүгө кайнатам келген. Ал күнү Жаңы-Алыштын буудайынан боорсок жасаганбыз, төрт куржун көзү кешик даяр болду. Мына, эртең төрт киши жөнөйбүз.

— Ким-кимдер?

— Кайнатам, мен, эки балам.

— Балдарыңыз канча жашта эле?

— Алидиним...— аңгемени айтып жаткан аял азга тунжурап, улутуна кирпигин ирмеп, эринин тиштеди. Аңгемени угуп отурган келин чебелектеп тигинин көзүн карады. Жок, жаш жок!

— Алидин жетиге чыккан. Айнагүлүм үчкө караган.

— Бакырaң көзбү?

— Ооба... Эртең жөнөгөнү жатканбыз, Саркамышка. Бүгүн түштө бүт үй-бүлө чогулуп сүт кесме ичип олтурганбыз. Байкем, жеңем, иним жана синдим. Жеңем кош бойлуу болучу, үч баладан кийин көпкө төрөбөй жүрүп...

— Иниңиз канчада эле?

— Иним анда он беш жашта, быйыл эгин дан байлаганда жыйырмага карайт. Синдим андан эки жаш кичүү. Экөө тең өжөр, тентек, оюнкараак. Бири-биринен кызыл кекиртек болуп сөз талашат. Москва, Ташкенди сүйлөшөт, ырдашат:

Маскөө, Ташкен ураанын,
Жакшы деп элден угамын.
Ошолордон мен угуп,
Канткенде чыдап турамын.

. . . . . . . . . . . . . .

Көз айнекчен бакыйган
Доктур болуп алсам бейм.

. . . . . . . . . . . . . .

Апей, сүт кесме ичип олтурганбыз дебедимби. Алидиним байкемдин малдашында, экөө анжыян сыраяктан бир кашык менен кесме ичип олтурушкан ойношуп, сыраяк капортосуна бөксөргөн. Аттын дүбүртү чыгып, эшик алдынан бирөө унчукту:

— Токтомуш барсыңбы?

— Бармын!—Байкем ыргып туруп эшикке чыкты. Биз кесме ичип бейкапар олтурдук. Деле эчтемени этибар кылбадык. Байкеме көп киши келчү, аны көп киши чакырчу, акылдашчу. Далай жолу ушинтип тамагы ичилбей, төшөгү салынуу калчу. Эшикке чыксам үч атчан кырдан эңкейип баратыптыр, байкем экөөнүн алдында.

Байкемди кечке күттүк. Эртеси күттүк. Андан ары күтө албадык. Күн бүркөлүп, кайра ачылып турган. Эгер кар жааса жолубуз буулмак, «Чычардан» кырсыкка учурамакпыз; балким кыштап калмакпыз. А эри бар катын жайлап-кыштап кантип жүрсүн?

Байкемди биз элден сурап, эл бизден сурайт. А-аа, Карагоого кеткен го? Анда канча күн кармалаарын ким билет? Байкемдин ордун басып иним, жеңем, синдим, агайындар турбайбы? Басаа «Кызылстан» болгон жери төркүнүм да.

Баары менен кош айтышып жөнөй бердик.

...Ошол бойдон жазында гана кабар уктум. Ошол жазда алаканымдан чаң чыгып олтуруп калдым. Чыпчаң алты ай кечигип ыйладым: байкем баягы сүт кесменин теңин гана ичкен бойдон кайрылбаптыр. Жеңем байкемди артынан издеп, кыш күрөөдө атка урунду болуп, Кызарттын бороонунда буюгуп, так туу белде боюнан түшүптүр. Белдин эңкейишиндеги айылга жетпей кансырап өлүптүр. Апам өлүптүр... Аны өлгөндөн кийин апа дебедимби.

Апабыз өлгөндөн кийин эки бир тууганым бири-биринин колунан жетелешип, «Эжеме айтып койгула, биз шыкымыдан окуйбуз... атабызды издейбиз... атабыз ак... атабыз тураан эмес... атабыз эл душманы эмес» дешип арызданганы жөнөптүр, бир орустун арабасына түшүп. Ошо бойдон экөөнөн дайын жок. Эмдигиче атасын издеп жүрүшөбү, табабы? же окуудабы?.. Же экөө «темир таяк таянып, темир чокой кийип» аталарын актай турган, атасына актык кагаз бере турган жерге жете элекпи? Же экөө чым жазданып көзүм кашайдыбы? Жок, кара оозума кан толсун. Жер тамырынан эл тамыры көп эмеспи. Биздин тамырдын адети бар. Соолбойт. Дагы бир элдин-журттун арасында түп байлап, тамыр жайып жүрөбү?...

Байкуш байкем... Байкем эмес — Атам! Мен аны дайынсыз жоголгондон кийин ата дебедимби. Анын баягы сыраягы, сүт кесмеси эмдигиче көзүмө көрүнөт. Өзү да сүттөй ак эмес беле. Сүттөй ак! Укум-тукуму да... Атам терисине батпай барбалаңдап калчу: «Бул өкмөттүн, партиянын чыныгы уулумун!» Атамдын бул сөзүн миң жолу жерге көөмп, миң жолу көө сүйкөсө миң жолу сүттөй аппак бойдон...

Анан атам кантип эл душманы, кантип «тураан?» Кантип анын ата-теги шектүү? Кантип атам Ооганстанга элди оодарат?

— Эже, антип кайсы «Бакан ооз» айтыптыр?

— Жерге кирсин, «Бакан оозду» билбейм. Бир миң тогуз жүз отуз сегизинчи жыл экенин билем.

Ракыянын буту колунун шишиги тарады. Ал жолго кайрадан камданды.

— Дагы барасыңбы?

— Дагы барам.

Ысырайыл башка сөз сурабады. Атын моюнга чаап, дулдуюп бура тартты, өңөргөнү күрөк, кетмен, Аркы үйдүн бет маңдайындагы жантаймага барат. Атчан... Аты кечке жанынан жылбайт.

А Ракыя болсо жөө жөнөдү. Алыс жолго... Канаттуунун канаты талыган жолго... Колунда түйүнчөк. Түйүнчөктө эки-үч калама, талкан, анан... Алидиндин карын чачы. Ушул чач Ракыяга кошулуп жол баспадыбы, Карагоого чейин. Ушул чач Ракыяга кайрат берип, кубат берип, анын көзүнүн жашын арчыбадыбы. Алидиндин чачы дагы жолго чыкты, наристенин чачы...

Ракыяга Жекаттан бир жигит кошулду. Ал Жумгалдын алкымында, Жумгал суусу башталып аккан жерге чейин барат экен. Ракыянын өз кайгысы аз келгенсип, бул жол катары муңканып арыз-арманын айтты.

— ...Ошентип, аялым көз көрүнөө жүрүп кетти. Ичим тарыды, урдум.

— Эмне үчүн эркектер, күчүңөрдү уруп көргөзөсүңөр?— деди Ракыя Ысырайылдын өзүн урганын эстеп.

— Эмне үчүн аялдар, эркектен көзүңөр өтөт?

Бул сөз Ракыяга тийип, кызарып уялды. Экөө үч күн, эки түндөн бери бир басты. Жигиттин оозунан бир ооз ээнбаш сөз чыкпады. Жигиттин мунусуна Ракыянын ичи жылып, аны аяп, муңканганын укту. Муңканса да анда үй-бүлөгө үзүлүп түшкөн эркектин ыймандуулугу, адамдык чоң сезими бар болчу.

— Аялдын баарын ошондой көрөсүңөрбү?

— Анда эркектин баары кызыл камчы эмес. Башка эмне кылса өзү билсин, шейшебимди гана булгабасын. Мен да бирөөнү булгабайм, кудай урсун!

— Карганасыңар, кайра унуткарып камчы көтөрөсүңөр.

— Камчынын азабын, мына, тарттым. Былтыр күздөн бери Бүбүшүмдү көрө элекмин, эки балам анда. Түтпөдүм, Бүбүштү сагындым. Күйөөгө тийиптир деп уктум. Ишенбейм, калп... Саяктын кыздарына эркек гана керек болсо мейли, үй-бүлө, намыс керек го? Эки баламды каякка таштасын, кимге жалдыратсын?..

Жигит Жумгал суусу башталып, батышка аккан жерде калды. Ракыя андан ары Кочкор суусу башталып, чыгышка аккан жакка жолун узартты. Ушинтип,

кыргыз сууларынын акканы кызык: тоонун аркы түбүнөн чыгышка акса, берки түбүнөн батышка; же түндүккө, же түштүккө агат.

Ракыя атасынын, Анварынын, Рапиянын шек-шоботун билбей, заманасы куурулуп Сарыкамышка кайра барды. Баягыдай ыйлабай жашы кургап, буту шишибей сууткандай шайдооттонуп; бирок, чарчап каржалып, ачыгып, Алидин Айнагүлүн сагынып барды.

Собол сураганыңды кой. Ысырайыл аны босогого токтотту:

— Эр издеген шерменде?

Ракыя калчылдап көптөн кийин унчукту:

— Эмне дедиң?

— Шерменде! Эшек!..

— Эмне дедиң??

— Атаңдын башы...

— Атама асылба!— Эч күнөөсүз, дайынсыз атасын; ал куса болуп, сагынып, ит көрбөгөн кордукту көрүп издеп, минтип таппай жүргөн атасын анткени эмнеси? Жыгыла жаздап турду; жыгылба, атаңды эмне деп атат? Ракыя катуу чаңырып ийди:— Асылба атама!!— Чаңырганы менен кошо анын чарчаганы, каржалганы, ачыкканы жоголуп, ал азыр ачууга уугуп, тутанып, бирөөнү жыгып, эгер жыгылса, анын алдында жатып эзилип, кыпыны калмайынча кармашканы турду.

Ысырайыл аялынын бычакка түшкөнү турганын билип артына кетенчиктеди.

Баары бир, төмөнкүдөй жаманатты сөз Ракыянын кулагынын кужурун алды:

— Тукуму бузук...

— Тураан... Атасы бузук...

— Кызы да бузук... атасына барбай эле бузуктук кылып, Жекаттык жигитти кучактап Жумгалда жүрүп...

— Мунун эки бир тууганы арабакеч оруска малай жүрүп кетиптир го...

— Мындайлардын салакасы тиет.

— Жакшы жердин кызы деп жаңылган экенбиз...

Ракыянын күйөөсү, кайната, кайненеси — үчөө күпүңдөп сүйлөшөт. Алар жөн эле кодулабай, ага ыраймсыз гана болбой, ата-тегинин салакасынан коркуп жүрүштү. Ракыянын жамандыгын атасы Токтомуш «тураан» болгондон кийин; ал ак уул, кызыл кыз төрөгөндөн кийин гана билишти. Эми Ракыя жаман, төрө-

гөн балдары жакшы; Ракыяны жатынын жарып чыккан балдарынан жатыркатты. «Жаман киши жамандыкта басынтып, каран-бута кармаган колундун манчаларын кырча басат экен го».

Жылан өлтүрсө таш алып бербеген кишилер...

Ракыя эшек болуп жүрө албайт, ал адам. Анда ага күйөө керекпи же атасы баскан жол керекпи? Курсак ток, кийим бүтүн; балдары, күйөөсү маңдайында, орун-очоктуу. Дагы эмне? Үй-бүлөдө анча ыйкы-тыйкы болбой коёбу? Жогоркулар жөн гана үй-бүлөлүк ыйкы-тыйкылыкпы?

Ракыя ушуларды нечен жолу ойлонду, нечен жолу баягы Жекаттык жигиттин «саяк кыздарына эр гана керек болсо» дегени кулагына угулду.

Ракыя ызаланды. Ызага чыдабай ичеги боору эңшерилди. Ыза, башындагы күйүт, азыркы ар-намыс, анын баштагы бейкапар жашаган күндөрүн бир тыйынча кылбай, баарын көңтөрүп салды.

— Кетем!— деди Ракыя.

— Менден жакшыны тапсаң мейлиң,— деди Ысырайыл оозу-мурду кыйшайбай, тиги аялынын чындап кетерине ишенбей, анын ичинде кайнаган күрөштөрдү билбей, өзүнүн эркектик затын гана ойлонуп.

Ракыя качпай-этпей, албууттанып жаман тилин агытпай, төшөнчүсүн ыргытып, идиш-аягын сындырбай, чоң шашкеде басып чыкты. Айнагүлүн жетелеген, жонунда кичинекей таңылчак, төш чөнтөгүндө Алидиндин карын чачы.

Ысырайыл «Айдайгактын» талаасына чейин жеткирди. Анан Ракыянын артынан карап туруп «Айдайгакка» атынын оозун коё берди.

Ысырайыл Ракыяны издеп барбады; Ракыя кайра кайрылбады. Айлар өттү... Ракыя таптакыр кайрылгыс болду. Анткени, ал, атасы чыныгы уулу болгон бул өкмөттүн, партиянын катарына өттү. Ошондо, негедир анын ызасы бөксөрүп, атасынын «күнөөсү» жеңилдегенсип, атасынын терисине батпай барбаландаганы көзүнө көрүнүп ыйлап ийди.

Ошондо, бюро мүчөлөрүнүн бир да бирөө негедир анын ата-тегин такып сурашкан жок...

Эки жылга жакындаганда Ракыя экинчи күйөөгө чыкты. Ал Жумгал суусу башталып аккан жерден эки баласын жыйнап алган Ашыр. Ракыя бир күндө үч ба-

ланын энеси болду, бир күндө үй-бүлөлүү болду— күйөөсү «асан кайгы». Мейли. Ракыя жаман болсо кошо чөгүп кетер, жакшы болсо нардай жүк көтөрүп көз мелжигең ашууга чыгар. Ал эми тандабайт, ага жашоо керек. А жашоо үчүн анын этин оорутуп, эски жарасын чукубай турган эриш-аркак адам керек. Ал эми «кара жанын багып катын» болбой, адам үчүн жашап, адам үчүн күрөшөт.

Ушинтип, кыргыз сууларынын акканына окшоп адамдын жолу да, тагдыры да туш-туш жакка акты...

— Эриктирдимби?— деди жүн жоолукчан аял.

— Жок, эжеке,— деди көзү балбылдаган келин.

Аңгемени айткан аял — Ракыя, угуп олтурган келин — Жакин. Экөө далай жолу маңдай-тескей олтурду. Ракыя башынан өткөргөндөрүн чыпчыргасын короттпой Жакинге айтып берип жүрдү. Уккан сайын Жакин бул аялга таң калды. Башында түйүлгөн одуракай жоолук, шакый оорулуу, колу кесик, тумпуйган аялда мынчалык сыр бар экени, анын башынан жогоркулар өткөнү оюна келбеген. Чекеси какым-кукумдай түйрүлгөн дептерге жазылган ырларына коңур, сыбызгыдай үнүн кошуп, бул айылга алигиче көрүнө элек эки кылдуу комуздун кулактарын бураганда Жакин андан бетер таңданды.

— Мынау Естайдың домбырасы гой,— деди Ракыя казакча сүйлөп.

Жакиндин алдына ачылбаган сандык аңтарылып, төгүлүп турду. Анын көзүнө мукур карандаш кармаган, колу кесик, одуракай жоолукчан Ракыя көрүнбөй, ак жибек кийип үлпүлдөп, колун комузга ойноткон жакшынакай, ыманы ысык ырчы Ракыя көрүндү. Анын сыртындагы одуракай, комсоолук жоголуп, ичиндеги сулуулук суусар тебетейдей кулпунуп турду. Ах, Ракыя, сен ушул мүнөзүңдү каттын ичине салып, каттын ичине от жагып согуштагы Ашырга жибергендирсиң. Ушул унчукпаган, унчукпай кармашкан, жүрөк канын чыгара кармашкан мүнөзүңдү...

Сенин ушул унчукпаганыңда укмуштай адамкерчилик сапат, бугуп жаткан кашкайган күч, жалбырттаган кайрат, сүйүү бар экен го? Баарына чыдаган, баарын жеңген... эчкимге багынбаган, эч нерседен жалтан-

баган, өз жүрөгү менен да жармашкан адамдын—аялдын сүйүүсү, аялдын сулуулугу, эрки...

Мунун баары Жакиндин жүрөгүнө кат болуп жазылды, мөөр болуп басылды.

## XVII

— Эй! Сен ким?

Салый сүзө качырып кирүүгө даай албай, оолактан үн салды. Тамдын каалга, терезеси көргө окшоп үңүрөйүп аны тиктеди. Экөө тиктешти... Киши жашаган там караңгыда минтип кайра кишини коркутат тура. Ал мүрзөлөрдүн, капкачан ураган эски коргондордун арасында, айталаада тургансыды. Жок, мында жакында эле киши жашап, морунан түтүн булабады беле. Эмеле бул короого бирөө киргенсип, эмеле дабыш чыккансыбады беле.

— Сен ким? Кимсиң деймʔ

Же Салый жалган көрдүбү, же кулагы каңырыштадыбы?

— Кимсиң ой?

Эч шыбырт, үн сөз угулбады. Там ансайын көзгө суук. Салыйдын жүрөгү ансайын сездеп, коркуп артына кетенчиктеди. Аркы төккөн күлдүн үстүндө чочоюп, асманга тумшугун малып, Күрдөбөттүн солкулдап улуганын эми укту. Ооба, Күрдөбөт каңк эткен, бирөө короого киргени чын.

— Кимсиң деймʔ

Жылаңайлак, жылаңбаш, көйнөкчөн болучу. Тоо жактан арылдап соккон муздак желден чыйрыкты. Кулагында суунун шары, баканын чардаганы; Бororлдойдогу эски күмбөз тараптан үкү «үү-үүлөп», саздын башынан жылкы кишенеди. Асманда жылдыздар эмеле жерге тамчылап ийчүдөй көлкүлдөп эрип; отко ысыткан ороктой ийрейип тоо башында ай.

Ошо жаңырган айдын жарыгында ал өзү да арбакка окшоду. Балким, тиги корого кирген неме бул аялдын сөлөкөтүнөн корккондур. А Салыйдын коркутайын деген оюнда жок, мобу ээсиз тамды сыртынан кайтарып, анын кайтарганына деле болбой кимдир бирөөлөр бир күнү терезесин же каалгасын чыгарып, же жыгачтарынан сууруп кетип жатканынан ким болсо да бирөөнү

уяткарайын деп, бир канча түндөн бери тамды сыртынан көздөп жүргөн. А мүмкүн тамына түнүчүндө Ташмат өзү келбесин? Анда андан бетер жакшы. Эс-акылынан ажырап «шайтан азгырып» жүргөн немеге момунтип айтмак: «Кой, Ташыке, качпачы. Эл-журтка жаман көрүнбөчү. Колхозго эмгек кылсаң, өкүмөт айкөл эмеспи, кечирет... Тамыңды аңгыратпа: итиңе да убал экен... Кара жерге кирсин, бул дүйнөдөн жүзүбүз жарык өтсүн...»

Ал жанагы караанды Ташматпы деп түкшүмөлдөп, кимиси болсо да таанымакка, уяткармакка дилгерленип, от алып келүүгө бурулган.

— Салый!

Салый караандын колундагы жалаңдаган кылычтан жүрөгү шуу этти, кыйкыра албай тамагы буулду.

— Салый! Айтпа кишиге...

Салый тигил Аман экенин эми гана таанып, эми гана эсине келип, кичине жүнү тириле түштү:

Силер белеңер?

— Мен...

— Чалгың эмне?— Салый Амандын колундагы чалгы экенин эми гана таанып, андан көзү өтүп, кыйкырууну унутуп, качан чаап жиберер экен, кайсы жеримди кырча чабат, кырча чапкыча бетин бир аткыйын дегендей оңтойлонуп күтүп; Аман аны чапмак турсун андан жазганып, жан-жагын каранып мукактанды.

— Чалгы... Ташматтыкы... илинүү турганынан...

Салый Амандын мынчалык эмнеден жазганганын таназар кылбады. «Бош чалгыны күндүз эле, уурдабай албай... силерде шек бар... Ташматтын шеригисиңер го» деп айтканы баратып токтоду. Аман ушундай ушак-айыңдан жазганган. Кечөө эле Ташматты булутка жеткизе мактап, анын жанында тизгин кагышып «күркүрөп» жүргөн. Бүгүн анын атын атабай, салакасы жугабы деп кулагы делдейип, анысы коломтодо үңкүйүп отурганда, ага эркектин бир ооз сөзүн айтып какыс-кукустабады. Эми минтип досунун тамын бүлдүрүп жүрөт.

— Бүлүнгөндөн бүлдүргү алба.— Салый ага башка сөз айтпады, айтуудан коркту. Ал Амандан коркподу; жылаңайлак-жылаңбаш эркектин жанында экенинен, өзүнүн аял экенинен, буга кошул-ташыл калдайган кара түндөн коркту.

Деги Салый караңгы түнгө башынан жоо. Көңүлүн иренжиткен аялдар жөнүндө ушак укканда, бир чети буга ишенбей, алар капкаяктагы уятты, бетикаралыкты караңгы түндө гана жасайт го деп жоромолдочу. Анын үстүнө келин-кыздарды жолдон азгырып, абачыдай эркектер ушу караңгы түн жамынып босогодо тургандай, эгер түн болбосо, тигилердин баары болбоочудай сезилчү. Баягы Бактыгүлдүн жоругун өз көзү менен көргөндөн кийин кээки аялды чаламандын чак түшүндө деле төбөсүнөн ураарына ишенди. Өпкө-колкосунан бери көрүнгөн жарыкта дале бети карарып, көзгө сайса көрүнгүс түндө деле маңдайы жарыла сүйүнөт экен адам...

Түндүн да өзүнчө ыракаты, кубанычы бар экенине, түн да адептүү аялдын, маңдай терин агызган бакырчылыктын бешиги экенине ынанды: жаз алды менен тамын айланта көчөт сайды. Огородунун арыгын чапты, короосундагы кыкты ташып төктү, жер сайып картошкө тикти; толгон-токой үй тиричилигичи... Ал ушунун баарын түн баласында жасады, бирөө жасап бергенсип жыргап калучу. Антпесе колу бошойбу же башка ишенер бүлөсү бар беле?

Салый Канимет барда деле эрте турчу. Турса болду, же бир Салыйдын, же бир кара казандын жаны тынсачы. Канча суу кайнап, эмне жумуш бүткөргөнүн ким билсин анда. Эми, Канимет жокто андан бетер эрте ойгонот, бирок кара казандын жаны тынч. Анын ордуна ээсинин колунда кетмен-күрөк; узун этегин кашатына кыстарып, белкырчоосунан бери суу, огородунда же тамынын тегерегинде жүргөнү жүргөн. Ошенткен сайын «үкүнүн көзүн жегенсип» уйкусу качып, чыйралып, сергилең тартып, деле бүйрө, камкөй. Тиги Ташматтын огородунун кысыр калганына кейип, аны сугарып, чөбүн чаап жыйып койсо алкышы эле тиет айыл-апага. Ал эл-жерден кайда бозсун. «Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт». Ташмат жөө жүргөндө колунан келгенин кантип аясын...

«Таң алдынан күндүн мурду чачырагыча ырыскы бөлүнөт, ким эрте турса ага ырыскы жугат, уйкучу адам ырыс-кешиктен кол жууйт». Салый бул уламаны көп укканы менен танзар алчу эмес, өзүн ырысым бар же ырысым жок деп да күйкөлөктөнбөгөн. Эми ошол ырыскы коюн-кончунан агып, баскан изинен бери төгүлүп тургансып, аны баарына бөлүшкүсү — беришкиси ке-

лип, баары жарты буудайды бөлө чайнашкан жакынындай, баардык жерде ырыс-кешик чачылып жаткандай болуп жүрдү.

Ит деле болсо ээсине бел байлайбы, мактанабы, ким билсин. Мойнок куйругун чагарактатып күрсүлдөп үрөт. Баягы даакысы түлөп, жүнү кундуздай жылтылдаган. Кулагы тикчийип, төшү салаңдап, тумшугу капкара — иттин иттей сүрү чыкты. Ал иттик кылып бута атым жерде оттогон малга ыркырап, же асманда учуп бараткан кулаалыны кубалачу эмес... Күн сайын талаага ээрчип жүрүп, Салый менен иштегендердин баарына үйүр алып, баарына эркелейт. Талаага иштегендердин баары бир үй-бүлөдөй көрүнөбү, эми кимге үрүп, кимге ыркыраарын билбейт чыны. Ит каадасын унутуп да калган жок. Түнкүсүн каңырт-күңүрткө ичип жеп үрүп, чоочун караанга качырып сала берип, бучкактап тетигинден ары узатып кайра кайтчу.

Ал бул тегеректен Ташматтын Күрдөбөтүнө гана аябай өч. Өчөгүшүү мындан башталды: Салый талаага жөнөгөндө же талаадан кайтканда бир гана жол менен — Ташматтын огородунун баш жагын тепсетип өтөт. Аны атайлап минтпеди. Мурда жолдун оңу ушул эле. Ташмат жолду кесип, бир топ жерди огородуна кошуп айланта чырканак курчап салгандан кийин, эл башка жактан өтүшчү. Аки-чүкүндү билбеген Салый ала жаздын бир күнү шашкаландап, огород экенин унутуп, Чаар ат менен калаган чырканакты жөөлөтө бастырды. Анын артынан Мойногу ээрчиди; чырканакты жыттагылап бир бутун сырайтты, ээн-элкин, шашпай, тимеле өз ээсинин эшигинин алдынан бетер...

Буга Күрдөбөттүн көзү чычаладай кызарып, жүнү ийнедей сайылды да, Мойнокту бурдап өттү. Мойноктун куйрук жагы сабоо тийгендей сапырылып, аркынын оозуна батектей даакысы кетти. Ушундан кийин Мойнок бутунан сабыркап, бир топко аксап жүрдү. Ал мындан жалкпай кайра кычап, Күрдөбөттүн ыркыраганын тоотпой басмырлагансып, быяктагы чырканак түгүл алабата баскан Ташматтын эшигин, короосун шимшилеп, жойлоп, какжыраган дарбазасына бутун сырайтат. Сыягы Мойнок да баарын: Ташматтыкы бир жакка жоголгонун, ээсинен ажыраган Күрдөбөттүн алсыздыгын, журтта улуп калганын туйгандай.

Ошондон баштап жол кайра оңуна түштү, адамдар гана эмес малдар да ушерден чубашамат. Бир кезде Ташматтын огородуна, тамынын айланасына мал-жан жолотпогон Күрдөбөт эми бастырманын үстүнөн түшпөйт, түшсө эле Мойнок күрсүлдөп уруп, жара тартып кетчүдөй.

Ошентип... ит иттиги менен басынды. Ташматтын тамын бирөө бүлдүрүп атса көрмөксөн. Бастырманын үстүндө тумшугун куйругуна катып, жанына чыркылдап конгон таранчыны да көңүлсүз карайт. Түндө, жылдыз чыкканда төрт аяктап туруп солкулдап улуйт. Сыдырым желден ээсинин жытын издейт. «Силерге менин үнүм угулабы, силерге менин ээм көрүнөбү» дегендей Айды, Чолпонду, чыгышты карап улуйт... ээсин огородуна чакырат. А ээси жок....

Салый кыңайганда Күрдөбөт сыртта улуп жаткан. Салыйдын кулагына үй ичиндеги адамдын гана бышылдап уктаганы угулуп, ал ушул адамды бооруна кысып, мындан бүткөн бою балкып, анын тамагынан коркурата жыттап-жыттап алды. Ушу бир эле жыттаганга ал ырысталайга карк болуп, дүйнөдөгү самаганынын баары ушу бир эле жыттаганына чогулуп, учу кыйрына көз жеткис ааламды бир ууч кылып көкүрөгүнө кысты. Бир ууч ааламы анын уулу — Бугусу! Анын үмүтү... деми... келечеги...

Басаа, түн койнунда жаралган өмүрлөр азбы дүйнөдө?.. Дүйнөдө өмүр жаратуудан артык дагы эмне бар? Мобу бышылдап уктаган Бугу да түнүчүндө көз жарган.

Анда Каниметтики Булактын оозундагы эски тамда, элден окчун. Эл орунга олтурганда бир кемпир конду. Суусамырлык экен, Көлдөгү төркүндөрүнө баратыптыр. Так ошол түнү түн ортосунда Салый толготту. Толгоо экенин Салыйдын өзүнөн мурда тигил кемпир билди. Салыйдын ичин сылап, улам баланы оңдоп, бурчка орноткон баканды кармата олтургузду. Көп эле аялдар төрөп атканынан улам толгоого анчейин маани бербеген Салый. Эми тиги кемпирдин тизелеп кысканынан, толгоодон тирүүлөй он эки кабыргасы сөгүлүп, омурткалары омкорулуп, териси чыттай айрылды; көзүнөн от чагыла кулакты тундура кыйкыра берди:

— Энекебай! Энекебай... Жаным калабы?

Аман эсен көз жарды. Ошо замат ооруган жерлери басылып, жетимиш тамыры ийип коргошундай көлкүл-

дөдү. Койнунда муштумун түйүп ыңаалап, чопулдата эмчек соргон ымыркай. Ымыркайдын киндигин да ошо кемпир кести; туздуу сууга ошол кемпир киринтти; ымыркайдын атын да «Бугу» деп ошол кемпир койду. Буга Салый далайга өгөйлөдү. Ал уулуна чөлкөмдө жок сонун атты, ушул убакка чейин эчким оозана элек не бир улукмандын, не бир баатырдын, не бир акылмандын аты коюлса деп, андай ат табылбай, табылганын жактырбай бушайман жүргөн ичинде. Уул төрөсөм аксакалдар бир ат табаар деп камсырабай кашкет байлачу. Эми минтип уулунун атын жалгыз кемпир койду. Койгондо да Салыйдын оюна түшпөгөн капкаяктагы бир мүйүздүү айбандын атын койду. Мындай аттан чычалаганынын дагы себеби: айылда Теке аттуу чал бар. Андан калса көзү чекир, кулагы делдегей, сакалы эчкинин чычаңындай. Эрдин жалап-жалап алып бапылдап сүйлөгөндө сөзүнүн кээси билинсе, кээси билинбейт. Салый муну чын эле эчкиге окшоштуруп бышкырып ийчү. Ал киши өзү да куудул, тамашөкөй... эл да ага баарын жашыштырып, бирди экиге кошуп кошолонтуп... Балдар анын караанын көргөндө кайдан-жайданы белгисиз чогулушуп, бактын башындагы таандан бетер чыйылдашып «теке-текелешип».. Теке болсо тигилердин боорун катырып теңтуш. Бу кишинин атына Салый эмгиче ардан(ат!

Бугунун атынын жайын ал кийин түшүндү. Көрсө, Көл тарабында Бугу аттуу чоң уруу эл бар экен. Ал эл Бугу деген бир атадан тараган. Имиште, ал элдин эң түпкү атасы жоокерчилик заманда бешикте, журтта калган. Журтта калган балага жаныбар бугу арта салынып эмчегин эмизген. Бала бугунун сүтүн ээмп чоңойгон. Ошо жалгыз бала кийин урууулуу элге ата болуп, эл да аны «Бугу ата» атап, анын укум-тукумдары «Бугу» эли аталган. Ал элдин манасчылары да, комузчулары да, ырчылары да көп дешет.

Эми Салыйга «Бугу» дегенден жакшы ат жоктой. Азыр Салыйдын көкүрөгүндө жалгыз бугу эмес «кырк жыл кыргында» тосулбаган эл жатты. Түнкүсүн ал элди кара боорчо бооруна кысып, өзү да ысып, элди да ысытып жатты... Бугу да үрөөн-бутагы жайылган эл болсо... аккан суу менен чыккан чөптөн башкага зыяны тийбесе...

Балким, баягы кемпир Бугунун атын коюп жатып ушинтип ойлогондур. Деги ошол кемпир ким? Тирүү

бекен? Салыйдын төрөтүнө туш келгенин эстейт бекен? Кайдасын, энекебай?! Кыргыздын жолдон өтүп бараткан бир кемпирисинби? Кимсиң?.. Согуш сенин да үрөөн-бутагыңды аралагандыр... Балким ушу түндө сен да түйшөлүп жаткандырсың...

Канимет... Канимет! Бугудан кам санаба; канаттууга кактырбайм, тумшуктуууга чектирбейм. Бугу экөөбүз кучакташып жатабыз үйдө... А сен кандай гана күндөсүң?

Салыйдын ойлогонундай болуптур: Канимет согушка барганда араба айдаганга араң жараптыр. Акыры арабасын да немиске тарттырып ийгенде командири аны «аскерге жарабайсың» деп кубалаптыр. Күйөөсүн алдынан тоскон эчким жок, ал тургай жашабай жатып Бугу да «балдарга эмне деп айтам, Сагынга тыңдуусунганымчы, эми кантем...» деп теңкери басты. Салый жоолугун алып ыргытып, күйүп-жанып Каниметти карай чуркады. Баарыдан тозогу, Каниметтин мингени уй, артынганы чийки эт, жүдөө, кабагы бүркөө. Башында малакай, үстүндө дал-дал бөлүнгөн кендири.

— Катүгүн! Ушинтмек белең; бетке көө жаап...

Канимет унчукпай ылжайды. Көз ачып жумгуча уй мөңкүп, Каниметти мүйүзүнө илип Салыйды көздөй качырды.

Салый түшү экенин же өңү экенин ажыратпай жүрөгү оозуна капталды далайга. Бул жаман жоролуу түш: чийки эт артынып, уй минип... Салый бул түшүн эчкимге айтпай, туюк жара чыккандай ичинен сыздап, уулуна туйгузбай көз жашын булактата төгүп алды. Төкпөй коюуга чамасы жетпеди. Каниметтен кат-кабар жок, ушу кат-кабардын жоктугу жүрөгүнүн башына түпөйүл жара болуп, ал жаранын оозун тиги мүшкүлдүү түш ачып салды.

Куса болуп, үмүткөр болуп, кубанып, эңсеп, бир чети коркуп алыска жиберген катың кайра өзүңө келгенден көрө ошондон ары жоголуп кеткени жакшы тура... Бугунун акыркы каттары атасынын ордун сыйпалады. Ээсинен ажыраган жайдак тулпардай болуп, каттар кайра кайтып жатты...

Салый асанкайгыланбады, бел алдырбады, кайрат жыйнады, сабыр кылды. Уулум чүнчүбөсүн, аны көрүп өзүм чүнчүбөйүн деди.

Жалгыз эле Бугу экөө бекен? Баары... жумурай журттун кабыргасы кайышып... Алардан эмнеси артык, эмнеси кем? Дүйнөдөн, жашоодон үмүт үзгөн ким бар? Ташмат да өлүм үчүн — өлөйүн деп качкан жок; жашоо үчүн — жанын калкалап качты. Жанын эле калкалаппы?..

Анда эмне Таты жанын калкалабайт, жанын бакпайт? Туяксыз, бир үйдө жалгыз катын... Эмнесине жетпейт? Ким үчүн барыскан чаап жүрөт? Жанымды багам, күн көрөм деппи? Күнү ошо барысканга байланып калыппы? Жок, анын күнү көп... Ага жалгыз эле Токтоналы жакын эмес — баары, согуштун кандуу булоонунан баштап, так ушу Салыйдын босогосуна чейин жакын. Ошон үчүн Таты согуштагылар үчүн да, согуштан Ташматчылап качып жүргөндөр үчүн да, мобу кошунасы Салый үчүн да, ал тургай сүт уйкудагы бугулар үчүн да барыскан чаап жаткан. Анык жашоо так ошондо болучу. Ошон үчүн Таты өзү жалгыздыгын, туяксызын сезбей, баары ага жакшы болуп, баары аны жакынсып, келим-кетимге үйү бапырап, айыл-апага жакшы атка конуп, баркталып... Бытыкүл жатынын жарып чыккан, бойго жеткен кыздарынан кутула жадаса, ал аяк бошотконго жараган баланын ысыгына күйүп, суугуна тоңо өзү туугандай тутунду.

Өзүнүн кылган оокатына, эмгегине алымсынбады, көзү тойбоду. Салыйдын. «Тиги Татыга, Эрмекке караганда деле шоона эшпеген аял экем. Кана, эмне кылдым?»

Салыйга башкалар, өзгөчө Аман таңгалды. Бу «сүйрөлгөн аялдын» койнуна Каниметтин жатканын ыраа көрбөй, аны армандагы эркек деп, өзү Сымаптай аялга тушукканына ыраазы болчу. Салый шөлпөйүп бир сокого ээлик болгондо анын түрүнөн чочуп, «байкуш, кыйын болсо он күнчө чыдайт» деп болжогон. Бир жолку жыйналышта ал көзүнө чалдыгып, баягы улагын карызга бергенине ичи күйүп, эми аны шылдындагысы келип «звено Салый болсун!» деп кыйкырган. Ошо жүдөгөн Салый звено болду. «Жүдөйт, он күнчө чыдайт» деген неме кайра чыйралып, бышыгып, звеносундагыларды тескеп кирди эки-үч күн өтпөй. Аны мындай кой, Аманды дикилдеткен Сымапты «тилинен башка берекеси жок» деп звеносунан кууп. Килеңдеген Сымаптын шылкыны эки эле күндө соолду катуу жумушта. А Салый...

Салый тотугуп, күн сайын күчөп, сарамжалы менен баарына жакшы көрүндү. Сартаман Чаар ат — айбан мал ыргайдай болуп, аттар алмашылып, аттар чыдай албай, жүрбөй... а Салый аттарды чарчатты. Айбан мал чыдабаган катуу багыт жумушка Салый чыдады. Соконун тиштерин — далай темирлерди жыртты.

Аман Ташматтын чалгысын уурдаган түнү үйүн карай аксандап баратып Салыйды дагы бир көзүнө тартты. Андан сүрдөп, орундуу сөзүнө жыгылды. «Атаң көрүү, опасыз дүнүйө кара жерге кирсин... Жок кишилердин там-ташын таламайбы?»

Колундагы чалгынын мизиндей курч бирдеме Амандын көөмөйүн шылып өткөн анда... Бул эмненин мизи?

## XVIII

Башка аялдар таң заарынан талаада жүрсө Таты устаканага шашпай барчу. Түштө үйүнөн тамак ичип, кечинде эртерээк келчү, кээ күнү бир аш бышым же түш жарым үйүндө. Баягы Татынын барыскан чапканын өөн көрүп тыраалаган аялдар, эми анын колунун бошой калганына күйүп бышышат. Татыны текей терип жүргөндөй чамынышат:

— Таты кудайдын эркеси болду го...

— Ой анын семириптир килектеп...

— Барысканды мен деле чабам, кудай урсун! — дейт Чүкөлөй теңиреңдеп карганып.

Бытыкүл башын кейкектетип туурадан чоёктойт:

— Сен барыскан чапканың менен актүптөргө, Кашкарга жакпайсың. Эриң бар, өңүң суук.— Бытыкүл чалкалап шаңкылдады. Ал ушунчалык катуу шаңкылдаган экен, таш короонун коңулунда таранып олтурган тоо таранчылар дүрр этип уча качышты.

— Деги Татынын дене башы жазылып...

Эки-үч аял чоочуп, өңгөчтөрүн тарта беттерин чоюшту:

— Бети-им...

— Өлүп ка-ал шерменде...

— Боюнда... кимден?— Бактыгүл өңгөчүн тартты.

Салый ыкчырылып, кыя чапчудан бетер колундагы чалгысын оңтойлоп Бактыгүлдү демитти.— Билесиңби баягы аңдын ичин?!

Бактыгүл андан аркымды чукуп жибереби дегендей жалтайлап, калп эле аңкоолонуп күлкүгө жооткотту:

— Эмне дейт бу? Сообу? Каяктагы...

Бул топтогу аялдар Салыйдын айтканына чыны түшүнгөн жок. Бактыгүлдүн анысын Салыйдан башкасы билбейт. Алар Бактыгүлгө күлбөй, ачуусун бурк чачып тигинде чалгысын ийнине салып, аттап-буттап солдун башына басып бараткан Салыйга күлүштү. Салыйды мазакташты:

— Аа байкуш, эркек жолобогонунан ушинтип аткандырсың. Андай аки өзүң ысык боткодой жабышаарсың...

Бул күнү Отунчу өзүн өзү мазактады.

Чаңкай түш. Күн кайнап жерге түшкөн· Үлп этпейт чийдин башы. Чырк этпейт чымчык. Анда-мында бытпылдык урган бөдөнө. Ооба, күндүн бу бети жарык, үп, ысык; а тиги бетинде, мобул эле кырка тоо кашында капкара булут уюп, ошол уюган кара булутту бишкектеп, жаракалап чагылган жалаңдайт. Күндүн аптабынанбы, чагылгандын көсөөлөгөнүнөнбү, туздун талкындай оор булут удургуп, үркүп чаңыттап, тамтыгы чыга үзүлүп-үзүлүп, кайдадыр жутулуп кетти. Эмелеги булуттун ордуна көпкөк асман шаңкайып, мөңгүлүү тоолор касабаланды. Мына, булут бар эле, жок. Күндүн бетин булут калкалай алмакчыбы?

Так ошо тоого, мөңгүгө, күнгө карай бүркүт сызып баратты. Шаңшып, кез-кез канатын солбуйт. Ал коңбой, талбай, канат күүсү менен жолундагынын баарын жапырып, көсөп, асмандын ар жагына — түпсүз ааламга өтүп кетчүдөй сыягы. Нурпача көпкө чейин бүркүттөн көзүн айырбады. Мобу чалгы тарткандардын күүсү ошол бүркүткө окшоду, алардын чалгысы көк ыраңдын үстүндө жанагы чагылгандай жаланып, тиги тоону да түбүнөн кыйып, таарып салчудай.

Нурпача дагы колун серепчиледи. Те дөңдө шаңгыратып чалгы кайраган аял. Жеңи чыканагына чейин түрүлүү, этегин кашатына кыстарып, жоолугун кайра бууган. Ким болду? Бир аял. Аялдар... Чалгысынын мизи от болуп, шам болуп күйүп, күнгө шыркырап ширеп турду. Алар бир эсе жылаңач кылыччан кылкылдаган кол өңдөндү, бир эсе чыккан чөптөн башкага зыяны жок, бапыраган камдуу дыйкандар өңдөндү. Мээрман дыйкан аялдар!.. Нурпача алардын шарынан сүрдөп да, кыбасы кана кубанып да, жылдызы төгүлө сакалын экчеди. Эл...

Эл дегенден айланса болот. Ой-тоодогу кары-жашынан бери чогулушуп азан-казан. Бир эсе ошолордун шандуу кызыл-тазылын, шайыр күлкүсүн угуп, көрүп, алардын ичинде кайгы, жакындарын жоктоо бар экенине ишенбейсиң. Өздөрү да чалгыдан бетер курчуп, жаркырап. Байкерчилик заман ай! Бөксөргөн аягың качан калыбына келер экен? Эр уландарың тиги өстөндүн боюндагы түзөңгө качан улак тартышаар экен?

Эй, абышка,— Отунчу арсалаңдап Нурпачаны далыга таптады.— Сен жаман карып кеттиң,—деди ал тигинин далысынан буртулдаган чаңдан кача берип,— жүрбөйсүңбү, жашаралы.

— Кантип жашарабыз?

— Мени ээрчип.— Отунчу көзүп кысып, суу жээгиндеги келин-кыздарга ээгип кагып койду.— Тигине дарысы. Көзү бозоруп араң жүрүшөт. Карачы бири-бирине секирип.

— Абийириң менен өлсөңчү!— Нурпачанын төбө чачы тик туруп, ыманы кырк кез учту. Сакалы бириндеп, насмайын кайра-кайра түкүрүндү.—Сакалың өрттөңгүр...

Бул эмне деген ооз? Алардын арасында кыздары бар. Алдынан кыя өтпөс келиндери бар уулдары кучактаган. Ошолор бир саат болсо да ойноп, жуунуп, таранып алышсын, сүйрөлгөн сакалым менен уялтпайын деп кайпактап быякта жүрсө..

Анын жамы журт сыйлаган сакалын, көп жылдарды арасына катып агарган сакалын бир заматта, бир гана толгоп, бир талын калтырбай бирөө жулуп салгансып ээгин сыйпалай берди. Колуна сакалы урунбай ийне урунуп, көзүнө Отунчу эмес айбан көрүндү. Бир эле ооз сөз бул карынын дүйнөсүнө чалмакей салды.

Отунчунун башында чачылуу ак калпак. Белинде күмүш чаптырган кур. Бутунда кычыраган өтүк. Каруусунда пыязы чепкен. Сакалын кырып, мурутун чыйраткан. Адамдын көркү чүпүрөк деген ырас. Бытыкүл аны күйөөлөтчүдөй жасап салганга өзүнүн көөдөнү кошо жашарып, сырттан караганга да жаш.

— Бүгүн кийинип бар,— деген Бытыкүл эртең менен элдин баары чөп чабыкка чогулаарын угуп. Ал элге Отунчуну көрсөтмө кылып, өзүнүн соболосун көтөргүсү келген. Башка аял согуштан жүдөп, этегине жамаачы таппай жүргөндө Бытыкүлдү карабайсыңарбы. Аял бол-

соҥор Бытыкүлдөй болгула! Бытыкүлдөй жоктон барды кураган сарамжалдуу, эрге күйүмдүү болгула!

Анын дагы бир ою: Отунчу колхоздун атка минген кызматына илинсе. Кызматка илинүү үчүн ушул тапта «чыштай» кийинүү керек. Мансап да Ысактай куучуҥдагандарга эмес, үстү-башы тазааларга жугат, ушуларды көзүнө илет эл. Бытыкүл эрин эл катарына жакшы кийим кийгизип кошмой болду. Ал аялдар теҥдигин ушундай түшүндү.

Бытыкүлдүн дагы бир ою: Отунчуну күйөөлөтөт. Көсөө узун болсо кол күйөбү, токол жумшайт; байбиче атанат, ийнинде суусар жака ичик, оозунда мамил чай, чыканагында куш жаздык, колунда кызыл сабоо.

Ал аялдар теҥдигин ушинтип унутту.

Эртең менен Отунчу Бытыкүлдүн оюнун бир да бирөөнө түшүнбөй мыҥкылдады:

— Уят ко...

— Уят ко?!— Бытыкүл абышкасын кекете кайталады. Абышкасы анын кекеткенин билген жок, кемпиринин жөн сүйлөгөнү менен кекеткенин ажырата алчу эмес. Буга Бытыкүлдүн жини ансайын кайнады.—Уят ко деп... Тапкан экенсиҥ уятты?! Качанкыга кириҥди жууп, казаныҥды кармайм? Ата-а, кана сенин теҥдигиҥ? Качанкыга каруум казык, башым токмок?! Ырысын көтөрө албаган шоркелдей. Жаҥы кийим кийген уятпы я?! Уят болсо менин койнума эмне жатасыҥ, яа?!

Отунчу кыҥк этпей берген кийимдерди кийди. Бытыкүл ага бейиш да, Бытыкүл ага азирейил да болучу. Бир жолу карагай кыркууга барып, бутактан кулап эси ооптур аш бышым. Кимдир бирөө «Бытыкүл келатат!» дегенде көзүн алаҥдатып тура калган имиш. Ошондон уламбы, айылдагылар: «Отунчуну өлтүр... Жерге көм... Таш менен бастыр. Анан Бытыкүл келатат! деп кыйкырсаҥ Отукеҥ тура калып чуркайт!» деп тамашалашчу.

Бир ооз сөзгө өпкөдөй калкыган адамдар бар эмеспи. «Аял алперем сага» деген Бытыкүлдүн сөзүнө, көкүткөнүнө семирип, басаарга жер таппай жашарып, көөп. Анын үстүнө Бытыкүл жаштар менен сырдашып, акылдашып жүргөндөн кийин, өзү да кийинки күндөрдө жаштарга көбүрөөк ыкташып, келиндерге имерчиктеп, кыздарга көз кырын жиберет. Мобу жапсардагы келиндер чалгыларын да, ак балтырларын да сууга салып,

көкүрөк бучүлөрү чечилүү, шарактап күлүп олтурушкан. Күлөөргө шылдындоого шылтоо табылбай...

— Капырай, бу кайсы жердин шумкары?— Четки келин Отунчуну көргөзө чоолжуду.— Асмандан түшө калдыбы?

Чынында эле бу тооруп баскан немени тааный алышпады келиндер.

— Ныксырайт.

— А ий бетим,— аркы кара келин баарынан мурда тааныды.— Бытыкүлдүн шумкары тура!

Эригип, күлүүгө шылтоо таппаган келин-кыздар бири-бирине баштарын катып, бири-биринин сандарынан чымчып бышкырып, бүлкүлдөп күлүп атышты. Алар Отунчу эмес күлкүлүү бирдемени көргөнсүшүп, ал «чыштай» кийим эмес, бир маскарапостун кийимин кийгенсип, ал аксакал эмес, бир боз баш баладан бетер күлүштү. Орундарына олтура албай көмүскөгө чуркашып, көмүскөдө боортоктоп, жер кучактап күлүштү.

— А кудай, бу чалда эмне жок...

— Көзүн текедей кызартып...

— Ары баспайбы...

Отунчу ары баскан жок. Келиндердин күлгөнүнөн көлөкөгө тон бычып, келиндердин арасынан Бактыгүлдү көз кыры менен издеп кудайга ыраазы. Ал келинди өгүнү учкаштырган. Учкаштырып баратып камчыланымыш этип санына колун тийгизген. Келин унчукпаган. Отунчу атайлап атын арыктан секирткен. Байкоосуз келин аттан оой жаздап, чап кучактаган.

Келиндин ушу кучактаганына апийим ичкендей ылжып, мындан башка эмне кыларын билбей, кайра-кайра кичине андардан секирткен...

## XIX

Чырпык минген, чырпык камчыланган балдар чаңызгытып короодо чуру-чуу:

— Чү, апам келатат дейт...

— Чү, жойгосу кыйын экен дейт.

— Мен сейсеветмин...

— Мен баскаймамын...

Булар «Абдыясактын калкозу». Бирөө уктаса, бирөө ойгонот; бирөө күлсө бирөө ыйлайт; бирөө суу десе, би-

рөө талкан дейт. Быягынан бирөөнүн бетин жууса, тыягынан бирөө кокочо. Мурдунан суу агып, шымы дал-дал бөлүнүп, балжырап турса да бала сүйкүмдүү, бала жылдыздуу...

Баарынын баштары дандырдай. Мунар эне чачтарын кечөө эле Мамбетке кырдырган. «Чачыңарды кырдырамды» укканда баары көгөнгө тизген козудай үн алыша буркурашкан.

— Алдырбайсыңарбы? Анда көк бөрү сүйрөй кетсин чачыңардан. Мен баласыз калайын...

Тигилер устара тийгенден көрө «көк бөрү» сүйрөсүн дегендей күчөп ыйлашты. Беймаза болгон Мунар эне акыркы амалын колдонду. Чапанынын жеңин кийип, булкуна бир-эки кадам ары басты:

— Анда мен өлөйүн суугa агып. Чачыңарды алдырбасаңар эле...

— Өлбө-ө... өлбө-ө...

— Өй-бө-өө...

Балдары Мунарды бурчатпай этектен кармашып, аржакта күрпүлдөгөн суу агып жаткансып, бир эле кадам шилтесе ага агып кетерден бетер, жылдырбай этегине оролушту. Алардын ыйы токтогон жок. Токтобогону менен «Эмне кылсаң мейлиң, өлбөчү» дегендей энеге баш ийишип, жоошуп... Чоң эненин алардын кылыгына эбедени эзилип, мурда улуурагынын чачын жибитти; беркилери «мобунун башы соо калар бекен же калбас бекен» дегендей кулактарын делдейте солукташат.

Балдардын ыйлаганына калтаарыдыбы, Мамбеттин колу калчылдап, улуусунун чачын кыйнабыраак алды. Бала буга кыйшактап, бирок укмуш эрдик көрсөтүп жаткансып сүйлөп коёт.

— Мен ыйлаган жокмун ээ?— дейт көзүнөн дагы эле мончок таамп.

— Ооба айланайын. Деле көзүнөн жаш кылайбайт,— дейт Мамбет анын жерге кирип бараткан башын улам көтөрүп.

— Мамбет ата, токточу?

— Эмне болду сага?— Мамбет токтоп устарасын жаныды.

Бала бир жактан туз көтөрүп келгендей оор улутунду.

— Ок, көйнөгүндү уй жегир!

— Токточу ата,— бала жарты башын алаканы менен басты.

— Эмне болду?

— Эс алайын...

Мамбет, Мунар бырс күлүп... булар күлгөндөн кийин күлкүлүү сөз айтканын билбей тиги бала, ага кошулуп беркилер борсулдады. Ушул күлкүдөн соң Мамбеттин колу калтырабай, устарасы курчуп, чач да жумшарды. Беркилер зырылдап качпай, «мен, мен мурда алдырам» деп бири-бирине чокчоңдошту.

Баштары таскарындай жалтыраган тигилерге күн өтпөсүн деп «Эле байбиче» бир гана чаңырды:

— Киргиле үйгө!!

«Эле байбиче» бир гана кыйкырганда баятан чаңызгыткандарды, чуру-чууну бир чоң шыпыргы шыпырып ийгенсип короо жымжырт болду да калды. Күнөскө, акырдын ичине жүн жайган Мунар эне жалгыз. Айлана кулак-мурун кескендей.

Дүйнөң соолгур! Ушу балдар болбосо сенин эмнең кызык? Жашоондун жыргалы не? Адамсыз сен бир түбү түшкөн көңдөй челексиң. Адам болбосо жаркыраган күнүңдүн кереги не? Анын асманда экенин ким көрөт? Анын ысыгынан ким көлөкөлөйт?

«Эле байбиче» күн бар үчүн жүнүн жайып жатты: кургасын, чыбашы чыксын, балдарына бирдеңке болсун деп. Балдары болбосо бул жүндүн кереги не, кармата бермек.

Кышында аскердегилерге жылуу кийим чогултулган, кемпир мындан коопсунуп, элдин башына чоң кырсык түшкөнүн сезип, санаасы санга бөлүндү. Эрмек келини ийик кармачу эмес, кайненесине минтчү:

— Апа, ийик ийрип көзүңдү жыртпа. Бизде завод-фабрик көп. Машинелер токуган макмалды киебиз.

Эми заман коогалуу, өкмөт өзү элден кийим сурап аткандан кийин эненин ичи күйгүлтүк; Эрмекке көргөзбөй жүндөн бөлөк каткан. «Не бар, не жок. Быякта кызыл чиедей балдар бар, тыякта кызыл аскер болсо».

Мунар эне чайына набат салып, сары май томуруп, ошо чайын ичүүдөн эринип болпоюп олтура берчү. Аласа-бересе, келим-кетим менен иши жок, берсе ичип, бербесе жок, чоочун болуп калдым деп казан-аякка карды ачса жолобой. Ошондо да эки күндүн биринде ысыктачу же сууктачу.

Согуш каатчылыгынан бери ал кызганчаак, зыкым. Согуш ага «Тур, кемпир, казан-аягынды карма!» деди. Кемпир ага «лам» дебейт; түн уйкусунан, күн тынчынан безет. Согуш анын томурган сары майын кекиртегинен сыгып алды: «Таш жегин кемпир!» деди. Баягы чакмак кантынын, томурган майынын бири жок.

Кудая тобоо, кемпир тын, башын жаздыкка койбойт — бейтаптабайт. Тиштенип «же сен өлөсүң, же мен өлөм? Өлсөм сени ала жатам» дегенсийт согушка.

«Эле байбиче» Эрмектин колуна кол, бутуна бут «Абдыясактын калкозунун» башкармасы. «Абдыясактын калкозу» өздөрү да уй мүйүз тартып олтуруп алып сүйлөшчү:

— Чоң эне баскайма...

— Жок, сейсевет!

— Чоң энебиз кыйын ээ?

Аларга чоң энесинен ашкан шумдук жок; анын алы жетпеген, ал билбеген, ал таппаган нерсе дүйнөдө жок! Жердин түбүнөн да чукуп табат, чоң энеден жакын, чоң энеден куйумдуу эч ким жок! Атасы да, апасы да чоң эне!

Таты Бообекти жетелеп үйүн карай бараткан. Анын аты Бообек эмес — Вовик. Маңдайы дөң, мурду кырдач, көзү бакыракай, кирпиги узун, төрт-бештер чамасында. Баланы Таты, Эрмек экөө районго барганда көрүшкөн. Таты оюнда эне-атасыз ымыркай баланы асырамак.

— Андай балдар бизде жок,— деди балдар үйүнүн башчысы узун бойлуу аял күлүмсүрөп.— Сиздин оюңузду түшүнүп турам.

Так ушул маалда колун жаза самолёт болуп ызылдап, топшойгон бала чуркап чыкты да, аялдарды айлана чуркады.

— Вовик! Вовик! осторожно...

— Тета Валя, мы самолётик...

Бала «Тетя Валянын» колун кармалап, Таты менен Эрмекти бажырая тиктеди.

— Вовик, поздороваться надо...

— Здйасти,— деди ал берки эки аялга тыпыйган колун сунуп.

— Иди, миленький, играй...— Ал чуркап кеткенден кийин «Тета Валя» беркилерге кайрылды.— Энеси бомбадан өлгөн.

Татынын бу балага зээни кейиди, ичи да жылыды. Ичинин жылыганы: топшойгон Вовик, Токтонаалы аскерге жөнөгөндө башынан жогору көтөрүп өпкөн балага окшоду. Зээни кейигени: ошондогу Токтонаалынын улутунганы кулагына угулду.

Таты андан кийин бир канча ирет келип, келген сайын тамак-ашын ороп, капкаяктан оюнчук таба келет. Экөө бири-бирине үйүр алып, көрүшкөндө кубанычтары ичтерине сыйбай кожурашат. Экөө үчүн «тета Валя» оңой данакер болду дейсиңби?

Вовикти — Боoбек атка кондурган ушу Мунар эне. Таты кез-кезде «балдар менен ойносун, тил үйрөнсүн» деп мында калтырчу. Мунар эне адегенде аябай коопсунду. Вовик «Абдыясактын калкозунун» боркокторун тиктейт, а алар мурундарын чукуп Вовиктин матрос шапкесин тиктейт. Булар эмне деп сүйлөшөт, эмнени түшүнүшөт? Эмеле тытышат го?

Антишпеди. Булардын олуяң түшүнбөгөн өз тилдери бар окшобойбу. Чоң энени каратып олтуруп жазгырышты. Вовик ошол эле замат жыланбаш ойноду. Эне ары издеп, бери издеп шапкесин таппады. Көрсө, бу тептегерек немеге топурак салып тепшини көмкөрүп салышыптыр. Булар күндөгүдөн алда канча сонун ойношту. Бир жаман жери Вовик жыланбаш, буга ал өзү кайыл. Мунар эне шапкени жууду эле, ак немендин өңү өчүп, кебинен бузулду.

Вовиктин аты Боoбек болду. Вовик да чоң энеге өзүйчө ат койду;

— Чоне, пасмотри!— деп самолёт болуп ыжылдайт.

— Боoбек! Боoбек... жыгыласың...

— Боoбик... чыгыласың,— дешет «Абдыразактар» Мунарды туурашып, Вовикти артынан кубалашып.

Ошол «Чоненин» короосунан чыккан чурулдаган ыйды Боoбек биринчи укту, Татыдан колун сууруп алып ошоякты карай чуркады. Таты да артынан чуркады. Байкуш кемпирдин оорусу кармаган го? Балдары кантти? Жалгыз бой куурагырды...

Барса «Абдыясактын калкозу» кыркалакей тизилип ыйлап олтурушат баштарын тасырайтып.

— Мени жегиле... Жутсаңар экен мени!— Аржактан капааттаган эненин үнү угулат. Үйдүн ичи чачылган; чаң уюп, ун жыттанат. Тиги мадыра баштардын боорлору, уурту, колу, көз-кирпиктеринен бери агала. Жы-

йылган жук, үйдүн таманы, улагадагы кепичтен бери агала.

— Бул эмне? Эмне болду эне?

Мунар Татыны уккан жок. Өзүнчө бирдеме менен алек. Абдыразактар ыйлап жатышты. Жок, алар ыйлабай эле, ыйласа да чарчап бүтүшкөндөй, же кандайдыр бир ырдын обонун созушкандай үндөрү жай, созулуңку. Тиги четки, камчыга ынак эгизден сыңары — Рыспек беркилерге үнүн кошуп, калпеле долдурап оозун ачат.

— Аа-аа-а...

— Аа-аа-аа...

Балаанын баарын баштаган ошол. Баштыктагы ундун оозундагы электи алып, тегеретип артынан кубалады. Бул сонун тегерекке андан мурда беркилери жетип, ага бербей коюшту. Ал кайрадан тегеректин башкасын издеди. Жок экен. Баштыкты ачып ичине колун салды. Аппак бирдеме. Колун бооруна сүрттү эле боору агарды. Анан ал чубуртуп унду уучтап алып, туш-тушка чачты. Муну көрүп, беркилер да уучтап, бири-бирине чача баштаışты. Баштыкты ортого сүйрөп чыгышты. бири-бирине эрдемсип, унду каалаган жерге чачышты, ыргытышты. Элекке салып элешти. Элекке олтуруп бири-бирин сүйрөштү. Унду да чачып түгөтүштү. Электи да айра тебишти.

— Эмне кылчумун бул наалаттарды... Эмне кылчумун эле жукпастарды.— Мунар колундагы куру баштыгын көргөзүп Татыга даттанды.— Бир чака ундан бир ууч калбайт, көр оокат деп эшикте жүрсөм... Эми нан деп ыйлап олтурушат! Кубаарыңарды жегиле, аррамдар...

— Эне-е... Эне-е.

— На-ан... Нан!

— Куйса-ак... куса-ак.

Таты «Абдырасактарды» бүт ээрчитип алды «сейсеветин» кошуп. Деги ушул Татыныкына балдар келимкетимдүү. Таты аларга кээде бир сындырымдан нан бергениненби же Боббекке каралашабы, айтор үйүр. Анын короосу чуру-чууга, чырпык аттарга, күнгө жайылган боркок-шымдарга, ыжылдаган самолётторго толуп кетчү.

Бообек элеттеги балдардан бөлөкчө ойночу. Оозун чурмуйта минадай ышкырып, пулемёттой «тра-та-талап», коңулдарга жашынып, мылтык аткансып жерге-

ләп, боортоктоп, сулап жыгылып. Балдарга «согуш оюнун» Бообек жайды. Жерди өрттөп, алардын атасын жайлатып жаткан ушу «согуш оюну» экенин алар билген жок.

Абдыразактарды атайлап чакырып Таты башта эле конокточу. Алар курсактары тойгуча тыпыйып жөн олтурушчу, мурундарын шуулдатып. Анан тойгондон кийин катарга тизилип, курсактарын сылап тура баштачу.

— Кайда барасыңар? — дейт Таты үзүлүп түшүп.

— Чоң эне...

— Үйгө...

— Үйүбүзгө..

— Атаа... кудайдын ичи кенен... Силерге үйдү ким коюптур. Бирөөң койнума жаткыла.

— Аный,— дешет тигилер баштарын чайкап.

— Энем эси чыгат...

— Энем мокочо жейт...

— А мени мокочо жебейт бекен?— дейт Таты «Абдыразактардын» тилине күйүп-бышып.

Алар болсо үнчукпай, баштарын гана чайкап, кеп бүттү дегендей эшикке жөнөшөт курсактарын сылай. Жөнөгөндө да өздөрүнүн тойгону аз келгенсип, «биздин бул үйгө кирген акыбыз» дегендей дасторкондун бетиндеги нанды бирден кармай жөнөшөт.

— Чоң эне бейем...

— Чоң эне жечин...

Кээде «Абдыразактар» качып кетишчү, булганган боркок, шымдарына карабай. Таты аларды жууп, таптап артынан жеткирип убара болчу.

Таты «Абдырасактарды» үйүнө ээрчитип келген кечте анда Бытыкүл да келди. Эл орунга олтурган убак. Күндүн илеби алиге кайта элек болсо да, тигил үстүнө ичик жамынып, башына заңкайта элечек оронгон. Ал Таты менен атайлап сырдашмакка, ага кадырын салып бир зарурат ишине жумшамакка кирген. Мурдун чүйрүп Мунардын мында олтурганын жактырган жок.

— Жарыктык, эмнеге олтурасың?

Мунар анын үстү башын карап, тиги ичик, элечегин каада үчүн кийгенин түшүнбөй сурады:

— Ботом, бир жакка барасыңбы?

Бытыкүл үндөбөдү, ээгин кымтып чоолжуду.

— Эрмек келиниң кайда?

— Кызматында эле...
— Эмне кызмат?
— Ант дейби... ошону окуп тиги тоодо эле.
— Жакшы эмес,—Бытыкул этегин силкип, мурдун чүйүрдү.— Катын киши болсо, кундур-түндүр талаада жүрсө...
— Анан кантет, өкуматтын жумушу болсо...
— Өзү үчүн жүрөт. Өкумат бала-чакалуу катынды кыйнабайт. Кеп өзүндө... силер каржандап, минтип...
— Карыган киши каржаңдаганы эле жакшы,—«Эле байбиченин» сиркеси суу көтөрбөй чамгарактады.—Карыган киши алжаңдаса жаман. Башын жутат!
— А алжаңдаган ким экен?— Бытыкул өзүнө сөз тийгенин сезип башын кежендетти.
— Сен! Силерсиңер. Абышкаң экөөңөр. Атан төө мас болсо тайлак төө менен дос болот! Абийири жоктор көбөт мындайда.
— Аңкылдаба мастен! Көптүрмө салып бердиң беле? Абийири жок сенин Эрмегиң! Күнү-түн биреөнүн катыны! Сен кимдин балдарын багып жүрөсүң мастен?!
— Чык бейбак, каяктан келдиң эле?— Мунардын көзү чанагынан ыргып кете жаздады.
— Чыкпайм!.. Сенин тирүүлөй өлгөн келиниңди угузганы киргем, угуздум!..
Суу көтөрүп, балдарды ээрчиткен Таты үрпөңдөгөн экөөнүн ортосуна тура калды:
— Жарыктыктар, сакалдуу башыңар менен...
Бытыкул зарурат ишин Татыга айта албай, ага Мунар эне каскак болуп, алкынып-жулкунуп көчөдө баратты:
— Жаман кийинсе да көрө албайт. Жакшы кийинсе андан бетер көрө албайт. Өлүгүндү көрөйүндүн эли! Ичине кара таруу айланбаган...

## XX

Райкомдун бюросуна Эрмек кечигип барды. Диванда олтургандар ага сыйлыгышып орун беришти. Башын булоолонтуп Маамыт башкарма сүйлөп жаткан экен...
— ...Жашырсам өзүмдүн агородумду сугартканым жок! Өзүмдүн сарайымды салдырганым жок! Менчик суумду сугартканым жок!— Ал сөзүнүн аягын «жок!»

деген сайын оор бирдеме ыргыткандай колун шалак эткизип, башын какайтат.— Колхоздо эркек азайды. Катын бала... өмөчөктөгөн чалдар... Кантем анан?! Арга тапкылачы, кана... иш талаалап калды. Качса качкандыр... Катсам каткандырмын... Эки-үч киши согушту бүткөрүп, немисти ойсуратып салат беле? Олтуруп алып «Бүткүлө! Чамдагыла! Фронтко эгин керек! эт керек! керек! керек...» дейсиңер. Столду муштайсыңар. Анан мен кантем? Жалгыз кайсы бирине жетишем? Тыягына барамбы? Быягына барамбы? Мына бу азап-тозок, силердин жемеңерден көрө, катын-баланын көз жашынан көрө согушка жөнөткүлө! Мен да бир кишиче согушам. Же өзүңөрдү эле ак ниет, мындагы кишилерди кара ниет дейсиңерби? Биздин да эмгек сиңген. Биз да өкүмат кишисибиз. Бизди өкүмат сыйлаган.— Ал алаканын жая чалкалап, орденимди көргүлө дегендей олтургандарды тегерене карады. Аны сыйлаган, аны баалаган өкүматтардын баары согушка кетип, бу жерде аны билбегендер, түшүнбөгөндөр олтургандай, ошондуктан жалгыз гана ал эки ортодо кыйноодо калгандай кыяста сүйлөдү:

— Дагы айтам... Дезертирлерге менчигимди жасатканым жок!— Ал лак этип олтурду. Күржүйгөн чүйлүсүн арчыды.

Сөз түгөндү... Бюро тунжурады... Мунун айтканы ырас. Эрмек астыртан Аккызды карады. Ал да кыймылсыз. Эрмек айланасын карады. Теңме теңи аялдар. Өгүнкү бюродо эле эркектер басымдуу болчу. Кимдир бирөөлөр — эркектер согушка жөнөп, кимдир бирөөлөр — ургаачылар алардын ордун баскандыгы ушу бюродо да айгине. Согуш ушу бюрону да терип, бюрого аялдар гана олтуруп калабы?

Эрмек кайрадан Аккызды карады. Анын бүркөлгөн кабагы, жыйылган кашы жанагы калыбында. А артында, так ийнинде баягы «Родина—Мать завет!» Кыймылсыз болгону менен экөө тең ичтеринен кайнап, көбүрүп чагылгандай чартылдап жаткандай.

— Ошо менчигиңиз болбогондугу үчүн Сизди айыптап, Сизди күнөөлөп жатабыз. Коомдун жумушуна менчиктей мамиле жасоого Сиздин акыңыз, укугуңуз жок! Сиз, дезертирлерди колтугуңузга катып, дезертирлер менен жумуш бүткөрүп, ошолордун эсебинде өкмөт менен партияга жакшы көрүнүп,— Аккыз ордунан тура кал-

ды.— Айтыңызчы, кимди алдап, кимдин көзүн будамайлап жатасыз? Түшүнөсүзбү?

Элдин баары козголуп Маамытты көздөрү менен атты. Мамыт кара-көк тартып ансайын булоолонду.

— Уурдап, алдап жумуш бүткөрүп... Бул коммунисттин сапаты эмес, коммунистке жат! Же согуш сиздин колхозго гана келиптирби? Сизден эле эркектер жөнөптүрбү? Сизде эле катын-бала калыптырбы?— Аккыз колун айланта шилтеди.— Булардын баарына, жамы журтка күн түштү. Булар да ак ниет! Булар да иштеп, күрөшүп, тылда согушуп жатат! Булар да өкмөттүн кишилери.. Буларды да өкмөт сыйлайт! Баарынын эмгеги сиңген... Баарынын көзүнөн жаш, көкүрөгүнөн кан агып жатат. Калкоз... жашоо... баарына керек!

— Туура!

— Туура!

Райкомдун секретары эми жай сүйлөдү:

— Айтыңызчы, Сиз командир болсоңуз... Жанагы качкындар сиздин солдаттарыңыз болсо... алдыңыздан жоо каптаса... Алар окту биринчи кимге атмак?.. Сизге! Анан душманга кошулуп мекенге... Ата-энесинин элине. Жерине... Алар колхоз үчүн эмес, кара жаны үчүн иштеп жүрүшөт! Алар коркоктор. Чыккынчылар... Колхоз алардын жылуу уясы, саан ую эмес...

— Биз да түшүнөбүз аны.— Маамыт креслону кычырата козголду.

— Жакшы түшүнүү керек!— Аккыз аны жекире карады.

Маамыт бир колун бөйрөгүнө таяна мыкчыйды, бужердегилерди тушарына теңебегендей.

— Калхоз бизге да керек! Колхозду биз курганбыз... Калхоз үчүн каныбызды төккөнбүз, Анан эми силер...

Аккыз анын сөзүн жулуп кетти: — Анан эми силерди критикалоого болбойт бекен?— Ал Маамытты туурап «силер» дегенге өттү.— Силер тоңмоюндук кылбагыла. Кеңешкиле бизге...

— Ар ким өз билгениндей кылууга акысы жок!— Экөөнүн тартышына аралжы болгон Сагымбай. Сыягы аны атайлап дезертирлердин иши боюнча бюрого чакырышканбы. Бу ким дегендей баары ага карашып, анын кызыл жакасын, лейтенанттык белгисин көрүшкөндөн кийин, райондук согуш комиссариатынан экендигин баамдашты. Дезертир жөнүндө сөз болгонунан уламбы,

көзүнүн чаарын чыгарып, бир район сөзүн эки кылбаган Маамытка «Сен» деп сүйлөп жатты.

— Ырас, Мамыт райондогу белдүү башкарма, аны сыйлайбыз. Ырас, колхозго эмгектенгенин эч ким танбайт. Ошол бир кездеги эмгекке чиренип көп кемчиликтер жиберип жатат.

— Ачык айтканда?..— Маамыт мурутун чыйрата ага бурулду.

— Айтып берейинби менин ээриме канча ок кадалганын... Канча колхоздун малын алар убайрамдаганын... Мен ок ширеген ээр минип жүрөм! Эгер билсең...— Сагымбай Аккыздан өтүндү. — Эгер убакыт болсо айтып берейин?

— Айтсын!

— Айтсын!— Баары жаалашты.

— Айтыңыз баары уксун,— деди Аккыз да.

Маамыт башкарма аскерден же жумушчу дивизиясынан качып келген айрым адамдарды канатына калкалады. Аларды эл көзүнө чалдыктырбай колхоздун түрдүү жумуштарына чегерди: «Силер жакшы иштегиле, көрүнбөй... Өкүмөт издесе жообун мен берем. А кыйкымыңар чыкса...» деп сөөмөйүн кезеди. Аларды тамак-аш менен жабдыды. Алардын сыртынан да кароолчу койду. Бул акырындап элге билинди. Өкүматка да угулду. Издеп келгендерге Маамыт алаканын жаят:

— Атаң көрү кысталактар, колума тийсе кана...

— Сизде иштеп жүрөт деп атпайбы?

— Ким? Ким айтты?— дейт ал кабагын чытып,— Мага ишенбейсиңерби? Анда таап алгыла. Таап, мага көргөзгүлөчү кысталактарды.

Маамытты, анын керт башын дүңкүлдөткөн сөздөр токтогон жок: «Оо, ал ат качырбас боз айгыр», «Оо, анын өнөктүгү жакшы.»

А башка колхоздордун жаманаттысы көбөйдү: «Өнөктүгү жаман». Бу колхоздун жетекчилери райондук уюмдарга ачык эле даттана баштады:

— Ууру күчөдү...

— Үйүрүнөн жылкы жок...

— Короосунан кой жок...

«Инкүүнүн» кишилери бир канча жолу тоолорду кыдырып тизмедеги качкындарды таппады.

Сагымбай жалгыз калып, Кулжа-Кашатты дагы экиүч күнү аңтармак болду. Эмне үчүн «Кулжа-Кашат?»

Илгери тигил түзгө үйүр талашып эки кулжа беттешкен экен. Экөө тең бир-бирине караандары «үлбүл» болуп калганга чейин кетенчиктешип, анан аткан октой күүлөнүшүп бирин-бири сүзүптүр. Экөө тең кайра бири биринен бута атымдай ыргып, экөөнүн мүйүздөрүнөн өйүз-бүйүз зоолор кагышып, экөөнүн тең мүйүздөрү түтөп, экөөнүн тең оозу-мурдунан кан кетип көпкө тура алышпай... Турушкандан кийин кайра дагы тай чабымдай кетенчиктешип, дагы аткан октой сүзүшүп, ушул сүзүштө экөөнүн тең мүйүздөрү сынып, ашташып, экөө бири-бирине сүйөнө тизелеп, эс алышкандан кийин тиги кашатка чейин түрүшүп, кашаттын чөбүн тизелеген бойдон оттошуптур.

Кашаттын алдыңдагы түзөңгө сарай салынып жатыптыр.

— Кайсы колхоздун сарайы?

— Советтин.

— Кишилери кайда?

Бети башын жүн баскан киши кереӊ немедей унчукпады.

— Кишилери кайда дейм?

— А-аа...

Сагымбай атынан түшүп алачыкка кирди. Үй ичи иретсиз. Керегенин башында фуфайка, чөнтөгүндөгү катты алып окуп өз чөнтөгүнө салды. Бурчтагы каптын оозун ачты: керзовой өтүк... Фляга, геологдордун балкасы. Бир аз шекшип, анан колун шилтеп койду.

— Өзүң кимсиң?

— Өзүм кишимин.

— У-уу,— Сагымбай тигил кишиге ызырынды. — Кана документиң?

— Документим... колхозчумун. — Көзүн кыбыңдатып тартынган жок.

— Каяктан билебиз аныңы? Колхозчу экениңи?

— Йэ, ишенбесең айдап барыңыз.

— Бас! Баскын алдыма.

— Йэ, басса баса берем! Алачыктагылар жоголсо Маамытка айтам.

Сагымбай кичине опузалап айдап барып, анын тартынбаганынан, калтаарыбаганынан кайра коё берди.

— Баргын кайра ордуңа. Тилиңди тартып жүр! Атың ким?

— Макул, тилимди тартып жүрөйүн, колхоздо кишимин деп документ салып жүрөйүн. Атым Чоной.

Сагымбай бул кишиден шек санабаганы менен, жанагы кат анын жүрөгүн өйүп, эки анжы болду. Геологдордун эмереги кайдан? Уурдашканбы? Ал тигил кишинин «сарайды малчылар салып жатат» дегенине да ишенбеди.

Ал изин суутуп он күн өткөндөн кийин Кулжа-Кашатка кайра келди. Баягы сарай токтогон; алачык, эч адам жок. Мындан Сагымбайдын бир чети көңүлү кайтып, бир чети шеги күчөп «Советке» барды. Маамыттын жазган колун чөнтөгүндөгү катка салыштырды. Өзү!

Анан ал «Советте» кылтыйды, шектүү кишилерди издеди. Издегенде да жөн эле сүзө качырып барбайт. Күлдүрүп, өзү да күлүп жумушка аралашат эл менен. Кечинде атганып кетип калымыш болот да, кайра келип жөө жүрөт. Таң атпай, эч ким ойгоно электе кыштакты сыртынан көзөмөлдөйт. Ушинтип жүрүп Сагымбай бу колхоздон эки качкынды кармады. Бирөөнү так эле Маамыттын мурдунун астынан — кеңсаларды тактайлап жаткан жеринен. Антпесе Маамыт деле өзүнө жуутмак эмес.

— Ал эми калган... ар кайдан чогулган качкындар кайда? — деди жогоркуларды баяндаган Сагымбай.

— Мен билгенимди, күнөөмдү коммунустче мойнума алдым. Эми жок жалааны жаппа иним. Басаа, болсо кайда алар? Сен билишиң керек! — деди Маамыт салкын гана.

— Мен колхоздун жетекчисинен сурап жатам!

— А мен... инкүүдөн сурап жатам! Инкүүдөн... Кана инкүү?

— Мына! Мынакей «инкүүнүкү!»— деди Сагымбай чөнтөгүнөн алиги катты сууруп,— окуп берейинби унутсаң? Мына , ук: «Ардактуу Ташмат! Мен сага ишенем. Алдагыларыңа Кулжа-Кашаттагы сарайды тез бүткөртүп, Жол-Карага жылгыла баягы айткандай. Кымыз, союш менен камсыз болосуңар. Чоочун көздөн сактангыла. Алдагылар бейбаштык кылбасын. Катын-баладан кам санаба. Ал эми сенин керт башындын күнөөсүн жеңилдетүүгө, кесир кылбайын, күчүм жетет. Ак кызматынды кыл. Акка ийне сынбайт».

Маамыт чок баскан иттей ыргып турду:

— Ким жазыптыр? Ким?!

— Маамыт?..

— Калп!.. Кызылдай калп!

— Ташматтын катын-баласы колхозунда турбайбы?

— Алар... алар Советтин кишиси! Советтин кишисин кубалаймбы, Советтин колхозунан... Таякеси көчүрүп келген... Чоной деген...

Маамыт утурумдук гана колтук жылытканын, эгер булардан таразасы кыйшайып баратса «мына!» деп кармап, Маамыттын калтардай буластап баса берерин, түбү ушу Маамыт көзүн чукуурун «дезертирлер» билбей койгон жок. Сагымбайлардын сары изине чөп салып калганы аларга да жетти. Арга эмне? Жаралуу камандай жанды коргоо... Алар «бир жакшы заман болуп кетер» деп фронтко кулак түрүштү. Эмнеси болсо да, кайда болсо да дарексиз жайды издөө... Ал жайга жетүү үчүн бирөөнүн көзүнөн кан чегүү да керек. Кан чеге турган биринчи каро͏ол Сагымбайга... Өтүп кетти сеники. Төрдө ээн бастырып. Тоо-ташка тигилерди камап. Мына ушунун көзү тазаланса, булар бир күн да болсо... бир саатка болсо эс алып, көксөө сууп, табаа кана түшөт беле... Бу чекеге чыккан чыйканды жулса...

Мурда ээндеген кой-козуну, торпок-танааны мойсогон качкындардын эми алкыны ачылды. Өздөрү жашаган аймактын малына тийбей, коңшу колхоздордун короолорунан кой бөлүп, алыскы райондордон үйүрү менен жылкы тийип келгендер болушту. Эми алар «мынча булгангандан кийин тобокол, маңдайга жазганды көрдүк» дешип, баштарын канжыгага байлап салышты. Алар да жарактанышты. Бир жерге эки күн түнөшпөйт. Бүгүн Базар-Турукта болсо, эртең Сөөктө, бүрсүгүнү Суусамырга ашып кетишет...

Чаар-Арча. Жолсуз кокту ылдый төтөлөгөн Сагымбай. Мингени тору кашка. Өңөргөнү беш атар. Так коктунун оозундагы түзөңгө чыга бергенде Сагымбайдын төбөсү чуу этип, аркы таш чак дей түштү. Таш дагы чак этип, кашка ат жалт берди. Ал төмөн карай, эски тамга чү койду. «Чыу-чыу. Чак-к. Чак! Тарс!» Үч мылтыктын үнү , үч мылтыктын огу анын төбөсүнөн, кулагынын түбүнөн жаза сермеди. Ал тамга кире качты. Тигилер атайлап, коктунун оозуна бадырайтып туруп мээлешти. А-атаң көрү суу жүрөктөр! Алар эми Сагымбайдын атын атып жатышты. Аттын кулагын чырпып ээрине ок кадалды. Дагы ок! Ээрдин кашын жара койду... Ат ой-

ноктоп Сагымбай алек. Дубал буртулдап, ээрдин кашына... аттын маңдайына ок кадалды. Ат чыңырып, тикесинен түйүлүп жер сүздү.

Сагымбай ээрдин кесе тиштеди. Беш атардын оозу кырды карай үңүрөйдү: Баң! Баң... Чаар-Арчанын тоолору кабыша түштү. Ошону менен беркилердин жаагы жап.

— Мына... Мен да арам өлгүм келбейт! Мен да согуша алам. Мени да согушка жөнөтсүн! — Сагымбайдын үнү каргылдана чыкты. — Бирок... азыр ар ким өз ордунда. Ар ким өз постунда солдат! — Ал колун «Родина-Мать заветко» жаңсады. — Тигине, энебиз Родина ошого чакырат, биздин антыбыз да ошол...

Ушул бюродо Эрмекти «Эпкин» колхозунун башкармасынын председателдигине, дагы бир үч аялды башка колхоздун жетекчилик кызматына бекитишти. Орунтай фронтко кеткенден кийин эл Эрмекти башкармалыкка ылайык табышкан. Эл минткен соң Эрмек да «ойлоноюн» демиш этип манчыркап, пейил күтпөдү.

Батышта душман кутуруп, эсирип; кара таандай каптады. Башыңдан калпагыңды ыргытсаң калбырдай тешет аткан ок. Ал жакта аккан суу кан татыйт. Биздин үйлөр качырап кулап жатат, түтөп... Далай жерибизди башка өтүктөр тебелеп, жерибизди куу мизин кылып жалап жатат душман. Москваны лак сугунуп коём деп душман... анын тамагына алиге сайылып турат Москва!

Тыякта тигинтип жатса... быякта — мобу кичинекей бюродо кымындай ишти көз жаздымында калтырбай, бирөөлөрдүн көңүлүнө карабай, алдастабай жазалап, күнөөлөп; бирөөлөргө багыт берип, тапшырма берип, кеңешип. Бир ишеним, бир керемет күч сени чакырып, бир жакка сени үндөп: ага каны-дилиң менен башыңды сайгың келип, көөдөнүңдөн жүрөгүң лакылдайт.

Бул эмненин күчү? Кимдин жолу? Кимдин насияты?

Мына ушу кереметтүү күч жөнүндө аз да болсо айтып элге жеткирүү, элдин өзү менен өзүн бүлөө, курчутуу: кары менен баланын, келин менен кыздын жүрөгүнө от жагуу керек эле? А от жагуу үчүн өзүңдүн көкүрөгүңдө тамызгы барбы?

Кыргыз жоокерлери элине кат жазып, эли кыргыз жоокерлерине кат жазып, бирөөлөрү Баренцово деңизинен Кара деңизге чейин мизинен кан тамган кылыч-

тын мизинде туруп; бирөөлөрү ак мөңгүлүү «Айланайын Ала-Тоодо» туруп, бири-бирине ант, наказ беришти: «Биз, улуттар... душманды мындан ары жылдырбай муунтабыз!» «Ошенткиле... Волганы, Кавказды коргогонуңар — биздин Ысык-Көлдү, Соң-Көлдү, бир боор элиңерди коргогонуңар!»

— Буларды эл менен дагы иштеп чыгасыңар! — Аккыз бюродогуларга наказ берди.

Эрмек бюродон чыккан боюнча тоого кетти. Ал ушу бюродон уккандарын, көргөндөрүн элге жеткирсе эле качанкы бир карыздан, аманаттан кутулчудай болуп, жанагы кереметтүү күчкө түшүнчүдөй болуп, анан өзүнөн өзү «жүргүлө артыман, агайындар!» деп кыйкырчудай болуп, эл да ага кулак кагып «туура партия аял... түптүн сөзүн айтты» деп кубаттоочудай болуп алаптады.

Тоодогу малчыларды кыдырып эки күн жүрдү. Ал Мунар кайненеси болбосо, ага ишенбесе балакеттин минткениби. Кечке жуук, кайнене арык жээгинде балдарынын шымдарын чайкап жатыптыр.

— Апа, жакшысыңарбы? Балдар кандай?

Кайнене кулжуңдап унчукпады; жалаң желеткечен. Ал ачуусу кармаганда сайышка түшчүдөй башын кайра бууп, жеңилденип, жеңдерин чыканагына чейин түрүп салчу.

Эрмек атынан түшүп, канжыгасына байлаган кол чанач кымызды чечип, үйүн карай басканда жыгылыпкооп балдары тосту.

— Апа! Апа-аа...

— Апам кей-дии.

— Сейсевет апам...

— Садага... секеттерим! — Эрмек эңкейип балдарын өпкүлөп жатканда аркасы тарс-тарс дей түштү.

— Чекеттейим деп коёт! Балдар керек бекен саа?! Кайда жүрөсүң? — Мунардын колунда кызыл табылгы, бир колунда боркок, көзүндө чолок жаш.

Эрмек же ыйлаарын, же күлөөрүн билбей, ачышкан жонун куушурду.

— Эмне болду апа?

— Эмне болду деп? Атаа...— Сабоосун дагы жазганда балдары Эрмекке болуша чыркырап, чоң энеге жабылды.

— Уйба-аа... уйба.

— Апабызды-ы...

Чоң эненин сабоосу ансыз деле кайратын жоготкон, бастырманын үстүн карай чимирилип, чымчык аңдып олтурган эч жазыксыз мышыкка тийди. Мунар үчүн Эрмек келини, мобу балдардын энеси гана болучу. Ал ичиндеги бугун, муңун, ачуусун ушинтип өз келининен, өзүнүн эң жакын кишисинен гана чыгарып алмак. Башкалар анықын көтөрөт беле. Башкалар үчүн анын келини дөөбү-шаабы, балким келини да өзүн ошондой ойлойбу, аны менен иши жок; келин-келиндей болсун.

— Эмне болду деп... аны тиги Бытыкүл чүйрүктөн сура.

«Эле байбиче» солуктап ыйлай берди...

## XXI

«Кол жеткис тору бээ» болгон Отунчунун кызы бир айдан бери үйүндө. Ал эринен биротала чыгыштык кылды. Бытыкүл өзү барып анын жууркан төшөгүн артынып келди. Кызынын бир абысынында шакеги бар экен, тааный коюп аны да колунан жулуп алды. Кызына үзүлүп түшүп минтти:

— Көзүм тааныган буюмуңду калтырганым жок, жыттоочум. Өзүң жаман, шакегең жакшы бекен атажотосуздарга. — Кызына кынала олтуруп көңүлүн улады.— Капаланба балам. Ак жоолук жерде калбайт. Багың ачылаар. — Анан кызын жемелеп да койду:— Сырларын билгениңде мурда эле баса бербейсиңби, «эр» деп тиштенгенсиң го байкушум.

Ал шекшип, кызынын бетинен сепкил издеп, анын курсагын дагы сыйпалады:

— Деги боюңда жокпу?

— Йэ,— деди кызы жыйрылып, энесинин колун түртүп.

— О бейбак... анан бирөөнүн баласын багат белек?

«Көзгө аткан мерген» күйөө баласын эми жерден алып көргө уруп жамандап жүрдү.

— Нарксыз немелер экен өздөрү. Жанагы күйөө бала имиш, а-анык кепкатын экен ботом. Жылкы аласы тышында, киши аласы ичинде деген ушул. Алтынымды кууратыптыр. Эмчегин текенин мүйүзү менен жара чаап тыр. Ушу заманда аялга ким кол көтөрөт? Жумушчу батөлөнүнө кетти, болбосо...

Бытыкулгө кызынын кулк мүнөзү баштагыдай эмес. Ата-энесин көп тоотпой, беркн сиңдилери менен өзүнчө күбүр-шыбыр, күңк-мыңк. Бети ачылгандай, жөн басып баратса — ойсоктоп басып бараткандай; жөн эле эшикти карап турса — эркек көрүнөр бекен деп карап тургандай; тетыяктан өтүп бараткан эркек мунун кызына көзүн кызып, азгырып чакыргандай, жалгыз ушунун кызы балакеттүү келин болуп, эркектин баары ушу келинди көзү катып тиктегендей...

Чынында эле эрте-кеч Отунчунун эшигинин алдынан «Таначар букадай» балдар жолугат.

— Эмнеңер бар мында «таначар букалар?» — дейт Бытыкул чамынып, тигилерге ат коюп.

— Тыякка өтүп баратабыз.

Кайра эле баягы балдар көзгө учурайт.

— Эми кайда баратасыңар?

— Быякка өтүп баратабыз.

Ушу балдардын арасына кээде Бугу кошулуп калчу үрккөн тайлактай болуп. Бир күнү аны Бытыкул чакырып алып каймакка талкан көөлөп берди.

— Айтчы Бугу, жанагы балдар биздин эшикке эмнеге келишет?

— Ойнойбуз деп...

— Ок! Омуртканар сынгылар! — Бытыкул чоочуп, кокус тиги бала ар жагын айтпай койбосун деп күлүмсүрөй сурады. — Алтын менен ойнойбуз деппи?

— Жо-ок, — Бугу башын чайкап, таңдайын шык эткизди. — Берки окуган кызыңар менен.

— Эмне ойнойсуңар?

— Ак чөлмөк... Жоолук тыштамай... Ак терек-көк терек...

Бытыкулдун ичи бөксөрө түштү, Бугуга тапшырма берди:

— Эгер Алтын жэжең чоң кишилер менен ойносо же кат жазгандарын көрүп калсаң мага айт, макулбу?

— Отунчу атамдайлар менен ойнособу?

— Жо-ок, өзүнө теңтуштар менен ойносо... Жаштар менен...

— Ойногонун көрбөй калсамчы, кантип айтам?

— Анда эмне айтасың? Айтпа... Экөөбүздүн сүйлөшкөндү эч кимге айтпа.

Ошондон бир-эки күнгө «Алтын эже ким менен ойнойт, кимге кат жазат» деп аңдып жүрдү. Бирок, ойно-

гондорду аңдып жүрүү уят, анын үстүнө кереги эмне? Кызыктуу, толгон жумуштары бар Бугунун.

Сурамжылоо, кайтаруу арга жоктун оокаты. Эгер адам көңүлү бузулса ага эчтеме дабаа боло албасын Бытыкүл билет. Билип туруп кызына күйүп-бышты. Жылуу ордунан козголгон кыз эми ата-энесинин төрүн тепсебей, барксыз болбой, жаман болсо да өзүнчө үй, өлөң төшөк күтүп «чыккан кыз чийден тышкары» жүрүшүн кандай каалады! Анын Алтынын дагы бир күйөө илип кетсе ээ?!

«Атаа, ушу Кашкардын кол өнөрү, чиркин ай! Өнөрүнүн аркасы менен аскерге барбай... Элге кадыр-барктуу. Бир маки жасаса бир козу табат. Кызымды токтолгон киши ушул алса, кызым төрөп берсе кор болушпас эле».

Башта Таты менен Кашкарды ушактап жүрсө, эми Татыны ак тилегине бир жумшамак. Ал кек сактабаган, ак жүрөк, сөзү өтүмдүү, колунан келгенин аябаган аял. Кашкар тилге көнөт, так өтмөк беле? Куурчактай жаш келинге кимдин көзү түшпөйт? Кашкарга төрөп берер жаш неме керек го...

Кашкар менен Алтындын сыртынан тон бычкан Бытыкүл «Эле байбичеден» кагуу жегенден кийин, ага оозунан «ак ит-кара итин» агыткандан кийин, башкача жол издеди. Татыга өз сөзүң кылып айткын, ал Кашкарга мындай кеп чалсын деп жогорку оюн «чала ачыган жармага» үйрөтмөк болду. «Чала ачыган жармасы»— Салый. Ал учурабады, Бытыкүлдүн жумушу чыкканын билип издеп келбеди.

— Муну жер соргонбу,— деди Бытыкүл ачууланып.

— Ал райондо,— деди Айша.

— Аякта эмнеси бар экен, керегиң ташка тийгирдин?

— Ударниктердин жыйналышына чакырыптыр. Гезитке жазып, сүрөтүн басат экен.

— Ия?

— Өкүмөт сыйлык берет экен. Бир чети жардам...

— Ии-и,— Бытыкүл башын кежеңдетти. —Жардам берсин шордуура. Ар кимдин жибин ийиртпей. Баласы кайда экен?

— Баласы Нурпачаныкында.

— И-ий, өзү чуркагыча ошо баласын ала барбайбы; бечарага ар кимдин эшигин сагалатпай. Өгүнү талкан

көйлөп берсем жунтукканспп сугунат. Биз кыздарыбызды...

Кыздарды анттик, кыздарды минттик деп аябай мактанып, тиги Салыйды ушактаганга тили кычышып келатканын байкаган Айша унчукпай баса берди. Кийин, керек болсо бул сөздүн баарын Айшага төгүп, өзү суу жукпай баса бермек. «Балыкчы-балыкчыны алыстан көрөт» дегендей, Бытыкүл бүгүн Айшаны алыстан көрүп, анын да кыздары кеп экенин эстеп, «ушу кымыран калган кыздарды» сүйлөшүп алалык деп чыны менен бурулган.

Келиндер, кыздар өздөрү жөнүндө, өздөрүнүн келечеги жөнүндө азыраак ойлонуп, азыраак сүйлөшөт бекен? Алар да бири-бирине арыз мундарын, таш капкан тилектерин айтышып, ооздорунан көк түтүн үйлөшөт. Арты бир үйдүн ээси, бир жигиттин жалжал көзү болуп, тал чыбыктай солкулдап, шаңкылдап күлүп турбайт беле кашын кагып. Алды бир-эки баланын энеси болуп, күйөөсүн «абышка» деп тамашалап, бийлеп, эркелеп; кайненеси какчаңдаса кадемин катырып турбайт беле сурданып. Тиги Сагыйда болсо жигиттен жигитти тандап, жигиттен жигитти сындап, артынан топон суудай катты ээрчитип; ал өзөлөнүп, өлүп жазган байкуш жигиттин каты экенин билбей, катты окуса окуп, окубаса жок кесирдениш, биреөнүн демин суутуп, биреөнү үмүткөр кылып жүрбөйт беле кыңшылап.

Жакшылык, ойноп-күлөр убакыт аксак койдой маарап, сөөмөйүндүн башын ийне менен сайгандай сыздап өтүп кетип баратат. Согуштун алааматына, согуштуң апаатына тушуккан кыз-келиндин өмүрү ай! Эки кайталангыс өмүр... эки жолу төрөлбөгөн адамдын жаштыгы...

Бейпилчиликте жигиттерди жөн эле бир колуна салган шакектей көрчү кыз-келиндер эми алардын көлөкөсүнө зар. Алар азайгандан азайып, аларды улам келинкыздардын арасынан терип жатат согуш. Келин-кыздардын кеп кылганы да жигиттер.

— Менин күйөөм уюган алтын болчу — деп бир келин шуу үшкүрүнсө;

— Менин күйөөм күмүш болучу-у... жаныма күйүмдүү, жайдары кургурум а,— дейт экинчи келин мончок жашын чертип.

— Мага бир жигит чапкенедей жабышчу. Жакшы жигит,— дейт бир кыз, ойлуу кабагын бүркөп.

— Мен жигитиме бетимди өптүрбөй койбодумбу,— дейт экинчи кыз.

Оюн-чындан Сагыйда Алыйманы чычалатчу:

— Күйөө жок кантем эжеке? Бир абышка тапсаңчы?

— И-ий, өлүксүз... Эмне дейт? Обу жок.

Сагыйда томсоруп сүйлөйт:

— Чын эле обум жок, ээ Алыйма?

— Эмнеге обуң жок? — Сиңдиси бир балакетти айтаарын Алыйма билет.

— Өзүң обуң жок деп атпайсыңбы. Сенки туура. Мени жөнөкөй эр алалбайт,— ал эки колун төбөсүнө көтөрөт. — Мага момундай, шаадай мүйүзү бар, камандыкындай азуусу бар күйөө керек! Андай күйөөнүн баары тыякта, гитлерчилерди сүзүп жүрөт, чынбы Алыйма?

— Тилиңе тибиртке чыккыр, сени кантип эр алсын.

— Мениби? Мени кантип эр албасын? — Сагыйда көзүн аңтарылта таңгалат. — Согуш бүтсүнчү, анан... Эмне кылар экем? Үйүр-үйүр болуп артыман ээрчийт. Ээрчигендерди жонун басып, тишин ачып тандап туруп алдыма салып айдап алам. Төрткүлдө аң бар эмеспи ээ, тикенекти аралата чуркатып ошол аңдан секиртем. Кимиси секирсе мобу аппак төшүмдү кучактатам...

Алыйма көзүнөн жаш чыгара күлөт:

— Баары секирип кетсечи?

— Баары секире албайт! — Сагыйда өзү да шыңкылдап күлөт.

Деги согушка наразы болбогон кишини таппайсың. Өңү кара, мурду абалактай, орсогой тиш Шаршебүбү да күйөөсү Үсөйүндү жамандачу. Эгер согуш болбосо ал өңүнө чыкмак, өтүп бараткан жигиттер анын сулуулугунан атынан ооп жыгылмак. Шаршебүбү «чекеден чертип» бир жигитке тиймек. Согуш көзү чалыр Үсөйүнгө байлабадыбы-ы!..

Үсөйүндүн өзүнчө арманы бар: согуш болбогондо эмне, чалыр көзүн чоң доктурга сойдурмак. «Түптүз» көз салдырмак. Анан кыздар аны ээрчип, ал кыздарды коондой тандап жүрүп алмак. Согуш ага, тиги өңү суук, тили суук карарган ушакчыны таңуулабадыбы...

Согуш келин-кыздарды түгөл ырчы кылбадыбы. Ар бирөө өздөрүнчө ыр чыгарып, башкаларга окшобогон өздөрүнүн жүрөк кайгысын, кусасын, тилегин; өздөрүнө

гана ыраа көргөн курбалын кошуп «өзүмдүн ырым — өзүмдүн гана алтыныма тийсе!» деп коргошундай көлкүлдөп эрип, ой-кырда муңканган обон созушпадыбы.

Канча ырлар дайынсыз шамалдай жоголду... канча көз жаштар жамгырдай жерге сиңди. Ырлар, көз жаштар түгөнбөдү. Түгөнбөйт экен! Ошо түгөнбөгөнү жакшы экен.

Ошо ырлар, көз жаштардан кийин сенин ичиндеги бугуң жазылып, сенин көңүлүң ачылып, сууган аттай жарап калат экенсиң! Сууган ат ооздугун качырата тиштейт эмеспи. Сен да ошондой, колуң менен кара жумушту качырата чайнап, сага эчтеке түтпөйт.

Ал эле дейсиңби. Кайратың ташып, душманды жек көрүп, душманды эки чайнап бир жуткун келип, жеңүү үчүн баарын көтөрүп, Жеңиш үчүн эң жакынын — кыйбасын курмандыкка чакырып:

Ак тулпар минип эңип кел!
Азапты жазса көрүп кел!
Ак сүтүн актап апаңдын,
Алышкан жоону жеңип кел!

Мааникер минип эңип кел!
Маңдайга жазса көрүп кел!
Батасын актап атаңдын,
Багынтып жоону жеңип кел.

Ак карлуу тоонун булагын,
Аркарлар оттойт тулаңын.
Айгышкан жоону жеңип кел,
Алтыным сенден сурарым...

Береним болсоң жарым жан
Берейин жүрөк канымдан.
Чыдабадым, кантейин,
Чыгарбайт элем жанымдан.

Ырлар, эрте ойгонуп, бетин чала-була жууп эртең менен талаага — жумушка кетчү күндөн мурда ойгонуп. Күн кызарып батчу. Канаты бар эмеспи, кыштактын чымчыктары түнөктөрүнө мурда кайтчу. Жайытка чыккан мал кыштакка самсаалашчу. Күүгүм кирчү. Тоолор, талаалар, суулар акырындап караңгылык жамынышчу. Ошо караңгылыкты кыштактын терезелеринен чырактар тиктечү. Ушу маалда, баарынын артында, эртең менен-ки ырлар кайра кайтчу, кыштактын тыягынан, быягынан, чогуу үн алышып, бирин-бири куушуп, чубуруп;

күлүп шыңгырап, кыштакты алдейлеп созолонгон ырлар...

Ошо маалда жымжырт болуп кыштак ырды укчу, ырды тосуп алчу желбегейленип:

Кызыл бир жылдыз тагынып,
Кымча бел шинел жамынып.
Кызыл кан кечип жүрөсүң,
Кыз алган жарың сагынып.

Жалындай жылдыз тагынып,
Жарашкан шинел жамынып.
Жаркыным алыс жүрөсүң.
Жаш алган жарың сагынып.

Бул ырлардын ээси Жакин менен Сагыйда. Экөө андан бетер ынак. Экөөнө Ракыя кошулуп, ал булардын ырын андан ары улантты:

Бооруңа орден тагынып,
Борумдуу шинел жамынып.
Батышта жарым жүрөсүң,
Балдарыңды эстеп сагынып.

Бул ырды эшигинин алдында тыңшап олтуруп «Эле байбиче» үйрөнүп, кээ бир сөзүн чала угуп, же жактырбай өзүнүн сөзүн кошту.

Бооруңа эле, эле ордир тагынып,
Борумдуу эле шинел жамынып.
Батышта эле атам жүрөсүң,
Бойтойгон балдарыңы эле сагынып.

Бул ырды Мунар чоң энесинен «Абдыясактын калкосу» үйрөнүп, «ырдагыла» дегенде катар тизилип ырдап беришет:

Поюмду-у эйе чинел жамынып,
Батышта биздин атабыз жүйөт...
Ботойгон эйе... эй, балдайың сагынып...

Мындай ырлар тоолорго жайылды...

Башта ырга анчалык көңүлүн бөлбөгөн Калыйма койлордун жанында жүрүп, өйүз-бүйүздөн заңкылдап ырдагандарды угуп, алардан ыр сурагандан ийменип, ичинде «шашпа, мен да бу кырдан заңкылдап ырдабасамбы» деп делебеси козголгон. Жакаадагы Мамбеттин келини, Жакыптын кызы ырды чубуртат дейт. Сыягы оздоруна шайтан түкүргөн. Ушул азыр экөөнүн эки сандык ыры бар экен дегенди уккан. Ошол ырдын бир дептерин кантип бербесин. Ал жакаадагыларга учураш-

кыча, там-ташын көргүчө ыр ала келмек болду. Өгүнү барганда Татыга бир темир комуз тапшырма берген. Түнтөйдүн Айнашынан темир комуз какканды үйрөнөт. «Мен кантем» деп шылдыңдагандардын жаагын жап кылсын.

Ошо замат Калыймандын жүрөгү шуу этти. Беркиничи... Беркини Эрмекке айтабы? Жок, айтпай... айтат! Жакаага барбайт. Жок, барат!

Ал эки-үч күн эки анжы болду. Акыры барууга камданды. Татынын Бообегине эмне алпарат? Башканыкы бир тең, ошо баланыкы бир тең. Колунан келсе эликтин чаарчыгын тартууласа кана? А кайберен Калыйманга шыйрагын тосуп бербейт. Басаа өгүнкүчү? Таш да болсо ошону алпарсачы? Укмуштуудай, акактай таш, кудум чөккөн төөгө окшош. Калыйман өгүнү «Далыдан» тапкан. Ал табигаттын укмушу экенине ишенбей, качандыр илгерки уста чеккендир деп койнуна каткан.

Салыйга арнап куйган сүзмөсүн, мөөндөгү майын; Бурмашка арнап кол чаначка кымыз байланды. Ысак «биргадирге» арнап койнуна көрпөсүн катты. Ал баягы адатын карматып түн боюнча жол жүрдү. Мунун дагы бир себеби бар. Алдындагы «шүдүңгү» сайгактаса кудай пендесине бербесин. Үстүндөгү мингенин да, өзүн да талпагын ташка жаюудан кайра тартпайт. Ошо сайгактын айынан быйыл ала жазда тууп атып сайгактап музоосун өлтүргөн. Жаман уй качып барып тууйт эмеспи. Толгоо тартканда толгон жерден «Капкан-Ташка» качып, коргулдуу жалгыз аяк жолдун таманында тууп жатса, каңгыган жалгыз сайгак музоонун ажалына жолугуптур. Жаратканга күлкүң келет, калдайган уй жер жайнаган жалаңкыч кууган сып жалгыз чымындан качканына.

Калыйман таң жаңыдан ык салганда кыштакка кирди. Дагы Ысакка биринчи жолукту. Эмнеде Ысак аны мурда көрүп «Тактекени» бура тартты. Туяктары шалкылдап, мурду бышылдаганынан улам тигинин мингени уй экенин тааныды.

— Сен ким ой?

— Мен эле...

— Мен деген?

— Калыйманмын...

— О-оо, кайран «Мен кантем». Ой, кандай Мал-жан өсенби?

— Эсенчилик...

— Бу, сен күндүз жол жүрсөң күн уялып батып кетеби?

Калыйман анык ынды карадан. Тиши гана күрүчтөй аппак. Сатыны теңтуштары тамашалап «бу аялды кайдан тапкансың» дегенде ал кебелбей минтчү:

— Силер тарыхты билесиңерби? Калыйман накай «кара кыргыздын» тукуму.

— Жөн айтчы,— теңтуштары тамашалап Калыймандың өзүнө кайрылышчу.— Күйөөңдүн айтканы туурабы? Атаң ким? Энең ким?

Саты Калыймандан мурда озунчу:

— Төгөрөктү төрт айлана кыдырбадымбы кыз издеп. Анан муну Африкадан таптым, экөөбүз сүйүштүк. Бу да мендей көйкашка эренди издеп жүрүптүр. Африка башка элге кызын бербейт экен. Ала качарымда бүт Африка артымдан куубадыбы; маймыл, пилдеринен өйдө. — Саты беркилерди күлдүрүп коюп өзү томсоруп сөзүн улантат. — Калыйман негирдин кызы. Чынбы Калыке, — дейт ал Калыймандын тултуйганын байкап. — Калыйманым силерге кара болгону менен өзүмө ак. Перинин кызы. Түнкүсүн төшөгүмдө толукшуган ай жатат. Мен айды кучактап... — деп Саты Калыйманын күлдүрөт.

Саты кээде Калыйманды өзү эрмектейт атайлап. Чаңкайып тийген күндү, түнкүсүн толукшуган айды, жылдыздарды көргөзөт. Ошондон кийин аба ырайы бузулуп калса:

— Йэ жин перинин кызы? Айтпадым беле сага? Элдин убал-сообу кимге? Күнгө көрүнбөй коё турууң го? Сенден уялып, минтип... — Анан «Асан кайгыны!» ырдайт:

Сойлогонго буту жок,
Жылан байкуш канетти?
Ойногонго кызы жок
Улан байкуш канетти — ии.

Боорунда жүнү жок,
Жарганат байкуш канетти?
Сүйлөйүн десе тили жок,
Карлыгач байкуш канетти.

«Биргадирдин» сөзүнөн Сатынын ошол мүнөзү көз алдына тартылып, шүдүңгүттү чымын-чиркейлер уктап

жатканда мингенин айтып, бирок сайгактап жыгып кетеби деп уйдан, сайгактан коркконун айтпай, аны айтсам «аял байкуш» деп ичинде ойлойбу деп, Ысактын сөзүнө жараша тамашалап жооп берди, бир чети какшыктап:

— Кол алдындагы аял эмесминби, өлсөм Сатыга кун төлөбөйсүн. Өлгүм келбейт! Тыяктан карышкырга мылтык тарс этсе, быяктан жүрөгү айрылып өлгөн коёндой болуп. Кол алдындагы там-тарагым кандай? Эртели-кеч көз саласыңбы же огородума атыңды тушап коё бердиңби? Антсең шудүңгүттү сайгак кубалагандай, сайгак болуп сени кубалайм!

Ысак бышкырып ийди:

— Сенин тилиң эмне буудай кууруп калган ой?

— Анан эмне, койдой маараган неме эле, кой менен кошо кой болуп калды дедиңби? Кой менчылап шудүңгүткө мине албайт. Жүрү, суусун жут!

Шудүңгүт «Тактекеден» мурда атырылды.

Калыйман ушу келишинде бир топ жакын санаалаштарын кубантып, өзү да кубанып; эки анжы оюн айтып, Эрмектин жүрөгүнүн башын тилип туз куюп кетти. Түнтөй...

## XXII

Кадырынан эртелеп кол жууду. Калган үч баласынын ыңжыңсыз жоголушу Бурмашты төшөккө үстөмөнүнөн кулатты. Ага каралап Жакин үч күндөн бери үйүндө. Эмеле сууга киринтип, чачын өрүп, тырмагын алгандан кийин кайненеси көшүлүп уктап кетти. Жакин анын жүзүн карап мандайында олтурду. Ушул анын Сардарын төрөгөн эне. Жакиндин жүрөгү — Сардарды төрөгөн эне. Эгер согуш болбосо, балким, эне оорубас эле, ооруса бул үйгө батпаган балдары курчап олтурбайт беле апалашып. Эми маңдайында Жакин жалгыз. Минтип, апасынын мандайында Жакин жалгыз калаарын билип аманат сөзүн айтканбы:

Кеттим, кош бол кызыл чокту аралап,
Кетеримде сага айтарым аманат:
Кейигенде кайрат айтып, эш болуп,
Апакеме... апакеме каралаш!

Сардар... Сен айтпасаң деле эч кимге кор болбой турган алтындай апа. Кандай адам, кандай келин ушун-

дай апага дит багып тилин тийгизет? Бул адамдарды төрөгөн, адамдардан үрөөн сепкен апа эмеспи. Сен экөөбүз да ушулар сепкен үрөөндөнбүз. Сардар... Бул сенин гана апаң эмес — менин да апам. Менин жүрөгүмдүн апасы. Баарыбыздын апабыз. Баарыбызга ыйык эне! Сен ушул энеден алыссың, дайынсызсың. Каяктасың деги?

Айтчы, биз үрөөн себебизби? Мен апа боломбу? Менин мойнумда да эненин ак сүтү бар. Сардар, мен сенин көлөкөң менен сүйлөшүп олтурам. Мен көлөкөңө ырдап берейинби? Жок дегенде көлөкөңдү эле бир кучактатсаңчы, көлөкөңдү... Билесиңби, сени кирпигим да сагынды; кирпигим сен деп ирмелет. Эсиңдеби, «заттарга химиялык анализ» жасап окуганыбыз. Эгер менин кирпигиме «химиялык анализ» жасаса жалгыз сен чыгаар элең Сардар. Уктуң беле байыркы бир жомокту: орго түшкөн баатыр жигитти сүйгөн кызы чачын аргамжы кылып ороп, ордон тартып алганын. Мен сени кирпигим менен тартып алаар элем.

Кара-Каптал, Чоң кырман
Караймын сени ой-кырдан.
Кагылайын сүйгөн жар,
Карааныңа мен курман.

Кат күтөм ичкер калаадан
Кайдасың Сакин садагам.
Кабарыңды билгизчи,
Каркырап учуп баралам.

Жаралан жүрөк, жаралан
Жакиниң ырдайт талаадан.
Жалгыз сөз айтсаң, жайдарым
Жаныңа учуп баралам.

Ырдасаң бирге ырдаган,
Жыргасаң бирге жыргаган,
Каныңда болуп калсамчы.
Аскердикке шайланып,
Автомат мылтык байланып,
Жаныңда болуп калсамчы.

Акын болуп кеттим, Сардар. Анан сенин жаныңда болуп автомат менен душмандарды чалгыдай кайсап жатканыңды көрсөм. Сени апаңдан, апаңды сенден алыстаткан душманды чалгыдай кайсап жатканыңды... «Чалгыдай кайсап жатканыңды» дедимби?

...Согуштун алдында кыз-жигиттер укмуштай толукшуп кетпедиби. Күн сайын кечинде оюн-тамаша. Күн сайын бала төрөлүп, жентек берилип, тушоо кыркылып. Кыз төркүлөп, жигит колукту издеп, жаштарга шылтоо табылып. Ар келиндин күйөөсү бар, ар кыздын ээлеген жигити бар.

Ошондой оюндуу түндөрдүн биринде Сардар Жакиндин айлына барды. Жакиндин айлындагы балдар анын кимге келгенин билип уруп коюшту. Экөө айылдан окчун жалгыз теректин түбүнөн жолугушчу. Бул терек эл айткандай мазар экени чын болсо керек, шагыл таштуу, суусуз жерге чыкса да, тамырына таш тиштеп, жаз башында бүрдөп, жалбырагын кеч күбүчү. Түбүндөгү шыбырашкан эки жашты туурап, жалбырактары шыбырашып; экөөнө ал терек чын эле мазар болуп, үчөө далай жолугушпадыбы. Жакин көлгө сүзгөн аккуудай асманда калкамандап айдын баратканын, анын теректин бутактарына илинип, ал бутактарды бутуна балыр-чөп илинген тигил аккууга окшоп артына шилегенин, ошол шилегенинен улам асмандын бети сыдыргыга салгандай толкуп, ал толкун токтобой ага жылдыздардын баары күбүлүп, чайкалып тургансыганын карап турган. Ошону карап турган Жакинди Сардар бекем кучагына кысып, анан эрининен соруп өөп алды. Бул Сардардын минтип биринчи өпкөнү болучу. Биринчи өпкөнү...

Эмне экенин билбей кучагына кыналып, магдырап, көзүн жуумп өзү Сардарды бир өөп алды. Ушундан кийин Жакиндин өптүргөн жана өпкөн эрини чок түшкөндөй күйүп, бүткөн бою өрт каптагандай дуулдап; бетин басса алаканы күйүп, колун салса чөнтөгү от болуп, баары от!

— И-ий, кантем... эл көрбөдүбү...

Көлгө сүзгөн аккуудай калкамандап асманда жалгыз гана, ай!

Түндө өбүшүп алып: деле дүйнөдө жок, деле дүйнөдөгү эч адам билбей турган, дүйнөдө бул убакка чейин болуп көрбөгөн күнөө кылгансып, эртеси, күндүзүндө, ого төтөн жети өмүрү жерге кирди Жакиндин. Тыякта жөн-жай киши өтүп баратса, анын өзүн караганынан, карабаганынан деле шекшип, уялып, манаттай кызарып, «ушу мени көрүп койгон го, ушу мени шылдыңдап ба-

ратат го» деп шекшип; ушу шекшигени кайра өзүн дайындап салды.

Шайыргүл жеңеси аны үйүнө чакырды:

— Айтчы кызыке, сен эмне элеңдейсиң.

— Элеңдеген жокмун, — Жакин кулагынан бери кызарды.

— Көзүң эмне жүгүрөт? — деди Шайыргүл анын алаңдаган көзүнө тигилип.

— Кана жүгүргөнү?

— Жүгүргөнү өзүңө көрүнбөйт. Токто, жөн көз мындай болбойт.— Шайыргүл анын көзүнө эңкеет.— А-аа, таптым. Көзүңө бир жигиттин сүрөтү түшүп калыптыр. Көзүңдү чукуй турган жигит бекен же көзүңдү өбө турган жигит бекен, токто.

— Э койчу, шумдуктуу жеңе. — Жакин чычалап, чычалаганы соо эмес экенин билгизип, жеңе ансайын «кызыкелеп» жабышат.

— Айтчы, кызыке, сен эмне кылдың? Өзүң айтпасаң түндөгүңү элге жаям.

Жакин баарын айтып берди, терип-тепчип. Жеңесине кунга жыгылгансып тик карай албай, жеңесинин башынан андайлар такыр өтпөгөндөй; дагы бетин басып алаканы ысып, дагы улам чөнтөгүнө колун салып чөнтөгү өрттөнүп.

— И, өпкөндө көзүңдү жуумп ийдиң? — Шайыргүл кыз такалса улам коштоп коёт. — Соруп өптүбү?

— И-ии...

— Катуу өптүбү?

— И-ии.

— Кажериңен өптү?

— Бу жеримен.— Жакин эринине сөөмөйүн тийгизет.

— Кучактаганда ого бетер койнуна ыктадыңбы, эрип кете жаздап?

— И и, ооба, — дейт Жакин жеңесинин баарын билип койгонун мойнуна алып.

— Өпкөндө көзүңдү жуумп ийдиңби?

— ?!

— А эмне үчүн көздү жуумп иет?

— Э билбеймчи. — Жакиндин эриндери араң бүлкүлдөп, татынакай кымтылат.

— Аны билбейт экенсин, себеби мындай: — Шайыргүл каткырып кебинин учугун улайт. — Көздүн жумулганы: сөз бүттү, эмне кылсаң өзүң бил дегенди билди-

рет. Маселен дүйнөнүн көзү Күн. Күн батса бирөөлөр эс алат, бирөөлөр уктайт. Бирөөлөр силерчылап кучакташып жүрөт. Ошолордун баары эртеси эс алып, жыргап, жаңы киши болуп калышат. — Жеңеси ушу менин сөзүмдү кандай угуп жатат дегендей, же укпай калбасын анык көңүлүнө сактаары ушул дегендей, менден башкасы минтип сага айталбайт дегендей анын кулагынын түбүнө эңкейди. — Ымандуу, уяттуу, жакшы кыздар жигит өпкөндө көзүн жуумп жиберет. Жаман кыздар тирмейип тиктеп өптүрөт. Муну өпкөн жигит муз өпкөндөй....

Сардар менен «өбүшүүгө» Жакин теректин түбүнө дагы барып жүрдү. Ал өпкөндө көзүмдү жумбай көрөйүнчү дейт, бирок Сардар кучактаганда эсинен чыгат да, көзүн жуумп жиберет.

Балдар Сардарды айлына каттатпай коюуга алдары жетпей, аны мындай кой, эми экөөнү бири-бирине чакырып беришчү. Бир күнү өйүзгө артисттер келди. Экөө чак түштө ээрчишип оюнга жөнөдү, жалгыз теректин түбү менен.

— Сарда-ар! — Жакин Сардардын жолун торгоду, таноосу кыпчылып, жүрөгү дук-дук.

Теректин түбүндө, так алардын буту турчу жерде жарым кулач кара чаар жылан. Жакин озунуп аяктай ташты көтөрдү.

— Өлтүрбө! — Сардары колундагы ташты алып ыргытып ийди. — Өлтүрбө, байкуштун эмне зыяны бар? Күнүн көрсүн...

Сардар алардын жолун бууган, алардын буту турган, Жакинин коркуткан жыланды өлтүргөн жок. Жакин ал күнкү оюнду шыйрагына жылан оролгонсуп жыйрылып олтуруп көрдү. Андан кийин Жакин терек жакка баспады.

Ошол өбүшүү көбөйгөн жылы экөө кошулуп бирге кетти. Терек жалгыз калды. Ушуну менен бүтмөк. Дагы үчөө үч айрылды: Сардар согушка аттанды, Жакин жалгыз калды... Терек жалгыз калды...

Ошондогу жыланды өлтүрбөгөн Сардар согушта адамдарды өлтүрүппү? «Чалгыдай кайсаппы?» Жок, ал адамга окшош жыландарды чалгыдай кайсасын!

Кудай ай! Андан эмне кабар жок?

Анын өзүн, ошо жыландар кайсадыбы?

Жок! Жо-ок! Кудай ай, Жок! Антпейт!..

Көзгө көрүнбөгөн бир жип бар. Ал жиптин бир жак учу Жакиндин жүрөгүнө түйүлгөн. Жакин ошол жип менен жашап, ал узарса узарып, кыскарса кыскарып, үзүлсө үзүлчүдөй. Бул эмне деген жип? Анын бир учу каякта? Бул жип Жакиндин таттуу ою, үмүтү, келечеги болчу. Ал жип тээ кандуу майданга, болгондо да Ленинград фронтуна чубалган. Сардар ушу Ленинград фронтунда дайынсыз. Лениндин шаары бүгүн душмандын колуна түшөт деп түшпөй, эртең багынат деп багынбай, бүрсүгүнү өтүп, апта... айлар өтүп, Ленинград кулабай; кулабаганы менен ал жиптин башына кылтылдап араң токтогондой; анткени биздикилер улам бир шаарды артына калтырып чегинип баратканда Ленинград душманды токтотуп, ошон үчүн Жакиндин жүрөгүндөгү жиптин бир учу Ленин шаарына түйүлүп, андан үмүттөтүп, ага бел байлап, Сардар ошо камактагы-курчоодогу шаарда жүргөнсүдү. Эгер шаар куласа Сардар да жок болуп, ал жок болгондон кийин түйүндүн бир учу жүрөгүн жырып салчудай туюлду.

— Ленинград күрөшүп, жашап жатат, жолдоштор... Анын ар бир ташы, кышы күрөшүп... Октябрдын, Аврoранын шаары... Бизге теңдик берген, укук берген Ленин шаары! — Эрмек өгүнчөрөөк согуштун кабарын сүйлөгөндө адегенде эле ушинтип баштаган.

Жакиндин жакын туугандары Илияс Балтика флотунда матрос болчу. Ал милдетин өтөп бүткөндөн кийин арызданып ошол флотто калды. Согуштун алдында узак отпускага келди. Башында якорлуу ак шапке, ийнинде ак кител, бир ууртунда буруксуган төрө папирос.

Эл жайлоого серпилип, Кууганды суусу шаркыраган учур. Ал элге учурашып, сагынган жерди көргөнү келбей эле, сууга жуунганы келгенсип, сүлгүсүн мойнуна илип, күнүнө үч маал Куугандынын боюна барчу. «Жин тийгенсип» суунун боюна өйдө-төмөн чуркаганын көргөн «какылдак катын» келин-кыздарга минтип күлкү салат.

— Бул бала бел көчүгүнөн жогоркусун, тизесинен ылдыйкысын жуунат экен. Орто жери кургак калат экен. Силер ушинтип жуунгула.

— Ха-ха... ха... ха... Бирге сууга түштүңбү жеңе?

— Мени менен кантип сууга түшсүн, силерди мурдуна сүйкөбөйт, — дейт «какылдак» бир жагынан келин-кыздарды чычалатып, бир жагынан ансайын күлдү-

рүп, — мен аккан сууну булгабайм, чөйчөктөгү сууга эле чапчынып алам.

— Суу адам ичүү үчүн, жуунуу үчүн жаралбадыбы, жеңе?

— Ии, ошону билсеңер булгабагыла.

— Булгаган өзүңсүң, жеңе-е, даарат алганда кандай жуунасың?

— И-ий, какачтар ий, какачтар. — Какылдак этекжеңин күбүнүп тура каччу.

Ушу суу бойлоп жүргөн Илияска күлгөнү менен келин-кыздар андан сүрдөшчү. Алар Жакин укканды угуп, Жакин көргөндүн баарын андан көрө алышчу эмес.

— Мен сүрөтчүлөр Академиясына кирем, — дечү ал. Ленинграддын аппак түнүн, элинин сыпайылыгын, сылыктыгын айтып түгөтө албай. — Ал маданияттын шаары, ал бейиштин шаары. Ага барсаң, анын Мамлекеттик Эрмитажын бир эле көрсөң, Жакин...

Илияс Жакинге улуу сүрөтчүлөрдүн картиналарынын репродукцияларын көргөзүп, алардын ар биреөнүн тарыхын айтканда маңдайында баягы жомок айтчу кыргыз эмес, ошондогу Рафаэль, Леонардо да Винчи, Суриков, Репиндер тирилгенсип аңкайып карачу. Аларды тарыхтан билчү, алардын ар бир сүрөтүнүн Пушкиндин «Капитан кызындай», «Лермонтовдун «Бэласындай» тарыхы бар экенин ойлонбогон Жакин.

— Ал эми байыркы Египеттин сфинксичи, Неванын жээгиндеги. Бир замандарда Нилдин жээгине көмүлгөн. Ал эми байыркы гректердин «Афродитасычы?» Бир убакта Элладаны кооздогон... Ал эми Гудондун Вольтеричи? Кадимки философ Вольтердин статуясы! Ал эми Фальконенин Жез Атчанычы... Пушкин жазган. Ал эми... Ал эми... — Илияс сүйлөй берчү.

Жакин тигинин айтканынын бирине түшүнсө, бирине түшүнбөй, ушу түшүнбөгөнүнө ичи күйүп; Ленинград — чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган, өчкөн отту тамызган шаар экенин; ал бийик үйлөрдүн, кино-театрлардын, скверлердин гана шаары эмес — элдин казынасы экендигин; ал шаарга бир күндө миңдеген эл келсе, кайра миңдеген эл кетип турарын абдан түшүндү. Дагы абдан жакшы түшүнүү үчүн Ленин шаарынын даамын татып, анда жашап; ал үчүн Ленинград жашоо керек!..

Ооба, ошо бейиштин шаары жиптин тигил учунда калтылдап, бул учунда Жакин. «Ленинград курчоодо... Ленинград камоодо». Ушул сөздү уккан сайын Жакиндин көзүнө негедир байыркы талкаланган, таланган Рим менен Эллада элестөөчү. Көрсө, миң сандаган жүрөк согулуп, ага миң сандаган жүрөктөр байланып; ошол үчүн Ленинград күрөшүп, жашап; ал өзүн гана коргобой байыркы сфинксти, «Афродитаны» коргоп, быяктагы Жакинге жибербей душман жолун бөгөп, Ленин шаары... Ошол бөгөгөндөрдүн арасында азиялыктар бар... Сардар... Илияс бар!

Эрмек Ленинград жөнүндө анын бүгүнкү гана күнүн сүйлөгөн: андагылар кыйналып, баарына чыдап душманды тумшукка согуп; анда Шостакович Ленинград симфониясын жазып, анда мылтык кармап жатып Бетховенди, Чайковскийди угушуп, «Ленинграддыктар, менин уулдарым!» деп, анда Жамбул ырдап, аларга Кыргызстан вагондоп белек жибергенин...

Жакин ыраазы болуп, ушуга дем байлап, кубанып; Эрмек анын көзүнө ошо шаарда жашаган киши өңдөнүп, ал андан дагы бирдемелерди сурагысы келип, жүрөгү өрөпкүдү. Илияс айткан Египет сфинкси учкан окту тоскондой, Жез Атчан душманды карай чапкандай, баягы сүрөтчүлөр, Аврора... Балтика флотунун матросторy, баары... байыркылар, азыркылар чабуулга өткөндөй.

Жакин Бурмаштын жанында түнү бою көзүн ирмебей олтуруп алар менен сүйлөштү, ойлонду, сырдашты. Сардарды артыла кучактады. Чын эле, эми Сардар келсе миң сандаган элди каратып туруп анын бүчүлүктөрүн үзүп жиберип, көкүрөгүнөн жыттап-жыттап албаспы!

— Жакин, йэ Жакин, жалгызсыңбы?

Жакиңдин көзү илинип бараткан:

— Жок, апа. Мында баары болушту.

— И-ии...

— Суу жутасыңбы?

— Үнүңөн тегеренейин...

— Бүгүн кандайсың?

— Жакшымын балам.

...Аз күндөн кийин Бурмаш таяк таянып эшикке чыкты. Анын колтугунан сүйөп Жакин эбелек. Мына Сардар, апаңды көрдүңбү? Апаң телчигип... Экөөбүздүн апабыз... Афродитабыз!

— Апа, олтурасыңбы?

— Жок, кагылайын. Буту-колго кан жүгүрсүн.

— Эй жашабаган кемпир! — Теке чал Бурмашты бир колтугунан сүйөп көлдөлөңгө олтургузду да, тамырын кармап көпкө үргүлөдү. — Эми уйдун жууратын бергиле. Келин балам, жакшы кайтар. Уурдап башка бирдеме ичип албасын жашабагыр. — Анан ал чекирейип Бурмашка карап, чокчогой сакалын экчеди: — Акыма эмне бересиң?

— Жакин билет.

— Жок, өзүңөн алам. Бетиңен эле бир өптүр!

Жакин эшикке чыга качты. Теке чал аттанып кеткенден кийин да, анын эрмен жеген эчкидей эбиреген сакалы, чекирейген көзү, делдегей кулагы үйдүн ичинен көрүнүп күлөт. Ага Бурмаш да күлүп, «кудай каарылап» тилдеп, аңшайганда уялыңкырап, келинин карап тамылжыйт. Жакинге Бурмаштын так ушинтип күлгөнү, көңүлүнүн ачылганы керек, Теке чалдын тергегени эмес. Ошондо Бурмаш Илиястан бетер өз дүйнөсүн сүйлөп, сөзү түгөнбөй тердеп-чардап, берген тамактын баарын ичип тыңып калчу.

Кат күтөм ичкер калаадан,
Кайдасың Сардар садагам.
Кабарыңды билгизчи о-ой
Каркырап учуп баралам.

## XXIII

Кайсыл убак? Бир гана терезени үңүрөйүп тиктеген түн. Улагада, ээрдин үстүндө башын жерге салып түндөй түнөргөн эркек. Сөз эмнеден башталды, экөө баятан эмнелерди сүйлөштү, билишпейт. Аялдын маңдайы жазы, мурдунун үстүндө меңи. Үнү каргылданган.

— Кем... кем ушинтип кем болот.

— Кем эмесмин. — Эркек күңк этти.

— Анан эмнесиң?

— Адаммын.

— Адамдын жүзү жарык болот. Сеники караңгы. Сага түн жолдош. Сен күндөн качасың. Кем киши ошентет.

— Мен кем эмесмин, — деди дагы күңкүлдөп.

— Кем болгонуңан алдагинтип олтурасың. Болбосо төрүмдө тайрактачу эмес белең?!

— Сен карышкыр болуп алыпсың баш бакканды каап, тайрактай албай олтурам.

— Карышкыр?!— Аял аяздай катты.— Карышкырдын да жүрөгү болот. Эсиндеби баягы карышкыр?

Анда тигил эркек жаңыдан үйлөнгөн. Жайлоо маалы. Күркүрөгөн суунун жээгиндеги казганактаган айыл. Жаңы келинди көргөнү келгендер шаракташып, оттон чайнекти, коломтодон казанды түшүрбөйт, эшикти тындырбайт. Тигил колуктусуна имерчиктеп, же күн бат кеч кирбей, колуктусунун койнунан кумары канбай кайра эле таң атып; ала качып келген колуктусун эл көрбөгөн тоонун арасына дагы ала качсамбы деп оолугуп, Семетейдей кычырап ары-бери басып... А мергенчи атасы күндүзү үй бетин көрбөй тоодон тоону артат. Анткени тигил колуктусу менен коргошун болуп жатканда кашабаң, жылкынын кардын эшип, койлорду мууздап кетчү.

Көп жойлогон бөрүлөрдү мергенчилер колго түшүрдү. Канчыгын атып, бөлтүрүктөрүн кармап, дөбөтүн кемээчтеп айылга жетелеп келип терисин сыйрышты. Дөбөт карышкырдын өлүгүнө эч бир ит даабады. Коё берген эки бөлтүрүк атасынын «сөөгүн» жытташып, жанына комдонуп, адам басып барса ыркырап айбат көрсөткөн. Бөлтүрүктөр түшүнөн чочуткан.

— Мен сени кагылды-согулду десе ошо бойдон турбайсыңбы? Сени белиме таңуу кылып, биздин тукумдун ар намысын сактайт десе, алиге тиш чукуурга жарабапсың! Мен сага карышкыр болсом, жаман көргөн кишинин көзүнө карышкыр болуп көрүнсөм... жакшы!

Экөө далайга үн-сөзсүз. Далайдан кийин эркек оор улутунду.

— Иттик кетиптир... Кечирип кой. Ит болупмун. Көрдө болсом ыйлашаарым, төрдө болсом сыйлашаарым жалгыз сенсиң. Айламды тап.

— Катыгүн ай! Мурда эмне айтпадың бу сөздү? Кайда жашындың менден? Сыйлаганың ушубу? Кантип табам айланы? Айтчы, кантип? Каякта экен ал айла?— Аял каргылданып көзүн аарчыды. Көзү купкургак, анын жүрөгү ыйлап жаткан ичинде.

— Сөзүңдү угат. Башкармасың, эже.

— Яа?! Башкарма? Мен эми башкармалыгымды бетиме кармаппы? Башкармалыгымды дезетирге дакимент кылып?— «Эженин» көзүнө бюродогу Маамыттын

булоолонуп тердегени; ошондогу олтургандардын баары Эрмекти карап, Эрмек аларга сүйлөп жаткандай болду. — Бул күндө эркектин айласы башкарманын колунда эмес, Ата Журттун колунда. Алкаса Ата Журт алкайт; каргаса Ата Журт каргайт.

— Билем, эже.

— Жок, билбейсиң! Макул, сенин бетинди карадым. Сенин сөзүндү сүйлөдүм. Өкүматтын бетин кантип карайм? Кантип сөзүн сүйлөйм? Журттун бетин кантип карайм? Кусуру урбайбы?!

Түнтөй түтүнсүз күйүп, кээде чамынып олтурган эжесинин абалын түшүнбөй койгон жок. Не кылса да ушул эжесинин жамандыкка кыйып жибереринe ишенбеди.

— Анда кармап бер! Орден аласың...

— Кармабайт сендей туңгакты, моминтет! — Эрмек эшикти тарс жаап, сыртынан кулпу салды.

Эрмек өз кара чечекей инисин өз колу менен өз үйүнө камады. Эмне кылар алапайын таппай, өзү да бир ушундай туюкка камалды. Эми кантесиң, каякты карай басасың? Бир тууганыңабы, же... дегенсиди ага сырттан бир үн.

Эрмек өз кара чечекей инисине сыртынан кара кулпу салды. Иниси бул үйдүн төрүндө тайрандачу; алам дегенин алчу. Жулам дегенин жулчу. Ичем дегенин иччү. Бүгүнкү түн, ошол үй ага даам сыздырган жок. Аны бүгүн сыртынан кара кулпу кайтарды. Бүгүнкү түнү анын эжеси, ал мөгдөгөндө, анын башына иш түшкөндө, анын энчисине кара кулпу берди. Эрмектин өзүнүн да күйбөгөн жери күл болуп, ансыз да караңгы түн ого бетер түн болуп, жолунда кара кулпу турду. «Кана Эрмек, бул кулпуну кантесиң? Ачасыңбы, же талкалайсыңбы? Билем оңой эмес экенин. Кантсең жаман атты болосуң? Кантсең жакшы атты болосуң? Мага баары бир. Сага кайсынысы оң?» — дегенсиди ага сырттан дагы бир үн.

Түндүн бир оокуму. Түндөн Ташматтын итинин улуганы. Ага айбат көрсөткөндөй кезек-кезек Салыйдын дөбөтүнүн күрс-күрс үргөнү: «Эмне улуйсуң? Жаагың сын!»

Эрмек орун салып коюп же чечинбей, же төшөгүн кайра жыйнабай, бирде олтуруп, бирде туруп; аны ушинтип бирөө жазалап койгондой; аны ушинтип бирөө

кулпуну кайтартып кыйнагандай. Мунар эненин, балдардын үйдө жогу жакшы болуптур. Алар уктап жаткандыр. Уктасын... Уктасын алар.

Ал эми буга, минтип кара чечекей бир тууганы бул азапты берди. Эрмек бүгүнкү түнү тынч уктайм деген.

Ал эми тигил... кара кулпунун аржагы, төрүндө тайрайып уктап жаткандыр. Ага эмне, ага баары бир. «Өлгөнүңдө ушинтсемчи!» Эрмектин жүрөгүнүн башынан мупмуздак бирдеме чуркап өттү. «Эмне кылам? Көчөгө кантип батам? Кантип бастырам? «Мүйүзүнөн айрылган» аялдардын бетин кантип карайм? Бетим ушинтип карарчыбы? Заматта... Кечээ эле бул өлүктү согушта десем. Дардайтып кантип ээрчитип чыгам үйүмдөн? Таң атат. Анан күн чыгып...»

Каалга тарс дей түштү.

— Ач! — Ушул бир ооз эле «Ач!» деген сөздө ыза, кордук, кек, каар бар болчу. Ушул бир ооз эле «Ач!» деген сөз сүйлөнгөн да, сүйлөнбөгөн да сөзгө тете болчу. Бир ооз сөз менен баарын айтып, баарына кол шилтеп, баары менен коштошууга болот.

Эрмектин жүрөгүндөгү мупмуздак бирдеме каалгага кошо тарс эткенсип, козголгон жок.

— Ачпасаң... Мына!

Үйдүн бак жаккы терезеси шагыр этип, тигил дүп этип секирип түштү. Ал терезени бузуп чыкты. Тайрактаган үйүн талкалап бузуп! Ал терезени эле талкалаган жок! Терезедей жаркыраган бирдемесин...

Эрмек ордунан козголбоду. Көптөн кийин төркү үйгө кирди. Мештин үстүндөгү бир барак кагазга төмөнкү сөздөр жазылыптыр:

— «Жүзүң курусун. Бир ооз сөзүңө татыбадым. Сенсиз күн көрөм. Менин ордума кара ташты бир тууган кыл. Кара ташты кучакта. Кара ташка ыйла. Мен сага кара таштай муздакмын».

— Ташка ыйлачу беле. — Эрмек сандыктын үстүнө чыгып, колун калчылдатып, төргө илинген Түнтөйдүн сүрөтүн жулуп алды: — Ташты төргө илчү беле? Бу көрө өлсөң төрдөн орун алмаксың. Таштын орду мобул!

Ал «ташты» бактын түбүндөгү орого ыргытып жиберди. Оронун түбүндө бакалар ,коңуздар бар болчу.

Таң небак атып, күндүн мурду тоолордун башына чачыраган. Күн... Ааламдын жаркыраган күнү! Баары-

на тегиз тийген. Баарына бирдей нурун чачыраткан. Мен баарыңа бирдеймин. Мен баарыңа тегиз чачырайм. Ошол үчүн атым Күн! Күн деп өзүңөр атагансыңар. Мен жаркырап тура берем. Силер каякта, кандай жашасаңар да өзүңөр билгиле деп айтат дейт Күн!

Ушу күндүн алдында көпөлөк да жашайт. Көпөлөк кээде узуңдуу күнү, керелден кечке, бир күнү керелден кечке жашап; ошо бир күнү жашаганына алымсынып, узак бир кылым жашагансып «болду эми мага» дегенсип; кечинде, түнөөрүндө асманга бир атылып чыгып, гүлгө конуп, гүлдү кучактап жатып өлүп калат дейт. Бир гана күнү, керелден кечке жашап!

Жылан да жашайт. Жылан да күнгө кактанат. Ал күнгө кактанганда кайра чыйрыгат. Күндөн кайра муздайт дейт.

Күн болсо баарына бирдей тиет. Алакчылабайт. Баарына тегиз, калыс нурун чачат. Кошоматтанбайт. Ким канча жашаганы, эмне кылганы менен иши жок. Күн меники, сеники, баарыбыздыкы...

Адамдын жүрөгү күн сыяктуу го чиркин! Эрмекти мойнундагы милдеттүү иши, башкалардын кубанчы алакчылабады. Ал алардын илебинен дуулдап ысыды. Анын ушунусу, бөлүнбөгөнү тигилерди ысытты. Тигилер өз кубанчын буга чачышты.

— Элге ата болдуң.

— Ак жолтой бол!

— Бир далай балдарыбыздан кабар угулуп... Ак жолтой болду.

— Баарыдан Бурмашчы? Бечара кемпир, мөгдөп калды эле.

— Эми кыргыйдай тыңып.

— О-ой, ошондо жарыктык Мамбеттин чуркаганы.

— Атын минбей десең.

— Ат менен кууп жетсекчи, колунда кат «а-аа кудайлап».

— Атаң көрү-үү, — дейт бирөө оюн чынга салып, — «балаң келатат» десе ушул азыр шал болгон кемпир чуркап чыгар эле. Кыйкырайынчы тиги дөңгө чыгып. Кемпир-чалдын канчоо эдирендеп чуркаар экен.

Эл күйүп муңканышат. Эл күлүп сүйлөшөт. Эл бирибирин сооротушат, бири-бирине таянган тоо болушат. Эрмек элге таянат; эл Эрмекке таянат.

Өңгөдөн да Бурмаш Эрмекти олуясындай көрөт. Ал башкарма болгондо Сардарынан кат келди. Ал башкарма болгондо Жакинди тооруган «мурутчан полдомочу» жоголду. Ал баарын ишендирип, ушу «түйүнчөктөй» кемпирге назарын бөлдү:

— Эне, жаныңды бекем уучта.

— Ошентем. Чымыркапам айланайын. — Бурмаш анын атын жылоолойт. — Түш айланайын. Түшүп даам ооз тий.

Балбалактап дасторконуна колунда бар тамагын жайнатып баягы суроосун кайталайт.

— Жаңагы, Маамыт башкарманы тилдешеби?

— Тилдейт эне.

— Ким тилдейт?

— Партия... Биз.

— Ордири бар болсо делеби?

— Орденине карабайбыз.

— Ошенткиле, ошенткиле ашынып кеткендерди. — Ал мооку кана Эрмектин сөзүн кубаттайт. — Илгери андайга аял түгүл эркек өйдө карай алчубу.

— Эмнеге Маамытты көп сурайсыз?

— Жөн эле... — Бурмаш ичинен улутунуп сыр ачпайт.

Анын сураганынын башка себеби бар. Зыйнат төркүлөп баргандын, бир жылдары Маамыт алардын айлында башкарма. Чачы балтырына оролгон сулуу келинди Маамыт эртели-кеч тооруп, акыры бир түнү колго түшүрөт. Ал экөөнүн ысыгы тарабайт.

Бурмаш муну кийин угуп келинин тилдейт. Эми эр болсоң суу жугузуп көр! «Этегин бир эрке жел ачкан, бир эри ачкан» сүттөн ак келинге жок-жалааны жапкан кайненеге алкынат:

— Кантип, кайсы бетиң менен айттың? Шордуу башым. Топурагым жеңил жаным. Ала жиптен аттабаган жаным. Эмнени уктум я? Бу кайнененин сөзүбү же какшаалдын сөзүбү? Какшаал өзү ошентип жүргөн неме... Какшаал өзүндөй көрөт го мындагыны!

— Балам, чактап сүйлө.

— Чактабасам кетиртип ий. Кетиртип ийип...

Зыйнаттын тили сөөгүнөн өтүп чучугуна жетти. Бурмаш Кадырга арызданды. Кадыр Зыйнатты оозго койду. Ал бержагын укканда эмне болмок? Ошондо экөөнү суук-селки кылган Маамыт. Ошондон бери эненин жү-

рөгүн өйүгөн Маамыт. Бурмаш кечөө жакында дагы кабар укту. Зыйнат Маамыттын колхозундагы Чоной деген бирөөгө күйөөгө чыккан атыптыр. Кадырдын эки чолпону кимге жалдырайт? Кандай неменин көзүн карайт? О-оо, шордуу келин! Жылгындай кезинде күлү додолонбогон.

Сардар аны баарынан алаксытты. Сардар менен сүйлөшөт. Сардар менен сырдашат. Сардарды өпкүлөйт, жалынат-жалбарат. Сардар мандайында. «Көлөкөндөн тегеренейин! Кара жаным кагылсын сенден. Сүйлөп берчи мага, эненe. Үнүндөн курман болсом. Өптүрчү. Жыттатчы көкүрөгүңдөн».

Бул Сардардын каты гана болучу. Сүрөтү гана. Ошондогу эненин сөзүн, абалын кагазга түшүрө алсак... Жок, антүү кыйын, мүмкүн эмес. Ошондогу эненин өзүн бир гана мүнөт кагаздан көрсөк... .Жок, ага кагаз чыдабайт, адамдын жүрөгү гана чыдайт. Эненин жүрөгү гана көтөрө алат. Күн сайын көрүп, күн сайын колу менен тамак берип, ошондо да уулун сагынып турган эне, эми уулун айлап-жылдап көрбөй, эми уулунун алакандай гана катына алымсынып калса, ал энени сен эмне дээр элең? Алакандай кагаз ага уулу болуп көрүнүп, ушу кагазы-кабары эле келип турса экен деп...

Сардардан үзүлбөй кат келип турду; узак жол басып, колдон колго өтүп, уйпаланып, поюзга түшүп, асманга да учуп, акыры айлын таап, үйүн таап.

Мамбеттин түтүнүнө азыр бир эмес эки кат келет. Бул эки каттын ээси фронттон табышкан. Экөө тең курчоодо калып, экөө тең партизан болуп, анан өзүбүздүкүлөр жакка өтүп...

Ошондогу Бурмаш менен Жакин... Сакалынан жаш чубуруп Мамбет. Бирин-бири сүйүнчүлөп, бирин-бири кучактап өпкүлөп. Аларды эл өпкүлөп. Бул үйгө жыңайлак балдар чуркап, ээрчип иттер чуркап... Иттерден өйдө сүйүнбөдүбү!

Сардар адегенде бир үйдүн ичин эки бөлүп, эки кат жазыптыр. Бирөө атасы-апасына, эл-журтка;

— Бул кат мага экен! — Жакин кыпкызыл, көзү жайнап: бир катты илип алып, эшикке чуркады. Бир кат менен атасы, апасы, эл-журт алек; бир кат менен жалгыз Жакин алек. Бурмаш ушуга кубанды. Кусасы ташып, сагынып, саргайып жүргөн Жакиндин суусунун

аркы кат кандырмак эмес. Ал короого батпай, олтуруп окуурга жер таппай...

«Жакиним! Жакинтайым... Сага ушинтип көп кат жазчы элем.

Бул катты окуп жатканыңдагы сенин көзүңдү көрүп турам. Сенин үнүңдү угуп, жүрөгүңдүн кагылганын тыңшап турам. Сен канчалык алыс болсоң да жанымдасың, койнумдасың. Сени сагындым. Аябай сагындым! Сени көргүм келет. Сен сагындың. Бирок, азыр анын баары мүмкүн эмес. Төбөбүздөн ок чуулдап учуп жатат. Ушул окту ышкыртып коюп, экөөбүз өмүрдүн ыракатын кантип көрөбүз? Бул экөөбүздүн өмүрүбүзгө, экөөбүздүн сүйүүбүзгө атылган ок. Сүйүү үчүн жашоо керек. Жашоо үчүн сүйүү керек, Жакин.

Сен, менин гүлүм, кычыраган карды, суукту жакшы көрчү элең. Өзүң гүл болуп туруп табигаттын катаал мезгилин сүйгөнүңө таңгалчумун. Менин мойнума кар тыгып кытылдап чуркап кеткениңде, мен ушу карыңдан ысып-күйүп, койнума бир чок төгүлгөнсүп алаптачумун. Сен тилиңди сунуп карды жалаганыңда алкымың так ошол карга окшоп; анда менин ичим элжиреп сага кар чачып, сенин кирпигиңден бери кар токтогондо мен өзүм күбүчү эмес белем. Сенин бул жоруктарыңды Ануарбекке айтсам: «колыктың ургачының сырттаны гой, жүрөгүндө оту да бар, музы да бар» деп күлөт. Чын эле Жакин сен сырттансыңбы дейм. Бу жерде кышында экиден тумак кийген немис; тили оозунун ичине тоңуп калса да «Хальт, рус!» деп буту-бутуна тийбей чуркайт фашисттер, сволочтар...

Сенин карды жакшы көргөнүң мени үшүтпөдү, Жакин. Мен сенин карыңды коргодум. Кардын арасынан сенин күлкүңдү уктум. Сенин баскан изиңди тыңшадым.

Мага сенин сүйүүңдөн кымбат нерсе дүйнөдө жок.

Кыйрап, бүлүнүп жаткандарды көргөнүңдө эмне үчүн, ким үчүн жашоо керектигин билет экенсиң. Өзүңө бензин куюп өрт коюп душманды карай чуркап аларды өрттөп, өзүң кошо өрттөнгүң келет. Мен сени унутуп ушинтип айтканымды кечирип кой, алтыным... Биздин салтта мүрзөнү карап суу төкпөсүн билсин. Душмандын таманында калгыча күл болгон жакшы!

Жашоо кандай укмуш. Эгер бирөө жашоого жаңыдан гана кадам шилтеп, жашоого жакшы бир нерсе калтыра албай, жашоонун аягына чыкпай өтсө, жашабаганына ал күнөөлүү эмес.

Сүйүү кандай керемет. Эгер сенден бирөө керемет деген эмне десе, сүйүү де. Эгер сүйүүм болбосо жүрөгүм алда качан жарылып, чүнчүп өлмөк экем. Баягы мен жөнөөрдөгү өпкөнүң, ошондогу сууланган эриниң эмдигиче бетимдин отун ысытат. Мени бирөө өөп, кайраттантып жанымда тургансыйт. Бул сен... Бул керемет!

Мен далай кыркылган өмүрдү көрдүм. Ошондо сен сыяктуу Ай-Чүрөктөрдү тизип туруп: «Эй, адамдар, ушуларды кантип өлүмгө кыясыңар, көзүңөр кашайгырлар?!» деп кыйкыргым келет.

Мен далай өрттөнгөн жерди көрдүм. Ошондо Соң-Көлдөй жеримди аттын соорусуна кондуруп туруп: «Эй, адамдар, ушундай жерди кантип күлгө айлантасыңар, жин тийгирлер?!» деп айкыргым келет.

Фашисттер укпайт, көрбөйт. Аларга талкандоо керек! Буга жети атаңдан берки жиниң кайнабайбы...

Мен жерди сагындым, элди... Мобу, азыр мен согушуп жүргөн жерди Ала-Тоо этеги деп билемин. Быяктагы ар бир баланы, энени өзүмдүн элим деп билемин. Ошондо жүрөгүм эс алат. Жүрөгүм ачышат. Жүрөгүм кек кууйт.

Жакин! Сен менин колумду кармалаганды жакшы көрчүсүң. Ошол колумда эки автомат. Аны колумдан эч ким кагып түшүрө албайт. Аны сага да, атама, апама... эч кимге бербейм. Аны колумдан бирөө гана кагып түшүрөт. Аны мен бирөөгө гана берем. Ал Жеңиш...

Сен аялдын сырттанысың Ануар айткандай. Мурдуңдун суусун ыргытпай оокат кылаарыңа ишенем. Жакинтай, садагам, апамды-атамды белиңе таңуу кыл.

Партизан болуп жүргөндө жараланып, партизандык «госпиталда» жатканымда төмөнкү ырды жаздым эле, окуп кой; мөлтүрөгөн көзүңдөн Жакинтайым...

Ай кыйналдым, түн неге узун мынчалык,
Жамбаш талыйт жаталбадым тынч алып.
Таттуу уйкуда мемиреген жарыма,
Учкум келет болот канат курчанып.

Учуп чыксам күн жарыгы өчкөндө,
Таң да сүрсө мен жанына жеткенде.
Ич көйнөкчөн чочуп турса ордунан
«Мен келдим!» деп терезесин чеккенде.

...Чертпейм азыр, черте турган убак жок,
Чертем десем, чертет мени жалгыз ок!
Шалак этип, ара жолдо куласам,
Мекен да жок, сен дагы жок, мен да жок...

*Сардар».*

Жакиндин көзүнөн жаш токтобой, Жакиндин жүрөгүнө кубаныч сыйбай ордунан тура калды. Тура калып, бет алдынан Сардарды көрүп басып жыгылды.

— Сардар... сенсиңби?!

— Жакинай!

Жок, ал Сардар эмес, Сагыйда. Тегерегинде кыз-келиндер; катты бирге окуп, кубанышып, ыйлашып.

— Сагыйда... Айланайын кубанчым! — Жакин Сагыйданы кайра кучактап өпкүлөдү. Демейдеги шакылыктаган Сагыйда кирпигинен гана жаш ирмеп, козголбой, тигинден көзүн айырбай, тамылжып, оозу кургап:

— Токто... Токточу, Жакин. — Ал Жакинди өпкүлөбөй, чоң энеден бетер эки кулагынын түбүнөн жыттап-жыттап алды.

— Бах-х...

— Бул эмне шумдугуң? — Келин-кыздар аны тамашага жооткотту.

— Жыттагылачы Жакинди, аңкып кетти...

## XXIV

Анда алашалбырт. Жолдун таманы карарып, тооктор ошол жолду бойлоп отточу. Күн аркан бою көтөрүлгөн. Түндө тоңуп калган кардын үстү менен чуркап окууга бараткан. Салый алдынан жолукту, колунда эки жумуртка.

— Кызыке, токточу.— Салый тигил тоокторго колун жаңсады. — Кимдики булар?

Сагыйда олунуп бир тийди:

— Мен каяктан билем?

Салыйдын деси кайтып, «ай каяктан сурадым» дегендей шалбырай түшкөнүн Сагыйда араак барганда гана сезип кайра бурулду.

— Апа... Апатай! Эмне кыласың?

— Бугу... Бугутайга бышырып берейин деп, жумуртка сурап.

Бугунун чемендеп жүргөн учуру болчу, кээ түндөрдө элирип «Манас» айтып. Кээси муну Манастын арбагы-

на ыйгарса, кээси бала неме уккандарын, окугандарын түшүндө айта берет дейт. Кээси бала сууктаптыр, тамагын күчтүүлө: койдун куйругуна куймак куюп бер; жоок, жылкынын казысыңа жумуртка кууруп жер: атаң көрү ой аюунун майы табылса миңдин бери — дешет.

Сагыйда окуудан келер менен апасынан сурады.

— Апа, үкү баш тоок туудубу?

— Жок. Тумуран калгыр туубайт.

Сагыйда кечинде Алыймага барды да, аны үйүндөгүлөрдөн бөлүп көзүн ымдап чакырып алды.

— Алыйма, жашырыкча сөзүм бар.

— Ии, айт?

— Жумуртkaң болсо бер?

— Ушубу жашырык сөзүң?

— Ий, үйүңдөгүлөрдүн көзүнчө жумуртка деп кантип айтам?

— Эмне кыласың?

— Басам! Басып балапан чыгарам...

Алыйма булкунуп үйгө кирип бáратканда Сагыйда жалынып ийди.

— Эжекебай... Бир тоогубуз күрп болуп атат. Мен жумурткаларын бышырып жеп алгам. Апам тилдейт мени, эжеке.

Алыйманын жумурткалары ошол кечте Салыйга барды. Сагыйда эртеси эрте туруп, үкү башты талаадан үйгө кубалап, ал тамдын үстүнө учса кошо учуп, короонун суу кирген тешигинен кошо чыгып, какылдатып, чарчатып кармап алды. Ага уя жасап бир жумуртка салды да, үкү башты жаткызып казанды көмкөрдү.

Анын тоокту кубалап жүргөнүн «мурутчан полдомочу» көрүптүр.

— Ой кыз, тоокту эмне кубаладың?

— Муруту өсүп кетиптир,— деди Сагыйда тигиге кеп тийгизип, анын «ой» дегенине жини кайнап.

«Полдомочу» бул кыздын тили гана ойдолобой, өзү да ойдолоп бойго жетип калганын; болгондо да «Айдың көлдүн чүрөгү» экенин байкады. Деги сулуунун баары ушу колхозго жыйналганбы? Ал Жакинге дагы, Сагыйдага дагы кайырмагын ыргыта баштады, келинге келиндей мамиле, кызга кыздай мамиле жасап. Ах, боорун жарк эттирип кайырмакка ыргытпаспы, ысык кумга серпкен чабактай байкелетпеспи.

Мектепке баратканда же келатканда ал атайлап Сагыйданын жолунан жолугат.

— Жакшысызбы, карындаш?

— Мен «ой кызмын».

— Ата-аа карындаш ай э, ошону унутпайсызбы?

— Мен токсонго чыга элекмин.

— Ай тилиңиз уу да.

— Тилимин даамын билбейсиз. — Сагыйда мостоюп, шыпылдап баса берет.

Экөө жолуккан жерден кайым айытшып, бирөө мостоюп, бирөө ырсайып, бара-бара мостойгону да жылмайып биртике айланчыктайт. Экөө аны-муну айтышып тамашалашат, күлүшөт. «Полдомочунун» аты Болотбек. Көзү ойногон, өңү кыпкызыл жылдыздуу. Сүйлөгөн сөзү орундуу, кичи пейил, көптү билген жигит сыяктанат. Ыр жазат — ырга чыгарган обондору бар, согуштун алдында Фрунзедеги музыкалык окуу жайынан окуптур, азыр бул Жумгал районунда заготживсырьенин кызматкери экенин Сагыйда толук билди.

— Музыка билет экенсиз. Мектепке эле ыр сабагынан мугалим болбойсузбу?

— Кесип тандачу убакпы?

Болотбектин айтканы калетсиз. Ошонтсе да Сагыйданы анын жообу канааттандырбады.

— Билбейм. Сиздин «эй, тери бер!» деп жүргөнүңүз мага жакпайт. Сиз...

— Тери да фронтко керек.

Болотбектин бул айтканы да калетсиз. Ал тери жыйноо керекпи, «полдомочу» болуу керекпи же фронтко баруу керекпи? Иши кылып Сагыйданы алымсындыргыдай бирдеме жасоо керек болучу. Негедир, Болотбек ошол жагынан мүчүлүштөй. Мындайынан караса «жигиттин гүлүндөй!» Ооба, жигиттин гүлү... Мүмкүн, Сагыйда буга анчалык көңүл бурбай, аны жөн эле бир чочоңдоп айылга келип-кетчү «полдомочудай» көрүп жаткандыр. Кээ бир «полдомочулар» келгенде ансыз бул колхозун жумушу бүтпөчүдөн бетер, ансыз быяктагылар тимеле уктап жаткансып, каргадай каркылдап өйдө-төмөн чапкылашат, иттердин да жаагы тынбайт. Анан эле бир күнү жер жуткандай тыптынч.

Сагыйда үкү баш тоок менен башталган Болотбек экөөнүн тамашасын чырт үзүп койгусу келбей, андан ары улантмак болду. «Эмне болот эле? Бекер жүргүчө

башын айлантайын, зоок кылайын, эрмектейин бул мурутту. Суусатайын. Жанын көзүнө көргөзөйүн теричинин... муруттун».

— Мен мурутту жаман көрөм.

— Эмне үчүн?

— Сайгылайт. Кишинин кытыгысын келтирет.

Болотбек бул кызды өбөөрүмө жакын калган го деп ойлодубу, же эрдине чыккан учуктан ошенттиби, ким билсин, ол күнчө жоголуп жүрүп мурутсуз келди.

— Мен мурутту жакшы көрөм,— деди Жакин анда. Жигит кайпалактап эринин сыйпалады:

— Эриниме учук чыгып....

— Жерге кирди карасаң....

— Эмне дейсиз? — Болотбектин көзү алайды.

— Учукту айтам. Мурутка чыгып, жигиттин көркүн бузуп. Кап, мурутуңуз...

— Калчайсыз ээ, Сагыйда?

— Азыр калчап алайын.

— Түшүнбөдүм?

— Кантип? Кийин катуу баш эрге жолуксам сүйлөтпөйт!

Болотбек Сагыйданын ушул ачык айрымдыгынан кээде коркуп, кээде жакшы көрүп, сүйүп... Сүйгөндө да аябай сүйүп, кийин токтолгондо бул жаркылдаган сонун аял болот. Эми ушуга жетсем, ушундан багымды айтса деп өрттөнүп, күйүп-жанып; бир эсе тигини «Меникисиң! Сүйүү кемесин бирге сүзөлү» деп каттар жаза баштады. Андан бир да жооп албай, тоотпогонуна күйүп, кимдендир кызганып, чыракты айланган жетим көпөлөктөй урунуп-беринди. Тигинден үмүтүн үзөйүн дейт, анын кылгыра караганы, күйдүрө сүйлөгөнү, кылыктанганы — баары кайра тордоп салат. Ал ушул тордун бирөөнү үзсө, бирөөнү үзө албай, кудум бирөөнү чыгарам деп бирөө тузакка илинген чилдин кебетесин кие берет. Сагыйда эми шылдыңдап сүйлөсө да эрөөн кылбай, анткени сезбей, эмне кылсаң мейлиң деп мойнун тосууга даяр. Кайырмакка илем деп жүрүп, өзү кайырмакка илинди. Чабактай туйлата коём деп жүрүп өзү чабактай туйлады, бадырактай куурулду.

Бир күнү «Жолборс терисин кийген» китепти берди. Сагыйда ошондон кийин аны менен жолукканын тыйды. Болотбек жолунан чыкса тескери басып же бир үйгө кире качып, сүйлөшкөнгү кой, жазган катын албайт.

— Жолборс терим кайда?

— Аравияда...

Башка сөз жок.

Сагыйда Болотбектин катына текебер кылып, «тикини, Сакин деп эркелетип коёт. Чокуң сага! Арам теричи. Сакин чокуңду уютат» деп жүрдү. Ага чокусун уюткан сөз айтып алып: ал муну эрөөн көрбөй жайкалактап күлүп же жаш баладай улутуна караганда дагы ойлонот: «Ой, мен эмне деп атам? Ал адам деп сүйлөп атса?» Сагыйданын жүрөгү тыз эте чуркап кетет. Чуркап, тетыякка баргандан кийин тамдын бурчуна жашынып аны карайт. Аны көргүсү, жолугуп, ага бир сөз айткысы келет. Эми, бара-бара ага жолукканда айтам деген сөзүн айта албай, аптыгып биртике туруп, дагы чуркап кетет. «Бул эмнеси? Мени эмне балакет басып баратат?»

Эми Сагыйда ойноймдеп омурткасы сынып, эрмектейм деп эңсеси катып, өзүнүн башы айланып бараткасын билди. Ал ага жолугуудан качып, качкан сайын ага бир өрт жабышкансып, ал өрттү ошол гана өчүрө ала тургансып, ага баргысы, күлгүсү, жолуккусу келип беймаза болду. «Сүйүп калдымбы? Жок, сүйбөйм, ушуну кантип? Ушуну кантип дегеним эмне?» Бул балээге жолукпай, сүйлөбөй койсом кутуламбы деги?

— Э Жакин, эжеке? Теричи кандай жигит?

— Теричиң ким?

— Полдомочучу? Болотбек...

— Жылмыктай жигит. Сүйүп калдыңбы?

Сагыйда боюна жуутпады.

— Койчу э. Кантип сүйөйүн...

— Кокус сүйүп калсаңчы?

— Анда качам!

— Ошого качасыңбы?

— Жок, өзүм жалгыз качам. Жердин четине...

— Эмне үчүн качасың?

— Шылдыңдап жүрсөм теричи деп. Анан эле сүйүп калсам.

Жакин боорун тырмап күлдү.

— Сүйүүдөн качып кутулам деп жүрөсүңбү? Сүйүүдөн өлүп кутуласың... же кучакташып кутуласың же таптакыр сүйбөй коюп кутуласың. А адам сүйбөй коё албайт!

Ошондон кийин Болотбек жөнүндө сүйлөшпөдү. Са-

гыйданын жүрөгү сүйлөп жүрдү. Ал башына кылыч кармап турса да бирөөнү аябай сүйгүсү келди, тиги Тинатинге, Нестанга окшоп. Макул, ошондой сүйсүн бирөөнү, кокус ал сүйбөй койсочу? Анда кадемиң катпадыбы. «Мен сүйөм, сен үчүн өлөм» деп кыйкырабы? Кыйкырганыңды тигил угабы, тилин көргөзүп күлбөйбү? Деги ушу сүйүүгө кантип жетет? Жалынып-жалбарыппы, же тилин тишине катып тымпыйыппы? Кантип сүйөт?

Жайлоодо көзүн мөлтүрөтүп тынч жаткан тунук көлмө бар. Анын жээгине бирөө келип, чулп эттире таш ыргытып, анан чыбык менен сайгылап ойноп баштады. Көлмөнүн балыктары удургуп, мындан көлмө удургуп, көбүрүп шарактады. Сагыйда так ошо көлмөгө окшоду, «теричи» кичине тийип койду эле, өзүнөн өзү удургуп, ичинен бирдемелер көбүктөй кайнады.

Ырас, эртедир-кечтир чуркоо керек го? Эртедир-кечтир кызга бирөө сөз айтуу керек го? Кыз бирөөнүн торуна илинүү керек го? Ушинтип илинеби торго, байкоосуздан... ойдо жоктон... Ал тор тиги Болотбекте беле? Кээде сүйүү сокур дейт. Сагыйда көзүн чукутуп албайбы? Болотбек анын он жети жаштагы кыз экендигин, сулуулугун гана сүйгөн жокпу? Кыз аты өчүп, кызыгы таркагандан кийин ат мамыга байлап салбасын? Койчу, Болотбекпи?

Сүйүү ысык дейт? Болотбекти сүйбөйүн азыр, макул. Эмнеге мынча ысыйм? Эмнеге аны көрсөм ликилдейм? Сүйбөгөнүм ушу болсо сүйгөндө каякка барам? Өтө ысык бат муздайт дейт. Мен адегенде аябай жалбырттап алып, тез өчүп калчу немемин го, камышка окшоп. Анда менин өмүрүмдүн сүйүүсү кыскабы? Кыска жашаймбы? Сүйбөгөндөн кийин, жакшы көрбөгөндөн кийин жашоо бир гана сөөм да. Сүйүүсүз аргамжыдай чубалган өмүрдүн кереги эмне? Жок, мен узак жашайм, жыргайм! Сүйөм... чыдайм. Нестандай сүйөм, кирпигимди жүрөк каныма малып.

Токто, мурдуңа ченеп бышкыр Сагыйда. Сенин, өзүңдүн сүйдүрө турган бирдемең барбы? Макул, кызсың... сулуусуң, кылыгыңды чыгар кийин... Дагы? Жигиттер ошонуңду эле сүйөбү? Жылдар өтөт, жүзүңдүн наары өчөт. Сулуулугуң жоголот. Ооба, өңүңдүн сулуулугу. Анда сенин тикилдеген тилиңе бирөө калемпир салат. Эмне кыласың?..

Карачы, кагылайын дүнүйө, сулуу өң, он жети жаш, кыз деген ат мага дагы, сага дагы жолдош эмес экен! Эмнең бар Сагыйда сүйдүрө турган? Аңтарчы жүрөгүңдүн түбүн. Жигит өңүңдүн сулуулугунан башка дагы бир сулуулук издебесин сенден?

«Мен жакшы көргөнгө — мени эрмектегенге; мен сүйгөнгө — мени оюнчук көргөнгө:

Көздөн мөлт-мөлт жаш төгөм,
Коштошорум сезбегем.
Кейиттимби, жокмунбу,
Кечирип кой сөз менен!

Жүрдүм эле өрт менен,
Жүрүп кеттим өрт менен...
Шундай экен кыз деген,
Шундай экен өрт деген!»

Бул, Болотбек фронтко чакырылганда Сагыйдага жазган каты. Катты окуп, колуна чок жабышкандай ыргытып ийип, кайра каттан мурда ыргыды. Ал бирөөдөн кат алсам, бирөө мага ыр жазса деп ойлочу, мындай кат алам деп ойлогон эмес. Бул кат эмес арман болучу, түтүнсүз күйгөн жигиттин арманы.

— Мага армандын кереги эмне! — Сагыйда көзүн жумуп катты тытып салып Жакинге чуркады.

— Жакин... Мен тыттым!

— Эмнени?

— Бетимди... Сени алдаган, аны алдаган, өзүмдү алдаган бетимди.

Жакин Сагыйданын эмне айтып жатканын түшүнбөдү.

— Бетим үч кишини алдады. Теричини сүйбөйм дедим беле?

— И-ии, анан?

— Аны сүйүп калыпмын.

Сагыйда болгонун терип-тепчип айтып берди.

— Тытып кутулам дейсиңби? Сага дагы кат жазат ал,— деди Жакин.

Болотбек кат жазбады. Сагыйда күттү... күттү. Эми анын өзүн кой, катын сагынды. Эмнеге анын каттарын тытты экен? Ал бук болду, учка-түпкө тийип, өзүн өзү жемеледи. Кыз деген ушундайбы, тандап жүрүп тазга жолугабы? Өзөлөнүп бутуна жыгылганга мурдун чүйрүп, анан өзү барып бирөөгө өлүмтүгүн артабы? Сүйүү

деген өлүмтүгүн артуубу? Жок! Жок! Андай сүйүү барксыз, арсыз, жалган го? Сүйүү милдет-сабытын артабы? Көз акым бар дейби? А Болотбек кантти? Кудай ай, билбейм. «Бир эсептен ырас кылыпмын. Адегенде эле чап этип мойнуна жабышсам тас төбөмөн урмакпы? Тим кой, өзүмү да кыйнайын, аны да кыйнайын. Чыдайын, анан жыргайын.

Жыргайын деген эмнем? Же менин жыргай турган убактым жеттиби? Мен өзүмө сүйүү издеп, эр издеп атамбы? Башканын баары бүтүп, эми ошо болсо эле жыргаарым калдыбы? Йэ Болотбек, теричим?..»

Сагыйда бир эсе кыз болуп жаралганына айгапта. Мына эмчек берген апасы; ызылдап чуркап чоңойгон үйү; олтурган бурчу, жамынган төшөгү; тамак ичкен чөйчөгүнөн өйдө бар. Ушунун баары көзүнө көрүнбөй эмнени ойлоп жатат? Эне сүтүн эркектер эле актайбы? Алмаз эмген эмчекти бу да эмген. Ал жоо бетинде, эл четинде.

Сагыйда катарлуу балдар колхоздо жумуш кылып жүрүшөт; жыланбаш, жылаңаяк; алардыкы билинбейт. А кыз балага антүү өөн...

Жакинге жазылган Сардардын катын окугандан кийүн Сагыйда ушул ойлордо жүрдү, өткөн күндөрүн көз алдына элестетти. Ал өзүнө тиешеси жок катка алымсынып, анык бири-бирине ишенген, бири-биринин кадырына жете турган кат ушул экенин; өзүн гана ойлобой башкаларды кошо ойлоп, кошо ойлоңтуп, башкалар үчүн да күйүп жазылганын; ушундай катты алган киши аны төбөсүнө көтөрүп, мактанып, сулуу болуп, так Жакиндей жыты аңкып кетерин билди...

Сагыйда ошондой катты самады фронттон. Өзү ошондой кат жазгысы келди фронтко, тигил чуулдап ок учкан жерге. Анын жигити учкан окту тоотпой кат окуп турса, мойнуна автомат илип.

Жакин экөө Сардарга кат жазды, ыр жиберди. Жолдошу Ануарга салам айтышты. Ооба, эми Мамбеттикине эки кат келчү болду; бирөөнүн ээси Сагыйда. Сагыйда кээде Жакиндин койнуна жатып, аны чымырата кучактап, алкымынан соро жыттайт.

— Бах! Жытың ай...

— Соосуңбу? Көгөрүп калса эмне дейт эл?

Сонун жыт! Укмуштуудай жыт! Эркек жыттап, ушу коюнга эркек жатат ээ? Эмне арман ушуну жыттаган

эркекте? Сагыйда заматта Жакинге ашык болуп, сүйүп, анын мамасын кармап, капкара көзүн өпкүлөп жиберет. Анын башы эңги-деңги болуп, магдырап, кумардан канып чиренип жатып калат. Эмне үчүн Сагыйдада ушундай жыт жок. Эмне үчүн ал Жакиндей сулуу эмес? Эмне үчүн?

— Алыйма, эжекебайым... Мен бирдеме сурайынбы?

— Сура.

— Айтып бересиңби?

— Билсем айтайын.

— Билесиң! — Алыйманы кучактап өпкүлөйт.— Кудай урсун, чын айт!

— Чын айтам!

— Анда эшигиңди ичинен ил. Ии, илдиңби? Эми алкымымдан жытта!

— Мына жыттадым.

Сагыйда Алыйманы дагы кучактайт. —Менде жыт барбы? Жакшы жыт, көздү алачакмактаткан?

## XXV

Согуш быякта, тылда, эскиси жеткен калбырга окшоду: бир жерин алакан менен басса экинчи жеринен куюлуп, бир жерине жамачы салса, экинчи жеринен жырылып; бир жерин тордосо башка жагынан ыдырап сөгүлүп, анан түбүнөн тегеренип алкагы колго келип...

Согуш быякта, тылда, кудум кумдуу беттен казылган алышка окшоду: билектей суу чуркаткыча кум чай кап: бир жерин байлагыча экинчи жерин эңшере тартып, быягынан бүтөгүчө, тыягынан бузуп, чачып, убайрамдап...

Бирөөнүн көз жашы кургагыча кайра онунун көз жашын бурчактатты, согуш.

Ошол душман жакка, батышка, машинеге батпай, арабага батпай, тиги чоң жолго жыкылдап: аталар, агалар, туушкандар жөнөшкөн. Далысы жарым кез, бетинен каны тамган, куландан соо ойноктогон азаматтар...

Эми алардын кээлери гана согуштан кайтып жатышты: илкип жарым жан болуп бүтүн киши бир мүчөсүнөн ажырап жарты киши болуп, чоң жолго жалгыз буттун изи түшүп, анын бир мүчөсү согушта калган, ээсинен

мурда көмүлгөн. Аркы жигиттин көзүн согуш соолткон. жигит эми Ала-Тоону жалгыз көзү менен тиктейт; бир көзү ээсинен мурда өлгөн.

Быяктагылар, тылдагылар, баарына түттү, чыдады кайышып... Биз кошо жараландык, ичибизден кан өттү. Ары карап ыйлап, бери карап күлүп бири-бирибизге кубат, демөөр болдук.

— Калайык?!

— Биздин жан артык эмес...

— Канга кан!

Эки күндүн биринде айыл арасын кыдырган үн:

— Фронтко! Баардыгы фронт үчүн! Колуңардан келгенин аянбагыла... Энелер!

Энелер, карайлаганда жууркандарын сөгүп жүндөрүн беришти. Аталар каржактап өмүр-жашынан кечишти. Келин-кыздар жарынан ажырады, жалгыз көйнөктөрүн түнкүсүн жууп кургатып, эртең менен кийишти.

Солдат, анда сен колуңа мылтык кармап, алдыңдагы душманыңды көрүп, үнүн угуп, жок эле дегенде кажерде жатканын билип ок аттың, салгылаштың. А быякта, тылдагы аялдар, сени ошентип салгылашсын, душманды талкаласын, талкандасын деп, баласынын колундагы нанын сууруп сага жөнөтпөдүбү. Сенин колуңда нан турса, ал бала эмдиги жылы ошо нан чыккан жерге ээ. Антпесе апаң баласынан да, жеринен да айрылат. Жоо ошон үчүн жутунбадыбы.

Сен, солдат, жаңыртып ак көйнөк-ыштан кийдиңби? А быякта, жалгыз көйнөгүн чайкоого самындын алкындысын таппаган учуру болбодубу апаңдын. Антпесе, сенден аяса, апаңдын көйнөгү таптакыр жуулбай, бир чөйчөк суу буюрбай, бетиңе түбөлүккө чарык тартылмак. Эгер кармашта жаза тайса аппак, таза, «шейит» өтсүн деди апаң. Сен коргогон Ата журттун жакасы кирдебесин деди апаң. Ал колунан келсе, сен алсырасаң, мылтыкка салып сен жакка атып жибергиси келди көөдөнүндөгү күч-кубатын.

Азиянын аялы тылда, көзгө көрүнбөгөн, көнбөгөн, үйрөнбөгөн, агын суудай тили жок жоо — каатчылык менен күрөшүп; тырс деп дабышын чыгарбай энелерди, бөбөктөрдү өзөккө, өпкөгө мээлеген согуш каатчылыгы менен тартышып; быякта уксаң төбө чачың тик турган баатырдык көргөзүп жатышты. Баатырдык экенин өздөрү билишкен жок.

Малды көрүп, байкерчиликте пайгамбар жолдон чыгыптыр.

А булар алааматта заманаларын бөйдөй куурбай, аял деген атынан, жолунан кыя баспай, кыңк этпей тиштенип, көпкө алымсынбай азга топук кылып, согуш жүгүн кара лөктөй көтөрүп, көтөрүп баратып жыгылса да эртеңки күндү эстеп, келеркиге дем байлап; согуш деп ыдырабай бири-биринин ачы-тогуна карап, жөлөп-таяшып; андаалабай кайра бүйрө тартып, алдастабай кайра акыл-эсин токтотуп, кайгы суудай бүркүлгөн сайын чыйралып, чапкан сайын чыңалган темир болуп, бирөө мокосо жүзү курчуп, чымырканбадыбы аял «байкуш!» Аялдар...

Алар баарын билди: ок жаңылган жоокер батышты карап, жерин бооруна кучактап жыгылганын... Жыгылып баратып бир таман жерди душман өтүгүнөн куткара жыгылганын... Бир таман жерди...

Анда 1943-жылдын башы эмес беле. Кар жука, карандай суук. Түф деген түкүрүк жерге түшпөй тоңуп, ачкарын учкан канаттуу топ этип куланат. Уй туягын силкип сууну кечпейт, жылкы заарканып бир-эки араң жутат. Абалак тийген чүкөдөй бытырабай, койлор түнкүсүн короонун чок ортосунда.

Элдин да жону жукарган. Баарын, жаңыны, жакшыны, согушка: эгиндин маңдайын ошоякка жөнөтүшүп, жазгы тукумга сакташып; быякта эгиндин учкунун ченеп ичишип, кебектен өйдө сыгышып, минтип капка салган аштыктын кунары учуп, малдын майын, каймагын ошоякка жиберишип, өздөрү көк кымыранды кашыктап бөлүп ичишип...

Кийимдин тешигинен кекиртектин тешиги жаман болду го!

Ошол күндөрдүн биринде сенин карааның алдакайдан жылт этпедиби. Жеңиш!

— Китлер багыныптыр!

— Аскерлери колго түшүптүр...

— Оозуңа май! Кимден уктуң?

Төлгөчү Сары кемпир кимден укканын ажыратпайт. Бул сүйүнүчтүү кабарды өзүнүн олуялыгына, төлгө таштарына шыйгарат:

— Ачык айтып, ак сүйлөбөйт жаныбар. Көптөн бери төлгө тартпай койгом. Анан кечөө тартсам...

— Ой, даанасын ким угуптур?

— Жүргүлө «Эле байбичеге», келини актүп эмеспи.

Үч кемпир Мунардыкына жөнөдү. Ал карбаластап баабедин жасап жатыптыр.

— Келгиле, байбичелер. Кудай берди!

— Ботом айтчы, эмне кабар?

— Күн мурду чачырабай Коконбай чабарман келди. Аты көл-шал тердеген. —Мунар баабединдин үчөөнү үч кемпирдин алдына койду. —Эрмекти сельсоветке чакырыптыр. Сыягы ошого чакырттканбы, жоо түпкөтөрө багыныптыр...

— Кудай, бере көр калктын тилегин!

— Акыбетибиз жанатко, айланайындар!

Сары кемпир төлгөсүн тартып кирди.

— Башың тогуз, аягың сегиз. Мен сени таш дебейин. Мына, душмандын бөйрөгү оңурайды... Мына, балдарыбыз келип калды... Куюшканы көтөрүлүп, маңдайы жарык, казанында аш кайнап... О-оо, канжыгасы олжобуйлалуу...

Матай бул күнкү кабарды баарынан кеч укту. Кызыл күүгүмдө, адырдан кайтканда, кеңсалар жактан топтошуп баскандарды көрүп жүрөгү оозуна тыгылды. Дагы бирөөнү угуздубу? Жок, өкүрүк, ый угулбайт. Тигилер бак-бак сүйлөшүп, балдар кубалашып ойноп жүрүшөт. Жаман кабар угулганда балдардын карааны житип, кээлери гана эшиктин алдында селейип турушчу, иттер үрбөй калчу.

Чүкөлөй Матайды алыстан тосуп, ага укканын айтуудан мурда муну сурады:

— Канакей чилиң?

— Мынакей чилим. —Матай аялына баш бармагын көргөздү.— Аргамжы, өгүз кана? Жүктөп алалы барып.

Чүкөлөй күйөөсүнүн какшыгына бышы кулак. Анын куру кол кайтканына ишенбей, талаадан куйкалап жеп алдыбы дегендей колун, оозу-мурдун карады. Ал коён, чилди, кекиликти талаада жөргөлөп жүргөн бекер эттей көрүүчү. Тузак тартып койсоң болду, өздөрү илинет, Матай барып көтөрүп келет, Чүкөлөй боркулдата кайнатып жей берет.

— Мени Матай куштун эти менен багат,— дечү ал аялдарга.

А бүгүн Матайдын тарткан тузагына бирөө түшпөптүр «айбандардын».

— Эмне, чил сага, баштыкка салган талканбы? Ал дегендин канаты болот. Учат!

Жаңы карда тузакка чил, кекиликтер көп илинчү. Эми кар басырылып, мал чыйырдап антпей калды. Матай бүгүн төтөн ызалуу. Тузакка түшкөн коён, эки-үч чилди түлкү жеп кетиптир.

— Сен да түлкүсүң. — Ал махоркасын буркурата сорду. — Мен илинтсем, сен жесең, ээ?

Чүкөлөй күйөөсүнө эмеле кеңсалардан уккандарын тыңдап айтып бере алган жок; башкаларда уккандарынан жаңылып, кээ бирөө Матайды шакебе чегишти.

— Паалус* дейби, ошо колго түшүптүр.

— Жүз миң гитлерчи...

— Жо-ок, жыйырма эки миң.**

Матай какшыктап атышабы деп тигилерге ишенбейт.

— Ишенбесең, үйүңө чакыр. Тузакка алгандарыңы казанга сал.

— Бир-бир ууч махорка бер, анан чынын айтабыз.

— Жүргүлө, казанда кайнаган эт бар, майы кылгырып,— дейт Матай какшыктап.

...Сталинградда душмандын миңдеген аскери, куралжарактары менен колго түшкөнүн укканда элдин сүйүнүчтөрү жүрөктөрүнө батпай, душман мүлдө багынгансып, эртең эле кем-карчы толуп, жыргап-куунап, баштары бүтүн, боорлору эсен жатып калчудай дүүлдөштү.

— Балдар келет экен...

— Согуштагылар таркайт экен...

— Жарым ай, ары кетсе бир айдын ичинде...

Бирок, кечигишти... Келишпеди балдар. Алар окуудан каникулга тарагандай тарашпады. Чаң сапырылтып чоң жолдон өтүшпөдү. Баягыдай эле жалгыз-жарымдар. Өкүрүк, уу-чуу ый; аттиштей тиштенген каатчылык. Согуштун мойну дагы эле узарып, дагы эле кырчылдаш. Ошондо өткөн кабардан кооп санагандар болду.

— Ой, Гитлердин аскери колго түшкөнү жалган го?

— Ошондой, эмдигиче согуш бүтмөк.

— Алардын аскери жез кемпир санап түгөтө алгыс дейт.

— Аягын шаарларды бошотуп качып атат.

— Жоок, душман дагы эле күчтүү.

---

* Паалус — фельдмаршал Паулюс
** 22 дивизияны чаташтырып айтышат.

Ырас, душман дагы эле күчтүү. Алар туткунга түшкөн солдаттарынын кунун кууп, ансайын көгөрүп, ансайын кутуруп, тилдерин кырча тиштеп, өлгөндө мылтыктары колунда карышып салгылашып жатышкан.

Душманды шаардан кубаладык деген сөз, аны тамдын кырынан кулата түртүп ийдик дегендей; же душман артка чегинди деген сөз, алар атынын башын бура тартып, артын карабай зымырап качып жөнөдү дегендей сөз эмес болучу. Бул дүнүйө гана жыйноонун, эки уруунун же эки эле улуттун ортосундагы кагылыш эмес Улуу согуш... Эки дүйнөнүн ортосундагы. Ошондуктан, артына бир кадам шилтегенде каякка барары, көрөр күнү өздөрүнө маалим. Бир кадам жер үчүн өмүрлөрүн кыйган, кандары төгүлгөн. Ошолорду актоо керек, төлөө керек бул жер! «Ак расалардын» бийлиги керек, бул элге. Антпесе баары ойрондолмок. Буларды ойлобой желке чуңкурун салып качып бергидей алар келесоо беле? Биздин туушкандарга пенденин азат бою дүркүрөгөн, адам дит бакпаган жоо тушукту. Ал жоону уюгу далай жердин чегин басып, далай элдин тамырын зыркыратып, коргошундай уюп, уудай сиңип жаткан. Анын баарын таап, ыргытып, кыркып коюу энчисине тийген биздин туушкандар... Биздин туушкандар болоорун душмандар деле жуутпай, кечөөкү талаган, өрттөгөн, зордуктаган жерлер бүгүн кайра биздин колго өтүп атканына ишенбей; ишенгенде тишине таш тийгендей көзүнөн от чагылып, айласы куруп кайра келебиз дешип... Көчүк айланбаган жерге арпанын башы күбүлгөндөй өлүктөрүн жуушатып, өз өлүктөрүнө ыраа көрбөй кийимдерин сыйрып, өлүктөн башка эмне калтырарын билбей; а согуш дагы эмне калтырмакчы?

Өз жерибизди өзүбүзгө ыраа көрбөй миналарын көөмп, ушуга далдаланып мени атпасын дегендей тамдардын морунан өйдө жылас кылып... ачка канчык итаягын куумизиндей жалап, жалагандан кийин да тиштеп көтөрүп кеткендей баскан жолун кырмандай такырайтып, жанжагын жыландай сыйпап, артка жылып, кайра эле жутунуп, лыкылдап душман...

Кантсе да селдей каптаган жоонун тизгини кагылып, артына жапырылганы айылдын эки сөзүнүн бир сөзү:

— Биздикилер эми күчөштү.

— Күчөбөгөндөчү, нан заводдору таңки жасап...

— Душмандын кылыгы сөөккө батты го!

— Качанга чейин чыдамакчыбыз?!

Майдандагы солдаттар тургай бу айылдагылардын ачуусу сыртына буркулуп, кунуге кулак туруп, кунуге акыйып жок карап, жадап, чыдабай... Кунуге бир-эки мылтык атып коюп биздикилер согушпай жаткандай көрүшүп: минтип кыйналгыча бүгүн түп көтөрө аттанып, эртең же бүрсүгүндөн бүткөрчүдөй, жок эле дегенде Чолпонбайча жоонун алкымына тыгылып бергиси келип жер сабашкан абышкалар:

— Эмне Чолпонбайдай согушпайт!

— Эмнеге Жыйырма сегиз баатырдай согушпайт?!

Аялдар да мундашып ыйлашып, акырында жаны ачый сүйлөшөт:

— Согушуң соолгур качан бүтөт?

— Эмкилер аңдын ичине жашынып алып бири-бирин аңдып атыша берет шекилдүү.

— Качкан жоону катын саят! Жоо качыптыр, эми кубалашпайбы?

— Кубалаган менен жеткиреби, алардын машинеси, айрыпуланы көп дейт.

— Биздики да көп! Танка курууга канча акча жыйнадык?!

Анан азыркы согуштун салты башка экендигин айтышат: илгери кол башчысы колго түшкөндө калган аскери багынып берчү экен. Паалус деген немеси колго түштү, эмне багынбайт немистер?

Алар темир минип, темирде учкан жыйырманчы кылымдын согушуна наалат айтышат. Жыйырманчы кылымдын зырылдаган дөңгөлөгүнө түрүлүп согуш дегендин учугу тез эле дайынсыз жоголушун самашат. А согуш ууртунан кан чубурта жилик мүлжүп, адам канын топуракка жууруп, шашпай, жалпагынан олтурат али да болсо. А Чолпонбайлар болсо кыз кучактай элек денелери менен темирди жууруп, темирди жарып жатышты; өзүнөн кийинкилерге тиги сокойгон согуштун караанын көргөзбөө үчүн, согушту батыраак жоготуу үчүн...

## XXVI

Беш кол тең эмес. Согушта коркоктор бар, үлдүрөгөн байкуштар бар. Алар көздү чегип жасап берген окту душмандын уюгуна мээлебей талаага атышат, баш-

тарын катып тарсылдатышат; кээде мылтыгын тыштай качышат. Ал мылтыкты тишинин кирин соруп, кирпик какпай аялы, баласы жасаган.

Кана ата, мен жасаган мылтык? Окту каякка аттың?!

Ракыянын санаасы санга бөлүнөт. Кайда атасы? Кайда уялаштары? Баары согуштун капшабына туш келди. Эмне кылат? Айла жок. Бир гана айла согуштун бүтүшүн күтүү, бат жеңип... Мүмкүн ошондо анын уялаштары жүзүнөн наар төгүлгөн жеңиш менен кошо көрүнөр. Энеден жаңы төрөлүп, балактап ыйлап, кучакташып өбүшөр. Адам кантип жоголсун чөпкө түшкөн ийнедей. Алар табылаар. Бутагынан айрылган даракка бутак чыгаар. Адам кантип отоо чөптөй жулунуп калсын бул заманда? Ракыянын жорго тай минген эрке күндөрү көз алдынан бир тартылып өтөөр. Баягы жомоктор, ырлар анын кулагына дагы бир угулаар... Тур! Тур ордуңдан Естай ата, жамынган топурагыңды жара тээп! Эркек балача өстүргөн кызыңдын башына эмне күндөр түшкөнүн сездиңби? Кантип жатасың? Ордуңдан туруп келип кимдин тукуму экенинди дагы бир айтчы?

Ата... Мен сени менен тирүүдөй сүйлөшөм, сырдашам. Сага ракмат, мени эркек баладай өстүргөнүңө. Антпесең, сен мага катуу мүнөз бербесең, жүрөгүм сууга салган туздун талкы болуп кайгынын түбүнө чөгүп кетмек белем. Ракмат, жомоктогу баатырларыңа, жез кемпир, жезтумшук деген жомокторуңа; перинин кызы болуп, тулпар, минип, жаа тартсам деген кыялдарыма... Токтомуш байкеме...

Жаткан жериң жай болсун, жамынган топурагың торко болсун ата. Биз, тирүүлөр, сенсиз эле кимдин тукуму экенибизди билебиз. Ал ташка тамга баскандай. Мобу согуш деген балээ бүтсүнчү, акыйкат каалгабызды дүкүлдөтүп өзү издейт.

Атан көрү ай, аял болуп не жаралдым? Маминтип жөө тумандай жүргүчө кызыл ашыктан кан кечип тыякта жүрсөм не? Бир ок атсам да жалтанбай атып, жалтанбай өлүп. Токтомуш деген атты аскердин сабына жаздырып, жазмыш ылайык этсе баатырдык көргөзүп. Ошондо мен атамдын бир чапчым күнөөсүн жонунан алып ыргытат белем? Мына биздин тукум дейт беле көрүнөн баш көтөрүп Естай, Казанбак. Дүйшөнкулдай баатырлык менен өлсөм. Кызыл белетимди жарып жүрө-

гүмө ок тийсе; ошол белет сакталса байкемдин жаманаттысын жуур белем? Анте албайм ие? Мени, анын кызы экенимди билишпейт ие? Мени эки эрден чыккан аял дейт. Аял дешет! Же, Анвар сен болсоңчу? Же, Ашыр, сен жакшылап согушсаңчы.

Ашыр баргандан согуштан берите; немистер жалгыз ошону өлтүргөнү келаткансып берите жүрүп бейпайга чөмүлүп, мылтык үнүн укпай кулагы делдейип. Ал баргандан аскердин азык-түлүгүн кайтарып, жардамчы повар болуп картошка аарчып, аны тың аткара албай далай жолу «гуппакка» түшүп куурагыр.

Ракыя анын ушул каттарын окуганда жети өмүрү жерге кирип, элден уялып, буга өзү күнөөлүүдөн бетер бети чымырап. Ах, эрдин каты, эркектин жазган каты! Эмне албайсың Ракыя? Чала сага. Сага эрден айткан эмес. Сен катынсың, тууп жүрө бербейсиңби, ардыкорду эме кыласың? Тагдыр менен ойнойсуң, жат эми «кечирегөр» деп жалынып-жалбарып, байкелеп.

Жок, Ракыямын мен! Жалынбайм, мүнөзүм ошо. Тагдыр мага жалынсын — адамга. Тагдыр какайса мен какаям. Ооба, нардай жүк көтөрүп көз мелжиген ашууну ашам, же өзүмдүн күчсүздүгүмө ишенип биротола бүк түшөм. Ошондо кара жанымды багып «катын» деген атка коном. Азыр менин турмуштан, жашоодон, адамдын баарынан көңүлүм кала элек. Көңүл калтыргандай да эчтеке кылганым жок-ак кой! Кимге кек сактап, эмнеге өчөгүшөм?

Таятасы Казанбак... Жарыктык, адам үчүн жашап, адам үчүн өлгөн. Мен Токтомуш байкемдин заманында сунсам колум жетип, алым жетип турганда жакшылык кыла албаймбы? Биздин тукумдун адети жакшылык. Байкемдин кыялы, ырайымы ошол эмес беле. Ошонун ырайымы жаасын, күнөөсү жеңилдесин деп кызыл белет албадымбы!

Ошентип, Ракыя жылмайып күлөр учур жакындады. Аны тууй элек уйдун уузун күткөндөй күткөн. Ашырдын баягы ийри-буйру тамгасы. Бирок, анын катынын мазмуну өзгөрүп, аны Ашыр эмес башка бирөө жазгансып, жок, Ашырдын өзү оңоло баштады. Согуштун кызуусунда жүрөгү оозунан ыргыйт деген Ашыр, так ошо согушта, салгылашта момундай кат жазды:

— «Ракыш, Гвардиялык 8-дивизиядамын. Панфиловдун дивизиясында. Ал киши мени тааныйт! Бизде кыр-

гыздар, казактар көп. Не деген сонун балдар бар эле, энс сүтү оозунан кете электр. Далайы окко учту. Менин жаным ошолордон артыкпы? Кыжырың кайнап өлүмдү унутасың. Эми өлүмдөн коркпой калдым. Ракыш! Өлгөн жолдошторум, жанымда азыр тирүү олтургандар сени билишчү. Биз катты чогулуп окучубуз. Баары сага салам айткан, сени алтын аял дешчү. Сенин алтын экениңди эми билдим. Алтыным...»

Ракыя бул катты окуганда: «мына менин күйөөм! Ашыр! Калп, ал корккон жок! Окту талаага аткан жок. Мылтыгын таштаган жок!» деп кыйкыргысы келип, кыйкыра албай өпкөсү көөп, көз чачырап, шакыйы айыгып, көңүлү ачылып... Так ушул каттын ээси эри экенине, анын койнуна жатканына алымсынып, аны жакшы көрүп, жашарып, сүйүп көзүн жаштады.

— Билгем... Билгем мен! Ал ыймандуу, кайрымдуу...

Кыргыздар заңгыратып там салат, айланта дарак саят. Ушул жер ырыс-кешиктүү, ак жолтой болсун, тукумум мобу тамга батпай дагы «шаар» салынсын дейт. Эгер ал тамы жолдун оңутунда болбосо, тамынан иренжисе, аны бир эле күндө бузуп, аңырайтып, көөлөп таштайт.

Ракыя очор-бачар ордунан жылып, кайрадан жаңы там салган ошол кыргызга окшоду. Эми ушул тамдын ичин агартса-көгөртсө акыбети кайтаар.

Кээ кыргыздар атам заманындагы жепирейген тамынан козголсо өлөөрүн санашат. Ата-бабам салган там, өлсөм сөөгүм ушерден чыксын дешет. Ракыя ал кыргызга окшободу.

Ал башына жамандык түшкөндө адамды, адамдын жылуу сөзүн издеди. Ал ар-намыс, жашоо издеди. Бул жөн гана, Ысырайыл экөөнүн ортосундагы үй-бүлөлүк ыйкы-тыйкылык эмес болучу...

Ошондой ыйкы-тыйкылык Ракыянын жолун дагы торгоду. Анын кулк-мүнөзү, кылган иши бирөөнө жакса бирөөнө жакпайт. Ал куран окутканы барса да эгин сурашат:

— Ракыя, талкан-палкан кайрылыш.

— Курсак жармачтады.

— Жаш балдар...

— Кампадан бирдеке сеп эт.

Ракыянын ичинен каңырыгы түтөп, сыртынан бардаш айтат:

— Кантесиңер, пейлиңерди бузуп? Күзгө кантип жетесиңер?

Тигилер кампачынын айтканын тескери түшүнөт. Нанды туурасынан чайнаган буга эмне, ар ким өз курсагынын камында, өлүп атсаң иши жок дешет. Ал тургай бул катындын акыл айтканына, сөз укпай кыйгачтаганына кыжырданышат. Карачы оомал-төкмөл дүнүйөнү, ушул туңкуйган катындан эгин суратып. Бур бут, бир чака берип койсо бөксөрөбү кампа? Кол жооруса булардыкы жооруду, бел ооруса булардыкы ооруду. Бу кампачыңын эмнеси өттү ээ болгудай?

А чындыгында Ракыянын аты эле кампачы; бир кампага беш кулпу салынып, анын ачкычы Эрмек баштаган беш кишиде. Муну эл билчү эмес да, анны баягы эки-үч ай тегирменде дөөмөт күтүп ун-талканын араң салган бейпил күндөрдөгү кампачыдай сезишчү. Бирөөгө бир чака арпа берүү үчүн беш киши чогулчу. Бул Ракыяга ишенбегендиктенби? ок, ушинтүү керек болду. Ракыя буга ызаланбады: кайра элдин таман акы маңдай терин жеп кампа менен оокат кылды дедирбейм деди.

Чүкөлөй бир табак карызга ун сурап келиптир.

— Ун жок.

— Карызга болсун. Кудай урсун, берем...

— Ун жок дебедимби.

— Кантип жок болсун, берсең. — Чүкөлөй ач кенедей жабышты. — Таап бер карызга, кантип жок болсун кампачыда? Карызга деп атам. Таппасам макорка ал.

— Макорканы эмне кылам? — Ракыя мыскылдай күлдү. Чүкөлөй, Матай экөө ала жаздан эски короолордун ичине сайып тамеки тигип, колхоздун жумушуна жакшы аралашкан жок, агородуна эгилген буудай отолбой, сугарылбай же чөп болуп чабылбай. Экөө сугарып, биттеп, кургатып; үйлөрүнө жолобой тамакиге да түнөштү. Ракыя бир жолу барса тамынын төбөсүнөн таманына чейин жайылган тамеки, чүчкүрүп чыга качты. Аштымканасына баш бакса жыйылган тамекинин сөөгү.

— Мынчаны эмне кыласыңар?

— Эмне кылалы. Өрттөйбүз, ыргытабыз,— деди Матай кер какшыктап.

Эл күздө машак терип жүргөндө, эрди-катын тамекинин сөөгүн дүпүлдөтө сокулап, калбырлап «Матай

макорка» жасашты. Папирос тарткандар азайганбы, «макорка» былтыркыдай өтпөдү. Эми минтип акидей асылып карызга ун сурайт.

— Макөркаң кереги жок.

— Ал! Алсаң... Аскердеги Ашырга жибербейсиңби?

— Ашыр тартпайт.

— Анда жолдоштору тартат. Ашырды сыйласаң ал!

— Албайм! — Ракыя Чүкөйдүн колун кагып ийди. Анын табагы мешке тийип каңгырап тегеренди. Чүкөлөй Ракыяны бир, табагын бир карап, жоолугун кулагына кыстарып кубарды, кетенчиктеди.

— Албайсыңбы? Биздики арам бекен? — Чүкөлөй кайра демитти. — Тиги эки кыздын көйнөгүн эмнеге алдың, эгинге албаганда? Кайсы дүкөндө сатат экен азыр? Ал эгинди төркүнүңдөн ала келдиң беле? Төркүнүң жок! Мобу биздин мээнеттин, биздин жердин эгини. Аны кампачы ичип турсун, анын кыздары көйнөк кийсин; биз кекиртегибизди талга илели ээ? Билем актүптөрдү Эрине тамеки жибер десе жаман көрөт! Ашыр эриңби же...

Ракыя Чүкөлөйдү муштай жаздап, тиги балдардан ыйбагып, табагын колуна кармата түртүп чыгарды.

— Бар, билген намазыңды оку...

Үйгө кирсе Шааркан, Айнагүл экөө туткакташып туруптур.

— Апа! — Айнагүл даттана кетти. — Шааркан атама тамеки жибербейби, көйнөк кийбейм дейт.

— Сен эмне ошентпейсиң? — Ракыя кайра Айнагүлдү каптады. — Шааркан туура айтат.

Олдо капыр кыз бала ай. Канчалык имере тартып Айнагүлдөн мурда ичсин, мурда кийсин десе да кыйт эте түшөт бир жерден. Улутунуп жаагын таянат. Ушу чачы сексейген кыз өгөйлөгөндү кантип билет? Ушунда да ой-санаа бар ээ? Тиги болпойгон Бекташтын маңдайынан сылап, алкымынан жыттап калат. Өнтөлөп колунан нан берет.

Ракыяга момунун баары оңой беле?

— Апа, биз кийген көйнөктөрдү эгинге алдыңбы?

— Жок. Жоолугум болчу.

Же жоолук эки кызга тыңыраак көйнөк чыксачы шодойбой!

Быйыл эгинге жармачтардын бири: кампа колунда туруп Ракыя, чабагандап жүрүп Ысак. Эгини көбүрөөк-

төр: кырманчы болуп Аман; агородун жыйнап, «айдын жарыгында» машак терген Салый.

— Салый, сени айдын жарыгында машак терди дейт чынбы?

— И-ии, бурадар. — Салый Ракыяны карап жылмайып күлүп койду.

Бул кыш капортосунда эле. Кечкете Кара-Күңгөйдүн үстүнөн сур булут сумсайып, бороон улуду. Күүгүмгө асман чаңкайып, чыкылдаган чилде кулак-мурунду каарыды. Сельсоветтен келаткан Ракыя атайлап Салыйдыкына кирди. Ал Ата Мекендик согуштун заёмуна өзү теңдүү аялдардын баарынан арбын жазылыптыр. Бу айдама байкуш алды-кийин ойлодубу же эрте «а-аа» деп олтуруп алабы деп, жол катары айгапта болду Ракыя.

Анын үйү лапылдап жылуу, казан асылуу. Бугуга Манас окутуп, жоолугун төбөсүнө түйүп, узун бутту сунуп салып тор түйүп олтуруптур. Ордунан ыргып турду, Ракыяны былтыр кышта Түнтөйдүкүнө көң сурап барган өзүнө окшоштурду, чебеленип берерге тамагын таппай:

— Куурап үшүп... Жылытчы колуңду.

Ал Ракыяны отун сурап келдиби деп ойлоп, былтыр эле суранып жүргөн неме, быйыл мобу Ракыядай «аптарыяттуулар» кирип-чыкканына балбалактап, алар бирдеме сураса аянбоочудай; жети түндө ойготуп «жүрү, ит өлгөн жерге барабыз» десе Каниметтин курун курчанып жөнөй берчүдөй сыягы. Кантип унутат булардын жакшылыгын, сүйөмөлөгөнүн. Салый көкүрөгүнө далай кат жазды, эң башында Түнтөй бар. Кыябы жарашса ошону бир үйүнө чакырса «жылан түкүрүктөтүп» бозо чыгарып, баягы анжыян сыр аякка мелтилдете куюп сунса; отту аябай жагып салып: «кактан отко, ич атаңдын каны болсо» десеби? Жок, кек сактап эмне, жөн эле минтсе:

— Тамак табылат экен. Отун табылат экен. Кадыр-көңүл табылбайт...

Быйыл Салыйдын отуну да кабат. Ал соко чыккандан баштап талаадан отун көтөрүнбөй кайткан күнү чанда. Азыр бастырманын алды толтура: дүмүр, куурайчий, көк жампа, көң...

Отун сураган Ракыя.

— Эмнеге заёмго көп жазылдың?

Салый сестене кулагын какты, же ал көп жазылып коюп, калгандарды ушуга теңеп жазгыла деп кыйнадыбы? Согуш учурунда мындайлар кезикен. «Согуш заёму» адеп чыккан жылы, ал эмне экенин түшүнбөй «колхозго келген заёмдун теңин мага жазгыла» деп ээликкен Салыйдын көзү мына.

— Жолдоштор, дагы бир жолу айтам. Бул заём ыктыярыңар менен... өкүмөттү алдабайлы,— деп заём бөлүштүргөн өкүл Салыйды караган. — Айтыңызчы, сиз, жанагынча заёмду төгө аласызбы?

Салый өзү унчукпай бети чымыраган. Ага анда бир сом заём бөлүнбөгөн; бөлүнбөгөнү менен ошондо Салый түпту бузган. Элдин баары ага күлүп, анын бир сому жогуна күлбөй анын мүнөзүнө, коймаарактигине, колунда болсо аянбай турган пейлин жактырышып күлүшүп, күүлдөп заёмго жазылышкан.

Азыр Салый Ракыянын коопсунганын угуп ага күлдү:

— Күзгү аштыкка таркабады беле уюмун эти, такылдатып доолап алдым, бурадар... Ташмат гана качып жүрөт. — Ал жолугун төбөсүнө чалып камыр жууруп кирди.— Бугу, садага, Татыны, атаңдарды чакыр.

— Боорбиктичи?..

Салый сөзүн улады: — өкүмөт мени сыйлады. Өзүмө жоолук, көйнөк. Бугума кастун, шым. Кездеме... Канметке көйнөк-ыштан тигип катып койдум. Минтип өкүмөт сыйлап атса, мен сыйлабаймбы? Качанкыга оозуму ачам? Аянсам кусур урбайбы мени?.. Бугу экөөбүз тебелеп ичер аштыгым бар дагы.

Салый Ракыяны аштымканасына ээрчитип барды, ашканасын ача берди. Карала каптарда, чоң шалча, кийизден тигилген каптарда жаймаланган арпа, буудай, жерге да төгүлгөн. А каалгасында илгичи жок. Деги кыргыздар үйүн ичинен илгенди каалашпайт.

— Эшигиңди эмне менен бекитесиң?

Салый түйүн-түйүн чирик жипти кармалап, каалганын тешигин көргөзө көңүлсүз жооп айтты:

— Тиги тешиктен өткөзүп кетмендин сабына байлап коём.

Ракыя эрдин кесе тиштеди. Кампаны кайтарышат, көптүн мүлкү дешет. Момуна жайдак өскөндөрдү эмне кайтарбайт? Булар мүлк эмес бекен?

— Салый... Сен алиге такылдабаптырсың. Эгиндериң жат бирөөнүн көзүнө урунсунчу? Билесиңби эмне болорунду? Баарын башка жакка кат.

Салыйга эми жеттиби, кесме кесе албай колу калтырады.

— Ырас. Ырас айттың.

...Таты, Нурпачалар болуп тамак ичишип көптө тарашты.

Тышта үңкүйгөн түндө жалаң кылыч камчыланган аяз. Те чоң жолдо кычырата кар чайнаган дөңгөлөк. Адамдын томуккан үнү, бакайга тоңгон шак-шак муздун шалдыры, өзөндөн зым карагай шуулдап, чарт-чарт жарылган муз.

Ракыя катуу күрсүндү; байкуштун тиккен көйнөкыштанын Канимети киер бекен? Канимет... Сен койнуңда жаткан аялдын кандай киши экенин билдиң беле? Сен кандай таалайлуу эркексиң. Аман-эсен келсең, ушу аялыңдын кар болбой оокат кылганын көрсөң, таалайыңдагы ташкындап, төбөң көккө жете түшөр ээ? Силер, эркектер, «биринчи байлык ден соолук, экинчи байлык ак жоолук дейсиңер». Сенин Салыйың түгөнбөгөн байлык. Ал байкуш эмес. Баатыр... Чапкан сайын чыңалган адамдын бирөө ушу.

Байкуш тиги Ташмат. Ушу күндө, ушу суукта тооташка жашынып; өзүн да, үй-бүлөсүн да байкуш кылган. Көрсө, күрсүйгөн кара ичиктин алдында байкуш жүрөк, байкуш эркек жүргөн тура; турмуштун сынагында абийирин айнектей бычырата талкалап салган...

Ракыя аялдын баатырдан да, коркоктон да төрөгөнүнө наапазы болуп; төрөлгөндүн баары ата-энесине окшой бербегенине, алардын тагдыры, келечеги башкача чечилерине ыраазы болду.

Ал үйүнө кирсе Кумаш бар экен, арыз-муңун айтып ыйлады.

— Ошентип, челегимди ыргытып... — Кумаштын көз жашы онталаа, же мурдунун суусун, же жашын тыя албай, караа кылаарына, таянганына өпкөсүн кагып солуктайт. Бул жөн ый эмес, ызанын ыйы, башы батып, багалчагы сыя электе кагуу жеген өспүрүмдүн муңу-зары. Баланын үстүндө токочтон башканын баары жамалган пальточо, башында бир кулагы серейген суур тумак, бутунда же өтүк же чокой экени билинбеген чүйрүйгөн бирдеме. Ооба, же шаардыкына, же элеттикине окшо-

богон кийимине карап, баланы да ушундай эки ортодо өскөнбү деп болжолдоого болот.

...Ушуну кийип, ушул сөздү уга турган маалы беле? Бирөөнүн алпечтеген чырагы бирөөгө кор болуп; моюндашкан курбуларын тыштап, элинен ооп, илик-жарма издеп. Үйүндө, агаларынын маңдайында тайрактачу убагы эмес беле! Эми минтип, жети түндө, бирөөнүн босогосуна араң өтүп жалтактап, жыты жакындабаган бирөөнү «эжем» деп; кайдагы эже?! Жок; Ракыя эжеси! Кара-жоросу бечаранын. Ал бир күнгө, бир айга, жарым жылга гана бечара... Анан камчы салдырбай кетет.

— Мешке жакын олтур, бери. Чоң азамат ыйлайт бекен?

## XXVII

Чүкөлөй айылга жарыялап жүрдү:

— Ошенттим. Элдин акыбетин жеп атасың мунуң жарабайт дедим. Деги кудайды карабаган эгинди катыптыр. Мен кандан-бектен кайра тартпайм, бетине айтам. Кудай урсун!

— И-ии, анан?

— Анан ал мага жалынды, ага болчумунбу, Эшикти карай жөнөсөм мойнума асылды. Кайрылып туруп көтөрүп урдум. Өлүп кетейин!

Чүкөлөйдүн «беш өрдөк» учурганына азы ишенсе көбү ишенбейт. Ал тургай аны өзүнүн күйөөсү эрмектейт.

— Көтөрүп урдуңбу я? Катынча чалыппы, эркекче чалыппы? Ошондой, ал кан кузуп жатат дейт. Оңдурбапсың. Киши болбойт ко?

Чүкөлөй чычалап эрине бир тиет:

— Жөн олтурчу аржака.

Матай тамакесин бур үйлөп, күлбөй-этпей мостоюп какшыгын улантат:

— Ата-аң көрү, ушу сени Китлерге жибербей я? Кайран күчүң, наатка кетмей болду ээ? Ка-ап! Сен да өтөсүң ээ дүйнөдөн? Бу Кожомкул Жумгалга эмне каттабай калды десе сенден корккон турбайбы. И-ии, көтөрүп чаптың кампачыны?

— Көтөрүп чаппасам жыгылгандырмын. Ал нан жеген эме.

— А сен... сенчи? — Матай башын көтөрүп чакчаят. — Сен деген тамеки жеген эме. Кудай ооз тийбеген чилдин этин жеген эмесиң.

Өзүм какшыкчы болсом, катыным каргышчыл болсо, кудая тобо, тандап кошкон экен деп дайыма таңгалат. «Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт» деген чын, бир кишинин жарыгы бир кишиге тиет экен. Тиги Эрмекти Абдыразак башынан сүйөмөлөбөдүбү. Жакыптын укум-тукумунун колунан дале китеп түшпөйт.

Жанагы Жолоочу өзү молдо. Кемпири төлгөчү. Ийнеликтей байкуш келини былтыркы курман айтта куран окуптур, келин-кыздарды бышкыртып. Быйыл даарат алып намаз окуп жүрөт дейби? Ой тобо-о, бир үйдө бир думана болсо баары аны туурап ак уруп кетсе; ушундайбы амириң, я кудай?

Анан мобу «согушуң таасири» тийбей коёбу? Негедир аялдар да түйтөндөп урушчаак, кызыл камчы болуп бараткандай Матайга. Ал махоркасын бур эттирип чогулгандарга минтет:

— Катындардын ачуусу чачынын учуна чыкты. Согушуң узарса ажалдан мурда өлдүң.

— И-ии эмне үчүн?

— Китлерден мурда катындар сабап өлтүрөт. — Ал урушкан аялдарды санай баштайт. — Согуштун таасири быякка жайылды. Аялдар сабашчы беле? Кичине гана бетин тытышчу.

Дуулдаган күлкү. Матай түтүнүн соруп кайра баштайт.

— Китлерден көрө, ырысым болсо аялдардын колунан өлсөм экен.

— Ии-и эмне үчүн?

— Китлер өлгөндүн да киймин сыйырып алат экен. Мен жылаңач кантип барам тиги дүйнөгө? Ушунча жыл жашап алакандай чүпөрөк таппадыңбы десе эмне дейм?

Дагы кыраан-каткы күлкү:

— Уяты жок мен эмесмин, Гитлер деп ошого жабылтпайсыңбы өлгөндөрдү.

— Колго түшсөң сени өлтүрбөйт Китлер, чил кармап бересиң.

— Анан какшыктап жатып анын өзүн өлтүрөсүң.

— Китлерге мобу чилди кармап берем. — Матай салаасынан баш бармагын чыгарат.

Ушундай сөздөрдүн биринде четте бир чоочун бала турду. Ал мурда дале мындай сөз укпаган эмеден бетер ыкшып күлдү. Тумагынын кулагы серендеп, мурдунун учу боёкко малгандай кызара түшөт.

— Тиги кайсы бала эле,— деди Аман жанындагы бирөөдөн.

— Кампачы катындын бөбөгү экен.

— Ии-и, баягы тура,— деди Аман ичинен.

Согуш убагында илик-жарма издешип, бирин-бири көчүрүп алуулар; «баланча жерде ак төөнүн карды жарылып жатат дейт», «түкүнчө колхоз эмгекти аябай бөлүптүр дейт, жарыбаган эле биз» деген сөздөр көбөйгөн. Мобу чоң жолдон далысына томпойгон баштык көтөрүп, таяк таянган тиги Кумаш кырдуу балдар да учурачу. Ошолор үй ээси болуп, үй-бүлө багып; бир бут, бир чака, бир табак талканды жердин түбүнөн издешип, табылса тимеле бир эки жылта жете тургансып кудуңдашпадыбы.

Балдар чоң кишилердин маектешкенине аралашып: эмне сүйлөшөт, эмне жакшы кабар угар экенбиз деп алардан сөздөрүн тыңшап шынаарлашып; ушу чоң кишилерге «теңтуш» кайнилерине көздөрү кычышыппы же ичтери ысыгандапбы «чечектер» деп келиндер укуп өткөндө, ал чечектер чоңоюп калганбыз го деп каадалуу ойлонушуп; а каадасы курусун, бир үйдөн түтүн чыкса же майдын жыты мурунга урунса ошоякка чуркашып, устукан андышып...

Аман үй ферма болгондон бери деле салбырындуу, тигинин-мунун ал абалын сурап, кем-карчка каралашсам деген далалатта. Эми анын өз тизгини өзүнүн колунда. Кана эми, ар бир уюдан булактап сүт аксын, «Аманский» майлар фронтко жөнөсүн. Ар бир уюндун кулагына шыбырап чык, жазында эгизден музоо туусун Кана Аман, элдин бир четин чой, элди тейле.

— Беркел! — деди ал Кумашты чакырып, — Апаңын оорусу кандай?

— Айыгып калды.

— Отун-сууңар кандай?

— Бугулардыкынан жагабыз.

— И-ии. — Аман тамагын жасай ыңгыранды мен жакшы иш кылып койдум дегендей.

Кумаш апасы, бөбөгү үчөө Ташматтын тамында Акилеп ага киргизген Ракыя менен Салый. Андай экенин

ким билсин, Аман эртең менен Ташматтын морунан созолонгон түтүндү көрөт. Кирип барса эки бала, бир аял.

— Силер кимсиңер?

— Биз...

— Ким киргизди бу тамга? Кайдан? Каякка баратасыңар?

— Орто-Токойдонбуз — Аял ылдырап араң сүйлөйт. — Береги баланын таякеси Сары-Камышта. Кайненем жолдон өлүп.

Ошондогу ылдыраган аял, эки бала Амандын көзүнө дагы көрүнүп булардын алы-жайына дагы кадаланды.

— Бөбөгүң кандай?

— Котур болуп...

— Кап! — Аман санын чаап кабагын бүркөп, анан «алтын шилекейин» чачыратты. — Сага Ракыя эле эже эмес. Биз да агаңбыз. Айтып тур кыйналсаң. Бүгүндөн баштап сүт алгын бөбөгүңө. Мен уй пермемин!

— Билем сизди.

Бул «Эпкин» колхозунда бир ыража бар болчу. Кимдин жакыны көчүп келсе, же кимге кыйынчылык түшүп жармачтаса ага чогулуп жардам беришчү. Көп түкүрсө көл эмеспи, көптүн шарданы тигини көккө калчап, ал демденип, буга жетине албай, эл менден аянбаганда мен кантип алардан аянайын деп, дегеле дуулдап калчу. Айрымдар ушак айтышчу, кыжыңдашчу; бирок, бирөөнүн башына жамандык күн түшкөндө анын баары унутулуп тикесинен турушчу. Ушул салт далайдын өчкөн отун тамызып, өлгөн жанын тиргизди го. Болбосо мобул сереҥ кулак Кумаш ким деги? Эмне болот эле?..

Ракыя күүгүмдө кампа жактан келатса алдынан үч караан жолукту.

— Ракыя сиз болосузбу?

— Ооба.

— Эже болот экенсиз, үйүңүзгө кондуруңуз.

Аял балага сүйөнүп, үчөө тең ээктери калчылдап жалдырай тиктешти.

— Жүргүлө.

Ысык кесме ичишти, жылынышты. Эки бала уктап кетти. Аял таноосу кыпчылып араң дем алат. Ракыя казан-аягын жыйыштырып анын жанына олтурду:

— Эмнеңиз ооруйт.

— Бүткөн боюм бүт.

— Каякка барасыздар?

— Сары-Камышка...

— Сары-Камышка? — Ракыя чочуп кетти. Аларды мобу коңшу колхозго барат деп ойлогон. Эми эски жарасынын оозу бирөө олуп алгандай, тетияктан өтүп бараткан кырсыкты өзү чакырып алгандай болуп, тигил аялдан беш бетер таноосу кыпчылып, көпкө ичи ийдиленди. Жок, Ракыя эмнеге минтет? Сары-Камышка барса эмне экен? Сары-Камышка баргызбай тыйып койгудай, жада калса ал жердин атын үйүндө бирөөгө оозантпагыдай эмне укугу бар? Же Ракыя аялдын күнүлүгүн, ичи тарлыгын кылып жатабы? Ал баарын унутам, дагы күрөшөм, нардай жүк көтөрүп ашуу ашам дебеди беле. Ошол жүктүн бири ушул эмеспи?

— Сары-Камыштын кажерине барасыз?

— Өзүнө. — Аял илкип башын көтөрдү. Жанаа Ракыянын кабагын байкап «кыртыш сүйбөй турат, сүйлөшпөйүн, бүгүн конуп алсак эртең жыла-жыла элден сурап билербиз» деп ойлогон. Эми тигил өзү кеп салгандан кийин токтободу. — Төмөнкү кыштактын аягынан сурасак сизди «кампачы, Сары-Камыштын кызы» дешти. Өзүм да, береги балдар да сүйүнүп, таекесине жеткенсип. Шордуу кишиге айла жок, кайненем жолдон өлдү, эми анын инисине жыга чапкансып кантип барам? — Аял бышактап ыйлап ийди. — Ошо таекеге мобу жээндерин кантип тапшырам?

Ракыянын жүрөгү опколжуп, жогорку суроосун дагы кайталады.

— Сары-Камыштын кажерине барасыз?

— Жанагы кайненем билчү.

— Деги таекеңиздин аты ким?

— Ысырайыл.

— Ысырайыл?!.

Ракыянын мээсине чак этип бирдеме тийип эшикке чуркап чыкты. Кач Ракыя... Кач! Үйүндө Ысырайыл... Сенин башыңа күн түшкөндө төбөңдө тебелеген. Сени кубалаган! Жүрөгүңдүн жартысы Алидининден айырган. Баланы энеден, энени тууган баласынан жат кылган... Кубала Ысырайылды! Бир табаң кансын, көксөң суусун. Сенин башыңа түшкөн күн ага түшүп, сага карайлап, сенин жашап жүргөнүңдү, жашап гана эмес сары изине чөп салып унутпай жүргөнүңдү билип калсын ысырайылдар, «аттиң» деп эрдин тиштенсин. Кыш койгон кы-

шын алат, таш койгон ташын алат. Сенин жолуңа алар койнунан котур ташын төккөн. Мына эми, келме кезектерме тезек. Бир эле силкинип койчу.

Ракыя эшиктен көптө кирди; чыйрыгып, шакыйы кармаардан бетер чекеси сынып, төбөсү зыңылдап, кулагы чуулдап. Чоң тор жоолугун чүмкөй салынып, балдарынын жанына бүктү. Жылуу жатып уктап калса сергимей адаты. Ал көз ирмебеди.

...Келин болгондун экинчи же үчүнчү жылы бекен. Өтөктөн таруу отоп, кечкурун үйгө кайтты. Төрдө, көлдөлөңдүн үстүндө бутун сунуп чалкалаган аял олтуруптур. Башында заңкайган элечек, атилес көйнөк, чий баркут чапан. Ортонунда күмүш шакек.

Демейде чакчарылган кайнене анын алдында бүжүрөп жал-жал тиктейт. Шүгүрчүлүк айтты эле уккан жок.

— Бу кайсы?

— Келинибиз.

— Яа?.. Эмне жүгүнбөйт?

Камчы шыйрагына ороло түштү. Ракыя көзүнөн от чагылып эшикке чуркады. Үйдөгү аял чыңырып атты.

— Мен таап койгон аялды албай. Мага көө жаап, ушу сетирекейди алакачып. У-уу, тукумуңду... Ачейкебегендин кызын алса эмне болот? Эмне кетиртип ийбейсиң?

— Ачейкенин кызын кантип?

Андан аркысын чыдап уга албады Ракыя. Ошондогу Бакдөөлөт эже экен го өлгөн? Ошол эжеси чакыртканда баратып, Ысырайыл Ракыяга жолугуп, ага сүйлөшүп, Ракыя да «жез тумшук» жашаган жерди көргүсү келип, макулдашып, ээрчишип баса беришпеди беле. Анда эже «аял таап койдум» дебей эле, «бээңерди сатсаңар да тебетейлик суусар таап жөнөткүлө» деп салам дуба айттырыптыр. Ал суусарды Ысырайыл эжесине алпарбай, Ракыянын бир жеңелерине калтырган.

Кийинки жылы барса Бакдөөлөт какаарлап, инисин кондурбай суусар доолап, киймиң жаман деп эшикке жаткызып, бутуң жаман деп төркү үйүнө бастырбай, тишиң сары экен деп тамакты бөлөк бериптир. Ысырайыл «кудай бул эженин жүзүн көрсөтпөсүн. Саяк деп балдары көчүккө теппедиби. Эже эмес. Олтурган ордун кетмендеп салчу неме» деп ызырынчу.

Колуна отоо чөптүн даты сиңген Ракыя жуурган ка-

мыр чөп жыттанса керек, Бакдөөлөт аны шакшака бир чапты.

— Фу, өлүгүңдү... ачейкенин кызы имиш!

Ал эже, кеткиче Ракыяга күн көргөзгөн жок. Үйүнөрдүн жыты жаман экен деп эшикке төшөк салдырып жатат. Тоолордун башын чүйрүйүп карайт. Козунун этин тандап жеп, кымызга араң эринин малат.

— Сен ачейкенин кызы болсоң мен ачандиктин аялымын! Жиним келсе атандын жолун буздуруп салам. Жол салдырбай коём. Эл башы болгуча жол башы бол дегенди билесиңби я?!

— Билем,— дейт Ракыя тигинин «эл башы болгуча, суу башы бол» деген макалды усталык менен оңой койгонуна күлкүсүн араң тыйып.

Ачандиктин аялы болгондон кийин Бакдөөлөттү чакырышып, сыйлашып, ага арыз-арманын айтышып акыл салгандар да болду:

— Бизди Жумгалга көчүрөт дейт, ата-бабанын жеринен кантип козголобуз?

— Биздин көчкүбүз келбейт.

— Сары-Камыштай жер барбы.

— Өкүматтын айтканына көнгүлө,— дейт Бакдөөлөт төрдө сунган бутун тартпай чыртыйып. — Бу тоонун арасында эмне бар? Тыяктан арабага, көңкүгө түшөсүңөр.

— Көңкүсү эмне? — дейт мурда мындай атты укпагандар.

— Көңкү деген машийне, түз жол менен жүгүрөт.

— Йэ эже, колуңуздарда экен. Жездеге айтып ушу Сары-Камышка жол салдырып, көңкүнү бир алып келдирсеңизчи?

Бирөөлөр тонун аңтарасынан кийип, машинени үркүтөм деген имиш. Бакдөөлөт ошону эстеп күлүмүш этет, ошондо да күлкүнүн изи жок сустайып:

— Тонуңарды аңтарасынан жамынып үркүтпөгүлө. Ал темир...

Аны кээ бирөөлөр «бак-дөөлөт күткөн аял экен» дешсе, көпчүлүгү «дөөлөт тоголок, бу аялдын кесири жаман, жалпайтып мээнет басат» дешти. Эже аттанаарда Ракыянын тукаба туш кийизин, шалпар көйнөгүн, «анжыян» батинкесин сурабай-этпей куржунуна салып алды. Ракыя баарына кайыл, бейжай эжеден кутулаарына сүйүндү. Кыз жаманы кыроо деп ал эже ошо бойдон кыроодой жоголгон.

А Ысырайылды Ракыя билет. Жеткен көкмелтей, кекчил айтканын унутпаган. Сенин түпкү атаң менен баланчанын түпкү атасы таарынышыптыр десе ошону иликтейт.

Булар ошол Ысырайылдарга барат. Жол. Суук. Абалдары тигил.

Көрбөсөң, билбесең бир жөндүү эле Ракыя? Эми баарын көрүп, билип, түшүнүп туруп кантесиң? Кантмек элең, кол шилтеп сал. Сен күнөөлүсүңбү? Бүгүн жылуу-жумшак жаткырдың, эртең менен курсагын тойгузуп узатып кой. Болду, кудайы коноктун карзынан кутулганың.

Жок! Ракыя көрбөсө, билбесе, түшүнбөсө бир жөндүү эле. Тигилер адам го. Эгер Ракыя баарына кол шилтеп, көз жумду кылып салса, ошондо анык буларга карызы көбөйүп, ошондо анык адамгерчиликтен кетип, ошондо анык баягы Бакдөөлөт айткан «сетирекей», «катын» эми болмок.

Ракыя эртеси тигилерди үйрүп салды:

— Мен жакын эжеңер элем. Төркүн болуп чыкпадыңарбы. Кумаш, мени эже де. Бакдөөлөт эженин жакын синдисимин. Эми менин тилимди алгыла. Сары-Камышка бул алыңар менен жетпейсиңер. Жол кыямат азыр. Сары-Камышка согуш жеткен жок дейсиңерби? Ысырайыл да согуштадыр. Атын ким жээн келин? Акиябы?..

— Ошенткиле Акия. Бир күн ушу колхоз тамак ичпей койсок, бир күнкү ичер тамагыбызды силерге чогултсак, багып алаарбыз. Элдүү түлкү ачка өлбөйт.

Көзү карайлаган там сүзөт болуп бараткан Акия буга жантыгынан жатты.

Ракыянын «төркүндөрүнө» эл жардамын аяган жок. Эң биринчилерден болуп Аман эки пуд арпа берди. Кумашты каадалап чакырып барып, эт салдырып коноктогон. Анда көп кишилер аскерге жөнөп, эмики кеткендердин олутун кантип толуктайбыз, үй, фермага кимди шайлайбыз деп жатышкан экен колхоз.

Кумаш ошол Аманды, анын төрт чака арпасын, коноктогонун кантип унутсун! Орто-Токойдо шырдакты бир табак талканга сатышкан бери жөнөөрдө. Акия кичине кыйылганда «жаныңарды куткаргыла, дүнүйөнүн түбүнө мен жеткен жокмун!» деп акырайган Бакдөөлөт апа.

Кумаш Амандыкынан сүт алып турду, адегенде үнчукпай, анан кыңк-мыңкы чыкчы болду Сымаптын:

— Менин атым сүт... Май... Сурагандар жадатты эшикти жыртып.

Аман аялы экөө Кумаштын көзүнчө чарпыша кетти.

— Ой, мени үй перме кылган ошо кампачы.

— Эмне кыл дейсиң? Кампачы болсо эгинден бербейби чөйчөк көтөртпөй.

Кумаш артына кетенчиктеп баратты эле, Аман чакырып алып аялына буюрду:

— Куй дегенде куюп бер сүттөн!

Бул чоочун баланын алдында кадырын түшүргүсү келбей Сымап да чакчарылды:

— Сүт жок. Угасыңбы? Жок!?

— Атаңдын оозун... Мен айтканды гана укпайсың ээ?! Кайыш тилейинби жонуңдан. Көпкөнүн кара. Эл бир кашык сүт таппай жүрсө сен сатасың...

— Мен сатсам бир чай чыны, бир чөйчөк сүт сатам. Кампачың буумдап сатып атат. Чачып атат! Соруп атат! — Сымап алкылдап терезедеги кулпуну алып эшикке жүткүндү.—Сүт жок дегенден кийин жок. Чык!..

— Тап!

— Мени саап бер!

— Яа-а?!

— Тентиген ага тургай ма-а... Эмне селсаяктын көзүнчө демитесиң? Эмне?! Эмне эле ичиң эзилип!? Же сага ал катын тием дедиби?!

Кумаш ал үйдөн кантип чыкканын, Ракыяныкына кантип жеткенин билбейт. Ракыя Салыйдыкынан келген түнү Кумаш ага ызаланып баарын айтып берди. Кумашты алдап-соолап, жайкап үйүнө жеткирген.

Ракыя өзүн жайкай албады... Ачкычтарын шалдыратып, эгинди оңду-солду чачкандан башканы билбеген катын дейт турбайбы алигиче муну.

Эртесинде эле башкармага жалгыз ачкычын тапшырып, бир ат сурады. Анан ал күн сайын таң заарынан МТСка жөнөп, эл орунга олтурганда кайтат...

## XXVIII

Түндө сагызган изи кардаптыр. Асман дүпүйүп күндөгүдөй суук жок. Түш небак оогон. Салыйдын эки көзү мектепте. Бугу келер маалынан кечикти. Ал Boобек-

ти алаксыта албай алек. Боobek Татыны туткактап, анын балкасын, аттишин же мыгынан уучтай качат. Салый сөлдөктөп артынан кубалап, быягынан жыйнагыча тыягынан чачып салып, боору катып кетилдейт Боobek.

— Инте-решно а? Прав-да?..

— Интаришпир,— дейт Салый ага тили келбей, бала менен ойногонуна маашырланып; ушуну туура ойнотуп атамбы дегендей Татынын кирпигине карап,— Татыке, балаң тили эмне дейт?

— Өзүң түшүн,— дейт Таты экөөнүн жоругуна күлүп,— Бообектен орусча үйрөн, Ķанимет келгенде кантесиң? Ал кыргызчаны унутуптур дейт Омордой.

Экөө тең каткырышты. Тегирменчи Телибайдын Омору согуштан бир колу жок кайтты. Ал учурашканы барган эл менен орусча сүйлөшүптүр. «Аа-а кудай, согуш баламдын колун гана эмес, тилин да бузган турбайбы-ы» дедиртип энеси байкушту сыздатып, беш-алты күн өтпөй кыргыз тилин кадимкисиндей кайрадан «үйрөнүп» эне-атасын да, элди да таңгалдырган.

Салый кийин Ķаниметтен «танковый уротадамын» деп кат алганда ал бир танка айдап жүргөнсүп, танканын ичине олтуруп алып ата берчүдөй, танкага ок өтпөөчүдөй, Ķанимет да аман калчудай сезчү. Тыякта «таңке» айдаган эме быякка келсе эле «тырактир айдайт» деп сүйүнчү. Анда Ķанимет баягы Төлөгөнчө «тырактир» айдайт. Согушта таш деле күйүп, танка деле күйүп, өрттөнүп жатканын укканда баягы түшүн эстеп көзүн жуумп ийчү.

Деги согуш адамды өзгөрттү го. Башканы кой, мобу «ойногону башка, тартиби башка» Боobek деле көнбөдүбү. Эми баягыдай төөнү таңгалып тиктебейт. Адегенде Салый Бугуну Боobektин жанына барганда туура эмес ойноп коёбу деп кыпылдачу.

— Ой Бугу, улкуп-жулкпай тартиптүү ойно. Акырын,— дечү.

Бир жолу Таты жумуштап «ражонго» кетип, Боobekти булардыкына калтырса, «туура эмес тамак берип койдумбу» деп кечке андып, а кечинде керебетке көнгөн баланы жүк жыйган тактага жаткырган. Так ушунусу туура эмес экен, бала бир уйкудан соң тактадан төшөк-мөшөгү менен кулап түштү.

Баланын кыял-жоругу, ойногону — баары эле бирдей

экен. Эмне берсең жей беришет аймап. Жакшы нан, жаман нан барбы? Жок жаман...

Салый Бообектин алаксытайын, тентектенгенин басайын деп жарты көмөч казан сындырып келди. Бообектин албай жатканынан улам «и, бул бүтүн бербейсиң деп айткан го» деп, анын курсагы ток экенин билбей, бүтүн көмөч казанды сунду балбалактап.

Баары бир Бообек алаксыбады. Мүнөзү жумшак кишиге бала да ысык боткодой жабышып калат эмеспи. Тетиактан келатканда гана ал Бугуну тосо чуркады:

— Бугу! Бугу-у...

Ошондо гана Салый каалга кармап Татыга жардамдашты. Анын колунун эптүүсүнө, мыкты жаза чаппаган балкасына таңгалды. Илгичти, тосмону өзү жасаса, мунун колунан көөр төгүлүп калган турбайбы.

— Э бурадар, капырай усталыгың ашыныптыр.

— Мык урса эле ашынып калабы?

— Мен мык эмес казык кага албайм. Көң сындырам деп бутуму чаап алып өгүнү.

— Ошонуң жакшы, жумуштун баарын сен кылсаң бизге эмне калат?

— Эмне бүткөрүп кыйраттым,— дейт Салый өзүнө ыраазы болбой күлүп.

Салый чынында эле бир мык ура албаганына уялат, өкүнөт. Бирөө айтмайынча өзү эмне билбейт? Күнүгө жүз жолу кирип-чыкканда каалгасынын шалдыраганын этибар кылбаганы кандай? Же, бу адамдын өзү урунуп, күн сайын көрүнүп жүргөндөрүнүн баары көзүнө үйүр учурап калабы? Өз кемчилигин, мүчүлүшүн өзү сезбеген да жаман. Жанагы элди көзүнө илбей «менден башка адам жок, менин жасагандарымдын өөнү жок» деп чамгарактагандар ушундан чыгат да.

Салыйдан бетер Таты өзүнчө уялып атты: «Устанын тогоосу жок» деген чынбы? Күнүгө кирип-чыгып жүрүп, ушунун каалгасын кандай байкабады? Кокус бирөө тиги эгиндерин көтөрүп кетсе кимге наалат? Татынын бир карыш темирди ийрейтип бербегенине наалат.

— Унутпасмын жакшылыгыңды, Татыке... Өтөлүнө чыгаармын,— дейт Салый, каалгасы зымырайып, ичинен темир илгич илингенде эле анын үйү бир темир дарбазалуу сепил болуп калгансып.

— Апа,— күндөгү маалында жылгаяк тээп ойноп кетчү Бугу бүгүн имерилип апасы эшикке чыкса эшик-

ке, үйгө кирсе үйгө кирет. Уулу ушинткенде бирдеме сураарын билип, оозунан илеп чыга электе үзүлүп түшүп жаман үйрөтпөйүнчү дейт Салый.

— Апа...

— Эмне дейсиң, балам?

— «Кыргызстан пионери» деген танки чыгарат экен.

— И-ии?

— Апан Сагыйда эжей ошого каттады.

— Каттады? Эмне деп?

— Жардам бергиле деп.

— Башка балдар катталдыбы?

— Ооба...

— Булар бүлөө кагып катташабы? — Салый ушинтип айтаарын айтып алып, бул сөзүм өкүматка каршы го деп, аны бирөө тыңшап тургандай, айланасын карап көзү алаңдады. Өкмөт аны сыйлап «кезитке» жазып, соболосун көтөрүп жатса, Бугусун кантип катардан калтырсын. Салый кайра ийиди. Тамдын артындагы картөшкөнү ошо сайып, ошо тырмаландап бакпаганда ким? Иймендеп орок орушуп, машак теришкен. Ошенткен Бугусунун демин суутуп, андан аяп, үй ичин чүкөгө алмашканы жаткандай көрүп.

Бала да бул күндө согуштун бөйрөгүнө коргошун куйду. Балдар балалыгын жыйнаштырып салып «эмики кеткендердин олутун кантип толуктайбыз» деген жерге барып жатышкан. «Балалык, жаштык» деген бир эле жолу берилген, экинчи жолу кораанын көрүнбөй турган доорду алар кезеги келгенде же кезек күтпөй эле өз эрктери менен унутуп жатышкан.

Сагыйданын күлкүсүн жакшы билесиң. Билбесең бир этек күмүш табаласыңбы? Табылбайбы? Анда күлкүсүн да айтуу кыйын. Атаа, жок дегенде бир этек күмүш таап, күзгүнүн бетине төгүп, анын шыңгыраганын угуп, күнгө жалтылдаганын көрсөң кыздын күлкүсүн бир азга элестетер элең. Деги ал жаштыктын күлкүсүн, кыздын кылык-жоругун эмнеге теңээр элең сен?

Кечөө эле балдарга кошулуп улактай так секирип, жүгүрүп жүрчү Сагыйда бүгүн мугалим. Анын балалыгы, кыялы добул урган өрүктөй бир эле күндө күбүлдү. Кайдан күбүлсүн. Добулдан кийин да жалбырактын арасына жашынган мөмө калатко. Сагыйданын кыялы

ошого окшоду. Класста зымырайып олтуруп сабак өткөрөт.

— Кана, ким айтат?

Тепейген колдор, мадырайган баштар, кээ бирөө кулактарын делдейте терезени карашып деле сабак менен иштери жок. Сагыйда бышкыра жаздап журналдагы тизмеден чакырат:

— Үркүнчиев!

Жембаштыктай торсойгон бала доскеге чыгат.

— Үркүнчиев, эмне үчүн атаңын аты Үркүнчү?

Мындай суроону күтпөгөн баланын кулагы ансайын делдеет.

— Билбейм.

— Билип алгын. Атаң илгерки үркүндө төрөлгөн. Балдар үркүндү билесиңерби?

«Билебиз», «Билбейбиз» деп чуулдаган балдарды токтотуп Сагыйда баяндай баштайт.

— Илгери элди падыша эзген. Бай-манаптар эзген. Биздин аталарыбыз жерге сууга ээ болгон эмес. Аталарыбыз кедей болгон, көчмөн болгон. Мектеп жок, бирин-серин медиресеге бай балдары окуган. Элдин баары сабатсыз. Акыйкат, теңдик жок. Ушуга чыдабаган эл бай-манаптарга каршы күрөшкөн. Кыргыз эли да ак падышага каршы чыгышкан. Падышанын солдаттарынан коркуп кыргыздар Кытайга качкан. Муну эл «үркүн жыл» дейт.

Чогулушуп өлгөнүн,
Көмүшпөдү кайран эл.
Өкүмүнө Николайдын,
Көнүшпөдү кайран эл.
Чыдап тирүү зордукка
Өгүз беле кайран эл...

Бул ыр ошондо чыккан. Бекчоронун атасы Үркүнчү эл үрккөндө төрөлгөн.

Балдардын бары шырп этпей ооздорун ача аны тиктеген. Төтөн Бекчоро «менин атамдын жайын кайдан билет» дегендей эки көзү Сагыйдадан өткөн.

— Ленин баштаган Октябрь революциясы падышаны тактан кулаткан. Кедей-дыйкандарды бай-манаптын эзүүсүнөн куткарган. Силерге, баарыбызга жыргал заман алып берген Ленин! — Негедир Сагыйданын үнү каргылданып, жүрөгү кулундай туйлады. — Балдар, силердин жакшынакай замандарга фашизм кол салды.

Гитлер батышта силердин классташыңардын мектебин өрттөп; советтик пионерлерди кызыл жагоосуна муунтушту, кыйнашты. Атаңар ырайымсыз душманга каршы аттанышты. Атаңар... байкеңер...

Сагыйда Бекчорону доскеге чакырып коюп, же андан сурабай, же аны олтургузбай өзү сүйлөй бергенин эми сезди.

— Биз, баарыбыз улуу Ленин жолун коргойбуз! — Анан ордунан туруп Бекчорого кайрылды. — Жолдош Үркүнчиев, кечөөкү ырды жаттадыңбы? Угуп тургула, балдар, кулагыбыз сенде Бекчоро?

Бекчоро эки алаканын санына жабыштырып, тамдын төбөсүн тиктеп какайды. Анын чыңкылдаган үнү классты жаңыртты:

Улуу атабыз Ленин
Жаштын берген тилегин.
Оку, оку деп айткан,
Окуу жайын көп айткан.

Улуу атабыз Ленин
Сен деп согот жүрөгүм.

Эмне экенин билбей Сагыйда Бекчорону коштоп, анан экөөнө класстагылар кошулуп, баары үн созуп ырдап жиберишти. Ырдап көнгөндөр, демейде ырдагандан уялгандар да ырдашты. Ырдагыла деп аларга эч ким айтпаса деле ырдагылары келип:

Ала-Тоодон бактым чоң.
Ленин берген билемин.

Коңгуроо шыңгыраганда, сабактын аягында гана Сагыйда бүгүн ыр сабагы болбосо деле болгондугун билип, буга капаланбай кайра кубанып, эмикиде минтпейм деп өзүнө убада берип, «Жолдош Үркүнчиевге» эскертүү жасады:

— Үркүнчиев! Мындан кийин тамдын төбөсүн карап сабак айтпай жүр.

— Сүрдөп кетем, эже.

— Көнбөйсүнбү? Уят. Тамдын төбөсүнө сүйлөйсүң, балдар алдында олтурса.

— Балдар күлгүзүп иет, тилин сунуп.

Сагыйда өзү күлүп жибере жаздады. Анын классы бүгүн мектептен шаңдуу тараштЫ. Күндөгүдөй кубалашпай, жулмалашпай ырдап тараштЫ:

Бир, эки, үч,
Биздерде күч,
Жолду сызган
Маркс, Ильич!

Өздөрүнөн кичинелердин катар тизилишип, тигинтип ырдап бара жаткандарын көрүшүп, андан улуулары атаандашып ырдашты бүгүн:

Эртең согуш болсо,
Эртең жүрүш болсо,
Эгерде кара күчтөр келишсе,
Бир адамдай болуп,
Совет эли толук,
Биздер коргойбуз эркин мекенди.

Мугалим жетишпейт. Согуш ага карайбы? Бүгүн жаңы келген мугалимди эртеңки сабагына даярдантпай колдон талашып турбадыбы. Мектепти жетимсиретпей, парталарды каңкайтпай улуураактары кичирээктерин окутпадыбы.

Коңгуроо шыңгырабай, балдар убуруп-чубурбай калса дүйнө аңгырап кабырга кыйрай түшпөйт беле, дүйнө таш жутуп мисирейип.

Коңгуроо шыңгырап, балдар убуруп-чубуруп турса дүйнө түгөл, көңүл ток. Үмүт, келечек ана ошондо.

Сагыйданы жолдон Алыйма токтотту.

— Алдагантип жүрөсүңбү? Маалим болсоң, декилдеп басып.

— Жөрмөлөймбү! — Сагыйда эжесин уккан жок, ага тилин көргөзүп үйүн карай чуркады.

Алыйма сиңдисинин тигинтип токтоло электигине, анын балдарга тарбия берерине көп ишенбей, зээни кейиди.

Сагыйданын аны менен иши жок, үйүнө барып ойлуу, жаагын таянып Анварга кат жаза баштады.

«Кымбаттуу Анвар агай! Атыңыз кыргыз уулуна да, казак уулуна да ылайык экен...»

Сагыйда билгизбейм дегени менен үчүнчү класс анын сырын билип алышты. «Эжей капаланганда кирпиги тикиреет, аз сүйлөйт. Анда балдар унчукпай жаза беришет. «Эжейдин» көңүлү ачылганда кирпиги дембе-дем ирмелет, жадырап сүйлөйт, кээ бирөөнү маңдайынан сылап, кулагынан чоюп өтөт. Сагыйданын ушу «кулак чоймоюн» үчүнчү класс жакшы көрүшчү да, анда аябай суроо жаадырышчу:

— Эже, менин атам аты эмне үчүн Мамыр?
— Мисир деген жер кайда, эже?
— Гитлер эмне деген сөз?
— Миунхаузен барбы азыр?
— Эже, алпкаракушту көрдүңбү?

Сагыйда суроонун баарына жооп бербейт, жооп бере да албайт эле. Ал калп айтпай, «ой-тоону сурабагыла» деп какпай, иши кылып балдарды ыраазы кылат. Баарына жооп бере албаганына бушайман, күнөө кылгансып туталанып, Алыйманды издеп табат.

— И-ий эжеке арзымды угасыңбы? Жакып атаң кантип мугалим болуп жүргөн?

Сиңдисинин кыйналганына эжесинин боору чындап ачыйт:

— Маалим боло албайм деп коюуң го? Атаң согушуп жүрсө, сен кандай кызсың? — дедиби райондо.

— Оно бетке чапкандай неме экен. Макул деп коюп... — Сагыйда кашын серпип Алыйманы каруудан аткыйт. — Сен эмне айнытасың кишини «маалим болбой коюуңго» деп? Сенин казаның кармайынбы? Ким окутмак үчүнчүнү? Окубай калсынбы?

— Жогол мээми ачытпай! — Алыйма чындап ачууланат. — Акыл сурайт. Акыл айтса минтет. Баш айланткан эмени маалим кылып. Кайра балдардын башын бузат бу. Се-ени районого өзүм айтпасам!

Алыйма Сагыйданы бала кыялдуу деп, ага алымсынбай жүргөн күндөрдүн биринде аларга сүйүнүчтүү окуя кучак жайды:

— Алыйма-а! Сүйүнчү-үү. Алма-аз!..
— Яа-а, айланайы-ын...
— Сүйүнчү-ү! Алма-аз...

Алыйма эшикке чуркап чыкса туш-тушу «сүйүнчүгө» толуп, кыштактын аягынан түрүлгөн эл.

...Алмазды чак түштө тосушту. Баары ага кубанып, буркурап ыйлап, кучактап жыттап. Баарынын көзүнөн жаш агып.

Агасы менен баарынан кийин Сагыйда учурашты. Ал элчылап бышактабай, жадырап Алмазды мойнунан кучактап туруп эки өптү. Өпкөндөн кийин элди как жарып мындай басты. Жакыптын баласын сабакты токтотуп бүт окуучулар тоскон. Ошо Жакыпты кадырлаган

мектепти унуткарып, коюу чаңга аралашып, тиги өзү-нүн үйүнө агасынын шарданы менен басып кетпеди.

Ал мектепти карай басты...

Аны үчүнчү классы ээрчип басты...

Мектепти көздөй окуучулар басты...

Мугалимдер басты...

Кечинде Алыйма көз жашын төгүп букулдады:

— Садагам Алмазым... балакетиңди алайыным! Эми кантип басат? Кантип күн көрөт?! Кимдин көзүн карайт? Суудан аттатып койчу деп кимге жалдырайт?! Ушинтип калдыбы тегеренейиним... Шордуу болуп... Буга кыз кантип тиет? Жалгыз бут неме дебейби...

Сагыйда эжесин унчукпай укту. Анын жашын аарчып, жоолугун оңдоп салды.

— Эже, кантип сүйлөйсүң? Кыз алааматты түшүнбөйт бекен? Бут издеген кызды байкеме садага чабам! Байкем бутун карызына бериптирби? Бышактайсың? Алмазга бут болом, кол болом десе тийсин кыз. Бырылдаба, Алыйман. Совет кыздары сен ойлогонду ойлобойт. Бар, өз төшөгүңдү жыйчы, бизди жайыбызга коюп...

Алыйма синдисинин бул сөзүнө муюп, анын акыл-эси токтолуп баратканына сүйүнүп, керек болсо талкайган немелерди окутуп коёруна үмүт этти.

## XXIX

— Мүрөктүн суусун ичиптирминби, мен да өлөм. Тилазар болсоң озойду ошондо көрөрсүң,— дечү Салый кез-кез Бугуга капаланганда. Ал өлөйүн деп ушинтчү эмес, жөн эле Бугуну коркутчу, какмалачу. «Канимет чакырса, Бугум ыйласа көргө тынч жата аламбы? Өлсөм туруп келем!» деп коёт жоолугун төбөсүнө бууп. Ал тамагын аябай таптуулап иччү болду. Тамак ичер маалында Бугуну капкаяктан издеп табат.

— Э каран күн. Тамак ичпейсиңби? Оору-сыркоо көбөйүп атса минтип.

Тамакты таптуулап ичкениненби, Салый эт байлап сулуучумак тартты. Башта «жалгыз баласын бага албайт» дечүлөр эми «бакканы жалгыз бала, санааркабайт, оюнда эчтеке жок» дешет. Анын «азуусун айга

бөлөгөн» азаматтарга теңтайлашып оокат кылганына ишенишпейт.

— Канимет эгинди басып берип кеткен.

— Муну оокат кылдырган Ракыя.

— Жо-ок, Нурпача.

Чыны булар ынтымагы менен да, сөзү менен да аябай таттуу. Бугу Нурпачага «Манас», «Курманбек», «Жаныш-Байыштан» окуп берет.. Нурпача ага башынан өткөргөндөрүнөн, жомокторунан айтат.

— Мүрөктүн суусу кайда, ата?

— Мисирде.

— Мисир кайда?

— Айтып берейинби? — Нурпача жантайган калыбында, кызарып жаш куюлуп турчу көзүн сүртүп, жайма-жай сөзүн баштайт.

— Илгери... Илгери мүрөктүн суусун ичкен киши өлбөйт имиш. Мүрөктүн суусу Мисир деген жерде экен. Ал жердеги эл шапар тээп жашайт. Ичкендери шарап, кийгендери буулум, мингендери жорго. Эртең эмне кием, эмне ичем деп эч кимиси ойлобойт. Баары даяр: тамагы бышылуу, кийими тигилүү, аты токулуу. Мүрөк суусу ар бир жылга сайын агат. Ичкендер өлбөйт. Кармандары жашарат.

Ал жердин кайда экенин эч ким билбейт. Ал жерди калкты титиреткен хан издейт, кара таман кедей издейт. Хан мүрөк суусун ичип өлбөйүн дейт; кедей курсагым эле тойсо экен дейт. Мисирге эч ким жетпей, азык-түлүгү жолдон түгөнүп кайтышат.

«Түгөнбөс күлазык болсо мисирге жетет экен» дешет.

Ошондо бир акылман издеп чыккан экен. Ал тиги байларчылап атка-төөгө азык-түлүк артынбайт. Кулундуу бээ минип талкан теңденет. Ээн талаа, эрме чөл. Акылман бээсин саап, канжыгасындагы чаначына кымыз ачытып талкандан себелеп ичип кете берет. Ээн талаа... Эрме чөл... Нан менен ак чиричүбү? Нан менен акты адам танчубу? Ошентип, акылман ментинен тайыбайт. Айлар өттү, жылдар өттү. Ээн талаа, эрме чөл артта. Кулун ат болду, акылман атты минди. Бээни бир өзөнгө калтырды.

Акылман Мисирге жакындады. Аты арыды. Эми жөө жүрүү керек экен. Эки этегин кайра кыстарып алдуу-күчтүү неме жөө жөнөдү. Өзү арыганда Мисирге жетти.

— Мисир ушубу?

— Ушул,— дешти.

Мисирден акылмандын курсагы тойгон жок. Баягынын баары калп экен. Акылман эрдин кесе тиштеди. «Кулазыкка» акылы жеткени менен быягына акылы жеткен эмес экен. Сакалы белкурчоосуна жеткен карыя минтти:

— Мисир... Аркимге өз жери Мисир! — деди ал колундагы кетменин жогору көтөрүп. — Мобу кетмендин мизи Мисирди жасайт. Мүрөк өз жеринде агат!

Ошондон улам «Ар кимдин өз жери Мисир» деген сөз калыптыр.

— А мүрөкчү? — Бугунун Нурпачадан көзү өтөт.

— Мүрөкпү... Мүрөк деген эмгек! Мына, быйыл апаң экөөнөрдүн курсагыңар ток. Сен картошка бактын, машак тердиң. Танки курууга жардам берипсиң. Ушунун баары Мүрөк!

Бугу барбаландап сүйүнөт апасы экөөнү мактаганына. Ал Нурпачаны мактап, ага ык тартканынан улам Салый да буга жетине албай, Нурпача андан бетер аларга атадай көз салып; ырыстуу тамактарын чакырып ичишет.

Дүйнөнүн каңыр-күңүрүнөн ажыраган жалгыз гана Асыл. Анын кулагы канча жыл мурда, «танка» деген сөздү уга элегинде дүлөй болгон. «Кийим бычып бер», «Шырдак оюп бер» дегенге өзүнүкүн таштап жөнөөчү. Эми деле жаны тынбайт. Бирок, баягыдай чакырган жерге барып, элге аралашпайт.

Өңү акжуумал, кашы коюу, көзү бадырайып эки уурту болпоюңку. Жүзүндө дайыма күлүмсүрөө. Бактыгүлгө кайненесинин күлүмсүрөгөнү аябай жакты. Анын укпаган кулагын андан бетер жакшы көрүп, кээде ошол укпаган кулактан үч маал өпкүлөчү.

— Алтын апам... Алтыным!

— Чын эле сенин кайнененң алтын, карыган кишинин кулагы укпаганы жакшы,— дейт карыган сайын какчандап, чайын кумсарып ууртаган кайненеси бар келин арман кылып. — Менин кайненем жер тыңшаар. Талаадагы чычкандын жөргөлөгөнүн угат. Тынчын кудай алган неме.

Бактыгүл да жаркылдаган ачык-айрым келин. Айылдагылар кайненеси экөөнү кеп кылышчу.

— Асыл анык асыл адам.

— Бактыгүл андан кемби?

— Экөөнүн топурагын бир жерден алыптыр.

Бактыгүл бара-бара кайненесинин күлүмсүрөгөнүнөн көңүлү сууду. Тигине элдин кайненелери, бүгүн чүйрүңдөшсө эртеси кайра табышат экен. Бул сүйлөп бербесе, же сүйлөгөндү укпаса, куру жылмайганынын кереги эмне? Асыл ага кулагы угуп туруп эле анткорсунгандай, эмне айтканыңды билем деп жылмайгандай; эгер оору болсо аны өзүнүн жамандыгынан тапкандай.

Кайсы ырысына жылмаңдайт? Кулагынын укпаганынабы? Күлүп жүргөндөн түңүл, мунун арты жакшы болбойтко?

Бактыгүлдүн сырты жалтырак болгону менен ичи калтырак. Бирөөнү аңдып, ага оңойлук менен ишенбей, өзүн дагы бирөөлөр аңдып, ишенбей жүргөндөй сезип, ичине арамдыкты көп сактайт. Эчкимге билгизбей жүрөгүнүн башына түйүп, убагында алып таштабай запкы чегет. Ээрчиме, бир нерсеге бат кызыгып, кайра андан алекисаатта кызыгы тараганда, эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө деп делбиленип, таманы жарылгыча чуркагысы, тамагы айрылгыча күлгүсү келчү.

Жаман күн Бактыгүлдүн жүрөгүн уялады. «Ушинтериңди билгем» дегендей кайненеси басса-турса табаалап жылмайды. Согушту ушу чыгаргандай, Жолборстон ушул айыргандай көрдү.

— Мунун арты жаман дебедим беле! — деди ал. Жолборско төрөгөн энесинен жакын болуп булкулдап, төшөнчүсүн жыйбай, казан-аягын жуубай. — Кантип олтурам мунун маңдайына? Согуш дегенди укпаган, кыргынды билбеген дөдөйгө?

Асыл согушту жүрөгү менен укту. Акылдуу, кайраттуу, салабаттуу дегендер шолоктоп ыйлаганда, ал көзүнөн бир-эки жаш ирмеп, аскерге жөнөгөн балдарга сүйлөгөн:

— Балдар... айланайындар! Силерге энеден жакын эч ким жок. Канчалык жакшы көргөнүбүз менен бүгүндөн баштап силерге биз ээ эмеспиз. Илгертен берки салт ошол. Бүгүн силерди бизден улуу эненин — Ата Журттун колуна беребиз. Ошонун осуятын актагыла. Силерди көкүрөгүбүзгө катууга бул күндө акыбыз жок. Биздин эмчегибизди зыркыратпагыла. Жолборс, уулум. Алдакы ата-энелерден биз артык эмеспиз. Келинчегиң

артык эмес. Өзүң артык төрөлбөгөнсүң. Баарыбыз адамбыз. Жаркырап кайткыла, айланайындар!..

Асыл менен Бактыгүл экөөнүн мамилесин Бугунун кулагы чалчу. Аны менен иши эмне, бирөөнү «жеңе» дейт, бирөөнү «эне» дейт. Биз Асылды, «дүйнөнүн каңыр-күңүрүнөн ажыраган жалгыз» десек, ага Асыл дүйнөгө каңыр-күңүр үчүн жаралгандай, ал бир окула элек күлкүлүү, кызык китептей сезилди.

— Эне-е, жүн тытып атасыңбы? — дейт Бугу, Асыл ээн олтурганда кирип барып.

— Эмне дейсиң?

— Жүн ты-тып ата-сың-бы де-ейм?

Асыл дагы укпай тескери жооп айтканда Бугу санын чаап, боору катып күлөт.

Күлөөрүн күлүп зээни аябай кейийт. Жок дегенде бир кулагы уксачы. Жолборс байкенин жазган катын укпаса же өзү кат билбесе. Бугу аскерден келген каттын маанисин сүрөт менен түшүндүрөт: беш жылдыздуу танка тартып, ствол орнотот, алдында эки колун көтөргөн узун бойлуу, каруусуна адамдын баш сөөгүн кадаган киши.

— Эне, бул фашист. Бул танки. Биздин танки.

— Тырактирби? Тырактир...

— Жок, Кызыл Армиянын та-анкиси.

Асыл баш ийкейт. Анын түшүнгөнү: танканы темир каптаган трактир экен, биздин балдар ошонун ичинде олтурган го деп, тигил душмандардын мындай темир каптаганы жок болсо экен, аларды багынтса экен деп түшүнөт.

Асыл Бугунун тарткан сүрөтүн жүрөгү менен угуп, ушуга аябай алымсынып «айланайын балдардын» жаркырап кайтаарына көзү жетчү. Бугунун илмийген колунан тартылган сүрөт ага өзүнчө бир Мисир. Мүрөктүн суусу. «А кудай, элге бер, эл ичинде мага бер» деп күлүмсүрөгөн калыбында.

«Сен баласың», сен дүлөйсүң дешпей булар бири-бирине түшүнүшүп, ишенишип жүргөндө Бактыгүл буларга түшүнгөн жок. Аларды тушарына теңебеди, көзүнө илбеди. Минткен сайын жат эчкидей бөлүнүп, бирөөгө жолугуудан качып, көңүлү ачыла турган жерди башка жактан издеп, аны таппай, ага урунуп-буга урунуп, эрте эле жаманатты болгом деп өзүнөн да, элден да шекшип... Үйүнө кирсе эле молодой экөө олтурат, экөө

тең соо эмес. Бирөө «дың кулак» — кулагын чукуйт, бирөө «кызыл көз» — көзүн тырмайт. Анан окшошконго мушташкан болуп, «сүйрөлгөн Салый» кошулду. Кудайдын бул эмне шылдыңы?

Салый баягынын баарын жайгандай... Эми кантет, Бактыгүл? Кантип бет маңдай экөө менен тамак ичет? Кантип баягы коркок билиши жок күндөрүнө кайрылат? Ал күндөрдү көз көрүнөө жоготподубу. Бактыгүл кырдан төмөн карай кулаган ташка окшоду. Кымындай эле козголгон, кулаган бойдон кетти. Эми таш кантип өйдө кулансын? Болду... бүттү... Куланган таштын кереги эмне Жолборско? Ага аял жокпу?

«Анда кош, Жолборс. Мени кудай уруп салган. Өттү... кетти... Эми өзүмдү кыйнабайын, силерди кыйнабайын. Курулай жүк болбоюн, ата-энең өз күнүн көрсүн. Мен жолума түшөйүн. Кулак уккус, көз көргүс жакка».

Адам болуу аста-аста, акмак болуу бир паста тура...

Эсиңдеби Бактыгүл, жолуңдан келиндер жолуккан күн? Сени көрүп имериле калышты, сага туш-туштан суроо жаадырышты:

— Жүрчү бирге басалы.

— Көрүнбөйсүң.

— Баштаңга чакырса кошулбайсың.

— Үкүнүн уясын тапкансың го?

Шарактап күлүшүп, сени колтуктап жетелеп алышты. Шаршебүбү төрөптүр. Те согуштан мурда аялдар төрөгөндө «эркек бекен», «кыз бекен?», «жентегин кандай берди?» деп такмазалап сурашчу. Бир-эки жылдан бери аял кем төрөп калбадыбы, эми тигил Шаршебүбүнүн төрөгөнү кулактарына жакшы угулду. Алар бирибиринен көрүндүк доолап, ымыркай ыңаалаca «ий ананайын» дешип эмчектеринин учу кычышып, бүткөн бою дүүлүгүп; кээ бирөө менин көрүндүгүм ушу деп мөөндөгү майын алпарышыптыр, балага оозантышты.

...Жентекке күн көрүнгөн бир сындырымдан калама ооз тийдиңер.

Жол катары келиндер жанагыдай шарактапшпай муңайым басышты:

— Төрөбөгөн аял ооруга чалдыгат дейт.

— Төрөбөгөн аял катек болуп калат дейт.

— Төрөгөн келин барктуу...

— Келгиле анда төрөйлү,— деди Алтын келиндерге күлкү салып, чийдин арасын көргөзүп.

— Мен төрөбөйм мындай жерге, чийдин арасына, андын түбүнө,— деп Бурул аны кагып койду. Бул сөзгө Алтын чычалаган жок.

Сен чычалап, кызарып, жерге кирип кете жаздабадыңбы, Бактыгүл? Бурул экөөңөр башынан өчсүнөр. Өчөгүшкөнүңөрдү эсиңерге салайынбы? Бир күнкү чогулушта Теке чал элдин алдына чыкпадыбы. Эчкинин чычаңындай сакалын сылап, эринин жалап-жалап алды.

— Келиним Бурулдан суранам, турчу балам ордуңан?

Бурул ордунан тургандан кийин Теке чал сөзүн айтты:

—Менин мурдум менен канча маңдалак казып жедиң, балам? — Анан элге кайрылды. — Бул келиним мени «Шиш мурун» деп тергейт экен!

Эл дуулдап күлүп, Бурулдан башка дагы эки-үч келин эшикке чыга качышты.

— Келиндер, аялдар, айланайындар. Биздей карыларды сыйлаганыңарга кудай акы ыраазыбыз. Маскара кылбай сыйлагыла, мурдубуз менен жерди каздырбай...

Теке чалдын сөзүнөн кийин ошол жыйналышта «эски саркындыга каршы күрөшүү» деген бир такилип кирип, келиндерден биринчи болуп Бурулду сындап-тилдеп сен сүйлөбөдүңбү, Бактыгүл. Дайыма шылдыңдап жүрчүсүң.

Жентектен келатып жолдон буруу арыктын жээгине олтурдуңар. Сууга жүзүңөрдү жуудуңар. Суу кулдурттап акты, суу силердин жашыңар даамданды. Төмөнтөн силердин жашыңар чакага сузулду, жашыңардан мал жутту. Силердин жашыңар чебектердин бакалоорунан өттү. Чийдин былтыркы жоолугунун тамтыгы жок. Чийдин былтыркы көйнөгү тытылган. Шамалга калтырап чий жылаңач, сейрек. Сен, Бактыгүл, жаңы көктөгөн чийдин түбүн жулдуң. Келиндер сырдашты, ырдашты:

Жумгалдын башы тегерек,
Жамгыр бир төгөт себелеп.
Жаз менен учкан каркыра,
Жарымдан кабар бере кет.

Көлмөнүн башы тегерек,
Мөндүр бир куят себелеп.
Раний болсо жарыма,
Жүрөгүмдү бере кет.

Сенин жүрөгүң зырп этти, Бактыгүл. Кайната-кайненең жарым жан. Сен аларды багасыңбы, алар сениби? Этегиң жаман жерден жыртылган. Догуна каласың, кач ушундайында, эмнеге жаныңды кууратасың?

Келиндер жол катары дагы шарактап күлүштү, сени ортого алышты.

— Эмнеге кабагың бүркөө?

— Сенин кыялың бузулду.

— Ал Жолборстон — жолборсту төрөйт,— деди Бурул кыйгачтап, кандай мааниде айтканын билгизбей жымсалдап.

Сен чочуп кеттиң. Көз кыйыгың менен ичиңи карадың, тигилер кынжыйып, сен чендейгендей. Кокус келгиче төрөп койбоюн дедиң. Же Жолборс жок, же башканын дайны жок, төрөп коюуң анык өлүм эмес беле?

Сени шылдыңдагандай сездиң. Төрөгөн энесинен жакынмын Жолборско дечүсүң өзүң. Ошого бир топтон бери кат жазбаганыңды эстедиң. Катка ишенчи да эмессиң. Жазылат, окулат, тытылат...

Жолборс кийин катында сени оозанбады. Тытылып бир жерде калчу кагаздын бурчуна сенин атыңды ыраа көрбөдү. Бейиштин төрүнөн куру калтырат белең деп сен ызаландың. Туталанып жарылып кете жаздап жүрдүң. «Катын өлсө камчы сап» деген макалды эстедиң. Ушуну эш кылып, ушуга сооронduң. «Мына эркектердин кылыгы» деп тараза ташың теңеле түштү. Жыйналышта өзүң биринчи тилдеген «саркынды» эми кытылдап желкеңден түрттү.

Үйүңө кирсең, чокой көктөгөн «Дың кулак» жалгыз, башын көтөрбөдү. Төрдө уктаган Бугу, алдында сенин кичине төшөгүң, башында жаздыгың.

— Тебелетпейм! Өзүңөрдү тебелеткиле. — Бугуну силкип ийдиң. Ал тамды бир сүзгөндө гана ойгонуп, адегенде бул түшүм экен деп, анан эчтекеге түшүнбөй башы-көзүн сыйпалады. Сени карайм деп, Асылдын тайыган шибегеси алаканынын сыртына чыга түштү. Чокойдун кончуна кан мончоктоду. Ал сенин чокоюң, сени жыңайлак баспасын деген кайненең... жалдыраган аны тиктеп тилиңди тартпадың:

— Кулагыңа коргошун.

Асыл сени карагандан карады; чокойду тигиндей жылдырып канын уучтады, кан салааларынан куюлду.

Ал колун эмес жүрөгүн сайып алды, жүрөгү канады.

— Дүйнө сендей аялдан курулса, ошол дүйнөнүн башына сийдим!

— Тилин кара... Тилин! Дың кулак! — Бактыгүл, Асылды жыга түрттүң...

— Кемелиме келбе. Келбе-е кемелиме...

Силердин чууңарга Нурпача аралашты. Ал сени «балам» дечү, анткен жок, көзүн кызартты:

— Бизди какпа-силкпе! Жаман тилиңди тийгизбе...

Мындан артык сөздүн кереги жок болчу сага, Бактыгүл!?

Сен алкынып-жулкунуп төшөнчүлөрүңдү таңа баштадың. Сенин кулагыңа алыстан мобул үндөр кыйкырып жатты:

«Жолборско турмушка чыккансың!»

«...бала төрөйм дегенсиң!»

«Ушул үйдөн карымаксың».

«Кайда?.. Кайда!»

Таңып жаткан төшөнчүңө көзүңдүн жашы таамп минттиң; «Аялдын тагдыры ушу экен. Аял ушундай жаралыптыр. Аял баарына аял боло берет экен...»

Жок, бул өзүңдүн... Жалгыз өзүңдүн тагдырың. Тагдыр адамдын өзүнө окшошот. Аял баарына сүйкүмдүү, бирок, бирөөнүн гана аялы...

Нурпачанын жүгүнүн эңшерилгени, туш кийиз илинген мыктардын короюп калганына Салый аябай өгөйлөдү. Өзү тытынганы аз келгенсип, тиги тамдын бетин тытып салган Бактыгүлгө ачууланды:

— Ага эмне кайгырасыңар, кайгырбагыла,— деди Салый кайрат айтып мешке калдыратып от жагып,— биз деле келиниңербиз. Бугу уулуңар. Бугу, атаңдын көлөшүн оңдоп койчу...

## XXX

Кара башыл адам унутулат экен. Бул жерде жашабагандай, деле андай неме болбогондой, сөзгө илинбей; кишиси унутулуп баратканда ити менен кимдин иши бар? Киши түгүл Күрдөбөт бар экенин Мойнок туйбай бул жерден өткөндө тоотуп ырылдачу эмес. Үйдүн ити экенин ит үрүп билгизет, Күрдөбөт үргөндү унутту. Үрбөгөндү ит да өз катарынан чыгарат дейт.

Ташматтын ити качан, эмнеден жоголгонун эч кимиси билбей калышты. Бир күнү Мунар, Бурмаш экөө олтуруп, анан сөздөн сөз чыгып бири-биринен сурашты:

— Басаа, Ташматтын итинин улуганын укчу белең?

— Укчумун. Ботом, сен да укчу белең?

— Укпай анан,— дейт Мунар кулагын басып.

Бул кыштын узун түндөрүндө болчу. «Абдыразактар» терең уйкуда. Улам бирөө жамынчысын тээп ыргытат. Бирөөнүн үстүнө бирөө оонап бирөөнү бирөө жазданып, а тетигинден ары тоголонуп кеткендеричи. Мунар эне ондоп жаап, ондоп жаткызып алек. Төртөөнүн кыялдарын кой, бышылдаганы төрт башка; бышылдаганынан улам кимиси кандай жатканын билет. Кулачына кабаттай кысып, төртөөнөн төрт ыракат, төрт бөлөк кубат алат. Эрмек келмейинче, анын атынын денеси күртүлдөтө чайнаганы терезенин түбүнөн угулмайынча андан уйку каччу. Качан атынды минесиң? Уулум, Абдыразак...

Ошондо Күрдөбөттүн улуганы угулат, капкаяктагы жаман санааны аңтарып.

—Башынды жут! Ээңе көрүн! — дейт Мунар эшикке чыга жер сыйпалап, тыяктын оозун кабыштыра койчудай чалма ыргытып. Ыргыткан чалма бир аз гана араак даңгылга тиет.

Мындан бастырманын үстүндөгү Күрдөбөт солк этип чочуйт. Тилдеген үн, ыргыткан таш өзүн карай экенин сезгендей тумшугун куйругуна катып жаагы жап. Кайда анын ташты кубалап арсылдачу күндөрү? Итке эмне шам, үрө бербейби?

«Эле байбиче» Эрмектин атынын дүбүртүн алда кайдан ажыратат. Туруп, бурчту кайсалап тамызгысын табат. Анан мешти ачып, көөмп койгон отуна тамызгысын салып үйлөйт. Эрмек кеч келгенде өлмөсөк чокко көк тезек ушалап араң тутантат. Мештеги от тутангандан кийин гана чыракка кезек тиет. Чырак жандырууга боо-боо ширенке кана анда?

Кайсы убакта болсун келинин от менен тосот. Минтип «ак уул, кызыл кыз» төрөсө. Таңдан кечке ат үстүндө жүрсө. Суу жылытып бербей дарт тийиптирби? Береги жаткан төртөөнүн ырысына тээк болуп турса экен, Эрмекке суук тийбесин, ысык өтпөсүн.

Мунардын санаасы кичине тынчып, көшүлүп барат-

канда баягы иттин улуп-уңшуганы кайрадан кулагына бычактай тиет.

Бурмаш да туруп барып итке чалма ыргытчы экен түнүчүндө. Экөө бири-бирине айтып күлүштү.

— Ага эмне болгон?

— Таң-ң.

— Акотчу атып кеткен го?

— Жакшы ит өлүгүн көргөзбөйт дейт же өлгөндүр. Ошо Күрдөбөт жоголгон жазда Кулапия, Ысак экөө тең ооруду, экөө тең балыйсага жатып, аз күн өтпөй Кулапия каза тапты. Төөнүн жарты этиндей даңкайган аялды өлөт деген кимдин оюнда бар? Колхозчулар үрпөңдөшүп Ысакка барышса, ага киргизмек түгүл чендетишкен жок доктурлар. Башта бу «балыйсага» жаткандар болсо эшигинен адашып жүрбөй эле терезесинен сүйлөшүп, тамактарын да терезеден сунушуп, бүт айылдын эсенчилигин айтып бакылдашчу.

— Ысактын оорусу катуу го?

— Ай бечера, адам болбойт го?

— Үй тиктирип коёбузбу?

Кырсыкты, жамандыкты согуштан гана күткөн Эрмек калдастады. Моминтип ээк алдында колхоздун бакандай мүчөсү ооруп, турмуштан кысылып жатышты. Эмне кылат? Кандай арга? Сен кыйын күндөрдө башкарма болупсуң. Колхоздогулар сени карайт. Сен каякты карайсың? Жерди карайсыңбы? Антүүгө акың жок. Сең баарына жооп бересиң. Сен «ак жолтойсуң!» Сен баарын коргошуң керек. Эрмек...

Камчысын бүктөй аркасына кармап ары-бери басты. Ысактан ажырабоочудай, эгер андан ажырашса эле колхоздун иши айрандап калчудай, андай бригадир табылбоочудай туюлду. Ошол Ысакка киргизишпей, же эмдигиче дарылап айыктырышпай, бул эмнеси доктурлардын?

— Чоң доктуруңар кайда?

Шашылып-бушулуп кагаз жазып жаткан халатчан башын көтөрө, жазганын алдынан жылдырып ага бурулду:

— Сизге ким керек?

— Мага чоң доктур керек.

— Мен.

— Ысактын абалы кандай?

— Ал ким эле?

— Ал колхоз... Ал колхоздун мүчөсү! — Эрмек бак-бак этти. Бир колхоздун жакшы бригадирин, анын оорусу катуу экендигин, мында жаткандыгын билбегенине ызаланды.

— Халатыңыз кана?

— Сүзө качырып кирип кетти. — Сестра Эрмектин ийнине халатты жаап даттанды.

— Сиз кимсиз?

— Мен башкармамын!

— Колхозго да ушинтип кыйкырасызбы? Бу жерди больница дейт. Бизде башкармага артык укук берилген эмес. Эмне үчүн тартипке баш ийбейсиз?

— Тартипке баш ийип сураганы келдим. Мен адамдын абалын сурап жатам? Бизге адам керек!

Доктор ордунан ыргып турду:

— Бизге адамдын кереги жок дейсизби? — Доктор кызандап урушуп аржактан сестраны чакырды:

— Ким экен бу кишинин оорусу?..

— Садыркулов Ысак,— доктор оозун күбүрөтүп, кынаптап тигилген сары кагазды бат-бат барактап окуду.

— Оорунун абалы катуу.

— Катуу болсо айыктыргыла.

Таты, Ракыя, Нурпача баштаган бир тобу дагы босогодо тирелип турушту.

— Айыктырбасаңар алып кетебиз.

— Жамандыгы болсо айткыла...

— Көргөзгүлө!

Доктор мобу жутунгандарга эмне жооп айтаарын билбей кайсалактады, жоопко, тартипке көнгүдөй тигилердин түрлөрү жок. Эчен оорунун онтогонун көтөргөн, өлгөн адамды жаш тамызбай узаткан доктор азыр тигилердин ишенбегендей сыягына бир чети ызаланды, бир чети жашыды.

— Билесиңерби ал эмне оору экенин? Түшүнөсүңөрбү деги? Мен да аялмын. Ишенесиңерби аялга? Ал тирүү, бирок силер көрүүгө болбойт!

Босогодогулар арттарына кетенчиктей селейишти, артка жапырылышты.

Ысактын оорусунун катуу экендиги айылдагыларды аябай үрпөндөттү. Алар ансайын бирине- бири камкор. Бири байкабаганды бири байкап, бири унутканды бири эстетет.

— Эй, ооруга көп бара бербегиле.

— Доктур өзү айтпадыбы, таза кийингиле... таза жуунгула.

— Доктуруң ырас эстетти, он жылдан бери жуунганды унуттум эле,— дейт Матай какшык. Ал какшыктаган менен «кара жандын дабаасы» деп доктурларды жакшы көрөт. Буларың болбосо кекиртегим тешилип, алда качан какшымакмын дейт Матай өзү. Бир канча жыл мурда тамагына сакоо чыкты. Адамдай оорубай жылкынын сакоосу жабышканына арданды. Ар кимдин тили менен ардемени сүйкөп, коёндун терисинен өйдө тартып, же ал айыкпай терсик алып баалап кетпедиби. Айласы түгөнгөндө «балыйсага» барды. «Балыйса» десе эле анын тырмагынын алдына, жамбашына «киши доктурлар» темене сойлотуп, бычактарын жалаңдата кайрап турушкандай көрчү. Суу жуталбай ирмейип барган Матай эмне дары алып, эмне болуп уктап, эмнеден айыгып чыкканын билбейт.

— Э-эй, киши доктуруң кара жандын дабаасы.

Доктурлардын арасында кыргыз жок, буга Матай аябай өкүндү. Деги ал кезде кыргыз жаштары врачтык кесипке ынтызары кем же ага анчалык назар бөлүшпөгөндүктөнбү? Көбү «чоң» боло турган окууну самашчу, кандай, кайсы окуудан окушса «чоң» болот, ошону издешчү.

Кээки жаштарды ата-энелери айнытышчу: «кыргыздын каны таза, тоодо жашайт. Ооруса суу ичип айыгат. Оорунун окуусун кантип окусун. Өзү оорубайбы».

Эми элдин өзүнөн да окубаган-чокубаган «дарыкерлер» чыкты. Ошонун бири Бурмаш эне. Ала жайында те төрдөн бүрүн күбүбөй, канын качырбай, кандайдыр бир буркураган жыттуу чөптөрдү баштыгына салып келчү. Ал баштык караңгы тамдын төбөсүнө илинет. Качан убагы жеткенде Бурмаш эне чөптөрүн туурап, чөгүнгө думбалап оттун табына кайнатчу. Анан тундуруп, балжыраган саргыч маңызын балдарга кашыктап таркатат:

— Ичкиле айланайындар.

— Бул эмне эне?

— Бул улукман акенин дарысы. Оорубайсыңар-сыктабайсыңар.

Балдар буга чындап эле ишенип, кашыктап берген дарыга алымсынбай, анда тойгуча ичирбейби дегендей

дагы моюндарын созуп тамшанышып, а кээлери мурунбаштарын жыйырышат:

— Чоң ууртадым.

— Кермек экен даамы.

—Жыты бар экен ээ?

Чөптүн жыты кайнатканда ого бетер мурунду жарып, ууртаган балдардын ооздору буркурайт. Бурмаштын бир кашык «дарысын» ичирүү үчүн, айыл-ападан балдарын алдына салып чыбык менен айдап келгендер да болбодубу.

— Бурмаш апа, дары чөбүңөн ичирчи буларга.

...Ошол жазда Бурмаш аябай өзгөрдү. Таң кылайгандан кобурап сүйлөп басып жүрө берет. Те дөңгө чыгып жол карап, талаага, тоолордун башына колун серепчилейт. Алышты бойлоп, кез-кез таманынан таш алып суута чулп ыргытат.

— Апа, жүрү үйгө.

— Азыр айланайын. Суунун шылдыраганын тыңшайм.

— Тамак иччи апа?

— Жүрөгүмө тамак баспайт. Ооруган атабы.

— Анда жата турчу.

— Макул кагылайын.

Ал билгизбей Сардардын калпагын мурдуна жыттап чүмкөнөт. Ошого алымсынабы, кечке ойноп чарчаган баладан бетер бөжөйүп уйкуга кетет.

— Сардардын каты качан келет, арамдын...

Сардардың каты дагы үзүлдү. Бул андан бетер жаман. Катты дайыма аласың, ага көнүгөсүң. Бүгүн да алаарыңа ишенесиң. Анан чуркап барсаң эле «жок!» «Жок?» Көзүң караңгылап, башың тегеренет. Почточунун атынын туягы жерди эмес сенин жүрөгүңдү каната баскандай. Жакин бул абалын тереңге катып, аны менен өзүн гана кыйнап, Бурмашты собулайт.

— Келет апа каты... Келип калаар.

Бир күнү чай ичип олтурганда Бурмаш келинине минтти:

— Жакин, мага эстетип койчу. Анан күзгүңү берчи каранайын...

Мамбет чынысын жерге коюп кемпирин олоё тиктеди. Унчуккан жок.

— Эмнеге тиктейсиң? Өзүмдүн жүзүмдү унутуп калдым,— деди күлүмсүрөп. — Жакин менен бир жакка ба-

рамын. Ээрчитем келинимди. Сөөк-тамырыма учурашам.

Жакин чындап сүйүндү. Ырас эле кийин кол бошобойт, кайненесин ээрчип жол жүргөн жаманбы? Агабуга алаксып, көңүлдөрү ачылып калаар.

...Зыйнат баягы Чоңой деген немеге тийип кеткен экен. Төркүндөрү Бурмаш менен Жакинди аттан көтөрүп түшүрүп, кайра атказганда ыйлашты.

— Жакшы сөөк элеңер,— деди Зыйнаттын энеси кемшиңдеп. Жакинди бетинен өөп узатты. — Колубуз үзүлбөсүн кичинe кудагыйым.

Жакин ойлогондой Бурмаш капаланып ыйлаган жок. Жакинге акыл-насаат айтып, Зарлык менен Мундукка жалынат.

— Куш айланып тууруна конот балам. Зарлыгым менен Мундугум кайра бизди табат. Кадыр өлгөнү менен анын калкы өлгөнү жок.

Экөө андан Жакиндин туулуп өскөн айлына-төркүндөрүнө барды.

Жакиндин айлы... Ушул сулуулугум, өңүм, кылыгым барында эмнеден кеммин деген он жети жашы. Ошол сулуулугу, аңкыган жаштыгы аны дагы толкунга чайкап магдыратып, бал берип тамшантып, шарап жуткузуп мас кылып турду. Анын он жети жашы тиги бурчта-жашынмак ойноп кылтылдап тосуп алды. Кыз аты менен түбөлүккө коштошкону менен, кыз доорун өткөргөн жери баягы бойдон. Көрүшүп, жытташып кумары таркады.

Таенеси Жакинди маңдайынан өптү. — Жүзүңдөн апакайым! Барган жериңден көшөгөң көгөрсүн! — Анан ээгинен жогору көтөрүп, эки ууртундагы торгойдун көзүндөй калынан жыттады. — Кудай этегиңден жалгасын.

Жакин баягыдай чычалабай кайра ушул сөзгө ичи жылыды. Аялдын таалайы ушу «этегинен жалгаганда» эмеспи. Куру жылмаңдаган сулуулук эмне кылып берет? Мына, бир кездеги жандын сулуусу таенеси, ошондогу жигиттерди аттан оодара тарткан сулуулугунан бирдеме барбы? Ал кабат-кабат тоолордун аржагында кайрадан кайрылгыс болуп, көзгө бир жолу тартылып өткөн сүрөттөй элес-буластап калбадыбы. Таененин жүрөгүндөгү башаттын суусундай сулуулук ошо бойдон, бул эки сулуулук бири-бирин чанышпады. Ошол адам-

керчилиги бар үчүн ал баарына батымдуу, сүйкүмдүү, баары ага баласындай.

Төркүндүн баркын Жакин ошондо билди; төркүн деген кыздын эли белем, Жакиндерди чакырып, жогун билгизбей дасторкондорун жайып жадырашты. Шайыргүл жеңенин шайырдыгы баягы бойдон:

— Кылтыйманы билесиңби кызыке?

— Ал эмнең жеңе? — дейт Жакин күлө баштап.

— Анткорсуба. Аялдын кылтыймасы болот. Кичине эле кылтыйып бастыбы, анда эле кудайдын урганы. Түшүндүңбү?

Жакин түшүнүп, кыз кезиндегилер эсине түшүп, кызарып-татарып кытылдайт.

Шайыргүл өзү кошо шарактап, Жакиндин мурдунун учун чымчылап, эки эмчегинен мыкчыйт. — И-ии кызыке, сага ишендим! Таалайлуусуң,— дейт экөөнөн башка эч ким жок болсо да Жакиндин кулагына шыбырап:

— Аялдын кылтыймасынан сактан...

— Өзүңчү жеңе? Өзүң саксыңбы?

— Бир жолу жаңылдым. Чын, кызыке...

— Койчу?

— Эркек жатпаса уктай алчу эмесмин. Агаңа бутумду арта салып коюп уктачумун, тепсе болбой. Ал аскерге кеткенине жыл маалы толуп, эркек көрсөм балакет көргөндөй качып жүргөн учурум.

— Эмнеге антесиң?

— Кокус, эркек билегимди толгосо көзүмдү жуумп ийбеймби. Билесиңби Сардарга көзүңдү жумганыңды?

— Алда жеңеке ай!..

— Бир күнү таш короодогу шакарды өчүрүүгө бардым. Барып өрт койдум. Мал доктур Мойнокту билесиң го? Ошол бээ жетелеп, айгырга кымыз артынып тоодон келатыптыр. «Ой Шайыргүл кымыз ич!» деди. Ысыкта суусаган жаным кантип аткез кылайын. Кол чаначындагы кымыздан ичип олтурганда Мойнок мени далпайып баса жыгылсачы. Тургузчудай эмес. «Далдоого баралы» дедим. Кымызын башына куюп тура качтым. Ташкороого мурда жеттим. Шакар өчүргөн союлумду чокко сойлотуп, акактап кубалаган немени төшкө сайдым. Урುштум. Чок чачтым. От чачтым. Киймин күйгүздүм. Боорум катып өзүм күлүп... «Алтүндө койнума кел» дедим.

Алтүндө короочуну агытып коё бердим. Эшик, терезени бекиттим.

Баятан шарактап кайнаган казанга муздак суу куюп жибергендей болуп, Шайыргүл сөзүн тыйып ойлуу, сабырлуу. Кулагындагы күмүш сырга селкинчек тээп; Жакин так ошо сырганын ичине батып, өзүнүн шыңкылдаганы өзүнө жагып, жеңесинин мойнунан кучактады:

— Жаңылганың ошобу жеңе?

— Артыкбаш жалжактаса жаңылат кызыке. Сага эркелеп сүйлөп атпаймбы. Эркекке бутун арта салып уктачу Шайыргүл жок эми. Агаң согуштан аман кайтып жибитпесе кара таш болуп катам го.

Шайыргүл үйдүн ичин үч көтөрүп, эшиктен кубалаша кирген эки баласына жалынды:

— Сокотторум! Нокотторум! Кокочторум...

Мындай жалынганды деле угуп көрбөгөн Жакин жанагыдан бешбетер кетилдеди:

— Бул эмне деп жалынганың, жеңе?

— Бул ушул деп жалынганым. Жалынганга сөз таппай атпаймбы. — Ал боорсок мурундун бетин аарчып, чопулдатып өпкүлөдү. — Ырдап берчи эжеңе. Өзүңдүн ырыңды, кана?

Боорсок мурун көзүн ирмегилеп «өзүнүн ырын» ырдап ийди:

Моноч-чон...

Поштодо-он...

Бат-тык...

Ташту-уу...

— Уктуңбу булардын тилин кызыке. Ичеги-боорум эзилип, жалынганга сөз таппайм.

Жакиндин, Шайыргүлдүн шарактаган күлкүлөрү басылбай; алар мурдагыны сүйлөштү. Сырдашып жыргашты, бирге басышты.

Жакиндин ошондо айылчылаганы, күлүп алганы жакшы болуптур. Ошентсин деп, боюна күч-кубат жыйнап алсын деп Бурмаш эне ээрчиткенби? Ал келининин төбөсүн карай калдайып жылып келаткан кара тумандай кайгыны алда күнтөн көргөнбү, билгенби?

...Жолдо баратканда, сельсоветтин конторунан Сардардын кара кагазы колдоруна тийди.

Экөө өздөрү угуп өксөдү... Эси оогон экөөнү бейтааныш адамдар арабага салып жеткиришти айлына.

...Аз күндөн кийин Бурмаш каза тапты.

Түнөргөн чалдын маңдайында сокоюп жалгыз калды, Жакин сулуу...

## XXXI

Адамдарды талдап, бирөөлөрдүн кылганын бирөөнө оодарбай таразалап, кара кылды как жарган күндөр өтүп жатты.

Амандын ызасы кайнап өзүнчө сөгүнөт.

— Атаңдын оозуга урайындын тукуму...

— Э-э Күрсү, айтчы эмес белем. Ал иниң кырс неме кишини сүйбөгөн. — Билегине чейин түрүнүп каймак чалып олтурган Сымап чоолжуй сүйлөйт. Ал тыяк-быягын бурулуп карай албай, кара көк тартып семирген. Ушу семиргенине мактагандай кечөгү теңтуштарын тааныса да таанымаксан: «Э-э, сен белең. Мынча эмне арыктагансың» деп пейил күтүп кесирленет. Ага мына бу уй баскан жер жакпай, алардын мурдунун сасыгы алда кайдан жыттанып, уйга мурдун чүйрөт. Малдын жакшысы, пайдалуусу кой экен. Акырындап «кой берма» болобуз деп жүрүшсө, жанагы согуштагы Эсен, агасынын «сасык мурун уйларга» ферма экендигин ыраа көрбөй кат жазыптыр:

«...Уй фермемин деп тебетейди көккө ыргытып жазган катыңды алганым качан. Уй ферма болгонуңа кубанмак турсун кийин кайра капаландым. Сен ферма башчысы болгонуңдан кийин колхоздо киши калбай бараткаиын билдим».

— Я Сымап? Мени киши катарынан чыгарып... Тукумуңду урайынды. — Аман күйүп-бышып, бир бозоруп бир кызарат.

— Күрсү, мен билбесем айтамбы? Менин тилимди алсаң кор болбойсуң. Каминис деп койсо аңырандачу анын. Согуштан аңырандап окко учат андай немең. Кат жаздыр аныңа, башын калкаласын. Быяктагы үй-бүлөсүн багабы же...

Аман кабагын түйүп күпүлдөйт:

— Эмгекти мен жасадым! Элди мен багып атам! Бронтко эт... Аманский майларды жөнөттүм!

— Сен ак жүрөксүң, Күрсү. Жанагы каминисиң Ракыя кампаны сатып-сатып жолуна түштү.

...Аман аялы экөө ферма башчысы. Экөөнөн артык киши жок. Экөө болбосо музоо туулбай, уйдан сүт чыкпай калчудай ыңгыранып жүрүшкөндө, экөөнүн мындай сырларын билген Эсен колхозго каңырыгы түтөп фронттон кат жазганда; негедир ушундайлар Эрмекти коопсунтту, ойлонтту. Колу чолок Омордун кылыгы ага кошумча болду. Курортко барат, минерге ат сурайт. Көзүнө көрүнгөндү сурайт:

—Саап ичкидей үй, шернеге козу бергиле.

Эрмек бул жолу ага унчуккан жок.

— Во-от, закон бар. Ата Мекендин инвалидимин. Мен канымды төккөм! Мен колумдан ажырагам! Мен мекенди коргогом. Во-от. Мен согушкам!

...Эрмек дубалда илинүү кыпкызыл өрүк комуздан көзүн айырбады. Үзүл-созул үн кыңгырап, анан комуз кыймылдап, кулагы көпкө баңылдап толгоно берди. Бул эмнеси? Үзөңгү тие электе бөжүп кетчү жоргодой элпек эмес беле комуз. Жал-куйругун желге сапырып, чоң жолдо аркырап бараткан күлүктөй эмес беле комуз.

Мойнунан илинип, дубалдын сызы өтүп комуз табында эмес, комуз бейтап. Көптөн бери ээси аны мойнунан сылабай, анын кулагы катып, үч кылы кургады. Комуз көптөн кийин ийге көнүп, шартылдап күү чертип төргө өттү. Эрмек көзүн жуумп тыңшап, жанында Абдыразак олтуруп, күү арасында анын каркылдап күлгөнүн укту.

— Кана, Эрмегим, созолончу.

Эрмек Абдыразактын тизесин таяна олтуруп, акыштана күлүп, кашын серпип алат:

Тордомо жоолук салындым,
Толгонуп сени сагындым.
Томсортот экен жашчылык,
Торуңа кайдан чалындым...

Аңгыча колуна депкир кармаган Мунар эне качырып сала берди.

Эрмек көзүн ача мыйыгынан жылмайды. Комуз ордунда, эч ким жок. Эмелеги комуз үнү, күзгүнүн сыныгына чагылган күндөй жалт эткен кыялы анын денине алоолонтуп от жакты.

— Өг, бүгүн чарчадым,— дечү Абдыразак. Анда ал айылдык советтин председатели. Эрмек анын ат минип жүрүп чарчаганына ишенбей оюн-чындап шылдыңдачу:

— Эмне, кечке жер каздыңбы?

Эрмек канча түндөр, канча күндөр ат жалында Абдыразак менен сырдашты. Көрсө анын айтканы чын экен. Күндөр арылаган сайын Эрмектин жумушу көбөйүп, быягынан бир жумушту бүткөргүчө тыягынан бир жумушу чыгып; ушулардын бүтпөгөнүнө Эрмек күнөлүүдөй болуп, бирөөнүн ачына айланып, тогуна толгонуп, бирөөлөр ыйласа, бирөөлөр согуштан майып болуп кайтса алар менен кошо ичинен ыйлап, күйүп жүрдү. Тигинтип кыйналгандар бөлөк-бөтөнбү? Калдайган калың журт кан жутуп турганда каякка барасың? Жалгыз жыргай аласыңбы?

Эрмек кечке жуук маңдайдагы Кароол дөбөнү карай бастырды. Кышында бул дөбөдөн жылгаяк тээп балдар кетпейт. Жаз чыгар менен алардын ордун карылар ээлейт. Уй мүйүз тартып олтуруп алышып, колдорун жаңсай икаялар айтышчу. Согуш учурунда тигилер сээл тартты.

Эрмек атынан түшүп, дөңгө чыгып эки жагына көз чаптырды. Негедир анын мурдуна нандын жыты уруңду. Талаа нан жыттанды. Чынында эле талаага, көз жеткен жердин баарына нан бышып жаткан. Мобу асмандан тийген күн талаага түшүп, нанды өткөрө кактап жибербейин дегендей, тоонун далдоосун карай калкамандап бараткан.

Ракыя... Ракыяга таңгалат. Ушу чала сабаттуу тоңдосун көрүнгөн аял эки-үч айдын ичинде трактордун тилин билип... Үйрөнүп.

Эрмек бырс күлүп жиберди, бир эсе капаланды. Жазында Ракыя рулда жүрүп уктап, трактору боростон чыгып, терең аңга кирип кетиптир. Ошондо ким эмне дебеди:

— Ой, ага кампанын ачкычы ылайык.

— Деги эмне болуптур? — дейт кээлери.

— Трактор ала качып... аңды сүзүп...

Бытыкүл алаканын шак чаап чыны менен коркту:

— Катүгүн, уктап атканыбызда тамды сүздүрсө кантмекпиз?

А трактор бузулган болучу. Тракторубузду аңга тыгып алдык деп кимге барат Эрмек? Ракыя тракторун түнү менен өзү ондоп, эртеси шашкеде кайра аңды сүздүрүп айдады.

...Те көз учунда, тоонун этегине чейин жаркылдаган толкунун серпкен эгин ошо «сүзөнөөк» трактордон.

— Жаныбар, сен да окко учуп согушта жүрөсүң ээ? — Эрмек атын ыйык жалынан сылады. Ат да ээсинин айтканына түшүнгөндөй, кулагын жапыра башын жерге салып, ооздугун шылдыратты. Эрмек ат жалын кармаган бойдон ойлуу: деги жылкылар убайды берди го. Согуштун жүгүн булар да тартты, тердик салынбагандары жооруп, кырчаңгы болуп. Эмнесин жашырат, бээлер кулун салбадыбы. Кулундардын туягы желеде мокоп, жаактарына нокто өтпөдүбү. Жылкынын алды те согушта окко учуп, маңдайын жарып ок тийип, чыңырып жыгылып жатпадыбы.

Ат бышкырып ийди, таноосуна жакындаган саратан коңуз куланып кетти. Бул дөбөдөгү эки караанды карай сызган иймек канат чабалекей жалтанып, кайра кылкандарды көздөй кайыды. Уй мөөрөп, кимдир бирөө чалгы кайрады.

Күн шүйшүн канга окшоп батып баратты... Күн чачыраган кандын баарын жууп, эртең менен ааламды уялтып, өзү ааламдан уялып жаркырап чыгат. Ата журт боюна жуккан канды жууп, так ошол көз уялткан күнгө окшоп турат. Эркектер келет. Эрмек аларга «жамандыр-жакшыдыр ат миндим силер жокто. Алгыла башкармалыкты» деп айтат, мобул аттын чылбырын сунат. Ал ой качан аткарылат? Быйылбы, келеркидеби? Ал ак жолтой боло элек. Анын оюнун бирөө аткарыла элек. Аттын ыйык жалында дагы канча жол жүрөр экен?..

Бүгүн Эрмектин көңүлү жайбы же иши жайбы? Мунар эне эшигинин алдында олтуруп, андан көзүн айырган жок. Келини деле бараандуу, караандуу көрүнүп, тигинтип Кароол дөбөгө чыгып дайыма, эки жакка көз салып. Ушуга эненин ичи жылыйт, капшыты чыгат кампайып. «Кудая мунуңа шүгүр, кээки тыйтакелер» кайненесин чокуга чаап, кайненени кой, кечөө эле «ахылап-охулап» күйөөсүнө жалынып жүрүп, бүгүн башка бирөөнү ээрчигендер жокпу?

Бактыгүлдүн жоругун ким унутат? Көз көргүс жакка жоголом деп коюп, анысынан айныды. Баягы кырдан куланган бойдон төмөнкү Оморго барып тийди. Кырдан куланган таш да орунун таап жатат. Ал орунун тапмак түгүл, аялдардын бетине чиркөө болду, аны аялдар жийиркенип карашат.

— Өл аа, бетбак!

— Эрге мен тийдим. Башыма жоолукту ошон үчүн салынгам. Ургаачы болгонума күнөөлүмүнбү?. Өл дейсиңерби! Менин жашагым келет!

Ал жашап жүрдү, Омордун аялы болду. Эл аны Омордуку дебей, атайлаппы же унутуппу, мурунку оозго үйрөнгөн боюнча аташчу:

— Жолборстун аялы.

— Нурпачанын келини...

Омор муну уккан сайын ызаланып, бирөөгө аял болуп кучактабады беле деген ой жүрөгүнө так салып, түнүчүндө улам бир суроону сурай берчү.

— Жолборс кандай эле?

— Билбейм кандай экенин,— дейт Бактыгүл тайсалдап, тигинин көңүлүн тынчытмакка. Бул жооп тигини тынчытмак турсун, кайрадан жиңкеритет.

— Жолборсту кандай кучактачу элең?

Эми Бактыгүлдүн оюна капкаяктагылар түшүп, эмне айтаарын билбей диртилдеп, тигиге көз караңды болуп, коомай кучактап жуурканга башын катат. Эмне үчүн сурайт, билбейби өзү? Бактыгүлдүн жүрөгү ачышып, төшөктө эмес бир тикенекте жаткансып, бүткөн бою сайгылашып; Оморду эмес ташты кучактангасып муздап ичиркенет.

Түндөрдүн биринде Бактыгүлдүн бөйрөгү былкылдады.

— Бул эмне? — Омор жуурканды серпип ыргытып, Бактыгүлдүн бөйрөгүнө алаканын басты. Бактыгүл жыйрылып, тигинин колун түртүп, күлкүсү келбесе да күлүмүш этип алаксытты.

Эки-үч күндөн кийин Омор райондон ылжып мас болуп кайтты:

— Мен каныңды төккөм! Аялды коргогом! — Ал тебелетчүдөй Бактыгүлдү омуроолотуп, камчысын үйрөт. — Сен быякта... Кечээ Жолборсту унутуп, бүгүн мени, эртең дагы бирөөнү... Жогол!

Жаркылдаган келин Бактыгүлдүн тагдыры, түшкөн жолу ушул болду. Аял ушинтип төрөп, ушундай карымак беле?..

Бактыгүлдүн башына жааган ушак, анын кылыгы, акырында көзү карайлаган там сүзөт болуп Омордукуна кирип барышы, Алтындын үрөйүн учурду. Мурда ага ачууланып, айтайын десе оозу кыска, өзүмдү кагып коёбу деп, кепке-сөзгө теңелбегенине ардыгат. Же би-

рөөнү жакшы дей албай, же жаман экенин бирөөгө айталбай, ичинен кайнап жашаган дүйнөң курусунчу, Ичине капкаяктагы бугунун баары камалганы аз келгенсип, апасынын үйдөн чыгарбаганы өттү.

— Кимди карап турасың,— дейт эшикке чыкса, көзгө сүрткөндөй киши жок болсо деле. Ал жөн эле абадан дем алып, асманды, тоолорду тиктеп, тетиги арыкты бойлоп баскысы келип, ошолордун баары сонун экенин ойлоп турса.

— Кайда басасың? Олтур...

— Олтура албайм! — Алтын бир күнү апасына бир тийди,— Уктуңбу, олтура албайм! Бир жолу сенин айдаганыңа көнгөм. Көнбөйм эми!..

Эзели кайыр айтпаган кызы тастандап бетине чыкканда негедир Бытыгүлдүн оозунан сөзү ыргыды. Кыжынып, кызын олурая карап, анын жүзүнөн чыгып турган заардан жалтайлады. Демейде өзүнөн-өзү чамына берчү Бытыгүл, ушинтсем муну колго бат түшүрөм дегендей жоошуп унчукпады .Кызы анын көзүн карабаганда, ал айдаган жакка баспаганда кайда басмак эле? Ал бир балакет кылып жиберет деп кызын сыртынан кайтарып, ага ишенбей, эненин милдети ушу деп, өзүнө гана ишенип, кызынын сөөгүнө тамга басып, кызы муну көтөрө албай ичинен кайнап жүргөнүн капарына алган жок.

— Жаманчылыкта же жакшылыкта катарга кошулбай... Бактыгүлдүкүнөн менин күнөөм көп! Бир саткансыңар, жамандыгымдан сатылгам. Жетет эми...

Арадан эки-үч күн өтпөдү. Алыс жол жүрөрдөн бетер кирлерин жууду, кийимдерин жамап-жаскады. Сайып жаткан туш кийизин бүктөп сандыктын түбүнө бекитти.

— Качан саясың? — деди сиңдилери.

— Качан согуш бүткөндө...

Өзүнөн бийликсиз, жоопсуз кызынын бир жакка басаарына Бытыкүл ишенбеди. Дагы эле сыр билгизбей чакчарылып, берки кыздарын какаарлады.

— Баскыла... Кылгыла... уктагыла...

Алтын энесине бир ооз сөз айтпады. Эртең менен арча челектеги максымдан кара аякка куюп, шашпай маймаңдап нан жеди. Бытыкүл уктамыш этип, бир көзүн жылтырата карады. Негедир күйөөгө атказгандагы кызынын дасторконду баса олтуруп, майга боорсок

чылап маймандаганын эстеп, «жутуккан өлүгүңдү көрөйүн» деди. Жутуккан кызы максымдан көнөчөккө куюп, оозун чүпүрөк менен таңып, энеси жакты карап койбой, каалганы тарс жаап эшикке чыкты.

Алтын жумушка жөнөп жүрдү. Жөнөгөндө да келинкыздарга кошулбай Кумаш дечү «Таначар бука» менен суу сугарып кетиптир. Муну уккан Бытыкүл буркан шаркандап; ак калпагын чекесине кийип бейкапар турган Отунчуну кактады.

— Көгөрткөн мен, агарткан мен! Кайран эмгегим! Сенин тукумуң... дулдуйган өлүгүңдү,— Бытыкүл «абышкасынын» ак калпагын күлгө чапты. — Калпак кийет имиш. Арсыз, кызың эмне кылып жүрөт я?!

Ошондон соң Отунчу калпагын, өтүгүн, пыязы чепкенин көпкө чейин кийбеди. Баягыдай келиндерге имерилбей, четтеп бастырып маанайы басыңкы. Бытыкүлдүн бирөөнү ушактабай жаагы, айылчылабай аягы тыныңкы. Кызынын мурдуна суу жеткенде өзү келип «апакелеп» мойнун кучактаарын күттү. Апасын күттүрүп коюп, Алтын суу сугарып жүрдү...

Сен, согуш учурунда суу сугарып көрдүң беле? Мөңгүнүн суусун. Күн чачырай бутуңду сууга малганда мээң лук дей түшүп, итче чочоюп этегиңе катып бутуңду; чучугу суунун ичинде калгандай жилигиң какшап, көзүңдөн от чагылып. Калтаарып, заарканып бутту кайра сууга малып; керелден кечке суу кечип, суу ичип; суудан чыкканда таманыңа таш кирип; таман өлүү болуп, согончок чарт-чурт жарылбадыбы...

Алтын согуштун азап-тозогун ошо суу сугаргандан билди. Ал сугарган суу анын бет чиркөөсүнүн баарын жууду.

Кызынын аты оозго алынганына ичи жылып, аны тилдегенин унутуп, ага күйөө издегенди саамыктатты. Кызы ушинтип айыл-апага жакшы аттуу болуп турса, Кашкар өзү арага киши салып сөз каттырары да ажап, А мүмкүн Кашкардан оокаттуу, мансаптуу, Бытыгүл чалкалап барып-келип туруучу күйөө табылар. Бир эсептен кызынын көздөн далдоо жүргөнү жакшы. Алыстагы кыз сыйлуу, барктуу, сөөлөттүү. Бытыкүл айылга мактанып жүрдү.

— Алтыным, алтындай кызым, садагасым. — Алтындын шарапатына өзүн кыстарат. — Аны чыйрак өстүр-

гөн мен! Сөөгүмдү агартпадыбы, секетим. Майын чыгарат жумуштун.

Ал кайрадан баштагысындай чакчарылып, баштагысындай аялдардын арасына кулагын түрдү.

— Аманды пермеден түшүрөт экен, уктуңарбы?

— Уктук. Ошону ырас кылат, кудайын тааныбаганды.

— Аялы андан бетер киши тааныбайт. Биз колубузга сыйпаар май таппай жүрсөк, ал челек-челек майларды сатыптыр дейтко?

— Чын экен ошонусу. Шырдак, күнүгө бирден туш кийиз тартат үйүнө. Биз тишибиздин кирин сорсок, ал дүнүйө жыйнайт.

Бытыкул түкшүмүлдөп алдардын сөзүн бөлөт.

— Кимди коёт экен ордуна?

— Киши табылбай атыптыр дейт.

Муну укканда Бытыкул дагы бир аракетин жасады. Күлгө чапкан ак калпакты, пыязы чепкенин, өтүгүн Отунчуга кайрадан кийгизди. Аны бөйдөй кууруп, тилдеп тоого жөнөттү:

— Кара күрпөңдү сойдура берем. Эртең күүгүмдө үйдө бол! Уктуңбу?

Эртеси Бытыкул Мунар энени тооруп, жайкап «Абдыразактын калкосуна» өпкө-жүрөгүн чапты. Күн кылкылдап баратканда Эрмекти кошуп үйүнө чакырды.

— Айланайын байбиче, сендей алтын барбы деги? Тилим тийсе кечирип кой. Күнөөм болсо алдыңа түшөйүн. Сары байбиче, ырыс-кешиктүү. Балдарыңан айланайын...

Мунар Бытыкулдун үзүлүп түшкөнүнө ийип, аны жакшы көрүп, кайра ага өзү күнөлүүдөн бетер жарпы жазылды.

— Ага-ини кишибиз. Өйдө-төмөн өткөндү өзүң кечир, Быты. Менин жиним бар экенин билесиң, Эрмекти сабайм кээде, кудай каары жаным.

Отунчу айткандай күүгүмдө келди, чаначтын түбүндө гана үч чөйчөктөй кымыз.

— Желени мал доктур кыркып салыптыр, акти жазып. Кымыз табылбайт.

Бытыкул аны эт кайнаган үйгө киргизип алып жер-жеберине жетти.

— Кантейин-ин, күйкөнү таптаса куш болбойт. Ар кайсы үйдөн бир чөйчөктөн сурабайсыңбы?

Азыраак кымызды Эрмек менен Мунар энеге гана сунуп өнтөлөдү. Өзүнүн ичпегенине кайыл:

— Ичкиле коноктoрум. Биз аябай ичтик. Ичпесеңер таарынам.

Эрмектин ичкен тамагы сиңип, нымшып тердеген. Улам бир баласын эркелетет. Көптөн бери өзүнүн үйүндө да мындай олтурбаган; тиги согуштагы кабарлардан бери чечиле сүйлөдү. Мунар эненин көзүнө да келини ошол түнү деле алданемедей, салабаттуу, жылдыздуу көрүндү. Ал Эрмектен көзүн айырбай, ага суктанып, ага ичинен жалынып төбөсү көккө тийди.

— Эрмек садага. Бир жолу даам сызган жериңе миң жолу салам айт деген кеп бар. Бизди сөзүңө, эсиңе ала жүр. — Тамак желип, колго суу куюлгандан кийин көкүрөгүндөгү дартын баштады Бытыкүл. — Ак дасторкондун үстүндө алдыңа башыбызды ийип... биздин чакырган жөнүбүз... эми өзүңдүн колуңда турганда жалгаарыңды жалгап... Отунчу ыгыңан чыгабы? Чыкпайт! Уй пермеликти Отунчуга алып бер. Жер каратпа?

Муңар эне оозун ачып, унчукпай түнөргөн Эрмекти карады. Ак дасторкондун үстүндө эмне дээр экен? Ашын ичкендин ийрин кантип жандырат?..

## XXXII

Ич көйнөгүм шайыдан,
Ичке жип менен кайыган.
Издеп жүрүп таппадым,
Караанынды айлыман.

Калыйманга ыр табылганы менен обону табылбады, ыр үйрөнгөнү менен үнүн үйрөтө албай убара. Кандай немeнин үнү жакшы? Кишинин оозу-мурду, баары эле окшош, үнү эмнеге бөлөк?

Эмеле созгон обону кулагынан кетпей биреөлөр ага кыйкырып, ышкырып, бышкырып шылдыңдагандай, шекшип айланасына карады. Эчким. Бышкырып маараган койлор. Ышкырган уларлар. Кол сунса жеткидей ак мөңгү, чайыттай асман. Ушул тоолордо, чатырдай асмандын астында ыңкыган кой жайып Калыйман.

Саты душманды кубалап батышта. Эми кубалап баратышат, биздикилер кубалашып...

Койчу болдум сен жокто, Саты. Тоо-ташты мааратып, беш жүз койду мааратып, өзүм да маарап тосом сени. Тарсылдак менен күрсүлдөктөн башканы, кан менен өрттөн башканы көрбөгөн көзүң ушу мелтиреген жайлоону качан тиктер экен? Сардубалын көтөрүп үстүну сунулган тамыңды көздөбөй короо көздөдүм. Там бузулса кыш куябыз, кайра там тургузабыз, чекебелине дарак саябыз. Картөшкө олтургузабыз...

Айланайын кабелтең а-аай
Айланып келчи мен минтем.
Кагылайын кабелтең а-аай,
Кайрылып келчи мен минтем.

Экөөбүздүн тамыбызга согуш жолтоо болбосо экен, биз картөшкө айдаар аңыз кысыр калбаса экен мындан ары. Муунтуп кел биротала, болбосун согуш!

Ак тулпар минип эңип кел а-ай,
Айгышкан жоону жеңип кел.

— А-аайт десеңчи!..

Чоң таштын далдоосунан Сагымбай карп-күрп чыга калды. Мингени боз ат, бөктөрүнчөгү бар .Асынганы дүрбү, өңөргөн беш атар.

— Акын турбайсыңбы сен. — Сагымбай жаркылдап күлө сүйлөдү. — Ырыңды дептерге жаза жүр, ыр жыйнагандарга беребиз, борборго.

— Шылдыңдабагылачы. — Калыйман ийменбей, бир чети тырчып жооп берди. Аны теңтуш кылган Сагымбай өзү. Кой төлдөгөндө Калыймандын жүдөгөнүн айтпа, козулардын бирөө эме албай, бирөө адашып, Калыймандын бутунун арасынан эмчек издесе; тыякта бир кой козусун жерип, бирөө тууй албай онтоп. Күндүр-түндүр мээ ачып, Калыймандын кирпигинен бери туңгак. Быягынан имерсе тыягынан жайылган койлорго ээ боло албай төбөсү менен жер сайып уктап. Уктап атканда козулар жамгырдай жаап...

Төл убагында кээ бирөөлөр тыяктан качып өтүшчү. Мобу Сагымбай атын короонун четине байлап салып, жаңы телчиккен козуларды атайлап энесине эмизчү.

— Эй чабан, кийин бир козу бересиң.

Айтканы туура, жөндүү деп жүрдү Калыйман. Бир күнү саңсаң кара козуну көргөздү.

— Киши жиберип өңөртүп алгыла.

— Өзүм эле өңөрөм. Мага түшүнүк жазып бер.

— Түшүнүгү эмне, жазалбайм.

«Мен, колхоздун чабаны Сарбанова Калыйман бул кара козуну өз эрким менен Эрмаматов Сагымбайга беремин». Сагымбай түшүнүктүн аягына кол койдуруп, бүктөп чөнтөгүнө салды да, атына минди:

— Кана, бас алдыма түшүп. Эмне үчүн мени каралайсың? Өз эрким менен деп. Колхоздун козусу. Ким үйрөттү сага?

Опузалайт деген Сагымбай чындап эле кызараңдап демитти. Калыйман тигинин ойну же чыны экенин түшүнө албай, «Укуругу узун өкмөткө» өзү барып илингенине айласы куруду.

— Жаман үйрөнгөндөрүн. Суратам районго. Каматам... Бас!

Жазында бир табак тукум уурдап бирөө кесилиптир дегенди уккан. Кесилбеген күндө да жаманаттысынан, суракtан эси эңгиреп айлам эмне болот дегендей көзү жайнады.

— Мындан кийин...

— Баскын дейм! — Сагымбай атын темине демитти.

Анын сөзгө көнбөй жаалданганынан, кыр көрсөткөнүнөн уламбы, адатынча Калыймандын жүрөгү солк этип, эки кадам алдыга шилтеди:

— Айда мени! Мен билгенимди айтам өкүматка, мени да угат өкүмат! Кызыл Армиянын үй-бүлөсүн басмырлайсыңбы? Козу сураган өзүң. Менин козум короомдо, калхоздуку! Тебелетесиңби мени? Дезетирди тебелет! Мен аскердин аялы... аскердин коюн багып жүрөм!

Сагымбай каткырып аттан ооп түштү:

— Багындым сага... Бая эле ушинтпейсиңби!

Ошондон бери булар ынак. Ынак болгону менен Сагымбайдын мүнөзүнө түшүнбөйт. Калыйман; көзү сени тиктеп, сенден бирдеме издеп жүрөгүңдү болк эткизип, апкаарытып же мээлитип эркелетет. Сөзүң оозуңан ыргып кабагынан сүрдөйсүң же өзү сенден сүрдөп тунжурайт. Катаал, каардуу неме го деген оюнду жыйнагыча Бакайдай мээримдүү.

— Кой бакканды билдиң. Эмне үчүн ырдаганды билбейсиң? — дечү Сагымбай Калыймаган оюн-чындан акырайып. — Кайсыл чабан кандай ырдайт же ыйлай-

бы? Койлорун кошо ыйлатып арыктатабы, муну да аңдыйм!

Бастырса нечен сонун жерлер бар; эрмектешсе кыркырлардан малчылар учурайт. Анан негедир Калыйманды издейт, анын кээ жери жууратай уюп, кээ жери куруттай чачырап жайылган койлорун алдагайдан тааныйт. Койлору апапак, а өзү капкара. Жоо... анда, жүзүндө, анын өзүнө гана энчиктелген бир жылдыздуу сулуулук, аялдын кереметн бар болчу. Ал сулуулук баарына сезилчү эмес, тыяктан карап «а-аа кара катын» дегенге Калыйман аткыдай болуп көрүнчү.

Сагымбай Калыймандын аял экендигин аяп, аял болгондугунан аны капкаяктагы кырсыктын баары торгоп, аңдып, согончоктоп тургансып, кырсык болсо мен бар дегенсип, түндүн бороон-чапкындуу кайсыл убагы болбосун, эгер бул тарапта жүрсө Калыймандын короосун сыртынан акмалачу. Кандай шырп билгизбей бастырсын же көзгө сайса көрүнгүс түнбү Калыймандын үнү кулагына чак этет.

— Сен ким?!

Кайсы убакта болбосун Калыйман «өз постунда» тургандыгынан уламбы, же Сагымбайдын кызматы ушундайды талап кылгандыгынанбы, же Сагымбай өзү да ушундайга көнгөндүгүнөнбү, ал Калыйманга имерилип, ага жакынсып сырдашып, күлүп сүйлөшүп, тамашалашып чери жазылат. Чери жазылганда ага дүйнөнүн баары бейпил, жыргал, теребел кооз, жаркырак. А мобу Калыйман сулуу, ырчы, обончу.

— Ырдачы жанагы ырыңды?

Калыйман баягындагы жоро бозодогудай, жүрөгү кайырмакка серпилген чабактай туйлабады, кыйналып кысталбады. Сардубалы жаанга эзилип, жетимсиреген тамы көрүнбөй, көзүнө күн нурун жамынган чалкайган тоолор, мелтиреген асман көрүнүп, ал ээлигип, делөөрүп, ырдагысы келип, обону өзү табылып:

Ич көйнөгүм шайыдан,
Ичке жип менен кайыган.
Издеп жүрүп таппадым,
Караанынды айлыман.

Кылганым колхоз жумушу,
Кермандын чыкты урушу.
Кайрылып биздин жигиттер,
Ичилер жайлоо кымызы.

Жаркылдап, термеле көзүн саал жуумп, обонун созуп, обону кулагына жакшы угулуп, тоолор аны тиктеп баш ийкеп «ырдадыңбы, ыр ошентет» деп; Калыйман тоолорго эреркеп, бугу жазылып дүйнөсү түгөл, келечегине ишенип капарсыз.

Жүзүнөн күн нуру кылгырып, жылтырап тайгаланып, төгүлүп, Калыймандын жүзү күн нуруна «жок, мен адаммын, мен кандай жаралсам ошондой болгонум жакшы» дегенсип турду. Анын көзүнүн карегине ээр токумчан ак боз ат байланып, андыктан Сагымбайга Калыйман ансайын жылдыздуу, сулуу көрүндү. Эртеги ырдалып жүрчү «чүрөктөй мойну койкойгон», же «айдай-күндөй» сулуулук эмес, өзүнүн жаратылышы, сулуулугу... Мүмкүн, тигиндейден өтсө ал сулуулукту Сагымбай да көрбөйт эле, билбейт эле.

...Те чокуда, кардын этегиндеги коргулда экөөнү аңдып, экөөнөн көзү өтүп дагы экөө жатты, ташка окшоп, ташка жашынып. Ал экөө аркы мөңгүгө жакын, ал экөө чыйрыкты, күн жылытпады. Деги ушу кыргыздын тоолору да кызык: этегине эгин бышырат, бооруна мал жаят; а чокусунда эзели кетпеген ак мөңгү. Бир эле күндө жылдын үч мезгилин: күздү, жайды, кышты басасың кааласаң. Те чокудагы экөө түндө эле жашыл майсанды уйпалап, күндүн мурду чачырай мөңгүгө жакын жетишкен. Экөөнү мөңгүнүн зыркаары каарып, ичтери калтырап, беттери түк. Бир аз эле төмөндөшсө күн аларды жылытмак. Бирок, азыр орундарынан жылбайт.

Экөөнүн үстүндө айланган жору-кузгун, кечөө жуткан куу сөөктөн башка жемсөөлөрүндө эчтеке жок. Тиги өйүзгү тоолордон быякты көрүп, курч көздөрү таш арасын аңтарып, тарпка окшогон экөөнү көздөй бөрү жара тартканбы деп сабалашкан. Көздөрүнүн чала көргөнүнө, экөөнүн тирүү экенине ишенбегендей, тирүү болсо эмнеге талпагы ташка жайылган дегендей дагы эле каалгып айланган жору-кузгун. Бул чокуда тарпка окшоп жаткан экөөнө жору-кузгун да аңтаң.

Кур-рк... кыр-рк... Курр-рк...

— Кызыталакты,— деди тарптын бирөө ызырынып боз атчанга сөөмөйүн сайып, жанындагысын кайрап,— жилигин чакпасмынбы, экинчи бирөөнүн катынына жологус кылып. Карачы тигини, биз жан менен алек, а ал... жан кашаят. Угуп атасыңбы Түнтөй?

Түнтөй түнөргөндөн түнөрдү. Кантип түнөрбөйт? Мына бул тоолор, аркырап аккан суулар, тигил ыңкып жайылган койлор аныкы болчу. Чатырап кыр-кырларга бастырчу, кыдырып кымыз иччү. Сүйлөгөн сөзү үзөт, кийми бүтүн, курсагы ток, күндөрү шаан-шөкөт. Эми Түнтөйдөн көрө ит ээн-элкин басат, арсылдап үрөт. Ушул итчелик жок беле? Бирөөнө атаандашып, бирөөнөн кызганып, туягын санап тигил койлорду өстүрбөдү беле, күн тынчынан түн уйкусунан безип, Эмнеге үйлөп-үйлөп отко салды? Ким?

— Эсиңдеби Түнтөй, айгырга кымыз артынып тетиги Ача-Таштын кайкысынан жолукканың? Күн бешимге таяган убак, биз чөлдөп жакаадан келатканбыз. — Ташмат көзүн жуумп, кеберсиген эринин жалана улутунду. — Ошондогу даалдаган курбулар кайда? Экөөбүз минтип жан айласында... жашоого укугубуз жок. Эми ак никелүү катыныбыз бирөөнүкү, милийсаныкы.

Түнтөй башын көтөрбөй боортоктоп, тиштери менен суйдаң чөптөрдү кыркты. Анын мурдуна жердин жыты кан жыттанды; көзү алачакмактады. Кантип унутсун... Анда райондогу кызматчы бөлөсүнө эки күн түнөдү. Эки күн ичинде Айнаш аны сагынып, түнүчүндө музоодон бетер моюн-башын жалап, уктатпай; ал келинкыздарга шилекейи чубуруп, бирок жолоп сөз айталбай араң келсе да, анысын жашырса да билип, шекшип, алардан кызганып, бүт районду күнүлөп, бүт райондо келин-кыздарына туйтуктап таарынган. Райондун жасанып, тараңып, колтукташып баскан чүрөктөрү аны арбап, көзүн жумса да алар кыркаар тизилип; ошолордон кийин күрмөсүн жонунан түшүрбөгөн Айнашты көрүп, бул бир маңдайындагы каскак болуп, кыртышы сүйбөй чыканагы менен өпкөгө согуп тескери оодарылган.

Эми Түнтөй бул апааттуу күндөрдө жандалбастап, улам бир жерге ооп, изин суутуп, биттеп-куштап, арыпачып жүрүп кайтты. Алты ай бою аял аттуудан көзү өтүп, ак никелүү аялына зар болуп, аны сагынып, анын кадырын билип.

Челкейип Айнаштын боюнда экен, күйөөсүнө көз жашын бурчактатты.

— Эмнеге ыйлайсың? — деди Түнтөй.

— Сага... бечара, байкуш болгонуңа. Эмнеге эжемин акылын укпадың? Сен үчүн эжем да жаманатты...

— Ар ким өз башына жооп берет. — Түнтөй оркулдап бир тийди.

Айнаш суз. Кимдендир жазгангандай, сүйүңкүрөбөй төшөк салды, чечинди... Аялынын денеси муздак, кучагына кыналбады. Түнтөйдүн сагынганы, зарлаганы, кадырлаганы заматта таркап, анда бир күдүк ой тууду. Эмнеге, эмне үчүн музоодон бетер моюн-башынан жалап эңсеп, күсөп жүргөндө боюнда болбой.

— Боюнда барбы?

— Билген жоксуңбу?

— Билгим келбейт! Аягым сай таппай жүргөндө... бала кимдики экенин...

— Эмне-е? — Кыңкыстап оорунсунуп жаткан Айнаш ыргып турду. — Эмне деп калжырайсың?

— Ким калжырак? — Эмне экенине акыл жүгүртпөй, караңгы түн жамынып жүргөнүн унутуп, Айнашты жаактан ары чуу тартып жиберди.

— Калыйма-ан! Өлтүрдү-ү. Калыйма-аан...

Ал өз аялынын койнунан качып чыкты, дооматты аялына оодарды. Аялын, өзүн, эч күнөөсүз төрөлө элек баласын маскаралаганын; жакшы сөз угаар бекемин деген аял жүрөгүнө туз куйганын билбеди. Ал аялы боюн салып, элжиреп сүйүп жүргөндө сүйбөй, анын илеписин биротала суутуп, токулгасын аябай жукартып, азыр ага эркектин дымагын орунсуз жүктөп чабалактатып ийгенин билген жок. Курсагындагы бала үчүн Айнаш эмне сөздөрдү укпады, ойлободу, кандай бети чымырабады. Ошо бала экөөнү коргоп, элге жүзүн жарык кыла турган атасы кайра миңтип...

Түнтөйдүн түнөбөгөнүнө Айнаштын ичи андан бетер ачышып, капшыты эңшерилди.

— Калыйман, менин күнүм курусун. Күнөө менде, баламда эмес. Балада жазык жок! Балдарда жазык болбойт...

Түнтөй күнөөнүн баарын Айнашка үйгөн, аны Ташмат опоңой гана, тимеле айрыга чөп сузгандай Сагымбайга үйдү.

— Ээ, дос... аял деген макулук. Бас десең басат, жат десең жатат. Эмнеге алы жетет? Аялга күрсүлдөгөн гана эркек керек. Ал эркек тетигине, ээгиндин астында. Байчечекейиңди тепсеген ошол! Бооруңа муз төшөгөн ошол кысталак. Шашпа, шиши толду го. Ке-

лин-кыз менен шилекей алышып комуз кагат имиш. Айнашыңды...

Темир комузду... анын келин-кыздардын ооз комузун кагаарын Түнтөй да уккан; эркектин ошенткенине жинкериген, атасынан бетер катынча өскөн неме, өкүматка мындай «катынпоздун» кереги эмне деп Сагымбайды шылдыңдаган. Ошол «катынча» Айнаш менен шилекей алышып, комуз кагышып, бирөөнүн ак никелүү катынын азгырып...

Айнаш комуз какчу. Адегенде манчыркап, а комуз колуна тийгенде кашын серпе кылыктанып, ансыз да жука эрини жукарып, бажырайып, кудум кыргыйдай койкоё калчу. Бакалоору былкылдап, манжалары була чубагандай эпилдеп, анан укмуштуудай шоолдогон үн угулчу. Темир комуздун күүсүн мындай кайрып, мындай кубулжута ышкырган ургаачы жок болчу бул аймакта. Темир комуздан кийин Айнаш ойго чөмүлө жалжылдап, түнүчүндө коюну өрттөп-куйкалап жиберчү. «Билбейм, комуздан кийин дүйнөгө тойбой, көрүнгөн адамды кучактап өпкүлөгүм келет» дечү.

Жалжылдап, мандайында комуз кагып, ошол коюну менен Сагымбайды өрттөдү го жалбарып, музоодой жаланып:

—Урдум! — Түнтөй бурк этти муштумун түйүп. — баарын урдум!

Түнтөйдүн көзү канталаган, анын көзүнүн карегинде орногон капкара таш. Ал жети күнү жерден, жети күнү элден үмүтөткөн карышкыр. Ал жети түндө жети дубандын насиби буюрган карышкыр. Басаа, карышкырдын да жүрөгү бар.

— Баарын жууган суу эмесмин. Баарын көтөргөн жер эмесмин... Адаммын!

...Түндүн бир оокуму. Ал калчылдап карагандын түбүндө, эки кулагын жолго төшөгөн. Эч дарек угулбайт. Бир гана күркүрөгөн суу, аңылдаган капчыгай ылдый соккон зыркаар, үңүрөйгөн караңгылык. Эки-үч жолу карагандын түбү шыбырттап, чычкандар чыйкылдады, жогортон бабырган үн салып, акырын түлкү үрдү; аны ажал айдабагандыр, ал дагы жашаар. Мүмкүн ал козунун этин жеп, ысуулап уктап же бир келиндин койнунда жаткандыр. Балким башка жолго түштүбү, кутулдубу?

Асмандан жылдыз үзүлдү. Ар бир адамдын жылдызы болот дечү эмес беле, кимдики болду экен?

Жолдун таманы тарсылдап, боз ат караңгыдан суурулду. Берки калчылдап бөгүп, жер ага дагы кан жыттанды, жанаа күндүз айланган кузгундун куркулдаганы кулагына угулду, колу союлга карышып, оозу кургады: «Жаза чаппайын... жаза гана чаппайын!»

...Боз атчан кара кушу уюй түшкөнүн гана бир билет. Чимирилип, түпсүз караңгылыкка куланып «бул эмнеси, куланбайт элем» дегендей аттын ыйык жалына тырмышып, ойт берген аттан ээр кашына өбөктөгөндө берки урган таш өпкөсүнө кадалды. Ал ооп-ооп шалак жыгылды. Берки кошкурган атты чылбырлап, бышылдап-күшүлдөп, тигинин коюн башына колун сунду. Сунган колун тарталбай өзү бакырып ийди... Анын колуна Сагымбайдын тапанчасы же обоймадагы патрондор эмес, аялдын эмчеги урунду, сөөмөйү жылжылуу канга малынды. Ал мындай качам деп кача албай, атка минем деп мине албай, жер көчүп темтеңдеди, өз башын муштагылап, көптөн соң эсине келди. Эсине келип, мына бул жаткан бир тууган эжеси эмес, душманы экенин эстеп өзүн өзү сооротту, көксөсүн суутту. Көксөсү суумак түгүл кайрадан көөдөнү өрттөнүп, тигил эс-учунан ажыраган Эрмекке аркансыз байланып, ага каралап, келесоодой кеңгиреп башынан жөлөдү...

Кантсе да, канчалык кыйышып кетсе да, ал бир тууганы, өлсө сөөгүн издеп алаары, топурак салаары, акыркы жылтылдаган үмүтү эмес беле. Эмнеге анын оболуна көнбөдү, акылын укпады, иштен илгери, кишиден кийин болуп качып жүргөндө, жедеп колтугу титирегенде, эженин баркын билбеди беле. Деги ал эмне жамандык кылды эле? Эмне...

Адам болгондугу үчүн. Түнтөй баарын көтөрө алган жок. Анын жери куурулду, басаар тоосу түгөндү. Үлпүлдөгөн акыркы үмүтүн өзү минтип үйлөп өчүрдү. Эми ал, жанын эмнеге корголотот?

...Эрмекти өңөрүп ооруканага жеткенде таң аппак аткан. Ак боздун жалынан туягына чейин кан болчу. Аларды баягында Ысакка коё бербейсиң деп Эрмек өзү чекилишкен аял доктур кабыл алды.

— Эмне болду? Кимсиң сен?

— Мен... душманмын?

— Эмне?!

Доктор Түнтөйдү тиктеди, Түнтөй мына бул жымжырттыкка, мына бул көз карашка чыдабай туттугуп, ант ичкендей кубарып, жыгыла жаздап турду. Анын кулагына «Абдыясактын калкозунун» чурулдаганынан башка эчтеме угулбады... Аларды чурулдаткан ким? — Бир кезде ал үйдүн төрүндө чалчактаган Түнтөй. Жездеси Абдыразак, мойнуна асылып эркелечү мотурайган жээндери көзүнө дагы бир жолу тартылып өттү.

Мас кишидей темдендеп, «инкүүнүн» короосун көздөй басты. Ооба, андан башка барар жери, батаар тоосу жок болчу. Эми ага баары түгөнгөн...

## XXXIII

Жарык дүйнөгө жашоо, жашоо үчүн күрөш, күрөштөгү турмуштун агымы токтободу; токтомок турсун тымыган жок. Мурдагысындай эле бууракандап, биринчи жээктен экинчи жээкке урунуп, түпсүз түбүнөн удургуп кайнап, жээгинен ташып жатты. Анын ушул толкуну кээ бирөөлөрдү көмөлөтүп, кээ бирөөлөрдү чамындыдай ыргытты. Көмөлөнсө деле, алар ошо өркөчтөнгөн толкундан алыс кете албай, ага байланып, имерилип, ансыз жашоо, өмүр сүрүү кыйын экендигине көздөрү канып, кайра толкунга далбас урушту.

Миллиондор толкунга көкүрөгүн тосуп, бирде анын үстүндө жабалактап, жаркылдап, бирде түбүндө кайнашты, кагылышты. А чынында турмуштун абийири, агымы, толкуну ушулар болучу. Жашоонун туткасы, дүйнөнүн түркүгү ушулар...

Жакин күйүт менен эрмектешти, күн көрбөгөн өсүмдүктөй жүк бурчунда. Башында кара жоолук. Он гүлүнүн бир гүлү түшө электе күйүт тарткандан тозок эмне бар? Көзү жаш чыкпай кургап, көкүрөгү сайгылашты. Он гүлүнүн бир күлүн күбүбөй көкүрөгүнө кайгынын жумурткасын басты. Кайгынын жумурткасын чайкап, балапанын чыгарабы? Ушинтмекчиби, тагдырга багынмакчыбы? Тагдыры алакандын отундагы бир атым насмайдай шамалга учмакчыбы? Жакиндин сулуулугу, жаштыгы, чалкыган сүйүүсү бул түккап учураган күйүт менен бүтмөкчүбү? Анын жүрөгүндөгү түйүндүн бир учун «тагдыр» деген неме бир күндө, алекисаатта гана чечип коймокчубу? Ал, аялдын сулуулугу адамдын өмү-

рүндөгү бир атым насмай экендигин, эгер байкабаса сулуулук аялдын өзүн мыкаачыдай кордоп-зордоп салаарын, аялдын периштеси жашоонун ыраатына баш ийүү, бешик кучактоо экендигин түшүндү.

Төрөйм деп жүрөгүнө, канына балакаттарды жашатып, алардын бар экенине сөзсүз ишенип жүргөн. Эми алар төрөлбөгөн бойдон, бар экени да билинбей жоголду. Согуш анын жүрөгүндөгү, канындагы балакаттарга кол салды. Согуш... аялдын жатыны дагы куурасын деди.

Колуктусун кучактабай, кыз сүйбөй кыркылган өмүрлөр канча? Сардар аялым бар деп компоюп армияга жөнөдү. Жакин аны жоктоп — жүрөгүнүн, жанынын теңин жоктоп, жок экенине ишенбей; эгер чын эле жок болсо анда бу дүйнөдөн тиги Сардардын дүйнөсү жакын сезилип, амалсыздан тиги дүйнө жакын көрүндү кээ түндөрдө. Ошондо автомат асынган Сардар маңдайында: «Эмне бар сага быякта? Сени, Жакинайым, жашасын дебедимби. Сенин жашаганың — менин жашаганым».

Анда Жакин Сардарынын кара кагазына ишенбей, ишенген күндө да «Сардар, сен мага керексиң» деп чакырса тиги дүйнөнүн жети кабатын жарып туруп келчүдөй сезилчү. Анын буга ишенгенинин дагы бир себеби: «Революциянын бешиги» — Ленин шаары камоодон тизе бүкпөй, эми ал куттуу шаардын ак жолтойлугуна, багынбасына ишенип, багынбагандан кийин, Сардарын балбыратып бешигинен чечип берчүдөн бетер, Жакин өзү да бешигинен талпынган баладай, ошо көзү көрө элек шаарга талпынып; анда Ленин басып... Авроранын залпы угулуп, «Ленинграддыктар, менин уулдарым!» деп Жамбул ырдап тургандай болот.

Ак сүтүн эмизген апасы Бермет Жакиндин абалына ботодой боздободу «жүрү кызым биз менен, суу ичсем суу ичерсиң» дебеди. Кызын маңдайынан сылап кайрат айтты:

— Жарыгым... Сен адамсың. Шайтан гана үмүтсүз.

Таенеси аттанаар алдында маңдайынан жыттады:

— Ыраазымын... Өлсөм сөөгүм ыраазы. — Ал каадасынча «кудай этегинден жалгасын!» деп бата берген жок. Сыягы тагдыр анын оюна «түзөтүү» киргизсе керек...

Көп эле кишилер Жакиндин кайгысын бөлө тартышты. Ошонун баарынан артыкча Сагыйда. Жакиндин ичкойнуна эч ким кире албайт эле Сагыйдадай; ал Жакин-

дин көзү менен ыйлап, жүрөгү менен кайгырды; Жакиндин жанынын тең жарымысындай. Ал Жакиндин аңкыган жытына, аппак алкымына, анын кылкандай кирпигинен өйдө күйүп ыйлады. Эмне болот? Жакиндин сулуулугу, жаштыгы... Өзү сулуу болуп туруп бирөөгө суктанып, өзү ургаачы болуп туруп ургаачыга илеписин артып «муну кандай гана ырыстуу жигит кучактайт, кучактаган жигитте не арман» дечү эмес беле? Аны жакага сайып бөпүлөп алчу гүл деп, ага мактанып, аны эч кимге ыраа көрбөй жүрсө «Кайдан түштү ушул чагылган?»

Экөө кээде таң атканча сүйлөшүп, ошондо да сөздөрү бүтпөй, кээде сүйлөөргө сөз табылбай, анда экөөнүн тең ичтери уйгу-туйгу. Эки-үч күнү жолугушпай калышса сагынышып, акыры экөө бир үй-бүлөдөй, бирине бири акыл үйрөтүшүп, тил алышып үйрөнүштү. Бул өздөрүнө да билинбеген эки аялдын сүйүүсү, Курманбек менен Ак хандай эки аялдын достошкону...

Бул достук Жакиндеги жашоонун, андагы сүйүүнүн түгөнө электигинен, анын жүрөгүндөгү сулуулугунун булагынан эмеспи? Адамды чанбаган, адамды түбөлүккө сулуулаган сулуулук.

Алыскы жолдо чаалыкпас,
Аргымак аттын жакшысы.
Алдырбаган сапаага,
Ак жоолуктун жакшысы.
. . . . . . . . . . .

Сагыйда бул ырды кимге арнап ырдап, эмнелерди эске салып жатканын Жакин дароо түшүнчү. Түшүнгөндө Сагыйданын сыбызгыдай үнүнүн арасынан капарсыз, ууз күндөрү жарк этип, кандайдыр бир терендеги кубанычтан өрөпкүп, кубанганынан, өчпөгөн үмүтүнөн көзү балбылдап, анын көзү, жамгыр жууган карагаттай мөлтүрөп, жүзүнөн баягынысындай от тутанып, чачырап, аңкыган аптап уруп, адам жутуп жибергидей боло калчу. Бирок, ал ошондогудай бул сулуулугун кастарлап күзгүгө каранчу эмес. Ал эми тигил Ракыядай, Эрмектей аял болсом дечү. Ал аялдардын — кадимки аялдардын катарына кошо элек өзүн.

Бир күнү Сагыйда чучуктай чыңырып кирип келди:

— Кудай ай, кудай... Жакин! Секетим... — Колундагы жаргылчактын туткасын, супуралы ыргытып ийип, Жа-

кинди кучактап өксүдү; алаканын шак коюп, өңү бузулуп:

— Э-э... Э-Эрмек эжени жыга чааптыр...

— Яа-а?!

Экөө биринен-бири өтүп жеткенде Мунар эне тура албай, жерге башын койгулап, үнү буулуп көкүрөгүн тытмалап жатыптыр. Жакин анын башын көтөрүп, бетине суу чачып ийгенде, ал талмасы кармагандай эс-мас көзүн алайтып, кайра шалак кулап сулкуйду. Жакин жылаңбаш, кара жоолугу тепсендиде экенин сезбей алек. Сулк жаткан Мунар эне бир оокумда ыргып туруп, калчылдап дубалды таянды:

— Айткыла... чынын айткылачы айланайындар... Эрмек...

Бул үйдүн ичи өксөп ыйлап, илинүү комуз солкулдап муңканды.

Жакин комуздай солкулдап, үйүнө жылаңбаш кайтты.

Башканын күйүтүнөн өзүнүн күйүтүн жеңил көрдү Жакин. Башканын күйүтүнө жүрөгү айныбай, башкалардын жыргалы үчүн жанын курман кылгысы; «Өзүңө бензин куюп өрт коюп, душманды карай чуркап, аларды өрттөп, өзүң кошо өрттөнгүң келет» дегени угулду Сардардын.

Бирөөлөрдү аягандыктан, кадырлагандыктан Жакинде бир кубат-дем пайда болду. Аны башкалардын күйүтү күрөшкө чакырды. Ал турмуштун толкунун карай кайрадан кулач урду...

Быйылкы күздүн үзүрү былтыркыдан дурус, эл күзгү түшүмдөн жарытылуу кепсен-аванса алышкан жок. Алар буга кайыл:

— Ыраазыбыз... Биздин огородубуз бар. Тыякка жөнөткүлө,— дешти.

Тыяк дегендери — душмандан бошотулган райондор; фашисттер жыландай сыйпап, жалгыз тоогун калтырбаган колхоздор. Аңырaган артелдерди шефке алышып, быяктан боор эттери менен тең асыл тукум малдарын тыякка жөнөтүштү. Советтин тузунан—колдун кириндей опаасыз дүнүйөнү аяйт беле эл. Өкүматка беришсе кайра алар өкүматтан экилтик алып жатышты.

— Ой, өкүмөт кредит берди,— Үсөйүн чөнтөгүнөн бүртүлдатып кызыл акчаларды сууруп, Шаршебүбүнүн

мурдуна такап. — Мал күтөбүз. Арабадан колум бошобойт. Сен балаң менен малды бага аласыңбы?

— Дөөдүрөбөчү,— Шаршебүбү Үсөйүнгө чүйрүңдөйт: — Жаман Калыйман бир короо койду багып жүрөт. Мага сын таккыча уулуңа түлөө кылсаңчы, ак төөнүн карды жарылган күздө?

— Түлөөнү чогуу беребиз, согуш бүткөндө. — Үсөйүн капталдуу кара аяк максымды дем албай жутат. — Билесиңби, жер союлуп аскерлер кайтат үйүнө. Жайма-жайма кап боорсок чачабыз аларга. Чоң той ошондо болот. Сен ошондо бетиңе ундан сыйпанып кой, капкара болбой. Ушагыңды унут эми, мурду талпагай балалуу болдуң.

— Тилиң менен жерге кир. — Шаршебүбү чычалап тикиреңдейт. — Сен аялды урганыңды ташта, биризге окшобой.

— Биризиң эмне?

— Китлердин аскери ал.

— Оо бириз экөөңдү урдум!

— Жинди — Шаршебүбү андан ары ырбатпай негедир жалтайлагандай; анын ушунусу жагып, «жинди» дегени «мырза» деп эркелеткендей угулуп, Үсөйүндүн ичи жылып, баласын да, аялын да мурдунан чымчып өөп арабасын карай басчу.

— Келесиңби кечинде?

— Бошосом келем. — Үсөйүн шапалагын үйрө тарс эттирет. — Араба деген кыйын. Арабасыз иш жылабы колхоздо. Бүгүн пункутка эгин төгөбүз.

Өзү теңдүүлөрдөн артык болбосо кеми жок Бактыгүл тигинтип жүрөктү ушүтүп, бойдок келиндер көбөйүп, келиндердин күйөөлөрү казаттан өлүп, алмончоктой кыздарга күйөө табылбай, кээ бир абышкалардын келинкыздарга напсиси бузулуп жүргөнүнөн уламбы, Шаршебүбү «Чекеден чертип бирөөнө тиймекмин» дегенин унутуп, Үсөйүндү кызганат, сыртынан кайтарат. Кээ түндөрү баласына балкайтып эмчек эмгизип, тойгузуп, уктатып, ороп көтөрүп алып, аны булуң-бурчтан, саман жыйган короолордон, сарайлардан, шектүү жерлерден издечү. Арабасын токтотуп салып аял менен шыңкылдашкан Үсөйүндү ал көзүнө илинтпеди. Шаршебүбүнүн аңдыганын билип балакетине калбайын дейби, аял аттууну оңойлук менен арабасына салбай, аларга токтотпой аңды-дөңдү ылгабай тескери айдап же жолдун чаңын бу-

руксутчу. Эриккен келиндер анын арабасын кубалап, тезек менен урушуп, күлүшүп, жетпей чуулдашып, каргап да жиберишчү:

— Арка-мойнуң астында калгыр.

— Дөңгөлөгүң сынгыр...

— Куда-ай машийне айдаса кантмек бул?

...Ушу күздө Жакинди кеңсаларга чакырышты, правлениянын мүчөлөрү бар экен. Жакин баарынан мурда Ракыяны көрдү. Анын колу барбайып, майланышып, кийимдери май жыттанды, бутунда брезент өтүк. Жакин астыртан аны карап, өзүнүн кийимдеринин тазалыгынан, бутундагы ботинкадан уялды. Ракыя трактор айдагандан бери көзгө сүрткөндөй болуп, ал биротола МТСка көчүп кетип, быяктагылардан кол үзүшкөндөй сезилчү.

— Балам... — Нурпача мурдуна түшкөн көз айнегин оңдоп, Жакинге кайрылды. — Биз сени чакыртканыбыз... бул правлениянын мүчөлөрү сени уй фермалыкка ылайыктадык. Муну Эрмек менен акылдашканбыз. Райкомдун бюросу билет.

«Эрмек», «райкомдун бюросу» дегенде Жакин олутунан тура жаздап, бир колу менен жер таяна алдыңкы эринин тиштеп алды.

— Мамбетованы билесиңерби, жолдоштор? Аткара алабы?

— Аткарат! — деди Ысак.

— Аткарат! — деди Таты.

«Мамбетова», «Аткарат» деген үнгө ансайын жетине албай, өйдө кароого буямасы келбей Жакин манаттай кызарып, күрмөсүнүн ичинде от болуп, Сардарды, жарык дүйнөнү караган көзү менен тигилерди кыркалакей карап, ушул көзү менен аларды алкады, ишендирди.

Правления мүчөлөрү таркагандан кийин Жакин Ракыяны кучактап өпкүлөп, көз жашын тыя албай койду. Ракыя майланышкан жупжумшак, эмгек ийлеп жумшарткан колу менен аны маңдайынан сылады:

— Арыз жазгын... Партияга өтүүгө... .

— Эжекебай... ишиң оңолгур...

Кажерден башталып, кажерден бүтөөрү белгисиз Жакиндин дүйнөсү ушул бейм. Ушул го сыягы... Ал, тигилер ишенгидей эмне кылды?

Жакин алкагандай Ракыянын иши оңоло баштады.

* * *

Боз кыроодо малакайчан, кайыш чокойчон, сары тончон, он төрт-он беш жаштар курагындагы бала бул колхозду таап, адегенде кеңсаларда топтошкон элди көздөй жөнөдү.

— Ашырдыкы кайсы?

— Тетигил. Аялы кеңсаларда олтурат.

— Жо-ок. Мага үйү керек. — Бала жонунда томпойгон таңылчакты ыкшап койду.

Ракыя үйүнө барып баланы басып жыгылды. Бакырак көз жармасын ыргытып ийип басып жыгылган. Бала «Бакыраң көздү» кучактап өптү:

— Ыйлаба... чоң кыз болгон турбайсыңбы.

Баланын таңылчагын чечишти: анда кол башындай аюунун майы, бөрүнүн чүкөсү, кийиктин эти, Кавактын кызыл тузу бар экен. Тузга каатчылык, ошол эле күнү айылдагыларга бир-бир татымдан бөлүндү. Аюу майынын теңин Салый алып кетти:

— Асыл апамын кулагына куям эритип.

Бөрүнүн чүкөсү Акиядан артпады.

— Кызым бөржатыш, эзип сыйпайм.

Бала эки күн өргүгөндөн кийин кайра жолго камданды.

— Амандыгыңарды көрдүм. Кетейин...

— Дагы эки-үч күн жат?

— Жок, апа... Энемин, чоң атамын тилин албай жөнөгөм.

Алидинди эртең жөнөтүүгө камынып, ага бир көйнөктүк кездеме сурап Жакыптыкына кирип, кат окуп олтурган Сагыйданын жанына барып, андан Ануардын сүрөтүн көрүп Ракыя бакырып жиберди:

— Кудай ай!.. Кимдин сүрөтү бул?! Оо, калкатайым!!

...Адамдардын тагдыры кошулуп, Адам болгондугу үчүн кайрадан табышып... Жер тамырынан эл тамыры көбөйүп, көбөйгөндүгү үчүн адамдын тагдыры кайрадан чийе байланып, ага Адамдын өзү таңданып, бирөөлөр кыргыздын тоолорундай бийиктеп, бирөөлөр таманда тепселип «Жашабасаң жашаба» деп жашоо аны тепсеп жатты.

«Саламатсызбы, карындашым Сагыйда,

Сиз мени Анвар же Ануар десеңиз да өз эркиңиз. Мага эки атым тең жагат. Анткени кыргызга да, казак-

ка да бирдей уулмун — сөөгүм кыргыз, этим казак. Азыр анын баарын териштирип айтууга убакытым жок, кечириниз.

Бул күндөрдө өмүр-баяныбызды ок менен жазып жатабыз. Мүмкүн ошол октун бири кокус мага жаңылаар. Согушта бул кокустук да эмес. Анда, өмүрүмдүн акырында, кыргыз элимдеги Сиздей кыз менен кат жазышканыма бактылуумун. Мен жашоону каалайм. Жашоону... Жашоону коргойбуз.

Биз түшүнбөгөн, билбеген, бизди кызыктырган ажайып дүйнөнүн чети оюла элек. Мен азыр бир гана нерсени түшүндүм: гитлеризмдин ордосун талкаламайынча бизге жашоо жок, жаштык жок. Ал тургай адам баласы кылымдар бою чогулткан мурастар жоголот. Мына ушунун баарын коргоп калуу бизге — XX кылымдын муундарына туура келди. Коргоп жатабыз аны!

Мен үңүлүп китеп тиктеп «ийне менен кудук казып олтурганда» фриц мага ок атты. Мен китебимди жаап коюп, 400 күн, 400 түндөн бери фрицке ок атам. Бул убактын ичинде 400 китеп окумакмын. 400 күн-түндөн бери өтүгүмдүн наалысы кан жыттанган талааны басат, колумдан автомат түшпөйт. Мен окуган китеп, мени күтүп чаң басты; ал китеп турган жерди фрицтин тамагы баспасын. Ошондо менин китебимди менден кийинки инилерим, карындаштарым, менден көптү билип, түшүнө тургандар алаарына сөзсүз ишенем. Бул керээз эмес — келечекке ишенүү, сыймыктануу.

Мен бир аз эле мурда келечегимди издеп жүргөн, момураган бала болчумун. Ачууланганды, урушканды жаман көрчүмүн. Эми кыжырым кайнап, тишим кычырап, каным бузулат. Жанымдагы жолдошторумду өлтүрүштү. «Жек көрүүнүн илимин»* үйрөнүп, кек кууп батышка баратам.

Мен эл-жердин кадырын билчү эмес экем. Топурагыңдан айланайын Ала-Тоо! Сени сагындым... кыздарыңды... Кечөө эфирден Айчүрөктүн ариясын уктум. Угуп ыйлап ийдим. Жашыктыгымдан ыйлабадым — сагынганымдан... сагынып...

Баягы боз бала эмесмин, эми сүрдүү адаммын — Кызыл Аскермин! Кийинкилер менден да сүрдүү, күч-кубаттуу болушу үчүн өзүмдү курман кылуудан кайра

---

* М. Шолоховдун «Жек көрүүнүн илими» — чыгармасы жөнүндө сөз.

тартпайм. Согушта башка ылаажы жок. Дүйнөгө бир эле жаралып, жаштык өмүр бир эле келерин билем. Аны ойлоп муңкүрөөгө укугум жок.

Мен бакыт издегем. Бакыт деген илим-билимге ээ болуу, узак жашоо деп ойлогом. Бир аз күн мурда тике маңдайыма снаряд жарылып, колумдагы котелокту осколка кагып өттү, өзүм топуракка көмүлүп калдым. Мен ошондо топуракты күбүнүп, эмне экенимди билбейм, каткырып күлдүм. Бул өлүмдү шылдыңдап күлгөнүм болсо керек. Мага снаряддын тийбей калганы бакыт туюлду. Согушта, кээде бир минут жашаганың кымбат. Бир минут жашаганың ушунчалык таттуу... ушунчалык узак бакыт! Мен ал күнү Федя менен Витянын насибинен бөлүшүп ичтим, каскага сузуп суу жуттум, бир жылдан бери суу ичпегенсип. Суунун таттуулугу алигиче таңдайымда. Ошондой суу жуттум бекен башта? Бир тамчы суу татканым мага бакыт, илим-билим болду.

Бир жутум суу көзүмдү умачтай ачып, капкаяктагыларды оюма түшүрдү: Пушкин... Гете... Байрон... Абайдын даңазасын угуп, ырларына суусап, акын болгум келчү. Чайковскийди, Глинканы, Бетховен менен Шопенди угуп композитор болгум келчү.

Рафаэль, Рембрандт, Репин, Левитан... сыяктуу сүрөтчү болгум келчү, окумушту-илимпоз... деги койчу, баарына жутунчумун. Дүйнө эшиги адам баласына жаңы гана ачылгандай көрүнчү мага.

Адам баласы Софоклдан — Ленинге чейин, Гомерден — Горькийге чейин, Бахтан — Шостаковичке чейин жол баспадыбы. Кылымдар бою адамзат өлбөс-өчпөс байлыгын жыйнады. Ал байлыктын мурасчысы — биз!

Бүгүн согуштун чегинде туруп, мен өзүмдү кылымдар бою жашап, көптү башынан өткөргөн адамдай сездим. Анткени эмне үчүн жашап, кандай максатта согушуп жатканымды билем.

Сагыйда, карындашым, Сиз айткандай немецтердин баары каракчы эмес. Алардын Бетховенин, Гетесин биздикилер унутпайт. Немецтер Гитлер эмес. Гитлерчилерге өз тукумдары каргыш айтат.

Бул катты сүттөй тийген ай жарыгында жаздым. Асманда ай, жерде мен, анан сиз гана бардай сездим бул түндө. Айлана тыптынч, жымжырт. Ушул түнкү айды сиз көрдүңүз бекен? Сизди ушул айга салыштырып, өзүм да айдай балкып олтурдум. Мүмкүн, бул кат

менен келечекте өзүм кездешермин. Бул кат менен сиз окуткан жеткинчектер кездешээр. Айдын жарыгында айдай болгон кызга жазылган кат дарексиз калбас...

Менин айтаарым, максатым, өмүр баяным кыскача ушул. Менин максатым, жашоом... баары, азыр батыштагы кызыл өрттү өчүрүү. Мен батышка баратам, күн чыгыштын адамы элем. Батыштан чыккан тажаал миң-миллиондордун канын күнгө чейин чачыратып, күн чыгышка келатты эле, төбөгө чаап кайра күн батышка жапырдык. Күн батыштан аны жок кылуу керек!

Күн менен кошо чыгып биз кайра кайтабыз. Күн чыгыштын адамы өз жерине келүүгө тийиш. Биз дүйнөгө жаңыдан жаралабыз, балдардын күлкүсүндө, кыздардын...

Сагыйда, садага... тынч укта, унутпа. Мен жазганымды токтотоюн, ыраазымын бул түнгө. Бир аздан соң таң ык салат, тревога болот. Чабуулга өтөбүз. Кош, Сагыйда, садага... Сүрөтүңдү жибер.

Согушуп жаткан армия, п/я №...».

## XXXIV

Жоготуп, же андыган бирөөгө уурдатып жиберчүдөй катты коёрго орун таппады Сагыйда. Катты тумардай бүктөп, кызыл жибек менен ороп желеткесине атайлап тиккен чөнтөгүнө салды. Жаны бир аз тынчып, ошондо да түшүп калбасын дегендей эмчеги ченди сыйпалай коёт.

— Эмне эмчегиңди тырмайсың? Кычышып атабы? — дейт баарын угуп, баарын билген Алыйма сиңдисинин кырына чыгып.— Анда бойго жеткениң ошол. Мыткытып кой бир жигитке.

— Өзүнүн ээси бар.

— Ээси ким?

— Солдат...

— Каяктагы солдат?

— Ушу айылдагы эле... бирге өсүп, бирге чоңойгон.

— И-ий бетбак,— Алыйма сиңдисин чычылатмакка сөзүнөн кармайт. — Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт деп мени шылдыңдачу эмес белең? Анын кана? Жигиттер артыман койдой чубурат, андан секиртип сынайм, тикенектен чуркатып сынайм деч‍ү эмес белең, анын кана?

Сагыйда ойлуу, токтомдуу. Ал эжесинин көзүнө көзүн тигет. Карегн жаш чайылгандай жалтылдап, анын өңү агы ак, кызылы кызыл, таптатынакай болуп, жылдызы төгүлүп, же мунун баары заматта өчүп, билинер-билинбес таноосу кыпчыла кубандайт. Бул бойго жеткен кыздын оюна көз ирмемде эмнелер түшпөдү? Бойго жеткен кыз көз ирмемдин ортосунда өрттөнүп, ичиркенип, бал жутуп же уу жутуп; дүйнө шыр айлангыча, ал чыр айланат окшобойбу.

— Жигиттер жалын кечип жүрөт. Аларды менден улуу, менден улук турмуш сынап жатат. Менин акылым жетпеген дүйнөгө жетелечү болду Анвардын каты. Биз... биздин дүйнөгө пайдабыз, зыяныбыз жок. Пайдалуулар жаштайында соолуп тыякта...— Сагыйданын көз жашы мөлт-мөлт кулады.

Ал катты жүрөгүнө кысып, анын сөздөрүн жаттап, кат анын жүрөгүнүн сокконун угуп, кат ага сонун ажайып дүйнө сезилип, таалайын кучактагандай куунайт.

Салаадан чубурган берметтей күндөр өттү. Согуш жылдары... кыйын күндөр экени менен иши жок Сагыйданын толукшуган курагы жетип, бул курагын токтотуп коюуга кудайдын өзүнүн алы жетпей, андай болсо бойго жеткен кыз сүйүүнү самап, сагынып, куса болуп, ай жанырбай коё албаган сыяктуу кыздын өмүрү жаңырып, күн сайын көз тайгылтып балкып, аңкып, күн сайын кылыгы артып, эгер ушул маалында жүрөгүнүн каалаганы табылбаса, ал гүлдөгөнү менен мөмө берери арсар дарактай солкулдап таранып турганда, анын баарына данакер болуп, издегендей Анвардын каты... Бул кат кыз сүйгөндөн чоң сүйүүнү — өмүрдүн дүйнөсүн сүйгөндүктөн, кызга ал андан бетер жагып, кыз жүрөгү ага купуя багынып, аны жазган жигит деле белбегени жок акылман, ага баш кошкон ургаачынын ырысы тоодон чоң; ошондой жигитке — фронтко кат жазышканына ыраазы Сагыйда. Анвар экөөнүн кат жазышканы, таанышканы, Ракыя менен Анвардын кат аркылуу табышканы, сүйүнүч, кубаныч, өкүнүч — ушунун баары, атайылап ойлонулгандай, айтса оңойлук менен адам ынагыс, түшкө да киргис окуяларга окшоду...

А бул адамдардын тагдыры көз алдынан өтүп, аларга боору ачып кошо күйүп, ал тургай өзү данакер болбодубу.

Дагы эмне болор экен?

— Балдар,— дейт кубанчы журөгүнө сыйбаган Сагыйда класска кирер менен журөгүнүн тушундагы Анвардын катын басып. — Силерге кызык айтып берейинби?

— Айтыңыз эжей?

— Ий эжеке, айтсаңыз.

Эмне кызык айтып жиберер экен деп кызыгып, көздөрүн балбылдатып караган балдарды өзү да балбылдап карап, мына ушинтип аларды кынык алдырып, аларды кошо кубандырганына ыраазы Сагыйда. Ал ансайын жадырап-жайнап, дүйнө жүзү ага ансайын акылды айран калтыргандай кубулуп, балбылдап; ошол себептенби укканын, окуганын укмуштантып, кереметтентип буга өзү да таңдана, жарпы жазыла сүйлөйт:

— ...Бетховен деген адам жашап өткөн. Ал музыкант-композитор болгон... Ал чыгарган күүсүн ойноп жатканда чымчыктар учуп келген укканы. Суулар акпай токтоп, балыктар тыншаган. Кара таш көлкүлдөп ээриген. Ооруулар айыккан. Бетховен күүлөрү чымчыктардын тилинде, гүлдүн койнунда, балдардын күлкүсүндө. Анын күүсүнүн кылдары күн нурундай сансыз. Бетховендин «аппасионатасын» Ленин уккан. Ленин угуп мактаган Бетховенди! Бетховендин туулган жери Герма-ания... улуту не-емис.

Класс тымтырс, төркү партадан гана бир баланын мурунy шуу.

— Ошондой сонун адамдардын укум-тукумуна калтырган мурастарын, осуяттарын бүлдүргөн мыкаачы Гитлер... Гитлерчилер адам баласы кечирбеген кылмышкерлер. Гитлерчилерди келечекте өз тукумдары маскаралайт. Германия Гитлердин өлкөсү эмес — Гёте, Гейне, Бетховендин өлкөсү... немистердин силердей жаштарынын өлкөсү!

Кечөө эле партада олтуруп, бүгүн аларга эжей болгон Сагыйданы деле билбегени, укпаганы жок деп ойлошуп, андан баарын бир эле күндө билип, үйрөнүп алууну самашат балдар. Сагыйда өзү да бул кенен дүйнөгө, кызык дүйнөгө жаңыдан кадам шилтеп, анын бир жеринде адашпайын же жаңылбайын деп, билгенинен биле элеги көбөйүп жүргөнү менен иштери жок. Сагыйданын аз сүйлөгөнү аларга кызык бирдеменин четин көргөзүп катып койгондой.

— Гейне ким эже?

— Гетечи?

...Ал күнү Сагыйданын классы дагы ырдап тарашты:

Эрик таңы,
Супа салбай жарк этип,
Европада,
Кытайда да атса экен.
Коммунизм
Кызыл туусу кылкылдап,
Дагы-дагы
Жердин жүзүн басса экен...

Канчалык билгизбейин, катайын десе болбой Анвар экөөнүн дайны айыл-апага жайылды. Муну укканда Сагыйда бир чети кызарып уялып, ага ичи жылып, жүрөгүнүн башы тызылдап, коргошундай эрип аны жакшы көрүп, кээ түндөрү кирпик какпай кыялданып, кээ түндөрү түшүнө кирип, кыйналып, туталанып...

Сагыйда Анварды көз алдына тартат: анын үнү кандай? Күлгөнү, басканы-турганы кандай? Бою бийик болду бекен? Көзүчү?... Жигиттердин да кылыгы болот дейт. Чын эле ошондойбу? Койчу... Сабырлуубу, же ачуусу чукулбу? Билсем ээ... мурдунун учу менен бир тийген кыялы болсо кантем? Адамды зериктирип дуңкуйсачы? Ага чыдаймбы? Алда кудай ай! Элди сынайм, сынтагам. Мени бирөө сынап, сынына толомбу? Анварды энчиктегеним эмнем? Анвар... Анвар... Сен мени жипсиз байладың. Угасыңбы үнүмдү? Же менин таалайым тайкыбы ушу согушка тушуккан? Биздин жаштыктын тумшугу жокпу?

Сагыйда Анварга эми эле жолугуп, аны кыя карап сынап, кычык сөз айтып таарынтып, шакылыктап күлүп таарынчысын жазып, жалжылдап көкүрөгүнө ыктагысы келет. Антейин десе Анвар жел сөздү аяйт: «Сүйүү кемесин бирге сүзөлү» деп жазбайт. Өмүр менен өлүмдүн ортосунда жүрүп, түтүнсүз күйгөн арманын айтып, эмнеге «көздөн мөлт-мөлт жаш төкпөйт?»

Анвардын каты кызга жазылганы менен кыз жүргөн айылды сагынып, киндик каны тамган жерге куса болуп, кызды өзүнө куса кылды, сагынтты. Кантет? Өз жаны менен алек болуп, өмүрү кылдын учуна илинген согушта жүргөн жигитке ал өзөлөнүп кат жаза алабы? Антүүгө жолу кыска. «Садага» деген сөзгө сары майдай эрип, өзүн көрбөй жатып карапына бөдөнөдөй тырпыраса кандай? Деги бул күндөрдө оозунан илеп чыга электе

жигиттин кара боордой бооруна басууга кандай акысы бар? Уят... Анвар сага «карындашым» деп кат жазат, а сен...

Сагыйда түпсүз ойдо өзүн өзү сооротот.

Чай кайнаган маалда Айша эшиктен баш бакты, чайнек капкагын ыргытып шарактайт. Кызы тизесине чыканагын коё, эки жаагына эки колун таяп, жалынды тиктеп үн-сөзсүз. Ичинен чайнектей шарактап кайнап, тигил оттой күйүп олтурганын кыраа эне билди. От өзү өчөт коломтодогу отко суу сээп өчүрүү салтта жок. Айша кызынын оюн бөлбөй кайра чыгып кетти, сырын тартып акыл-насыят айтаар күн бүгүн эмес болчу. Баласы жөнүндө кайсыл эне ойлонбойт, жашчылык күйүп турган өрт экенин билет. Кээ бир жаш ушул өрттү таназар албай, жетим көпөлөкчө боюн уруп, өзүнүн өртүнө өзү куйкаланат. Жүрөгүндө табыйгат берген жашчылык — таалай болгонун унутуп, бирөөлөргө суктанып, көзүн артып, өзү жакшы болбогондугу үчүн бирөөлөрдү күнөөлөйт, тилдейт. Ал жүрөгүнүн тамызгысын туш-тушка чачып, эртелеп сууп, эртелеп кызыгы тарап, мобул жаркыраган дүйнөнүн шыбагасы таңдайына эртелеп татыбай баратканын билбейт. Жок... жок... Адам жашоодон танбайт. «Адамдын жүрөгүнүн оту дайыма күйүп, ага өзү ысып-күйүп, бирөөлөрдү алдагайдан илеби менен жылытып, учуруп, бирөөлөрдүн жүрөгүнө от тутантып туруу керек!..» Жакып ушинтип көп айтчу. Ал «көкүрөк күчүгүмдү» — Сагыйдамды окутам... Өзүнүн эркине, каалаганына коём дечү. Сагыйда тез кайнап, тез соолгон чайнектеги суу эмес. Жакыптын кызы...

Кээде адам бир күндө чоңоёт, бир күндө кагылып-согулуп акыл-эсине кирет. «Улактай секирип» жүрчү Сагыйда кыз экенин милдет кылбай, кыз болгондугум үчүн мага мындай жумуш ылайык эмес деп ылгабай, тарткынчыктабай буга бирөө үйрөтүп жүргөнсүп оокатка эптүү. Ал Алмаз келгенден бери, аны аягандыктанбы, мурдагыдан беш бетер тың, камкөй, деле жанда жок боорукер!

Алмаз кээде тоңдоосун, кабагы бүркөө. Эки балдагына салмагын салып жер тиктейт же тоолордун башын карап тунжурайт. Ал ошол тоолордо кайберендей кадып чуркаган күндөрүн эстээр, аттын бооруна чап кенедей жабышып, тыйын эңген күндөрүн эстээр. Эми ал тигил тоолорго, анын гүлдөрүнө эч качан чуркай албайт. Эми

ал майрамдарда тыйын эңе албайт. Эми анын алаканынан, эки колтугунан балдак ажырабайт. Балдакты ким жасады, кажердин жыгачы?..

Биз, чолок кишини көрсөк таңыркап, ээрчип, сурап, күлүп шылдыңдачубуз. Согуш, сен шалдыраган куу таяк экенсиң го?..

Атайы ээрге төрөлгөнсүп Алмаз атка мингенде жарашып калчу. Эми ал минген аттын бир капталында саны мулуюп, аттын бир капталы эңшерилип көзгө өөн.

Алмазды казатка атказганда мынчалык күйбөгөн Айша тескери карап, көзүнөн жамгыр жаадырып, оозунан көк буу бүркөт:

— Жанымды чабайын ай... Алпкаракуштай жутуп ийип кайра кузсам ээ... Алты саны соо, энеден кайра төрөлгөндөй кылсам!

Ошол каңырыкты түтөткөн, кабагы бүркөө Алмазды ой-боюна койбой сүйлөтүп, күлдүрүп, жакуттай жаркылдап Сагыйданын шарапаты тийди. Сагыйданын жүрөгүндөгү от Алмазды тутантты. Алмаз Жакинди аяп, аны сыртынан багып, карындашы экөөнүн эжелүү-сиңдилүүдөй ынтымагына элжирейт; дүйнөнүн сулуулугу ушул экөөндө экен го? Ушул экөө эмнени сүйлөшөт, эмнени сырдашат болду экен? Атаа, кыз болуп калбаспы. Анда Алмаз эмеле экөөнүн коюн-колтугуна кирип суйсалып басмак. Карачы, экөөнөн таалайлуу, экөөнөн сулуу эмне бар дүйнөдө?

Жок, Жакин кайгылуу. Мөгдөткөн оор кайгы, түпсүз... Анын таалайы туурунан учту. Алмаз колун сунуп түпсүз кайгыдан Жакинди тартып алгысы келчү. Таалайлуу кылса ээ аны? «Сен дүйнөдөгү таалайлуусуң» деп кулагына шыбыраса. Ал таалайды кантип, каяктан табаарын билчү эмес. Чачылып жерде жатпас таалай...

Алмаз, Мамбет экөө бири-бирине ык тартып, эртеликеч сүйлөшүп, бир үйдөн даам сызышып, буга өздөрү да, беркилер да көнүшүп, анан бир үй бүлөдөн бетер оокат жайды кожурашчу болду. Буларга Ракыя кошулду. Ракыя Сагыйданын баскан изине жалынат. Сагыйда көзү төгүлүп кетчүдөй Ракыяны жал-жал кыя тиктейт. Эжеси... Анвардын эжеси? Ушундай таалайлуу адамдар болот экен ээ? Адамдын таалайына кеп жок экен го?

## XXXV

Элдин салты бар: өлгөндөрдү угузат. Баатырлык менен — жоо колунан өлгөндөрдү...

«Баатырдык менен өлгөндү
Бакырып алчу белгилеп...»

Окко учкандар — баатырлар көбөйдү. Баатырлар окко учат! Тириктер алардын милдетинен кутулуу... алардын арбактарын сагалатпай жайына жаткызуу керек; мейли, бирөөнүн алмончоктой жалгызы болсун, мейли атадан алтоо болсун. Антпесе тириктердин жүрөгүн зил басып кабылдайт, өлүктөр «торкодон топурак» жамынбайт. Жерди дүңгүрөтүп өкүрүп, кан аралаш ачуу жашты көздөн сыгып, тириктер менен өлүктөр бири-бири менен түбөлүккө коштошот. Алар ошондон кийин тынчышат, көксөлөрү сууйт, ыраазылыгын айтышат. Адамдар түбөлүккө коштошкондо, бири-бирин жоктошкондо:

«Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Адырмактуу көк сайдан,
Булак калса деп ыйлап,
Не бир мыкты жигиттен,
Эркек бала бир туяк,—
Чырак калса деп ыйлап...»

Адамдын жүрөк кайгысына там жарылып ыйлады, эми ээси тамына түбөлүккө келбейт. Ал жаткан орун бошоп, анын чөйчөгү какжырап, анын күлкүсү түбөлүккө жоголду. Күтпөгөн жерден, деле ойдо жокто жоголду. Дүйнө жүзүнөн асмандын дагы бир жылдызы өчтү.

...Сынбайт деген устун сынып белинен басты. Согушка баргандан бери же бир жаралуу болсочу, же бир каты үзүлсөчү. Таты буга калып алып, санаасы тынгылыктуу ишенгенинен уламбы, маңкайып сулуусуна тартып, жашарып, толуп, күндүн кандай өткөнүн билбей деле бейкапар жүргөн. Эми аз күнгө чыдаса жылаңбаштанып кирип келчүдөн бетер каниет байлап, өзүнөзү алаксытканда кусасы таркап... Кантип эле ушул босогодон аттаган бойдон биротала кайрылбас жакка аттасын? Жумурай журтуна учурашпай, киндик кан тамган жерине баспай, тузун татыбай?

«Сиздин күйөөңүз, мл. сержант Жунушев Токтоналы согуштук ыйык антын актап, социалисттик Родинаны,

эркиндикти коргоодо баатырлык менен курман болду...»

«Уй тилиндей» Кара кагаз. Кагаз Токтонаалынын жакшылык кабарында апапак, сельсоветтен берки кырды ашканда куюндап эч жакка бурулбай түз эле Татыга тийип, аны кубантып, ээсинин терезесинде күнөстөп же колдон колго өтүп жакшы санаалаштарын кыдырчу. Эми, кагаздын жүзү карарганда сельсоветтен берки кыр ылдый илең-салаңдап, Татыга даабай колхоздун кеңсаларына бурулду. Жамандык мурда ушерге угулуп, ушер мурда боорун жоктоп ачуу жашты көзүнөн сыгат. Ушер ачуу жаштан кийин шалдырабай, кайра чыйралып, баштагыдан да белди бекем бууп, ачуу жуткандарга башкөз болууга даяр. Өлгөндүн артынан ким өлөт? Жашоонун жолу — улук жол, таш боор жол!.. Бу жолдо бирөөлөр тайгылат, бирөөлөр курман болот.

Токтонаалыны угузганда Татыга аялдардын алы жеткен жок. Барыскан чапкан неме, анын үстүнө жаны ачып өжөрдөнгөндө адам карылуу болуп кетет эмеспи, жолундагы беш-алты аялды чапчып ыргытып, анткенин өзү билбей, көзүнө эчтеме көрүнбөй, ушинтсе кутулчудан бетер эшикке чуркап чыкты:

— Кокуй-уй! Кокуй! Эмне балааңар ба-ар?!

Качып кутулбас баланын баары эшикте болчу, эркектер эки бөйрөгүн таянып, баштарын жерге салып өбөктөп өкүрүп турушкан:

...бир боорум о-оой ...эсил кайран бир боорум...

Эми кайдан көрөйүн о-оой...

Эсил кайран бир боорум...

Таты эки бетин аткып алды, анткенин да билген жок. Асмандын түбү түшүп, күн карарып, бутунун алдындагы жер кулап, эмеле беш-алты аялга моюн бербеген аялдын куурайга дарманы жетпей куланды. Эмеле мусаапыр болуп, бирде жалдырама тийгендей ар кимдин оозун карап, эси ооп, бирде жинди болуп чучуктай чыңырды.

— Коку-ууй! Кокуй... Кара көзүм кашайчыбы-ы? Айланайын жуурт?!..

А журт болсо өлгөн эрдин арбагына баштарын ийип, эмеле кара кийип, эмеле омурткасы сынган жесирдин капшытында өбөктөп, камчыларын, таяктарын таяна өкүрүп жатышкан... өкүрүп...

Эсил кайран бир боорум о-оой...

Эми кайдан көрөйүн...

Жоолугу бетине чүмкөлгөн узун бойлуу аял солкулдап Татыны басып жыгылды.

— Сендей какшасын... тилеги таш капсын... убалың уктатпасын!

Ал Таты экөө кучакташып, бири-биринен ажырашпай кудайга үндөрү жете муңканышып; бул үч бүктөлүп Татыны кучактаган кайсыл жакыны экендигине акылдары жетпей аялдар шолоктоп, дени өлүп.

— Ушундай тумшуксуз беле-ем... Салый!?

Тургандар тигини эми гана таанышып, араң ажыратышты. Өпкө-өпкөсүнө батпай колу карышкан Салыйдын бетине суу чачышты. Салый кандай ыйласа ошондой тып басылды. Жүзүн аарчынып, эки жагын каранып, аркы жардана караган аялдарга баспай, эркектер жакка басты.

— Аке;— деди ал Нурпачага кайрылып,— өлүк камын кылалы...

— Кылалы айланайын... кылалы. — Нурпачанын сакалынан ылдый куюлган жаш. Эмеле ботодой боздогон аялдын тып басылып томсоргонуна, өзүнүн жакындыгын, күйгөндүгүн илгертен берки аялдардын салтындай, күйүт тарткандын жанында олтуруп билгизбей, минтип акыл салганы Нурпачанын сөөгүн ого төтөп жашытты... Ал ага жетине албай ыраазы болуп кайраттанып акыл сурап кайра ага кайрылды.

— Эмне кылалы айланайын?

— Жалгыздай, тууган-уругу жоктой кылбайлы аке... Туш-тушка кабар айттыралы?

— Жакындарын билесиңби?

— Билем аке...

— Кайран жигит ай! Кайран жигит...

Журт кара буусу чыккандан кийин башын көтөрдү. Журт дагы бир өлүк карзынан кутулууга камданды. Токтонаалыга баары жакын болду, баары тикесинен турду. Бирок, өлүктүн да шааниси, баарын тескеп, угуп, жол-жобосун аткарган бир жакыны болуу керек го. Ошонун баары ошол эле күнү Салыйга ооду. Ал дүпүрөгөн элди көрүп, «бир жаманчылыкта» деген ушу деп элге жалынып, жаманчылыкта анын өзүн эл сынап жаткансып, укканын-көргөнүн унутпай, баарына көз салып, сурап, кемчилин таап, бел чечпеди.

Байкуш Таты кан жутту... Кечөө эле Токтонаалынын катын өпкүлөп, анын жоругун айтып, түгөтө албай жы-

йырмадагы жаш келиндей толукшуган: көзүнөн жаштыктын шамы күйүп, бул шамдан жүзү албырып көз терисине батпай көлдөй чалкып, ташып, Салый анын бейкапар пейилине кошо чалкып, ташып, экөө бирибирине баягы «Ак боз ат минген» түштөрүн, тилектерин айтышып:

— Менин Каниметим ордендерин жаркыратып тамдын үстүндө турса...

— Менин Токтонаалым келсе эгиз төрөп.— Таты демигип, жалооруп, оттой ысыган бетин Салыйдын билегине баскан.— Карачы, Салый, өрттөнүп турам баланын деминен. Карасаң дене-башымды... Мен кантип төрөбөйүн я? Төшөгүм бала жыттанат. Төрөйм! — Ал төрдө тоңко ашатып ойногон Боobекке чуркап барып, аны башынан алыс көтөрүп өөп албады беле:

— Көк көзүм! Ак жолтоюм!

Мына эми, ошол Бообек — бешиктен бели чыга элек наристе, кана сенин «Ак жолтоюң?» Сен эмне кылдың? Сен бул жарык дүйнөдөн жартты кашык напсиңди иче элексиң. Сен бул дүйнөгө тыпыйган колуңду жаңы эле сундуң. Сен, бул дүйнөгө өзүңдүн тырмагыңдын карасындай зыян кыла элексиң. Анан, сага кимдин оозу барып «кара жолтой» дейт? Бирөөнүн сөзү жаман, бирөөнүн көзү жаман: Салый жалгыз Токтонаалыга күйбөй, Татынын алды-артын ойлоп күйдү. Өзүнүн да жүрөгү опкоолжуп, өзүнүн да дүйнөсү аңтарылып күйдү.

Аа-а, каран калган согуш... сен бир эле күндө кыйсыпыр түшүрүп, адамдын тилегин заматта кыркасың ээ? Ал «Татыке, менин Таттуум; Бовигиңе — жанына эгедер тапканыңа ыраазымын. Кудакааласа жакында барам» деп кат жазчы эмес беле. Таты буга аябай ишенип, күйөөсү жыланбаштанып эмеле кирип келчүдөн бетер дайыма эшикке кулагын түрүп, айтточудай үйүндө таза кийинип, короо жайын тазалап... Токтонаалынын кийимдерин, ээр токумун оңойлотуп, анын чөйчөгүн дасторкондун четине коюп, таза болсо деле жууп... куса болдуңбу же ушинтериңе көрүндүңбү, Таты-Таттуу?

Эми чөйчөгүңдү ким көтөрөт? Ким камчыланат камчыңды? Ким токунат ээр-токумуңду? Өзүнүкүнө айдайкы Салый, Татынын оокат-жайын көздөп, башкалар анықын талап кетчүдөн бетер кызганды. Кабарга жеңөгөндөргө ээрин да токуткан жок:

— Эншербегиле жүгүн, өзү эншерилип атканда.

Демейде какшыгын сыздатчу Матай унчукпай гана олурая карады. Анын ушул караганында «Ээр ээсине буюрган жок, сага эмне?» деген сөз бар болчу. Демейде кулагын жапырып укмаксан, көрмөксөн жүргөн Салый азыр бир чети баары уксун деп, бир чети азыр журттун карызы экендигин кыйыта чаңкылдады:

— Бир ээр табылбайбы ар жактан? Ээси башын көтөргөндө маа десе өрттөп ийсин! Көрүнгөнүңөр опоктоп чачпагыла оокатын! Бүлүнгөндөн бүлдүргү алба!..

— Аман селт дей түштү. Бул сөз атайлап ага айтылгандай туюлду. Салыйдын оозунан экинчи жолу укту. Биринчи жолу караңгы түндө Ташматтын чалгысын уурдаганда; экинчи жолу чак түштө, элдин ортосунда, өлүк үстүндө. Экинчи жолу анын көөмөйүн, көөмөйүндөгү өлүүнү курч бирдеменин мизи шылып өттү. Мобу Салыйдын деси, мизи. Адам да курчуйт экен? Салый турмуштун октум-соктумунда бирде ташка тийди, бирде отко тийди. Ошентип курчуду. Эки ооз сөзүн тың айталбаган Салый эми өлүк карзында, журттун оозунда.

Аман турмуштан жалгыз жыргалды, пайданы, оңойду издеди. Тапкан сайын булар анын көзүнө аз көрүнүп, улам аржагына жутунду. А арылаган сайын көөмөйүнө өлүү жыйылып; бул өлүү аны манчыркатты, көкүттү. Ал бирөөлөргө ишенбей шекшип, кек түйүп, бирөөлөрдүн жамандыгын табаалап, алакан чаап ха-халады. Калктан бөлүнүп, алакан чаап ха-халаганы аны баарына көргөздү, шыбагасынан ажыратты, мокотту.

— Ха-ха-ха... чала, ушуну көрмөк,— деди ал, былтыр Эрмекти Түнтөй жыга чапканда,— эми мени бермеден ким алар экен!

Сымап таноосунан бери майланышып кесирдене сүйлөдү:

— Сен эле ылайыксың. Курсу, хи... хи... хи... баш көтөрөр ким бар?

Түнтөй бүткүл колхозду жыга чапкан жок. Эрмектин атына Нурпача минди. Парторг Ракыя жүрдү, правления... «Көзүн шоролонткон чал» Амандын десин кайтарды.

— Жаман атка жал бүтсө жанына торсук байлатпайт.

Аман жакшы эле жаакташты, районго чейин арыздануп, жакшы эле тизгин талашты. Бирок, ал кармайм

деген тизгинди башкалардын мизи кыркып-кыркып салды.

— Жараксыз экенсиң...

Амандын күйбөгөн жери кул. Ызырынып дүйнө жүзүн тилдеди. Сайгак кубалаган «Сасык мурун» уйлардан жаман атты болгонуна ызаланды. Эмнеси деги, тыякта жаман эркек жоо кууп, быякта жаман аял журт башкарып жүрсө...

— У-у тукумуңду урайын. — Ал бир эсе иниси Эсендин катына ачууланат. — Иттин жазганын карабайсыңбы, мени киши санынан чыгарып. Йэ Сымап, анын үй-бүлөсүнө чык татырба! Тишинин кирин сорсун...

Казанына аш салып бергенсип оорсуп жүргөн Сымап Эсендикине чык татырбас Чынарбай болду.

— Ырас айтасың Күрсү, Ал ак жүрөгүн согуштан алган жалоону * менен баксын.

А мобу «сүйрөлчү Салый» бирөөнү өзүм, бирөөнү жатым дебей, баарын тең санап, бирөөлөрдүн ичи-койнуна кирип, ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, баарына аралашып...

Мына ушулар Амандын жарасын олуп, көөмөйүндөгү өлүүнү дагы бир шылып өттү...

Эркектер чыңылдап балдар өкүрдү бул короодо. Баласыз Токтонаалыга балдар өкүрдү! Аялдар «Кермандары» каргап кошуп:

...Кеңсайга элим конбосун,
Кемселим кыска болбосун.
Кең конушка ок аткан,
Кермандын иши оңбосун
А-аа-а... аа—

Көксайга элим конбосун,
Көйнөгүм кыска болбосун.
Көк конушка ок аткан
А кокуй, Кермандын иши оңбосун,
а-а... а... аа

Жалгыз аялдын кошогунан кийин айлана тымтырс. Асмандан күн да жылбай, тоолордун башында булут уюп, жел үлп этпей, түтүн түндүктөн арылбай; эркектер малдаштарын жазбай жер чукуп, булар дагы тун-

---

* Жалыйна — согуш кызматкерлеринин үй-бүлөсүнө аттестационный жардам көрсөтүлгөн.

журап күтүп... боз үйдөн, Токтонаалы «жаткан» капшыттан алым-сабак кошок:

Б и р и н ч и  а я л: Тар көзөнөк керегe,
Керегe сайын кинегe,
Кинегeң калды ачылуу,
Иштеген ишиң баарысы,
Кан акем, колхозунда жазылуу.
а-аа... а... аа.

Э к и н ч и  а я л: Кең көзөнөк керегe,
Керегe сайын кинегe,
Кинеген калды ачылуу...
Иштеген ишиң баарысы,
Кан акем, колхозунда жазылуу.
а-аа... а... аа

Токтонаалынын кандай жүрүп, эмне кылганын билген карылар тигил эки аялдын алым-сабак кошогуна баштарын ийкешип; эки аял а... а-аалаганда, экөөнө кошулуп баарынын жүрөктөрү канап, төбөдөгү асман «а-а... аалап», жер онтоп:

Б и р и н ч и  а я л: Ак боз ат минип жандаган,
Аламын деген душмандын,
Кан акем, акырегин кандаган...

Э к и н ч и  а я л: Көк боз ат минип жандаган,
Көрүнбөй келген душмандын,
Жаш мырзам көкүрөгүн кандаган.

Б и р и н ч и  а я л: Мылтыкка окту салаарда,
Жеңип бир жоону алаарда.
Жолунда жолбун жатканбы,
Жолуккан кезде атканбы...

Э к и н ч и  а я л: Берлинге куп бараарда
Кылычын кынга салаарда.
Алдыңа туура жатканбы,
Аңдыган жолбун атканбы...

Б и р и н ч и  а я л: Саздуу жердин камышы,
Алышып жатып жоодо өлгөн
Айбаттуу эрдин намызы.
Ак кепиндеп көмбөдүк,
Кан акем, курусун жердин алысы...

Э к и н ч и  а я л: Суулу жердин камышы,
Кайра качпай, жоодо өлгөн,
Көйкашка эрдин намызы.
Кызматыңды кылбадык,
Жаш мырзам, курусун жердин алысы...

— деп ырдап жүрүп, ырдап жоо бетине аттанды.

Ал азыр жыйырма экиге караган, чытыраган балтырын солдаттын обмоткасы араң кармаган, кызыл кыргында бышыккан сурдуу гвардиячы.

— Уруун, уругуң кайсы?

— Билбейм.

— Көтөк! — Баятан жер чечегин безеп, деле билбегени, көрбөгөнү жоктой көрүнгөн аскердин жообу аялдын кулагына өөн учурап, чоочуп кетти. — Чоң аталарың ким?

— Казанбак... Естай...

— Яа?! Казанбак... Естай дейсиңби? — Аял көзүнүн таңуусун ала койгондой аңырайып аскерди тиктеди. — Илгерки Каройлук Казанбактынбы? Йэ жараткан, сен Токтомуштун уулусуңбу?

— Ооба, Токтомуштун! — Аскердин көзү чачырап турду.

— Бар бол... бар бол садага! — Аялдын колу калтырап, Анвардын маңдайынан өөп, жоолугунун учу менен көзүн аарчыды. — Мен атаңды билчүмүн. Анда жаш келин кезим, жайлоо Советинде иштечүмүн. Атаң мөл киши эле...

Анан жол катары аял капкаяктагыны козгоп, сөзүнүн аягын минтип бүткөрдү:

— Эл унутпайт ата-жотоңду... Казанбак башына казандай тебетей кийчү экен. Ал «улуу тумоодон» айылын коргоп өлүптүр. А сен башыңа бүт дүйнөгө таанымал кызыл жылдыз кийдиң... Сен бүткүл элди коргоп жүрүпсүң. Атаңдын «Актык кагазы» сен өзүңсүң. Бар бол айланайын. Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт деген. Мына эжеңин колхозу. Мен мындан ары дагы жолумду улантам...

Аял арабасын токтотту. Күндү серепчилеп карап, анан жолду кыйгай өтүп бараткан жоолукчанга үн салды:

— Ой катын!

Жол боюнда жар салып заңкылдаган бул адепсизге аркынын итатайы тутулуп «эмне орочунун бийиндей аңкылдайсың, эркектигиңди көргөзчү» дегени баратып, арабадагы боз шинелчен аскерди көзү чалып, тып басылды.

— Ракыяныкы кайсы үй?

Чүкөлөй аскерден көзүн албай, анын Ракыяга союп каптагандай окшош экендигине таңгала тиктеди.

— Мен таап келдим... Ракыянын бир тууган иниси!

Чүкөлөй уккан кулагына ишенбей, бир кыйкырып жиберди.

— Ракыянынбы?.. Анварбы? Төркүнү...— Ал башка сөз айтууга чамаасы жетпей башындагы жоолугун булгалап, саксактап, күйүгүп, бирде мүдүрүлүп Ракыянынын көздөй чуркап баратты.

— Сүйүн-чүү-ү!..

* * *

Ошондогу он беш күндүн жыргалы ай!

Сен, күнү-түн өтүгүнүн жулугунан кан кечип жүрүп... анан мобу борсулдап кучук үрүп, кулун кишенеген айылга келдиң беле? Айланайын айылдын кадырын ошондо билдиң го!

Анвардын отпускасы аяктады. Бул отпуска бир чети көз ачып жумганча бат өтсө, бир чети дале жыл маалындай созулуп: баарын көрүп, айылчылап бастырып, согуштан мурдагы мүнөзүндөй, өңүндөй жадырады Анвар. Мындан жети жыл мурдагы чырпыктар чынар болуп, баягы жолдордун нугу өзгөрүп, өйүз-бүйүзү кыштак. Баягы өңү менен ойночу секелек кыздардын кээси жесир, кээси кара далы. Алардын үстүндө бир гана көйнөк; өңүндө, дилинде бир гана сөз: «Бардыгы фронт үчүн!»

«Э-эй, чачылганды жыйнаган,
Үзүлгөндү улаган.
Алысты жатым дебеген,
Адамды касым дебеген...»

— ушул келин-кыздар, энелер эмей ким?!

...Анвар Татынын Бообегине атайлап бир күнү барды. Ал чөккөн төөгө окшош акактай таш менен ойноп бейкапар. Өзүн байкас албаган бала, анын колундагы төө качанкы бир ырды эсине кылт эттирди:

«Талдын башын сыдыртып,
Эрчитпедим ботойду.
Жардын башын кыдыртып,
Телчитпедим ботойду».

Бообек Анвардын өтүгүн, анан шинелин жалт карап, кыйкыра мойнуна асылды:

— Па-па! Па-аа...

Солдат баланы бооруна бекем кысып, а бала чоочуркап кыйлага тиктеди.

— Где мой папа?

— Папа...— Анвардын алкымына бирдеме тыгылып мукактанды. — Твой папа воюет!

— Это правда?

— Правда.

— А когда кончится война?

— Скоро... скоро, сынок!

— Почему ты не воюешь?

— Я... Я то.— Солдаттын чекесинен тер чыпылдап, ушу наристеге эмне дээрин билбей.

— А где моя мама?

— Она тоже воюет.

— Не-ет, это не правда,— бала башын чайкап колун шилтеди. — Мама умерла... умерла у меня, когда фашисты бомбили наш детский сад. Она не вернется... А папа вернётся. — Бала солдаттын шинелинин жакасын кармалап үйүн көргөздү. — Тогда мы будем жить вместе. Тут хорошо. Тут войны нету. — Бала Анвардын кучагынан суурулуп түшүп чуркады.

— Апа-а... Апа, к нам дядя... солда-ат.

Бообек далайдан бери биринчи жолу башынан аягына чейин орусча сүйлөп, ага солдаттан орусча жооп укту.

Шинел... Кызыл Армиянын шинели! Сен, куйкаланып өрткө кирип барып, далай бөбөктөрдү ороп куткардың. Сенде далай жолдун, урандылардын чаңы бар. Сени кучактап далай энелердин көз жашы тамды, далай келинкыздарды азап-тозоктон куткардың. Сени далай шаарлар, калктар «кулдуктан бошотот» деп карап турат.

— Ошон үчүн бул шинелдеги жүрөккө ок да кадалат. — Анвар Татыга сүйлөп олтурду.

Бообектин сөз менен иши жок. Тиги бурчта бу солдаттын шинелин жамынып, топчуларын кармалап ойноп, өзүнчө көңүлү куунак. Баланын ушу шинел менен бейкапар ойногону да солдаттын сайсөөгүн сыздатты.

— ...Жарадар болдум. Шинелди алдыма төшөп санбатка жеткиртти. Жол катары каным акты. Мүмкүн кансырап өлмөкмүн. Өлүмдөн медсестра куткарды. Орус кызы... Мага канын куюп жатканда маңдайы терлеп, мени өлүмдөн куткарарына бакыты көзүнөн балбылдап;

эмеле анын жүрөгүндө чуркаган кан менде чуркап, ал кубарып, а менин өңүмө кызыл жүгүрүп... буга өзүнө ыраазы боло шинелимди жаап, анан башы тегерене темтендеп ары басканы алигиче... Бизге, апалар, силер каныңарды да бердиңер. Силердин каныңар да фронтко барды...

Башына кыйынчылык түшкөндө адам ансайын караа талашат эмеспи. Башта эркек үйүнө киргенде кыртыштап, жок жерден шылтоо таап, эшикке чыккыча шашчу. Эми эркектер кирсе экен, олтуруп сөз уруп берсе экен дейт. Аларды терезеден карап, бери тартса орун салгыча шашып, өтүп кетсе ичи сыздай түшөт. Күйөөсүнүн өлүмүнөн кийин баары бул аялдын үстүнө үйрүлүп түшүп, аял да баарын жакынсыйт. Ырас, ага баары жакын. Эми ага баарынан жакшы Boобек болду. Ал жанынан карыш жылбай, түнүчүндө да боорун ысытып жатат. Эненин боору ысыйт, бүткөн бою ысуулайт. Чулдурап тилинин таттуусуна, жоругуна не бересиң!

— Апа о! Кара мени...— Ал Токтонаалынын ээрине желип камчыланат. Эми ал колхозду тааныйт, эркектерге «саломалекум» дейт, бөбөктөрдүн боркогун таңгала тиктебейт, төөдөн коркпойт.

Күйөөсүн угузганда ага бул дүйнө соолгондой, бүткөндөй көрүнгөн. Жок, жан таттуу... Жашоо таттуу! Тигилер жашоодон жадагандан өлүптүрбү? Тирүүлөр, артыман жүргүлө! — дептирби? Энелер аларга өз кандарын бекеринен бериптирби? Же Таты өзү өлөйүн деп барыскан чапты беле?! Жок... жашайм деп, «Сиз Гитлерди башка чаап жатасыз!»

Татынын эри өлдү, эл өлгөн жок. Эл... тирүүлөр жашоо керек. Элди карачы. Таты... башы бүтүн, боору эсен ким бар?

«Балбан болсоң — жердей бол.
Баарын чыдап көтөргөн.
Таза болсоң — суудай бол,
Баарын жууп кетирген».

...Анварга орус кыз кан бергенин укканда, Сагыйда ал белгисиз кызды жакшы көрүп, алкап, бир эсе андан шекшип, Анварды кызганды. Кандай сулуу, кандай бактылуу кыз болду экен? От кечкен, окко көкүрөгүн тоскон жигиттердин катары... Сагыйда эмнеге ошоякта эмес? Ал деле бир белгисиз жигиттин жанына аралжы болсо

эмне? Же жаны жигиттикинен артыкпы? Кыздын жаны өзүнүкү эмес — жигиттики. «Жаным... жанымды чабайын» деп ошон үчүн жалынышат тура. Далай кыздын «жаны» өлдү, аны кыздын ыпысык эрини өппөдү. Коргошун өптү. Далай кыздын «жаны» согушта — бычактын мизинде. Кыздын жаны азыр өзүндө эмес, те согушта... Бакыты да ошерде.

Ага ок жаңылса, көкүрөгүн жарып... Башын жөлөп мандайында Анвар олтурса, андан көзүн албай жараланган көкүрөгүн басып, Сагыйда үзүлүп баратса, Анвар ага ыйлап «Сагыйдалап», Сагыйда кайра тирилип «сүйөм сени» десе, анын сүйгөнүн ошентип билсе...

Экөө жолугушууга араң жүрүшсө да жолугуша албай, антүүгө кыябы келбей, анын үстүнө бири-биринен сүрдөшүп, бул кандайдыр бири-бирине бой көтөргөндөй туюлуп, күн улам бир саат ары жылган сайын экөө тең түтүнсүз өрттөнүшүп. Бу сулуу кызга озунуп сөз айтуудан Анвар жазганат. «Менин максатым, жашоом... баары, азыр батыштагы кызыл өрттү өчүрүү» деп жазып жатып, бүгүн кызды көрө койгондо кантип башкача сөз айтат? Батышта алиге кызыл өрт. Ээн-элкин жүздөшөт, колун кысат, сүйлөшөт. Азыр «сүйөм» деп айта албайт.

Жигит көрсө сыртынан сынап, андан өөн таап жактырбай, шылдыңдап күлүп, кээде өзү тийишип, тилинен калемпир сээп турчу Сагыйда деле токтоо, салмактуу басып, сүйлөп; келин-кыздар Ракыянын «жоголуп табылган» бир тууганына кайра-кайра тамшанып жүрүшсө, бул кайдигер кишидей кебелбеди. Анын ичинен кайнап, өз отуна өзү өрттөнүп, тиштенип жүргөнүн эч ким билген жок. Артынан ээрчип көзүмдү акыйтсам «араң жүргөн кыз го» дебейби деп бул да тарткынчыктады. Өзүмдү кыйнайын, чыдаар бекем деп бир чети өзүн сынады.

Сыртынан көзөмөлдөп жүрчү Алыйма синдисинин минтип «түлкү куумай» ойногонун жактырбай «бейбак, дагы баягысын карматтыбы» деп ичинен тилдеп, Анвар башка бир кызга сүйлөшүп, эмеле үйлөнчүдөн бетер күйүп-бышты:

— Сен эмнесиң деги?

— Эмне экем?

Алыйма көчөдө басып бараткан Анварга ээгин көтөрөт.

Сагыйда ал жакка сыртын салып, мурдун чүйрөт:

— Курусун. — Анварды туурап казакча чалып сүйлөйт: — Сонософдун тилине түшүнбедим. Күйөвгө жарамайтын мага. Камыр жууруп, үй шыпырып дикилдеп чуркаган күйөв керек маган. Мен «а-ай» деп кыйкырганда калтыраган. Сонософ билимдүү неме, үңкүйүп китебин тиктеп отурса, чыдай аламба? Ал көйрөң казак!

— Бейбак, акырын Ракыя укпасын.

Сагыйда ачык, шайыр, ичине эчтеке батырбаган тамашакөй кыз өңдөнгөнү менен анын да эч кимге айтпаган сыры бар болчу. Ал сырын, байкагандарын тымпыйтып жүрөгүнө катып да алчу эмес. Акырын кагазга көчүрүп койчу да «Эмне үчүн ошондой?» деп ой жүгүртчү; өзүнө өзү сырдашчу. Биз анын кагаздагы «сырынан» окуучуларыбызга кичине көчүрүп берели:

### Сагыйданын күндөлүгүнөн

Бүгүн күздүн булуту кирдин суусуна окшойт. Жаайбы? Эл эгинин жыйып бүткүчө жаабаса экен. Быйыл эгин көп айдалып жакшы чыктыбы же эл азайдыбы?.. Дагы эле жыйналбаган эгин. Мен талааны өз үйүмдүн ичиндей көрөм. Талаада «ак-көк» чачылып жатса үйүмдүн ичи чачылгандай болом. Алым гана жетсе ээ? Баары чарчап уктаганда, түнүчүндө баарын жыйнап салсам.

Бир эсептен эгин жыйналып бүтпөсө экен. Деле нан түгөнбөсө... темир, алтын түгөнсө. Мейли жер үстүндө ийнелик темир калбасын!

Эртең балдарды аңызга ээрчитип чыгам. Чемирчегиңерден ананайыңдар ай. Силердин мүчөңөр бузулуп, боюңар өспөй калабы деп корком. Талыган белдерин улам укалап, муштагылап коюшуп машак теришет. Эркек балдар боорток-топ жата калышып, бири-биринин белдерин тебелешет. Кыздар текилдеп чыйрак болушат экен.

Кампанын жанынан өтүп бараткам.

— Сагыйда!

Чочуп жалт карасам Алмаз байкем — кампачы. Бир балдагына салмагын салып, терин аарчынды.

Жанына чуркап барсам минтти:

— Үйгө барбагын.

— Эмне кылайын?

— Эл эмне кылып атат? — Үнү ачуулу, ызалуу; жалгыз бутунабы, жаарына көздөнгөн күнгөбү же магабы, бирдемеге күйкөлөктөнүп турганын байкадым.

Баш көтөргөндүн баары кырманда экен. Кызылданган эгинди кампага ташыгандар... Сапыргандар... шыпыргандар. Боолай эгиндерди, саман-топондордү жыйнап кырман бети азан-казан.

Саамга күрмөлө түшсөм керек.

— Кап көтөрүш! — Алмаздын үнү көтөрүңкү чыкса да, ал менден бирдемени сурагандай, жардам кыл дегендей туюлду.— Кап көтөрүш, Жакинди мага жибер.

Жакин «А» тамга экөө жеңдерин чыканактарынан өйдө түрүнүшкөн. Баштарын тийиштире килейген капты колдошуп жатыптыр. Экөөнүн тең жүздөрү кызарып, ойноп... Чынымды айтайын, жүрөгүм тыз эте кызгандым. Жыргап, эзилишкен экөө гана көзүмө көрүндү. Чуркап барып Жакинди көмөлөтө түрткүм келип... Балакет баскан жаным, ургаачынын кызганчагы жаман дечү эле.

Алда Алмаз байкемин кызганчаагы ай, менден сага Жакин жакынбы? Кара чечекей карындашыңдан? Мени бүгүн түнү тигил «А» ала качса тебетейин көккө ыргыта турган. Чын эле мени «А» ала качса... сыртымдан калпеле кыңкыстап ыйлаганымды билбей «Жүр, кайра үйүңө жеткирейин» десе жүрөгүм кабынан ыргымак.

Мен эмнени дөөрүп жаздым я?

*10-октябрь, 1944-жыл.*

Шибегени капкаката албайсың деген чын. «А» тамганы жакшы көргөнүмдү баары билет экен. Кечөө мага теңтуш балдардын бирөө көчөдөн кыйкырат:

— Эй, Сагыйда! Казагың менен кетесиңби?

— Кетем!

— «Мен канте-ем?» — деди Калыйман жеңени туурап.

— Сен да бирөөнү ээрчип кет,— дедим шакебелеп.

— Эркек эл-жеринен кетпейт! — Ал көкүрөгүн муштап компойду.

Чечектин айтканын карасаң. Кызды «Күн тийген жердин күкүгүндөй» көрөт. Мен тийген күйөөмдү азгырып, алдап ыйлап, эркелеп, кылыктанып жатып жанын койбой көчүрүп келем. Апама дагы бир уул таап, бул айылга дагы бир түтүн кошом. Алмаз инвалид. Атамдан кабар жок. Апакемдин чачы агарып кетиптир.

И-ий бетим; күйөөмдүн артынан текилдеп өзүм ээрчибейин. Мага эле жетелетип калган күйөө жакшы болчу беле?

«А» тамга ойлуу минтти:

— Күндөрүм наатка кетти.

— Кантип? Эжеге, эл-жерге учурашканыңыз наатка кетеби?

Колумдун үстүнө колун койду. Жигиттин өртүнө чыдабай ал жакка ыктадым. Колумду тартып алдым. Антпесем тигинден мурда кучактап, өөп ийбейин. Мына чыдамым жок экен!

— Эжекемди... эл-жеримди көрөйүн деп келбедимби. Сиз эжемин сүрөтүн жибербесеңиз...

Мына, мага келмек эмес экен. Тыякта буга канын куйган орус кызы бар. Сурасам «ооба, ошондой» десе кантем. Андан көрө сурабайын, жүрөгүм түпөйүл кыйналсын.

— Сиз, өзүңүздүн сүрөттү жибербедиңиз го?

Унчукпадым. Ал чөнтөгүн шуудуратып кагаз сунду. Комсомол билети жана... мен жазган кат! Билет да, кат да көзөнөк.

— Мобу жерин окуңузчу. Так ушу жерин ок көзөгөн.

«...Колдорун илмиңдетип машак терген... фронт үчүн!»

Өз катымдан өзүм сүрдөп, колум калтырап, мукактандым. Окуй албай...

— Сиздин ушул катыңызга ыракмат! Жоокерлер окудук... бөбөктөр да «Жеңиш үчүн!» дегениңиз... Сиздин катыңызга да ок тийди...

Мен «илмеңдеген» балдардын колуна ок тийгенсип көзүмдөн жаш куланды.

— Сүрөтүңүздү ыраа көрбөдүңүз фронтто...

«Мен сеникимин! Мына!» деп жүрөгүм үнсүз кыйкырып, кучагына жыгылгым келди.

— Мына, менин Родинам...— Ал катты бүктөп төш чөнтөгүнө салды.

Мен кат менен кошо бүктөлүп анын жүрөгүнө түштүм. Эмнеге өзү сураганда сүрөтүмдү жибербедим. «А» га учкан ок көзүмө тийсе эмне?

Эми сүрөтүмдү өзүм кантип берем? Тануулаймбы?

*11-октябрь, 1944-жыл.*

Бактыгүлдүн дайынын уктум. Омор уруп кубалап ийгенден кийин бир көксөө чал алыптыр. Чал «төрөп берер бекен» деп айтат дейт. Бактыгүл сен, чалдан

ары көргө тий! Абийирсиз аял, кутурган чал силер жерге киргиле!

Кечөө Бугу класста отуруп, уктап кетип партаны сүзүп алды. Эмне болду деп сурасам, түндө Нурпача атанын огородун орушуптур.

— Ким-ким ордуңар?

— Апам... Кумаш... Нурпача атам... Мен болбой өзүм баргам.

Кыштактагы жер арыктап, эгин чыкпай отоо басып, быйыл эл огороддорун талаага айдаган. Көптөн бери айдалбаган булуң-бурчтарга, дыңдарга айдашкан. Нурпача ата, Ракыя эже ушуну туура кылды. Колхозчулардын менчик эгини да жакшы. Бугунун айтканына караганда Нурпача атанын буудайынын башы сынып түшүп калыпыр. Көп болсо 30 сотых экен; бир жабылып терип беребиз. Ал биздин камыбызды көрүп жүргөндө биз кам көрөбүз ага.

«Теке чал» жакшы карыя. Бүт күлкү. Тоодон келгенде элди аралап күлкү салып жыргатат. Өзүнчө эле театр, концерт. Жарыктык киши, кечөө балдардын боорун катырды. Атын уйдан бетер шалаңдап минниптир. Башында малакай, үстүндө тон, күмүш кемер курчанып алыптыр. Буту жыңайлак, чокою канжыгасына байлануу.

— Ата, эмнеге жыңайлаксыз?

— Чокоюм жыртылат,— дейт.

Балдардын баары чуру-чуу түшүп тегеректеп алышты:

— Эчки маарак болуп бер...

— Айдаралы жөргөлөк болуп бер...

«Теке чал» жарпыбызды жазды. Чарчаганыбызды унуттурду.

— Мотуракайлар, күз айы жакшы ээ? — деди аттанаарда.

«Бакырaң көз» башын чайкап, таңдайын шык эткизди:

— Күз жаман. Машак терет. Бел ооруп...

«Теке чал» улутуна атын малакайы менен камчыланды. Ал күлдүрүп да кетти, капа болуп да кетти.

*13-октябрь, 1944-жыл.*

**«А» тамгасы (Анвар эле дейинчи) билимдүү. Менин билимим тайкы, аны менен сүйлөшүүдөн корком. Ал окумуштуу, жазуучу же ушуга окшогон таланттуу адам.**

Сүйлөгөн сөзүнө, бүткүл кыймылына таңгалам. Акылою, жүргөн-турганы башкача. Темир таяк таянып, темир чокой кийип өлбөс өмүрдү издеген адам жөнүндө жомок бар. Мен Анварды так ошого окшоштурам. Ал күнү-түн жол басса да арыбаган, өзүнүн издегенин тапмайынча тынбаган, тапса да тынчыбаган мээнеткечке окшойт. Кайда барат, эмне издейт? Акылым жетпейт. Же мага ошондой көрүнөбү. Антейин десем Жакиндин айтканы бул:

— Анвар Илиястан да кыйын билимдүү экен.

Каяктан жүрүп кыйын экенин билет? Дагы ичим тарыды:

— Илиясың ким?

Ал Илияс деген тууганын, Балтика флотунда матрос болгонун «Аял албайм, Академиядан окуйм» дегенин, келин-кыздар аны шылдыңдаганын айтып күлдүрдү.

— Анвар ошол Илиястын түгөйү!

Секетиң кетейин Жакиним ай... Сенин башыңа түшкөн ыйды мен көтөрө албас элем. Сен эмнеден жаралган адамсың деги? Же адамдан жогорусуңбу? Жок, адамдан жогору эмне бар?

...Бир чайчыны уу турат. Ага бир канча киши уулаһып өлөт. Анттирбей, бирөө гана ичип, чыныны мизилдете жалап, тегеретип жиберет. Тегеретип жиберип, темтеңдеп,жыгылбай ары басат. Эгер ошондой адам болсо, анда ал Жакиндин өзү! Мага чайчыны ууну тартып ийип басып кеткен адамдай көрүнөт ал. Жакин уу жутпаганда эмне жутту?..

Ал кайгыдан жалкпай, жалтанбай, кайра кайгыны көздөй басат. Токтонаалыны Татыга угузгандын бири ушул эмеспи. Ошердеги кары-жаш дебей ыйлап турганда, ал ыйлабай Татыны эс алдырып, бетине суу чачып, жаш болсо да баш болуп турду. Мен Жакиндин ушунусуна — кызыл чокту колу менен кармаганына эреркеп, ага кубанып, ага жалынып ыйладым. Аны көрүп далай аял-эркек жашын аарчыбадыбы.

Жакин эстүү... сулуу... жапжаш! Баарына сүймөнчүктүү, кажерге болбосун батымдуу. Жаркылдаган алтын! Кажерге барып, эмне кылам десе да өз эрки. Бирок, ал башка жакты арзыбайт. Муну эч жакка жылдырбай, айнытпай бир күч кармап турат. Деги ал эмненин күчү болду экен?!

*14-октябрь, 1944-жыл.*

Ноябрь майрамы жакындады. Элге концерт коюп беребиз. Айылдан үч-төрт комуз жыйнадым. Көптөн бери чертилбеген, ээси кармабаган, ээсин сагынган комуз. Башкага карматышпайт эле, кыз деп сыйлаштыбы, мен сурасам беришти. «Кыздын кырк чачы улуу» деген салтыңан айланайын эл...

Жакин жолуман жолукту:

— Комузду эмне кыласың?

— Концерт даярдайбыз.

Жакин кошокчу-ырчы. Токтонаалыны кошкондун бири ушу. Анын ыры кошок эмес, душмандын жүрөгүнө кадалган келин-кыздын огу. Анын ыры баатырды даңазалаган, баатырды жоктогон ыр. Ал «Ырчы келин» атыгып, анын ыры элге жайылып баратат. Актаңдайым... Булбулум.

— Сен биздин концертте ырдап бер? — Айтаарын айтып алып тып оозумду бастым. Кайра жооткоттум. — Тамаша кылам... Уятко ырдаганың. Коммунис болсоң..

Ал кулагынан бери кызарды:

— Коммунис ырдабайт бекен? Коммунис күлбөйт бекен?

Ага жооп таппай мен кызарып кеттим. Ал мени менен мектепти карай басты.

— Сакиш... Билесиңби, мойнума оор милдет тагылгансып, кандайдыр көкүрөгүм өргө чабат. Айланамды карайм. Башкаларга өрнөк болсом дейм. Бийик жакка чыгып бараткансып, андан кулабайын дегенсип сактанам... ойлоном! Түйшүгүм көбөйөт. Чарчабайм,— деди.

*16-октябрь, 1944-жыл.*

«Рейхстагга кол коём». «Вертердин родинасын көрүп кайтам» дейт. Ансыз деле баарын бүткөрүшпөйт беле? Ал баруу керек! Баруу — анын ыйык милдети. Мен ушул тартипке таңгалам... Берлинге бүгүн тууну сайып атса да баруу керек! Анткени, приказ — приказ... Ушул приказ ар бир адамды ийне жибине чейин билип, электен өткөзүп турат. Мен ушул бийликке таңгалам...

А мен өзүмдү-өзүм башкара албайм. Бирөөнү унутам, бирөөнү кызганам, бирөөнү таарынтам... Бир класстын балдарын тартипке үйрөтө албайм.

«А...» Сага тең эмес экем. Мен эр жигиттин учса канаты, консо куйругу боло албайм. Мен али тайкымын. Өзүмдү гана ойлойм... куйүп-бышам.

«А» нын дилинде согушту бүткөрүү... Согуштан башка эчтеке жок! А менчи??.

*17-октябрь, 1944-жыл.*

Капкаяктагылар оюма түшчү болду... Жаза берсем түгөнбөөчүдөй сыяктанат... Ал эмнеси? Адамдар өзгөрдүбү же мен өзгөрдүмбү, билбейм. (Адамга бир ээликкен, толкуган учур келсе керек) «Ак эшен» деп Тумарга күлчү эмес белек. Ал «Тумаш май жебейт» десе жебей калчу, айыл дегенде уктачу эмес эле го. Күйөөсү согушка кеткенден бери анын бирөө жок.

Кечөө жайдак атты талтактап өпкөгө тепкилеп, чаап баратат. Алда эмне балакети болду деп чуркап алдынан тостум:

— Эже, эмне чаптыңыз?

— Тыррактирдин бир темири сынып...

Ал Ракыя эже экөө талаада күздүк айдап жүрүшөт. «Тыракторлун майына көнгөмүн» деп башка жумушка барбай коюптур.

Мына «башка түшкөндө байтал жорго». Бул каатчылык эрке талтанды жаакка чапты. Бул күн адамдын өзүн гана тургай оюн, жолун өзгөрттү. Мен онунчуну бүтүп, чоң окуу жайынан окумак эмес белем, мугалима болуп жүрөм. Анвардын адабият-искусстводон жакшы көрбөгөнү жок экен.

— Согуш Академиясына кирем,— дейт эми.

Аскердегилер «колубузга мылтык кармап согушабыз» деп ойлошту беле?

Ойдогунун баары аткарыла бербейт турбайбы. Аткаруу үчүн күрөшө да бер!

*18-октябрь, 1944-жыл.*

Берекем... Жарыгым... Сага айтаар, сени теңээр сөз таппайм.

Жанымды кайда коём?.. Эртең жөнөйсүң... Силердикине өзүм бардым. Тамагыңды жасаштым жолго. Жок дегенде, тамагыңдан ооз тийгенде мени эстээр бекенсиң? Жүрөгүмө чок салып койдуң. Ошол чогуңа көлкүлдөп эридим... Абалымды билесиңби? Жок, билбейсиң... Кыз болсоң билет элең. Азоодой туйлаган жаным, сени көргөндө жоошуп, айтканыңа былк этпей баш ийгим келет.

Эмнеге мандайымдан сыладың? Эмнеге «Садагасы» дейсиң? Мен сенден садага, казагым... Эмнеге сени бир жолу өппөдүм? Кыргыздын кызы сени — гвардеецти бир жолу өппөдү?

Канча жолу түшүмдө атыңды атап, канча жолу жаздыгыма ыйлаар экем? Мен үчүн сен кол жеткис бийиксиң. Мен сенин парың эмесмин, Анаш...

Бул жазгандарым эстелик болуп калсын...

*20-октябрь, 1944-жыл.*

## XXXVII

Анвар эртесинде жөнөдү. Ал эжесине кошуп эжелер, апалар-жеңелер, аталар-инилер, үрөөн-бутак тапты. Ал чоочуркап, чоочун өскөндөй жүргөн жок. Бул ичи-коюнга кирген жылдыздуу баланы эли узатты, жери узатты. Ушул жакындарынын баары биригип, аны бир күнгө арылатып токтото алган жок, токтото да албайт болучу. Эл ушул заң-законго көнгөн... жан ачытып камчы тийген. Камчы тийгенде, жан ачыганда, кынынан суурулган кылыч кайра оңой менен кынына кирбейт.

— Кызыл Армия кууп...

— Кызыл Армия өзүбүздүн чектен ары өтүп...

Ошентсе да суурулган кылычты кынына салып коёр мезгил боло элек, согуштун дөңгөлөгү жүрөгүн канжалаткан эр жигиттердин көксөсү сууй элек. Көтөрүлгөн барыскан чабылмайынча калбайт...

Анвар ак калпактуу тоолорду, этектеги бопбоз адырларды карап баратты. Чыгыштан батышты карай шамал жүрдү. Батышты карай камгактар чуркады, аңдарга тыгылды. Байкуш коёндор, ошо камгактан коркуп, камгактан качат ээ эми?

Тээ капчыгайдан күкүктөп суу киргенде кайра кайтса... Кайра бир бала болуп кулун-тай минсе... Балалык суудай аккан бойдон кеттиңби? Анвар балалыгын эстеди, балалыгын көрдү... Тууган жер-эл көзүнө ансайын алданемедей тартылып... алар ансайын бооруна кысып коё бербей, аттанарда бир бутун үзөңгүгө салып, бир бутун жерден айра албай; Ала-Тоонун карааны каалгып турбадыбы.

«Арт жагымды карасам,  
Айчылык алыс жол калды.  
Айланайын Ала-Тоо,  
Ааламда сендей жер барбы...»

Сенин койнунда кыз калды: суундай мөлтүрөп, гүлүндөй жайнап, жылдызындай ээрчип...

Караганың кантип чыксын эсимден,
«Кош» дей албай жаш ирмедиң көзүндөн.
«Алтыным» деп бекем сыга кучактап,
Ай ошондо неге өппөдүм көзүндөн!?

Карегимден менин дагы жаш тамды,
Карап туруп жарык күндү, асманды.
Кагылайын, карааныңдан туугаи жер,
Кайра келем, келериме аз калды...

«Аз калды...» Баарысы ушул сөзгө каниет байлап, ушул сөз менен сооронуп, мандайлары жарылган бир сүйүнүчтү — бир жакшылык күндү «эртең-бүрсүгүнү» күтүп жүрүштү...

Аз калды... Ракыя өңүмбү түшүмбү деп, экөөнө тең ишене албай, ишенгенде андан бактылуу киши деле дүйнөдө жок болуп, бул бакыт айсыз түндөгү куттай жанып асмандан түшкөнсүп, аны Сагыйда, Жакин тапкансып, Сагыйдага «ак жолтоюм» деп жалынып-жалбарып, тарткан түйшүгү, кылганы өзүнө аз көрүнүп жанына жай бербеди чарчабады, кубатына кубат кошулду, көңүлү семирип-сергиди.

Анвар жөнөгөндүн эртеси Бытыкүлдүкүнөн дагы бирөө жөнөдү. Согушка эмес, бир үйдөн бир үйгө. Топурагын түйүп берип, жүзүңдү көрбөйм деп жөнөттү Бытыкүл. Эшикте бирдемеден улам Отунчуну каарып жүрсө Алтын үйгө чакырды. Дасторконду жайнатып салыптыр. Бул үнөмү жок, артында кор болорун билбеген кызына Бытыкүлдүн көзү чакчайды:

— Көчөсүңбү бир жакка?

Дасторконду жыйнаганы колун сунганда, силкип койду Алтын. Кызынын колун силккенинен жүрөгү опкоолжуп, кайта шекшинди.

— Менин колуман даам ооз тийгиле,— деди кызы жаракөрлөнүп. Ушул жаракөрлөнгөнүндө кандайдыр бир катуулук туюлуп, Бытыкүл кызынын кирпигин чынынын үстүнөн тиктеди. Ооба, анын кирпиги тескери. А Отунчу эчтемени байкабай чай-нан менен гана алек. «О-оо, эркектин топозу».

— Карыган киши карыгандай жүргөн жакшы.— Алтын энесин каарып өттү. — Айтчы апа, экөөң бирбириңди сыйлабаганда силерди ким сыйлайт? Апа,

атама тилиңди тийгизбе... Ата, сиз дагы жоругуңузду таштаңыз. Нурпача ата эл башкарып жүрөт. А сизге үй-бүлөңүз баш ийбейбиз. Бул кимдин жамандыгы?

Ата-эне унчукпай, чай ордуна Алтындын сөзүн ууртап баштары салыңкы. Мүмкүн, экөөнө кызынын сөзү «кызыл алтын» болуп баштарына уюп жаткандыр.

— Руксат бергиле...

— Эмне дейсиң?

Руксат бергиле, мен теңими таптым. — Алтын сөзүн чукулунан бурду.

Бытыкүлдүн колунан чынысы ыргып кете жаздады:

— Коку-уй... Кокуй! Эмнени укту кулагым? Заман акыр деген ушубу? Уялбайбы... уялбайбы? — Алаканын шак койду. Бытыкүлдүн кара шамалы каптаарын билип, Отунчу эшикке жыла жөнөдү.

— Руксат берсеңер да, бербесеңер да токтобойм. Уялбайм! Силер уялбай бээге саткансыңар...

Бытыкул башын муштап буркан-шаркан. Ыйлап, каргап-шилеп, үйүнүн ичин ыргытып:

— Теңиң ким?

— Ысак!

— А-аа...— Бытыкүлдүн көзү алайып, укканым чынбы-жалганбы дегендей ордуна селейди.

— Ысакка! — Алтын энесин укпай калдыбы дегендей дагы таптап кайталады.—Ысактан боюмда бар.— Ал ансайын сөзүнө шынаа кагып, коркутуп-үркүтүп бөйрөгүн басып койду.

— А-аа...

Алтын ошол күнү кечке чейин тынбады: жоолугун кайра салынып, үй ичин күбүп-кагып жыйнады, киргоогун жууду, көмөч казан салды. Күүгүмдө өзүнө тиешелүү төшөнчүсүн танды:

— Кош, апа...

Бытыкүл кулак кагып да койгон жок. Кызы босогону аттаганда гана чаңырып алды:

— Сен да, сенин башыңды тегеретken да оңбосун! Сени түрүүлөй көмгөм... Кусурум урсун!

Ысак ошол түнү тоюна бир улак сойдурганын укканда Бытыкүл андан бетер арданып, жерден боорун көтөрбөй чеке тамырлары лукулдап, дагы эки-үч күнү жатты. Эшикке чыкканда Ысактын үйү жакты карабай жүзүн үйүрдү.

— Кыздан көрдүм кордукту... Куда-ай, көгөөн толо кыз бергиче, жалгыз уул бербедиң!?

Ага согуш эми башпактады. Анын башы эми кемиди. Жайлоонун түзүндө суурдун ийини бар экенин билбей чапкылап, аты мүдүрүлгөндө башынан алыс кеткен атчанга окшоп, Бытыкүл эми мүдүрүлдү, эми араң аркы-берки оюна түшүп колтугу титиреди. Кыздары мелдешкендей чоңоюп баратат. Кыз баланын чоңойгону... Элдин көзгө басар жалгыз уулу да согушта, жердин түбү желпинеште. Баары күтүп жатышат... А мунун кыздары солдоюп, үйүнөн чыкпай милдетин артып...

— Таалайсыз албарстылар... отургула сокуга окшоп...

Кайда булардын күйөөсү? Күйөө табылабы? Согуш кыздарына боло турган күйөөнү өлтүрүп салган жокпу? Күйөө бала жакшы болсо буга деле бала эмес беле?

Эртедир-кечтир кыздары конушуна конот. Анда Бытыкүл кантет? Өзү журттагы сокуга окшоп калаарын эстегенде Бытыкүлдүн заманасы андан бетер куурулду. О-оо, ал кызды төрөдү, кыялын кошо төрөй алган жок. Ушинтип, эми кыздары Бытыкүлдү тизгинден алды. Ал башын кейкеңдетип жакшы эле туйлады, чамынды. Андан оюндагыдай майнап чыкпады. Бул эмнеси, Бытыкүл карылыкка баш койдубу же кыздары тыюудан чыгып баратабы?

Кыздарын төрөдү, бакты, чоңойтту. Бул эненин ыйык милдети. Эми уядан канаттарын таранып, алды уча баштады. Аларды уясында нечен жолу жазгады, чокуду. Антүүгө да эненин укугу бар. Ушул укугуна таянып, ал кыздарынын жүрөгүнөн кан чыгара чокуп көңүлдөрүнө так салган жокпу? Аларды «кыз — кызыл алтын» деп, буюм катарында эсептеп, бул буюмум канчага барар экен деп көзү кызарган жокпу? Кээсин чыгарып, баарын бир күндө айрандаган жокпу?

Бытыкүлдүн санаасын бирөөлөр бөлүшө тартпады, анткени, ал жалгыз калган. Топтун ичинде жалгыз гана анын башы кейкеңдечү. Кейкеңдеген жалгыз баш...

Эмнеси болсо да кыздарына күнү түшөрүн Бытыкүл билбеди дейсиңби? Билди... бирок, ал бир эле

күндө багынып, бир эле күндө шумүрөйүп кол куушурбайт. Адамдын дымагы чоң.

Ооба, адамдын тагдыры кайрадан чечилип, кайрадан чиеленип, чаян түйүлүп жатты. Бир жерде адамдын жолу бөгөлсө, бир жерде капталдан кошулган суудай — кыргыз сууларына окшоп, туш-тушка аркырап акты.

...Сен, Эрмек, аркырап аккан суу белең? Сен адамсың, адам болгонуң үчүн бул кыштакка сени менен кошо сүйүнүч кирди. Сени баары тосуп, сага учурашканы баары чуркабадыбы:

— Сакайдыңбы айланайын...

— Жакшысыңбы...

— Эми кайтолдобос бекен?

— И-ии, өңүңө кирипсиң...

Сен, Эрмек, элдин ачына айландың, тогуна толгондуң. Алар суу ичсе суу ичтиң, уу ичсе уу ичтиң. Башыңды элге ийдиң.

Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жамандын саатынан эмнени гана көрбөдүң? Жатпаган больницасы, түшпөгөн доктуру калган жок. Акырында курорт-санаторияларда жүрдү.

Эрмек чогулгандарга ошолордон айтып олтурду.

— Балдарыңдын бактысы бар экен,— деди Нурпача «Абдыясактын калкозуна» ичи эзилип. Ал ичинде тиги балдардан кем сүйүнбөдү. Карыганда каржактап, бирөөгө «жаман тилин» тийгизип же бирөөлөрдөн «жаман тил» угуп «атка мингени» оңой беле?

Эрмек ыйык жалынан кармап кайрадан атына минди... Аз калды... Атты тизгин-чылбыры менен өз ээсине тапшырат. Гитлердин аскери көңтөрүлүп батышка төгүлүп баратпайбы. Аз калды го көмүлөөрүнө...

## XXXVIII

1945-жылдын жазы...

Быйыл:

суу укмуштай тунук акты: кулак тундуруп күрүлдөп, арыстандын жалындай эшилип, бирде түбүнөн күлдүрөтүп тегирмен жүргүзүп, бирде айкырып жоого чапкан азаматка окшоп жээгине чарпылып, атырылып...

жер айрылып чөп чыгып, желин айрылып сүт чыгып; күздө ак төөнүн карды жарылып той берилет бейм...

канаттарын сабалап капкаяктан чымчыктар көбөйдү: тобун бузбай оболоп учушту, кулак кандырып деле укмуштай сайрашты; же чымчыктарга жаңы тил бүттү, же адамдардын көңүлүндө шаттык...

Жаз балдак таянып гүл терген кызга окшоду, былтыркы гүлдүн далайын жоктоду. Жаздын тамыры сыздады, жүрөгү канады. Бойго жеткенде балдак таянып гүл терген кыз... Бутунун аксаганына кайыл, ушул жер үстүндө күндүн тийгенине, гүлдүн өңгөнүнө сүйүнгөн кызга окшоп жаз...

бышкан нандай паарыңдан айланайын жакшылыктын жышааны ар бирибиздин үйүбүзгө кирет бейм. Андай болсо бешиктен чечкен баладай талпынтып бооруma кучактайын, жашымды төгүп алкымыңдан коркурата жыттайын...

Кагылайын, кой үстүндө боз торгой жумурткалаган бейпил күн, сени сагынбадымбы... сагынбадымбы!!

Жалгыз аяк жолдо «ат жалына казан асып» жалгыз Ысак. Бул жол кыштактан башталып, мобу Теректин талаасынан түгөнөт. Жол качан, кайсыл убакта пайда болгонун эч ким билбейт. Сыягы тиги Теректин талаасы менен кошо жаралса керек. Аты Терек болгону менен анда дүпкүрөгөн терек жок. Мүмкүн бир заманда дүпкүрөгөн теректир. Адамдар бул талаага жашабагандан кийин эми теректер да жашабайт. Адамсыз жашоо кайда аларга...

Жаз башталаар замат бул талаадан адамдар өксүбөйт. Ошон үчүн жол да түгөнбөйт, эскирбейт. Анткени талаа адамдын байлыгы, азыгы, наны.., Нанды көздөй кимдер баспасын?!

Анда күүгүмдө күтүрөп бастырып талаадан үйгө жөнөшчү. Арттарында жер союлуп жумуш калчу. Алар чарчагандарын билбей шатыр этип күлгөндө, те төбөлөрүндө түнөгүнө учуп бараткан канаттуулар жалт бурулуп, бул бейкапар адамдардын күлкүсү экенин сезгенден кийин, дагы бир жолу төбөдөн шуу тегеренип, жолдорун улантышчу. Каякта ошол күлкүлөр?

Тигине жолдор... тоолор... талаалар... Аларсыз канаттуулар...

Аларсыз суулар акты, гүлдөр кулпурду, эгиндер эгилди...

Атаңдын көрү-үү, ошол курбулары эмеле, азыр, мобу буйгаттан чыга калып Ысактын башынан төөматек алып, тебетейин ала качса ээ? Баягыдай шылдыңдашса:

— Эй, кодогой...

— Эй кыска бут...

Ысак «Тактекенин» такымын айра чаап, кубалап жөнөбөспү!

Ошол дүпүрөп бастырган талаанын эркелери жок, айлана кулак-мурун кескендей. Ысак жалгыз, жол жалгыз, жол таманында аттын туягы жалгыз. Жок, жаңылабыз; жолдон киши өксүбөйт экен, дагы эле киши чубайт, дагы эле эгиндер эгилүүдө.

Ушу быйыл эгин жылдагыдан эрте, үркүп чыкты... Баягы Ракыя айдаган күздүктүн алды тушарга чаап, жаздык эгиндер атаандашкандай бири-биринен өтүп кыр жаады.

Согуш быякта, тылда, эскиси жеткен калбырга окшоп, быягынан жамаса, тыягынан сөгүлүп турса да; согуш быяктан, тылдан, жаңыны-жакшыны жалмап турса да; ошонун баарына чыдап, кайышпай көтөрүп, жигин билгизбей бүткөрүп турган бир сыйкырдуу күчтүн бардыгына Ысак ишенди. Ага мобул элдин баары— жерден боорун жаңыдан көтөргөн, баласынан өмгөктөгөн карысына чейин баатыр көрүндү. Баары баатыр... баарынын төшүндө жаркыраган орден. Ордендүү эл-журт!

Анда, Ысак өзү да баатыр. Баатырлык адамды ылгабайт. Өлүп же кол-бутунан айрылып баатыр болбойт. Баатырлыктын көп жолу бар экен.

Ысакты энеси элден кем төрөбөптүр. Эч бир эне баласын элдин кеми, эчкинин саны болсун дебейт. Ал жалгыз да эмес, анын баласы да болот, Алтындын боюнда бар. Эй, Ысактын апасы, мүрзөңдөн башыңды көтөрүп уулуңду, быйылкы ааламдын жүзүнө көз жүгүртчү. Уулуңдун атынын туягын уктуңбу? Угушуң керек, анткени, сен, өлсөң да элге аралашып жатасың.

...Ысак окчун дөбөдөгү жалгыз күмбөздү карап, эртеги жардын башындагы апендинин үйүн көргөнсүп күлүп ийди. Заманында бул өрөөндү титиреткен датканын күмбөзү...

Медер датка уйду мал катарына эсептебептир. Өмүрүнчө уйдун этин жебейт. Ооруп, өлөөрүнө жакындаганын билгенде боз үйдүн эшигин түрдүрүп «тайды жетелеткиле» деп буюрган. Жаздыгына чыканактап тура калып, тайга минтип арманын айтыптыр:

— Жаныбарым, мен өлгөндө сенин этинди ким жээр экен? — Анан акыркы керээзин айтат. — Менин сөөгүмдү ой жерге, мүрзөлөрдүн арасына койбогула. Уй тебелейт. Дөбөгө күмбөз салдырып ардактап койгула...

Урук-туугандары датканын сөөгүн дөбөгө койдуруп, дөбөгө күмбөз салдырышат. Датканын айтканындай болбой, уйлар сайгак кубалаганда капкаяктагы ойдон дөбөгө качып, так ошо күмбөзгө көлөкөлөшөт.

Датканын жоругуна, куйругун сырандатып кыр өйдө биринен-бири өтүп сайгактаган уйларга күлдү Ысак.

...Быйыл жаан да укмуш жаабадыбы. Жаш баланын көзүндөй эмеле мөлтүлдөтө жаш төгүп, эмеле чаңкая түшөт асман! Ушундай жаандын биринде Медердин күмбөзүнүн төбөсү күрр этип кулады. Күмбөзү эскирип, ага куурган эстелик кулады быйыл.

Атаң көрү-үү, кулабаган, эскирбеген эстелик барбы дүйнөдө? Элдин оозунда, элдин дилинде сакталгандан артык эстелик дүйнөдө жок болсо керек. Бузулбаган, уурдалбаган эстелик элдин жүрөгүндө турбайбы. Өлөрүндө да элден бөлүнгөн жалгыз бейит кыла көрбө. Жалгыз бейит...

Ысак атын бери чийге буруп байлап, апасынын мүрзөсүнө басып баратып тык токтоду. Бурмаштын мүрзөсүнүн жанында сыңар тизелеген аял. Жанында байчечекейдей кийинткен эки эркек баласы. Аял Ысакка алдакайдан буркурап ыйлап ийди:

— Ушинтип кезиктим... Тиги дүйнөдө кара эшекмин мобу мүрзөгө... Мен куруюн!

...Жазга жуук болчу. Жедеп сөөгүнөн өтүп чучугуна жеткенде Зыйнат Маамытка барды. Ал конторунда жалгыз экен, кирген аялга башын көтөрбөдү. Башын көтөрүп тиктеген күндө да бул үтүрөйгөн, жүдөгөн, бети-башы көгала катынды тааныбайт эле. Катындар Маамыттын кулак-мээсин жеди, жадатты; эгин сурайт,

саан сурайт, бербесең ыйлайт, каргайт. Аялдарга жеҥилмдей жабышчу Маамыт, эми аялдардын балээсинен коркуп зыркырайт. Ал Зыйнатты бирдеме сурап келген аял экен деп ойлоду.

— Сен кайсы катынсың?

Зыйнаттын жини кармап, «сен койнума жаткан катынмын! Сага бир жай катын болгом» деп айтканы баратып toктoду. Ал карып, ал мусапыр... Сулуулугу, узун чачы жок. Сулуулугу аны чанган. Ал айтышууга эмес, арызданып келди. «Сен койнума жаткансың» деп догун артабы?

— Чонойдун катынымын!

Маамыт көзүнүн төбөсү менен бир карады.

— Кайсы катыны?

Зыйнат буга андан бетер ызаланды. Чоной беш катынды айдап жолго салыптыр. Быягынан бир аялды алып, анын өңүн айыл-апа жакшы тааныгыча кетирип, тыягынан бирөөнө көз артканы согуштан бери кайра күчөдү.

—Эң кийинки катынымын! — деди Зыйнат эрдин тиштенип. Анан солуктап ийди. — Чоной сабады. Урду-у.

— Урса... эмне кылам? Кантем, бир ит экен... — Маамыт чүйлүсүн аарчып, колун жайып койду. — Эмне кылам? Аргасын...

— Мени урса... сабаса кайыл элем. Баламды сабады... үч жашар... Мына тиши... — Зыйнат токтоно албай букулдап жоолугунун учун чечти.

Маамыт ийне менен сайгандай ордунан ыргып турду:

— Баланы... үч жашар? Акмак!.. Кантип?

— Аякты шыпкап атса оозго тээп... ууртунан кан агып...

Маамыт баланын тишин кармалап, төбө чачы тик туруп, сөздүн аягын чыдап уга албай калчылдап:

— Болду... болду... Айтпа...

— Айтам! — Зыйнат күтпөгөн жерден алкылдап, уулунун тишин жоолугунун учуна түйүп Маамытты демитти. — Айтам! Башкармалыгыңа корстон болуп... Эмнеге орден тагынып жүрөсүң?! Катынды кордоп, баланы сабаганды колтугуңа катып... Сен көзүңдү ач! — Ал түйүлгөн жоолугунун учун Маамыттын көзүнө такады. — Мобул тиш сынды дейсиңби? Ал сенин да чучу-

гуңду какшата тиштейт! Сынган жок! Күнүн кууйм... кесиктей кууйм! Көзүңдү ач! Сен! Сен...

Бир дубан элдин алдында сөздөн жаңылбаган Маамыттын оозунан сөзү ыргып, тизеси калчылдап, жер айланкөчөк атты. Бир дубан элден сүрдөбөй, акырайып бороп-сороп, кээде камчы көтөрүп жиберчү Маамыт азыр жалгыз аялды тике карай албай турду.

Маамыт Чонойду каматты. Муну менен өз күнөөсү аткалбады. Аз күн өтпөй, аны эли колхоздун председателдигинен алып ыргытты.

Мүрзөгө башын ийип, ырайым сурап айтып, мүрзө менен тирүүдөй сүйлөшкөн Зыйнаттын жашы тыйылбады.

— Кудай баланы атадан ажыратпасын. Бирөөлөргө суук тумшук кылбасын...

Зыйнаттын ыймандай сырына Ысактын бир эсе зээни кейип, бир эсе кубанчы койнуна батпай, топойгон эки баланы бооруна кысып, өзү да баладан бетер эркеди.

— Адашкандын айыбы жок... жүр үйүңө...

Тамынын үстүнө шалчасына буудай жайган Салый. Ага жардамдашып, жердеги каптын кулагынан буудайды улам сузуп берген Бытыкүл:

— Бирөө түзөп айтат, бирөө бузуп айтат. Баякыны унутуп кой, Салыйкан. — Анын качанкы бир унутулганга кечирим сураганынан уялып, «экөөбүз жаман-жакшы айтышпадык эле го, бу кайсыны айтат» деп эстеп эстей албаганынан «эсиме жара чыккыр» деп, өзүн тилдеп, тигинден сурасам көңүлү ооруйбу деп, жөн эле башын ийкегилейт Салый. Улуу болсо да минтип кыйыктанбай буудайын жайышканына ичи жылыды. Кантсин Бытыкүл сурабаганда... Үй ичи бүтүн ичээрмандар. Бир-эки чака ундук буудайды берет сатуулашпай. Анчалык буудайды чычкан деле жейт же төгүлөт. Быйыл байкуш Бытыкүлдүн жону аябай жукарганбы, карабайсыңбы эки жаагы шимилгенин. Атаны катүгүн ай э, эшек курт мурдуна түшкөн бейм?

— Бытыке, бөлүшүп ичели. Каптагы эгинди кайра кампага куят белем?

— Тилегиңди берсин! Бугубайдын, Каниметиңдин ыраатын көр. Бугубайдын күрмө-шымын мага бер. Өзүм тигейин чыкыйтып...

Салый Бытыкулдун мынчалык элпектигине ишенбей, кишиден бирдеме сураарында ушинткен өнөкөтүнө мыйыгынан күлүп, буга кыябын таап бир сөз айтайын деп турганда, аркы туурадан аялдын улуп уңшуганы угулду. Бытыкул аялдан мурда ал минген атты таанылы:

— Йэ ботом. Күйөө баланын «Тактекесиби»

Мундук, Зарлыкты жетелеп Ысак артта жөө. Салый, Бытыкул экөө Мамбеттикин карай чуркашты.

...Ушинтип, Зыйнат кечигип келди. Кайниси Сардарга, кайненеси Бурмашка кечигип кошок кошту. Өгөй да болсо балдарга «ата табам» деп барып, тумшугуна суу жетип кайтты. Арды-корду таштап, эки таалайымды канаттууга кактырбайын деп, эки баланын элжуртун издеп, ага тагдырын кошо байлаган Зыйнатты боз топурактын алдындагы Бурмаш гана туйбады. Ал аял эркекке гана байланат экен дечү эмес беле? Ооба, эки бала Зыйнаттын таалайы, эки бала аны колу-бутунан жылдырбай тушап турган мээнети да болучу.

Башы калтылдап, чачы агара түшкөн Мамбетке күн төбөдөн жарк этип Кадыры менен Сардары кайрадан тирилди. «О-оо жараткан, мунуңа шүгүр!»

...Зыйнаттын баягы чамгарактаганы жок. Жакиндин кирпигине байланып, ансыз бир чыны чай ичпей, ансыз эчтемени бийлебей; бул үйгө күнөкөр, бул үйгө кул. Мобул эки уулунун кулу...

Жакин бир үй-бүлөнүн баш-көзү, бир үй-бүлөнү багуу эми анын мойнунда. Ал ушуга ыраазы, көңүлү куштар, аларды капалантпасам, бирдемеден кемчил тарттырбасам деп баштагыдан бүйрө, камкор. Үйдөгүлөр да жакшы сөзүн, жакшы тамагын ага белендешет. Төтөндөн эртең менен атканганда эки бала Жакинди ээрчишип, кечинде жолунан тосуп арызданышкандарычы:

— Тиги чымчыды.

— Урду — дешет Зыйнатка жалаа жабышып.

Эки бала... Эки баланы бетине кармап Зыйнат кайрадан тууруна конбодубу. А Жакиндин башына күн түшсөчү? Чын эле Сардар келбейби?... Жаман кабар чынбы? Жакин андан аркысын ойлой албай коркуп кетчү. Эртедир кечтир өзү жөнүндө да ойлоо керек го? Аябай ойлонуу керек. Жакин өз оюунун баш жагын же аягын гана ойлончу. Оюнун орто жери жаман. Оюнун аяк жагында ал бул үйдүн келини эмес, кызы. Кайда

барса да кол үзбөгөн кызы. Бул үй төркүнү... Кайда барат Жакин? Жок... Жок. Бул үй аныкы. Ленинград шаары жарасынан айгып бараткандан кийин баарынын жүрөгүнүн жарасы айыгат. Кантип томсортсун, бир кабары угулар. Тирүү!.. Мамбеттин уулдарынын бирөө кантип кайтпасын согуштан? Мобул үйгө кантип бирөө кирбесин? Жакин бул үй-бүлөнү эсине тапшырат. Аз калды...

Баары саргарып күтүп, бүгүн-эртең деп кулак түрүп, ал күнү кара кагаз да жалган болуп, өлгөндөрүнөн өйдө тирилчүдөн бетер эл тоскон күн — ак жолтой күн баарынын шаштысын кетирип, бирөөнүн көйнөгүн чала кийгизип, бирөөнүн ишин унуттуруп, жоолугун шыпыртып сүйүнчүлөтүп, бири-бирине чуркатып күйүктүрүп, кубантып ыйлатып, бирөөнү чалактатып кулундуу бээге мингизип түлөөгө чапкылатып, бирөөлөргө боорсок жасатып! камынтпай кирип келди...

...Жеңиш! Жеңиш!.. Тынчтык...

Ал күндүн өзү кандуу көйнөк кийген адамга окшоп... Жылаңаяк, жылаңбаш, көзүндө талаалаган жаш. Баягы түрүлүп аскер жөнөгөн жолдо жалгыз аттын туягы тапырлап, бул сүйүнчүлүү кабарды жеткирүүгө жанманы калбай оңду-солду темшип, чапкылап; баягы түрүлүп согушка жөнөгөн аскерлердин үйү жакка жайдак ат минип чапкылап, үнү кардыгып кыйкырып жүрдү:

— Уулуңар келатат... Уулуңар!..

Жакин согуштун басылганын көчөдөн угуп, көчөгө батпай үйүнө чуркап, үй ичинде жалгыз ага-буга урунуп, мууну бошоп, жаш төгүп өпкөлөп, бооруна кысып өбөөр бирөөнү издеп, издегенин таппай; анан карайлап босогодон Сардарды көрдү... Ал Сардардын мойнуна асылып, Сардар да ага асылып, экөө ажырашпай жыттапып, жашташып, Жакин эркектин төшүнө башын жөлөп кучагында көлкүлдөп эрип баратып бакырып ийди. Кучагындагы Алмаз болучу... Аны жыга түртүп, короого чыга бererде дагы бир бакырды. Сардар ага бүгүн дагы бир өлдү...

Мына бул өлгөндөр менен тирүүлөрдү аралаштырган күн — дүйнөдө теңдеши жок сүйүнчүлүү кабар, жумурай журтту сүйүнткөнү менен, жалгыз кишинин маңдайына токтоп, ага көңүл айта албай, айтүүгө чамасы жетпей; «өг!» дедиртип жумурай журтту таалайга карк кылганы менен, жалгыз бирөөнүн таалайын табышып

беруу колунан келбей, өзүнүн бөйрөгү кошо солкулдап, үйдөн үйгө, көчөдөн көчөгө, айылдан айылга чапкылап жүрдү. Жолдо ат туягы тарсылдап, жондо көйнөктүн этеги канаттай дилдиреп...

— Уулуңар... уулуңар...

Асыл арыктан суу сузган бойдон удургуган элге аңкайып, аңгыча этек-жеңи жайыла чапкылаган Нурпачадан, артындагы үч-төртөөнөн, бери чуркаган аялдардан жүрөгү оозуна капталып, ага кошумча болуп, тамынын үстүнөн Салый секирип түшүп кол булгалаганда чалкасынан суага жыгылды. Бир мүнөттө жаны жай алып, кайра бир мүнөттө тозок аңтарылып, үнү буулуп, көөмөйүндөгү жаманатты сөздөн жалдырама тийип жер көчтү.

— Жолборсуң... Тилгирем...

— Тилгирем?..

Асыл дагы эле жалдырап, тигилердин жүзүндөгү жаштуу кубанычтан кийин эсине келип бакырып ийди. Бакырып ийгенден кийин жанындагылар эмес, өзү ишенбеген бир укмушту туйду. Анын кулагы угуп жатты...

— Жолборс... тилгирем? — Ал дагы бир бакырып ийди. — Угуп атам!..

...Асылдын кулагынын укканы андан бетер түгөнбөгөн сөз; бирөө ишенсе бирөө ишенбей, атайлап сүйлөшүп ынагандан кийин, бу «дың кулактын» ачылганына таңгалышты:

— Сүйүнгөнүнөн ошентти...

— Жок, коркконунан... Жолборсту угузат деп коркуптур.

Салый болсо «Асыл апанын» кулагынын укканын аюунун майына жоруп өзүнчө күдүңдөдү.

...Согушка узагандардын ичинен Канимет биринчи келди. Көкүрөгү толтура орден. Мүмкүн, башка жерде мындан мурда келгендер бардыр. Колхозуна Канимет биринчи кайтты. Мүмкүн, Каниметтикинен ордени көптөр бардыр. Каниметтикинен ашкан ордендүү али бул кыштакка кайта элек. Каниметти сөзгө мокок, оокатка анчейин эби жоктой көрүшчү аялдар, эми анын сын-сыпатын Семетейге теңеп, сүйлөгөнүн Жээренче чеченден ашыра макташты:

— Ий, ай жер чечегин безейт...

— Жүрөгүндө кара жок баатыр тура ботом...

— Жонунда жалы бар эркек тура...

Салый күйөөсүнүн жаркыраган ордендеринен көзү уялып, аны эмне үчүн алгандыгын такмазалап сурап, ал «кырчылдашкан» согушту айтканда ачкан оозун жаппай, ошо кыргында акыл-эсин жыйып жүргөн күйөөсүнөн сүрдөп, анын баягы «арабачы Канимет» экенине ишенбей; а түнүчүндө мунун баарын унутуп, Каниметти эми койнуна жатканда сагынып, аны эми аябай кана жыттап, эркекти сагынганын эми араң билип жону-башын сыйпалайт, «жонундагы жалын» издейт.

— Бул эмнең? — дейт Канимет аялынын жон сыйпалаган өнөкөтүнө күлүп.

— Сен күлбөгүн. Менин сагынганым сага күлкүбү? Сен аялдарды билбейсиң...

Канимет кантип аялды билбесин! Ага тыяктан аялдын кадыры өтпөдүбү. Ага ушу «жаман Салыйы» атаэне болуп, бел болуп, кээде анын карааны Айчүрөктөй учуп көзүнө көрүнбөдүбү. Келсе аялы чын эле Айчүрөк! Каниметтин санаасы тынгылыктуу. Салыйдын колу ага кебездей учурап, анын койну бешиктей терметип, мемиреп уктайт түнкүсүн...

Салый бул күндө ансайын жайдары, боорукер. Элдин кубанчына, өзүнүн кубанчына жетине албай, дагы бирдемеден мүчүлүш тартып, тигил аялдын күйөөсү, балайча үйдүн атасы келсе экен деп санаасы тынбайт. Ал Каниметтин жалгыз кайтканына өзү күнөөлүдөн бетер, аркы кабагы бүркөөлөргө учураганда аларга ичи ачыша муңайып «а-аа, аржактабай жерге кирсемчи, буларды табаалагандай болбоюн» деп тымпыят. Үйүнөн өзү чыкпайт, эрин да чыгарбайт дебесин бирөөлөр деп, «тамдын үстүндө эле туруп берсе» дегенине колун шилтеп, корсондоп башкарып Каниметти жумшайт.

— Тур Канимет, жумуштагы аялдарга кеп-сөз уруп бер. Бас!

Төшүндө ордендери толтура Каниметке талаадагы «кара жумуш» ылайыкпы деги? Аны өкүмөт өзү «ражонго» чакырып бир чоң кызматка коёт го, кантордон иштеген. Ордендерин жаркыратып кирип барса «каалаган кызматыңды ал» дешпейби.

— Канимет, сен кайсы кызматка иштейсиң?

— Берлинге кызматка калтырганын болбой койдум, — дейт Канимет тамашалап. — Анда бозону билбейт. Бозолуу шаарга кызматка турам.

— Жок, Жок. Бозо болсо да шаарыңа барбайм, тил билбесем. — Салый жоолугун төбөсүнө чыкчырылта бууп, аны бирөө шаарга алпараткансып жанталашат.— Барбайм шаарыңа.

— Жок, барып койсоң... Шаарга барып чолок көйнөк кийсең, чачыңды кырктырсаң...— Канимет көптөн кийин гана Салыйдын жогорку таттуу кыялына жооп айтат:— Ээ Салый. Экөөбүздүкүнөн жакшы кызмат жок. Тынчтылык болсо көчө шыпырсам ыраазымын...

Канимет кызматчы болмокко же орден алуу үчүн согушту беле? Согушта баарынын укугу бирдей, баарында «жаман катын, жаш бала», баарынын ата-энеси, агатууганы, ата журту бар. Ата журттун маңдайынан кан акты, онтоду. Ата журт бир бөйрөгүнөн кансырап, анын бир капталында катын-бала кул болуп, кулдарча жан бербей, бутка жыгылбай, жыгылса чыгышты карап «бизди кырып түгөтө албайсыңар, биздин кунубузду куушат» деп, жоо жүрөгүн титиретип жатышты. Быяктагылар «орус жери» дебей, антип айтуу ойлоруна келбей, «сен өзүбексиң, мен кыргызмын, ал орус» дебей, ошол батышка аттанган жолдо далайлары батыштан топурак буюрарын билип турушуп, аны тобокелге салып, «биздикилерди кыйратып жатышат, биздикилер жүргүлө!» дешип, «биздикилер» чакырган жакка аттанышпадыбы! Ата журт баарына бирдей, ал колуна күрөк кармаган сугатчыны же «чоң кызматчы» экениңи ылгабайт, даражаңа карабайт. Бирөөндү ала, бирөөндү кула көрбөгөн Ата журт сенден бир гана нерсени — адамча жашооңду каалайды. Адамдан жогору эчтеке жок, а адамга киндик кан тамган эл-жерден ыйык эмне бар?

...Сен элден элге, жерден жерге өтүп согушуп көрдүң беле? Согушкан солдаттардан сурачы... Улам арылаган сайын сагыныч күчөп, кусадар болуп «айланайын совет жеринин турпагын бассак экен» дешпедиби. Өз айылды мындай кой «айланайын совет жери» көздөн учпадыбы. Ошо арылаган сайын Совет адамынын баркы дагы бийиктебедиби.

— О-оо, мен рейстака* кол койгом, — дейт, Канимет төшүн керип.

— Койчу жалгыз согушкансыбай. — Салый күйөөсүн тыят, бир эсе таңгалат. Ушу арабакеч күйөөсү тиги

---

[1] Рейхстаг дегени.

ажыдаардын уюгунда сүрөткө түшүп кол койду ээ? Анын ушул сүрөтүн, төшүндөгү ордендерин, кабагындагы сүрүн көрүп туруп, мурда бул арабакеч экен деп ким айта алат. Адамдан сүрдүү, адамдан укмуштуу курал деле дүйнөдө жокко? Эгер курал-жарак жеңсе жанагы «айрыпуланы кара таандай Гитлер» жеңбейт беле. Мында адам жеңди... Советтик адам жеңди!

Салыйга адамдан артык нерсе дүйнөдө жок болуп, ал атты бүткүл жер жүзүнө кыйкыргысы келип, кыйкыруудан ийменип, ал тургай күйөөсү айткан «Рейстака» тили күрмөлбөй, күйөөсүнүн соболосун көтөрө минтет:

— Ал Берлинге кол койгон!

...Берлинге кол койгондорду баары күтүштү. Берлинге жеткенден кийин, согуш бүткөндөн кийин, түп көтөрө күжүлдөп, жолго батпай ийрилип баягы аскерге жөнөгөндөрдүн баары... өлдү дегендер да тирилип, алардын жаман кабары жалганга чыгып, бүгүн эртең кирип келишчүдөй көрүндү. «Жеңиш» деген кабар угулганда баягы жүрөктөгү жаралар кайрадан жаңырып, кайрадан бук болуп, адамдар кайгыдан да, сүйүнүчтөн да терисине батпай жарыла жаздап, океандай бууракандады. Согуштун карааны төңкөрүлүп, а мобул бейпил күндүн бир эле минуту берилеп жылган сайын, адамдар бирибирин кайтадан эсептешип, кылык жоругун эскеришип, кайтадан жоктошуп, жоктогондордон күдөр узбөй бөйрөктөрү оңурайып кайрадан кулак түрүштү. Кантип эле аттанган бойдон кайра кайтпай, жок дегенде бир жолу көзгө көрүнбөй канаттары кайрылып, эч качан, эч ким чакыра албас жакка түбөлүккө ажырашсын? Кантип эле...

Берлинге кол койгондорду баары күтүштү... Алардын төбөсү бирин-сериндеп көрүнүп, негедир кечигип жатышты. Жол тийбей атабы же кезек жете элекпи аларга? Чиркин адамдын үмүтү ай, жамандыкка бирибирин, жакынын кантип ырасын.

Келет! Келишет...

Канчалык сүйүнтсө ошончолук сыздатты, ыйлатты... Канчалык мээримдүү болсо, ошончолук таш боор дагы эле. Антпесең, кайда менин кыйбас адамдарым? Сен аларды кайда калтырдың, айтчы, атыңдан айланайын, Жеңиш?!

Алардын кабарын, баарын айта албады. Жеңиштин өзүнүн да көйнөгүнөн кан чылпылдап, жаралуу. Бир эле күндө баарын жай-жайына коюп, бир эле күндө жарасын айыктырууга кудурети кана? Күндөрдүн жаманы өттү, кетти... Өмүрдүн жаманы, өмүргө салынган так кетер бекен, өчөр бекен?

Жакин оор улутунду.

Күн аркан бою көтөрүлгөн. Балбылдап, анын нуру жетпеген, ал тийбеген жер калбай, күн менен жер экөө жытташып, күндүн нурун жер кылкылдата шимирип, дүйнө кайрадан жаңы курулуп, дүйнө кайрадан жаңы төрөлгөндөй. Күн да, жер да ааламга батпай толуп, чалкып турду. Ушул күндөр кайрадан баарын бүткөрөт ээ: баягы бүтпөгөн тамдар кайрадан бүтөт, кыпкызыл өрүк комуз кайрадан чертилет.

А Жакин тебетейди качан жасайт? Анын төрүндө качан бала ыйлайт, бешик термелет? Күндөр... Күндөр, сенин койнуңда эмнелериң бар, сен дагы эмнелерди көргөзөр экенсиң?

Күн канчалык нуруна ороп-чулгап, жаркырап, чалкып турса да Жакиндин бирдемеси жетпей, толбой, ичи коңултуктап, жүрөгү тызылдап түпөйүл. Анын жүрөгүнүн жаракаты кантип унутулат, кантип айыгат?

Адам болгондугу үчүн анын жүрөгүнүн жаракаты айыкпай, кайтадан өйүп, кайтадан калайманга салып кыйнады. Анын жүрөгүндөгү түйүндүн бир учу алиге чечиле элек... Бир эсе ал капчыгай суусундай күүлөнүп, күргүштөп, адам болгондугу үчүн суудай төмөн акпай жогору агып, бул агынга жуунуп, тазаланып, сергип, түгөнбөгөн, бүтпөгөн жашоого эми жаңыдан түшкөндөй; өч токтобой, аны токтотор күч жок болуп, аалам менен кошо дүңгүрөп бир жакка бараткансыды. Бул эмненин күүсү, эмненин күчү?

Мына, буюрса байкерчилик күндөр кайрадан босогону аттады. Эми кыргыз сууларына окшоп, ар бир адамдын тагдыры өзүнүн ордун табат, ар бир өмүр өзүнүн нугунда агат. Же ошол байкерчилик күндөрдүн күүсүбү, шарапатыбы? Эми байкерчилик күндөрдүн сынагы жүрөт...

Жакиндин өзөгүнөн ысык бирдеме чуркап өттү: үстүндө күн, астында жол — шаңкайган Ала-Тоо, туш тарабы калы килем, сыдырым жел. Кулагында күркүрөгөн

суу, жүрөгүндө үмүт. Жашоодон, мобу татынакай дүйнөдөн, жакшылыктан кантип адам үмүт үзсүн.

Ал атын теминип, камчысын солбуп күлүп ийди. Ушу ат тушаганды билбей жүрбөдүбү. А калбыр үйүрө албаган күндөрүчү... Заматка Жакиндин дүйнөсү түгөл, маңдайы жарыла сүйүнүп, ыракаттана албырып, балбылдаган күнгө карегин кадады. Күн да албырып Жакинди карады. Аял менен күн экөө бири-бирине чачылып, экөө бири-биринин илебине магдырашты.

Баары ушу чыккан күндөн башталат ээ? Ушундай күндөрдүн биринде төрөлдү. Ушул күндөр түгөнбөйт, сансыз... эсепсиз. А адам бир эле жолу жашайт. Ал жашоого эмне кылды? Эчтеке... Жакин жашоого жаңы эле аттанды. Анын күндөрүнүн чети оюлбаган бойдон; бирөөнүн кадырына жетип, бирөөлөргө кадырлана элек.

Баягында Алмазды эмнеге жыга түрттү, эмне жазыгы бар? Ага боору ачып, болпойгон мүнөзүнө ичи жылып аяды. Эгер азыр жанында болсо...

Кат күтөм ичкер калаадан,
Кайдасың Сардар, садагам.
Кабарыңды билгизчи,
Каркырап учуп баралам.

Канаттуудан бетер боорун күнгө тосуп Жакин кайда учаар экен, кайда барар экен? Же ага баары өзү келеби? Бешиктен чечилген баладай талпынган бейкут күндөр эми анын маңдайынан сылаар бекен? Ушул күндөрдө анын кыялы, үмүтү, толукшуган курагы, чамгарактаган жаштыгы, сулуулугу бар эмеспи.

Өткөн күндөр кербендей чубап, Жакин шуу ушкүрүндү. Өттү, кетти күндөр... Кайрылбас эми. Саймедиреп сагынган күндөр, ар бир адамдын өз арбайын ылгаган күндөр, ооба, кайрадан баштады. Жакиндин өмүрү да, жаштыгы да эми кайрадан башталат бейм. Кантип башталып, каякты карай агаар экен?..

*1965-жыл.*

# АЗАТТЫК ҮЧҮН

*(Калык ырчы)*

Куушурулган сүрдүү капчыгай качантан берки ажайып дүйнөсүндө. Таманында ажыдаардай сойлоп, буластап, аркандай эшилип, чыйралып, берметтей көккө сапырылып тоо дарыясы бууракандайт. Заңгел жылма зоокалардын бооруна жармашкан шилбилер желпилдеп, гүүлдөп кулап түшө тургансып дарыяга салаңдайт.

Дарыядан бөлүнгөн канжыга арык; сымаптай мөлтүлдөгөн дайра суусу арыктын эрдөнүнө мелт-калт болуп, сыйгаланма типтике беттерди, кокту-колотторду тепчип, кой таштардан ойт берип, секирип те кептештеги тектирди карай шылдырттайт.

Тектирде аштык сугарган Бирназар. Жаргак шымын тизесине түрүнгөн, малакайчан. Эти күнгө күйгөн, тиши гана жаркырайт. Кулактын оозундагы жайылган таар күрмөнүн, чүрүшкөн кайыш чокойдун, анан мына бу канжыга суунун ээси ушул дыйкан.

Тектирдин өйүз-бүйүзү каны качып куйкаланган бопбоз адырлар, кубаңдаган чаптар; эрбеңдеген караан, мыдыр эткен мал көзгө урунбайт; бир гана асманда насмай тартып эбелектеген күйкө.

Бирназар кетменинин сабына сүйөнө батышка карады: күн кеч бешим. Күндүн алдында шаңкайган тоолор, жап-жашыл өзөн; өзөндө ак тасмадай чубалган агын суу, кеңирсиген талаа бал куюлган сыр чөйчөкө окшоп көңүлүн тартып, карегине батып турду.

«— Ушул жерден энчисине тийгени — Арпа тектир».

Бууракандап аккан дарыя.

«— Ушул дарыядан алганы — билектей суу».

Бирназар шыкаалама дүмбүл арпаны аралап, кичине машак терип алды да, кетменин ийнине салып, күрмөсүн карай басып баратты.

«— Бул кетменди илгери атасы Анжияндан алып келген экен».

Уютулган чоюн кетмен анын башын күндөн калкалап, күн нуруна чагылып жарк-журк этти.

«— Атасынан мураска калган кетмен».

Ал абалкы ата-баба жеринде, аккан суу менен чыккан чөптөн башкага зыяны жок кантип жашап жатты?

Кантип кара жанын бакты? Кандай күндөрдө?

Кайыш чокойдун ичинен кара чаар жылаан сойлоп чыкты. Бирназар колундагы машагын серпип ийди, кетменин ийнинен алып сойлоп бараткан жылаанды ортосунан бөлө чапты да башын бир жагына, куйругун бир жагына ыргытып жиберди.

Демейдеги анын токтоо кыймылына бүлүк түшүп, жүзү кубаңдады. Негедир жылаанды жамандыкка жоруп, кыр аркасынан муздак нерсе жүгүрүп өттү; ичиркенип аны кандайдыр бир каскактын белгиси катары сезип, көзү устаранын илебиндей жылтылдап кетти.

Күрмөсүн кайра-кайра күбүп, желбегей жамынды; чокоюн да чочулап араң алып, бири-бирине кагыштырып кетменге кошуп ийнине салып, канжыга арыкты бойлоп жыңайлак жөнөдү.

Аңырайган терең капчыгайдын таманында, жалгыз аяк жолдо эрбеңдеп баратты.

Асмандын бир гана тилкеси көрүнөт.

Кабышкан жалама аскалардын шаанисин чыгарып, аскаларды каңыр-күңүргө бөлөп, тобун .бузбай тигил өйүз, бул өйүздү мекендеген көк моюн көгүчкөндөр.

Бир жерде жапырылып, үркүп, бирде таандай чачырап, бир тамырын устарадай аскага сайып, бир тамырын обого сайып канаттууларга атаандашкандай улам бийиктеп, улам дүпкүрөп өскөн жаламадагы карагайчерлер.

Биринен бири ажырабай ылымдашып, бири-бирин сулуулап, коздоп акылды айран калтырган жаратылыш.

Кыбыр эткен бардык жандардын байыр алган жери бар.

Көзгө урунган бардык нерсенин өз-өз орду бар.

Жаратылышта артыкбаш жаралган эчтеке жок.

Бирназар ушуларды көзү менен сыдырып, акылы менен чекмелеп келе жатты.

Дөңсөөгө чыга берип, колун серепчилеп айлын кара-

ды. Анын айлы зоокалар кабышкан түзөңчөдөгү кара алачыкта болучу.

Уурту жыйылбай эки көзү жайнап, тиштери кашкая түштү.

Сыягы алачыктар күткөн ырчы келсе керек!

Айыл аксакалы Насакенин эшигинде Калык ырчы ырдап олтурган.

«...Чемирчекти жашымдап,
Кайырдың го жокчулук.
Чечен тилди — тең сөздөн,
Айырдың го жокчулук.
Көңүлүмдү төрт бөлүп,
Адаштырдың жокчулук.
Көтөргөнүм мойнума,
Чапач кылдың жокчулук
Жайдыр-кыштыр жамаган,
Тон кийгиздиң жокчулук
Жамачы чапан, жаргак шым,
Чом кийгиздиң жокчулук.
Кереге, уук, түндүктү,
Ийдирдиң го жокчулук.
Каалга, үкөк, тердикти
Чийдирдиң го жокчулук.
Куюшкан, жүгөн, камчыны,
Өрдүрдүң го жокчулук,
Ар шумдукка жашымдап
Көндүрдүң го жокчулук.
Бал сөзүмдү, манапка
Эм кылбадың жокчулук,
Байдын жаман уулуна,
Тең кылбадың жокчулук».

Калыктын ыры муңдуу болсо да жапжаш үнү менен комузу айкалышып шаңкылдайт. Жүзүнөн жылдыз чачырап, уча турган канаттуудай эки мүрүсүн солбуп көкүрөгүн жайкап, эргип, бакалоору балкылдап, төгүлүпчачылып ырдап жатты.

Аштыкчылар жамгыр сабаган жалбырактай салбырашып, былк этпей, кыңк этпей, ырдын ыргагына карай баштарын ийкешип, аялдар шыпшынышып угуп олтурушту.

Аялдардын арасында тебетейинин алдын жапыра кийип жалгыз Боробай; аялдарга окшошуп сыңар тизелеген: колунда ийик, түйдөк; эрдине жабышкан жиптин чели. Ал улам үргүлөп баратып чочуп кетет да, чокчо сакалын сербейтип, ийигин ийрип созолонуп калат.

Обочодо малдаш токунган Насеке карыя. Кара сеңселге ак тыштаткан тебетейчен. Кашы да аппак, сакалы тизесине куюлуп, колунун учу гана кыймылдап, боз чапанынын этегине тырмагын алып үңкүйүп олтурат.

Кыя жолдо суу көтөргөн беш көкүл кыз — Күлсүн. Суусун жерге койду. Күрмөсүнүн боору жаркыраган седептер. Ал өзү да жаркырап, ээлигип, эригип, балтыркандай солкулдап, жалбыздай аңкып турду. Анын бутунун башынан муштумдай таш кулады, ал ушул, таш-

тын кулаганынан чочуп, таштын кулаганына күлкүсү тыйылбай; күлөөргө эле шылтоо таппай, ойноорго эле оюн таппай, дүйнө жүзү өзүндөй мелт-калт болуп жадырап-жайнап, дүйнөдө аны чекеге черте турган эч ким жоктой кесир чайкап, тизесине жыгылган чөптөрдү сылагылап, дүйүм чөптөрдүн арасында чымчыктай элтеңдеп турду.

Чыңылдаган баланын үнү угулду. Күлүсүн көзүн алайта ирмегилеп, аздан соң колундагы жалбыракты кырча тиштеп, кыткылыктап күлүп ийди.

Чырпык минип, калпагын камчыланып, көйнөгү киндигине жетпей чедирендеген Сарбала чуркап келди.

— Ырчы... ырчы келди, эжеке!

Күлүсүндүн күлкүсү токтободу.

Сарбала:

— Өлүп кетейин эжеке! Келди...

Күлүсүн алдына төгүлгөн саамайларын аркасына чачып жиберди. Шаша-буша ийнине көтөргөн суусу чайпалып төгүлдү. Ал суусун кайрадан жерге коюп, ага жашыл жалбырактардан үзүп салды. Сарбаланын калпагын ийнине койду.

Күлүсүн бараткан кыянын түшө калышында таш короодон ары кара алачыктар. Алачыктын адамдары күн сайын кечкурун эрмектешип олтура калчу жеринде күндөгүдөй эле бир ууч болуп олтурушат.

Күлүсүндүн көңүлүнө заматта суроолор жаап жиберди:

« — Канакей ырчы?»

« — Канакей көңүл козуткан шаан-шөкөт!»

« — Ырчы минген суу куйса төгүлгүс жорго кайда?»

« — Ырчыны ээрчип үзөңгүнү чирене тепкен жигиттер?»

« — Жаркыраган кемер курлар, суусар тебетейлер?..»

Тигине, кулундуу кула бээ, жанында Ала Баш.

Желинкап тартылган токол эчки коргул таштын этегинде аркандалуу турат. Эгиз улагы энесинин эмчегине асылып, түрткүлөп, энеси эки улагынан жадап, туйлап, сүзгүлөп качат. Эки улак эмчек сүтүнөн түңүлгөндөй, энесине таарынгандай таштан-ташка секиришип тикчиңдеп ойноп кетишет. Эчки какылдап-какшап улактарынын артынан жулкунат.

Көзгө чоочун каңтарылуу тору ат.

«Жалгыз ырчыбы?»

«Жалгыз атчанбы?»

Күлүсүндүн көңүлү кайт боло түштү.

Кулаган таштай безилдеп кыя жол ылдый Сарбала чуркап баратат.

Насаке кестигинин учун эки-үч жолу матырып жер чукуду да, анан этегиндеги тырмагын алаканына күбүп, ошол чуңкурга көөмп койду. Жанында оозун ачып, тиштерин жаркыратып Бирназар.

Күн те капчыгайдын кептешине батып баратты.

Айлананы калдайган көлөкө каптады.

Капчыгай шуулдап кош жаңырык өкүм сүрдү.

Сыдырым жүрүп кара кыяк, кылкан чөптөр сеңселди.

Бирназар малакайын колуна кармап ырчыга жүткүндү:

— Ошент айланайын Каке. Алдыбыз ыйладык, эми күлдүрүп кой.

Калык топучан. Комуз күүлөп бүттү:

— Элди күлдүрүүдө Айдакеңдей куудул жок. Мен ошол кишинин өзү боло албасам да өнөрүн туурап көрөйүн. — Оң колун коломочтоно баштады.

Дүйшөн шыпшынып жанындагы аялды санынан чымчып койду:

— Ботом, ошентип, башкалардын да атагын айта жүргөн жакшы, ийэ кудагый.

Аял аны колго муштап жиберет.

Калык:

« — Токтогул экөөбүз Таласта бир тойдо болдук. Бастырып баратсак бир жерден дүңгүрөгөн күлкү угулат. Токомо «жүрү Токо, күлкүгө баралы» десем: «шашкаландаган жубарымбек, күлкү угулса эле чапкылап жүрөмбү, сен бар, жашсың» деп мени жиберди. Бардым. Калың элдин ортосунда өңү дандырдай кызыл, тегерек көк ала сакал киши жал-куйругу кыркылган күрөң бээнин жалына оң бутун арта салып, минтип комузун чертип жатыптыр:

«...Олуята Ташкенден,
Алып келген койрөң күү.
Алты капка жаймалап,
Салып келген койрөң күү.
Аркан менен бекитип,
Тартып келген көйрөң күү...»

Калыктын топусу чекесинен кежигесине жөрмөлөп, колу комузда ойноктоп, комузду да нечен ала салды-

рып, каткыра күлүп, эки ууртун соруп, эрдин чормойтуп томсоро калып ырдайт:

«Коён жылы кышында,
Жутап калдык ошондо.
Малдын көбү түгөндү
Капка салдык от таппай,
Ээр-токум жүгөндү,
Он жылкылуу оюлду,
Муздап калып кышында
Жаздын күнү союлду.
Уйлар өлүп кой калды,
Оо, таргыл бука бой калды
Сары жүрмө, карын сал,
Сасып кетет баарын сал...
Мына, мына, мындай,
Мына, мына, мындай,

Аштыкчылар кыйрап күлүп жатышат.

Төтөдөн Боробай: боорун тырмап ыкшып; а дээр алы калбай эрип, түйдөгү тоголонгон бойдон кетти.

Калык:

« — Анда мен Айдаралыны капталынан качырып чыгып ырдаганым:

Суусамырдын сазындай,
Былкылдаган сен кимсиң?
Жинди болгон немедей,
Шылкылдаган сен кимсиң?
Жанын койбой комуздун
Жулкулдаган сен кимсиң,

— десем сөздү оозуман жулуп алып, мага жооп берип турган жери:

«Менин атым сурасаң,
Айдаралы Жөргөлөк,
Ар жыйынды көргөндө,
Айтар сөзүм бир бөлөк.
Келин-кыздуу үйлөргө,
Керегенин түбүнөн,
Кирип кетем жөрмөлөп»

— деп мени кайрадан элдин күлкүсүнө каптап салды. Ушинтип Айдакем айламды бир түгөткөн...»

Калык комузун тигиндей жөлөп, калпагын киет:

— Эл ичинде не бир укмуштар бар...

Насеке башын ийкеп:

— Эл арасы алтын бешик деген кеп бар эмеспи.

Бирназар:

— О айланайын Каке, Айдаралыңа дагы, өзүңө дагы кудай өмүр берсин.

Алкаган үндөр:

— Кар болбо.

— Өркөнүң өссүн!

Баятан бери жабыктын башынан шыкаалаган Күлүсүндүн көзүнө Калыктын көзү чагылыша түштү...

Кайдандыр безеленип булбул сайрады.

Күүгүм.

Бирназар токол улакты жетелеп келип бата тартып тура калды.

Насеке:

— О жараткан жалынмак бизден, жалгамак сизден. Айдан аман кыл, жылдан эсен кыл. Элге бер, эл ичинде бизге бер. Хандын каарынан сакта, замандын каабынан сакта.

Кудай өзүң жар бол,
О-оомийин!..

Насакенин үйү.

Байбичеси коломтого от тамызды.

Күлүсүн төргө көлдөлөң салды, секичектен кундуз тебетейин алып кийди да, бакандын ачасындагы көнөктү алып сыртка, бээ саадырганга чыкты.

Бирназар жанагы тере келген дүмбүлүн куйкалап кирди.

Жанында дүмбүлдөн көзү өтүп Сарбала.

Байбиче ашканадан сүт куюштуруп, какыратып казанын кыра баштады.

Сарбала бирде кырмычыкка чуркап, бирде Бирназар этегине ушалаган дүмбүлгө чуркап, тепейген алаканын тосуп, оозу тынбай чебелектеп жүрдү.

— Эми токто,— деди Бирназар Сарбалага. Ал баланын эки алаканына дүмбүлдү бөлүп салды. — Муну чоң атаңа ооз тийгиз... Муну ырчыга... уучта бекем.

Сарбала эшикти арты менен ачып чуркап кетти.

Байбиче да дүмбүлдөн оозуна атты:

— Бисмилла...

— Буюрса быйыл аштыгыбыз жакшы. — Бирназар ордунан туруп керегенин башындагы сызма курун курчанып, энесинин кулагына эңкейди:

— Мен эгинди бир байкап келейин.

Энеси кулагын түрүп уулуна кыңайды:

— Ыйя?

Бирназар энесинин кулагына кыйкырды:

— Эгинге... Эгинге барып келейин. Эгин...

— И-ии,— Энеси араң гана укту.

Эшиктен Боробай кирет. Уурту жыйылбай күлкү. Колундагы башты шишке сайып, сыңар тизелеп отко кармады. Мурду барбайып, уурту бирде жыйырылып, бирде жазылып ыкшып күлгөнү араң эле турат.

Калык кемердин кырында жалгыз.

Алдында шоокум салып аңтарылган дарыя.

Ал ойлуу.

Кара алачыктарга көз жиберди.

Түндүктөгү жарык шоола салаңдаган капкара аскага чабылды.

Асканын кылда учуна сайылган ай.

Кула бээге кулун салган Күлүсүн.

— Менин уучумда эмне бар? — Сарбала ойлуу турган Калыкты жеңинен тартты.

— Уучуңдабы... уучуңда курт бар.

Сарбала бырс күлүп жиберет:

— Ооба сага, алтын... мына, байке, сени ооз тийсин деди. Биздин арпа... алтын бекен?

— Ааа, анык алтын турбайбы. Дүмбүл... Мен муну жебейм, жутуп коём.

Сарбала кетилдеп күлөт:

— Сен кызык кишисиң, ээ? — Калыкты туткактап,— Сен, эмне жалгыз жүрөсүң?

Калык башын чайкады, негедир улутунду:

— Жо-ок, карачы.— Ал асманга колун жаңсады.— Асманда ай жерде мен. Ай экөөбүз сүйлөштүк. Ай, жер, адам — булар бири-бирине атам замандан бери дос.

Сарбала таңгала ай менен Калыкты алмак-салмак тиктеди.

— Ай менен кантип сүйлөштүң байке? — Сарбаланын бул суроосу жоопсуз калды.

Бээ саадырып бурала басып келаткан Күлүсүн.

Асманда ай, жерде Күлүсүн.

Чалынып-жыгылып, Калыкты сөөмөйүнөн жетелеген Сарбала.

Насакенин үйү аштыкчыларга толтура. Казандагы эт бая эле кайнаган. Колундагы көсөөсүнүн учун майга чыркырата малып күйгүзүп, улам казанды карап коюп, же бир колун бетине көлөкөлөй салып сорпо сапырып боргулданган Боробай.

Төрдө ээ-жаа бербей бууракандап «Курманбек» айткан Калык:

«...Тейиткандын Курманбек,
Дегеле баатыр бала экен.
Кызыл чаар жолборстой,
Кырк жигити бар экен.
Чарайна, соот, туулга,
Жалаң темир кийинген.
Кыраан бүркүт сыяктуу,
Кабактары түйүлгөн.
Капаланган бирөө жок,
Жарпын жазып сүйүнгөн...

Он эки күнү күйөм дейт,
Ошо күнү келбесе,
Ордосуна кирем дейт.
Ойронуңду чыгарып,
Оюм менен билем дейт.
Курманбектин деминен,
Айла кетти, ал кетти,
Камынбасаң мал кетти,
Аяна турган эр эмес,
Ажалыбыз чын жетти...»

Олтургандар Калыкты кыйкырып-сүрөп, орундарында теминишкен. Калыктын үнү бирде алыстап, бирде кайра күрпүлдөп турат:

«...Кайраттанып Курманбек,
Дөлөнгө кирди качырып,
Алдындагы Телтору ат
Араандай оозу ачылып.
Оздугун кемирип,
Ойноктогон Телтору ат,
Оозунан көбүк чачылып,
Бала баатыр Курманбек,
Качырып кирди жана да,
Кый сүбөөдөн бир сайды
Сүбөөдөн тийген найзасы,
Кабырганы аралап,
Кыркалата тепчилип,
Кый сүбөнү жаралап,
Айла таппай кылчайды
Эби кетти Дөлөндүн,
Үзөнгүдөн бут тайды...»

Калыктын үнү кайрадан алыстайт.

Асманда ай.

Калдайган көлөкө түшкөн тоо карааны.

Кара алачыктарды байырлап оттогон үч-төрт жылкы.

Көгөндө кепшеген эчки улактар.

Түндүктөн салаңдаган кара зоока.

Түндүккө сайылган кызыл ууктар.

Керегенин башында: көмөлдүрүк, куюшкан, байтеше, керки; теке мүйүзүнөн шыйрак кадалган кара мылтык — кара келте.

Калдайган тебетейлер... ак жоолуктар.

Дүлөй кемпир керегенин көзүн кармап уйкуда.

Билерик салынган Күлүсүндүн колу, сөөмөйлөрү тынчыбайт.

Коломтодо үлпүлдөгөн от.

Калыктын тизесине жөлөнө көзүн бардаган Сарбала, кулагында жамгырдай төгүлгөн ыр:

«...Найзасынын учунан,
Жалындаган от күйүп,
Бала баатыр жөнөдү,
Бакбурканды качырып.
Теке жоомарт Телтору ат
Коёндой кулак жапырып,
Ак куладай арыштап,
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк,
Омуроого чачылып.
Туяктары тийген жер,
Кемегедей оюлуп
Чымдуу жерлер чытырап,
Чыдай албай союлуп...»

Олтургандардын жүздөрү жайдары. Олтура бергидей!

Коломтодо үлпүлдөгөн от.

Боробай чычаласын чыркыратып майга малып күйгүзүп казанды жарык кылды. Шылынган сөөктү алып үй ээсине көргөздү.

Аштыкчылар ыкшоо козголушту...

Эт желип бүткөн.

Кайрадан «Курманбек».

Калыктын тизесине жөлөнгөн Сарбала, колунда устукан. Көзү илинип уйку-соонун арасында түш.

...Куюндап чапкан атчандар; кылыч, найза тагынып, жаркылдаган зоот-темир кийишкен. Кыландап алда кайда караан үзүшүп кайрадан жер көчүрүп чуулдашат.

Кашаттан эки баатыр бири-бири жүлүндөй качырышып, беттешкенде аттары тикесинен туруп, найзалары бычырап сынды. Кайрадан кашатта чапкылашып, кайтолдоп кылыччан чабышып өтүштү. Кылычтар шыңгырап жерге түштү.

Сарбала устуканын сүзүп алды, бардап-бардап көзүн ачты: ага Калыктын өзү жомоктогу адамдай көрүндү, баары аны тегеректеп көздөрү ага ийнедей кадалган.

Калык өзүнчө дүйнөгө алек. Эч кимге окшобой сыртында бейкапар, улам кызып, улам жаалданып чачырап, ансайын шаңкылдап, күмүш маңдай комузу бирде армандуу жигиттей муңканып, бирде жол жүргөн тулпардай тарсылдайт.

Калык ырдап жатабы, комуз ырдап жатабы:

«...Атама ылдам баргыла,
Айланайын кырк жигит,
Салам берип алдына.
Колуңарды куушуруп,
Акыл-кеңеш салгыла.
Алты ай сапар жол жүрсө,
Арыбаган Телтору ат,
Ачка турса арыктап,
Талыбаган Телтору ат.
Алтымыш асый болгуча.
Карыбаган Телтору ат...

Күмүш така колуңда,
Бурап келгин кырк жигит.
Күлүк атын атамдын,
Сурап келгин кырк жигит.
Жалгыз уулуң Курманбек,
Телтору берсең минет де,
Эл четине жоо келди,
Эч буйдалбай сүрөт де.
Душманга сүрдүү Курманбек,
Тулпарды берсең минет де.
Каптап келди калың жоо,
Кабыландай кирет де.
Кызматына мен бармын,
Кызыгыма батсын де,
Ынттуу жоого кор кылбай,
Айламды өзү тапсын де.
Кабарымды атама,
Айтып келгин кырк жигит.
Бербесе да кечикпей,
Кайтып келгин кырк жигит...»

Калыктын үнү алыстайт.

Кабактар саландап тым-тырстык.

Бирназардын муштуму түйүлөт.

Сакалынын учун сөөмөйүнө орогон Насаке.

Боробайдын таноосу кыпчылып, кычкач менен чокту жанчып кирет.

Калык:

— Ошондо Курманбек жараланып Кашкарды бийлеген акыреттик досу Акканды колунан кармап өз кереэзин айтып турганы:

«Атам какбаш ат бербей,
Калдым кара талаада.
Менден салам айта бар,
Каралдым жалгыз балама.
...Топурагы чаңдаган,
Турпандын жайык талаасы.
Туурасы жазы чоң коргон,
Туйгунуң досуң калаасы.
Туурунан шаңшып ач калган,
Тумшугу жоктун баласы.
Туюктанып өлдү де
Душмандын сайган жарасы.
Кыз экенде жол кошкон,
Кыяматты болжошкон;
А Канышай бейбакка
Айрылдың деп бир угуз,
Кызыл чаар жолборстон.
Эл-журтума мен жактан
Айтып өт досум саламды.
Ардактап жакшы багып ал,
Аркамда жалгыз баламды.
Калың жоодон сактансын,
Калкыма айткын саламды,
Кар кылбай жакшы багып ал,
Каргадай жалгыз баламды,
Кара бет жесир атыкпай,
Канышай өлөр мен үчүн.
Кара жаным ыраазы,
Хан досум Аккан сен үчүн.
Каңгайдан кантип жан сактайт,
Кайгырам калган эл үчүн...»

Муңканган комуз.

Былк эткен жан жок.

Эркектердин тебетей, малакайлары чекесине түшүп үңкүйүшкөн.

Аялдар жоолуктарынын учу менен көздөрүн, ооздорун басып туттугуп ыйлай алышпай араң олтурушат.

Сарбала уктап жатат.

Күлүсүндүн билерик салынган колу титиреп турат.

Калыктын муруттары бириндеп кеткен. Чамгарактап түндүктү бир тиктеп алды. Түндүктөн баса калчудай кара зоока салаңдайт.

Калык:

— Аккан Курманбекти угузганда Канышай эси ооп жыгылды. Жүрөгү кабынан жарылып көзүнөн талаа-талаа жаш куюлду:

«Аруу жесир болгуча
Ары жок атка конгуча
Жаңыртып эрге тийгенче,
Жазыгын тартып күйгөнчө.
Жаман эрге кор болуп,
Жалдырап ыйлап күйгөнчө;
Аркама чачым тарайын,
Ажалсыз өлө калайын.
Акырет кеткен жалгыздын,
Аркасынан барайын.
Кара жолтой атыгып,
Кимдин көзүн карайын.
Кайда жаттың Курманбек,
Кара жаным чабайын.
Мени дагы ала жат,
Мээнетиңди алайын».

Калык комузунан капкагын тарс бир койду. Көз ирмемче дымыды, карегинен жаш кылгыра түшүп:

«Деп ошондо Каныщай,
Кыны менен жойболот,
Сууруп алып кабынан
Үмүт үзүп жанынан,
Жүрөгүнө малды эми,
Кандан мурда жан кетип,
Каныщай...»

Аялдардан кимдир бирөө бышактап...

Боробай чок жанчып олтурган кычкачын жерге таштай тизесин чаап ийди, өпкө-өпкөсүнө батпай көзүн басып, сакалы сербеңдеди.

Аялдар шолоктоп ыйлап жатышты.

Эшиктен ажылдап ит үрүп, көп жылкынын дүбүртү, кишенегени угулду.

Бирназар ордунан учуп турат:

— Эгинди жайлады ээ?!

Уктаган Сарбала, Күлүсүн гана үй ичинде калышат.

Сыртта таң каракчысы. Бака-шака, жыгылып-туруп чуркап бараткан караандар. Жылкы жапырылып, селдей каптап, жарылып уйгу-туйгу үркөт.

Күлүсүн колундагы шыпыргыны улагага жөлөп, орун сала баштады. Жүк бурчундагы Калыктын комузун алып карап, сылагылап, керегенин башына илип койду. Сарбаланы тарткылап ойгото албай; Сарбаланын түшү кайталанып:

...Сайышкан эки баатыр...

Сарбаланын маңдайын карай бир канча найза мелтиреп, ал туйлап, көзүн ачып жиберип, бетине саамайы төгүлүп жаткызганы көтөрүп бараткан Күлүсүндү көрдү. Колунан устуканы түшүп кетти. Жатпай ыргып туруп, көзүн бардап-бардап үй ичин айланта карады. Устуканын жерден алып кажалап, кайрадан уйкуга карамыгып төшөккө кулады.

Жылкы тектирдеги эгинге кылкылдап жайылып кирген.

Караңгыдан суурулган капкара атчан аңды-дөңдү карабай чапкылап, чаңырып; ат туягы ташта тарсылдап, кап-караңгы капчыгай кош жаңырыктап, дүмүрөйгөн караандар артты көздөй аңкилдек атты.

Таң сөгүлүп келатты.

Шиштей учтуу зоокалардын башына алгачкы жарык чачырады.

Көгүчкөндөрдүн канаты шапалактады.

Өзөндө күргүштөгөн суу ак жал тартып аркандай эшилип, чыйралып, аскага соктугуп көбүк сапырат.

Аркы өйүздө шыкалып батпаган жылкы.

Бирназар Ала Башты жайдак минген, жылкыны чатырата жарып уркүтүп, укуругун шуулдата имерип карс эттире бир байталды жонго салып өттү. Байтал ойт берип жардын башынан кулады.

Жылкыларды жиниктирип кубалаган Бирназар

Үюган чаңда, шагылда башын жерге койгулап ордунда очорулган байтал...

Күн чоң шашке.

Чалкайган кенен түздө аппак үйлөр.

Ыңкып жайылган мал...

Бул айыл, бул жер, бул ыңкыган мал кимдики?

Томогодой аппак өргөдө Зарбат болуш. Алагүү, деңге мас. Чокусунда ак топу, кызыл кайкы чепкен жамынган; чыканагында кош жаздык.

Маңдайында үлбүрөгөн ак жоолук салынган кара көз келин — Эркеган. Билеги, манчалары жаркылдаган күмүш билериктер, шакектер. Чач уштугун артына шарак эттирип таштап, жез ооз кара көөкөрдөн илеби жука кырма чөйчөккө аптыктыра чагырмак* куюп сунат.

Зарбат тиги келин колун тартып алгыча чөйчөктү шыпкап, кайра келинге сунду:

— Дагы... дагы узат...

Зарбат дагы тартып жиберип:

— Кеч күздө байбичеге аш берем. Арбагы ыраазы болсун. Ак уул, кызыл кыз тууган.

Эркеган кайдыгер гана кашын кагып зымырайды:

— Өзүң бил. Эрдин иши эл менен, катындын иши эр менен, байым.

Зарбат ыңгыранып:

— Аштын чыгымын чачтым.

Келин сумсайыңкы, сыңар тизелеген калыбында чач учтугун аркасына шарак таштайт.

Зарбат тизесин таяна комдонуп, арамза күлүмсүрөдү:

— Эркем, мурчуйба, сен өлсөң да аш берем. Качан туруйсуң?

Шөлпүлдөтүп желдирген атчан чылбырын кермеге иле салып Зарбаттын үстүнө кирди. Өкчө түшүп, камчысын бүктөй таяна кекечтенди:

— С-ос-салом алейкум, болуш.

Зарбат ээгин гана кагып койду.

* Чагырмак — кымыздан тартылган арак.

Кекеч:

— Ж-жж-жылкыны аштыкчылар к-кк-кубалап... кызыл май... Б-бб-байтал учуп өлдү.

Зарбат тарс жарылып:

— Ит! Тантык! Байталды өлтүрүп... дагы уялбай салам айтат. Чык!

Кекеч арты менен жылып чыкты.

Зарбаттын көзү алачакмактап, чагарактуу мүйүз чакчаны апкытына шарак-шаракургулап насмай жыттады, удама-удаа чүчкүрүп, ыргып туруп, керегенин башындагы кылычына асылды.

Токол колунан кылычты алып койду:

— Мырзам, бир байтал үчүн кан уучтаба... чапкылаба.

— Кеп байталда эмес, кимдин байталы? Кеп ошондо?!

Жарактуу жасоолдорду артынан самсаалатып Зарбат чапкылап баратты.

Түш маалы.

Шар суунун жээгинде Күлүсүн, Сарбала.

Сарбала малакайын түрүп төбөсүнө кондуруп «Айдаралы Жөргөлөктү» туурамыш этет.

Күлүсүн көзүн балбылдатып, күлүмсүрөп аны тиктейт.

Тигил өйүздө Зарбат, аркасында жарданган жасоолдор карап турушканын ала-сала экөө байкашкан жок.

Күлүсүн аларды жалт бир карап алды да, карагандын арасына кире качты.

Зарбат Арча Торусун бир теминип секиртип сууга түштү, түшкөн жерде суу аттын капталын жайпап: арттагы жасоолдор да болушту туурап, буттарын үзөңгүдөн жыйнап суу үстүндө калкамандап баратышты.

Арча Тору ооздугун чайнап, тердигинен суу шорголоп ойноктойт.

Зарбат караган-чер жакка ээгин какты:

— Кимдин кызы?

Сарбала аттан көзүн албай, бир көзүн жума кыйшайып:

— Биздин...

— Кимдин кызы дейм? Атандын...

— Биздин айылдын...

— О сенин айлыңдын... Насекенин кызыбы?

Сарбала башын ийкеди.

Зарбат жасоолдорго «бара бергиле» дегендей белги кылып, бадалдын арасына сыдыра көзүн атты. Күлүсүн көрүнбөдү.

— «Жакшыга ылайык катын экен». — Бул үндү ичинен кайырды.

Чырпыгын камчыланып, Сарбала да бадалдын арасына кире качты.

Зарбат бир азга буйдалып, атынын башын жалгыз аяк жолго бура тартты.

Ташкороо...

Алачыктар...

Таштын арасында эчкилер...

Алачыгында эшигин түрүп сакалын сербейтип шырдак шырып олтурган Боробай.

Ит ажылдап үрдү.

Боробай теменесин шаша-буша жакасына сайып, учуп туруп, атын көгөнгө байлап жаткан Зарбатка жетти. Зарбат жайдары, ага ээгин гана кагып койду.

— Шүгүрчүлүк болуш... шүгүрчүлүк кудагый.

Зарбат чурмуң, этип жалт карап, карсылдап күлүп аны далыга чапкылады.

— Бо, мени кудагый деген эмнең?

Боробай аялча бетин басып, уялыңкырап:

— Ошентип оозум көнүп калыптыр.

Зарбат:

— Мейли, эркек үндүү катындын уяты жок, катын үндүү эркектин кубаты жок. Сен кубаттуусуңбу?

Боробай жер тиктеп жооп айтпады.

Зарбат жайдандап алачыкка энкейип кирип, шырдактын бир четине олтуруп, анын бир бүктөмүн жазып, оюсуна таңгала тиктеди.

Боробай:

— Бул, сиздики болуш... Сиздин байбичеңиз жасатып...

— Биздин шырдакты бизге көчүп барып жасайт. Качан көчүп барасың?

— Болуш, биртике аштыгыбыз бар, ошону жыйнаптергенден соң...

— Ошент, көчүрүп алам. Чоң үй, чоң ашты бийлетем. Бир колуңду майга малып, бир колуңду дүнүйөгө малып жашайсың. Жыргатам. Ошент, куурабай.

Боробайдын жакасындагы шоона сапталган теменеси,

сакалын сербейтип алайган жүзү, барбайган мурду Зарбаттын карегине арбалып жатты.

Зарбат сунулган суусунду буйдамга келтирбей жутуп, оң колун гана сереӊ эттирип бата кылган болду:

— Катынчам, Насакеге айтып кой, кулундуу бээ, музоолуу уйга жүз баш үйдүн сөөгүн жасап берсин. Айтып кой! Унутпагын, катынчам.

Боробай кол куушуруп бүжүрөп:

— Айтайын... айтайын болуш.— Аяктын түбүн шыпкап ууртайт.

— Бо, айлыңарга бир байталдын буту сыныптыр, союп алгыла. Кызыл ала кылып жүктөнүп жүрөмбү. Силерге буйрук экен.

Боробай чуркап чыгып, болуштун атын чечип колтуктап атказып, анын аркасынан ыраазы боло карап турду.

Таш-таштын кырында локуюп олтурушкан жасоолдор. Болуштун этек-жеңи жайыла көңүлү шагдан бастырып келатканын көрүшүп маңырайып карап турушту.

Бети-башы бырышып-тырышып, байталдын башын кучактаган кекеч болуш жакындаганда өңгүрөп жиберди:

— О... оо, б-бо-болуштун байталы...

Зарбат жетип-жетпей кекечти каптады:

— О атаңдын оозуга... Мени байыта тургансыбай мууздап салбайсыңбы. Жакшылыгы жок... Жамандык да колуңан келбейт. Тарткыла кайра! — Сүлүктөй суурулуп бастыра берди.

Байталдын жайын укканда аштыкчылардын айлын самандай сапырып жиберчүдөй кутуруп чапкылап жөнөгөн Зарбат, минтип заматта сыныгып, жүзүнө ырайым жаай түшкөнүнө анча түшүнүшпөй же ишене беришпей жасоолдор бири-бирин караштьы.

Аттарынын туяктарын дабыратып болуштун аркасынан сабаалашты.

Кекеч гана байталды кыя албай кылчак-кылчак карап шөлпүлдөтүп желдирип баратты: «Кайран гана байтал ай, кимге таштады, эмне үчүн?»

Алар алыстады. Белине көтөрмө чалган Боробой байталдын жанына келди. Кийиз кескен чоң шамшарын кончунан сууруп, ташка шар-р, шар-р кайрады да байталдын башына чөгөлөп алакан жая бата кылды.

Күз...

Жая салынган карала каптын үстүндө үймөлөнгөн нан.

Нанга окшош кызарып, камыр ийлеп нан жапкан Кенжеке. Кемегенин оозуна от тартып казанын көмөрөт.

Сарбала ооналактап, нанды кесир чайнап чыргоолонот:

— Суусадым... суу сузуп бер.

— Чуркап барып өзүң ичип келчи.

— Аный. Суу жакшы, нан жаман.

Кенжеке уулун бир муштады.

— Таш оозуңа! О кудай, кейбирди кечире көр. — Көсөө менен тап берди. — Тур. Курсагың ачса мени жейсиң. Бас ары.

Сарбала кыйыктанып ордунан турду, көзүн бардап-бардап айланасына карады: тигине кысыл үйүлгөн кырман, эгин оргон орокчулар; аңызда эчкилер жайылып, кулундуу кула бээ ылаалап турат.

Кырмандын четиндеги мала ташка байлануу, ээр-токумчан Ала Баш.

Андан ары куйкаланган бопбоз адырлар, кубарган чөптөр.

Ага кандай көңүлсүз!

А орокчуларга кандай гана көңүлдүү!

Алты ай бою бел кайыштырган эмгек үзүрү!

Ороктор шартылдап, колдорунда ыргалган башы кере карыш эгинди улам тестелешет.

Боолук салган Күлүсүн, сакалын сербейтип эгин боолаган Боробай.

Жону күнгө жалтырап кучак-кучак боолорду эки ийнине көтөрүп кырманга ташыган Бирназар.

Тектирден аркы бийик кырдагы кыр ташка далдоолонуп, тебетейин көкүрөгүнө басып, башын улам соксойтуп карап оозу жалжайган кызыл бет жасоол жатат. Аштыкчылардын ар биринин кыймылын жаза тайбай байкап, түгөлдөп: Күлүсүндөн көзү өтүп, боргулданып терин аарчынат. Асманда, так анын төбөсүндө — күн!

...Орокчулар бирден нан кучактап, кара аяктан жарма ууртап эс алып олтурушту. Бажакташып, тамашалашып көңүлдөрү жайдары.

Сарбала кара алачыктын көлөкөсүндө, жаранканы комуздай чертип өзүнчө алектенип ырдамыш этет:

«Бала баатыр Курманбек...
Курманбек баатырдын,
Найзасы түндүктөй ийилип,
Сайышканда...»

Кыңшылаган күлкү угулду.

Сарбала ыргып туруп алачыкты айлана чуркап Күлүсүн менен Кенжекени туткактап ээрчип алды:

— Мен сууга түшөм.

Күлүсүн аны өөп:

— Кой, күчүгүм, уят болот.

— Мейли... мен силерди көрөм.

Кенжеке жаакка чаап ийди:

— Көрөнөчөгүн... Эмитен...

— Жеңекебай, эмне чаптың? — Күлүсүн жер тепкилеп ыйлаган Сарбаланы сооротуп, алдап,— чоң атаңа бар, токойго. Токойдо көп кызыктар бар. Чоң атаң токойдун арасынан узун-узун тал кыркып жүрөт. Андан боз үйгө уук жасайт, баатырларга найза жасайт.

Сарбаланын көзү чачырап кетти:

— Найза жасайбы? Кимге?

— Баатырларга — Күлүсүн анын маңдайынан сылады. — Сен да чоңойгондо баатыр болосуң. Найза кармап, тулпар минесиң. Эл-журтуңду жоодон коргойсуң. Курманбектей баатыр болосуң!

— Аный, мен Калыктай ырчы болом. Мага комуз үйрөтөсүңбү?

Күлүсүн жал-жал тиктеп улутунуп жиберди:

— Мен сага темир комуз үйрөтөм, макулбу. Бар чоң атаңа. Барагой.

Сарбала экөөнөн бөлүнүп, этек-жеңи делдектеп тике ылдый чуркап жөнөдү.

Жээкте кийимдери: арыда моюндарын суудан чыгарып беркил экөө.

Кенжеке:

— Ырчыны эле көп сурайсың, Кетмен-Төбөгө кетиптир дешет го. Катын-балалуу немеге быякка суутуп коюптурбу?

Күлүсүн:

— Катын-балалуу бекен?

Кенжеке чоюштап колун шилтейт:

— А кызыке, Кетмен-Төбөдө бир, Анжиянда бир, Жумгалда бир, ал тургай ушул Кабакта да катыны бар экен. Ырчы неме жөн жүрмөк беле? Он жашка чыкканда эле катын ала баштаптыр.

Көзү алайып, оозун ачкан Күлүсүн:

— Калп айтпачы жеңеке?!

Кенжеке:

— Кудай урсун! Өлүп кетейин! Жаным чыксын!

Күлүсүн ишенип, ишене бербей башын чайкайт, улутунуп бетин басат.

— А кызыке, сендей сулуу кыз жерде калбайт. Кыз деген буюрган жерге кете берет, буюргандын бүлөсү. Мен да сендей кыз кезимде жаныма эч кимди жолотподум. Эмнелерди гана ойлободум. Падышага күйөөгө чыккым келди. Падышаны кайдан табасың.— Кенжеке кытылдап күлүп, Күлүсүндү эркелете жаакка чапкылады. — Сумсайба. Сурданба. Сага да бирөө көз салып тургандыр, буюрганын көрөсүң. Мага да бир кезде болуштун көзү түшүптүр.

Күлүсүн селт чоочуп ичиркенип кетти. Анын көз алдына баягы, жайдын аягында суунун өйүзүндө Зарбат болуштун жасоолдору менен жарданып тургандары көз алдына тартыла түштү. Үнү муунуп унчукту:

— Болуш... болуштун көзү түшүптүр?..

Кенжеке сууну өзүнүн үстүнө чачып:

— Болуш деген болуш. Зарбат болуш Калык ырчыны Кетмен-Төбөгө кубалап ийиптир.

Күлүсүн:

— Эмне үчүн?

Кенжеке:

— Болушту жамандап ырдаптыр.

Күлүсүн:

— Эмне эле болушту көп айтып калгансың?

Кенжеке:

— Эл атасы, журт атасы—болушту айтпаганда... Болуштай жыргал барбы! Атак... даңк... сөөлөт. Атаганат дүйнөгө бир эле жашайбыз! Шаан-шөкөттө жүргөнгө не жетсин!

— Ырчы-ы — Күлүсүн колун сермеп, берметтей сапырып сууга чумкуду.

Кенжеке кыйкырып ордунан тура калып, көзү чакчайып, алаканын чаап, самын ташты таянып жыгылды.

Күлүсүн өркөчтөнгөн суу шарын жебедей жарып кайрадан сүзүп келаткан.

— Арам катын!.. жалап! — Кенжеке аны билегинен аткып жээкти карай сүйрөдү.

Бети табактай жасоол жалжайган оозунан шилекейин агызып, бутунун башы жер чукуп, сууга кирген экөөнү акыйып карап кырда жаткан.

...Кайдан башталып, кайдан бүтөрү белгисиз капчыгайдын түнт токоюнда, түнт токойду жалгыз аралап, жалгыз ээлеп, өзүнө керектүүсүн гана издеп, таап, тандап кыйып Насаке жүргөн.

Түнт токойдогу сан түркүн канаттууларды бир карабай, бир тыңшабай, күбүлгөн сары жалбырактарды жыңайлак таманынан учуруп, илмиңдеген согончогу май куйругун ийлеп жалгыз аяк жолдо чуркаган Сарбала.

Кыргоол учту, ойт берип аны жалт карады. Бети-башы, көйнөгүнүн боору кып-кызыл карагат. Бир уучундагы карагатын чалкалай түшүп оозуна куйду да, экинчи колундагы карагаттын сындырган бутагын камчыланып дагы чуркап жөнөдү.

Шымаланган чынардын жогорку бутагына байланган кол чанач: түбүндө узун саптуу байтеше, жая салынган чапан.

Сарбала бутактагы чаначка тырмышып чыга албады.

— Ата! Чоң ата...

Ың-жыңсыз. Суу гана күрпүлдөйт.

Ал чапанга оронуп жатты. Көзү чаначтан өтүп эринин жаланды. Көзү байтешеге урунду... чаначка... кайрадан байтешеге...

Чапанды ыргытып ийип байтешени алды. Чаначты мойнунан кырча чапты.

Төгүлгөндөн калган ак катык жарманы шыпкап, ичин сылай көмөлөндү.

Шоодураган чынардын башын тиктеп уйкусурап бараткан.

Шыбырт...

Насаке колтугуна сүйрөгөн солкулдак узун талдарды тигиндей тыштап, бери басып келатып, жерден карагаттын сынык бутагын көтөрдү:

— Сен сындырдыңбы? — Ал жарманы, чаначты элөө кылбады. — Мейли төгүлсө...— Карагаттын бутагын

селкилдетип. — Сенин тамагың да. Сендей чырпык. Сенин да чыпалагыңды сындырайынбы?

Насакенин аппак кашынын алдындагы көзү Сарбаланы аяп дагы жекирип, шилисинен өтүп дагы турган.

Сарбала оозун кемшейтип ыйлап ийди:

— Күлүсүн эжем жумшаган.

Насаке чөгөлөп олтуруп, чоң ак жүз аарчысын койнунан суурду, кемшиңдеп баланы тuурап, анын ботола карагат бетин сүртө баштады.

Караңгы.

Кашатта ээрдин кашына эңкейген караан — кызыл бет жасоол.

Кенжеке чуркап жетип күйүгө шыбырады:

— Алтүндө... зоордо... Бирназар кийиктеп кетет. Атасы да жок. Дүлөй кемпир экөө калат.

Жасоол Кенжекенин билегин ээрге басып шалп эттире бир өөп алды.

Кенжеке бетин ала качып:

— Койчу болуштун жигити. Эл көрөт. Арам чечек... Күлапса.

Жасоол атынан оодарылып түшкөнү баратты.

Кенжеке анын колунан булт коюп суурулуп качып, артына түкүрүнүп өзүнчө кобурап бетин чойгулады:

— Сага өптүрсөм эле атама тийейин. Сага колумду карматсам эле мээнет чырмасын... Балакет бассын.

Күйүгүп токтоп, атчандын караанын көпкө карады.

Түндүн бир оокуму.

Алачыктан Күлүсүндүн бир бакырганы угулду.

Бирдемени көтөргөн түрсө-түрс караандар.

Чайылдап канчык үрдү.

Дабырттаган ат туягы алыстады.

Небак таң аткан.

Насакенин эшик алдында аштыкчылар.

Саксайган дүлөй кемпир чучуктай чыңырат:

— Коку-ууй! Кокуй... Чырагымдан айрылдым! Чырагымдан... О Күлүсүн, кокуй!

Таш короо жактагы кыя жолдон Ала Башты минген Бирназар чаап түштү. Бөктөрүнгөнү мүйүзү аркайган кулжа:

— Эмне болду?

Эрдине жер дүлөй жабыштырган Дыйканбай желкесин кашып:

— Күлүсүн... Күлүсүндү уурдаттык.

Бирназар атынан учуп түштү:

— Эмне дейт?!

Дүлөй кемпир Кенжекеге атырылды:

— Сен... Сенсиң өлүгүң көрөйүн салбар! Сен кирип-чыгып аткансың.

Бирназар жалтактаган Кенжекеге:

— Айт?!

Кенжеке:

— Омей... омей, кайдан билем кызыңарды.

Бирназар кынындагы бычагын сууруп, жалаңдатып тап койду:

— Айт өлө элегиңде?!

Кенжеке аштыкчыларга жашынып:

— Болуш ала качты го.

Бирназар шалдая кетенчиктеп:

— Ийя? Аны кайдан билесиң?

Кенжеке:

— Жо... көрсөм көзүм кашайсын. Билсем бала-бо-томдун боорун жейин.

Бирназар бычагын асманга ыргытты, темирдей муш-туму Кенжекенин төбөсүнө ойной түштү.

Боробай да көзүнө түшкөн жапырак тебетейин тигин-дей ыргытты. Арачалаган аштыкчыларга ээ-жаа бербей Бирназарды сүзгүлөдү:

— Тийбе... урба катынымды! Мени өлтүр... Мени өлтүр дейм! Кудагый... Кудагыйлар!

— Колуңа шал тийгир! Дилиңе жин тийгир! — Кен-жеке жоолугун башынан жулуп булгалап, көк ташка олтура калып, тура калып, ууртунан көбүк чачыратып:

— Эмне урдурасыңар? Мага болушпай карап тура-сыңар? Жүзүңөр курусун. Туфа бетиңерге! Силерди желкемин чуңкуру көрсүн! — Боробайды, колунан сүй-рөдү. — Тебетей катын! Эр болбой жерге кир. Эркек болбой көргө кир. О мен шордуу, коку-ууй, а-аа.

Боробай үн-сөзсүз кулагын жапырып анын алдына басты.

Атасы ыргыткан жапырак тебетейди кармап, экөө-нүн артында эки көзү толтура жаш Сарбала.

## XX

— ...Сөзүмдү бүттүм, улук төрөм. Адил сөзүңдү айт, акыйкатыңды көргөз.

Участкалык приставдын жүзү мис табактай кубаң-дайт. Сакалы өскөн, шапкеси кыйшык, жакасы бүчү-

лөнбөй бырыш-тырыш. Саландаган кылычынын сабынан бир колун албай, төрө попиросун буркуратып ары басып, кайра шпорун шаркылдата кайрылды:

— Кызыңды Зарбат болуш ала качса куп болуптур. Кыз ала качуу салтыңар экен, мен салтты оңдобойм, жапан салтыңарды кантип токтотом, койгула деп кимиңерге айтам? А болушка бербеген, төрөгө бербеген кызыңды кимге бересиң?! Кызыңа болуш бир түнөп өтсө сүйүнбөйсүңбү. Кызыңды өзүңө окшош жапандын бирөө ала качса кантмексиң? — какаар күлүп,— кызың түндө качыптыр, азыр күн батат. Кызыңдын абийри бүттү. Биздин бүтпөгөн ишибиз көп!

Насакенин сакалы бириндеп кетти:

— Төрөм... антпе, ыстарчын.

— Салтыңар боюнча кызыңдын калыңын ал. Кыл куйрук камда, уулуң барбы? Ак падышанын кызматына атказ. Ак падышанын ишине алдагы чапаныңды, керек десе сакалыңды кыркып бер. Ошентсең, акылдуулук кылган болосуң. Мындан кийин бизди алаксытып, карган чагыңда чапкылабай жүр.

— Мен... мен оёзго барам.

— Оёз сени кирип келер бекен деп, кирип келсе бетиңден өбөйүн деп күтүп олтурат. Алдагы эл бузган сакалыңды жыттайын деп...

Стражник шашыла кирип приставка честь берет:

— Урматтуу улугум, аттар даяр.

Сакалынын учун сөөмөйүнө ороп туруп бараткан Насакеге пристав:

— Айтканды уккканың жакшы. А биз укпагандарды...— попиросун буркурата үйлөп,— момунтип үйлөгөнү баратабыз.

Каны качкан өзөндөгү жалгыз аяк жолдо жүлүндөй чаң ызгыткан караан. Ал — Ала-Баштын күүсүнөн сакалы эки ийнинен артыла сабалып, ээрде кадагандай олтурган Насаке.

Зарбат болуштун үйү.

Тамак жаңыдан желип бүткөн.

Майланышып, тиштерин чукулашып сөөлөттүү олтурушкан дөөлөттүүлөр.

Сыңар тизелеп сакалын сербейткен Боробай чоң кызыл чаначты керегеден чечип сүйрөдү. Өзү да чаначтай кызарып көңүлү карк. Улагадагы түйдөктүү ийиктен көзү өтөт.

Зарбаттан көзүн албай, анын бир да сөзүн наатка кетирбей тыңшап, башын ийкеп шыпшынып, кубаттап, кыргыйдай зыпыйып кымыз узаткан Кенжеке.

Ыңгыранып жүккө жөлөнгөн бий, бир ууртун жыйрып:

— Улуктар, ашты коё турсак кантет? «Алык-салык көбөйдү, ак падыша жерибизди алды, малыбызды жеди, эми балдарыбызды солдатка айдайт бекен» деп эл ичи бузулуп турат.

Үндөр:

— Ушинтип сүйлөсөк анык бузулбайбы.

— Баса десең.

Зарбат чакчасын апкытына шарак-шарак урду:

— Ак падыша бизди, кудай ушуну кут кылсын, байбиченин баласындай бөпөлөдү; мына, үйүң үстүңдө, ашың астыңда. Түзүна кара санасак оңобузбу? Бо, бузулгандар бирин-экин кара тамандар. Тыйтактап алардын колунан эмне келет? Баштары койкоктосо падышанын кылычы курч.

Кубаттаган үндөр:

— Бали, сөз эмес бекен!

— Ак падышага кылапат айткан жарыйбы.

— Ак дасторкону узатпайт.

Насмайын жыттаган Зарбат чүчкүрүп ийди.

Кошоматтаган үндөр:

— Ак чүч!

— Ак чүч! Арбак колдосун.

— Ишибиз оңолот экен.

Бийдин көзү чекчейип; созолоно ийик ийирген Боробайды көргөздү:

— Тоб-оо, тиги сакалчан кайсы катын?

Дуулдаган күлкү...

Аңырайган терең капчыгай.

Боз чаңгыл асмандын бир гана тилкеси.

Жалама асканын, бийик беттин боорунда өңү өчүп, сары сойгок болуп бүрү күбүлгөн караган-черлер, чөптөр.

Какжыраган жаракалар.

Кара алачыктардын чамгарактарында калдайып уюган түтүн, салаңдаган кара таштар. Какыратып казандын кырылганы, баланын ыйлаганы угулду.

Жасаган чамгарагын тегерете кармалап эшигинин алдында олтурган Насаке. Чамгарак кыпкызыл жошолонгон, ак калайдан оймолонуп чеге урулган.

Ал өз ишине ыраазы, чамгарагын көтөрүп, башы бириктире буулган үч жыгачтын башына илип койду. Үстү-башын күбүндү, аспаптарын жыйнады.

Арыта уук-керегеге даярдалган, маталган, кемерге жаңсай жыйылган шырыктай талдарга көз жүгүрттү.

Анан дүлөй кемпири алып чыккан чапанын кийип ат мамыга аса байланган Ала Башка басты.

Ат думбаланып жабылган.

Ээрин салып, басмайлын тартты.

Атын тегерене басып, ар кай жерин дагы кымтылап тартып, көкүлүнөн сылап өптү да, жеңил ыргып минип желдире жөнөдү.

Таш короодон берки түзөндө сүмбөлөп кара мылтыгын тазалаган Бирназар: жанында эрдине жер-дүлөй жабыштырган — Дыйканбай. Ал Насакени көз менен узатып:

— Насакемдин ат суутканы ай, жарыктык, убара болуп... Болуштун сан күлүктөрү байге берет дейсиңби...

Тым-тырстык.

— Болушка куда-сөөк болуп калдыңар. Аштын бир четин чоюп өзүң башкарасың го. Ошондо этке бир тойгуза көр. Жардынын бир тойгону орто байыганы дейт, Бияке.

— Кудай урган, мойнуң кылдай болуп тебетейиңди көтөрө албай калыптыр, топук тилесең боло.

Дыйканбай:

— Көрөңгөсү жок мени атайсың, Бирназар. Замандын өзү мойнун кылдай кылып мени соруп жатпайбы. Алган аштыгымды ыгым-чыгымга чачтым. Үйгө кирсем чиедей балдар... Кантем?

— Кантейин дейсиң?

Дыйканбай желки эрдин жаланып, желкесин кашыды:

— Күн жылуусунда бир жакка тентисемби? Анжыян жакшы жер дейт.

— Анжыянда бий-болуштар жок бекен? Ал жакта да шимшип жүрүшөт.

— Анан кантебиз? Кантебиз дейм?!

Бирназар:

— Туюкка капталып олтурам. Ошол капталганымдан Кара келтемди тазалап олтурам. Жатып өлгүчө атып өл дейт. Элдин түрпөйү бузулду. Бир жакка үркүп жөнөсө...

Кыя жолдо жинигип чуркаган Дыйканбайдын аялы:

— Айланайындар... жашына көргүлө... Ыстарчындар, жасоолдор төмөнкү айылды улутуп-уңшутуп... эр бүлөнү каттап-чоттоп... Жашынгыла кокуй-алат...— Алачыгына чуркап кирди.

Дыйканбай, Бирназар мылтыкты кармай буйткага жашынышты.

Дабырттаган ат дабышы.

Стражниктер, жасоолдор биринен бири өтүшүп, сороктошуп, ат үстүндө опоңдоп желишип, кара алачыктарды капташты. Үзүктү кылычтап тешип шыкаалашып ачуу чаңырышат:

— Чыккыла! Ким бар?

Канчык чаңылдап ар кайсынысына бир асылып, кимисин кабаарын билбей корунуп куйругун кыпчып тигинден ары буйт берет.

Сөөмөйлөрүн соруп көзү алайган балдарын эки колтугуна үйүргөн Дыйканбайдын аялына стражник шылдың агытты:

— Баары өзүңдүкүбү? Сен кыйын тууйсуңго падышага солдаттарды... ха-ха... ха... Эркектериңер кана?

— Жок. Кетишкен.

Стражник атын демиктирип бура тартты:

— Келебиз!

Бети табактай жасоол атынан ыргып түшүп Насакенин кырчоодогу чылбырын жулуп алып өз атынын жүгөнүнө такты.

Атчандар жин ургандай жөнөй беришти.

Стражниктин бири артына чалкалай түшүп, чайылдаган канчыкка тапанча сунду.

Канчыктын каңшылаганы...

Дүлөй кемпир тигилердин артынан суу чачып, түкүрүндү:

— Жакшылык бизде калсын. Жамандык силерге кетсин.

Уюган чаң...

Кыжылдаган эл...

Алды казганактап, арты сабоолойт.

Элдин алдыңкы кашатында, сөөлөттүүлөрдүн курчоосунда оолжуп бир бөйрөгүн таянып, оозунан кол ыштыктай түтүн үйлөп аштын ээси Зарбат. Кызыл

кымкап чепкени үзөңгүсүн жаап, күмүш кемери жаркылдайт.

Кызыл тыш суусар тебетейин чекесине кийип, чачыгын желкесинде селкилдетип үзөңгүсүн аттын мойнуна чирене тээп аларды карап ырдаган Калык болучу:

Кайгыра түшүп токтоюн,
Кайран киши өтүптүр,
Кадырын бир аз жоктоюн,
Кылактап күзгү каранган,
Кылдаттап чачын таранган.
Кызматынан таанылып,
Байбичең, кымызын куйган сабадан.
Уштугу жибек кызарган,
Урумуң эле кыз алган.
Улуу менен кичүүнү,
Урматтап колу узарган,
Ак болот кайчы кармаган
Абысын көөнү калбаган,
Ач-арыктар, жоксуздар
Алдына келсе жалгаган...
Макмалдан көөнүн эп кылган,
Кыздарына сеп кылган.
Оймогу кызыл миз болгон,
Ойлогону иш болгон.
Шакеги сары миз болгон,
Байбиченин, самаганы иш болгон...

Кыжылдаган элдин бир жагы...

Жыгачтан тосулган коонун ичинде камалган жылкылар. Кулунунан бөлүнгөн бээлер же энесинен бөлүнгөн кулундар; жыгач-коонун ичинде тебишип, чунаңдашып, кишенешип, ары-бери удургушат.

«...Булар аш байгесине сайылган. Энесинен ажыраган кулундар... Кулунунан ажыраган бээлер. Биреөлөрдүн ак малы — кайгысы, көз жашы».

Коонун оозун тосуп үңкүйгөн баягы бети табактай жасоол.

Жөө-жалаң андаалашкан жарды-жалчылар; белдеринде курчанган көтөрмө, колдорунда жүгөн, жылдыздары түшүп четтеп турушат.

Эрдине жер дүлөй жабыштырган, саксайган тебетей кийген, жаман тону атынын соорусун жапкан Дыйканбай жаагынан терин агызып мадыраят. Жыгач үзөңгүгө иттин башындай чокоюн сугунта тепкен.

Атынын жал куйругуна уйгак ширеген.

«Чү» десе аты баспай камчыланса кетенчиктеп, катуу чапса секирип, чычаңдап жыгылып кете жаздады. Ал тон этегин такымына басты.

— Кап, кашайгыр... тамашаны көрбөй... Калыгымдын ырын укпай,— алаканына, шапалагынын сабына шалп түкүрүп атын такымга, басып-басып алды. Аты оңко-чоңко секирип, анан жин тийгендей чуркап топтун арасына кире качты.

Жанагы калыбында ырдаган Калык:

«...Байбиченин өлгөнүн,
Кейиш эмес той дейли,
Келин-кызы чуулдашып,
Кейигенин кой дейли.
Капилети өлгөнүн,
Капалык эмес той дейли.
Караламан чуулатып
Кайгырганын кой дейли». -

Зарбат артына кылчайып, анан Калыкты көргөзө ээгин кагып койду да бастырып кетти.

Зарбат кайрылган жигит учуп түшүп минген атын Калыкка тартты:

Калык:

«Союл куйрук сон желме,
Мунун баасы жүз тенге,
Кыз кыялдуу кылтыңдап,
Кыялданат мингенде.
Зарбат болуп берген ат,
Зардабыма келген ат.
Жеңе зайып оңдонуп,
Жетегиме көнгөн ат».

Калык тигил атты жетектеп атынын башын бурду эле, комуздарын белине кыстарган үч-төрт ырчы, аны жактырбай чүйрүңдөшүп, тоотпой, жолун тосуп чандайышты.

Калык:

«Токтоно албай оолугуп,
Тойго келет он ырчы.
Тоотпой турат, ким болду,
Тиги торпок курсак жоон ырчы.
Аш берген жерди чабыттап,
Аралап келет он ырчы.
Акыраят эминеге,
Аркы четте комузчан,
Ат курсактуу жоон ырчы».

Дуулдаган күлкү...

Калык жетелеген атынын чылбырын топтун арасында тебетейин калдаңдатып ага жетпей теминип кагынган Дыйканбайга ыргытты.

— Сайыш!

— Сайыш!

Казганактаган эки жаат элдин ортосунда эки караан бири-бирин түтүндөй качырышты.

Кылкылдаган баштар, жыбыраган көздөр, эмеле кагышып тигил экөөнүн бирөө эмеле жалп дей түшөөрүн күтүшүп, көз ирмемге тосмо суудай мелтирешип, бирок алар кагылышпай, бирөө жалп дебей кулаалы кайкы болуп чыга беришкенде; ошондо эстерин жыйышып, тиги качырышкандар кадимди качырыш эмес экендигин, колдорунда найза эмес, каскас экендигин; калкан-соот кийишпегендигине көздөрү жетип, көз ирмемде тосмо суудай шаркырай түшүштү.

Сайышкан экөө курсактары жер чийген бээ минген аялдар болучу.

Алар сайыша албай качкы бээлерди тырактатып чапкылап, бээлер тердеп, таноолору барылдап чарчап; аларды көрүп сөөлөттүүлөр тырактап күлүшүп, күлкүдөн чарчап жатышты.

Калык чекесин түйүп атын моюнга чапты.

Бир топ атчандар аны ээрчип элди жарып жөнөштү.

«Ат келеатат» деп сурнай ойноду.

— Ат!

— Ат келатат!

Эл чурулдап, козудай жамырап, жөөсү-жөө, аттуусу атчан түрүлүп, селдей каптап кетти.

Элдин төбөсүнө тарс этип мылтык атылып, жакадан алган жасоолдор да, жаркылдаган кылычтар да бул селди токтото албай баары аралашып, бир жакты карай бирин-бири тепсеп агылды.

Куйругун сайып, бута атым узаганда туягынын чаңы жерден үзүлө элек жалгыз күлүк.

Тайгандай кара бээ минип, анын жалына өбөктөп күлүктү сүрөгөн Боробай, жапырак тебетейин камчыланып чаңырып ураан чакырат:

— Насаке! Насаке! Насаке!

Төрт аягы түйүлгөн Ала-Баштын маңдайы жарк дей түштү.

Анын үстүндө жыланбаш чайылдап ураан салган Сарбала:

— Насаке! Насаке! Насаке!

Марада көтөрүлгөн ак желек Ала-Баш өтө бергенде жыгылды.

Насаке чоң ак жүз аарчысын койнунан сууруп, куюлган көз жашын сүртүп атынан учуп түштү да, Ала-Баштын изинен өпкүлөп жиберди.

Ала-Башты ары-бери желдирип, ырсаландап дагы эле үнүн баспай чайылдаган Сарбала.

Көзү чанагынан жарылган Зарбат. Жанындагылардын атын башка чапкылап үзөнгүгө тура калып күлүктөргө улам-улам турнабай салат.

Момунда кара терге чөмүлүп, башын чайкаган анын Арча Торусу...

Коого камаган жылкыларды тегеректеген эл.

Алды тирелип, арты казганактап, бирин-бири түртүшүп, биринин сөзүн бири укпай дуу-дуу.

Насаке ат үстүнө бийик тура калды:

— Болуш,— деди ал Зарбатка чакчарылып,— ыраматынын ашы экени чынбы? Күлүгүмдүн чыкканы чынбы?

Элдин көздөрү Насакеге жаап, кыйкырып-өкүрүп жиберишти:

— Чын... чы-ын.

Насаке Зарбатка кайрылды:

— Мен, ырайымдуу болуш, аштын ээси, сизден сурап жатам.

Зарбаттын көзүнүн агы канталап кетти:

— Чын... чын...

Насаке тебетейин алып өзүнөн бийик көтөрдү:

— Аш байге экени чынбы? Болуш, бийлер, эл башылары, мен журт алдында силердин ниетиңерди сурап жатам. Аш байге экени чынбы? Тигил дүйнөдөгү ыраматылыкка кайыры тиери чынбы?

Болуш, бийлер ыңгыранып унчугушту:

— Чын... чын...

Насаке кара сеңсел, ак тыштуу тебетейин көккө бир-эки булгалады:

— Анда, орошон журт, уктуңарбы?! — аштоого колун ыргытып,— бул да менин төл малым эмес, коо бузган күлүктүн бир күндүк тери Тигил дүйнөдөгү арбакка сообу тийсин. Алгыла! Ачкыла! Талагыла!

Эл чуркурап, коо качырап сынып, камалган жылкылар удургуп, чаң тополоң түшүп, өрттөй чачылып, туш-тушка үркүп жөнөштү.

Жүгөн, нокто, көтөрмө кармаган аттуу-жөөлүү эл тебетейлерин көккө ыргытып жылкынын артынан чуулашты.

Насакени, жетектеги Ала-Башты тегеректешип, бирден жылкыны жайдак минишип, жетелешип; сабоолоп чапкылашкандар.

Ашка тигилген аппак боз үйлөр кылаңдап артта кала берди.

Зарбаттын кабагынан кар жаап эшигинин алдында.

Атка минген мыктылар, жан-жөкөлөрү.

Зарбат:

— Насаке менден март, менден кайрымдуу болоюн дегени го? Менин сөзүмө, баркыма шек келтирди го? Аштын байгесин шамалга сапырды оң таппагыр.

Бий бир ууртун жыйрып табаалап сүйлөдү:

— Болуш... балтыр битти башыңа чыгарган өзүңсүң. Ал өзүңдүн кайнатаң. Ал өзүңдүн сөөгүң. Чала болот!

Зарбаттын башы жерге кире түштү:

— Бий, оозуңа карап сүйлө. Ал алтын чачса да сөөгү мага теңелбейт.

Бий мыңк күлүп:

— Теңелбегенин көрдүк ко? Ашта анын атагы тарады, аты чыкты.

— Тегибизди тепсеттиң. Анын кызын катын кылдың.

Зарбат зиркилдеди:

— Бий... Бийим, бетиме чыктыңбы? Бири-бирибизди чайнашпайлы дегем. Мен сени жыгып болуш болгом. Мен болуш. Чайнап салам!

Бий ууртун жыйрып чаркырады:

— Мага тишиң өтпөйт. Менден тишиң сынат. — Шарт бурулду. Олтургандардын бир тобу дүр-р этип аны ээрчий басышты.

Зарбат дүйнөгө батпай, бутун коёрго жер таппай чаңдап, бети табактай жасоолго эңкейди:

— Жанагы ырды айтчы?!

Жасоолдун бети ансайын талпайып, көзү чанагынан ыргып айлананы карады.

Зарбат чарт жарылды:

— Калыктын ырын айт дейм:

Жасоол камчысын түшүрүп, апкаарып:

«...Алдым-жуттум, бейчеки,
Ашың менен куруп кал.
Абийри жок кысталак,
Башың менен куруп кал.
Жору болуп тарп аңдып
Жолбун иттей улуп кал».

Жасоол тым-тырстыкты бузат:

— Барып, Калыкты өлтүрүп жиберейинби?

Зарбат тигинин камчысын алып жонго тарс чаап жиберди.

— Менден сурайт?! Эмнеге сурайсыңар?! Эмнеге атымды минип, ашымды ичип жүрөсүңөр? Эмнеге кызылдай сойбойсуңар?! Уялбай анын ырын мага айтат. О тукумуңду...

Бети табактай жасоол үйдү айлана кача берди.

Артында кубалаган болуш.

Кекеч качкан жасоолду жандай чуркап:

— Б-бо-бо... бо-болуш күйүгөт. Болуш чарчайт. Т-то-токто! Чуркаба, б-бо-болуш күйүгөт.

Эки жасоол жулкулдатып сүйрөгөн Боробай болуштун так мандайынан чыкты. Ал сыңар тизелип баратканда төбөсүнө болуштун камчысы ойноп түштү. Боробай чаңы бурк эткен төбөсүн баса калды.

— О болуш... о ботом... кудагый?! Күнөөм кайсы кудагыйлар?!

— Атаңдын чокусу! Кудагыйың эмес кудайыңмын! — Зарбат тигини дагы башка тартты. Чаң дагы бурк этти.

— Кепкатын... Тебетейин силкип албаган ит!

Боробай муздай тоңуп:

— Болуш, силкээр убакта силкээрбиз тебетейди, айтып саба, болуш.

— Тилин кара, ашыма семирген ит... Кимдин күлүгүн, кимдин аты менен сүрөдүң? — Жасоолдорго.— ийлегиле... чычырканакка тебелегиле. Кимдин күлүгүн сүрөп, кимдин ураанын айтканды билсин.

Боробай тебетейин көккө ыргытып ийип сүзүүгө камынды.

Башынан кан жая берди.

Атасынын үстүнө чыркыраган Сарбала атасына кошо сүйрөлүп, анан жасоолдун бутунан тебетейдей ыргыды.

Кенжеке буту үзүлгөнчө жүгүрүп келип Зарбаттын этегине эрмешти.

— Болуш... кагылайын болуш.

— Күлүсүндү ченгелиме түшүрдүң, макул; коондой байталымды жарып жедиң, маакул; а тиги катынча сөрөйүң күлүмдү сапырды... Бээлеримди жөн саабайт экен, садагаң кетейин деп салдатка барсын... Салдаттарга жип ийирсин!

— Жаңылдык... жаздык... салдатка жарабайт!

— Сага жараган... жарайт! Бир ичкенде беш аяк жуурат ичкен неме жарабаганда... ким жарайт. Жер казат!

Кенжеке балапандай оозун ачып жерде сулаган уулун эми гана көрүп, бакырып баса жыгылды. Үнүн баспай, тилин тартпай каргады:

— Оңолбосун! Ордосун жылан сыйпасын! Арам өлсүн.

Аркы ак чардактай өргөө жак чуулдап, анан өргөөгө жетип-жетпей шөлпүлдөп кайра бери желген кекеч алда кайдан эле оозун ачып, болушка сөлдөйдү:

— Қ-кү-кү... Қүлүсүн му-муу-унуптур.

Зарбат үн дебей зыңгырап дөңгө басты. Анын ийнинен жылмышкан чапанын алып, чакчасын, камчысын жыйнап, дагы бирдемесин жаздым калтырбайын дегендей имерчиктеп, жалтаңдап ээрчиди кекеч.

Эч ким албай, эч ким карабай Боробайдын баш кийими тепсендиде жатты.

Аштыкчылардын айлында жыйын.

Жасоолдор; ортодо сурак жүргүзгөн бий.

Дыйканбай куйрук-жалы уйгак атының чылбырын жасоолдон сууруп алды:

— Меники! Колуңарга өлүп берем!

Бий:

— Сенин эки атың бар. Бирөөнү Калык берген.

Дыйканбай:

— Союп жегем аны...Мен деген курсагымы тойгузам. Балдарыма шорек кылгам...

Бий бир жак ууртун жыйрып:

— Сен түшүнөсүңбү? Же салдатка бар, же атыңды бер.

Дыйканбай:

— Атымды да бербейм, салдатыңа да барбайм. — Атын көргөзүп чебеленип,— ушуну минип кантип согушат салдатың?

Бий:

— Ал сенин ишиң эмес. Сен, маакул, балдарыңды бак. Ырайым кылып жатам сага.

Дыйканбай алаканын жазып:

— Айланайындар, айткылачы, ушундай да ырайым болобу? Атым менин жаным. Жанымды согушка жиберип өзүм кай талаага барам?!

Бий чаңырып ийди:

— Минтип, көрүнгөнгө акыйнек айтып түтөбүзбү? Алгыла!

Жасоол тигинин колунан чылбырды жулуп алды.

Дыйканбай желкесин кашынып, желки баскан эринин бир-эки жаланды. Калчылдап койнунан жарк эт-

тире шамшарын сууруп алды да, атын курсакка бышып-бышып жиберди:

— Ал... алгыла падышаңа. Оёзуңа алпар, минип алсын ичегисин чубалтып... Кана, мени салдатыңа чийип кой. Так падышаңды көзгө атайын... Менин абалымды көрбөгөн аныкы кандай көз?!

Аштыкчылардан кимдир бирөө аны жулкунтуп сүйрөп кетти.

Тунжуроодон соң бий:

— Эси жок немеге теңелбейли. Кана, агайындар, киминер өз ыктыярыңар менен айдай жарык, күндөй ысык ак падышанын кызматына барасыңар?

Бирназар:

— Мен!

Эл жарылып ыкшала түшөт.

Бий Бирназарды олуп тиктеп турду да, калеминин учун жалап алып кобурап кагазга жаза баштайт:

— Насаке уулу Бирназар. — Башын көтөрүп,— айныбайсың... тамашалабайсың.

Бирназар:

— Азыр тамаша түгөнгөн учур. Эмне тамаша күтөсүң булардан? Көрөсүңбү тамашанын четин?

Аштыкчылар бийди шакектей курчап ызырына чуулдашты:

— Байдын балдары эмне салдатка барбайт?

— Сенин уулуң эмне ыктыяры менен барбайт?

— Алдагы тизменде бир манаптын, бир байдын же бийдин балдары барбы? Же алардын катыны тууган жокпу?!

Бирназар бийди демитип:

— Алдагы тизмени өз колуң менен бересиңби?

— Бербейм! Бербейм! Акыңар жок! — Бий диртилдеп ордунан ыргып турду.

— Анда өз колубуз менен алалы. — Бирназар бийди чап гана билектен кармап кагазды анын колунан жулуп алды.

Бий муштумун асманга булгалап, чаңырып ийди:

— Бузукулар... Мыйзамга жооп бересиңер. Жооп бересиңер деймl

Аштыкчылар шатектеп жыйылган шыryктай талдарды бирден көтөрүшүп, жаат болуп тура калышты.

Бирназар кагазды шашпай майдалап тытып, көтөрүлгөн союлдарды көргөзө бийге токтоо гана унчукту:

— Тигине берер жообубуз. Жообубузду айта барсаңыз экен. Унутпаңыз.

Бийдин көзү аңтарылып, сакалы бириндеп жасоолдору менен кетенчиктеди:

— Колуңар менен кылганды мойнуңар менен тартасыңар.

Бирназар бир алаканын бийге көтөрдү:

— Мына биздин колубуз — эч кимдин эмгегин жебеген, эч кимге жамандык кылбаган дыйкандын колу. Бул колубуздун да датын айта барыңыз.

Чор баскан балбан алакан акырындап темир муштум болуп түйүлүп бийдин карегине батпай, бий жалтанып башын төмөн ийди.

Приставдын таза, жасалгалуу кабинети.

Рамкада илинген эполеттуу портреттер.

Приставдын өзү да зыңкыйып тыкан, жайдары; топчусунан өйдө күлүп турат.

Үңкүйгөн Зарбат, жанында бети табактай жасоолу.

Пристав:

— Болуш, сөзгө түшүндүңбү?

— Төрөм, антип айтпа, антип кейитпе. Сөзгө түшүнбөгөндөй мен дөдөй эмесмин.

Пристав Зарбаттын далысын таптап кытмыр жылмайды:

— Чычалап кеттиңби? Ошон үчүн сен дагы башка бирөөлөргө этиеттеп сүйлө. Бирде бийиңди жамандасаң, бирде элиңди жамандасаң; алар сени жамандаса, киминерге ишенүүгө болот? Киминерди угуу керек?

— Баса, төрөм, сөзгө конок бер, ошо бузукулардын тизгинин кыркып салалы деген мага ишенбегенде кимге ишенесиңер? Кимибизди коргойсуңар?

— Сиздин сөзүңүздөн өйдө коргодук. Элге ишенбей сизге ишендик. Сиз да бизди сыйлап элиңиздин майда-чуйдасына бизди убара кылбаңыз. Бийдин үстүнөн арызданасыз, бий да падышага кызмат кылат. Сөздүн кыскасы мындан ары андайды өзүңүз тыйыңыз.

Зарбат кашын түйүп козголду:

— Андайлар мага тыюу бербейт. Эртең өрттөй күчөп баарыбызды каптайт, төрөм.

Пристав попиросун буркурата үйлөдү:

— Өрттөнсө... Эгер ал өрт падыша бийилигине карасанатайбы, моминтип коёбуз. Сөөмөйүн бир шилтеп

койгон жерден миң солдат чубурган оёздун өзү быякка келатат.

Зарбаттын көзү чачырап кетти:

— Оёзбу?

— Оёз... Сенин айлыңа... Убадасы боюнча сага барат. Сага чен тон жабат.

— Мага... магабы? Бо кудайдын бергени,— ал жасоолун аткып алды,— а чоң оозум, төрөм эмне дейт?! О, кудайдын шыбагасына миң мертебе ыраазымын.

Жасоолдун бети талпайып оозу жыйылбады.

Пристав ийниндеги эполетин чаап ырсайды:

— Мен да чоңоём. Көрдүңбү, жаман жагыңды айтып күйүнтүп, жакшы жагыңа заматта сүйүнтөбүз, болуш. Ак падышага, эгер керек десе алдагы карегиңди чегип бер. Ошентсең акылдуулук кылган болосуң. Ошентсең укум-тукумуң тунат. Мени да муундарым кастарлайт, көрдүңбү тигилерди,— колун дубалдагы портреттерге жаңсады.—Ошентип сүрөтүмдү илишет. Жапайы жерге жасаган эмгегимди унутушпайт. Болуш, оозуңду ачпа. Оёз келатат деп элге жарыя кылгыла; жолго батпай түрүлүп, жаадырап-жайнап эл тоссун. Арыз-муң айткан болбосун, тартип сакталсын.

Зарбат жасоолуна:

— А чоң оозум, чап! Кабар кыл бийлерге. Туштушка чабаган жөнөсүн. Баарына айт: Ээнбаштанып өйдө-төмөн чаппасын, шам-шаркыт баспасын. Кабанаак иттер байлансын. Эркетанга айт: үйүн тазаласын.

— Чакчасын алып тизесине шарак-шарак урду.

Жасоол башын ийип кетенчиктеп чыгып баратып:

— Болушту сураса эмне дейин?

Зарбат үндөбөй гана колун шилтеп койду.

Аттарын өпкөгө тепкилеп чаап жөнөшкөн жасоол менен стражникти тигил экөө терезеден бир азга карап турушту да, катар олтурушту.

Пристав:

— Болуш, оёз быякка ойногону келаткан жок. Теске көнбөгөндөрдүн төбөсүнө кылыч кайрайт. Оюндагыңдай камданбасак экөөбүздү да маңдайыбыздан сылап койбойт.

Зарбат:

— Элимдин теңи кырылып кетсе да оёзду ойдогу-

дай тосом. Кам санаба төрөм, жигиттер касаба болуп кызматында турат.

Пристав чөнтөгүнөн кагаз алып үңүлүп карады:

— Падышадан дагы сөз келди. Солдатка жөнөгөндөр жана солдаттарга керектүү нерселер ойдогудай топтолбой жатканына падыша ыраазы эмес. Азиаттардын курулай дүрбөлөңүнө падыша өкмөтү аябай наразы.

Экөө үн-сөзсүз бири-бирин тиктешти.

Күлүсүндүн өргөөсү.

Өргөөдө дасторкон жайып Эркеган экөө.

Күлүсүн тизесин кучактап, телмирип бир нокотту тиктейт; өңү жууган чүпүрөктөй.

Эркеган чайын ууртап, чамесин серпип чынысын кырданта койду.

Дасторкондо эки чыны кырынан жатты.

Эки аял бетме-бет олтурду.

Эркеган:

— Мен сени күнүлөбөйм дагы күнөөлөбөйм. Муунуп, арам өлгөн жаман! Ошонуңу күнөөлөйм. Арам өлүүгө жаралдыңбы? Муунуп кимди коркутабыз? Өлүп калуу оңой. Адам болуп бүрдөп чыгуу кыйын. — Силкинип, шаркылдаган чач уштугун чөнтөгүнө салып койду. — Биз эмес аркыраган баатырды сайган, жаркыраган перини жаңылткан аялдар өткөн дүйнөдөн. Заманга, мыйзамга алышып алы, күрөшүп күчү ошолордуку жетпеген; экөөбүз эмне, эпейген эмебиз, бүтүн эркекти кучактабайбыз; бир эркекти бөлүшүп, талашып кучактайбыз... Тагдырдын бул жазуусуна басырынба, тепселбе. Өлбөй өчүңдү, кетпей кегиңди ал; агартып уул төрө, кызартып кыз төрө. Сен көрбөгөнгө, сен жетпегенге балдарың жетсин. Дагы болуштун токолу болгонуңа тобо кыл.

Сырттан жалгыз аттын дүбүртү.

Эркеган кулагын түрүп:

— Чоң ооздун атынын дүбүртү экен, дагы кандай шойкуму башталды. — Чөнтөгүндөгү чач уштугун аркасына шарак ыргытып дасторконун жыйнай Күлүсүнгө каш какты: — Жүктүн бурчуна бара гой.

Чоң ооз камчысын сүйрөй кирип келип, жүктүн бурчунан көзү өтүп:

— Кызыңдай кылып олтургузуп коюпсуң, төбөгө чаап жумшабайсыңбы.

Эркеган:

— Өзү өлгөнү араң турганды өлтүрө албайм.

Жасоол:

— Мунуң өлбөйт, тиргизип коюпсун, күнүлөр бетин тытышып, чачын жулушуп эле жатчу эле.

Эркеган кашын кагып, мыскыл күлүп:

— Күнүлөргө көзү кызарган байкуш, сенин күнү катындардан айырмаң кайсы?

Чоң ооз томсоруңку:

— Заман курусун, бир катынга жетпедим. Болуш катын алып берсе алкымынан сугунам. Үйрүлтүп камчы чаппайм катыныма.

Эркеган чаңкылдап каарып:

— Оозундагыны оттобой жумушунду айт. Болуш кана?

Жасоол оозун жалжайтып, көзү жайнап сүйүнүп, шашкаландап:

— Байбиче... Эркеган байбиче, сүйүнчү! Оёз келет экен. Оёз өзү! Болуш үйүнду тазаласын деди.

Эркеган мурдун чүйрүп ыкчырылды:

— Үйүнө чычып алган киши бар бекен?

Күлүсүн жүктүн бурчун сүзүп бүлкүлдөдү. Бул анын көптөн берки биринчи жолку күлкүсү.

Жасоол, байбиче чыгып кетишти.

Күлүсүндүн кулагына Калыктын «Курманбек» айтып жаңырган үнү угулду...

Күлүсүн ичинен муңайым шыбырады:

«Улуу тоодо шаңшыган, улардын үнү белең. Сенин үнүң, сенин жүзүң,бир көргөн түш болуп кала берди. Сен эркинсиң, эркексиң; каалаган жериңе барасың. А мен, кыз байкуш, ооз чайкам сөзүмө ээлигим жок; ободогу кушту да жазгана караган мен, кыз байкуш... кыз шордуу. Мен армандуу Күлүсүн... Мен күйүттүү Күлүсүн... Күң ордуна жүрүшүм».

Ал шуу үшкүрүнду; бул үшкүрүк күйүткө чырмалган, ага баш ийген аялдын үшкүрүгүнө окшобой, бир жоболоңду баштай турган аялдын акисине окшоду.

Анын көзү жарк дей түштү; кулпунуп, уча турган куш сымалданып мүрүсүн жазып керилди.

## XX

Кабат-кабат чапан кийишип, курсактары чедирейип катар тизилишкен байлар. Тебетейлери колдорунда

же колтуктарында, баары жыланбаш — баштары күнгө сызгырылып, булоолонуп, буттарын солбуп Зарбаттын чоң үйү тараптан көздөрү өткөн.

Тигине, эшик бүлк дей түштү. Байлар түртүшүп, түзөлүп чакчайып калышты.

Эшиктен пристав чыкты, байларга муштумун көргөзүп коюп кайра кирип кетти.

## X

Бир түп шыраалжынга жашынып байларды караган Сарбала.

Жанында өзүнө жашташ кыз. Экөө тең кара шыйрак.

Кыз:

— Оёздун аты кыйын экен.

— Ики... Ала-Баш кыйын. Ала-Башка жетпейт,— деди Сарбала оозун ачып зеригип. — Качан чыгат эми? Чыкпайбы.

Кыз:

— Тойбой атат да... тойгондо чыгат.

Сарбала кызды чыканакка түртүп кетилдеп күлүп:

— Кызык... кызык ай,— ал сөөмөйүн серейтти. — Тетиги киши аялын өөп атканда көрүп койгом.

Кыз бетин чоюп эликтеп:

— И-ий, уят... уят.

— Кел өбүшөлү. — Сарбала аңдоостон кызды өөп жиберди. Өөп жиберип бети-башын тырыштырып, түкүрүнүп, аарчынып жатты.

Кыз ыйламсырап, үрпөңдөп Сарбаланы муштагылады:

— Апама айтам...

Экөө тең ооздорун ача баштарын тийиштирип калышты.

Зарбаттын эшиги бийик серпиле түшкөн эле.

Эшикти Зарбат өзү ачты эки колдоп, төбөсүнөн бийик көтөрүп.

Оёз маалкатып араң чыкты, башынан бутуна чейин жылтырап, жерди карабай көктү карап. Чымындаган чалпоо жылкыга окшоп, эшик алдына кичине аркы-терки басып, башын кыңырайта Зарбатка бирдеме дегенсиди.

Баштары сызгырылып, булоолонуп, оозу-башы кыйшайган байлар...

Оёз аларга саал гана башын ийгенсиди; бирөөнү да тушарына теңебей, ак мээлейчен колун кайдыгер

гана серең эттирип, анан кокусунан көз кырына илине калган калдагай тебетейченге жакын барып артында ээрчигендерге «бул эмне албайт» дегенсиди. Старчын тигинин тебетейин кагып, тегерете тээп жиберди.

Анын башы таз эле.

Оёз жипкирип терс бурулуп, эки жигит эки жагынан суулуктап жетелеп келген аргымактын үзөңгүсүнө бут салды; Зарбаттын колу колтугуна жете электе ыргып минди да, ак мээлейчен колун серең этирип бура тартты. Ошол замат жерден чыга калгансып, кайдан-жайдандыр жан-жөкөрлөрү жабылып ээрчиди.

Жанагы таз тебетейин күбүнүп сөгүп жатты:

— Улук болгонуңду... О төрө болгонуңду-с-с-сс... Кишинин баш кийимин тебет.

Аны карап шыраалжындын далдоосунда баштарын тийиштире моюндашып боорлору катып күлүшкөн Сарбала менен кыз.

## XX

Кызыл кымкап чепкенин желбегей жамынып, падыша өкмөтүнүн чендерин тагынган Зарбат эки тизесин мыкчып, далортосун түйүп кесирдүү олтурат.

— Эми бейбаштар менен кебим болсун! — Чакчасын апкытына шарак-шарак уруп, тышка үн салды: — чоң ооз... а чоң оозум...

Жасоол менен кошо бөгүлүп кекеч кирди.

— Барып кел чоң оозум, бир ооз сөз ыргытып кел. Арпа тектир менин чапан чечкен журтум. Аштык айдасын деп аларга журтумду бердим. Бул жакшылыгымды билишпеди томояктар. Малымдын чөбүн жөн жедирбей кызыл май кылып кубалашты. Жөн койдум, анымды билишпеди куу такымдар. Коондой жарып байталымды союп бердим. Кечөө байбичемдин ашында эркелетип жөн койдум. Байгенин малын чачты; менден кыйын, менден март болоюн дегениби? Ала-Баш менин айгырымдын баласы, жеткирип берсин. Насакеге айтып кел, тез жөнө чоң оозум.

Жасоол кыйылып:

— Болуш, жалгыз кантип барам. Жатакчылардын түрү жаман. Кийиздей тепкилеп салбасын.

Зарбат кымкабын ийнинен силкип жиберди.

— Оёз мага ченди бекер бериптирби. Шылтоо таппай турбаймбы. Эр болсо тийип көрсүн, анда эле

ажыдаардын куйругун басканы... Жөнө! Жигиттерди ээрчит.

Арты менен чыгып кеткен жасоолду көсөй тиктеп, насмайын жыттап чүчкүрө албайт.

Кекеч аны чүчкүрсө экен деп, кежендеп оозун ачып, башын ийкегилейт:

— А-аа-ак... ч-чү...

Зарбат аны башка бир салды:

— Ит! Чүчкүрүгүмдү жоготтуң.

Кекеч:

— М-м-мм-мени ы-рас кылдың. М-м-мен ж-жерге кирейин.

Зарбат дагы тап берди:

— Чык!

Кекеч шүмтүрөп кол куушуруп:

— Б-болуш чениңиз кут болсун. М-мартабаңыз ашсын.

Зарбат жанындагы көөкөрдөн чагырмак куюп сунат:

— Бая эле ошентпейсиңби. И... Ичип ал байкушум.

Кекеч шыпкай ичип мышыктай жаланып чыгып кетет.

— Күлүсүн! А Күлүсүн... — Зарбат өзүнчө наалып,— бо, эркек дегенди аял өзү чыкырчы эле... А Күлүсүн.

Күлүсүн чоюла басып кирип ойсоктоп койду.

Зарбат аны таңгала, башынан аягына чейин сыдырып тинтип тиктеп, ээгин кагып мылжың күлдү:

— Ушинтпейсиңби, а куу такымдын кызы, сен жакшыга ылайык катынсың, олтур, бутумду ушала.

### III

Шыгыраган айыл.

Насакенин үйү.

Маңдайынан кан жылжыган Калык чөгөлөп Насакенин колунан кармап турат:

— Насаке, жарыктык, сакайдыңбы?

Насакенин башы бийик жаздалган, кийимчен. Дүлөй кемпири ак даки менен анын бети-башын аарчылайт.

— Насаке, сакайдыңбы жарыктык?

Насаке көзүн араң ачып:

— Калыксыңбы? Калыктын үнүбү? И-ии, айланайын... сакайсам ушинтип жатат белем, эл чайпалганда... элдин кулагы үркүп турганда, атаганат, сыркоо-

лоп калганымды карачы. Э кокуй, мандайындан кан агабы? Канбы?

Бирназар:

— Ата, Калык болуштун жигиттеринен качып кутулуптур. Биздин айылдын четине чейин кууп келишти.

Насаке:

— Элчи менен ырчыга кол көтөрүү салтта жок эле.

Калык:

— Камчы тийип бээлердин эмчеги жарылганда, союл тийип эрдин мандайы айрылганда ырчыдан кан чыкпай эмне болуптур.

Насаке:

— Кагылайын... Кагылайын сендей ырчыдан. Үнүңдү бир угузуп койчу. Шаңшып койчу. Башымды кичине көтөргүлөчү.

Калык кабынан комузун алат; комуздун мойну сынык болчу.

Тымтырстыктан соң Бирназар:

— Комузуңду сындырышты, добушуңду сындыра алышпайт.

Түн баласын алдаган,
Түлкү болду заманың.
Дүңгүрөгөн аламан,
Түгөнбөсүн амалың.
Намысыңды тепсетпей,
Найзадан тапкын ажалың.

Бөлүп-жарып куугундап,
Бөрү болду заманың.
Топон суудай калың журт,
Тосулбасын амалың.
Жем болгуча канкорго,
Жериңден тапкын ажалың.

Эл босогого тирелип кире беришет; үзүктү түрүп, туурдукту жырып шыкаалаган көздөр.

Калык чекесиндеги жылжыган канды сүртүп:

Сынбасты уста жасабайт
Өлбөстү кудай жасабайт,
Кол куушуруп сөлдөйгөн,
Коркогуң болсо ачык айт,
Кутурган болуш, бийлерге
Кул болуп журтум жашабайт!

Серпилип жерим козголуп,
Сел болуп элим топтолуп,
Падышалуу залимдин,
Маанайын тешкен ок болуп,
Кармашка тургун калайман,
Каскагың учу от болуп!

Насаке:

— Ырысы бар элдин ырчысы элди ырдайт, элдин мүдөөсүн айтат. Баарыңарга насаатым: Калыкты сактагыла. Силердин мылтыгыңар бир атылат, союлуңар бир чабылат. Ырчынын сөзү түгөнбөгөн ок, сынбаган союл. Ырчыга шамал тийгизбегиле, ырчыны туу кылып көтөргүлө.

Кийиз күйгүзүп Калыктын башына тартышты. Дүлөй кемпир элечегин чубап болотнайдан дардар айрып берди.

Эрини кеберсиген Насакеге суу ууртатышты.

Насаке:

— Сак-сактагыла. Топтоп бастырбагыла, чогуу конбогула. Падыша төрт элди кырып салмай болду. Тарагыла кокуй-алат. Мени, тиги кемпир экөөбүздү бир коктуга таштагыла.

Бирназар:

— Кантесиң ата?! Таштабайм! Атасын ким таштайт?!

Насаке:

— Элчи? Эл кантет? Элди таштайсыңбы? Мен бир киши. Апаат күндө мендей бир карынын сөөгүн куш мүлжүйт. Элдин сөөгүн мүлжүбөсүн. Силер... силер акыл таап элди сактагыла.

Бирназар атасынын колун кармап, мойнунан куркурата жыттады.

Тургандар көздөрүнөн жаш алышты.

Чоң короо.

Короонун ичи толтура «салдатка» жөнөөчүлөр.

Короо кырында курал-жаракчан стражниктер, жасоолдор; чуркурап ыйлагандарды жакын жолотпой мылтык кезешет.

Короонун дарбазасы ачылды; буулуккан, калтыраган ачуу үндөр:

— Кош! Кош, кагылайын журт! Кагылайын тууган жер!

— Артыбыз кайырдуу болсун!

Башын көтөрбөй, үндөбөй, эч жакты карабай тултуюп, нес болуп сенделе кадам шилтеген Боробайдын жонуна приставдын кылычынын сырты ойной түштү.

Боробай калыбынан кебелбеди.

Пристав кылычын анын чокусуна ойнотту.

— Өлтүрдү, өлүгүндү көрөйүн! — Ыйлап көзү кызарган Кенжеке буркан-шаркан жулунуп, жер сыйпалап приставды тезек менен бетке койду.

Пристав шашылбай кылычын кынына урду, ана тигинде элден оолактап, кылчактап качып бараткан Кенжекеге опондотуп желдирип жетти; аны дагы арылатып, дубалдын далдоосуна барганда, шашылбай кыңкайып лып гана маузерин сууруп алды.

Кенжекенин көзү чанагынан ыргып, кетенчиктеп, кыйкылдап муунуп, алаканын тосуп коргонуп, чалкасынан жыгылды; жыгылаар замат «тарс-тарс». Пристав маузердин оозунан түтүн таратпай чөнтөгүнө уруп чаап жөнөдү.

— Апа! Апакеба-аай!..— Сарбала энесин кучактап, жулкулдатып, тарткылап, койнуна колун салып; колун тартып алып, колундагы канды бир карап, энесин бир карап бакырып-бакырып ийди.

## X

Куурайдын башынан боздогон, ышкырган суук шамал.

Куурай жыгылып, куурай учат!

Учкашып-чиркешкен «салдаттар».

Алардын баарын аркасынан шамал айдап, этекжендерин, аттарынын куйругун үзүп-жулкуп, баскан издерин шыпырат, учурат.

Боробайдын таноосу кыпчылган, чекеси тилим-тилим.

Анын кулагында шамалдай боздогон «Көкөй кести».

Караган-чердүү дөбөнүн чокусун көздөй шамалды жиреп. Бирназар баратты. Бир колунда Ала-Баштын чылбыры, бир колунда кара мылтыгы.

Атын көмүскөгө байлады, кыл чокудан башын кылайтты.

Тигине, аттары килеңдеген стражниктер.

Бирназар мылтыгынын шыйрагын жерге сайды. Мелтирете мээледи. Мылтыктын оозу үңүрөйүп стражниктерди карады. Кимисин... кимисин?

«Баң-ң!»

Даарат ушаткан малакайчанга кылыч кесеген стражник мылтыктын үнүнөн мурда жалп дей түштү.

Боробайдын чекесиндеги тилимдер жоголуп, мурду барбайды.

Ал мылтык үнүн тааныды: «Кара келте!»

Сойлоп, бөжөңдөп жалгыздап качып жөнөдү.

Стражниктер тумшугун жерге тыгышып баш көтөрбөй туш-тушка тарсылдатышты.

Алда кайдан, ок жетпеген торпунун башынан «Баң-ң» деген үн экинчи жолу кайталанды.

Стражниктер эми гана эстерин жыйышып, эми гана килеңдеген аттарына ыргып минишип опоңдоп чапкылашып, «салдаттарды» түгөлдөшүп; тигинде улам

арылап, улам бийиктеп, бийикте карааны кыландаган жалгыз атчан Бирназарга мылтык атып, кылыч үйрүп ызырынышты.

Бир гана стражниктин колунан кылычы кагылып, кылычты түбөлүккө экинчи кармабас болуп жер сүздү. Шамал анын этегин кантара түрүп, этегине ышкырды, ызырынды.

Караган-чердүү таштын коңулунда бүрүшүп, бири-не-бири кыналышкан Күлүсүн, Сарбала.

Далдоодогу Арчатору ооздугун качыратып жер чапчылайт.

— Биз такыр... такыр таптырбайбыз, ээ эжеке?

Күлүсүн баш ийкеди. Көзү кыр-кырларды, жылгаларды сыдырды. Кашы дирт эте түштү.

Кырда бир атчан... дагы атчан... атчандар...

Туш-тушта, кайсыл жакты караса, ар жылгада, коктуларда сабоологон атчандар.

— Эже-е! — Сарбаланын да көзү чекчейди.

Кайкыда чубашкан үч атчан. Аттары кара терге чөмүлүп өздөрүнүн этек-жендери шөлбүрөйт. Анын бирөө Зарбат — кара көк тартып үн катпайт.

Берки экөө жандай бастырып көңүл улашты:

— Арча Торунун туягы он Күлүсүн эмеспи.

— Ийне болуп түшүп кетсе да табабыз.

— Балык болуп сүзүп кетсе да табабыз.

— Капырай, ушунча адам, ушунча күнү бир катынды издедик.

— Атымды! Катынды дейт, Катынды ким издейт?! — Зарбат тигини чокуга тартып ийди.

Күлүсүн жоолугун мойнуна бууп жылаңбаш.

Басмайылын тартып, үзөңгүсүн тепти да, Сарбаланы кыйып аттана албады. Үзөңгүдөн бутун чыгарып аны маңдайынан өптү.

Сарбала улутуна көзүн жайнатып, башын чайкады:

— Аный, жалгыз мин, кач эжеке! А мен... мен бар эмеспи... — Бутактардан эңкейип ыкчырылта бастырып бараткан Күлүсүндү бир азга ээрчий тиктеп туруп, карагандын арасына булт койду.

Күлүсүн караган-черден чаап чыгаар замат куугун башталды.

Туш-тушу кыйкырык сүрөөн.

Союлдардын сороктотуп жалгыз Күлүсүндү кубалаган жайнаган атчандар.

Аты күлүк Күлүсүнгө арттагылар чендешпеди.

Жазы капчыгай куушурулуп жалгыз аяк жол тарыды; үстү жалама аска, алды көк ирим суу, артында жайнаган куугун.

Асканы тепчиген жолдун учунан, Арчаторунун маңдайынан үч адамдын башы соройду. Зарбат!

Арчатору кулагын шамдай көтөрүп, шаңгыран кишенеди.

Күлүсүн кыл жолго жетпей токтоду:

Алдында Зарбат...

Артында куугунчулар...

Үстүндө жалама аска...

Астында көк ирим суу...

Зарбат бири-биринен өтүп жутунган, шыкалган куугунчуларга:

— Атты чочутасыңар, иттер, тарткыла!

Куугунчулар тирелип калышты.

Арчаторунун туягынан шыркырап иримге куланган кум-таштар.

Күлүсүн аттан ыргып түшүп, аны артына, жазыгыраак жерге жетелеп, шилбиге орой байлады. Байлап бүтүп жолдун бычактай нугуна, Зарбатты көздөп басты.

Зарбаттын үнү титиреп:

— Бас... бас бери карабет, күнөөңдү кечейин!

Күлүсүн көк иримге боюн урду.

Эл чур этип, алардын чур эткенине аска-зоо тарс жарылды.

Дүлөй кемпир.

Жалгыз мелтейип тунжураган көздөрү зоокадан тайгаланат.

Дүлөй кемпирдин ички шыбыры:

«Күлүсүнүм... Күлүсүнүм тигил зоокада басып жүргөнсүйт. Ал тирүү! Тирүү... Өлгөнүнө ишенбейм. Тоонун ар бир ташын кыдырдык, суунун ар бир балыгынан сурадык.

Күлүсүнүмө, жоголгонуна, мына бир жыл толду. Бир жыл... Жок дегенде бир ууч сөөгү табылса... бир үзүм кийиминң жолукса кусам таркабайт беле, көксөм суубайт беле, Күлүсүнүм... Өлгөнүңө бир жыл болду. Мени тыштап кантип ошенттиң? Ишенбейм, сен тирүүсүң».

Бөкчөйүп таягына сүйөндү.

Артында жалгыз аяк жол...

Жол таманы.

Насакенин кула бээси.

Колу артына кайрылып, сакалынан чийге бурулуп байланган Насаке.

Дагы ээр токумдуу үч ат.

Бети табактай жасоол жез ооз көөкөрдү шыпкап Зарбатка чагырмак куюп сунду.

Зарбаттын көзү кызарып, өңү ант ичкендей кубарган.

Бети табактай жасоол Насакеге башын шилтеди:

— Өлтүрүп жиберейинби?

— Азап көрсүн! — Зарбат чагырмакты тамагына кагып койду.

Берки жасоол кула бээнин ээрин шыпырды. Жалын кармалап, «семиз экен» дегендей баш бармагын көргөздү.

Аттанышты.

Зарбат бээни жетелеген эки жасоолго «бара бергиле» дегендей колун жаңсады. Сакалынан чийге байланган Насакени демитип, тепсете жаздап:

— А кузгунум... уулуң Бирназарды, атың Ала-Башты сенсиз табам. Сенин кесириң башындан ашты эле. Же баягы ооруганында өлүп калсаңчы. Жок, анда мен өчүмдү алалбай калмакмын.— Арчаторусун моюнга чаап бастыра берди.

Кийими салбыраган, бети-башын сакал баскан адам — караан баятан тигил үч атчанды андыйт. Өңкөңдөп таштан-ташка, бадалдан-бадалга жашынат. Жата калып, кайра тура чуркап коктунун таманындагы бадалга синди.

Ат жалын сүзүп үргүлөп, эки жагына ооп, бирде таскактатып бирде кыбыратып тоолордун башын эрмектеп тиктеп, көзү алачакмактап Зарбат келатты. Ал үргүлөп дагы атынын жалын сүздү.

Чап этип бирөө анын тизгинине жабышты.

Жанагы таанылбаган караан — Боробай! Таноосу кыпчылып, сакал-муруту титиреди, колунда жаландаган шамшар.

— Кудагый?! Тебетейди силкээр кезим, мына! Көпкө жолукпадың, бир жылга... Бир жыл сары изиңе чөп салдым. Тебетейимди силкээр кезим!

Зарбаттын тили буулуп, туттугуп көзү аңтарылды:

— Боробай! Жан соога... Иттик менден кетти. Малым тартуу... Ак балтыр байбичем тартуу.

Боробай:

— Менин байбичем кана? Кана менин Кенжекем?!

Зарбат:

— Алдыңа жыгылганга атаңдын кунун кеч. Катындык кылба!

— Мына, катындын кийиз кескен шамшаары! — Боробай Зарбатты табарсыкка малып, теңселтип аттан жыга түрттү. Эңкейип,— жаныңды уучтай тур, Насакени апкелип ыйман айттырайын... Жаныңды уучтай тур.

Боробай Арчаторуга ыргып минди, күмүш үзөңгүгө чокоюнун башы батпады. Кайра ыргып түшүп, тигини чатка тээп туруп өтүгүн сууруп алды, чапанын сыйырды. Көмкөрө салып анын шымын да чечип баратып, жийиркенип, түкүрүп көчүккө тээп ийди. Өтүктү кийип, чапанды жамынды.

Зарбат... катарында жаман чокой.

Сакалынан чийге буруп байланган Насакени көздөй чаап бараткан Боробай.

Күн кечтеген убак.

Дүлөй кемпир, Сарбала чыгышты карап дөңдө олтурушат.

— Көзүң курч эмеспи, жакшылап карачы. Караанпараан көрүнөбү?

Сарбала башын чайкады.

— Көзүңөн тегеренейин, деги жакшылап карадыңбы?

Сарбала башын ийкеди.

Кемпир баланын көзүнө үңүлүп маңдайынан өптү:

— Кайталы, алтүндө келип калаар.

Сарбала кемпирдин колунан тартып тургузду.

Кемпир бөкчөйүп таягына сүйөнүп, экөө жалгыз аяк жолго түштү.

Тебетейи калдактап, тонунун этеги атынын соорусун жаап, камчы үстүнө камчы урган Дыйканбай. Кырчоого жөлөнгөн аялына алда кайдан айкырды:

— Катын, сен уктуңбу?

— Эмнени ботом?

— О катүгүн,— атын, моюнга чаап, жаагынан куюлган терин аарчыды. — Азаттык заманы башталыптыр. Падыша кулаптыр. Падыша кулап өлүптүр!

— Калп! Падыша...— аялдын куту учуп өз оозун баса калды.

— Кудай урсун! энемди алайын... Ал эмес биздин жигиттер оёзго куугун салыптыр.

— Эмне тамтаңдайсың кокуй! Ушинткенде бир балаага капталчу элең.

— Кой, мен элге айтайын, укпаса кийин наалат кылышат. — Желдирип баратып кайра бурулуп, тонунун этегин такымына кысып,— ой, балдардын бетиколун жууп кой, Иленин кирсе уят.

— Аледин? Илединин ким?

— И-Леенин де. Ошо... падышаны кулаткан. Кыпкызыл аскерлер келатат дейт, И-Ленин баштаган.

Туш-туштан аны карай чуркап, тегеректеп ээрчиген элден оолактап:

— Силер өз айылсыңар, силер таарынбагыла. Силерге шашпай айтам, бүгүн колум бошобойт. Мен жарчымын! Жарчынын сөзүн кара түмөн эл күтөт. Көрүшкөнчө аман-эсен тургула. Кошкула! — Атынын башын бура тартып Насакенин жанына токтоп,— О Насаке аба, сүйүнчү! Бирназар кол башы болуптур. Оёзду кубалап жүрөт. А мен жарчымын. Элге Илениндн жар салайын.

Насаке таягына салмагын салып бир-эки кадам шилтеп:

— И-Ледин... И-Ледин кыргыз бекен?

Дыйканбай желки баскан эринин жалап, кежигесин кашыды:

— Кыргыз... кыргыз дешет. Биздин уруктун жээни экен.

Насакенин таягы, колунун башы калтырап, сакалын сылай көз жашы кылгырды:

— О жараткан, калкым тукум курут болордо... айланайындар, укканым ушак эмеспи? Азаттык заманы кандай болду экен? — ылдыйлап, тизесине бүгүлүп, таягын маңдайына жөлөдү.

Этек-жеңи делбектеп, атын талтактап теминип, тебетейин булгалап чапкылаган Дыйканбай белес ашты.

## XI

Аркайган зоока, кабышкан кокту-колоттор.

Аттарынын куйругу асманга сайылып, аягы суюлбай типтике ылдый чаап түшүп жатышкан жигиттер. Такымдарына кыскан союл, чочморлор; ийиндеринде бирин-экин түтөтмө мылтыктар.

Эң алдында Ала-Батышты ойноткон Бирназар, жонунда кара мылтык.

Кырга жете бербей ат жалынан коктунун таманына колун серепчиледи.

Тигине, алар тоскон оёз солдаттары менен алаканга салгандай көрүндү. Ал артындагы жигиттерге колун жаңсап, атынан түшпөгөн бойдон жанындагы мылтыгын алды да, оёзду кароолго ала баштады.

Коктунун таманында, солдаттарынын алдында катуу жүрүп келаткан оёз тык токтоду. Адатынча асманды карап, колун серeңдетип чалпоолонду. Артынан жин ургандай чапкылаган солдаттары аттарын тыбыратышып, аны тегеректеп турушту. Кимдир бирөө оёзго дүрбү суна койду. Оёз кырды кырдата дүрбү салып бир аз турду да, атынын башын кайра артына бурду.

«Баң-ң!»

Ак мээлейчен оёздун колу асманды бир чапчып алып тикесинен сайылды.

Уу-чуу... Тарсылдак... чуулдаган ок... ээрин тепкилеп үрккөн аттар...

Күңгөй-тескейден таш кулап заматта акыр заман аңтарылды.

Оёздун солдаттары таштарга, аттарына далдоолонушуп ок жаадырышып жайыкка чачырашты.

— Алама-ан!—Бирназар үзөңгүсүнө тикесинен туруп кылычын шуулдата шилтеди.— Алама-ан!

Бирназардын эки канатында «аламандап» ат койгон жигиттер...

Таштын жаракасына арта салынган мылтыктын оозу баятан бери Бирназарды ээрчиди.

Бирназар кароолго илинди:

«Та-арс!»

Бирназар көкүрөгүн апчып, теңселе бир аз чалкалап кайра ээрдин кашына өбөктөдү.

Аттын жалынан мөлт этип кылычы куланды; кыңгырап ташка тийди.

Аттын жалынан ылдыйлап-ылдыйлап Бирназар өзү куланды.

Ала-Баш четке ойноп чыкты.

Бирназар жер таянып башын көтөрдү: тунарган, арман толгон көзү тигинде куйругун сыртка салып зымырап бараткан Ала-Башты издеди; асман, жер кызылтазыл нурга чайкалып, ал өзү алтын бешикке бөлөнүп, термелип ыракаттана көзүн жумду.

Кайрадан көзүн ачып, колун көтөрүүгө шайманы жетпей мойну шылк дей түштү.

Сарбала, Дүлөй кемпир баягы дөңдө.

Кемпир:

— Бүгүн да келбейби?

Бала үндөбөй мурдун тартып койду.

Кемпир:

— Эмчегим зыркырайт.

Бала кулагын делдейтип тура калып кайра олтурду.

Кемпир:

— Жүрөгүм опколжуйт.

Баланын көзүнө алыстан уюлгуган чаң көрүндү.

Муундуу чөптү сыдырып учкан жалгыз караан.

Кемпир баланын көзүнө үңүлдү, анын көзүнөн шумдукту сезди.

— Ала-Баш! — Бала безилдеп, жерге тийип, тийбесе жок чуркады.

Таягын унутуп, жыгылып-туруп баладан кем калбай чуркаган кемпир.

Кара терге чөмүлгөн Ала-Баш шаңгырап кишинеди.

Кемпир чучуктай чыңырып Ала-Баштын мойнуна асылды:

— Кокуй! Кок-уй! Ээң кана? Ээнди кайда таштадың? — Ала-Баштын мойнунан кучактап, жалындагы канды өпкүлөп, боздоп, солкулдап.— Уулум кана? Каралдым кана? Кайда таштадың жарыгымды?

Кемпир заматта эсинен ажырады, жер астын-үстүн аңтарылды: чачы-башы саксайып, жыгылып-туруп басып баратты.

Сарбала букулдап, анын колундагы Ала-Баштын чылбырын тартты.

— Эне... энеке, мага берчи.

Эне эчтемени уккан жок, эчтемени көргөн жок.

Басып баратты жер көчүп; кулагында кошок:

«Алтын боолу ак шумкар.
Алтындан боосун тыттыбы.
Акылымда жок эле,
Айды карап учтубу.

Жакалай конгон көч калды,
Жагылбай түтөп от калды.
Жанга өлчөлүү тулпарың,
Жайдакталып бош калды...»

— Энеке... Байкеме өкүрүп түшөйүн.— Сарбала эненин колунан жылмышкан чылбырын алып, Ала-Башка минди. Баланын көзүндө салаалаган жаш, ал озоңдоп ыйлаганы, бакырганы араң турду. Ал айыл жакты, жалгыз аяк жол таманын карады. Анын көзүнө желбиреген

кызыл желек көтөргөн атчандар көрүндү. Ал өз көзүнө ишенбеди.

Имерилиште кызыл желек көтөргөн бөтөн адамдар.

Шоодурап бастырып келатышат.

Бала апкаарыды, атынын башын тартты.

Атчандар экөөнүн жанына ийрилип токтоп калышты.

Атчандын бирөө атынан ыргып түштү, энеге басып келип башын ийди, колунан өптү. Бул — Калык болучу.

— Байке... Калык байке!— Сарбала ый аралаш көзү чачырап Ала-Башты теминди.

Кемпир эсине келе түштү, көзүн бардап ачуу чаңырып ийди:

— Асылымдан айрылдымбы?! Асылым кана? Көзүм кашайдыбы? Айланайын Калык, Бирназарым канакей?!

Эки кызыл аскер эненин эки жагынан жөлөшүп, анан ошердегилердин баары баш кийимдерин алышып, эненин артынан, тиги көрүнгөн айылга.—Насакеникине жөнөштү.

Айыл үстү.

Насакенин үйүнүн кырчоосунда ийилген кайгылуу кызыл желек.

Тунжурап кайгы жуткан эл.

Кыжырданып кайрат жыйнаган эл.

Эл алдында чоң ак жүз аарчысын суулаган Насаке.

Эл алдында бууракандап ырдаган Калык:

Ар-кордү билбейт бок жүрөк,
Артынан кууп бок тиет.
Баатырлардын бактысы,
Мандайын жарып ок тиет.
Качып жүргөн бөөдө өлөт
Кабылан жигит жоодо өлөт.
Атанын уулу Бирназар,
Азаттык үчүн кан төккөн,
Азамат экен тоо жүрөк!
Эненин уулу Бирназар
Эл мүдөөсүн актаган,
Эр жигит экен тоо жүрөк!
Өксүдү, эрте өлдү деп,
Өлүмгө аны кыйбайлы,
Касаба туудай өмүрү,
Калкында калган турбайбы,
Башыңды көтөр карыя.
Маанайы жарык ушул күн,
Баарыңа айтам жарыя.
Тебишип бирөө кулабай
Теңдик күн өзү келеби?
Эгешип чеке жарылбай
Эркин күн өзү келеби?
Ата-бабаң каалаптыр
Алгын деп душман береби?
Алышып жака жулунбай,
Азат күн өзү келеби?
Азат күн үчүн калайык,
Азууларды сындырып,
Алкымдашып көрөлү...

Казганактаган эл улам коюлуп, улам ыкшалып, тосмодогу селдей мелтиреп тымтырс.

Калыктын ырын угуп тымтырс.

Желбиреген кызыл желекти тиктеп тымтырс.

Күн кылкылдап капчыгайдын үстүндө турат, жылат.

Күү-шаа түшүп, арыстандын жалындайын шилтедиң рыя сапырылат.

# АҢГЕМЕЛЕР

# ЛЕНИН ЖӨНҮНДӨ ЫРЛАР

## 1

«Кырлардагы кайыңдардын бетинде,
Тамга жокпу кыргыз балта чаппаган.
Өзөндөрдө, жылгаларда, сайларда,
Кыргыз жокпу кыргын болуп жатпаган».

Элимдин өткөн күндөрүн ташка тамга баскандай айкындаган мындан улуу, мындан ойлуу сөздөрдү таба албаймын.

Ошол чачылып, тосулуп, эмчегине чейин шорго батып, капкагы жабылган казандай ичинен кайнап турган элдин жолун ачып, дүйнөнү таңдандырган ураандарда доорго өз үнүн, өз дилин айтууга, өз өнөрүн көрсөтүүгө укук алып берген Сиздин заманга ыраазылык сөздү жеткире айтып берүү андан бетер кыйын.

## 2

Жолдош Ленин! Мен сиз менен жөн гана сүйлөшкүм, сиз жөнүндө кыялдангым келет. Сүйлөшүүнүн булагы сизде, ал эми кыялданыш жашоо — адамдын канаты экендигин жакшы билесиз.

## 3

Кремль. Съезддер двореци. Миң-миллион ойлор шыкырап турду. Миң-миллион көздөр ирмелбей тиктеп калды. Тым-тырс...

Ушул саамда учкан спутник орбитага айланды. Ушул саамда океанда сүзгөн атом кемеси аяк башы көз жеткис музду жиреди.

Сиз, кечигип жаттыңыз.

Колуңузга бир барак кагаз кармап, башыңызды саал кыйшайта шыпылдай басып, түпкү эшиктен эмнеге чыга калбадыңыз, жолдош Ленин?!

Миң-миллион ойлор чайпалып кетти. Миң-миллион көздөр талып, ирмелип жатты. Жекендей кылкылдаган

баштар акырын термелип, акырын күбүр-шыбыр угулуп, анан адамдардын күрү-гүүсү так төбөмдө кайнады. Адамдардын үндөрү дайрадай ээ-жаа бербей, асман менен жердин ортосунда улам ташкындап, улам тартылып ордун таппай, ордуна батпай төгүлүп-чачылып, чачылган сайын кайрадан мелт-калт болуп, каякка агып, каякка токтоору билинбей турду.

Ошондо сиз, бизге аябай керек болдуңуз. Жок дегенде көз ирмемге гана көрүнүп койсоңуз... Бир эле минутада трибунага чыга калсаңыз эл тымтырс болмок.

Сиз кечигип жаттыңыз...

Эмнеге?..

...Капландын огу тийдиби?

...коминтерндин Конгрессинде — дискуссияда жүрөсүзбү?

...«Философиялык дептерди» улантып жатасызбы?

Же, телеграфистка аял поездга билет сурап; америкалык инженер чайына кант, шоколад сурап; фин социал-демократы нанына сыйпаганга май сурап... кирип калышып, сизди кечиктириштиби?

Сиз, кечигип жаттыңыз...

Жок, Сиз кечиккен жоксуз. Түпкү эшиктен шарт чыга калдыңыз. Баягы, көздүн карегиндеги тааныш караанңыз, жүрөктү жылыткан жүзүңүз.

Тым-тырс, аягы менен сайылган адамдар.

Миң-миллион көздөрдүн баарынан мурда көрүп, баарынан озунуп кыйкырып жибердим.

— Ленин!

«Ленин... Ленин... Ле-нин» деген миң-миллион үндөр асман-жерди ээлеп, ордуна батпай, ааламга карай ага берди.

Сиз бир барак кагазыңызга карап, бирде президиумга карап, желеткеңизди артыңызга шилей сөөмөйүңүздү карчытыңызга таяп чебелендиңиз. Кыртышыңыз сүйбөй саатыңызды көргөздүңүз.

Биз ансайын... «Ле-е-нин!» деп ураан салып, дүңгүрөтүп, кол чаба бердик.

Анткени, Сиз, жолдош Ленин — дайыма биз менен!

## 4

Ойкуп-кайкыган жол. Машине өйдөгө араң жылат. Жолдошум булуттун алдындагы кырга колун шилтеди.

— Окугулачы.

Баарыбыздын көзүбүз кырга кадалды. «100 жыл. ЛЕН...Н» деген аппак жазуу күнгө чагылып турат. «И» тамгасы жок.

Машинени туу белге токтоттук. Ар бирибиз көк майсандын арасынан «И» тамгасы үчүн таш издеп жүрдүк. Тапкан ташыбызды көтөрүп, булуттун алдындагы кырга бардык. Ташыбыздан «И» тамгасын тиздик. Кайра машинебизге келдик. «И» тамгасы карарып көрүнбөй калды.

Эки күндөн кийин туу белден кайрадан өттүк.

«100 жыл. Ленин» деген аппак жазуу алдакайдан күнгө чагылып турду. Бир-бирибизди жылмая карадык. Кимдер бирөөлөр биз тизген «И» тамгасын акилеп коюптур.

## 5

Элим жоокер өскөн. Бир колтугуна баласын кысып, бир колуна кылычын кармап уктаган. Ат жалынан колу кеткен эмес. Бири май ичсе—миңи суу ичкен күндөрдү тарых кантип унутсун!

Күнгө өзүн теңеген падыша, кудай менен сүйлөшкөн олуя-машаяк, сүрүнөн таш жарылган баатыр... булардын эч бири элимдин чекесин жылытканын тарых билбейт.

Ошон үчүн элим кылымдар бою ботосун жоготкон ингендей боздогон. Калаймандарда башын ийип, тизесин бүкпөгөн.

Ошон үчүн ак падышанын найзасы тийип, элимдин сөөгү Гоби чөлүнө чейин чачыраган... Бир таман жер, бир ууртам суу, бир татым туздан ажырагам.

Ошол күнү... Октябрь төрөлдү!

Колума көксөгөн теңдик тийди.

Мен жеримди падышанын чөнтөгүнөн жулуп алдым. Түндүгүмдөн Кызыл туу желбиреди.

Бул туу үчүн нечен кандар акты, өмүрлөр кыркылды.

Бул туу үчүн керекпи, мындан ары да канымды, өмүрүмдү аябаймын.

Бул Туунун алдынан бир таман жерди жатка бербеймин. Башка бир таман жердин кереги жок!

Антым ушул...

«Кыялсыз адам — канатсыз чымчык».

Менин кыялым алысты жакын кылат, жокту бар кылат.

Көңүлүм жайланганда кыялымдагынын баары чын болуп чыгат:

Жайдын күнү. Соң-Көл жайлоосу. Жаңы журтка каркыра тартып тигилген ак боз үйлөр. Бул журтту чыйылдак Чыйбыл корукчу ала жаздан баштап мал тепсетпей, жан тепсетпей коруган. Быйыл бул журтту ай менен күндүн гана нуру тепсеген, асмандын жамгыры жууган, Ала-Тоонун шамалы гана желпип өткөн.

Быйыл бул журтту, жолдош Ленин, Сизди тепсесе экен дегенбиз! Кыргыз ССРнын желеги желбиреген тетиги ортодогу он канат ак боз үйгө олтурмаксыз. Мамыга аса байлануу ойноктогон Ак боз жоргону Сиз минесиз.

Жаздан баштап мал менен жан жолобогон журт эми казганактайт... Малчылар бүгүн малын тескери айдап жиберишкен. Күлүктүн күлүгүн, жоргонун жоргосун минишип, Сизди тосууга келгендер, Сизди көрүүнү аңсагандар.

Сиз ак боз үйдүн алдында, пальтоңузду желбегей жамынган калыбыңызда күлүмсүрөп турдуңуз.

Чыйбылга жол тийбей те элдин артында сүрүлүп калган. Ал чыйылдаган чыр киши эмеспи. Сүрүлүп калганына ичи күйүп, бута атым жерден Сизге кыйкырып салам айтмак. Жанындагылар «уяттуу кишиге кыйкырба, өкүрбө» деп тыйышмак. Чыйбыл тыйган сайын кыйкырып салам айтмак. Сиз көзүңүз чалып калып, аны жаныңызга чакырмаксыз. Бирөөнүн бутун басып, бирөөнүн тизесин сый басып, шашкалактап, тердеп жаныңызга жетмек.

— Жолдош Ленин...

Кош колдоп колун сунду. Көз талдыра тиктеди: «Маңдайы жарык.. Адамдын жылдыздуусу... Сүрөтү буга окшобойт турбайбы» деди ичинен. Колтуктап алып, баягы дайыма өзү олтурчу дөңдү карай жөнөдү. Ал дөңгө жетип, чепкенин чечип жерге жая салды:

— Кана, аксакал, Ленин... Сиз менен черим таркагыча сүйлөшөйүн...

Жолдош Ленин, дөңдө олтуруп Чыйбыл экөөңүздөр эмнени сүйлөштүңүздөр?

Карапайым, жөнөкөй ошону менен бирге эң акылман, эң улуу, дүйнөгө улуу өзгөрүш жасаган, дүйнөлүк пролетариаттын жолбашчысы менен биздин Чыйбыл экөөнүн сүйлөшкөнү... бирине-бири ыраазы болушуп.

Эмнени сүйлөшкөндөрүн айта албайм. Бир гана айтаарым: жолдош Ленин биздин Чыйбылдын сөздөрүн Уэллстин сөздөрүн угуп олтургандай укмак да, андан мамлекеттин мүдөөсүнө жароочу бир ой чыгармак.

Бул адамга кыргыздын ак калпагын да кийгизмекпиз.

Жолдош Ленин, ак калпак кийип, ак боз жорго минип, бийикте бастырып баратса кызык болмок. Биздин малчылар чоң тебетейлерин калдайтышып, бакылдашып ээрчип алышмак.

«Кыялсыз адам — канатсыз чымчык».

## 7

Көз араң жеткен бийик тоолор бар. Алардын жанында жүрсөңүз гана бийик. Алыстасаңыз ал өзү да алыстап, уламдан-улам кичирейип, бүлбүлдөп, анан көрүнбөй калат.

Жолдош Ленин бул дүйнөгө келип, кайрадан бул дүйнөдөн кеткен убакыт алыстап баратат. Бирок, Ленин менен анын кийинки муундарынын ортосу алыстаган сайын Ленин улам улуу болуп баратат.

Ленин ошенте бермекчи.

* * *

Мен төрөлгөндөн алда качан мурда Ленин дүйнөдөн көчкөн. Аны менен бирге жүрүп, бирге иштешкендер азайды.

Менин көз алдымда, өзүмдүн кичинекей өмүрүмдө да көп нерселер эскирди, унутулду, эсимен чыкты.

Ал эми Лениндин бардык кыймылы, турпаты, кыялы дайыма көз алдымда. Эмне, мен революциянын жалындарында жолдош Ленин менен бирге жүрдүм беле?!

Эмне үчүн аны бешигин терметкенсип, «жолдош» деймин?

Ал ушинтип айтылууга ылайыктуу адам. «Жолдош» деп айтуудан башка нзаттуу сөз ага табылбайт, башканы өзү да жактырбайт!

Ленин жолдош айтыла бермекчи.

## 8

Бир жакка баратып бактын бутагына кыстарылган нанды көрдүм. Кимдир бирөөлөр жеп, тойгондон соң артканын жолдун тамаңына ыргытса керек. Кимдир бирөөлөр аны алып, тиги бактын бутагына атайлап кыстарган экен.

Ушуну көргөндөн кийин «Правда» газетасынан окуган «Революциянын алаканындагы дан» деген макаланы эстедим.

Чын эле бул дан үчүн эмне болбодук. Бул дан оңойолтоң келген жок?.. Революциянын гигант адамдары данды революциянын алаканына салып сакташып өздөрү ачка кесээришип, тиштенишип биздин келечек үчүн күрөшпөдүбү?

Ал күндөр Лениндин өзү оозу толтура ак нан жеди беле?

Нан үчүн күрөшүү—түбөлүк, бүтпөгөн революция!!

## 9

Азиянын жүрөгүндө жашайм. Европада жашаган Гумбольд өз заманында: «...Тянь-Шандын аскасынын сыныгын европанын музейинен көрсөм эң бактылуу болор элем» деп айткан экен.

Азыр менин мекеним түштүктөн түндүккө, батыштан чыгышка учу-кыйрысыз. Мекеним — СССР!

СССРдин герби айдын бетинде жатат. Айдын бетинде «Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!» деген кыргыз тилинде да жазылган сөз бар.

Мына, мен жашаган заман!!

## 10

Батыштан кара туман каптады. Кызыл кан күйдү.

Батыштагы өрттү өчүрүүгө Кызыл Армия аттанды.

Биз, Кызыл Армиянын кийинки муундары — чемирчегибиз кайкалап, аштык айдадык, суу сугардык. Бир эле күндө эркеликти таштадык. Атабыздын курун курчанып, бир эле күндө чоңоё түштүк.

Ошентсе да мен жууратай уюган уйкуну сагындым. Согуштагы жакындарымды эстеп куса болдум. Мен муну энеме билгизбедим. Ичимен сызып ойлонуп калчумун:

«Ленин болгондо эмне...»

«Ленин тирүү болсо... анда».

Бир жолу Ленин түшүмө кирди:

— танканын үстүндө сүйлөп жатыптыр.

Бир жолу Ленин түшүмө кирди:

— мага кошулуп аппак буудай сээп жүрүптүр.

Эртең менен көңүлүм көтөрүлүп ойлончумун:

«эгер Ленин болсо фашисттин мээсин заматта былчыйтмакпыз».

...Согуш бүттү. Атам бир бутунан айрылып согуштан кайтты. Келген эле күнү мен анын шинелин кийип, балалыгыма чуркадым. Ойноп жүрүп чарчап келсем атам маңдайыман сылап минтти:— Уулум... Лениндин Кызыл Армиясы болбогондо дүйнө кантмек...

## 11

Ленинге арналган ырлар... миллиондогон ыр саптары.

Владимир Ильич ошол ыр китептеринин арасында турду. Бир колун чөнтөгүнө салып, башын бир ийнине кыйшайтып, таңдана тиктеп:

— Ушунун баары жолдош Ленин жөнүндө ырбы?

— Жолдош Ленин жөнүндө...

Сиз дагы бир жолу кайталап сурадыңыз. Сократтыкындай маңдайыңыз нымшый түштү да, креслого чалкалай олтуруп күлүп жибердиңиз. Ыкшып, көзүңүздөн жаш чыгара күлдүңүз.

Күтүүсүздөн кандай күлсөңүз, ошондой токтодуңуз да, ордуңуздан учуп турдуңуз. Кабагыңыз түйүлүп, көзүңүз ыр китептерди октой көзөй берди.

— ...эки сап ыр жазуу колуман келбейт. Ленин деп ушунча убакытты коротуп... Ленин деп ушунча көп ыр жазып...

Жолдош Ленин ачуулана ары-бери басып шарт бурула алдыбызга токтоду, адатынча он колун алдыга сермеп ийди:

— Жолдош Ленин эмне экен, а? Элге кызмат кылуу «жолдош Лениндин», ар бир коммунисттин ыйык милдети! Ар кандай ыр «Жолдош Ленин» дей берсе...

Лениндин сөзүнө кызарып уялдым.

Баары бир жүрөгүм «Ленин» деп ырдап жатты.

Владимир Ленин кепкасын башына баса кийип, басып баратып пальтосунун жеңине колун салып чыга жөнөдү.

Мен, жолдош Ленинден дайыма кеңеш угам, үйрөнөм; кайсы убакта, кандай күнү, качан жумшаса тилин алам.

Тилин албаган бир учурум бар:

— Сизди ыр кылып жазбай коё албайм! Сиз ар кандай ырдан жогору турасыз. Сизди жакшы ыр кылып жаза албай жүрөм!

## 12

Борбор шаарымда Ленинге курулган бийик эстелик бар. Ленин колун алдыга созуп тоолорду карайт.

Тоолордо өскөн гүлдөр Лениндин эстелигине коюлат. Гүлдөрдү ээрчип тоолордун көпөлөктөрү кошо жүрүшөт, чакмак ойноп учушуп, кечке жуук кайра түнөгүнө кетишет.

Мен дайыма ушул эстеликтин жанынан өтөм. Мен сыяктанып миндеген көздөр карап өтүшөт.

Мен тоолордун арасына түнөп кайрадан келем, кайрадан Ильичти карайм.

Карааны тоодой көз алдыма тартылып улуу Ленин турат шаарымда!

# КӨК-ДӨБӨ

Жарыктыктар, бу да тамырынан картаят ээ? Жаш кезинде, алдуу күчтүү кезинде кабыгы көк кашка болуп, көк кашка кабыктын ичине батпай чатырап, кабыгы жарылып, чегип койсоң бир тамчы суусун мөлт эттире чертип, ысыкты, суукту тоотпой, бороон менен бойлошуп, бир тамырынан миң тамыр тарап, жерге ансайын чегээдей кагылып, бир учу менен жерге, бир учу менен көккө сайылып, тиги чынарлар көктү карай шоодурайт.

«Жарыктыктар, өсө берсе, картайбаса, булар да каякка жетер эле... булар да тамырынан картаят. Баарынын өмүрү, көрө турган күнү, жашаган турмушу бар турбайбы».

Эмеле беймаал, эмеле торгой үнү кужураган асмандын бир капталы күркүрөп-шаркырап куланып, бирок ал куланбай карыянын кулагын тундуруп, так төбөсүнөн өтүп кетти. Карыя обдула колун серепчилеп асмандан көзүнө эчтеке илинте албай, көзүнө илингиче кайрадан өзү жоголуп кеткен, эмелеги беймаал, эмелеги торгой үнү угулган асманды, кайрадан артына калтырган шумдуктун үнү олуй-олуй тиктеп гана тим болду. Анын көзү чынарлардын кылда учун кайрадан сыдырды: «жарыктыктар, карыбаса, өсө берсе көк мелжип... жок, булар өсө берсе өзүнүн бийиктигин көтөрө албай куланат, кыйрайт. Бийикти адам гана көтөрө алат. Улам бийикке шашып... улам ылдамга шашып; ап балп, өгүз минип, тулпардын кулагында ойногон эл, эми минтип поюз минип, жылдыздын кулагында ойноду.

— Э абышка, э ботом, ичегиңе кан жүгүрүп кетпедиби?

Карыянын оюн кемпиринин үнү үзүп салды. Эчендеи тааныш, жедеп кулагына жат болуп калган үн. «Кызыл түлкүдөй кылактачу элең-ов байкушум, сен да картайдың» деди ал ичинен кемпирине ичи жылып, кемпир эмес мындан нечен жылдар мурдагы беш көкүлдүү уяң кыз көз алдына кылаңдап: анда да так ушул, азыр ал өзү музоо аркандап жаткан дөбөнүн этегинде, элдин арасында, өйдө карай албай беш көкүл саамайынын учун кармалап турган эле, манаттай желеткесине тагылган седептер, күмүш топчулар күнгө жалтылдап, аңсыз да ышкындай солкулдап бойго жеткен жаш кезди — жаш кызды ого бетер чырайына чыгарып, азыркы чал эмес андагы мурутун жаңы серпкен жигитти селт эттирген. Ал кызды ага чейин деле көрүп жүрсө да, ошондо биринчи жолу көргөнсүп, ал бир көктөн түшө калган периште сыяктанып, аркы шиберди аралап ылаалай барып, жигитти көзүнөн жетелеп, жалтантып, жүрөгүн кулундай туйлатып жиберген.

— Э ботом, э абышка, куурмаңды ичип алчы деги.

«Абышка... абышка...» Кемпири бул сөздү качан, кайсы жылы биринчи оозанганын билбейт. Билинбей учкан күндөр, жылдар сыяктанып, билинбей картайган өмүрдөй, бул сөз да билинбей келип, анын кулагына уялап алган окшобойбу.

Кудая тобо, картайтканыңа шүгүр жараткан. Картайбаса жаштын баркы болмокпу да, айтылбаса сөздүн баркы болмокпу. Дайыма эле мурундун канындай кызарып турсаң, өзгөрбөсөң, кыйналбасаң, анда бу дүйнө кургуруңдун эмнеси кызык? Жаңы өнбөсө, өспөсө, эски ага орун бошотуп бербесе, анда бул дүйнөңдүн эмнеси машакат, эмнеси кубаныч да, эмнеси өкүнүч?!

Толбой, төгүлбөй же козголбой бир чөйчөк балга окшоп, эч кимге бербей, өзү да ичпей бир калыпта мелткалт сактап койгон балга окшоп калса, бу дүйнөң кургурдун ачуусун кайдан билесиң да, таттуусун кайдан табасың?

Мына, тиги кемпири ага ааламга алмашпай турган, аалам да андан тартып ала албай турган жаш кезин— сонун курагын берди. Баарын... Кыздын кыңшылаган күлкүсүн, үнүн; чөйчөгүндө кайнаган капкара көзүнөн өйдө берди. Беш көкүл чачы так ушул босогодон аттап, так ушул босогонун төрүнөн агарып баратат.

Күмүш топчуларындай, седептериндей балдарын,

кыздарын төрөдү... Анын жаштыгы, жалтырагы ошолорго күбүлдү. Жылдызы ошолордо күйдү. Шамал айдаган оттой бекеринен дуулдап күйүп, бекеринен үлпүлдөп алыста калган жок кемпирдин жаштыгы! Дагы эле минтип өмүрүнүн калган-каткан кубатын шыпкап, төрүнүн куту, үйүнүн берекеси...

— Э байбиче, бу Көк-Дөбөгө чыгып эки жакты карап алсаң боло... Капкаяктан бери көрөсүң байбичем.

— Сен көрсөң, менин көргөнүм ошол эмеспи.

— Э байбиче, ар кимдин өз көзү көргөнүнө жетеби, ар кимдин көкүрөгү өзү сүйлөгөнү жакшы байбичем.

«Э байбиче... байбичем...» абышкасы да бул сөздү качан, кайсы убакта биринчи оозанды эле. Сыягы, баягы... баягы жылдары, ал экөө бала жытын биринчи жыттаганда эле, анан үчөө болуп түтүн булатып, коломтого алакандарын кактаган жылдары эле айтса керек эле. Күйөөсү эркелете саамайынан сылап, тамашалап «байбичем» дегенде, анын ушинткенине мурчуңдап кыял көргөзмөк турсун, кайра ошол «байбичем» дегенине жетине албай болоктоп ыйлап жиберген, анда ушул чалы атадан жалгыз болчу. «Сен жалгыз казыкка бардың; караан-бутагы жокко бардың. Каруунду казык кылып, башыңды токмок кылып күнүңдү бүткөр» дешип сайсөөгүн сыздаткандар болгон.

Анан бул «байбиче» койчо төрөй баштады. Төрөгөнүн милдет кылып түйтөңдөбөй, жүдөбөй чыйралып, уламдан-улам маңдайынан бешенеси жанып, жылдыздарды ээрчитип сүзгөн айдан бетер каалгып, жаадырап, набаттуу байбиченин дасторконуна эрте кошулду, бирин-бири көтөрүп, бирин-бири жетелеген анын ичин жарып чыккан жылдыздары анын этегин дасторкондун чекесине эртерек тапташты.

«Байбиче» бул ырысына, бул мурадына андан бетер эбедени эзилип, төбөсү көккө тийип, этегине, ийнине, мойнуна жармашкан балдарын төө болуп көтөрүп, дасторконунун чекесине батпай; ал, энелик наркы бийиктеген сайын жоошуп, терең суудай баарын ичине багып, ичинен көтөрүп, ичинен таразалап, кирпигин тике сайбай күлө багып момурайып жүрчү.

Ыраматылык кайнатасы Табылды дасторкондон даам сызган сайын чүштөдөй сакалын сылап бата берер эле:

— Ылайым кор болбо. Колуң карыса да оюң карыбасын, балам. Жарты баш элем бүтүн кылдың, жалгыз

элем, минтип, жамыраган түтүн кылдың... Ой, Акм: Асылыма артылып камчы чаппа. Асылымды какпа, ырысың качат, берекең төгүлөт. Асылкан деген атыңдан айланайын, ылайым кор болбо, о-омийин...

Дасторкондо мончоктой тизилип олтурган балдар да тепейген алакандарын жайышып кошо бата беришип, анан томурандашып орундарынан тура чуркашып, тилдери да, буттары да тыпылдап тык-тык эткен таяктын артынан жөнөшчү.

Ошондогу тыпылдагандардын ар бири азыр өздөрүнчө очор-бачар:, мына бу Көк-Дөбө көчөсүндөгүлөрдүн көпчүлүгү Акматтын укум-тукумдары. Акматты баары ызаатташып, келин-кыздары анын алдынан кыя өтпөй ыйбаа кылышчу. Бул чөлкөмдө Акмат аттуу кишилер арбын, бирок «Көк-Дөбөлүк Акматты» билбегендер, ага аңыз айтпагандар жок:

— Үрөн-бутагы өскөн карыя...

— Өркөнү өскөн карыя...

— Көк-Дөбөлүк Акмат...

* * *

Ошол күнү Акматтын заманасы куурулду.

Күндүн нуру жаңыдан гана чачыраган, чачырабай бүт жер жүзүн кылкылдатып сугарып жаткан.

Көк-Дөбө алигиче ыгып, шибери шүүдүрүмүн күбүп, бири-бирин түртүп ойгонуп, уйкусурап, а байчечекейлери... байчечекейлери эрке кыздай, тентек кыздай тажысын алчылантып сереңдетип, жашынмак ойноп, кайрадан тикирең деп, күндү тиктеп, эчтемени теңсинбей күн менен ойногусу келип, бирок Көк-Дөбөдөн ажырап кете албай, Көк-Дөбө аны коё бербей, ал эмес асмандагы торгойлорду да безентип, сайратып; жер да өзүнчө магдырайт, аңкыйт.

Көк-Дөбөдө малдаш токунуп олтурган Акмат. Чүштөдөй сакалы тизесине куюлуп, кудум жомоктогу акылманга окшойт. Көз жеткен талаа эгин экени, чөп экени билинбей, Көк-Дөбөгө жетпей үлп өчкөн жел те-тигинде калтардай оонап ным болот.

Эчтемени башынан өткөрбөгөндөй талаа ың-жыңсыз, эчтеме кылбагандай кыштак бейпил. Асман көмкөрүлгөн, ашыгы, кеми жок Көк-Дөбө...

Небере-чөбөрөлөр Акматты тегеректешип, тепейген алакандарын суна салам айтышып, анан дөбөдөн ылдый куюлушуп, куланышып, кайра томурандап өйдө чуркашып, бул жерди күлкүгө бөлөшүп, бүт дүйнөнүн балдары, алардын күлкү-оюну ушерге чогулгандай, атайлап тандалгандай жадыраган күн эле.

...Эксcкватор, бульдозерлор Көк-Дөбөнү челе баштады, машина-тракторлор тегеректеди. Күркүрөп-шаркырак кулак тундуруп, күлкү тымыды.

— Бул эмне? Бул эмнеңер ой?

Акматтын үнү эч кимге угулбады.

— Бул эмне? Эмнеңер дейм?— Ал чарылдап бульдозерго тике басты. Бульдозерду, аны айдаган небересин жер соро албай, булардын өзү жерди — мына бу Көк-Дөбөнү эмеле соруп жиберчүдөй көрүнүп кетти. Көк-Дөбө эмеле барча-барча бөлүнүп ар кайсы азууга илинип жок болчу байкуш козуга окшоп кетти. Ошол азуулардан арачалап таягын кеседи, жок, аппак сакалын, бүт өмүрүн төшөдү.

Небереси Аким ыргып түштү, шапкесинин тумшугун артына кийген, бир ууртунда кесирдене тиштеген төрө попирос; турна буттарын кагыштыра ийилип койду:

— Чоң ата, эмне дейсиз?

— Токтот! Токтот буларыңды...

Акмат бекеринен бирөөгө таягын кезебеген, небереси да колун бир шилтеп Көк-Дөбөнүн кутун учурган күркүрөк-шаркыракты токтотту.

— Чоң ата, мына, кыштак кирип келди. Генплан[1] боюнча бул жер көчө болот. Көчө жакшыбы, же... жок ата, дөбөнү жылан сыйпагандай кылабыз. Генпланда...

Акматтын сакаланын учу дирилдеп кетти:

— Кең план азыр кагазда го балам. Кагазды оңдоп аласың, а бул дөбөнү... Дөбө баарына керек. Жерди таптаганыңа сүйүнбөй, сактаганыңа сүйүн. Тийбегиле дөбөгө, барчы жерге барып көрөйүн.

Ал атын токунду. Талааны тепчиген жалгыз аяк жол менен, аппак сакалы ийнин жаап райондун борборуна чапты. Жол тасмадай чубалып, талаа тегирмен ташындай артка чимирилди. Үйү күйсө чапмак эмес, үйүлгөн топурак түзөлөт деп чапканы эмнеси?

Бир даары Акматты жактырышпады:

[1] Генплан — генеральный план.

— Казан-аякчыл эркектен бетер, карыганда жер-сууга киришип...

— Айга да сенден суранып учалыбы деп кагып салышса экен...

— Ой, илгери бу дөбөгө чыгарбай өзү кубалаган...

Бул сөздүн да чындыгы бар болчу. Колхоз жаңыдан уюшулган жыл. Анда Көк-Дөбө аймагында салынган бир там жок, баш алган бир дан жок, эзелден буурсун чийбеген сары какыр. Колхозго жаңыдан катталган жарды-жарчылар жаз алды менен «Төрткүлдү» бойлоп кара алачыктарын тигишти да, те алкымды кыркып, алыш чаап киришти. Элди баштаган ушул эле Акмат, Пишпекке кедей-дыйкандардан өкүл болуп барып келген. Аны «жердин түбүнө барды... Көзү ачылды... кеңеш өкмөтүн көрдү» дешип, ооздорун ача аңаза кылып сүйлөштү. Ошол «көзү ачылган» Акмат күзүндө кеңеш өкмөтүнүн тоюн башкарды:

— Жолдоштор! Көк-Дөбөнү кетмендеп салабыз. Дөбөгө чыгып олтуруу эски салт. Биз теңчилик заманда бирөөбүз өйдө, бирөөбүз ылдый болбой тегиз олтурганыбыз жакшы,— деп, элди түздү карай кубалаган.

...Элүү жылда эл жаңы, жер жаңы. Жашоо ылгайт экен, талдайт экен, ийри түзөлүп, бөксө толуп, артык башы кайрадан калыбына барат экен. Мына, бир дан өспөгөн сары какыр — саркаймактаган буудай, бир там салынбаган Көк-Дөбөнүн алды чынарлуу дүпүрөгөн кыштак; о көзү жаманга көр топурак, жалгыз казык Акмат жайнаган небере-чөбөрөлүү; ал карып, түбөлүктүү өмүрүнө жакындап, ага баш ийген сайын, катары суюлган сайын чыргоолонбой көңүлү кушубак тартып, төшөккө аркандалбай бу дүйнөнү бүркүттөй бийиктен тиктеп, мага эмне деп кайдыгер кол шилтебей, бул жалгандын ырына, чырына маани айтып, ошол үчүн неберелери аны куштай, эртедир-кечтир алакандан үлп эттирип учуруп жибербейли дешип бөйрөктөрү оңурайып, Көк-Дөбөлүктөр анын сөзүн үзөт кылышып; о Табылдынын заманында ойго ушулар келди бекен?!

...Көк-Дөбө аман калды.

Көк-Дөбө көчөсү улана берди...

Көк-Дөбө тигилген аппак өргөөгө окшоп калат. Өргөөнүн үстүндө ызы-чуу түшүп чаналарын сүйрөшүп, муштумдарын үйлөшүп балдар жүрүшөт. Кыштактагылар Көк-Дөбөгө кар түшүп, кыш келгенин билишет.

Көчөдөн балдар көрүнбөй, үйдөн балдар табылбай, «тамак ичпей кайда кетти, ичегисине кан жүгүрдү кокуй» деген энелердин сыздаганы угулуп; а табылган балдар байчечекей жыттанып. Илмеңдеген тырмактарына топурак толуп, арыктап, көлөкөлөрү узарып, кайдан-жайдандыр кайра өздөрү табылышат.

Кыштактагылар жаз келгенин билишет.

Асман кымырандай боз чаңгыл тартып, түтүн жыттанып, Көк-Дөбөнүн чокусунан жүлүндөй эшилген куюн өтөт да, Көк-Дөбөгө илинбей камгактар уча башташат.

Кыштактагылар күз келгенин билишет.

Жылдын бардык мезгилинде, күндүн чыгышын да, батышын да тосуп, андан жадабай, ага кумары да канбай, бир эсе капкаяктагы күлүк санаалар оюнда чуркап, алда нелендир коопсунуп Көк-Дөбөдө Акмат отурат.

...Илгери, имиште, Толубай сынчынын тулпары тоо-ташка урунуп, же океанга чөгүппү, жок болгон экен. Эмки адам күүлөнүп каякка жетти?! Күүлөнгөнүнө жер тар болуп, капырай э, өзүн мындай кой, жерди убайрамдап, үйлөп жибербес бекен.

Э кокуй, Кербаланын чөлү го сыягы, жанагы атомун сынап жатат дейт оңбогурлар...

Дүйнө кыпкызыл от болуп, шиш болуп мээ кеңгирете чаңырып бир жакка учуп бараткансып ичиркене кетет:

— Э балдарым, жыланбаш жүрбөгүлөчү, жыңайлак баспагылачы.

Дүйнөнү андан терең ойлоп, андан алыс көргөндөр бар экенин, ал неберелери менен уктап жатканда, кирпигин ирмебей анын асманын күзөткөндөр бар экенин да акылы менен сезет.

Анда дүйнө бешиктеги баладай балбырап уктап жаткансып көңүлү ток:

— Э балдарым, жүргүлө, куурма чай ичебиз.

Ал таягын кармалайт. Таягынын да өзүнчө тарыхы бар. Кашкар тарабында ыраматылык Табылдынын карым-катнашы болгон. Бир жылы барганында карыганынан ордунан жылбай калган чал «менин тоомдон үрккөн кайберен сенин тооңо жайылат, ортобуз ээрдей белес. Сен да мендей карыйсың балам, таяна жүрөрсүң» деп, таягын белекке бергенин толгон-токой кеп кылчу.

Мынакей, жыланач этине кементай кийген Табылдынын укум-тукумдары, алды асманга сызып, арты эле Ак-

маттын этек-жеңинен төгүлүп, дөбөдөн ылдый ызылдап жөнөштү.

Акматтын ою кайрадан те Кашкар тарапка кетти: «Чалдын аты ким эле, оозумдун учунда турат, түгөнгүрдүкү... Анын тукумдары кантти экен? Шордуулар... шордуу Кашкар... Кимдер сенин коломтоңду чаңдатпады...»

Акмат куймагы менен куурма чайын жаңы эле ичип бүткөн. Эмеле кужурашкан неберелеринин бирөө жок, үй ичи кулак мурун кескендей тыптынч. Үй ичи үп, ымырт, дүйнөдө жалгыз калгансып өгөйлөп кетти, «Кургурум, кызыл түлкүдөй кылактачу элең ов,— деди колу тынбай, көчүгү жер жыттабай жүргөн Асылканды кайрадан дагы ичинен кайрып.— Сен да карыдың. Жок, сен карыгыдай эмессиң. Бу сенин тамырың, көкүрөгүң кубаттуу болбодубу. Капырай ай, дөөлөттү да, мээнетти да адам көтөрөт. Адам тамырынан карыбай, көкүрөгүнөн карыйт тура. Көкүрөгү карыса...»

Эшикке дүр этип машине токтоду.

— Сүйүнчү! Сүйүнчү чоң ата!

— Ии, болсун...

Аким турна буттарын кагыштыра ийилди, ууртунда төрө папирос:

— Сүйүнчү! Чоро байкем уулду болуптур!

Асылкан берерге эчтеме таппай күйүгүп, ыйлап күлүп, бирде чөнтөгүн аңтарса, бирде сандыгын чачып карбаластайт. Аким чоң энесин ансайын шаштырып, жоолугуна асылып жүдөтүп, ушунусу өзүнө жагып каткырып үйдүн ичин төбөсүнө үч көтөрдү, сапырып таштады.

— Сүйүнчү... Сүйүнчүм кана, чоң ата?

— Сүйүнчүнү мен бербейм! — деди «чоң ата» оюну же чыны экенин билгизбей.

— А мен алдым! Мынакей.— Аким ак түйүнчөктү чөнтөгүнө уруп, тартаңдап эшикти карай чуркады. Анын үнү эми Көк-Дөбө көчөсүн үч көтөрдү; бирөөлөрдүн жоолугун, бирөөлөрдүн баш кийимин жулуп, ошондо да төрө папиросун ууртунан түшүрбөй, ээси барбы же жокпу аңдабай, же ылгабай дарбаза-терезелерди каккылап жүрдү:

— Сүйүнчү... Чоро байкем...

Акмат гана ордунан козголбоду, көпкө көгөрүп үнчукпады. Асылкан кубанып, ыйлап, анан жуунуп бүтүп, жоолугун жаңырган айдай бууганда гана жанын таптап

койду. Бул байбичесин масилетке чакырганы, кубанганы. Олдо ушу байбичесинин жоолук буунганы ай! Келин кези... седептери төгүлгөн жаш кези жарк дей түшөт.

— Байбиче... байбичем.— Асылкандын колун сылады — экөөбүз кыркка чыкканда канча баланын ата-энеси болгонубуз эсиңдеби? Чоро кырк экиде го? Ага чейинки балдары кана? Ага чейинки неберелерим кайда? Кырктан ашканда араң бир балалуу болсо...

— Кудай ошонун боосун бек кылсын. Чоро балакетиң алайын окуп жүрдү... окумуштуу... эмики заман...

— Үрөн-бутак эмики заманда өстү го... Эмики заман балаңар аз болсун дейт бекен?!

Калпы же чынбы көздөрү жетпей, кимде күнөө же каякка наалат айтаарын билишпей жүрүштү. Чоро менен Мария жөнүндө бул Көк-Дөбөгө күдүк сөз тараган: «Мариянын согончогу канабады, дары ичип алат дейт. Төрөгөндө мүчөсү, өңү бузулат имиш... Жок, антпей эле күйөөсү экөө бир жашырын лабораторияда иштешет экен... Өмүрлөрү кыска болот экен... Анан ошо... балалуу болбойт имиш же төрөгөн баласы мунжу...»

— Ырас болду... Ырас болду... боосу бекем болсун,— деди Асылкан болоктоп ыйлап, ошо ыйлаганы кайра аны жадыратып, жашартып.— Эми санаам тынды.

Бул уул-келини Асылкандын көзүнө эки тамчы суудай көрүнчү. Экөө тең аксаргыл, бири-бирине ыкташып сурайылдай болуп басып баратканда экөөнүн караанына өпкөсүн чаап жалынып, экөө бул дүйнөгө сый көрүү үчүн, сыйлашуу үчүн жаралгансып; а кийин укса экөө тең көрүнгөн адам акылы жетип иштей бербей турган жерде, капырай э, өмүрлөрүн да, балдарын да мындайраак түртүп салып иштечү жерде беле? Жок... жок... Ошондой жер кантип болсун да андай жер кимге керек. Керек болгон күндө да айкөл акылы, окумушу бар эки тамчы суудай уул-келини кантип ошого барсын...

Марияны ана төрөйт, мына төрөйт деп саргая күтүп, көз талдырган давандын белине сайылган жолдун учундай карап, ал узарып, экөөнүн жашы кургап, токтолуп баратканда; төтөндөн да экөө шаардан шопоюп келишип, кайра гондоосун тартып шопоюп жөнөшкөндө, Асылканды мындай кой, абысындары тыпырашчу, же быяктагы балдардан алпарганда аныкына токтосочу, аз күн өтпөй кайра бу Көк-Дөбөгө томпоюп качып келиш-

чү. «Кокуй, баласы жок үй болчубу да, баласы жок күн болчубу...»

Асылкандын тымызын сыздап жүргөн жүрөгү жарылып, жарылган жүрөгү алып учуп, буту-бутуна тийбей, көйнөгүнүн этек-жеңи ансайын кеңип балбалактап:

— Айланайындар... мени бүгүн эле жөнөткүлө. Мария баланы ороп-чулгаганды билбейт. Үшүтүп салат. Ачка кылып коёт. Мен барайын! Атыңдан айланайын Көк-Дөбө... Ымыркайымды колдой көр!

Көк-Дөбөнүн колдогону бар деп калышат карыялар.

Качандыр бир заманда акылман-билги карыя жашаган. Акылман да кээде аңга кулайт. Чалкасынан жатып түндүгүн тиктеп, түндүгүнүн тегерегине таңгалып «муну кантип жасаган, бул боз үйдү кантип тиктик эле» деп. ойлонуп жатканда элин жоо чабат. Акылман жыйын курат деп камсыз жаткан эл убайрамга учурайт. Аман калгандары чөл басып, тоо ашып ушул жерге жеткен экен. Көз кайкыган түз талаа, калаган чийдей көк майсанда жүрө албай, чарчаган эл бири-биринен адаша баштайт.

Боз үйдүн кантип тигилгени акылмандын эсине эми түшүп, «ошо боз үй эми болсочу же боз үйдөй дөбө болсочу» деп башын муштап ыйлаптыр. Акылмандын тилеги орундап, ушул Көк-Дөбө пайда болот. Акылман дөбөгө чыгып, кароол карап туу тигет. Туу түбүнө эл жыйналып, эр жигиттер жоого аттанган, ата-баба жерин каптаган алааматты кубалаган...

Тобурчагынын туягы түтөп, кол баштаган Кербала жоо колунан жаза тайган чөл — Кербаланын чөлү атыгып, анын жаны ак тайлак болуп боздоп, ушу Көк-Дөбөгө келген...

Көк-Дөбө...

Көк-Дөбөлүк Акмат...

Ал эртегини электеп, келеркиге ой жүгүртүп, кудум жомоктогу касиеттүү карыяга окшоп, бул дүйнөнүн өзү ага андан бетер ачыла элек сандыктагы бычыла элек кундуз болуп, аяк-башы кайда экени билинбей чайпалып, төгүлүп, бирде плебинен ашып акылды айраң кылып апкаартып турду.

Баса, дүйнө токточу беле, жол түгөнчү беле?

Карачы, Көк-Дөбөгө жолдор келет, Көк-дөбөдөн кайра жолдор башталат: жакынга жол, алыска жол; тоону карай же түздү карай кеткен жолдор...

Былтыртан бери бул үй-бүлөдө дагы бир жаңы жол башталды. Жылдыздардын арасына жол...

Акматтын бир небереси Көкүл— истребитель айдайт. Көк-Дөбөнүн үстүнөн кээ күндөрү кулак-мурунду тундуруп, жылдызга сайылып истребитель ойноит, «Жыгылып кетпегей эле, жарылып кетпегей эле... ошо тентек го,— дейт Акмат тизеси калтырап.— Жерге төрөлдү эле, тигинтип асманда... А оң жолуна баштай көр, түбөлүгүн түз кыл. Анан кайда жүрсөңөр да кайрылып келериңер Көк-Дөбө. Көк-Дөбөдөй жер барбы...»

Сакалын сылап, көзү чачырады, капкайдагы жаңы төрөлгөн шаардык небересинин ыңаалаганы кулагына угулду. Жана Акимден: «ара төрөлүптүрбү, буту-колу, оозу-мурду оң бекен?» деп сурай албай, ага оозу барбай, негедир өзүнүн эси чыгып, коркуп боройлогон.

«Көк-Дөбөгө алып келебиз... Көк-Дөбөнүн сүтүн ичсе боорткосун үзө тебет!»

Сакалы ылдый куланган тамчы жашты сезбеди.

Бул апкаарыткан, акыл жетпеген ажайып дүйнөдө Көк-Дөбө да өзүнчө көз мелжиген бийик сыяктанып, ал бийиктен жоо келет деп карабай, адамдардын акыл-эсине бейпил карап, азыркы замандын — кең дүйнөнүн жүгүнө айран калып, кажерден барып токтоп, кажерден кылчайып тыным этпегенине бир эсе жүрөгү опколжуп, бир эсе ыраазы болуп олтурду. Ооба, өзүнүн Көк-дөбөсүндө, өзүнүн чалкайган кең дүйнөсүндө оюнун аягына чыга албай кым-гуут түшүп олтурду...

# АР КИМИБИЗДИН ЖОЛУБУЗ БАР.

## 1. КҮЛКҮ

Врачтын кабинетинде узакка олтурган жокмун. Жеден көнгөн, бекбекейдей жатка үйрөнгөн «История болезнимди» дагы бир жолу «булбулдай» сайрап берип, кайра палатама киргенимде өз көзүмө өзүм ишенбей аңкайдым. Эмеле мен көргөн койкадагы эркектин баары эле томурайган аял! Деги соомунбу? Көзүмдү бардап-бардап алдым. Оң жактагы койкада санын кармалап деңкейип олтурган аял шейшебин бооруна гарта чаңырып ийди. Ошондо гана эсиме келип, аялардын палатасынан атып чыктым. Деле аял көрбөгөн уландан бетер бети-башым дуулдап, жүрөгүм лакылдайт. Дагы башкасына кирип албайын деп шекшинип, мылтык ата тургансып шыкаалап атып өз палатамды таптым.

— Эмнеге антип киресиз,— деди тиги аппак тиш жигит.

Ага жогоркуну айтып бердим.

— Мен да ошенткем. Сиздики да абийирдүү экен. Мен түн ортосунда кирип жүрбөймбү. Туалеттен чыгып келип жатайын десем эле кроватымдан жумшак бирдеме урунду. Кайра колумду сунсам, сүйрөлгөн ак неме тура калып чайылдады. Жан курусун, өзүм да бакырып ийипмин. Аялдарды жакшы билесиз го... Анан палатадагы аялдардын баары түн ортосунда чуру-чуу түшүп...

Мен ал жигитке күлдүм:

— Анан эмне болду?

— Эмне болсун. Дежур врач, дежур сестралар мени тилдеп да жүрүшөт, күлүп да жүрүшөт. Эртеси андан бетер күлкү. Дарылоочу врачым суракка алды: «Эмнеге бардын» дейт. Бирдеме издеп барыптырмынбы? Ооу-

кананын алды-үстү дебей мени көрсө эле күлүшөт. Баарыдан келиниме шерменде болбодумбу. Ушерде врач болуп иштейт.

— Кандай келиниңиз?

— Инимдин колуктусу мага келин болбойбу. Мени «аке» деп тергейт. Деле кулакка жакшы угулат экен. Ыймандуу бечара. Жаман күлкүчү да. «Аке» деп келатып эле бышкырып калат... Ушинтип күтпөгөн жерден күлкү чыгат экен. Жетинчи палатадагы аялдар азыр деле мени «күйөө бала» деп калышат.

— Качан антип жүрөсүз?

— Оо, өгүнү. Андагы аялдардын баары чыгып кетти. А жанагы мен шейшеп талашкан келин аябай уялчаак экен. Палатасына кирбей, дарысын, тамагын ичпей дыргаяктап... Деги кызык. Бу ооруканаң кызык болот тура. Ар кайсы жактан келгендер. Ар түрдүү кишилер.—Ал курсагы гана көрүнүп жаткан бирөөгө карай көзүн шилтеп койду.— Алдагы досуңду карабайсыңбы. Эл жаздыкты башына коюп уктаса, бул жаздыкты мурдуна бастырып, тиштеп алып уктайт экен...

— Курсагы ооруйт бекен?

— Жок, бирок ооруган курсактан жаман. Таң аткыча сормо саздай бькылдап чыгат. Иши кылып балакеттин баары бар курсак мунуку.

— Балакеттүү үчүн ысып-күйүп турат да. Кынжыйган биздин курсак эмнесине ысысын, ак жайдын күнү тоңуп турат.— Мен белиме токтобой шыпырылган ыштанды бүйүрө кармап койкама жата кеттим.

Сүйлөөргө же күлөөргө шылтоо таппай турганбы, тиши аппак жигит жан-алы калбай эчкире күлдү. Анын жоро бозодо олтургансып адегенде ачуу кыйкырып жиберип, анан эчкире күлгөнүнө күлдүм.

Өзүмдөн башка палатада төртөө. Алардын аттары ким, кайсыл жерден, эмне оору менен ооруп, кайда иштегендер экендигин айтып бермек түгүл али жүздөрүн түгөл көрө элекмин.

Терезеге жакын, сол жактагы бурчта чалкасынан жаткан неме, жаңа учурашканымда үндөгөн эмес. Бутун учкаштырган калыбында маңдайындагы газетин кыңайтып бир жак ууртун, бир көзүн, мурдунун теңин гана көргөзүп койгон. Азыр сол жамбашына оодарылып уктап калыптыр. Тумбочкасынын үстүндө варенье, сок,

тунган эки кефир, оролгон ак кагаздан тооктун жилиги менен мойну чыгып турат.

Оң жактагы койкада эмелеги сүйлөшкөн жигит. Мунукундай бажырайган аппак тишти мурда учуратпасам керек. Күн сайын шеткалап жууп, атайын тазалаттырып, нечен алакеттен өткөргөн тиштин да мындай аппак болооруна ишенбейм. Көзү тирүү, жылдыздуу, сыягы отуздардын гана айланасында. Ушунун «келиним» дегенин угуп, келини мунун алдында жибектей созулуп, ийменип турарын элестетип, буларга ичим жылып турду.

Ага аякташып чачы сербейген бирөө жатат. Мурду коңкогой, бетинде кан-сөлү жок. Сөөмөйлөрүн илмеңдетип баятадан газеттен жасаган калпагын жигитке ыргытып «эми кийип алып кете бер» дегендей, көзүн сүзүп колун жаңсады. Дудук экен. Мен аны негедир топ менен ойногон мышыкка окшоштурдум.

Төртүнчү мага тушма-туш. Саал кырдана, башын жаздыктын алдына катып киндигинен төмөн жагына шейшеп жабылган. Үзүл-созул кыр-кыр эткен коңуругу угулат. Кичине эле тийип койсо жылбышып кулап түшө тургансып, койканын кырына чейин эшилген курсагы. Анын кулагында бир чымын айланкөчөк тызылдап чуркап жүрөт. Акырын барып чымынды учурдум. Ал кайра конду. Мен учура бердим, ал кайра коно берди... Анан спутниктен бетер курсакка айланган чымынга, ага алек болгон өзүмө, мобул курсактын ээсине күлкүм келди. Так ушул заматта мурда озунуп, баятан берки кыймылымабы, кубалаган тооктой кыкылдап мага дудук күлдү... Дудук экөөбүзгө тиши аппак жигит кайрадан эчкире күлдү. Бир күлгөн адам күлө берет, мага тегерегимдегилердин баары: мобул «курсак», аркы «дудук», тигил «тиши аппак жигит» күлкүлүү көрүнүп, булар бир күлүү үчүн жаткансып, өзүм да ошол үчүн келгенсип каткырып жибердим..

Каткырыктын арасында бөтөлкөнүн сыныгына окшоп, сол жактагы бир көз мага кадала түштү. Оорукананада экенимди, артыкбаш күлгөнүбүздү сезип, шейшепти жамына үлүлдөй жыйрылдым.

## 2. КҮНДҮ ТОСУУ

Оорукананын да, андагы оорулардын да өзүнчө машакаты, өзүнчө көнүмүшү бар.

Эртең мененки, эң биринчи түйшүгүбүз — жуунуп-тарануудан башталат. Эртең мененки, эң биринчи насибибиз — дары ичүүдөн башталат. Наушникти кулагыбызга такап, акыркы кабарларды кайра-кайра угабыз. Тамактанабыз. Анан, газет окуп врачтын обходун күтүп жатабыз. Күн сайын ушул маалда, ысып-күйгөн курсагына муз басып, таштай мупмуздак бутуна грелка, коштоп одеял орогон Иван Петрович жаздыгын мурдуна коюп түн баласында жылкы кайтарган эмеден бетер кырылдап коңурукка кирет. Тюрин аны көргөзө кыкылдап тамагынан күлөт да, тумбочкасынын тартмасынан кагаз-карандашын алып сүрөткө тарта баштайт. Сынып кетчүдөн бетер кагазын акырын кармап, акырын чиймелейт. Кеберсиген эриндерин улам-улам жалай берет. Ал биз менен ойногондо да акырын түртүп же сылап коюп алаканын тосуп корунат да, эгер колуңду сунсаң мурда озунуп, шап кармай калат. Мышык ойногондо тырмагын катып алып жумшак таманы менен түрткүлөп ойнойт го. Негедир Тюринди алгачкы күнкүдөй, дагы эле ойногон мышыкка окшоштурам.

Ким аны карабай же байкабай турса, эрикпей, кадалаңып сүрөткө тарта берет. Курсагын эшилтип жаткан Иван Петровичтин бир нече сүрөтү анын блокнотунда, жалгыз эле ал эмес...

Бизге укол жасаган эки сестра бар. Эрини чүрүшүп, көзү үч бурч тартып, кареги ийненин учундай жылтылдап туруучу Машадан баарыбыз сезденчүбүз. Ал тикирендеп киргенде былк этпей, кагаз да шуудуратпай тымтырспыз. Ким бул тынчтыкты бузса анын жамбашына ийнени матыра сайып, каалганы тарс жаап, кандай кирсе ошондой чыга жөнөчү. Биз анын кылак эткен жыланач далысын гана көрүп калчубуз.

А Валя деген сестра киргенде үнү жылаажындай шыңгырап, палата жарк эте түшөт. Ийнесинин учун кебез менен кармап, сени өбө тургансып таптатынакай эринин бөйтөйтүп жаныңа келип кылгыра карап алат. Жупжумшак колу жамбашыңды сыйпалайт. Сенин жаның мээлип, ийне эмес найза сайып ийсе да ыраазы болосуң.

Тюрин Машаны сүрөткө тартыптыр. Кудум өзү! Мурчуюп, колуна колтойгон шприц кармап, керебетке эңкейип турат. Керебетке тизелеп, куйругун томурайтып башын каткан бирөө жатат. Күнүгө бир-экиден күлкүлүү

сүрөт. Ушинтип «дудук» көңүл ачаарыбыз, тили бар кишиден көбүрөөк сүйлөйт.

...Ар бирибиздин оорубузга ылайыктуу процедура бүткөндөн кийин эшикке чыгууга камданабыз. Үстүбүздө жол-жол ала пижама. Башыбызда Тюрин жасаган газет калпак. Ысык, үп, дары жыттанган палатада курсагына муз басып Иван Петрович гана калат.

— Гвардия, жөнүндө шартылдап,—дейт ал бизге кырылдап.

А «шартылдай» турган биздин кебетебиз: Исландын тиши эле бар. Бирөөбүз дудук. Бирибизден бирибиз өткөн арыкпыз.

— Гвардейская палата, кайда жөнөдүңөр?—дейт бизге сестралар.

— На поход!

Биздин «походко» кошулбай, «жалгыз көз» зыңгырап жалгыз басат. Жок, анын эки көзү, эки ууртү, бүлөөдөй мурду бар мантайган жигит. Аты Мукаш, шаардагы соода тармагынын биреөндө начальник экен. Бизге окшоп ооруп, биздикиндей ала пижама кийип жүрсө да жүргөн-турганы таптакыр башкача. Ага собол сурап келгендер да зыңгырайт. Мобул оорукананын алдындагы узун олтургучта зымга конгон чымчыктардай тизилип олтурушкан ооруларга аралашпай, Мукаш менен окчундап сүйлөшүшөт. Көлөкөдө гана басышат.

Ислан бизди күн жакка ээрчитет. Бир көзүн жуумп күндү типтик карап алат. Күнгө басканда көзү күлмүңдөп, майланышып жылтырап өңүнө чыга түшөт.

— Буудайдын башы кылкылдап турса... Сен атыңдын ооздугун шылдыратып бастырып баратасың... Ар жактан калкылдап күн чыкса... Талаанын ысыгы, талаанын күнү жыргал экен го! Бир айга жакындады. Күндүн чыкканын көрө элекмин. Сагындым Ысык-Көлүмдү!—Ал кыңылдап ырдай кетет. Анын ыры тил кургап оозго батпай турганда жуткан суусунга окшоп, жаныңды жыргатып, өзөгүңдөн кыбылжып кирет. Овонун угуп, бирде көл бетинде акырын термелген кайыкты элестетсем, бирде ыңырсыган күндө, буудайдын арасындагы жалгыз аяк жолдо ылаалаган атчанды элестетем.

Бирин-бирине ичи менен, иши менен окшошпогон кандай гана адамдар бар дүйнөдө! Күн шоогубуз. Кыпкызыл болуп батып бараткан күндү кызыл күүгүмө чейин тиктей беребиз:

— Күн кызарып батты... Эртең да ысыйт.

А эртеңки күндү кээ бирөөбүз көрбөй калчубуз.

Демейде жуураттай уюп жата берчү Иван Петрович бүгүн өзүнөн өзү капааттанды, наалыды:

— Медицина алиге алсыз... Буга ишенип...

Кирпиги тескери айланып, ачуусу мурдунун учуна чогулду. Эч даам татпады, үйрүлүп түшкөн врачка да акырандап, анда бир акысы бардай, ал ага бир карасанатайлык кылгандай тиртиндеп бир тийди:

— Турам мен!

— Макул... тургузабыз. Аз күнгө чыдап туруңуз.

— Эмне үчүн бат айыктырбайсыңар? Эмне үчүн жаткырасыңар?

— Иван Петрович... Эстүү кишисиз. Бул ошондой оору да. Инфаркт... волноватся этпеңизчи. Тынч...

— Фу! Силердин айтканыңар... силер бир китептегини...

Врачтарга кандайдыр ишенбегендей сыяктанып өзүбүздөн өзүбүз иренжидик. Капкаяктагы тумандаган санаалардан таңга жуук гана көзүбүз илинген экен, дүбүрттөн улам ойгондук. Иван Петрович туруп, коридорго кадам шилтер замат жыгылып, врач, сестралар жетишкенче жарык дүйнө менен коштошту.

Мына, эмеле сүйлөп, урушуп, басууга кубаты жеткен биздин арабыздагы адамдын бирөө жок. Түбөлүккө кайрылбайт. «Анын балдары, аялы, туугандары бар... Тигине керебети, кармаган стаканы, жаздыгы... Биз да ушинтип адамдардын арасынан жоголобуз ээ?» Бирибирибизге айтышпасак да бул ой «чак» этип мандайыбызга тийип, ичибизден тымызын жеп, тымызын кемирип турду.

Ал күнү ыкшоолонуп, шалдырап күн ылдыйлаганда палатадан чыктык. Көңүлүбүз чөгүңкү. Адам кызык да. Канчалык башка жамандык түшүп, санаркап же ал жамандыктын күбөсү болсун, алар бири-бирине ошончолук имерчиктеп, жуурулушуп калат эмеспи. Күндө бизге кошулбаган Мукаш, бүгүн Тюринди колтуктап, ал жасаган модалуу газет шляпаны чекесине кондуруп, баш бармагын көргөзө аны мактап, өзүн да, аны да алаксытып жүрөт. Күндө ала пижаманын чөнтөгүнөн колун чыгарбай, эч кимди карабай сырайып басып жүрчү Мукаштын, бүгүн көрүнгөнгө кайра-кайра ийилип учурашып, дудук менен дудук болуп сүйлөшүп, ага түшүндүрө ал-

бай, же аныкын өзү түшүнбөй күйкөлөктөгөнүнө таңбы, бир палатадагы биз эмес, баары аны жылмая узатышат. Ал эми «жетинчи» палатадагы аялдар чымчылай сүйлөшөт.

— Анык дудук эле го?

— Анык күйөө болчу ушул бейм.

— Жасанып да алыптыр, бүгүн койнуңа кирет,— дейт тиги тиши орсогой аялга жанындагы ыткыйган сарысы.

Чынында эле Мукаш «жасанган». Кийгени кечөө үйүнөн алдырган, бир да бырышы жок жалтылдаган жашыл пижама. Өңкөй окшош пижамалардын көздөрү аны ээрчип, аны толгон тооктун арасындагы жалгыз өрдөктөй карашып, пижамасы үчүн аны жактырышпай кодулашып, пижамасы ага жарашып турса да «жарашпайт» дешип, сынашып, «тиги ким?» деп сөөмөйлөрүн сайып көрсөтүшүп, «начальник» экенин укканда кай бирөөлөр аны андан бетер кычыкташып куйкаларын тырмашат.

— Эй, агроном,— деди тиши орсойгон аял бешимдеги көлөкөгө окшоп маңдайына тура калган Исланга,— мени Ысык-Көлүңө ала кетесиңби? Оокатка бүйрөмүн. Жакшы тамактарды жасап берем.

— Аяктагы аялымды кантем?

— Эчтеке эмес. Колу узарганды ал деле жаман көрбөс. Он балам бар дейсиң. Алардын жалаягын жуушайын.

Олтурган аялдар ооздорун ача ахалашып:

— Он?!

— «Күйөө бала», сенин он балаң барбы? Анан эмне бияктагы кыздарды азгырасың?

— Он кайдан болсун...

Ислан узун буттарын жыйнай, чекесин жалтыратып бир көзүн жума күндү карап алат:

— Он гана эмес, он эки... мурдагы кетирген аялымдан экөө.

— Он эки?! — Ыткыйган сары аял өңгөчүн тартты.

— Сен мурда аял кетирдиң беле?

— Кетирбегендечи... Илээнди болсо, нан бышырганды билбесе.

Бир жак ийнине төгүлгөн чачын аркасына салып аксаргыл кыз жоодурады:

— Бир үйдө кантип он эки жашасын...

Ислан шашпай, сөзүн таптап сүйлөдү:

— Жок болсо айла жок. Бар балдарды азайтып айтууга оозум барбайт. Отуз жети жаштамын. Он эки баланын атасымын!

— Анча баланы кантип багасың?

— Агрономдун наны көп.

— Ар бирөөнүн өз насиби бар.— Ислан ордунан турууга камданды.

— Баса, бул да начальник, жейт.

— Жегени жакпаса керек, мойну узарып кетиптир. Тиши орсойгон аял Исландын пижамасын кармалап коё бербейт:

— А сен эмне жашыл пижама кийбейсиң? Башындагы кагаздан көрө, суусар тебетей кийбейсиңби. Көрөлү. Тиктейли. И-ий, начальникти начальник чакырып аткан тура. Баргыла!

Мукаш менен Тюрин Ислан экөөбүздү кол булгап чакырып турушкан.

Баятан берки сөздөргө аялдар шарактап, өзүбүз да куунап баса бергенде ыткыйган сары аял мени да бир «каап» алды:

— А момунусу чак түштө коюнга кирчи эле.

— Алы деле калбаптыр го...

Жетер замат Мукаш бизди ооруказанын багынын артын көздөй ээрчитип жөнөдү. Бутактардан өңкөйүп, жерди аярлап басат:

— Этиеттенгиле, көзүңөрдү бутак чертип кетпесин, айнекти басып албагыла. Э-эй, мен силерге бир кызыкты көргөзөйүн, Э-эй, адамдар сыйлашкан жакшы. Сыйлашууга жетеби. Кезек-кезек бир сап ырды мурдунун учунан кыңылдап коёт:

«Адамдар сыйлагыла бир-бириңерди...»

Бактын арасындагы дубалдын бир киши өтчүдөй жери ураган. Чубашып чыгаар менен көзүбүз жайнады. Бет алдыбыздагы «Фрунзе» заводунун стадионунда эл быкылдап, суунун шарындай күрү-гүү кулагыбызга жаба берди.

— Футбол!

Шаардын биринчилиги үчүн жолдоштук беттешүү болгондуктан анчалык такык эмес экен, биз эч токтолбой эркечтен бетер трибунанын эң чокусун карай жөнөдүк. Алакандарын чаба албай араң тургандардын бир тобу бизди карап кол чаап жиберишти. Аңгыча футболисттер чыгып, стадион ызы-чуу түштү да калды.

...Оюн көз ирмемде бүткөнсүп, моокубуз канбай, ошентсе да көңүлүбүз шагдан чыгып баратканбыз.

— Жигиттер!— Биздин ооруканаиын «глав врачы» ооздон тосуп туруптур. Ал шашпай папиросунун түбүн соруп ыргытты.

— Кана, силерге ооруканаиын аянтынан чыгууга ким уруксат берди?

Мукаш алдыбызга өттү:

— Дмитрий Павлович, өзүбүз эле.

Дмитрий Павлович колун шилтеп койду. Аны боорукер, ошону менен бирге катаал, эгер колун шилтесе сөз айтып убараланба, ачуусуна тиесиң дегендерин уккам.

— Жолдош Кулуев,— деди ал Мукашка,— сиз өзүңүзгө өзүңүз уруксат бергидей укугуңуз жок бул жерде, экинчиден, алдагы жалтыраган немеңизди үйүңүздөн кийиңиз!

Эртеси эртең менен сестра хозяйка пижамаларыбызды жыйнап кетти. «Гвардейская палата» дамбалчан калдык. Эшикке чыгуудан ажырадык.

## 3. ТООНУ САМАЧУБУЗ

Күндүн ысыгында, төрт тарабыңдан курчалган дубалды тиктеп, ордуңдан жылбай жатып көрдүң беле? Анда сен, басып жүрүүнүн өзү эмне деген жыргал экенин билесиң.

Биз жаткан оорукана шаардын четинде. Терезесинен кербен тартып тоолор көрүнөт. Чайыттай асманда ал андан бетер бийик, андан бетер сулуу! Чокуларына апаппак мөңгүлөр уюп, жылгаларына айран төгүлгөндөй салааланып кетет. Тоолорду карай беребиз.

— Тоолор сонун ээ?

— Сонун эмей...

— Ушу бүгүн ат минип бастырып баратсаң...

— Кулундары кишенеп тургандыр ээ?

Ал жакта жылга сайын атырылган каштай тунук суу, жашыл туланда ойногон салкын жел. Күн сайын болбосо да күн алыста кубаңдаган булуттар чүмкөп нөшөр төгөт. Биз ошол жамгырга — жайдын ак жаанына куштарбыз. Ал дыбырап жаап турса, биз терезени ачып ко-

юп тыңшасак. Анын бермет тамчыларын алаканыбызга тосуп, бетибизге чачыратып чыйрыксак...

А жаан алакчылайт. Керме тоолорду сыдырып гана, ак көшөгө болуп көздү чачыратып өтүп кетет. Тоонун этегиндеги төө карын адырмактар бир кыпын түшсө дүрт этип өрттөнчү самандай бөлпөйүп өңү ачып туруушат. Ооруканадагы бак-дарактардын жалбырактары чүрүшүп, түбүндөгү чөптөрдүн каны качып, шуушандай тикчийип сары багалек.

— Ысык-Көлгө да күн жаабады.— Ислан улутунуп, соксоюп койкасына отурат.— Апийим... Эгин... Суунун маалы. Колхоздо кантишти экен?

— Олдо, сенсиз токтоп калгандыр.

— Санаа тынчыбайт. Быйыл буудайдын жаңы сортун сепкенбиз.

— Андан көрө ошол буудайдын дүмбүлүн тез жээринди айтсаң.

— Чын эле ой,— Ислан мандай тишин жаркырата жылмаят.— Өнөкөт бир оору менен келдим эле, канча ооруну табышты. Кынжыйган ичимдин каягына батат ошончо оору? Ат минбе, агрономдукту ташта, контордук кызматка өт дешет. Ансыз кантип күн көрөм? Талааны, тоону терезеден тиктеп кантип күн көрөм? Талааны тоону терезеден тиктеп кантип отурам?

— Буулуктуң. Чыксаң эле тоону көздөй жөнөөрсүң. Үксүйгөн чачын сылап, койкасын кычырата керилипчоюлуп Мукаш да ичиндегисин жашырбайт.— Дароо машинеми чакыртып, туура эле тоо жакка айдатам. Тетиги чокуга чыгам.

Сөздү эмнеден баштасак дагы Щедриндин «Үч генералына...» окшоп, биздин сөзүбүздүн аягы тоого барып такалат. Тоонун этегинен суу ичип, тоонун этегинде эле туруп, тоону ушунчалык самайбыз десең! Түгөнгүрдүн тоолору ай! Капкаяктагыларды эске салып, асманды карай калкамандап, толкун болуп түрүлүп жатканын карасаң.

Тюрин да качандыр бир тоого барганын, калтырап үшүгөнүн, кучактай идишке тамак ичкенин жаңдап түшүндүрүп, кыкылдап күлүп, «Тоо сонун» дегендей баш бармагын көргөзүп, таңдайын так эткизет.

Биз анын сөзүнүн учугун чубап чыгабыз:

— Тоодон киши тамакты көп ичет.

— Апетит бир ачыла-ат.

— Эмеле бир козу жесең кайра жегиң келет. Тоо жарыктык...

Палатадан жүрөгүбүзгө тамак баспай калды. Оорукананыкы, сырттан кирген тамак канча. «Алып келбе» дей албайсың, албасаң уят, сага келген кишинин көңүлү кирдейт. Эмне келсе да, ортого салабыз. Мына, улуубуз-кичүүбүз же начальнигибиз жок кум чукуп ойногон «балдар бакчасынын» балдарындайбыз.

Мукашка тааныштары көп келет. Өзгөчө эки сумка күн сайын кирчү. Кара сумка киргенде тоотпогонсуп, шашпай, ичиндегилерин ыргылжың алып, кайра ага: тунган кефирлерди, өзүнөн арткан варенье банкаларын, тамак-аштарын салчу да, няняны чакырып көтөртүп, өзү аркасынан салаңдап ээрчип чыкчу, же чыкпай, чыкса да бат эле кайтчу.

Экинчи кызыл сумка күүгүм талаш кирчү. Анда Мукаш ордунан ыргып туруп, сумканы ары-бери бошотуп, жайдаңдап өзү көтөрүп жөнөөчү. Бизге «постельный режимден» кийин, кызыл сумка катташпай калды, анан ээсинин жүзүн да көрбөдүк. Чынын айтуу керек, Мукаш күнүгө бир маал «начальниктигин» кылтыйтып коюп жүрдү. Тумбочкасындагы жер-жемиштерди бизге берип буюрчу:

— Тазалагыла,— өзү наушникти угуп жата берет.— Тазаладыңарбы? Эми банкага салып кумшекер сээп койгула. Ии, молодессиңер!

Анан ушу банкадагы жер-жемиштерди кара сумкага салып үйүнө жөнөтчү. Сумкага батпай калган, тунган кефирлерди кээде бизге шыкачу:

— Ой, мобу кефирлерди ичсеңер боло. Ичкиле! Бөйдө төгүлбөсүн.

Ислан бир жолу тырчый сүйлөдү:

— Өзүң ич! Бузулган кефирин өзү ичпей бизге ичиргиси бар. Аны ичип алып каякка чуркайлы?!

Бирок мындай «чарпышуулар» эрөөн болчу эмес. Бир үйдө казан-аяк деле кагышат да. Кочкордой төрт эркектен анчалык сөз чыкпай эмне болуптур.

Өзүбүзчө бир сөз чыгарып, аны ар кимибиз туш-тушка чоюп, талашып, бир короо кишидей бакылдашканыбыз менен, врачтар же сестралар киргенде тултуюп жатып калчубуз. Бул, биздин шымыбызды чечтирип салгандыгы үчүн «главврачты» коркутканыбыз, кекеткенибиз. Мүмкүн «главврач» шымсыз бизди небак унуткан-

дыр. Ооруканада кээде, далдайган чоң кишилердин шымын чечип жазалап жаткырып койгону, чоң кишилер ошого баш ийип, андан кийин жалкып шам-шаркыт баспай калганы кызык.

Бир чети унчукпаганыбыздан, бир чети Тюринге карап дудукча «сүйлөгөнүбүздөн» улам «Гвардейская палата» деген атыбыз өчүп, «дудуктар палатасы» деген атка кондук. Оюнкараак, тамашакөй сестралар андан бетер бөлөккө бурушту:

— Футболисттер палатасы.

— Жок, шымсыздар палатасы.

— Шым киер күн келет,— дейбиз биз жадаганда күлүп. Жаңыдан шым кийип, чөжүрөгөн бир өңчөй балдар быжырап, жуушап ойноп жатышып, бир кезде «чар-р» дей түшүшөт. Анын сыңарындай биз качанга чейин койкада жуушамак элек.

Тюриндин эки уулу, бир кызы бар. Деле жылдыздуу, монтоюшуп сүймөнчүктүү. Эне-атасында тил жок, а булардын тилинин таттуулугун айтпа! Эң кенжеси, колун аркасына катып, монтоюп, тилин буудай куурутуп ырдап жиберет:

Пус сегда будет солнце.
Пус сегда будет небо.
Пус сегда будет мама.
Пус сегда буду я.

Тюрин кенжеси экөө жашынмак ойноп, аны күлдүрүп, өзү да көзүнөн жаш чыгара кыкылдап, анан шиберге томолонуп калышат. Анан баары чогулуп алакандарын эпилдетип сүйлөшүшөт, күлүшөт.

Биз аларга суктанчубуз:

— Тилдүү адамдарга бергисиз үй-бүлө экен...

Бүгүн Тюринге кызы менен кенжеси гана келиптир. Экөө терезенин тушунда, жерде; атасы терезенин бер жагында, экинчи кабатта. Кулагынын түбүнө мылтык атса укпаган Тюрин, балдарынын үнүн бизден мурда угуп ыргып турат.

Уулу колун сунду, ыйлады. Атасы укту бекен? Укту. Ал биз айта албай турган кандайдыр бир сыйкырлуу сөз менен балдарын сооротуп, жоошутуп, балдарына жалынды. Баласы эч кимге угулбаган, эчким түшүнбөгөн атасынын үнүн угуп, сөзүнө түшүнүп алаксыды, кетик

тиштерин бажырайта бытыйган алаканын аркасына катты:

Пус сегда будет солнце...

Бала учуп бараткан көпөлөккө чуркады. Тюрин таңдайынан кыкылдады, топ ойногон мышыкка окшоду. Биз ага жылмайдык. Тюрин селт этти, өңү бузулду, кареги кайнады. Уулу жыгылып, кызы чуркап барып көтөргөндө жамажайынан шилекейине аралаш кан жая берди.

Тюрин «чар-р», этип терезеге боюн урганда кармай калдык. Ал адамдан башкача ачууланып, жулкунуп, тиштегилеп, көзүнүн кареги менен аткылап «ча-чулады». Эмеле топ менен ойногон мышык, жупжумшак таманынан тырмактарын арбайтып, темир да болсо бир аткып өтчүдөй, кыпкызыл чок болсо да бир тийчиден бетер түйүнчөктөй түйүлө калды.

Кыз бөбөгүнүн оозун аарчып бооруна көтөрдү. Бала терезеге колун сунду. Ошондо гана Тюрин жайланды. Ошондо гана газеттен калпак жасап кыкылдап күлчү Тюринге окшошту.

Ошонун эртеси «Дудуктардын палатасы» пижама кийип эшикке чыкты. Биз Тюринден коркуп, ага кандайдыр абайлап мамиле жасап калдык. Ал да мунубузду сезди.

Үч күндөн кийин Мукаш кара сумкага тумбочкасынын ичиндегилерди ыпырып-шыпырып салды. Адресин, телефон номерин кайра-кайра айтып эпилдеди:

— Келгиле биздикине. Эшик-төрүбүздү көргүлө. Үйүбүз өзүнчө. Короосу кенен. Келбесеңер таарынам. Бирге жатканыбызды унутушпайлы. Адамдар бири-бирин сыйлашканга жетеби!— Ал биздин адресибизди да алды.— Силерди издеп барам. Силер чыкканча сөзсүз келем! Кокус бирдемеге муктаж болсоңор мага кайрылгыла. Телефон чалгыла. Дароо жардам этем. Кош эми, мендей болуп өзүңөрдүн, бөйрөгүңөр, ичеги-карыныңар айыксын!

Тюрин ага күлкүлүү сүрөттөрү бар блокнотун берди.

— Байкуш дудугум, адамдан эстүү, жакшынын бир жери кемчил,— деди ал ага, колун керкидей ийип чапкылап.—Сен жыгачтан буюм жасоочу комбинатта иштейт турбайсыңбы. Мен сага книжный шкаф жасатам. Мен сага жардам берем!

Тюрин түшүнүп башын ийкеди.

— Кайыр курбулар, Ислан, сен болсо көлдөсүң,— шляпасын оңдой мага карады.— Самак экөөбүз шаардабыз, кааласак күн сайын көрүшөбүз!

Биз Мукашты узатканы чыктык. Дагы бир жолу баарыбызга тоңдосунураак кол берди да, тигинде, бактын көлөкөсүндөгү сур «Волгасына» кол булгап чакырып, чыга бериштеги тепкичке такай токтоду да, кайкалай отурду. Машина эки жолу «түт-түт» этти.

Башыбызга кагаз калпак кийип карап турдук. Чыгышты карай бир азга түз барышып, тоону карай кеткен асфальт жолго бурулушту.

— Тоого кетишти!..

Негедир ичибиз оңкулуктай түштү.

* * *

Ар кимде бир каада күтүү, намыстануу бар эмеспи. Мен Мукашка жөнү жок эле телефон чалгым келбеди. Кийин, Октябрь майрамынын алдында телефон чалдым.

— Алло, Мукаш, салом алейкум...

— Яа-а,— деди телефондун аркы учундагы үн.

— Мукаш, салом алейкум, майрамың менен!

— Бу-бу ким,— деди телефондогу үн ыңгыранып.

— Мен... Самак! Самак Шеримбековмун!—дедим, — «Шеримбеков» десем эле телефондун аркы учундагы үн үзүлүп түшчүдөн бетер.

— Шеримбеков... билбей жатам,— телефондогу үн өзгөрүлгөн жок.

— Кечиресиз, бул Мукаш Кулиевпи?— дедим үнүмдү көтөрө сүйлөп.

— Да-а, Кулуев...

Мен ага жайдын башында ооруканада бирге жатканыбызды, Самак экенимди; Исланды, Тюринди айта баштаганымда ыңгыранып койду.

— Аа-а...— Башка эчтеме сүйлөбөдү, сурабады.

Ичим муздай түштү. Ызаландым. Балким табити тартпай турганда телефон чалгандырмын.

Мен аны экинчи жолу борбордук рыноктогу азык-түлүк магазининин алдынан көрдүм. Ага басып бараткнымда, жетериме эшик төрдөй калганда, мени кайдигер карап туруп машинесине кайкалап олтурду да, «тут-тут» эттирип жөнөй берди.

...Исланга кышында вокзалдын алдынан жолуктум. алда кайдан эле тишин кашкайтып:

— О-оо, кайран шумкар. Жакшысыңбы?

— Жакшы эмей, көрбөйсүңбү,— деди куркуюп, туягын кежигесине түртүп. Колтугунда бир бүктөм одеял, арасынан баланын ороосу чубалган.

— Аялың төрөдүбү?

— Аялым жакында төрөйт. Баягы врач келинимчи, ошол төрөптүр. Мына, чоң ата да болуп калдым,— деди таза кырылган ээгин сылап.— Жүрбөйсүңбү ресторанга.

— Аябай ичелиби?!

Жолдун аркы өйүзүнө өттүк.

— Ии, ден соолук кандай? Агрономдукту таштадыңбы?

— Таштабай калайын, ансыз күнүм өтчүдөй эмес. Ошо агрономдукту күчөтөйүн деп айыл чарба институтунда жүрбөймбү. Мамлекеттик экзамен тапшырып жатам.

— Деги ооруган жериң басылдыбы?

— Басылды.— Колун шилтеп салды.— Басылбаса ал мени басып жегиче тоолорду, талааларды тиктеп жүрөйүн.

— Антпе, доктурлардын тилин ал. Иван Петровичти билесиңби?

— Баса, ошол Иван Петровичтей коридордо өлгүм келбейт. — Ал тишин кашкайта күлүп, адаттагысындай бир көзүн жума күндү карап алды.

— Э-эй, ар бир күнүбүз — күрөш, ар бир кыймылыбыз — эмгек. Ансыз жашоонун кызыкчылыгы не? Ар кимибиздин жолубуз бар...

Дасторкон жайып сыйлашпасаң да, дайыма көрүшпөсөң да, мындай адамдарды эстегенде, алардын айткан сөздөрү акак ташка чөгөрүлгөн алтынга окшоп чыга келет.

Исландын сөзүн дайыма кайталайм. «Ар кимибиздин жолубуз бар». Ак сөз. Жашоодо, турмушта ар бирибиздин ордубуз, ар бирибиздин жолубуз бар. Кимибиз кандай басабыз. Кайжеринен мүдүрүлөбүз? Качан басып түгөтөбүз... Түгөнгүчө бул дүйнөнүн бир күнүнө алтынга окшоп чөгөрүлүп калсак ээ?..

# АК БОЗ АТ

## *Эки көшөгөлүү драма*

## КАТЫШУУЧУЛАР

| | |
|---|---|
| Малике-аяр | — Эл өкүлү. Карыя. |
| Кулан | |
| Сулайман | — Кол башкарчу жигиттер. |
| Жаныбек | — Хан. |
| Алтын таяк | |
| Зулайка | — Жаныбектин энеси. |
| Ирбис | |
| Жанкозу | — Жаныбектин жигиттери. |
| Эрке айым | |
| Дилде айым | — Жаныбектин айымдары. |
| Айша айым | |
| Думана | — Эрке-Айымдын атасы. |
| Чарын | — Жуңгар ханы. |
| Лайлум | — Чарындын кызы. |
| Шамур | — (Шаймаран) |
| Мансур | — Чарындын кол башчылары. |

Жөнжай кишилер, жортуулчулар, туткундар, ордо кыздары, нөкөрлөр, желдеттер.

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

### Биринчи көрүнүш.

*Караңгы. Иттин улуганы. Сурнай үнү. Жалгыз жылкынын дүбүртү, кишенегени. Жылаажындын шыңгыраганы алыстап жоголот. Муңдуу ыр угулат:*

Кызыл кыр ылдый көч барат, арман,
Кырааның улуп ач барат, арман.
Ак боз ат илкип, тизгинин чубап,
Ак каңкы ээри бош барат, арман.

Аза күтүп көч барат, арман,
Алгырың жүдөп ач барат, арман.
Ак боз ат арып, чылбырын сүйрөп,
Ак олпок тону жок барат, арман.

*Көшөгө жай ачылып, жалгыз түп жапырак талга — мазарга шоола түшөт.*

*Аса-мусасын шалдыратып думана кирет.*

Думана. Ак! Ак!

Думана келет о ак уруп,
Кудайына о жалынып,
Кудайың, кайда о көрбөдүм,
Куу ажал жетип о өлбөдүм.
*(мазарды карап).*

Жин-перинин уюгу, кыдыр алейсаламдын түнөгү,
Сен айтчы, куу таяк таянып жеринди кыдырдым,
Куу чүпүрөк жамынып элинди кыдырдым...
Куу тырмак болуп чөбүңдү сыдырдым...
Дагы көрө элек эмнем калды! Кана?..

Малым, малым о дейсиңер,
Малың тоонун о чымчыгы.
Үйүм, үйүм о дейсиңер,
Үйүң токой о чырпыгы.

Өрдөк учса о көл калат,
Өлбөй тирүү о ким калат.
Булбул учса о тал калат,
Бу дүйнөдө о ким калат...
Алдо үй, алдо үй...
Ак дегенден о уялбай,
Актын жолун о кыялбай.
Өлөйүн десем о жан таттуу.
Кирейин десем о жер катуу.
Алдо үй...

*Думана таягына өбөктөйт. Азга тымтырстык. Думанага элес тартылат:*

Күңгүрөнгөн үн. Кимсиңер... Силер кимсиңер?

Дыйкандын үнү. Дыйкан элем. Алыш чаап, аштык айдап жүргөндө өлтүрүштү.

Устанын үнү. Колумдан көөр төгүлчү. Өзүм соккон кылыч менен өзүмдүн башымды алышты. Мен алда качан өлгөм. Кылыч алигиче тирүү — жаландап баш кесет.

Үн. Башың кана? Сен кимсиң?

Жооп. Ким экенимди өзүм билбейм. Башы жок арбакмын. Денем бөлөк көмүлгөн. Башым ошол кыргында жоголгон. Башымдан ажыраткан кылычка каргыш...

*(Ымыркай баланын ыйлаганы угулат).*

Үн. Сен бешигиңде таңылган боюнча ачкандан чарчап калдың.

Ажалдын үнү. Мен ажалмын. Эй, адам! Сен кайда барсаң мен ошоякта. Мейлиң, эмеле дүйнөнү бүркүп коёсуңбу, кырыласыңбы... баарына макулмун, баарына кайылмын. Кылыч, мылтыкты мен жасаган жокмун, кыргынды мен ойлогон жокмун. Эй, Адамдар, ажалды силер өзүңөргө өзүңөр чакырасыңар. Мен четиңерден санап бирден жаныңарды алчу элем, эми санатым жетпей баратат. Эй, күндүн көзү тунарат — кимиңердин каныңар, айдын бети карарат — кимиңердин жаныңар?

Думанам, унчукпайсың да...

Үн. Эмнеге унчугайын, баары чын.

*(Тымтырстык.)*

*Мылтык тарс этет. Ачуу кыйкырык. Сахна жарк дей түшөт. Думана чочуп, секирип токтойт. Алыста керме тоолор, андан берите, талаада — сепил.*

Думана. О, жараткан!
Ыраазымын, жалган дүйнө жыргалыңа.
Дооматым жок кызыл камчы жылдарыңа.
Кулдугум бар, тирүүлүктү көрбөйм эми,
Тарт кудай аманатыңды!
Тетиги булагыңа жүзүм жуугам,
Мына бу мазарыңа жаным курман,
Тарт кудай аманатыңды!
Унуткула менин жаман атымды.
Аманатыңды тарт, куда-ай!

Ажал үнү. Сенин керегиң жок! Сен думана болуп жүрө тур. Думана болуп өзүң келесиң. Думана бойдон өлөсүң. *(Жаңырык)* А.. а-а, а.

Д у м а н а. Оо, көзү жок кудай... *(Үн чыккан жакты убалап)* Атым да думана *(көзүн ушалап эки жагын аранып)* жада калса көзүм да думана... Оо калыстыгы кок ажал... (Кетет.)

А ж а л  у н у. Ырас, ажалдын калыстыгы жок—ошон үчүн ажал. А адамдар, силерчи... Силер кандайсыңар.. Зай ташындай кылымдар өттү. Силер бири-бириңерди аядыңарбы? Дайыма калыссыңарбы? Кана, ойлонгулачы... Кана, ат жалына казан асып бир азга өткөн-кеткенге көз жүгүрткүлөчү.

*(Пауза.)*

*Кылычтын кыңгыраганы. Жоо жаракчан Чарын. Бөйрөгүн таяна сепилге серп салат. Шамур, Мансур жана нөкөрлөр.*

Ч а р ы н.

Боз жорго...
Туяктуунун баары тулпар эмес.
Канаттуунун баары шумкар эмес.
Таңдагы шамдай жанган кайран күлүк,—
Ак боз ат...
Жебенин огу жетпеген
Жез тумшук болсо тепсеген...
Желесин сууруп чыккан кайран күлүк.
*(Чарт жарылып.)*
Ат мингизбей эринин кендирин кесем...
Элинин үмүтүн кыркам!

М а н с у р. Кантайшы, ат жалынан кан акты,
Чептин коргоочулары жакындатпай,
От чачты, чатырап чайыр чачты.
Кара зоодой мелтиреген капкаларын жапты.
Жасайылчылар жамгырдай төгүп жаа тартты.
Калың черүүбүз сапырылып артка качты.

Ч а р ы н. Качты?.. Оозуңдан бул сөздү укпайын! *(Шамурга)*. Айт?

Ш а м у р. Урматтуу кантайшы...
Сиз айткандай, бейкут өзөндөрдү чуулатып,
Беш жашарга чейинки эр бүлөнү байладык.
Катуудан казаны, жумшактан күлү калды.

Мансур. Бул эл жалбырак жамынып,
Тери чайнап, итке минип калды.
Бели сынып, көзү чыгып,
Таруудай чачырап тымып калды.

Чарын. Укум-тукумунун көкөйүндө калсын.
Менин атым бул жердин өзөнүндө калсын.
Тамга болуп ташына жазылсын,
Атымды укканда ыйлаган бала басылсын.
Каяша айткан жанын...
Арык-торук баспаган малын да кыргыла.

Мансур. Айтканыңыз ак, кантайшы.

Чарын. Антпесеңер, арыгын семиртип, ачын тойгузуп, найзасынын учунан шамал шуулдатып эртең бөйрөккө саят!

Шамур. Айтканыңыз калетсиз.

Чарын. Кылбаган санатты кылам:
Чептин алдына чыркыратып туткундарды жыям,
Кырам...
Ичи ачышса Жаныбек ордосунан чыгып келсин,
Ай өткөрбөй алымымды төлөп,
Жыл өткөрбөй салыгымды төлөп,
Ак боз атын... Сан дүйнөнү тартууга берсин!
Ага көнбөсө... айдап жүрүп,
Уулдарын уучум толо алтынга сатам,
Кыздарын койнум толо күмүшкө сатам,
Сөөктөрүн шагыратып кумга чачам.

Шамур. Акылмандын акылмандуулугу мунуңуз.

Мансур. Ак сөз сүйлөгөн, арамдыкты билбеген кулуңбуз!

Шамур. Улуу даражалуу, тайши... кызыл куйруктуу нар,
Кып-кызыл алтын, түмөндөгөн мал,
Алгыр куш, каз моюн кара көз келин-кыз
Баары сиздин ак сарайга жөнөтүлдү.

Чарын. Ошонун баары жалгыз Ак боз атка арзыбайт. Ак боз атка жаа тартпагыла, чепти курулай камап бүлүнтпөгүлө. *(Чарт жарылып.)* Апкелгиле!

*(Желдеттер Малике-Аярды, жигитти түртүп киргизишет, жигит жыгылып кетет).*

Ч а р ы н. Чамаң начар го, каракчы, ууру хандын жигити?

Ж и г и т. Ханым ууру болсо чеп салмак беле.

Уюткулуу хан уурудан кеп салмак беле.
Кудай буюрган уйкуну уктабай,
Куурай жакса да чогуна алаканын
кактабай,
Каракчы сага окшоп...

Ч а р ы н. Тилин суурул салгыла!

*(Желдет жигитти алып кетет. Малике-Аярга.)*

Ии, сакал, ойлондуңбу? *(Сөөмөйүн ченеп.)*

Сөз ушунчалык кыска:
Кана, Жаныбектин сарайын, кандай
уста салды экен?
Ак боз аттай тулпарды, кайсы жактан
алды экен?
Кулак сенде?

М а л и к е-а я р. Атың хан болгону менен башың маң бейм.

Сөздү көчүк басып угат.

*(Олтурат.)*

Элдин жайынан мурда — хандын
сарайын сурадың,
Калктын жатынан мурда
Хандын сарайын сурадың.
Хандын адеби ушундай болобу?

Ч а р ы н. Какбаш!

М а л и к е-А я р. Алар башым, жашаар жашым азыраак.

Башым сабагында калчылдап араң турат.
Сага хан керек болсо, мал керек болсо:
Байлап кетпейсиңби Жаныбекти.
Коштоп жөнөбөйсүңбү. Ак боз атты.
Калжаңдатып менде эмне жазык?!
Канкакшатып элде эмне жазык?

Ч а р ы н. Эл... Эл имиш. Уучума толбойсуң.

М а л и к е-А я р. Уучтап элди ченебейт, кочуштап малды санабайт.

Ч а р ы н. *(сакалдан алып)*. Курч тилиңди курч менен кесейин.

М а л и к е-А я р. А коңтажы, сабыр тут, бычагың курчпу? Иттериңдин багып өлтүргөнүнөн арстандын ча-

лып өлтүргөнү абзел. Өзүң өлтүр. Сенден өлсөм зор экемин. Элимдин арты кор болбойт.

Ч а р ы н. Курч тилинди курч менен кеспейин.

*(Кылычын кынына урат.)*

Сага кылыч кандап кемпай бекемин.
Сакалыңды коркутканым.

М а л и к е-А я р. Сакалым кестигинден коркпойт,
Сакалым... убададан коркот!

Ч а р ы н. Убадаңды аткар. Ак боз аттын жөнүн айт.

М а л и к е-а я р. Ал асмандан түшкөн жок же жерди
тешип чыккан жок.
Анан... ченсиз күлүк хандыкы.

Ч а р ы н. Жик билгизбей бек коюп, чалым.
Жик чыгарбай ташты оюп, чалым.
Бул укмушту ким кылган?
Хандын чебин ким курган?

М а л и к е-а я р. Бир заманда эл курган.
билгендер чым болуп калган.

Ч а р ы н. Далай күндөр камадым — чаба албадым,
Ой-тоону бүт аңтардым таба албадым...
Айтчы чалым,
Бул сепилге суу каягынан кирип,
каягынан чыгат?

М а л и к е-а я р. Сан жеткис жылгалардын, жыбыттардын каягынан суу жетелеп, каягынан чыгарганын мен кайдан билем; бир билсе: талаадан, тоодон жашынган Жаныбек өзү билбесе... Бир билсе, ордо ичинде зериккен, обун таппай ээликкен — Эрке-Айымы билбесе...

Ч а р ы н. Табылгынын чогундай көзүңдү кызартасың.
Сөөл жандай сөзүңдү узартасың?

М а л и к е-а я р. *(сакалын сылап)*. Сөз ушунчалык ак. Билгенимди айттым. Калп десең, кылычыңды сууру. Мына, *(башын тосот)* чаап сал. Мүлжү!

Ч а р ы н. Этегиңди ок чийбей,
Башыңа найза тийбей,
Элиңден ажырап
этиңе кийген тонуңдан ажырап,
кагырап-куурап,
тиги чачылган сөөктөрүңдү жыйнап,
көөмп, ыйлап жүрө бер.
Сага башка кыйноо таппадым.
Башка жаза бербедим. Бар!

*(Токтотуп)* Же... тас маңдайга сайып
куртуңду күбүсөмбү? Жогол! Бурут!
*(Малике-Аяр, желдет кетет.)*
Таштай катуу, кебездей жумшак
карысы бар,
Жылдыздай бийик, айдай тунук намысы
бар—
Бул эл менин элим болсочу.
Абалтан ата-бабам ээлик кылган,
Бул жер — менин жерим болсочу.
Анда, ай тийген тескей көк майдан
Менин ордом болбойт беле.
Абайы үртүк Ак боз ат
Менин жоргом болбойт беле.
Колдон келсе жүктөп кетсем бул жерди,
Мени бирөө кой дейт беле?!
Аттиң, дүйнөдө жакшы нерселер көп.
Дүйнөгө көз артабыз...
Баары азууңа түшүп бербес!
Ошон үчүн адам — адамга,
Жашоо — жашоого өч.

*(Пауза).*

Кезеги жетсе көрөрмүн,
Керчөөгө окшош бул жерди,
Камчыга ченеп бөлөрмүн...
(нөкөрлөргө.)
Жаалы катуу жайсаңдарым,
Көркүнө маржан таккан нойондорум:
Олжого болсо тундуңар... бирок,
Кусаматым жүрөгүмдү жарып турат,
Ким кандай акыл кошот, айла кылат?
Жаныбек эртең эле тынчымды алат.
Жылкымды тийип, кербенимди талап.
Ханына даабай калкын топуратып
айдаптыр деп,
Качанга чейин жаман атым калат?
Эл саман...
Силер саманды сапырдыңар,
Алардын зардалуусу аман.
Кана сөзүңөр?

Мансур. Камданалы. Ойлонолу.

Ч а р ы н. Акылдуу ойлонгуча акмак үч катын кетирет!

Ш а м у р. Кантайшы, таксыр, өкүмүңүзгө кулдук,

Ай десең айлап, жыл десең жылдап,
Жылгалардан жылбай, кырларды
кырдап...
Кыбыраган жан каттатпай,
Канаттууну учурбай, чепти камап
туралы.

Ч а р ы н. Чепти карап, куйрукту кыпчып, үрүп
тура берелиби?

Алкымга шап дей түшчү жоон жокпу?
Артыңды кесип кетчү доон жокпу?
Жоокер заман ушундай:
Куюн болуп кайра тийип, кайра кет.
Бу дүйнөгө кылыч болуп суурулуп,
Кылыч болуп сынып өт!
Жарлык кылам:
Ким мында баарына башын байлап,
Жылдаппы же нечен айлап,
Билинбей жүрүп, ордого кирип,
Митаамдардын митаамын жазгырып,
Хандын эрке катынын азгырып,
Чептин ичин бүлдүрсө,
Боз жоргону колума тийгизсе,
Кызымды калыңсыз берем!
Ушул, буруттарга улук кылам!

*(Таазим кылган Мансурду тегерене басып.)*

Мүнөзүң тоңураак, жылдызың жок,
Кимдин үнү жоон угулса ошоякка ооп.
Алаканыңды чокко алыстан кактап,
Кылтыйып, ичиңе бирдемени сактап,
Сен, бул ишке жарабассың.
*(Таазим кылган Шамурду жайкап.)*
Жылуу сөз айтып, жылаандай арбап,
Таттуу тилиңден мурда тартууңду
камдап,
Же тилиңди таманына төшөп, алдап,
Кыл өтпөгөн жерге бычак кайрап,
Көркоодой андып, жибек менен байлап,

Сенден чыгат айла... Сенден чыгат
майнап.

*(Алаканын чабат. Туткундарды айдап киришет. Чөгөлөтүшөт.)*

Чалгыла! Шамурдун жолуна
туткундарды...
Баштарын кесип мазарына илгиле,
Боюнда бар аялдарды иргеп,
Сүт агызып эмчегин тилгиле!
Ээнбаш өсүп булар жолборско үрөт.
Ыйык көргөн жерин тепсегиле!
Тепсегенде,
Силердин күчүңөрдү, каарыңарды билет!
Э-эй, чепти камап курулай бүлүнбөгүлө
Черүүлөр, аттансын кайра...

*Эки айбалта эки туткундун башына көтөрүлөт. сахна ээндейт. Айбалтанын гана өйдө-төмөн жаркылдаганы. Сахна өчөт. Думананын үнү, аздан соң ага шоола түшөт.*

Думана. Ак! Ак!
Түндүгүбүз о тегерек,
Түп нускалуу о эл элек.
Кызыл алтын о курч элек,
Кылымдан келген о журт элек.
Тостурмак болду о толгон жоо.
Кыжылдап камайт о кыйын жоо.
Алдо үй...
Эдил кайда о эл кайда?
Элге жетер о үн кайда?
Ээриң башын о кан жууса,
Элдигиңен о не пайда.
Каракач торгой о суу кайда?
Калкым кайда о хан кайда?
Калкың башын о каңгытса,
Хандыгыңдан о не пайда?
Алдо үй!
Ак элечек о керме тоо.
Ак үлпүнчөк о керме тоо.
Айланайын о керме тоо.
үйрүлөйүн о керме тоо.
Ак! Ак!

## ЭКИНЧИ КӨРҮНҮШ

*Гүлбак. Ордо кыздары. Чынар теректеги селкинчекте ак олпокто көөлбүп термелген Эрке-Айым. Жанында көөкөр. Кыздар; бирөөлөрү терметип, бирөөлөрү желпип, ырдашат:*

Кыздар. Алтындан чачпак тагалы,
Ай тийгизбей багалы.
Ай тийбесе не болот,
Айымдын,
Айдай жүзү жоголот.

Күмүштөн чачпак тагалы,
Күн тийгизбей багалы.
Күн тийбесе не болот,
Айымдын,
Күндөй жүзү жоголот.

Эрке-айым. Кыздар!
Кыңшылаган, кызыл аяктар.

Кыздар (*Чуулдашып*). Сизде ушинтип тилдеген адат бар.

Эрке-айым. Бутумду ушалагыла. Колумду кармагыла.

(*Ыргып туруп кайра кулап кетет*).
Ой, ой, башым, бутум...
Өх, чарчадым. Эс алайын, терметкиле...

Кыздар. Ай чырайлуу бегилик
Азамат эрдин зайыбы.
Көбүргөндүү көк өзөн
Көлгө конгон айылы.

Кимдин... кимдин айымы,
Гүл жигиттин зайыбы,
Сан жылгалуу сары өзөн
Сайда калган айылы.

Эрке-айым. Шербет... Аний, шарап! (*Кыздар шарап сунушат*).
Ууртаткыла теңин (*ууртабай кулайт*).
Өг, ысыдым (*кыздар желпийт*).
Шамал болуп кетти. Үшүдүм.

(*Айым ордунан туруп көөкөрдү серпип салат. Кыздар селейишет.*)

Каран калгыр ай...
Көөкөрдөгүнү ичсем бөксөрөт экен.

А көкүрөгүм...
Көөдөнүмдө айыкпаган туюк жара.

Ж а н ы б е к *(гүлбактын бир жагынан кирип).*
Колоктогон коңтажынын күчү жок.
Жаң-жуң эткен жасактардын изи жок.
Жым-жырт...
Жер-жерге жесекчи койдум,
Капкага кароолчу койдум.
Эми мобул Айымдын ойну.
Аппагымдын койну.

Э р к е-а й ы м. Ханым.
Шырп этсең изиңден тааныйм.

Ж а н ы б е к. О-оо. Айым...
Калың жоонун капсалаңында жүрдүк.
Кандуу көйнөк кийдик.

Э р к е-а й ы м. Аний, аныңды айтпа дегем! Мен тил жейм.

Ж а н ы б е к. Эркем тил жейт.

*(Бир кыз чуркап чыгат.)*

Алтын жака тон болсо кийгениң,
Алтын сарай үй болсо киргениң,
Ак жалгаган эл болсо билгениң—
Кереги эмне баш катырган дүйнөнүн.

Э р к е-а й ы м. Ани-ий ханым, мен башка бирдеме жейм. Кырк кара кой сойдур, шыймылчагын чактырып, чучугуна күрүч бастырып бер. Жейм.

Ж а н ы б е к. Айымдын айтканындай болсун.

*(Кыздар чуркап чыгышат.)*

Э р к е-а й ы м. Ханым... Чарчадым.

Ж а н ы б е к. *(ырас).* Сен аябай чарчадың. Ичкениң шарап, жатканың бермет чайкаган мамык. Дегеле жаның тынбайт. *(Эркелетип).* Айым... Ак билегим... Алтын билеригим.

Э р к е-А й ы м. Ханым, аргымагыңды минесиң: талааны, тоону кыдырасың. Баарын көрөсүң, ийе? Кечинде топурак, күн жыттанып мага келесиң. А мен эмне көрөм?

Ж а н ы б е к. Мен жаныңда. Башка эмне керек
Айымга.

Э р к е- а й ы м. Чын эле, башка эмне керек?
Ханым, тыякка, чептин сыртына
чыгайынбы?

Ж а н ы б е к. Айым, суук тиет. Бирөөлөр сени көрөт.

Э р к е-а й ы м. Бирөө көрсө эмне, жаманбы? Шилекейи аксын, таңдайы түшсүн. Дүйнөдө бир гана аял — мен гана сулуу болоюн. Мен гана...

Ж а н ы б е к. Сулуусуң,. Айым. Чачың узун.

Э р к е-а й ы м *(чачын Жаныбектин мойнуна ороп).* Орго түшсөң тартып алам.

Ж а н ы б е к. Орго салбайсыңбы...

Э р к е-а й ы м *(башын чайкап, шык этип)* Чачың узун дебедиңби. Акылымчы? Сен мени мурдуман жетелеп алгансың. Мен сени жетелеп... Экөөбүз жетелешип, ийе?

Ж а н ы б е к. Эркем, ал ордонун сөөлөтү, жыргалы, Башка эмне керек?

Э р к е-а й ы м. Чын эле, башка эмне керек? Бирдемени көп ойлойм, анан барын унутуп сени ээрчитип кетем *(күлүп)* аялмын да, ийе? Мага э-эч аял кийбеген, эч адам билбеген бирдеме таап бер!

Ж а н ы б е к *(жактырбай)*.. Айым... Эч аял кийбеген, эч адам билбеген бирдемени мен каяктан табам?

Э р к е-а й ы м *(кылыктанып).* Ханым, уктайм тизеңе... Эс алам, чарчадым. Келчи, ханым.

*(Кыздар бешик көтөрүп киришип, Эрке-Айымдын жанына коюшат.)*

Ж а н ы б е к. Хан эмес кулда да бар жакшы тилек. Айым.
Маңдайымды жаркыратасың кайсы күнү,
Ак ордомо тутка болоор уул төрөп, Айым.

Э р к е-А й ы м. Уул төрөп? *(Селкинчекке олтурат).*
Бала ордуна мени эркелет.
Мени жытта, мени термет.
Шарап! *(Кыздар шарап сунушат, терметишет. Айым көшүлөт).*

*Дилде-Айым. Айша-Айым.*

Д и л д е-А й ы м. *(хан, ханшаны көргөзө).* Тигине! Гүлүмдү күбүп, данегимди чагып, салбар кылып салышты. Мени да ушинтип эркелетчү.

А й ш а-А й ы м. Мени да ушинтип...

Д и л д е-А й ы м. Ханга катын болгуча, кулга отун болсомчу...

А й ш а-А й ы м. Отун болсомчу...

Д и л д е-А й ы м. Эрке шерменде багыбызды байлады. Көркүнөн ажыраталы: көзүн чукуп же мурдун кесели. Сен кес.

Айша-Айым. Өзүм кесип алам.

Дилде-Айым. Уктаганда кулагына кумгана куюп сал.

Айша-Айым Төгүп алам. Ал сулуу...

Дилде-Айым. Өлүк! Эркекке тайраңдасаң, сен да сулуу болмоксуң.

Айша-Айым. Эркекке табитим тартпайт. Курусун...

Дилде-Айым. Шал... Акырын... (*Шаша кетишет*).

(*Жанкозу кетет*).

Жанкозу. Ханым, күтүп калышты.

Жаныбек. Чш-ш. Дагы келиштиби?

Буларды карачы, эмнеге кычап?
Айткандары ушак, ойлогондору тузак.
Барам, кажылдашып олтурбайм узак.

(*Жанкозу кирет*).

Ушул энемдики өттү.
Эки ортого арачы түшүп, карыганда
көптү.

Эрке-Айым. Ханым... Жаныбек кайда кетти?

Магдыратып боюмду жазбай,
Шаан-шөкөт курдуруп кабагымды ачпай,
Катынды-катындар менен тегеректетип...
Анан тууп бер дейт, тууйм сага!
Эй, сойкулар, кайдан таптыңар,
көргөзбөгүлө мага.

(*Бешикти тээп жиберип, темтеңдеп*)

Жөлөгүлө мени. (*Кыздарды кагып*) Ийе, сыным туташып турат.
Барып камдагылачы, бээнин сүтүнө жуунам.
(*Кыздар беттерин чымчышып бешикти көтөрө чыгышат*).
Кайда калдың гүл жайнаган элкин талаа.
Каяктасың кулан кууган эр азамат.

*Чыгат.*

Зулайка. Кайда жүрөт, жанагы кесепети уулум. Катыны менен кыңшылашып, чымчылашып ушерде дешпеди беле.

*(Кайра кирген Жаныбекке)*

Чыканактап тынч алчу, чырм этип уйку алчу күндөр бекен?.

Боюмду жашырсам да оюмду
жашырбайм балам.
Калың жоо калкыңды чапты карашалап,
Катын-бала олжого кетти, кала албадың
арачалап.
Кана тулпар, кана жарак?!!

Ж а н ы б е к.. Алтын таяк ханыша апам... Мекем, ичкелеп сүйлө, Акыл айтасыңбы, тилдейсиңби, анан тилде.

Каргайсыңбы же үйлөп жибересиңби?
Анан, эл жокто үйлө.
Ак ордонун сыймыгын кетирип,
азыткыларга кирбе.

*(Малике-Аяр, Кулан, Сулайман, Жанкозу)*

З у л а й к а. Азыткыга кирген мен болсом акылдуу дегенибиз сен болсоң. Элден өкүл келиптир, бир ооз сөз келиптир укчу.

М а л и к е-А я р. Ханы жок калк болсо да, калксыз хан болбойт.

Калктын ибаратынан чыкса,
Хан эмес машаяк болсун — оңбойт!
Калктын сөзү мына бул:
Каран түн түшүп тунжурап турганда,
Хан, казнасын чачсын.
Калың жоокер, курал-жарак камдасын.
Элдин сөзүн уксун, дилин көрсүн.
Эгер ага болбойт экен,
Алгыр куш, күлүк ат элдин мүлкү—
Ак боз аттын тизгинин мине турган эр
азаматка берсин!
Калкты угарсың, салтты угарсың, ханым.
Салтты укпасаң калктан чыгаарсың
ханым.

Ж а н ы б е к. Калкка жамандык кылган жокмун.

Хандын эли дедиртип катарга коштум.
Ар ким маңдайына жазганын көрөт.
Ажалы жетсе жоодон же тоодон өлөт.

М а л и к е-А я р. Көптүн көзүнө топурак чачтың, алдаяр?

Ж а н ы б е к. Казнаны чачып жиберүү үчүн жыйган жокмун.

Боз жоргону саяпкер болуп аларга
таптап жүргөн жокмун.
Бүгүн жоргомду талашса... эртең
ордомду!
Бүрсүгүнү...
Тескегени жок тентек эл.
Башкарганы жок баш аламан эл.
Айта бар: казна эмес тезектин кыгын
бербейм.

Ак боз ат эмес анын бир тал кылын бербейм!
М а л и к е-А я р. Кар да кетет бел калат.
Хандар өтөт эл калат.
Бийиктин жанында өссө жапыз өзүн бийик сезет
Күлүктүн жанында басса чобур өзүн күлүк сезет.
Чамгарактап калган экенсиң.
Эл керек болсо ханды бир күндө кул кылып,
Кулду бир күндө хан кылып алат!

З у л а й к а *(жулунган Жаныбектин жолун тосуп).* Кылычың курчпу — душманыңа сууру!

С у л а й м а н. Хандын асыл башы жоголоор.

Калктын асыл башы жоголбойт!

К у л а н. Элсиз, күнсүз жашаган арбайыңды көрөбүз.

Кош казаныңды бооруңа баса тур!

М а л и к е-А я р. *(Зулайкага)* Жарты башты бүтүн кылган, Жалгыз башты түтүн кылган умай эне,

Эрди тууган, элди тууган кудай эне?!
Өлүү башка чөп үйүлөт.
Тирүү башка мал үйүлөт!
Кош!!

*(Маликелер кетишет)*

Ж а н ы б е к. Элчи менен ырчыга өлүм жок, болбосо...

Кангай менен мен чабышкам.
Мен алышкам,
А кырылса кырылгандыр,
Катын—карга, бала—сагызган.
Сакалын сүйрөп келиптир Малике-Аяр,
Анын сакалындай кыл эчкиде да бар.

З у л а й к а. Эмне деп жатасың?
Ж а н ы б е к. Эмне десем ошо!
З у л а й к а. Кесепетим, акылчың эле,

Алөпкө жүрүп Аярыңдан ажыраган элең,
Акылыңдын жарымынан ажырапсың.
Упатым а?! Жылдызга чыгып кетипсиң.
Түш! Түш төмөн! Тизеле!
Оздугуң менен суу ичип,
Өтүгүң менен суу кечип турганыңда...
Текебериң шилиңди кескир!

Ж а н ы б е к. Алтын таяк ханыша,

Кийимиң бүтүн, курсагың токпу?
Кийимиң тосулуп, курсагың бөксөрсө айт,
Калжактап ишиме кийлигишпе!
Же... энеси көпсө эр издейт деп укчу
элем!

*(Кетет.)*

З у л а й к а. Эмне деди?

Эмне уктум — Сүтүм ургур. Кусур ургур
Угаарым ушул беле? Ушул үчүн
чоңойттум беле?..
Сени да жок кыларда колтугума катып
аман алып калбадым беле?
Бөйрөгүмдүн жанында экениңде
тумчуктуруп,
Сымап менен ыштап салбай не болдум.
Жүрөгүмдүн алдында экениңде,
Эрдимди кесе тиштеп,
Муштап салбай не болдум.
Ак чүштөдөй жүз аарчыма
Ороп туруп, таштап салбай не болдум?
Кызыл эт элең кол башындай,
Эми чоң казан эт болгонуңда...
Кылганың, айтканың мындай.
Оо-оо, кудай-ай...

## ҮЧҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

*Гүл бактын капкалуу жагы. Эрке-Айым чынардын түбүндө токтойт. Артынан акмалаган Ирбис.*

Э р к е-А й ы м. Бул жалганда, уккандан уга элегиң көп,

Көргөндөн көрө элегиң көп. Ошон үчүн,
Бүгүнкү алтының эртең менен жез.
Кечөөкү акылманың бүгүн барсаң нес.
Ошон үчүн, эмеле тирүү туруп,
Эмеле өлүп каларың да эп.

*(Күкүктүн күкүктөгөнү угулат).*

Күкүкпү? Күкүк! *(Улутунат).* Биздин айыл токойлуу суунун жээгинде болчу. Ай, ошондогу күкүктөр... Ай, ошондо секелектеп, чурулдап чуркаганыбыз: жылаңайлак, жылаңбаш... мандалак, эндик казганыбыз...

Биз ал күнү айылдын четиндеги кемерде козу-улакка кошулуп үркүп, оюн салып, томолонуп жүргөнбүз. Күн кыпкызыл, тоонун башына куланып бараткан.

Айыл «чур-р» дей түштү. Жоо тийди...

Кийин минтип хандын айымы болдум. Андан бери бул чынар канча көгөрдү. Жалбырактары күбүлүп жатат. Чынардын башы шоодурайт, таманымда чөптүн башы шуудураганын укпай калдым.

Шамал чынардын башында шуулдайт, менин саамайымдын арасында шуулдачу эмес беле. Күмүштөй суу ичем, күкүктөгөн үнүн укпайм. Күндү көрөм, күңгөйгө чыкпайм. Айды көрөм, а ай тийген теской кана?

*(Гүлбакты аралап ары басат.)*

Ирбис *(өзүнчө).* Айым... Айым бузулду. Мээси тегеренди.

*Дилде-Айым. Айша-Айым.*

Дилде-Айым. Ирбис... Айланайын Ирбис, качан?

Ирбис. Кыйын. Хан, Айымдын көзүнүн агына айланат. Алаканына үлпүлдөтүп, маңдайына шам коюп, түнү таң атканча отура берет.

Дилде-Айым *(өңгөчүн тартып).* Өбөбү?

Ирбис. Имере кучактап, алкымынан жыттап, тилин соруп...

Дилде-Айым *(силкинип).* И-ий, айтпа аркысын, и-ий...

Ирбис. Өлүп баратасыңбы?

Айша-Айым *(ыйламсырап).* Мен кетейинчи. Кичинекей кызым ыйлаак эле.

*(Шамур кирип тыңшайт.)*

Дилде-Айым *(Айшага).* Өлүгүңдү көрөйүн титиреген. *(Ирбиске)* Кагылайын Ирбис, ме, мына, жамбы.

(*Айша-айымга*) сен да бер. (*Ирбиске*) Ал шерменденин көзүн ыкчам тазала.

И р б и с (*жамбыны койнуна катып*). Эрке-Айымды жайлайм деп бекер убада берген экемин. Боорукер жаным, силердин көксөңөр суусун дебедимби. Көрөр көз Айымды аябай көзөмөлдөшөт. Ошентсе да убадамды бузбай, айтканымды аткарам.

Д и л д е-А й ы м. Оозуңа май!

А й ш а-А й ы м. Ай кудай-ай кетейинчи? Үйдө кызым...

И р б и с. Эрке-Айымды кыйнап өлтүрүп туруп, бирөөңөргө колун, бирөөңөргө санын кесип келип берем.

А й ш а-А й ы м. Койчу бечераны.

Д и л д е-А й ы м. (Айшага) Былтыйган бейбак.
Бирөө өлмөйүнчө бирөө күн көрбөйт.
Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт!

И р б и с. Көзгө урунбай, баргыла!

(*Эки аял кетишет.*)

Ха... Ха... Ха...
Окшошкон салпаяктар...
Быягын да кайсайын.
Тыягын да кайсайын.
Курттаган салпаяктардын терисин
сыйрайын.
Таш кулатып коюп кырга жата берейин.
Сыздасын... боздосун, кан-какшасын
менден башкалар.
Ха... ха-ха... ха.

(*Эрке-Айым көрүнөт.*)

Э р к е-А й ы м. Бүгүн күлкүң бийик го!

И р б и с. Бүгүн күлүп турайын Айым, эртең эмне болорумду ким билет.
Мени кой, сизге кылтак ыргытышат.
Эмелеги экөөнү көрдүңбү?

Э р к е-А й ы м. И-ии? Алар ким?

И р б и с. Күнүлөштөрүңүз. Өлтүрүп бер Эркени дешет. О Эркеден садага кеткирлер.

Э р к е-А й ы м. Мен аларга эмне кылган экем?

И р б и с. Сулуусуз. Эрин тартып алдыңыз, таалайын ташка чаптыңыз.

Э р к е-А й ы м. Мен... Ага мен күнөөлүүмүнбү?

И р б и с. Күнөөлүү болбосоңуз да ордо деген ага карабайт. Мындай карасаңыз кучагын жаят, тигиндей карасаңыз колкого бычагын саят.

Э р к е-А й ы м. Коркутпа.

И р б и с. Айым, сиз далайдан бери коркосуз. Билем, сыртыңыз жалтыраган менен ичиңиз калтырап жүрөт.

Э р к е-А й ы м. Я-а? Эмне-е? Жок! Жок!

И р б и с. Күлкүңүз түзүк болгон менен дитиңиз бузук.

Э р к е-А й ы м. Жалган! Жалган! Мен муну ханыма айтам.

И р б и с. Мен да айтам, коңтажыны!

И р б и с. Шаймаран!

*(Шамур, колунда шыпыргы.)*

Айым унутуп калыптыр, эсине салып койчу.

Ш а й м а р а н. Коңтажы баатырга жеткиз деп, Эрке-Айым бетаарчыга түйүп мага сөйкөсүн берген. Ал сөйкө алда качан баатырдын колуна тийген. Айым билегине салып жүрсүн деп, мына, *(койнунан билерик алып)* Чарындан билерик келген, Айымга...

*(Эрке-Айым Шамурду колго кагып жиберет. Билерикти Ирбис тосуп алат.)*

Э р к е-А й ы м. *(Шамурга)* Кускум келет сенден!

Ш а й м а р а н. Ырас, Айым бизди көргөндө кускусу келет. Бизден баатырдын жайын кайра-кайра сурап, оозунан көк түтүн бурап сөз укса, ага жашырып белек жиберип же жиберген белекти биздин колдон алса, анда кускусу келбейт, Айымдын?!

И р б и с. Айым, ханга кимибиз эмне айталы? *(Сөөмөйүнө билерикти тегеретип)* Кимибиз эмнени көргөзөлү? Ансыз да аялга ишенич жок деп мага кайтартып жүрөт. Сизди кандай эркелетсе, кандай кызганса, ошончолук кыйнаганды да билет. Муну укканда маңкайган чүрөк байталга тескери минет. Бетиңизди көөлөп, таманыңызды тилет. Анан аялдагы уздай аппак этиңиз кайсыл азоо байталдын туягында үзүлүп-үзүлүп калар экен?

*(Эрке-Айым эчкирип жиберет.)*

Алдагы аккуу мойнуңуздагы башыңыз каякка тоголонор экен, тишиңиз күбүлүп, тилиңиз суурулуп...

Э р к е-А й ы м *(ыйлап олтура калат.)* Айтпа... Айтпагыла... Корком... Эмне кылсаңар мейлиңер, өлтүрбөгүлө. Мен... Мен сөйкөмдү Шаймаран Коңтажыга барам дегенинен... Ал мага арнап ак мунара куруптур дегенинен...

И р б и с. Ишендиңби?

Э р к е-А й ы м. Жөн эле арзып... Арзыганымдан сөйкөмдү... Айтпагыла, өлтүрөт. Эмне кылсаңар көнөйүн. Кыя баспайын. Корком.

И р б и с. Оо, жараткан!

Көктөн тилегеним жерден табылып,
Оо, телегейи тегиз коңтажы...
Коңтажы баатыр...
Жолборсту кынжылап минген.
Жоосуна арстандай тийген.
Карып мискини жок
Мүлдө калкы кылторко кийген.
Ак сарайын чанып таштап,
Бөкөн кууп бөксөдө жүргөн.
Айланайын Айымга шамдай күйгөн
Коңтажы баатыр...

*(Эрке-Айымдын эси эндирейт.)*

Айым, көзүңдө жашың даяр, ууртуңда
күлкүң даяр,
Туш-туш жагы кыбыла периште...
Мен да угуп калгам:
Ай десе арксыз Айым, сизде эмне арман
Коңтажы сизге арнап алтын мунара
курган.
Аны билбейт го деп
Мен тим эле түкшүмөл чалгам.
Айым, мени жыргап жүрөт дейсиңби?
Жыргалымды ушул ордо алган...
Мен бала көрбөйм, бычылып калгам.
*(Үңүлдөп аягына жыгылып)*
О, арман, арман...
А көрө, Айым, кутулайын бул чаяндын
уюгунан.
Мага да кылсаң экен жардам.
Айымга кылдай кылапат айткан,
Мен бузуку, мен айбан...
Кантейин, ушундай анткор, кекчил,

Митаам болуп калгам.
Айым...

*(Шамур арты менен жылып чыгат.)*

Э р к е-А й ы м. Мен эмне болуп турам. Түшүмбү? Же жин тийдиби?

И р б и с. Айдын сыныгындай Айым,

Алчактаганыңызга маашырланып.
Ооба, уккандан уга элегиңиз көп,
Ойлобоңуз, ханга жалгыз эркелеп
жүрөм деп.
Төрт аялы — Карашаар, Камбылда,
Алты аялы — Урум-Турум, Чамбылда,
Дагы...

Э р к е-А й ы м. Я-а?!

И р б и с. Калп айтсам кара башымды жейин! Жоргону ошолор минет, жыргалды ошолор көрөт. *(Бышактап)* А менин эркем жакында Айша-Айым, Дилде-Айымдын кебетесин киет.

Э р к е-А й ы м. Тозоку-у!

И р б и с *(өз башын муштагылап)*. Мен тозоку-уу. Айымга кантип жамандык кылайын. Айым... *(өзүнчө чочуп)* Ой, Айым качып кетсе... Чын эле быяктан ошояк жыргал болбосун я?

*(Думананын ак урганы угулат.)*

Актын келмеси тилинде бар,
Шайтандын уюгу зилинде бар,
Жанагы думана го?
Жолотпо, башыңа мүшкүл түшүп
турганда.
Хандын касабына калабыз.

Д у м а н а. Дүнүйө жыйнап о нетейин.
Не мұратка о жетейин.
Дүпө-дүпө о үн салып,
Дүнүйө кесип о кетейин.
Топурак жыйнап о нетейин.
Тозоктон минтип о өтөйүн.
Көзүмөн булак о жаш төгүп,
Көрпенде болуп о кетейин.
олдо үй.

Кыр боорунда о кулунчак
Куурай болор о солгондо.
Хандар кийген о камка тон
Жамачы болор о оңгондо.

*(Эки жагын аяр карайт.)*

Алдо үй... Ак! Ак!

Ирбис. Думана, ак урсаң мазарга бар, акыл айтсаң азарга бар, бу хандын сейилдеген гүлбагы.

Дубана *(Эрке-Айымга)*. Чырагым, дидарыңды көргөзүп койчу, дидаарыңды...

*(Эрке-Айым аркасын салып турат.)*

Көпөлөгүм, үнүңдү угузуп койчу,
Үнүңдөн тегеренейин, үнүңдү эле?
Кулунум, менин кимим калды сенден башка.
Эмнем калды? Асабалуу айлымдан ажырадым.
Касабалуу уулдарымдан ажырадым.
Ак жабылуу бууданымдан ажырадым.
Колумда таягымдан башка эмнем бар?
Атаңды кебез менен мууздабачы,
Чачыңдан секети...

Ирбис. Думана, кет!

Думана *(Ирбиске)*. Айтчы, карааныn көрсөм көрүп, көрбөсөм жок, ак сарайынын айланасында жүрөйүн, күйөө-кызым экөө таманым баскан топуракты ыраа көрүшөөр бекен?

Ирбис. Нысабың жок думана, караанын эле көргөз дебедиң беле?

Думана. Кызым, алтын чөйчөктөн аш ичкенде атаңды унутасыңбы? Кантип унутасың апаңды?

*(Тым-тырстык.)*

Кызым?! Кызымдын карааны мына, өзү кана? Атага насили кан?..

Күйөө бала күтмөк тургай, кызымдан да кол жуудум. Кана кызым? Кызымды бергиле? Кызымды... Кызым кана? Кызым...

Ирбис. Кызың... Ал Хандын Айымы. Сен думанасың. Салакаң тиет Айымга.. Кет! Айымды «Кашкар ха-

кызы» деп жарлык кылган. Бул дүйнөдө да, дүйнөдө да кызың жок! Эркенин көңүлүн арам й, жогол!

у м а н а. Кызы-ым?! О кызыл тузум!..

*рке-Айым менен Думананын ортосунда Ирбис ра калат. Эрке-Айым темтеңдеп басып кетет, артынан Ирбис).*

Кийейин десем о буулум жок,
Кирейин десем о уулум жок,
Барайын десем о кызым жок,
Татайын десем о тузум жок.
Кызыл өңдөн о кан соруп,
Куба кылган о дүнүйө,
Сырты жылма о ичи курт,
Ала кылган о дүнүйө,
Бети кара дүнүйө!
*(Таягын асманга кезеп)*
Жүзү кара дүнүйө!

## ТӨРТҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

*Ордокана. Түпкү эшиктин босогосунда айбалтачан бис.*

И р б и с. Кылгылыкты кылдым, кыл жип менен буул. Айдай сулууну, Ак боз жоргону колго тийгизсе капıуу шаарды бийлетип, казына карматам дептир, коңкы баатыр. Атамдын түшүнө кирбеген жыргалга бир :айын, катын кайтарып, кээде атын кайтарып көз мам түгөндү. Тыякта төрт аягымды керип бир жатан

*(Шамур улам баш бактап, тыңшап турат.)*

Ойлогонум барып чын болду,
Оорум барып жин болду.
Ак элечекти жинди кылам деп,
Кара башыл өзүмө жин жабышты.
Жүрөгүм опколжуп, кулагым чыңыроон тартчы болду.
Бул балээге каяктан чырмалдым...
Ушундайымда таманыма майлуу жер таппасам,

Кылтыңым билинсе кылтаман кыйылам.
Качам, Чарынга.

Ш а м у р *(колунда шыпыргы)*. Ой?!

И р б и с. И-ий... Сен белең?

Ш а м у р. Абайлап кобурабайсыңбы. Көзү жаман бирөө укса көзүң кашайбайбы, жан досум. Кечөө уктаганыңда да «Чарын» деп уйкусурадың, жөтөлүп ойготподумбу. Желдет сени олурая карап өттү.

И р б и с. Я-а?! Желдет.

Ш а м у р. Чш-ш, желдеттин ырайы бузук.
Сени аңдытып койгону бышык.
Ага өзүң чалынгансың:
Эрке-Айымды азгырам деп,
Жамбыны менден баштыктап кайсап,
Дилде-Айым менен Айша-Айымдан да кайсап?!

И р б и с. Ша... Шамаке?!

Ш а м у р. Чыпалактан кан сорушуп достоштук эле. Менден сактанасың. Айша-Айымдан сактан. Аның сүйрөлүп арам оюндун баарын ханга ачканы жүрөт. Дилде-Айымды сен жайлаганыңды билет!

И р б и с. Коку-уй!

Ш а м у р. Кач! Айымды коштоп тезинен. Мына, Чарындын аты оюлган алтын мөөр! *(Алтын мөөрдү берет.)* Давандан тосуп тургандарга көргөзсөң дароо жеткизишет.

И р б и с *(кучактап өбөт)*. Азиз досум...

Ш а м у р. Асыл баштуу, ача тилдүү Ирбисим, Мен өлсөм да сен тирүү жүрсөң экен. Сары улагың болоюн жан досум.

*(Сырттан каңырт угулат. Шамур жылып жөнөйт.)*

Э р к е-А й ы м. «Жыпарың төгүлүп, жылдызың күбүлүп миң күн жашаганча бир күнү жылт эткен учкун болуп бер. Тайлактай түлөп, өзүңдөн өзүң жүдөп өлүү-тирүүнүн ортосунда жүргөнчө өзүңдү өмүр бою отко түртүп көр». Ушул сөздөр эсимде калыптыр. Канча шапар тептим, канча шарап ичтим тайрактап. Эсимде жок. Арзууман толгон эр болсо, асмандагы чолпондой балбылдасам, жападан жалгыз чолпондой... Ордоң менен жерге кир. Оюнуң менен көргө кир!

И р б и с. Айым...

Э р к е-А й ы м. Андыбай айтчуңду айт.

И р б и с. Коңтажы баатыр күнү-түнү даванда күтүп жатат. Чалчактаса көптүң дебейм, чачса төктүң дебейм

дептир. Мына алтын мөөрү. Жаныбек Шаймаранды зынданга жапты. Шек санады бизден.

Э р к е-А й ы м. Я-а?! Эмне?

И р б и с. Мен бар, Айым. Сага курманга чабылам.

*(Айым эшиктен кирмек болот.)*

И р б и с. Хан, көңүл ачып олтурат, сизди киргизбе деген.

*(Кыздын чыңырганы угулат.)*

Э р к е-А й ы м. Бул эмнеси? Ким?

И р б и с. Жерге кирсинчи. Мен, буларды Айым билбесе экен, көрбөсө экен деп жүрбөйүмбү.

Э р к е-А й ы м. Барайынбы? Ырбыңдап ыйлайынбы? Сендей согоного кызык! Сен бар! *(Кетүүгө камданат.)*

И р б и с. Кетпе! Күтүп тур. Акылыңдан айланайын Айым! Барып баркыңды кетирбе, кирип кийимиңди кирдетпе. О, Кудай, Айымга акыл бер, өмүр бер, ансаганына жеткир. Боз жоргосун сура, хан азыр келет.

Э р к е-А й ы м. Маскара эркек! Бир жалбыракты саргартып түйүп салып, бирине көз артат.

*(Алтын таяк Зулайка)*

З у л а й к а *(Ирбиске)*. Шишиң толду! Тирүүсүндө чириген макулук!

*(Ирбис кетенчиктеген бойдон чыгат. Эрке-Айымга.)*

Жылмаңдап жанымды кашайтпа.

Э р к е-А й ы м. Менин да жаным кашайып турат, Алтын таяк апа!

З у л а й к а. Эки буттуу шайтан?! Катынбаакы уулумдун башын тегереттиң!

Э р к е-А й ы м. Өзү тегеренген башты мен кантип токтотом, апа!

З у л а й к а. Тарт тилиңди! Узунуң өспөй тууран өскүр. Согончогуң куурап өткүр. Бир суудагы элдин атабабасы бөлөнгөн бешикти, атайылап ырым кылып берсем, тескери тээпсиң. Бешикти тепкениң—кешикти тепкениң...

Э р к е-А й ы м. Тепсем тепкендирмин мастык менен, Кып-кызыл чычаладай жаштык менен. Мен аны тепкеним жок кастык менен.

З у л а й к а. А сенин жаштыгыңа...

Ак уул, кызыл кыз тууп койгондон бетер,
Арты кийин ойлобогон думананын кызы
сетер!

Э р к е-А й ы м. Айттырмакчы элең айтпаган кенти.

Кар жиликтей болгон кайнене,
Деле ушул каарыганың өттү!
Туусам туурмун-эртеби-кечпи,
Туубасам колум бош, жолум бош,
Жашаарым азбы же көппү.
А хан тукумун тууган катындардын,
Кайсынысы жыргап кетти?!
Карга чычар тактыны талашып,
Биринин башын бири кести.
Калп эле алтын таяк кармайсыз...

З у л а й к а. Канчык! *(Таягын көтөрөт. Ирбис чуркап кирип арачалайт).*

Кулагыңа кумгана куюп, керең кылып өлтүрөм!

*(Эрке-Айым жалгыз).*

Э р к е-А й ы м. Ханым ордосуна камаса.

Кайненем таяктап сабаса,
Күнүлөр караанымды таласа...
Төбөмдөн асманым, таманымдан топурагым куласа.
Битиреп жашап, титиреп уктап.
Тойдум сенин жыргалыңа!
Өңүмдүн кылоосу өчө элегинде,
Койнумдун жылуусу кете элегинде,
Жерде калбасмын!..

*(Кымкабын желбегей жамынып Жаныбек кирет).*

Ж а н ы б е к. Эмне бака-шака? Кемпирдин долусу кармадыбы, Айым...

Э р к е-А й ы м. Ханым, көзүң уйкулу экен, чочутуп ийдикпи? Бир үйдөгү казан-аяк деле кагышат. Бизге көңүл бурбачы.

Ж а н ы б е к. Акылынан чачы узун, чачынан акылы узун ак билегим. Күндү тиктеп алгансып жалтанып кеткенимди кара. *(Эрке-Айымга).* Сабырың суз. Шапар тептирейин, шарап ичирейин, жаныңдан жылбай көңүлүңдү куунатайын.

Э р к е-А й ы м. Алтымыш тарам кыялымды,

Айттырбай тапкан чалкагар күйөөм.
Бүгүн...
Боз жоргонду минем!

Ж а н ы б е к. Боз жорго?!
Э р к е-А й ы м. Боз жорго...
Ж а н ы б е к. Аял мине элек жайы бар эле.
Э р к е-А й ы м. Шылтооң көп дагы эле.

*(Ирбис).*

И р б и с. Боз жоргоңду бээ саамга,

Берип койгон эмине, ханым?
Арам терин бээ саамга
Төгүп койгон эмине, ханым?
Ак күрүчүн синдирип,
Бүгүн, суутуп коёр күн эле, ханым.
Томуктарын жибитип,
Бүгүн, торгой жем кылар күн эле, ханым.

Э р к е-А й ы м. Аттын сасык терине мүсүрөтүм жетпегенден кийин, эмнем Айым! И-ий, арым ий, арым *(жаркылдап)*, ханым...

Ж а н ы б е к. Ай ушул сенин кылыгың... Болуптур эмесе!

Айым, аргымакты бир минсин,
тулпардыгын бир билсин!
Алда кандай болот, артынан жигиттер жүрсүн.
Мына ачкычы, ай, ары жакта ким бар?

*(Ирбис ачкычты алат).*

Э р к е-А й ы м. Күлүгүңдү мингизип, күлгөнүмдү аңдытып,
Жоргоңду мингизип, жолумду аңдытып,
Ал эмнең ханым?
Ала жибиңди аттап алдадым беле?
Аялдын алдагысы келсе колун мойнуна жиберип,
Койнун ойнуна жиберет, ханым,
Ошончо жигитиң бир байталды он айгыр айдагансып, салпактап артыман жүрсө бет калабы?
Ошончоң менен жүдөтпөй
Жалгыз Ирбисти кошуп, бер, ханым.

Ж а н ы б е к. Айым айткандай болсун, аппак сүттөй Ирбисим.

*Чыгышат.*

*Кыздардын ыры угулат.*

Ы р. Ак ирим дайра Нарынды,

Бойлобой турган жер бекен,
Ай жарык түнү ак чөлмөк,
Кыз-жигит,
Ойнобой турган жер бекен.

*(Кубалашып, күлүшүп кыздар киришет. Олтурушат)*

Кумайга чыкса кубулжуп,
Кумары кантип канбасын.
Кубанып жүрүп жоргого
Айымдын,
Куйругу жооруп калбасын.

Талаага чыкса уюлгуп,
Тамаша кантип канбасын.
Тайрандап жүрүп жоргодо,
Айымдын,
Такымы жооруп калбасын.

*(Жоо кийимчен Жанкозу).*

Ж а н к о з у. Сулуулар, ордо кыздары.

К ы з д а р. Биз ордо кыздары болсок, бизди издеген жигиттер кайда экен?

— Кийгениңиз темир зоот, сүрдүү экенсиз акетай.
— Кайсы тоого барасыз, кандай жоону чабасыз?
— Караан көрүп алдыңан, кайра качпа аталап.
— Бороон уруп аркаңан, адашпагын апалап.
— Кыз аңдыган кыйшаке, жолуңа түш, кой аке.

Ж а н к о з у. Бийкечтер, үнүңөрдү угуп кайрылдым.

К ы з д а р. Үнүбүздү угаарсыз,
Алдыбыздан акмалап, дагы далай чыгаарсыз.

*Жаныбек.*

*Кыздар кетишет.*

Ж а н ы б е к. Жанкозу, кимди издеп жүрөсүң?

Ж а н к о з у. Канжыгам үзүлүп, ханды издеп жүрөм.

Ж а н ы б е к. Бул эмне дегениң?

Ж а н к о з у. Урматыңызга кулдукургандар, чептин сыртына — Көк өзөнгө аттанышты.

Ж а н ы б е к. Эмне-е?!

*Жигиттер.*

Ж и г и т. Ханым... ханым...

Ж а н ы б е к. Айт! Шүйкүмүң бузук.
Көзүңөн чаар чымын учуп.
Шүйкүмүң бузук. А-айт?!

Ж и г и т. Жортуулчулар...

Ай казанак туунду жулду.
Жылкынды канталоон кылды.

Ж а н ы б е к. Калп! Ка-алп. *(Жанкозуга)* Бузуку... Сен... Сен-сиң!

Ж а н к о з у *(кылычын ыргытып).* Мизинен өптүм эле, бузулбаганга сунаарсың.

Ж а н ы б е к. Карма! Кармагыла итти!

*(Жанкозу кетет).*

Атым... атымды! Ак бозумду!.. Боз жоргомду... Кокуй!

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### *Бешинчи сүрөт*

Ы р *(шаңдуу).*

Кызыл кыр ылдый көч келет, журтум,
Кыраанын үрүп ток келет, журтум.
Айкөлүң минип жулкунтуп, журтум.
Ак боз ат келет, журтум.

Ак күңгөй өйдө көч келет, журтум,
Ак шумкар шаңшып ток келет, журтум.
Ай алдынан алкынып, журтум,
Ак боз ат келет,
Ак боз ат келет, журтум.

К ө ш ө г ө а ч ы л а т

*Жашыл жылгалар. Чалкалаган түздө айылдын чети. Жортуулчулардын коругу. Зоока түбүндө бири-бирине каланган найзалар, айбалталар, кылычтар.*

*Арткы катарда жасайыл атып, жана чойгондор. Барскан, балка чаап узангандар. Көөкөрдөн суусун сунган зайыптар.*

*Алдыңкы катарда Думана, Малике-Аяр.*

Д у м а н а. Бирибиз хан, бирибиз анын жигити, бирибиз думана... Эмнелерди көрбөдүк, айтканың ылазим, береним.

М а л и к е-А я р. Олуям, миң-сандаган жоокер өтпөгөн жерден — сенин чапаның өтөт. Чагылгандын үнү жетпеген жерге — Сенин сөзүң жетет. Барагой...

Д у м а н а. Алты кулач о ак бакан,

Айза болот о аштасаң.
Улаганда о теминги,
Албарс болот о таптасаң.

Ээрин башка о жазданбай,
Эрдин иши о бүтөрбү.
Кара чачын о ак чалбай,
Элдин иши о бүтөрбү.
Алдо үй. Алдо үй.

*Кетет.*

*Сурнай күүсү. Жанкозу. Ээрчиген жигиттер.*

Ж а н к о з у *(Маликеге)*. Хандын өңүрүндөгү адамы элек, төгүлүп алдыңарга келдик. Көкүрөгүбүздү калкан кылып эл четине бирге туралы. Өткөн өчтү, кайнаган кекти бирге жууйлу.

Ж и г и т *(айбалтачан)* Жалгыз бейит кылсак бейм?!

М а л и к е-А я р. Сунулган моюнду, суурулган кылыч кесчү эмес.

К у л а н. Журт! Жыгылбай бала торолбойт, Жаңылбай жигит оңолбойт деген кебиңер бар. Калаймандуу күндө канат-куйругубузду отошпойлу.

Ү н д ө р. Ак сөз...

— Чыбык кыркышпайлы...

*(Сулайман кылычын Малике-Аярга кош колдоп сунат)*.

М а л и к е-А я р *(Жанкозуга)*. Эл таянган жер таянбайт. Чычаланды ордонун төрүнө ыргытканыңды уктук. *(Кылычты Жанкозуга берип)*. Мындан ары кимдин ырын ырдап, кимдин камчысын чабарыңды билерсиң. Эрдин өмүрү бир, элдин өмүрү миң экенин унутпа, уулум.

Ж а н к о з у *(Кылычты мизинен өөп, маңдайына тийгизип)*.

Ак жолдон тайгылсам:
Ак болоттун мизи урсун!
Төбөсү ачык көр урсун!
Төшү түктүү жер урсун!
Ак бата, кызыл кан урсун!

К у л а н *(кайраган кылычын имерип)*.

Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Чымын консо шыңгыраган,

Шамал тийсе кыңгыраган,
Ак албарс мына, аба.

*(Артындагы шыргайды кыя чаап кылычын кылычтардын катарына саят).*

Элди тыйып жүрүп тыйпыл болдук.
Калктын тизгинин жанга ишенип,
Камгактай чуңкурга толдук.
Өрдөштө бирден алачык жатчу элек,
Өрүүлөшүп желе кондук.
Кыя тартып жоо кылайса,
Кылыч менен сүйлөшмөк болдук, аба.
Айбалта менен чабышмак болдук, аба.

Сулайман. Эндекей жүрсөк коркок дейт экен, душман,

Энөөлүк кылсак чоркок дейт экен, душман.
Жамандын бир аты жоош дейт.
Душманым найза сунса — найза сунуп,
Сурнай тартып, доолбас уруп,
Сез көргөзө албасак дүңгүрөп чыгып,
Биздин эмнебиз эл, эмнебиз журт?!

Кулан. Жөн жаткан темирди дат басат!

Жөн жүргөн дениңди дарт басат!
Жатып өлгүчө, атып өл —
Эл болобуз, же жер болобуз, аба.

Малике-Аяр. Чытырманда жол тапкан чыгаан элек.

Ак шумкардай ормондогон кыраан элек.
Уюткулуу, калдайган караан элек.
Көз ачырбаган майдандарда,
Журтчулугум алсырады...
Жапайы арстандарым кансырады...

Сулайман. Кан төгүлбөй жүгөн катынган заман кайда...
Кылычтан мурда кыйкырышаар эрди камадык, аба.
Найзадан мурда намыска турар элди жыйнадык, аба.

Малике-Аяр. Куру кыйкырык баш жарат, куру намыс таш жарат, Башың бапан — аягың сапан болуп сайда калба?

*(Сыртта дүбүрт. Доолбас кагылып, сурнай тартылат).*
Коңур салкын күзгө окшоп шоодураган,
оо, үнүңдөн айланайын.
Куйруктуу жылдызга окшоп баркыраган,
оо, сүрүңдөн айланайын.

Сурнай тартылып, доолбас кагылып,
Элдин эти ачынып, жүрөктөн кара зил жарылды.
Кана эми...

Жалгыз үн. Баатыр келатат! Баатыр келатат! Жол ачкыла. Баатырга жол ачкыла-а. Сүйүнчү! Сүйүнчү-ү!

*(Лайлумду байлаган жигит кирет.)*

Жигит. Жер чардап жүрүп, ээн жылкыны тийип,
жашынып жаттык.

Кысырактан союп жеп кызыгына баттык.
*(Лайлумду көргөзүп)*
Жоону колго түшүрдүк, дөөнү колго түшүрдүк.
Мергендеп жүргөн экен.
Ормон-токойдун арасында сербеңдеп жүргөн экен.
Анык душманың ушу — Коңтажынын кызы!

Үндөр. Коңтажы... Коңтажынын кызы?!
Жигит. Соога бергиле! Мен катын кылып алайын.
Малике-Аяр. Бу, Чарындын кызыбы?

О, кемпайлар...
Мергендеп жүргөндү байлап,
Үйүнөн адашып сербеңдеп жүргөндү айдап,
Сенин баатырдыгың ушубу?
Чолок жылкыны уурдап сойгонуңа мактанып,
Чоң аяк тоң майга тойгонуңа мактанып,
О, атаңа наалат!

Сулайман. Жаман иттин чычкысы түлкү кууганда келет.

*(Лайлумду байлап кирген жигитке).*

Сага ушундайда олжо керек, катын керек!
Чыпалактай сүттү жоо деп,
Чыканактай кызды дөө деп.
Бөлүнө чаап, бөрү олжого көнгөн немелер,
Кимдин муңун жууйт?

Кимдин намысын коргоп,
Кимдин кунун кууйт?

Кулан. Жүрөгү түктүү, билеги кучтүүлөр
Жортуулга барсын.

*(Лайлумду байлап кирген жигитке).*

Момундай төө минип тезек тергендер,
Айыбын тартып мал артында калсын.

*(Кубаттаган үндөр)*

Малике-Аяр. Кыз-аты менен сулуу.

Кыз — кырк чачы менен улуу.
Азар көргөзбөй, аттын жакшысын мингизип,
Азем кийгизип, узатып койгула, балдар.

*(Жанкозу, Лайлумду ээрчий чыгат.)*

Кулан *(колунда бараң).*

Ак зоодон чыккан ак темирден,
Көк зоодон тапкан көк темирден.
Төлгө кылып, сай алдырып,
Дөөтү устабыз соккон бараңды...

Сулайман. Элиңиз сизге муназа кылат.
Журт атасы деп сизге сунат.
Көптү көрүп, көптү билген Аяр абам.
Ак бараңды асынып, ак сакалды жайкап,
Биздин тилекти тилеп, биздин жүрөктү бүлөп,
Атпай журтуңузга...

*(Малике-Аярга ак кымкап жабышат).*

Элдин үнү. Эл башы-ы, берен...

Журт башы-ы кыраан болуңуз.

Малике-Аяр *(бараңдын оозун өөп).*

Ай далымдан сыным кетти.
Алаканымдан жылуум кетти.
Карегимден курчум кетти.
Он эки мүчөмдөн ыркым кетти.
Карысы жашына жол бошотуп берүүчү.

*(Кулан менен Сулайманга карап)*

Мынабу эгиз уулунду көрчү.
Оо, айланайын кутум, калайык!

*(Куланга бараңды асат)*

Ак бараң ушул уулдарыма ылайык.
Мен карыяң болсом,
Бул эки уулуң дарыяң болот!
Бирөө жолбашчы болсо, бирөө кол башчы болот!

*(Экинчи бараңды Сулайманга асат).*

Курама жыйнап курч кыл, балдарым.
Куюккан таап журт кыл, балдарым.
Жакшы эрдин багын ыйкы-тыйкы эл байлайт,
Куру кыйкырып төгүлбөй,
Уйдун бөйрөгүндө бөлүнбөй,
Аттангыла!
Атыңар туяктарын ташка кайрайт!

*(Тым-тырстык.)*

Ач болсоң азыгың, ток болсоң казыгың,
Мына бу керене тарткан тоолоруң —
Муундарыңа мураапың.
Кас душманга кыйбайлы.
Калкыбызды жыйнайлы.

Үндөр. — Чачылганды жыйнайлы.
— Үзүлгөндү улайлы.
— Элибизди коргойлу.
— Жерибизди коргойлу.

Малике-Аяр. Кыздай сыланып билерик салынуу,

Эрдин наркында жок.

*(Жамынган кымкабын колуна алып)*

Кымкап жамынып майданга чабуу,
Элдин салтында жок.

*(Жүгүнгөн келинди көздөй басып)*

Ак жолтой, ак жүздүү, ырыс-кешиктүү бол,
Ак элечегиң башыңан түшпөсүн балам.
Кундактагы балаңа ороо кылып кой.
Бешигиңе белбоо кылып кой, балам.

*(Ак боз аттын элеси бар көгүш туу көтөргөн жарчы).*
Жарчы. Мажилис... Мажилис...
Жортуулчулар, туу түбүнө чогулгула. Жарлык уккула!
Жарыя! Жарыя! *(Баары кетишет).*

*Келин жалгыз. Кулан келет.*

К у л а н. Эл ыйык көтөргөн кымкапты.
Эркеме менин ким жапты.

К е л и н. Элге берген кол жапты.

*(Үн-сөзсүз тиктешет).*

Түндө түшүмдө төрт саамайым өрттөнүп,
чочуп ойгондум.
Жаман жоролуу түш.

К у л а н. Түшкө эмнелер кирбейт.

К е л и н. Үзүлгөндү улап, айрылганыңды жамап,
Жыгылсаң жөлөп, кыйшайсаң таяп,

Жан шеригиң болгону келген элем.
Асылың болсо көрүшүп, азабың болсо бөлүшүп,
Ак бешикке уулуңду бөлөп,
Ак элечегиң болгону келгем.
Аруу жол басып баратканыңда,
ай-күнүмө жеткенимди айтып,
тизгиниңе оролуп жолуңду торгобоюн.

К у л а н. Ыйлаба. Ыйлабачы, жан шеригим. Маңдайыңда аяк бошотуп келин-кыздын көзүнө сайылганча найзанын учуна сайылганым жакшы.

К е л и н. Кантейин, маңдай сөөгүм кайкы, таалайым тайкы болсо: отума так салып, үмүтүм үзбөй жолуңду карап жүрөрмүн. Таалайым болсо: жоолугумду жаңырган айдай бууп, абийириңди тутуп күлөрмүн. Берекем... Жыргалым.

К у л а н. Кой үстүндө боз торгой жумурткалаган:

Байтал жуушап, бала уктаган заман,
Кой короолош, жигиттер жоролош заман,—
Бейпил заман, качан болор экен?
Желем узарып, качан жергем кулпунар экен?
Качан өңүм кызыл, өңүрүм узун болор экен?

*(Келин жигиттин көкүрөгүнө башын жөлөйт)*

Уул тапсаң атын Жоодар кой.
Бейпил заман терметип жоодурап өссүн.

*(Саадагын чечип берет.)*

Атамдан калган саадак. Менден тукумума калсын.
Эл жеринин намысын менден бийик кармасын,
Менден ыйык коргосун!

Кыр-кырларга от жаксын,
Кыйышпаган дос тапсын.

К е л и н *(ак жоолук берип)*
Чымындай жаныңды түйүп, эсен кайт!
Жолуң шыдыр болсун, жолдошуң кыдыр болсун.

*(Солуктап ыйлайт).*

К у л а н. Кылыч менен найза жуушмайынча:
Ээрин жазданып эрдин башы кайда барбайт.
Ээгин жазып ак жоолуктун жашы кайда талбайт!

*(Доолбас, сурнай добушу. Дүбүрт. Жортуулчулар).*

М а л и к е-А я р. Кагылайын,
кара аламан, кара журт!

Карга чокуур каныбыз калганча,
Куурай жулаар алыбыз калганча,
Эл четиндебиз, жоо бетиндебиз.
Калк башына мүшкүл түшсө,
Азуусун аркайтып ат өлүгү,
Мурутун сербейтип эр өлүгү,
Ач белде, куу жолдо калуучу,
Азапка да, ажалга да,
Эрдин эри, элдин эли баруучу.
Жем талашып доодон өлгөнчө
Жер талашып, эл талашып жоодон өлөлү!
Жигит пири Шаймерден колдосун,
О-омийин...

*Жортуулчулар каланган найза, кылычтарды алып чубай башташат. Аларды узаткан жөн-жай адамдардын аягы бириндеп үзүлөт.*

П а у з а

*Жоо кийимчен Жаныбек.*

Ж а н ы б е к. Жакасы жок тонго окшоп, кайда турам. Башаты жок суута окшоп, кайда соолом!

*(Күңгүрөнөт.)*

Элге кылса кесирди,
Эр курусун ушу экен.
Калкка чачса кесирди,
Хан курусун ушу экен.

*(Зулайка кирет.)*

З у л а й к а. Катының өлсө камчы сап эле. Атыңдан

ажырасаң бир байталдын тезеги эле.
— башыңдан ажырадың
А хан туубай,
кара башыма шор тууган жаным!
Эми элдин алдында эмес — артында жүр.
Эрдин жанында эмес — чаңында жүр.
Ичтен чыккан ийри жыланым!
Тиземе эркелетип чоңойтсом,
Сакалымды буладың.
Тиги дүйнөдө да кыйнадың.

Ж а н ы б е к. Жарыктыгым, сөзгө конок берип кой. Мен хандын дөөлөтүнө кайкаласам, сөөлөтүнө ким чалкалады? Көзүм тумандаганда адебим жоголорун, көр дүйнөгө чиренгенде кадемиң катаарын мурдатан эмине ойлободуң? Башында эмине үйрөтпөдүң? Акимдигиң-ата мурасың деп мени кайсы жарга түрттүң? Сыймык кушум качканда, чебим менен элимдин ортосу чарт жарылганда «жылдыздан төмөн түш, тизеле» деп алтын таягыңды булгалайсың. Алтын таянып не муразга жеттик?! Эне ыйык, эне бийик. Бирок, намыс деген да бар экен.

Баканын бактысынан шумкардын шору артык!
Күнүм бийиктен бүтөт.

З у л а й к а *(кучагын жазып)*. Уулум... Жалгызым...
Ж а н ы б е к. Суу кайрадан акчу беле.

Сөөктү жашытканда не пайда?
Кайра кайтсам ошондо кучакта.

З у л а й к а. Кулунум... Кайсы арманымды айтайын...

Эми эмне дейин. Кайсы таягымды кармаңайын?!
Көзүм кашайган жаным...

*(Жаныбекти маңдайынан сүйөт. Кетет).*

Ж а н ы б е к. Бир кезде үнүм чаркылдаган жерде,
Бир кезде маңдайым жаркылдаган элде,
Таманымдагыны төбөмө чыгарып,
Таманымдагынын сурунан куланып,
Кантип гана жүрөм?
О Боз жорго...
Сенден башканы кантип минем?!
О, дөөлөтүм а, ушундай тоголок белең?!
О, көкө теңири, каягыңа жоголом?
Жок! Жоголбойм...

Майлаган буудай жүздөнгөн,
ачыккан илбирс көздөнгөн,
жигиттерим ээрчитип
Чарындын өтүн жарып, өчүмдү алам.
Же, жакшы ит өлүгүн көргөзбөй өлөт,
Атымды билбеген топурактан жай табам.
Кош, менин кесирдүү күндөрүм!
Кош, менин буулуккан арманым!

*(Эки жигит).*

Биринчи Жигит. Алдаяр! Алдаяр, суук кабар.
Экинчи жигит. Көз жумулуп кашайдык, ханым,
Кол жырылып азайдык, ханым.
Жаныбек. Дөөлөт тайыса доомат басат деген ошол...

Азмын деп карап турчу эмес.
Көпмүн деп каниет кылчу эмес.
Ындыны өчкөндүн жылдызы өчөт.
Ылгоол... Аттангыла!

## АЛТЫНЧЫ КӨРҮНҮШ

*Толукшуган ай, таңкы баар. Тигилген чатыр. Нөкөрлөр. Чарын канжа соруп тактасында жатат. Бутун ушалап олтурган аялды тээп жиберет.*

Чарын. Мансур, бул азыткыны эмне апкелдиң?
Мансур. Сизге кереги тиеби деп...
Чарын. Бөкөн куугандан катын кууган кызык бекен?
Мансур. Кантайшым, энеси өбө элек күндөр бар.
Чарын. Кулдар кайда?
Мансур. Кадуу менен түздү койбой, бөксө менен кырды койбой кемер-жар казып жүрүшөт. Сиз кууган бөкөндөр бирөө кутулбай түшүп өлүшөт.
Чарын. Акмак! Аркарга жеткендей
күлүгүм жок беле?
Арам эт жегидей билегим жок беле?
Канча чуңкур каздырсаң кайрадан көмдүр. Жөнө!
*(Мансур кетенчиктеп чыгат. Ирбис, артында желдет).*
Ирбис *(бүгүлүп)*. Алдаяр төрөм, бир сындырым нанды, бир жутум сууну тың беришпей...
Чарын. Качып көргөндүн жазасы ошол.
Ирбис. Арзып келгем.
Чарын *(алаканын чаап)*. Бир сындырым нан!
*(Нөкөр Ирбиске нан сунуп, колун кагып жиберет).*

Ирбис. Жа... жа-жазыгым не?

Чарын. Бир сындырым нанды актап же!
Кана, калкындын ичкен ашы кандай?
Кийген кийми кандай?

Ирбис. Жаман! Ичкен ашы жаман.

Чарын (*Ирбистин калпагын жулуп алып*). Калп! Казаның оттон ыргып, жыланач жүрсөң тукум курут болуп кетмексиң. Менин бетиме чыккан жоо болот белең?! (Калпагы менен башка чабат.) Мээң жаман! Кана, жолуңду кандай чалабыз. Элиңди кандай чабабыз?! Черүүң канча, черүү ичинде эриң канча? Чын сүйлө...

Ирбис. Таксыр, ханым... Ме... Ме-ен биле албайм.

Чарын. Мага биле тургандар керек! Чалгыла!

Ирбис. Азирети таксыр, ит болуп улагаңа жатып берейин. Жугундуңу ичип үрүп берейин.

Чарын. Улагамды баскан бут төрүмдү тепсейт.
Жугундума семирип, эзелкисин кектейт.

Ирбис. (*Чарындын бутун кучактап*). О-оо, оо, айланайын... Жансоога! Жамбым көп, баарын алгыла. Жанымды... Чымындай жанымды койгула. Бир кашык канымды...

Чарын. Нан менен тузду аттагандын жаны болбойт! Сөөгүн өрттөп, келген жагына сапырып ийгиле. Ала жиптей чубалып ала курттай сойлоп, эми мени тооругусу бар.

Ирбис (*Шамурдун бутуна жыгылып*). Чыпалактан кан сорушуп шерттештик эле, жан досум...

Шамур (*тээ*). Дос айрылышат.

*Желдет Ирбисти сүйрөп чыгат.*

*(Лайлум)*

Лайлум. Чакырыпсың ата.

Чарын. Кызым, бул жоболоңуң кандай?
Эр киймиңди кийип, эр куралыңды ийниңе илип,
Бастырбайсыңбы баштагыңдай.
Кийимиңе кир жугузбай, кирпигиңе чаң жугузбай,
Өздүн өктөсүн, жаттын жалаасын угузбай,
Эркек уулдай эркелеттим.
Эми, сен бойго жеттиң...

Лайлум. Көзүмдү ныл басып бойго жеткениме капамын.
Каркытыңда өскөнүм менен,
Каарына ууланыпмын атанын.

Ч а р ы н *(жалт карап)*. А акисим ургур.
Атаӊа арман кылсаӊ күйөөӊдүн таягын жегин!

Л а й л у м. Күйөө издебейм.

Ч а р ы н *(Шамурду көргөзүп)*. Издетпей даяр!

Л а й л у м. Айтканыӊдын баары аткарыла бербейт. Бүт өмүрдү унчукпай өткөрүүгө болбойт!

Ч а р ы н. Кыздын эркеси — биттин сиркеси! *(Шамурга)* Ал!

*Лайлум, Шамур кубалаша чыгышат.*

*Эрке-Айым.*

Ч а р ы н. Ии, сулуу? Үстүӊө көк жамынып, астыӊа таш салынып уктагансыӊ го, ыргыштайсыӊ. Жүнүӊ тескери айланып калыптыр, же менин аӊгилерим жайытыӊды тепседиби? Жоргого кыйналып келди деп уктум, эми жайдак ат минип тосотко туруп бер. Кулан кууйм. Кыйналганыӊды унутуп, менин кызыгымды көрүп көр.

Э р к е-А й ы м. Сен да катынды алдаган маскара белеӊ? Хандын бети ушундай болобу?

Ч а р ы н. Эмчек сүтүн агызган жерин саткан,
Эне экенин унутуп өӊүн саткан.
Эне-атаны жагызган элин саткан.
Этегине башын каткан эрин саткан.
Сеникинен өткөн маскаралык барбы?
Жер жүзүндө мындай акмак болорбу?
*(Күлүп, канжасын соруп ары басат).*

Э р к е-А й ы м. Мүнөзү саӊоор, кабагы бийик,
Ичи кеӊен, этеги жайык,
Өӊү жарык, өзүм да жарык.
Бир эрдин колун аӊсагам.
А түбүӊ түшкөн заманаӊ жылас.
Чоӊ болуп бири-бирине чоӊдугун
көргөзбөгөн,
Зор болуп бири-бирине зордугун
жүргүзбөгөн эл —
Эл ичинен андай эр каяктан чыгат?!

*(Чарынды көздөй басып)*

Хан издесем күнкорго жолуксам,
Эр издесем канкорго жолуксам.

Ч а р ы н. Кырк катыным бар, кырк жерде отун алат, кыӊк этсе каарыма калат. Алардан эмнеӊ артык! Бетиӊди көрдүм, и-ии, эки бутуӊ бар экен. Алактаган сулуу

катын менен курч бычактын айырмасы кайсы? Ай чырайын жылтыратып ар кимдин өтүн кесет, акырында өзүн кесет.

*(Айымдын чачына тигилип)*

Шерменденин чачынын узунун...

Эрке-Айым *(чачынын учун Чарынга ыргытып)*. Жамынып жат!

Чарын *(алаканын чабат, нөкөрлөр)*. Чачын устаралап шыпыргыла. Кементай кийгизгиле, таңдан кечке уй саадыргыла. Уй башын булгап, шыйрагын сый бассын. Мунун кылганы өзүнө да, өзгөлөргө да сабак болсун.

*(Чарын жалгыз калат.)*

Ха... Ха... Кас душманыңдын катын-кызын ыйлатып, күлүгүнүн такымын жара чаап минип жүргөндөн артык ыракат кайда?

*(Кийине баштап, алаканын чаап)* Боз жоргону...

*(Мансур жүгүрүп кирет)*.

Мансур. Таксыр... Жаныбекти байлап келишти.

Чарын. Жаныбекти?.. Байлап? Кантип?

Мансур. Кароолдогу нойондорду кан кустуруп, анан өзү да кансырап уктап жатканда...

*(Тым-тырстык)*.

Жайлап салайынбы?

Чарын. Ордолуу журтунда байлабайсыңбы,
Же көзүмө көргөзбөй жайлабайсыңбы?

*(Кетет)*.

Мансур. Буга айкүр түшсөм да жакпадым.
Күчүк болуп үрсөм да батпадым.
Ийлеп-ийлеп итке салбасмын.
Кыны жок канжардай жылаңачтанып,
Кызыл энчимден куру калбасмын.
Арбашса-арбаштым, кармашса-кармаштым!

## ЖЕТИНЧИ КӨРҮНҮШ

*Купкуу тоолор. Этекте ташкороо. Мансур, Думана сүйлөшүп турушат.*

Мансур. Жүрө бер, жаракатымды айыктырдың.

Думана. Канчалык оору болсо ошончолук дары чөп бар, баатыр.

М а н с у р. Алтын чапан жабаармын.

Д у м а н а. Алтын сарайдын кереги жок.

М а н с у р. Анткени, думанасың да.

Д у м а н а. Кемсинтпе, пендени. Беш жашына чейин бечел экенсиң. Эми алкынган арстансың. Арстансың о, ташкороодогу чычкандарды кайтарасың.

М а н с у р. Сөздү бетке айтканың дурус.

Д у м а н а. Жашыргандай кылмышым жок. Падышам эртең башымды алат деп кенедей убайым санабайм.

М а н с у р. Токточу, сен менин өлөөрүмдү да билесиңби?

Д у м а н а. Асмандан түшкөн бал-китепте мындай маана бар: «Душманыңды мурда өлтүр!» дейт. Ошент.

М а н с у р *(түртүп)*. Кет! Жогол.. Китеп экөөң үйрөтпө!

Д у м а н а. Бирөөгө ыза көргөзгөн кысаасын тартат. Бирөөгө ыргыткан куу сөөк, айланып-айланып өз чыкыйына тиет.

*(Кете баштап).*

Алтын боолу о ак шумкар,
Айга учпайт о дебендер.
Күмүш боолу о ак шумкар,
Күнгө учпайт о дебендер,
алдо үй.
Көп түкүрсө о көл болот.
Көл бузулса о сел болот.
Анда эле айлаң о не болот.
Анда эле күнүң о не болот?
Ак! Ак!

*(Кетет).*

*Нөкөр.*

Н ө к ө р *(колун жаңсап)*. Тиги туткундар Думананы ээрчип алышат. Думана деле киши турбайбы.

*(Күлүшөт.)*

М а н с у р. Кулдарды Туз-Көлгө айдагыла.
Сан-саат малга жеткидей,
Сатсак да, чачсак да түгөнбөгүдөй туз камдагыла!

Н ө к ө р. Камдап жүрүп ташыркадык, жыртылдык.

М а н с у р. Ташыркасаң така, жыртылсаң жака табылар. Сен, тилиңди тишиңе кат!

Н ө к ө р. Акыл кыскарды, тил узарды. Узарган тил

ичке батпай кетти! Качанга найзанын учуна жашайбыз? Качанга кылыч менен киндик кесебиз?

*(Кетет.)*

Мансур. Көз чукуган караңгы түндөр бар.
Кан мыкчыган касаптуу күндөр бар.
Түлкү жойлобос түнт жолдор бар.
Түйүндөлгөн түмөн ойлор бар.

*Кылычынын мизин жалайт.*
*Желдет чуркап кирет.*

Желдет. Чарын-тайши келатат!

*Кетишет.*

*Таш короо жактан темтеңдеп Эрке-Айым. Баягы ордо кыздарынын ыр-обону кулагында. Кементайчан, каруусунда көнөчөк, эки жагын карана олтура калып көнөчөктү шыпкайт, жалайт.*

*Лайлум, колунда түйүнчөк.*

Лайлум. Эже... Сизге даам апкелдим.

Эрке-Айым. *(жүткүнүп).* Нанбы? *(Кетенчиктеп)* Мен жедим, ичтим, Мен токмун. Наның көппү? *(Колун шилтеп)* Көп болсо Кулдарга бер. Мен, эми эле аябай тойдум.

Лайлум. Эже... эже, качыңыз. Алдыңызга ат, үстүңүзгө тон даяр.

Эрке-Айым. Даяр?.. Сиңдим, дүйнө кенен. А каягына качайын, каягына батайын. Бараар жерим, басар топурагым түгөндү. Дүйнө мени батырса да, мен бата албайм дүйнөгө, Эми кимдин башын айлантайын, садагасы сиңдим. Атың көппү? *(Колун жаңсап)* Ошоякта суусу түгөнө элек туткундар бар. *(Чыйралып)* А мен уй саайм, Чарындын аңгилерине тамак жасайм, Бар! Бар!

*Лайлум чуркап кетет. Эрке-Айым артынан көпкө карайт. Улутунат. Көнөчөгүнө дагы үңүлөт.*

*Шамур.*

Шамур. И-и, кускум келет?

Адам десем санда жок,
Өлдү десем сайда жок, бул ким?

Эрке-Айым *(жоолугун шыпырат. Чачы жок).* Мен!
Билсең алиги катынмын.
Билбесең чокуңмун!
Менмин... Мен!

Ш а м у р. Тайманбай, айбыкпай «мен» дегенин карачы.

Э р к е-А й ы м. *(көнөчөктү ыргытат).*

Үй сааганды билбей эчкиче сааган.
Эне сүтүн аттаганга дааган.
Азирети атанын ак батасына батпаган.
Азирейилдердин босогосун аттаган—
Мен! Жалгыз мен!
Карарган бетимди кимге шыбайын?
Ийе, а шыбайт элең сен! Се-ен?!

*(Шамур канжарын суурат. Чарын, нөкөрлөрү, Жаныбек).*

Ч а р ы н *(Шамурга).* Чымынга бычак ала жүгүрүп... Абийири кеткенге — абийирден кол жууган теңелет.

*Эрке-Айым, Жаныбек экөө тиктеше калат. Шамур Чарынды ачуулу тиктеп, канжарын кынына салбаган бойдон чыгат.*

Ж а н ы б е к *(Эрке-Айымга).* Жолуң болгур...

Э р к е-А й ы м. Үй сааганды үйрөндүм, ханым.

Ж а н ы б е к. Канат-куйругуң соо, башың ийнинде кантип келдиң?

Э р к е-А й ы м. Хандын башы тоголонгондо, ханышанын башы безилдебейби?!

Ж а н ы б е к. Шордуум! Тажаалым!

Э р к е-А й ы м. Шорумду эми көрдүңбү? Тажаалымды эми билдиңби, ханым?

Ч а р ы н *(Жаныбекке).* Айымды көрдүңбү, сүйлөштүңбү. Бирөөгө берчү катын эмес экен бул дүйнөдө. Тигил дүйнөдөн да мындай катын таппайсың.

Ж а н ы б е к. Катынга өнөрүңдү көргөзүпсүң.

Ч а р ы н. Сага да сактап жүргөн өнөр бар.

*(Желдетке)*

Бир кулагын чунайт!

*Желдет Жаныбектин кулагын кесет Эрке-Айым чыңырат.*

Ж а н ы б е к *(Чарынга).* Желдетиң таза кести,
Кийиминди булгабай таза же, ит!

Ч а р ы н. Итке ыргыт кулагын.
Менин иттерим кулак жейт!
Чебиңдин сыры ушул беле?
Ханыңдын куну ушул беле?

Жаңыбек. Айымдын көркүн бузуп,
Адамдын кулагын кесип,
Сенин хандыгың ушубу?

Чарын. Бир топ нойондорумду кепшеген экенсиң.

Жаныбек. Кепшегендей уй эмесмин! Эрөөлдөштүм.

Чарын. Түзүк. Ошол эрдигиң үчүн эрмектейм! Сен түндүгүңдү карап жүр. Айым биздин киши. Буга камчы көтөрбөйсүң, кылапат айтпайсың. Бул уй сааса, сен музоо кайтарасың. Бул аяк жууса, сен казан көөлөйсүң.
*(Жаныбекти алып чыгышат.)*

Ханынын башы канжыгада,
Калкы кайда барат?
Үркүтүп жүрүп жоготом!
Итилеп жүрүп түгөтөм!

*Мансур, желдеттер, бети-башы жарылган дума́на.*

Желдет. *(Чарынга)* Таксыр, жүргөнү шектүү, Тиктегени кектүү думана тузагыңызда.

Эрке-Айым *(Думанага)*. Ата... Айланайын ата! Олуя ата...

Чарын. Ата?! Атам дейби? *(Эрке-Айымга)* Бул, атаңбы?

Эрке-Айым. Жок... Жок! Атам эмес...

Думана. Безери! Мен безеринин атасымын! Кызыл туздун атасымын!

Эрке-Айым *(Думанага кулачын жазып)*. Ата! Айланайын ата?!

Думана. Ата безери. Колуңду тийгизбе! Жамандык сени менен батсын, Сени менен жатсын! Арамы...
*(Лайлум чуркап кирет).*

Чарын *(Эрке-Айымга)*. Аа-а, атаң экен да? Ак боз атынан, айлынан, айдай кызынан ажырап аяктай чым буюрбай алигиче тирүүбү? Муну каяктагы жин-шайтан быякка ыргытты?! *(Мансурга)*. Дөөрүп эмне издеп жүрүптүр?!

Мансур. Күнөөм мойнумда, таксыр. Думана экен, билбейм...

Чарын. Картаң ит бекер үрбөйт! Думана бекер жүргөн жок! *(Мансурга тап берип)* Сасы-ык! *(Мансур качып чыгат. Желдетке)* Думананын тамагынан кан!..

Лайлум. Ата! Ата-а?! Думана эришинди чаптыбы?

Чарын. Кыз чоңойсо кырчаңгы!

Э р к е-А й ы м. Эрдигиңди эбелектей чалга көргөзбө, коңтажы. Калайманыңды каргадай чалга тийгизбе, коңтажы. Кыйнаба атамды, менден өчүңдү ал. Атамы... коңтажы.

Ч а р ы н. Атаңар сөөк болуп тамагыма сайылып турсачы? Силердин атаңар?!

Э р к е-А й ы м. (*Чарынга жыгылып*). Аш ич десең таш ичейин, коңтажы... Атакемдин бир кашык каныn. Атакемдин сакалын кыйнаба...

Ч а р ы н. Бир жолу оозуңдан жылуу сөз укпай. Бир жолу колуңдан жылуу даам сызбай, Атаң сенин кыйнооңо чыдаган. Меники кылыч!

Д у м а н а. А ата безери, тур өйдө. Тизелебе! Кагылайын тузум! Сөөгүмдү тааныдың. Ата дегениңди уктум. Думана бойдон өлгөн жокмун! Мен Чарындын жоосумун! Атамын!

*(Ак боз аттын кишинегени).*

Үнүңдөн айланайын, жаныбарым.

*(Чарынга)*

Ак боз ат элдин үмүтү.
Сен күлүктү уурдадың,
Үмүттү уурдай албайсың!!!
Эл-журтту уурдай албайсың?!
Ак боз ат минген эр келет!
Артында түмөн эл келет!
Кызыл ат минген...

Ч а р ы н. Жогот! Кескилеп итке...
Д у м а н а. Жүрү желдет, акыретиңе.
Э р к е-А й ы м. Ата... каралдым! Атаке-ем!

*Думананы сүйрөп жөнөшөт.*
*Эрке-Айым, Лайлум артында.*
*Чарын жалгыз.*

Ч а р ы н. Көзүм тартат, бул эмнеси? Дагы кандай төлгөсү... Жерине жесекчи коюп, айлына кайгуулчу коюп, коломолуу кол аттанды деп уктум, чынбы?

Түмөндөгөн калың журт, Түрүлүп атка минбесин Ойротту каптап кирбесин.

Киргин суунун кечүүсүн билбесең кечпе деген,
Өзөндү өрт каптаса аттап өтпө деген.
Адегенде барып мүйүзүмдү тоспоюн,
Конгонумду кокту билбей, желгенимди жел билбей,

Бүгүн мында, эртең анда токтоюн.
Алаксытам, коломтомду сыйпалатам.
Аттары ыргайдай, өздөрү торгойдой болгондо,
Күркүрөп маңдайынан,
Ажал чачам!

Ж е л д е т.

*Шамур көрүнбөй экөөнүн сөзүн тыңшайт.*

Ж е л д е т. Билем...

Чөптүн башы кыбыраганынан өйдө,
Эки кишинин шыбыраганынан өйдө,
Шамалдай жылып, ылайдай тунуп,
Аңдып жүрөм.
Төгөм десеңиз, каным мына.
Алам десеңиз, жаным мына.

Ч а р ы н. Эки көзүм бол, эки мизим бол,
Берерим көп, аларым аз.
Лайлум кызымды сага кыйдым

Ж е л д е т. Түбөлүк кулуңмун.

Ч а р ы н. Уулум болосуң!

*(Желдет кетет.)*

Тиртийип колу муздап бараткандардын,
Кырсыйып боору муздап бараткандардын
Колун кагып, боорумдан ары түртүп,
Бирөөнү бирөөнө чаап жайлайын.
Жаш чырпыктай ийилгендерди,
Карааныма жүгүнүп бүлүнгөндөрдү,
Кол бала кылып, чынжырлап,
Улагама байлайын.

Ш а м у р. Амириңиз бар бекен?

Ч а р ы н. Оо, акылымды айттырбай билген, керегимде чакыртпай келген, кара кулак сырттаным!

Черүүлөрдүн арасын буруттардын жансыздары шимшилеп калганбы деймˀ Алиги Думана...

Ш а м у р. Думана кайда жүрбөйт, ит кайдан үрбөйт!

Ч а р ы н. Сен да корсулдап үрүп калгансыңбы?

Ш а м у р. Убададан тайсак, сөз бузулса үрбөйбүзбү!

Ч а р ы н. Кызым сага ийикпесе, тийбесе, тушап берембиˀ Тушайм деп убада кылдым белеˀ

Ш а м у р. Тайшы, адамды кандай тушайм.
Кандай чакмак ойноймˌ сурабайм.
Кызың канчообузга жетет?
Ажырым айтпай алаканыма сал анан ал тажаалды...

*Сөз аягын айтууга үлгүрбөйт. Лайлум кирип канжарын шилтеп жиберет. Шамур жүрөгүнө сайылган канжарды суурул жыгылат.*

Ч а р ы н. Өлдү-ү, өлдү-ү, өрт! Өзөгүмдөн өрт! Шамур?!

*(Лайлумга)*

Кимди... Кимди өлтүрдүң?!

Л а й л у м. Төрүмдөгү душманымды.

Сен, атам, миң душманыңды бейкүнөө өлтүргөндө.
Мен, кызың, бир душманымды өлтүрдүм.
Адамды кыйнагандан башка эмнеңди көрдүм?
Мына мен, жалгыз кызың — жалгыз тамырыңды өзүң кый.
Бир тамчы каның элем — өзүң уурта.

Ч а р ы н. Шамурдун ордун ким басат? Шамурду кайдан табам?

Л а й л у м. Ким сага кызың болуп берет?

Ата-баланы кайдан табасың?
Жаа тартканды өзүң үйрөткөнсүң.
Жашык болбо деп өзүң сүйлөткөнсүң.

*Чарын алаканын чабат.*

*Нөкөрлөр*

Ч а р ы н. Кыйыктайт деп санабай *(Лайлумду көргөзүп)*

Кызым экенине карабай... Зынданга!
*(Шамурду көргөзүп)*
Мунун зыйнаты үчүн:

Жүз туткундун кулак-мурду шыпырылсын,

Жүзүнүн көзү чукулсун.
Жүз туткундун бели омкорулсун.
Жүз өгүз, жүз эркеч союп,
чуркурап ыйлап, кастарлап көмгүлө.
Ким ханына кызмат кылса,
анын сөөгүнө урмат!

*Шамурду көтөрүп чыгышат.*
*Мансур чуркап кирет.*

М а н с у р. Ат... Ак боз ат качты!

Ч а р ы н. Таш оозуңа!

М а н с у р. Атты... Боз жоргону...

Ч а р ы н. Тоскула Боз жоргону... Кармагыла!

Кайра колума тийгизбесеңер...
*(Мансурга)* Мууздайм сени!
*Мансур кетет.*

*Желдет Эрке-Айымды сүйрөп кирет.*

Ж е л д е т. Агыткан ушул.

Ч а р ы н. Ушу... Ушубу?!

Э р к е-А й ы м.

Ордонун кызыл алтын, ак күмүшүн тепсеген мен,
Бирөөлөрдүн күнөөсүн, бирөөлөрдүн мүдөөсүн тепсеген мен,
Мамыдагы атты агытканга жарабайт бекем?
Ийе, Чарын?!
Ийиктей башы бар, илээшкен чачы бар дедиң го...
Ата! Алда арбагыңдан айланайын ай...
Ак бозуң элине кетти. Жерине!..

Ч а р ы н. Шерменде?!

Э р к е-А й ы м. Анымды өзүм да билем!

Ч а р ы н. *(желдетке)*. Катындын эки бутун эки азоого байлап, кыйнагыла! Өлтүргүлө...

Э р к е-А й ы м. Менин өлгөнүм качан? Кыйналганым качан? Сенин өлүмүңө жүргөм, ийе коңтажы?! А сөөгүңө ит сийгир!

Ч а р ы н. Ордодогу катындардын башы сайга томолонсун. Бирөө калбасын!

*(Жалгыз).*

Капырай, калтаарыйм да бул кандай,
Ажал алка жакадан алгандай.
Жо-жок,
Билегимдин күчү тосула элек.
Кылычымдын мизи кетиле элек.

*(Мансур бет маңдайынан кыйкырып жаа тартып жиберет).*

Сасыган курт! Жедиң... Ушу сенден...

М а н с у р. Сен жемексиң! Баарыбызды...

*(Чарын жыгылат).*

Кулады. Кулаттым! Өлдү. Өлтүрдүм.

*(Нөкөрлөр).*

Нөкөр. Тайши... Тайши. Буруттар! Кырчылдаш... Лайлум ошолорго кошулуп...

Мансур. А! А-а! А-аа?!

## СЕГИЗИНЧИ КӨРҮНҮШ

*Үрүл-бүрүл. Чабыш жүрүп сахнанын бир жагына сүрүлүп, аяктап калган болот. Дүбүрт.*

*Күн күркүрөйт. Чагылган. Бороон-чапкын өтөт. Жарык боло баштайт. Булут көчөт. Купкуу талаа-тоо. Сурнайчы сурнай тартат.*

*Жортуулчулар жыйнала башташат.*

*Аздан соң ак желек көтөргөн нөкөрлөр, алдыда Лайлум.*

Лайлум. (*тизелеп*). Өч алып, канды чачсаңар.
Кар жиликти чагып жерге каксаңар,
Мына биз, мына нан, мына жан.

Сулайман. Бийке, эл чаап атак алганы келбедик.
Кан агызган мүйүздү жоолап келдик
Чабылып-чачылганыбызды доолап келдик.

Кулан. Жер түтөтүп таалоонго келбедик,
Эл четине —кароолго келдик.
Талоонго кеткендерибиздин жазатын айткыла, бийке?!

Лайлум. Ниетиңерге кулдук кылабыз.
Сүрүңөргө миз бага албай
Тизе калтырап турабыз.
Улууңар бар, кичүүңөр бар, айланайындар,
Мен —энемин,
Энелердин атынан... балдардын атынан...
Эпке көнүүгө чакырам.
*(Жарактарынташташат.)*

Малике-Аяр (*Лайлумду тургузуп*).

Эрдин өчү сенде эмес, кызым.
Элдин өчү элде эмес, кызым.
*(Мансурду алып киришет. Мансурга)*

Мойнуна жылан орогула, бетин көөлөгүлө.
Арык төөгө мингизип, эл кыдырткыла.
Элди чабыштыргандар, элдин ырысын төккөндөр ушулар.

*Думана.*

Думана. Тийбегиле! Тийбегиле Лайлум кызыма!

*(Башын ийип).*

Мени желдеттерден куткарган Лайлум...

М а н с у р. Думана... Жан соога, думана!

*(Мансурду алып кетишет)*

М а л и к е-А я р *(Думанага).* Ысмың бар сенин. *(Жортуулчуларга)* Журт!

Думананын ысмы — Адам!

Ү н д ө р.— Адам!

М а л и к е-А я р. Олуям, адам, акжолтоюм...

Ак боз атыңды минип, элиңе жөнө. Сүйүнчүлө!

Д у м а н а. Сүйүнчүңө—күн! Ак боз атты эр минсин.

Мен жер кесейин, эл кыдырайын.
Адам ата балдарына:
«Энең бешик өңөргөн,
Элге кесир ойлобо,
Атаң өпүп көгөргөн,
Жерге кесир ойлобо»— дейин.
Какшайын. Боздоюн.
Өмүрүм жеткиче, көзүм өткүчө...
Өмүрүм жетпесе,
Көңүлүм жеткен урпактарыма барайын.

М а л и к е-А я р. Бар... Барагой, кагылайын.
Бирдин кесири миңге тийбесин.
Түндүн кесири күнгө тийбесин.
Барагой, жолуңа кут жаасын.
О-омийин, мингениңер боз болсун.
Адам аттуу дос болсун.

Д у м а н а. Айланайын о жарандар.
Кагылайын о адамдар.
Сага теңдеш о сел барбы!
Сенден бийик о бел барбы!

*Кете баштайт. Баары аны узата карашат. Жылаажын шыңгырайт. Жылкы кишенегени угулуп, Ак боз аттын элеси тартылган көгүлтүр туу желбиреп өтөт. Сахна дүбүрткө толо берет.*

## МАЗМУНУ


Күндөр (роман) . . . . . . . . . . . . .
Азаттык үчүн (киноповесть) . . . . . . . . 33
Ленин жөнүндө ырлар (аңгемелер) . . . . . . . 38
Көк-дөбө . . . . . . . . . . . . . . . 39
Ар кимибиздин жолубуз бар . . . . . . . 40
Ак боз ат (драма) . . . . . . . . . . . . 41


*Шатман Садыбакасов*

**ЭТОТ НЕОБЪЯТНЫЙ МИР**

**СБОРНИК ПРОИЗВЕДЕНИЙ**

(на киргизском языке)


Редактор *С. Өмүрбаев*
Худ. ред. *И. Бульба*
Тех. ред. *Ж. Сооронкулова*
Корректор *Ж. Исакова*

Терүүгө 22/III 1976-ж. берилди. Басууга 7/VI 1976-ж. кол коюлду. Д—02702. Кагазы типографская № 3, форматы 84×108[1]/32, 14,62 физ. басма табак, 24,57 шарттуу басма табак, 25,0 учеттук табак. Тиражы 30.000. Заказ № 1064. Баасы 1 с. 02 т.

720737, ГСП, г. Фрунзе, ул. Советская 170,
Издательства «Кыргызстан»

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулёвская, 102, Киргизполиграфкомбинат им. 50-летия Киргизской ССР Госкомиздата Киргизской ССР.